Ыйык Курандын негизинде



Азирети

# Мухаммад Мустафа -1

(Саллаллаху алейхи васаллам)

*(Мекке доору)*

**Осман Нури ТОПБАШ**

*Пайгамбарлар тарыхы* 4

بسم الله الرحمن الرحيم

Китеп Алла Тааланын ыраазычылыгы үчүн
акысыз таратылат!

Түркиялык жазуучу жана дин аалымы Осман Нури Топбаштын калемине таандык «Азирети Мухаммед Мустафа - 1» аттуу китеп түрк тилинен кыргыз тилине 2007 - жылы которулду. Бул чыгармада Пайгамбарыбыздын өрнөктүү өмүр кенчи, улуу вазийпаны үммөтүнө кантип жеткиргендиги, инсандык бейнеси жана адамдык бийик сапаттары тууралуу кеңири маалымат берилген жана ичинде эч кандай саясий максат жок.

***Китеп кайрадан редакцияланып, котормодогу айрым каталар оңдолду.***

Бул эмгек Кыргызстан Мусулмандар дин башкармалыгына караштуу диний адабияттарды көзөмөлдөө комиссиясы тарабынан кылдат текшерилип, «Ахли сүннөт вал жамаат» акыйдасына карама-каршы келбейт», – деген аныктама берилген.

Китепти түрк тилинен кыргыз тилине которгон: **Акылбек Халбеков**
Редактор: **Проф. тил илимдеринин доктору Ташболот Садыков**
Компьютердик калыпка салган жана жасалгалаган: **Бакытбек Коңурбаев**

*Ыйык Курандын негизинде*

*Азирети*

# *Мухаммед Мустафа 1*

*(саллаллаху алейхи васаллам)*

## Мекке доору

**Осман Нури ТОПБАШ**

Которгон:

Акылбек Халбеков

## Урматтуу Окурмандар!

Колуңуздардагы «Азирети Мухаммед Мустафа - 1» аттуу китепте Пайгамбарыбыздын төрөлүшүнөн тартып бала чагы, жаштык курагы, үй-бүлө күтүшү жана Элчилик вазийпаны аркалашы тууралуу тарыхый так маалыматтар берилген. Ошондой эле, Ислам дининин кандай гана кыйынчылыктар менен элдерге жеткенин, ааламга жайылганын ушул китептен таап окууга болот.

Мындай китептер элибиздин динге болгон аң-сезимин арттырып, диний түшүнүгүн бара-бара жогорулашына өбөлгө түзөт деген ишеничтебиз.

Кыргызстан Мусулмандарынын дин башкармасы мындай китептерди которуп элге тартуу кылып жаткан адамдарга ыраазычылыгын билдирип, калайык калкка сиңимдүү болушун Алла Тааладан тилейт.

Сиздерди терең урматтап,

Кыргызстан
Мусулмандарынын
Азирети муфтийи Муратали ажы Жуманов

**Автор тууралуу кыскача маалымат:**



*Осман Нури Топбаш 1942-жылы Түркия мамлекетинин Стамбул шаарында жарык дүйнөгө келген. Имам хатип лицейин ийгиликтүү аяктагандан кийин дин жаатында көп убакыттар бою белгилүү аалымдардан жеке сабак алган. Анын жеке адамдык сапаттарынын жана руханий тарбиясынын калыптанышына атасы Муса Топбаштын салымы эбегейсиз зор. Атасы дин илимдерин терең өздөштүргөн ыкластуу мусулман болгондуктан өзүнүн өрнөктүү жүрүм-туруму, айткан акыл насааттары менен миңдеген мусулмандардын арасында абройго ээ болуп, көптөгөн элди дин жолуна жылоолой алган. Осман Нури Топбаш атасы көз жумгандан кийин анын жолун улап келет. Дин жаатында дилге жатык макалаларды жана китептерди жазып, чейрек кылымдан бери жазуучулук кесипти аркалап келет.*

*Осман Нури Топбаштын жазган чыгармалары көптөгөн тилдерге которулуп жатат. «Ислам Ыйман Ибадат», « Тасаввуф», «Вакыф - кайрымдуулук кызматы», «Акыркы дем», «Бакыт шүгдүрүмү», «Мухаммед Мустафа», «Бир кумура суу», «Махабат сыры», «Мээрим желаргысы», «Исламдын изги маданияты» 4 том, «Теңдешсиз үлгүлүү инсан Азирети Мухаммед Мустафа», «Ажылык жана умра», «Ислам, ыйман, ибадат», «Ислам –акыйкат дин» жана беш томдук «Пайгамбарлар тарыхы" ж.б. китептери көп элдерге таанымал болуп калды. Бул чыгармалар негизинен Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбарыбыздын доорундагы ибараттуу окуяларды чагылдырат, автор нечен албан кылымды жарып өтүп Азрети Пайгамбарыбызды жана сахабаларды өз көзү менен көрүп жаткандай адабий жатык тил менен баяндайт.*

*Осман Нури Топбаш бир гана китеп жазуу менен чектелбесен элди ыйманга чакырып, эки дүйнөнүн бактылуулугуна үндөгөн лекцияларды, баяндарды жана сукбаттарды өткөрүп турат. Анын жашоосунун негизги эрежеси Курани Карим менен Мухаммед Пайгамбарыбыздын сүннөтүн турмушка ашыруу болуп эсептелет. Ак көңүлдүүлүгү, берешендиги жана билиминин тереңдиги менен таанылган Осман мырза менен дидарлашуу үчүн дүйнөнүн чар тарабынан мусулмандар келип кетип турушат.*

وَإِنَّكَ لَعَلى خُلُقٍ عَظِيمٍ

«*(Элчим,)* **Сен шек күмөнсүз изги ахлактын сересиндесиң!»** *(Калам сүрөсү, 4-аят).*

لَقَدْ كَانَ لَكُمْ فِي رَسُولِ اللهِ أُسْوَةٌ حَسَنَةٌ لِّمَنْ كَانَ يَرْجُو اللّٰهَ وَالْيَوْمَ الْآخِرَ وَذَكَرَ اللهَ كَثِيراً

**«Алла Тааладан жана акырет күнүнөн үмүткөр болуп, ошондой эле, ар дайым Аны зикир кылгандар үчүн Алланын Пайгамбарынын** (ыйман-ишеними жана кулк мүнөзүндө) **эң мыкты үлгүлүүлүк бар»** *(Ахзаб сүрөсү, 21-аят).*

إِنَّ اللّٰهَ وَمَلَائِكَتَهُ يُصَلُّونَ عَلَى النَّبِيِّ يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا صَلُّوا عَلَيْهِ وَسَلِّمُوا تَسْلِيماً

**«Албетте, Алла Таала да, Анын периштелери да Пайгамбарга дуба жана салам айтышат. Оо, момундар, силер да ага дуба жана салам айткыла!»** *(Ахзаб сүрөсү, 56-аят).*

وَمَا آتَاكُمُ الرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَاكُمْ عَنْهُ فَانْتَهُوا وَاتَّقُوا اللّٰهَ إِنَّ اللّٰهَ شَدِيدُ الْعِقَابِ

**«Пайгамбар силерге эмне туртуу этсе, ошону алгыла! Силерди тоскон нерседен сактангыла, Кудай Тааладан корккула! Анткени, Алланын азабы оор** (болот)» *(Хашр сүрөсү, 7-аят).*

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا أَطِيعُوا اللهَ وَأَطِيعُوا الرَّسُولَ وَلَا تُبْطِلُوا أَعْمَالَكُمْ

**«Эй, ыйман кетиргендер! Амалыңар текке кетпесин үчүн Алла Таалага жана Пайгамбарга моюн сунгула!»** *(Мухаммед сүрөсү, 33-аят).*

وَمَن يُطِعِ اللهَ وَالرَّسُولَ فَأُوْلَـئِكَ مَعَ الَّذِينَ أَنْعَمَ اللهُ عَلَيْهِم مِّنَ النَّبِيِّينَ
وَالصِّدِّيقِينَ وَالشُّهَدَاءِ وَالصَّالِحِينَ وَحَسُنَ أُولَـئِكَ رَفِيقاً

**«Кимде-ким Алла Таалага жана Пайгамбарга моюн сунса, дал ошолор сыйга татыктуу заттар менен, пайгамбарлар, чыныгы ыйман ээлери, шейиттер жана жалаң ийги иштерди жасап өткөн адамдар менен бирге болушат. Алар эң жакшы сапарлаштар – жолдоштор»** *(Ниса сүрөсү, 69-аят)* .

أَلَمْ يَعْلَمُوآ أَنَّهُ مَنْ يُحَادِدِ اللهَ وَرَسُولَهُ فَأَنَّ لَهُ نَارَ جَهَنَّمَ خَالِداً
فِيهَا ذَلِكَ الْخِزْيُ الْعَظِيمُ

**«Алла Таала жана Анын пайгамбары сызган сызыктан чыга турган болсо, ал үчүн түбөлүк кала турган тозок бар экенин алар билишпейт беле! Накта шерменделик мына ушул!»** *(Тооба сүрөсү, 63-аят).*

**Алланын акыркы Элчиси** *(саллаллаху алейхи васаллам)* **төмөнкү осуяттарын айтып кеткен:**

*«Мен изги адеп-ахлакты толуктоо үчүн жиберилдим» (Муватта; Хуснул-Хулк,8).*

*«Жиндердин жана адамдардын каапырларынан башка асман-жердеги бардык жандыктар менин Алланын Элчиси экенимди билишет» (Ахмад бин Ханбал, Муснад, III, 310).*

*«Силерге эки нерсени калтырып жатам. Аларды канчалык бекем карманган сайын адашпайсыңар; Алар Алланын китеби (Курани Карим) жана Элчисинин сүннөтү» (Муватта, Тагдыр, 3).*

**Даңазалуу олуя Азирети Мавлана Жалаиддин Руми мындай деген:**

*«Ушул жан ушул денеден чыкмайынча Курандын каралымын, Мухаммед Мухтардын (саллаллаху алейхи васаллам) баскан жолунун топурагымын....».*

*«Кимде-ким менин ушул сөздөрүмдү башкаларга өзгөртүп айта турган болсо, мен алардын өзүнөн да, сөзүнөн да оолакмын...».*

# АЛГЫ СӨЗ

*Пайгамбарлар тизмегинин алгачкы жана акыркы алкагы, эки дүйнөнүн төрөсү, жин жана инсан ааламынын Элчиси, Харам мечитинин имамы, жаралуунун жаркын нуру, ааламга мээримдүүлүк күнү болуп тийген*

## АЗИРЕТИ МУХАММЕД МУСТАФА

*(саллаллаху алейхи васаллам)*

Жаамы макулуктун жаратылуусунун башкы себеби Азирети Мухаммеддин нуру болуп саналат. Жараткан Алла аган "сүйүктүүм" деп кайрылган. Мухаммед Пайгамбарыбыздын баасы бычылгыс өрнөктүү өмүр жолун чабал жөндөм менен жарашыктуу деңгээлде болгонун болгондой таамай баяндоо мүмкүн эмес. Тарыхтан бери анын орошон таржымалына кызыккан адамдар аябай көп. Дегеле ар бир момун мусулман аны жакындан билиши керек. Ар бир окурман өз дараметине жараша анын ак жолун окуп түшүнсө, ошол жолдо жашай алса – бул чексиз пайдалуу иш. Момун мусулмандар үчүн пайдалуу болор деген үмүттө колунуздардагы эмгекти жазганга аракет кылдык. Мунун арты менен Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* үлгүлүү адамгерчилигинен тамчыдай болсо да насибибизди алсак, анын асыл адеп-ахлагын үйрөнсөк, ошол биз үчүн улук шарапат. Аны толук түрдө түшүндүрүүгө белсенген жокпуз, ага дараметибиз да жетпестир. Алланын Элчисинин

*(саллаллаху алейхи васаллам)* акыл-эсти алсыраткан акыйкаттарынын алдында биздин супсак сөздөрүбүз күнгө тосулган калың кийиздин ийненин көзүндөй жылчыгынан көрүнгөн шоола сымал нерсе деп ойлойм. Арийне, Ааламдардын Жаратуучусу:

إِنَّ اللهَ وَمَلاَئِكَتَهُ يُصَلُّونَ عَلَى النَّبِيِّ يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا صَلُّوا عَلَيْهِ وَسَلِّمُوا تَسْلِيماً

**«Албетте Алла Таала да, Анын периштелери да Пайгамбарга дубай-салам айтышат. Оо, момундар, силер да ага дубай-салам айткыла!»** *(Ахзаб сүрөсү, 56-аят)* – деп, сансыз периштелери менен **«салам-дуба»** айтып, жана **«Сенин өмүрүңө  ант болсун!..»** *(Хижр сүрөсү, 72-аят)* деген касам менен акыркы Элчисинин кадыр-баркын көтөргөн. Демек, чолок ой, чабал сөздөрүбүз менен пайгамбарлар Султанынын бийик жетишкендиктерин жарашыктуу түрдө түшүнүү да, түшүндүрүү да татаал иш.

Диван адабиятынын залкар акындарынан Шейх Галибдин Азирети Пайгамбарыбызга бапестеген сүйүүсүн, урмат-сыйын терең мазмундуу ырынын төмөнкү үзүндүсү эң сонун чагылдырып турат:

*Элчилердин Султаны, момундардын урматы,*

*Чарасыздын  дабасы, түбөлүктүүлүк өлкөсүсүң сен Мырзам…*

*Сот күнүндө жол баштайсың үммөтүңө….*

*«Өмүрүңө ант болсун!» деп, Алла Өзү тастыктады, сени Мырзам…*

*Сен Ахмаду Махмуду Мухаммедсин,*

*Кудай Өзү колдоп сүйгөн башчыбызсың, сен Мырзам!*

Азирети Пайгамбарыбыздын Жараткандын даргөйүндөгү кадыр-баркын ушундан билиңиз, Алла Таала сүйүктүү Элчисине моюн сунууну Өзүнө моюн сунуу деп эсептеген; Пайгамбарына каяша же сыйлабастык кылган адамдын бардык соопторун жокко чыгарарын айткан; инсандын такыбаачылыгын Ага канчалык таазим кылаары менен таразалаган. Элчисине ыңгайсыз же орой кайрылууну накта наадандыктын белгиси санаган. Ага *(саллаллаху алейхи васаллам)* дайыма салам жана салават айтууну, жана анын сүннөттөрү менен айкалыша жашоону эскерткен. Жадагалса, намаздын ар бир акыркы отурумунда Өзүнүн Элчисине:

اَلسَّلاَمُ عَلَيْكُمْ أَيُّهَا النَّبِىُّ وَرَحْمَةُ اللهِ وَ بَرَكَاتُهُ

– деп салам айтууну буюрган. Шарты боюнча намаздын ичинде карабашыл адамга салам айтылса, намаз бузулушу керек. Бирок, Алла Таала акыркы Элчисине салам-дуба айтууну намаздын айныгыс шарты кылып койгон.

Ислам ааламынын чыгаан аалымы Имамы Газали бул маселеге карата өз пикирин мындайча билдирген:

“Намаздын акыркы отурумунда Азирети Пайгамбарыбыздын жаркын жүзүн жана жеке адамгерчилигин чын жүрөктөн эскер! “Ассаламу алайка айюухан набийюу ва рахматуллоохи ва баракатух” – деп айткын! Ишенип кой, сенин саламың Алланын Элчисине жетет. Анан ал сага жооп берет”. *(Ихяу Улумуд-дийн, I, 224).*

Халид Багдади «Мактубат» аттуу китебинин төртүнчү бөлүмүндө Аллама Шихаб ибн Хажар аль-Маккийдин төмөнкү сөздөрүн жазган:

«Намазда «Аттахияту» окулганда «ассаламу алайка» деген кайрылуу Азирети Пайгамбарыбызга багытталган. Алла Таала муну менен Пайгамбарыбызга намаз окуган үммөтү бар экендигин кабардар кылгандай туюлат. Башка өңүттөн караганда, Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* руханияты менен намаз окуган ыкластуу мусулмандын жанына келип, саламына алик алат. Кыяматта ушул салих амалды аткаргандыгына күбө болот»[1].

Кадыр-баркы мына ушунчалык бийик Пайгамбарыбызды толук түрдө түшүнүү жана аны окурмандарга дал өзүндөй жеткирүү чындыгында оной эмес. Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* акыйкатын түшүнүү үчүн талыкпас сүкүткө, терең ойго чөмүлүп олтуруп, ага ылайык сөздөрдү тандаганга аракет кылдык. Биздин супсак сөздөрүбүз анын куттуу ысымын эскергенден жана жазгандан улам Жараткан Аллага жагар, окурманга түшүнүктүү болор, жугумдуу болор деп үмүт кылабыз. Бул эмгектин артындагы максатыбыз да, үмүтүбүз да, жалгыз Жараткан Алланын ыраазылыгы. Алла Таалам ыраазы болсо, Азирети Пайгамбарым кубанса, окурман журтчулугу муну окуп сүннөткө бекем болсо, биз үчүн андан өткөн бакыт, андан өткөн кубаныч болбос. Алсыздыгыбызды түшүнүү менен кабылдоону жана жакыр тилибизден жаралган китепти окуп, пайдалана жүрүүнү ардактуу окурмандарымдан суранып кетемин.

Негизи, тилге караганда акылдын кыйыры кенен эмеспи. Акыл андаган нерсени дал өзүндөй айтып берүү чындыгында кыйын деп ойлойм. Пайгамбарыбыздын көп жагынан адамдын акыл деңгээлинен жогору турарын унутпашыбыз керек. Ошол себептен, адам баласы Алланын сүйүктүү Элчисин *(саллаллаху*

1. Мактубат-ы Мавлана Халид, б. 118; Рисалатур-Рабыта, (Мавлана Сафиюддин, Рашахат хамишинде) 225-226 б.

*алейхи васаллам)* жүз пайыз андай албайт жана аны эң мыкты деңгээлде жазуу же түшүндүрүү албетте, мүмкүн эмес. Вахийге каныккан өрнөк өмүрдү нукуралыгынан тайдырбай жеткирүүгө эч кимдин сөз байлыгы жетпесе керек. Пайгамбарыбыз кишидеги урмат-сыйга жараша, бапестелген айныгыс сүйүүгө жана берилгендикке жараша ачыла турган чексиз нур жана сырлардын ааламы. Анын руханий абалдарын, улуу максаттарын жана изги иш-аракеттерин түшүнүүнү Кудайым Өзү жеңил кылсын, көкүрөктөн сызылып чыгар сөздөрүбүзгө таасир берсин жана чындыктан тайдырбасын деп тилек кылабыз.

Салаф-и Салихийн:

«Раббим! Сен бир гана моюн сунган ыкласман пенделериңди кечире турган болсоң, күнөөкөрлөр кимге барып баш калкаласын? Раббим! Сени бир гана такыбаа пенделериңе мээрим төгүп, ырайым кылар болсоң, күнөөкөрлөр кимден жардам сурасын!» деп дуба кылып жалбарышкан экен[2].

Ошол улуу устаттардын жолу менен, биз дагы ааламдардын ардактуу Пайгамбары Азирети Мухаммед Мустафанын *(саллаллаху алейхи васаллам)* ар тараптан бышып жетилген өмүр жолун жазуудан мура билип-билбей кетирген кемчиликтерибиз үчүн Алладан Тааладан кечирим жана ырайым сурайбыз.

Оо, Жараткан Кудай Таалам! Ошол ааламдардын ардагы, Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* урматына биз, алсыз кулдарыңды кечире көр!

Оомийн!

***

2. Байхаки, Шуабул-Иман, II, 26; Газали, Ихя, I , 338.

**Урматтуу окурмандар!**

Мындан мурда "Пайгамбарлар тарыхы" аттуу төрт том болуп басылган китептер бу саам кеңири маалыматтар менен толукталып, кайра басылуусунун алдында турат. Азирети Мухаммедден *(саллаллаху алейхи васаллам)* мурунку пайгамбарлардын өмүр жолу, иш-аракеттери үч томдук китеп болуп басылды. Бул жаңы басылышта Азирети Пайгамбарыбыздын таржымалы Мекке доору жана Медина доору болуп, өз өзүнчө эки китеп болуп даярдалды.

Мурунку эмгектерге көмөк көрсөткөнү сынары, колуңуздагы береги акыркы эки томду толуктап тактоодо, хадис жана тарых булактарын кылдат изилдөөдө, китептин редакциялык иштерине жардам көрсөткөн Мурат Каяга жана академиялык иштерди алып барган бир боорлорума, ар башка тилдерге которгон котормочуларга терең ыраазычылыгымды билдирүү менен, алардын опол тоодой ушул аракеттери амал дептерлерине «садакаи жария» болуп жазылышын Жаратткан Алладан тилеймин! Ошол эле учурда, биз булак катары пайдаланган китептердин авторлоруна чын көңүлдөн урматымды билдиремин жана Кудай Тааламдан аларга эки дүйнөнүн эң бийик мартабасын жана ырайымын тилеймин!

*Ийгилик Жаратткандан!..*

*Осман Нури ТОПБАШ*

# КИРИШҮҮ

## Дин Исламды түшүнүү жана аны толук жашай билүү үчүн Пайгамбардын өмүр жолунун маанилүүлүгү

Төрөлгөндөн тартып пенденин таалим-тарбиясына жана адамгерчилик сапаттарынын калыптанышына таасир эткен көптөгөн себептер бар. Адам баласы эң башта жол көрсөтө турган үлгүлүү инсанга муктаж. Анткени, ал тилин, динин, адеп-ахлагын, көнүмүш адаттарын, турмушуна багыт берген бардык ой-пикирлерин, ишенимдерин жана кылган иш-аракеттерин ар кандай окуялардын, таасирлердин натыйжасы аркылуу өздөштүрөт. Айрым адаттан тыш нерселерди эске албаганда калыптануу мына ушундай таризде ишке ашат.

Маселен, ата-эне кайсы тилде сүйлөсө, бала оболу ошол тилди үйрөнөт. Андан соң билим алуу жолу менен көптөгөн тилдерди үйрөнүшү мүмкүн.

Бир нерсени көрүп, туурап, үйрөнүү адамдын табиятындагы жөндөм. Мына ушул нерсе адамгерчилик сапатты түптөй турган ары маанилүү, ары таасирлүү фактор болуп саналат. Ошол себептен, таалим-тарбияга «оң же терс жүрүм-турум менен адамды ээрчитүү» деп кыскача аныктама берүүгө болот. Инсан ата-энесинин, үй-бүлө мүчөлөрүнүн, анан алыс-жакын чөйрөсүнүн ар кандай таасирлерине кабылып, өз жөндөмүнө жараша

аларды туурап, ээрчип, натыйжада, жакшы же начар инсан болуп коомго аралашып кетет.

Адам сүйлөөнү, эне тилди же чет тилдерди жана ушул сыяктуу сырткы өзгөчөлүктөрдү айлана чөйрөдөн же жеке аракет менен көп кыйналбастан үйрөнө алат. А бирок, диний, адеп-ахлактык жана рухий көрөңгөсүнүн түптөлүүсүндө адам баласы көптөгөн кооптуу жана чоң тоскоолдуктарга кабылат. Жараткан Алла аларды кулун сыноо максатында жаратып койгон. Маселен, төрөлгөндөн тээ өлгөнгө чейин алды артынан тооруй турган "напси" жана "иблис" деген энгезердей эки тоскоол бар. Терс жолго түшүп кетүүгө көбүнесе ушулар себепкер болот. Ушул жагын эске ала турган болсок, адамдын руханий дүйнөсүн калыптандырууда таалим-тарбиянын эң жогорку деңгээлин багынткан пайгамбарлар менен Алланын сүйүктүү досторунун (олуялар) үлгүлүү адамгерчилиги жана асыл сапаттары эң башкы орунда турушу керек. Тескерисинче, пендезат кайдыгерликтен, адашуудан жана күнөөдөн эч убакта өзүн коргой албайт. Мындайча айтканда, түбөлүктүү бактысын аянычтуу акыбетке түшүрбөй сактап калууга пенденин  чамасы жетпейт.

Ошондуктан адам дили таза, руху бийик, жүрөгү зикирге каныккан зирек жетекчиге ар дайым, ар доордо муктаж. Чөйрөгө назар сала турган болсок, ар ким бирөөлөрдү ээрчип, анын оң же терс сапаттарына таң калып, артыкчылыктарын туураганга аракет кылышат. Учурда напсиге азгырылган руху жакыр адамдарды үлгү тутунуп, ошолорго окшошуу үчүн алтын убактысын, бүт өмүрүн жана ден-соолугун арнагандар бар. Өздөрүн да, түбөлүктүү бакытын да, коркунучка түрткөн мындай инсандардын абалына өмүрү ысырапка учуратуу, аянычтуу утулуу деп баа берүүгө болот! Жүрөк үшүткөн ушул өңдүү алдануулардан акыйкаты жок бейоопа нерселерге берилип зыянга учуроо дегенден

башка сөз айта албайбыз. Бул маселенин түпкүлүгүндө жан дүйнөнү тойгузуу деген максат жатат.

Олуя Азирети Мавляна бул абалды төмөнкү мисал менен түшүндүрөт:

"Карышкырдан качкан козуга таң калуунун кажети жок. Анткени, ал козунун душманы жана аңчысы. Бул жерде козунун карышкырдын назарына илинип калышы абдан таң калыштуу!.."

Бул сыноо дүйнөдө карышкырдын назарын өзүбүзгө буруп албоо жана түбөлүктүү балээге дуушар болбоо үчүн, Алла Таала жаамы пендезатка **«Усваи-Хасана[3]»** кылып жиберген элчилердин Султаны Азирети Мухаммед Мустафаны *(саллаллаху алейхи васаллам)* жандан артык сүйүп, ага чын ыкластан моюн сунушубуз керек. Жүрөктүн толтосунан ага орун берип, аны үлгү тутуп жашашыбыз керек жана жол башчыбыз деп билүү зарыл. Анткени, аны сүйүү момун мусулман үчүн парз[4]. Алла Таала Курани Каримде төмөнкүчө буйруйт:

النَّبِيُّ أَوْلَى بِالْمُؤْمِنِينَ مِنْ أَنفُسِهِمْ

**«Момундардын көңүлүндө Пайгамбар өз жанынан да кымбат»**... *(Ахзаб сүрөсү, 6-аят)*. Ал бизге жаныбыздан да жакын жана кымбат инсан.

Береги хадисте Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи васаллам)* сүйүү чыныгы ыймандын шарты катары айтылат:

*«Напсимди кудуреттүү күчү менен кармап турган Жараткан Аллага ант этем! Мен силеге ата-энеңерден, бала-чакаңар-*

3. Усваи Хасана: Ар тараптан эң мыкты өрнөк.
4. Тооба сүрөсүнүн 24-аятынын маанисине караңыз.

*дан жана бардык адамдардан да сүйүктүү болмоюнча, анык ыймандуу болуп саналбайсыңар»* *(Бухари, Иман, 8).*

Башка бир хадисте ыймандын теңдешсиз таттуулугун үч касиетке эгедер адамдар гана тата алат деп билдирилет. Бул касиеттердин эң башында **«Жараткан Алланы жана Анын Элчисин бүт нерседен артыкча сүйүү»** деген шарт бар[5].

Абдуллах бин Хишам (Алла ага ыраазы болсун) баяндап кеткен төмөндөгү риваят абдан маанилүү. Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи васаллам)* канчалык даражада сүйүүнү ушул окуядан үйрөнсөк болот:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен чогуу олтурганбыз. Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун) Пайгамбарыбыздын жанында олтургандыктан, анын колун кармап алган эле. Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун) эргип кетти көрүнөт:

– Оо, Алланын Элчиси. Сен мага жанымдан башка бардык нерседен сүйкүмдүүсүң! – деди. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

– *Жок, сен мени жаныңдан да артык сүйүшүң керек.* – деп айтканда, сөз төркүнүн баамдап баккан кыраакы сахаба:

– Андай болсо сени жанымдан да артык сүйөм, Пайгамбарым! – деди. Жандай көргөн жакын жолдошунун жалындуу сөзүн уккан соң Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

– *Мынакей, эми болду,* – деди».

Сүйүүгө татыктуу жанды такай эстөө, сөз же ой-пикир мененби, иш-аракет же жүрүм-турум мененби, айтор, аны менен

5. крз. Бухари, Иман, 9, 14; Муслим, Иман, 67.

камыр-жумур болуу махабаттын шарты жана алгачкы жемиши болуп эсептелет. Азирети Пайгамбарыбызды *(саллаллаху алейхи васаллам)* толук сүйүү үчүн иралды анын сүннөтүн толук үйрөнүү жана бул улук кенчке таазим кыла аны жашообуздун ар бир демине сиңирип алуу кажет.

Анын өмүр жолун үйрөнбөй, жүрөктөрдү ага болгон сүйүү менен жылытпай туруп Алла Таала кабылдай турган дин Исламды жашоо мүмкүн эмес. Андыктан, Пайгамбардын өмүр жолуна кызыгып, ошол кызыгуунун кызуулугун сактоо, сергек жана сезимтал болуу зарыл. Мухаммед Мустафаны *(саллаллаху алейхи васаллам)* тааныбай туруп аны сүйө албайбыз. Анын сыңарындай, аны жан дилден берилип сүйбөй туруп, чыныгы ыймандуу момун боло албайбыз. Кудай Тааланын сүйүүсүнө татыктуу болуунун өзү Анын Пайгамбарына толук түрдө моюн сунууга байланыштуу. Дененин мүчөлөрү сыңары бири бирин толуктап турган ушул маанилүү себептерден улам, Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* сүйүү маселесине абдан басым жасаган жана сүйүүгө байланыштуу аяр мамилени талап кылган аяр жагдайларды көз жаздымында калтырган эмес.

Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* ак динин чалкыган деңизге салыштырууга болот. Баяндамаларга караганда, ал 124 миңдей пайгамбардын билинген жана билинбеген барча артыкчылыктарын тулку боюна сиңирген, төрт тарабы келишкен асыл зат болгон. Андагы бийик адеп-ахлактуулук, ийги кулк-мүнөз адамзаттан эч кимге буйрулган эмес. Өз дооруна чейин жашап өткөн мүлдө адам баласынын дүйнө таанымы, аң-сезими жана адамгерчилиги жагынан бүт жетишкендиктерин багынткан, инсанияттын кыяматка чейинки бардык муктаждыгына жооп бере ала турган **«Акыр заман Пайгамбары»**

болгон. Ал *(саллаллаху алейхи васаллам)* **«Хатамул-Анбия»**, тактап айтканда, **«Пайгамбарлыктын эң акыркы мөөрү»**.

Адамзат тарыхында Азирети Мухаммед Пайгамбардын гана өмүр жолу ийне жибине чейин изилденип, такталып, жазылган. Андан башка эч бир инсандын таржымалы мынчалык майда-баратына дейре изилденген эмес. Адам Атадан башталган бардык элчилердин үлгүлүү иш-аракеттеринен өтө аз эскерүүлөр жана мурастар калган. Ал эми акыр заман Пайгамбары Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* иш-аракеттерин, сөздөрүн, осуяттарын, рухий мурастарын, ишааратторын, жансоолорун, жадагалса, сезимдерин, жан дүйнөсүнүн өзгөчөлүктөрүнөн бери күнүмдүк турмушта мусулмандар сүннөт тутуп, ишке ашырып келе жатат. Анын куттуу хадистери менен сүннөттөрү тарыхты тамшандыра угутунан тайбай келе жатат. Жогоруда сөз болуп жаткан артыкчылыктардын бардыгы Жараткан Алла Тааланын буйругу менен кыяматка чейин жашай турган жаамы пендезатка нукура бойдой жетип турат.

Ислам динindеги адеп-ахлакты теориядан иш жүзүнө калыптандырган, ошондой эле, башка системалардан бийик кылган нерсе – бул Азирети Пайгамбарыбыздын куттуу өмүр кенчинин, асыл касиеттеринин кылдаттык менен изилденүүсүндө жана кылымдар бою эч өзгөрүүсүз ушу күнгө чейин жетип келгендигинде жатат.

Жашоодогу түрдүү кыйынчылыктарда, кырсыкка же балээлерге дуушар болгондо өзүбүздү каргашалардын чеңгээлинен сактап калуу үчүн шүгүрчүл, тобокел, тагдырга ыраазы болуу, сабырдуулук, топуктуулук, жан дүйнөнүн байлыгы, мээримдүүлүк, берешендик, мекенчилдик, сыпайылык сыяктуу мыкты касиеттерди кан жаныбызга сиңиришибиз керек. Башка балээ

түшкөн кезде тең салмактуулукту жоготпоо зарыл. Мына ушул өңүттөрдөн караганыбызда таза, нарктуу жана үлгүлүү өмүр жашоосу менен Азирети Мухаммед Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* адамзатка тартуу кылынган улуу жол башчы жана Пайгамбар болуп саналат.

Жараткан Алла Таала ага жетимдиктин ачуулугун тарттырып, турмуштун тар кечүү, тайгак ашуулары менен сынап олтуруп, даназа жана өкүлдүк өңүтүнөн эң жогорку тепкичке, Пайгамбарлыкка жана өлкө башчылыгына чейин көтөргөн. Улуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* басып өткөн ары катаал, ары татаал баскычтарда нукура идеалдуулук, көөнөрбөс үлгүлөр кашкайып турат. Мына ушул себептен ким кандай абалда, кандай гана деңгээлде болбосун, бардык адамдар Пайгамбарыбыздын өмүр жолунан өз жөндөмүнө жараша үлүш алып, баскан жолунан баса алат. Башкача айтканда, Ислам дини ар кандай даражадагы адамдардын оңой түшүнүшү үчүн Азирети Пайгамбарыбыздын куттуу жашоосу аркылуу жүзөгө ашырылган. Демек, анын өмүр жолунда эч кандай күңүрт, эч кандай бүдөмүк нерсе жок!

Ушундай улуу Пайгамбардын үммөтү болуунун өзү баа жеткис зор немат. Кудай Тааланын мындай чексиз нематына жооп катары, биз, момундар ааламдардын асыл затынын *(саллаллаху алейхи васаллам)* куттуу жана нарктуу өмүр жолун жеткиликтүү деңгээлде үйрөнүп, үйрөнгөнүбүзгө жараша амал кылып жана аны башкаларга да үйрөтүшүбүз керек.

Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* жападан жалгыз жол башчы жана үлгү экенин билип эле тим болбой, аны өрнөк алуунун чек-ченемин билүүнүн зарыл экенин айта кетүү абзел. Анткени, анын ал-абалы жана иш-аракеттери эки категорияга бөлүнөт:

### 1.Өзүнө гана таандык абалдар жана иш-аракеттер

Маселен, кээде гана эмес, ар дайым буту шишип кеткенге чейин түнү бою намаз окуганы, савми-висал (ифтарсыз орозо) кармашы, Ухуд тоосунчалык алтыны болсо, карызы үчүн бөлгөндөн башкасын бүт бойдон кайрым кылгыдай эрктүүлүгү, мурас таштабаганы, өзүнө жана бүлөсүнө кыяматка чейин зекет жана садака алууга тыюу салгандыгы….

Ал ошондуктан:

*«Мен тек гана силер сыяктуу эле адаммын…»* *(Бухари, Салат, 31, Ахкам, 20)* деген сөзүнө жооп айтылган сон:

*«Мен силер сыяктуу эмесмин, мени Алла Өзү жедирип, ичирип турат..»* деп айткан *(Бухари, Савм 49; Итисам 5; Муслим, Сыям 57-61).*

Бул өндүү амалдарды момун мусулмандар аткарууга милдеттүү эмес жана аны туурай да алышпайт. Анын деңгээлиндеги рухий абалды багынта алышпайт. Жаамы иш-аракеттеринин ичинен ушул сыяктуу жеке өзүнө гана таандык амалдары болгон. Андыктан, мусулман үммөтү үммөткө тиешелүү сүннөттөрдү аткаруусу керек.

### 2. Жаамы мусулмандарды камтыган иш-аракеттер:

Жогоруда белгилегендей, Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзүнө таандык бийик рухий абалдардан жана иш-аракеттерден жоопкер эмеспиз. Маани мазмуну жагынан акылды алсыраткан мындай абалдарды жана иш-аракеттерди жылдыздардын бийиктигине салыштырууга болот. Аларды жүзөгө ашырууга чамабыз деле жетпейт. Болгону буйрулган иш-аракеттерди күчүбүздүн жетишинче аткарууга милдеттүүбүз. Өмүрүбүз өткөнчө анын изи менен жашашыбыз керек.

Демек, бай-кедей, падыша-букара, башкарма-кызматкер дебей, бүтүндөй адамзат үчүн Азирети Пайгамбарыбыз кашкайган акыйкат өрнөк. Аны ар ким өз дараметине жараша түшүнөт жана аткарат. Ошондой болсо да, мында кээ бир иш-аракеттердин сүннөт, кээ бири уруксат экенин эске алуу кажет. Мисален, «Мухаммед» деген ысымды коюу жөн гана уруксат. Динге дилгир мусулман бир боорлорубуз Пайгамбарыбыздай жакшы адам болсун деген максатта уулдарына анын атын коюп келишет.

Башка бир жагынан алганда, Куранды түшүнүү, максатын андоо жана анын рухун бойго сиңирүү үчүн Пайгамбардын өмүр жолун билүү маанилүү.  Шуара сүрөсүнүн 193-195-аяттарында:

نَزَلَ بِهِ الرُّوحُ الْأَمِينُ عَلَى قَلْبِكَ لِتَكُونَ مِنَ الْمُنذِرِينَ

بِلِسَانٍ عَرَبِيٍّ مُّبِينٍ

**«Рух-и Амийн** (Жабрайил) **ал** (Куран)**, эскертүүчүлөрдөн болушуң үчүн накта араб тили менен сенин жүрөгүңө толтурулган»** деп маалымдалат. Бул аят Азирети Пайгамбарыбыздын жыйырма үч жылдык Элчилик өмүрүндө Курани Каримди тажрыйба түрүндө ийне-жибине чейин жашап, көрсөтүп, чечмелеп кеткенине ишаарат кылат. Алланын Элчисинин куттуу хадистерин жана өмүр таржымалын окуп үйрөнбөстөн туруп Курани Каримди ылайыктуу түрдө түшүнүү мүмкүн эмес[6].

6. Сөз жүзүндөгү акыйкаттар, иш жүзүндө бекемделбесе, натыйжада сөзсүз жаңылыштык кетет. Анткени, абстрак нерселерди ар ким өз деңгээлине жана ан-сезимине жараша түшүнөт. Маселен сөз жүзүндөгү акыйкаттарды жандуу өрнөктөр гана калыпка салат. Маселени талашсыз чечүү үчүн мындан башка жол жок. Адамзатка жакшылыкты үйрөтүү максатында же пайда келтирет деген ойдо айтылган көз караштар жана пикирлерди эч ким тажрыйбада көрсөтүп калыпка салбагандыктан, алардын баары китепте же сөз жүзүндө калып кеткен. Ислам дини болсо бул өңүттөн башка көз караштар менен теңештирилбей тур-

Суроо туулушу мүмүкүн. Эмне үчүн Ислам дининин өзүн эле үйрөнүп алса болбойбу? Албетте, мүмкүн эмес. Ислам динин жана маданиятын туура таанып, аны жашоого сиңирүү үчүн иралды ардактуу Пайгамбарыбыздын жыйырма үч жылдык пайгамбарлык таржымалын окуп илхам алуу зарыл. Ошондо дин боюнча үйрөнгөн маалыматтар дагы да жугумдуу жана түшүнүктүү болот. Ибадаттар ансайын ыклас менен аткарылат. Инсандын көңүл ааламы Алланын Элчисинен келген берекеге, тактап айтканда, оң энергияга сугарылганда гана кемелине келет. Анткени, Азирети Пайгамбарыбыздын пакиза өмүрү Исламдык жол-жоболордун жана өкүмдөрдүн эң аяр өңүтүнө чейин данакер тастыктооч болуп саналат.

Тынчтык жашоого жана бак-таалайга жеткире турган Ислам динине  даават кылам, насаатчы, мугалим болом дегендер Алланын Элчисинин таржымалын сөзсүз үйрөнүшү керек. Үйрөнгөндө да дитин коюп ушунчалык берилүү менен, сүйүү менен үйрөнүү зарыл. Таалим-тарбия, илим-билим жана агартуу айдынында Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* дүйнөлүк жана акыреттик деңгээлдеги жападан жалгыз үлгү экени талашсыз.

Жыйынтыктап айтканда, мейли аял болсун, мейли эркек болсун, момун мусулман болууну самаган ар бир инсанга, Алланын динине жагымдуу насаат айтууну каалаган жана үгүтчүлүктү тандап алган дааватчыга, мамлекетти адилеттүүлүк жана асыл сапаттар менен башкарууну каалаган өлкө башчысына, үй-бүлөсүн сылык мамилеси, мээримдүүлүгү менен  коргоп жана бага турган атага, башкарууну мыкты өздөштүргөн кыраакы

ганчалык артыкчалыкка ээ. Курани Каримди Азирети Пайгамбарыбыз өзүнүн турмушунда толук кандуу жашап, насаат кылып кеткен болсо, кутман сахабалар анын өмүр жолунан кыпынчалык тайбастан, дал өзүндөй жашап, көрсөтүп, кийинки муунга аманат мурас катары таштап кетишкен.

аскер башчыга, кыскасын айтканда наамы жагынан, деңгээли жагынан  ким болбосун, ар бир мусулманга абадай зарыл сапаттар, артыкчылыктар жана руханий касиеттер акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* таржымалында катылуу[7]. Ошондуктан Ислам динин бардык өңүтүнөн үйрөнүү жана турмушта жашоо үчүн Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* өмүр баянын жакшы билүү зарыл.

Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* өмүр жолун үйрөнүү, аны башкаларга үйрөтүү жана жашоо образын сүннөткө ылайыктоо адамга бактылуулукту жана идеал турмушту тартуулайт. Бул кашкайган чындык!

## Арабстандын Ислам динине бешик болуп тандалышынын түпкү сыры

Араб Жарым аралынын Исламга бешик болуп тандалуусунун сырын үйрөнүүдөн оболу, арабдардын Исламдан мурунку руханий абалын, кулк-мүнөзүн, аймактын географиялык, стратегиялык, саясий жана экономикалык өзгөчөлүктөрүн билүү кажет.

Ошол доордогу дөө-шаа империялар Византия менен Иран арабдардын коңшусу болгон. Византия империясы баскынчылык менен каратып алган курамындагы мамлекеттердин ички диний талаш-тартыш, чыр-чатактарынан улам, оор саясий кри-

7. Батышытын бир ойчулунун төмөнкү сөздөрү бул чындыкты айтып кеткен:«Азирети Мухаммеддин акылман принциптериндей принциптерди жана андан мыкты жашоо образын жаратуу эч кимдин колунан келбейт. Европа көп жакшы ийгиликтерди багынтканы менен Ислам маданиятынын таразасында мыйзам-эрежелерибиз өтө эле кемпай. Биз, Европа элдери ушу тапта маданий мүмкүнчүлүктөрүбүзгө карабастан Азирети Мухаммед бут койгон акыркы тепкичтин эң төмөнкү тепкичинде турабыз. Эч шек жок! Бул жарышта эч ким андан ашып өтө албас! Жана бул китеп (Куран) ийги тажрыйбаларга толтурулгандыктан, таасирин түбөлүккө жоготпойт жана башка элдерди өзүнө тарта алат» (Johann Wolfgang von Goethe).

зисти башынан кечирип жаткан. Христиан дини бийлик төбөлдөрүнүн кызыкчылыктарынын куралына айланган кез болгон. Курултай уюштура коюп каалаган китепти ыйык деп жарыялашып, напсиге оор келген өкүмдөрдү мыйзамдуулуктан ыргытып, диндин ишеним маселесине каалагандай өзгөртүүлөрдү коркпостон киргизип калышкан. Улам жаңы келген өкүмдар мурунку өкүмдарды диний өкүм менен куугунтуктап, соттомойду жана диний өкүмдөрдү бийлик ыңгайына жараша өзгөртмөйдү адатка айлантып алышкан. Карапайым калкка жүктөлгөн ашыкча салыктардын жана бийликтин канына сиңип кеткен паракорчулуктун натыйжасында Византия империясы саясий жана адеп-ахлактык кризиске кабылып, күн сайын ичтен ирип-чирип бараткан болчу.

Иран деле саясий, нравалык баткакка батып, ички көйгөйлөр жана чырлар күндөн күнгө ырбап бараткан. Өз энеси, жадагалса, өз кызы менен үйлөнүүгө уруксат берген, адамдык касиетти тебелеген жашоо образы өкүм сүргөн. Маздакизмдин: «Аба, чөп жана суу элдин орток мүлкү болгону сыңары, коомдогу аялдар, мал-мүлк жана башка жеке ээликтердин бардыгы ортого салынышы керек!» деген бузуку ураандары калк арасына тамыр жая баштаган.

Эски грек маданияты бүлүнгөн имарат кейиптенип, философиялык талаш-тартыштардын жана ырым-жырымдардын ыплас таманынын астында калса, индус маданияты руханий жана социалдык кыйроого учурап, өзүнүн көйгөйүнө өзү тумчугуп жашап жаткан.

Арабдарга келсек, айланасы чөлдөр менен курчалгандыктан, жогорудагыдай каргашадан, карама-каршылыктардан оолак, эч кимдин карамагына баш ийбей, өз алдынча, маданий

таасирлерден окчун аймакта тынч жашап жатышкан. Эч убакта бүлгүнгө учурап же кулчулукта куурап да көрүшкөн эмес эле. Ошол кездерде арабдардын табияты жана кулк-мүнөзү кандайдыр бир түргө кубулуп бузулбаган чийки нерсе сыяктуу экен.

Араб элинде ар-намыс, убадага бектик, жоомарттык, меймандостук жана сабырдуулук сыяктуу жакшы касиеттери бар эле. Бирок, алар аша чапкандык же жеткен кашандыктан (ифрат, тефрит) улам бул сапаттар жакшы сапат болуудан чыгып калган кез болгон. Ошо кездерде чындыкты көрсөтө турган жол башчысы жок болгондуктан, жалпы элде түркөйлүк өкүм сүрүп турган. Наадандык баткактай адамдарды өзүнө тартып, ач көз напсинин бийлигине баары көз каранды болуп калгандыктан, жакшы касиеттерди жаман иштерге колдонуп калышкан. Сокур намысын жана атак-даңкын сактап калуу максатында эне байкуштардын жүрөгүн канатып туруп, кичинекей кыздарын тирүүлөй жерге көмүүнү салт кылып алышкан. Элге берешен болуп көрүнүү үчүн бала-бакырасына бүт мүлкүн таратып жиберип, итке минип калгандар чыга баштаган. Кан куумай, кун куумайлардын айынан каармандыктын жана баатырлыктын алдамчы сезимине арбалган уруулардын ортосунда көптөгөн жылдарга созулган кандуу кагылыштар жүргөн. Ушунун баары Ислам дининин келиши менен жоюлуп, наадан эл адеп-ахлактын жана ыймандуулуктун шарапаты менен оңолуп, табийгый чырайына кайтып барган. Башкача айтканда, Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Ислам динин алып келгенден тарта элдер мурунку жаман көрүнүштөрдөн арылып, нукура маданияттуулукка жетише алышкан.

Дин Ислам үчүн Арабстандын тандалуусунун башка бир себеби, Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарлыгы жана Элчилиги тууралуу күмөн жаратпоо де-

ген максат болгон. Мындайча айтканда, арабдар окуганды да, жазганды да билбеген сабатсыз калк болгон. Коңушулаш империялардын тамтыгы чыгып, бүлүнүп бүткөн оорукчан маданиятынын жана философиясынын таасиринен оолак болушкан.

Эгерде Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* билимдүү болгондо, же коңушулаш мамлекеттер жана маданияттар чөйрөсүн билген сабаттуу, ошондой эле, эски самавий китептердин ич-маңызынан кабардар экенин айтып чыкканда, анын динин аламан калк Алла Тааланын вахийи катарын мынчалык оной кабыл кылмак эмес. Башка өңүттөн карай турган болсок, Ислам дини грек, византия же иран сыяктуу маданият жана өркөнияттын белгилүү деңгээлин багынткан империялардын биринен чыкканда, адамдар акыркы диндин негиздерин, эрежелерин түшүнбөй, кабыл кыла албай сөзсүз түрдө кыйналышкан болоор эле. Анда Исламдын түпкүлүгү Алла Таалага барып такалар, такалбасы туурасында шек туулуп, чирип бүткөн маданияттар башка түргө кубулду деген шекшинүүлөр пайда болмок. Ушул жагынан караганда жогоркудай шекшинүүлөргө жол бербөө үчүн Алла Таала Азирети Пайгамбарыбызды *(саллаллаху алейхи васаллам)* сабатсыз коомчулуктан сабатсыз абалда чыгарган.

Араб Жарым аралы Азия, Африка жана Европа материктери менен чектеш жана ар түрдүү өлкөлөрдүн ортосунда жайгашкандыктан, Ислам дининин жайылышында географиялык артыкчылыгы болгон[8].

Ислам дининин бешиги катары тандалган Мекке Курани Каримде **«эгин айдалбаган дың өрөөн»** деп таанытылат[9].

8. Мухаммед Иляс Абдулгани, Тарихи Мекке, 12-13 бет.

9. Ибрахим сүрөсү, 37-аят.

Жергиликтүү калк бир гана соода-сатык менен күн көрүшкөн. Айдоого ылайыктуу жерлер бир топ эле узакта болгондуктан, дыйканчылык кылгысы келгендер андай узакка көнө алышкан эмес. Ошондой эле, жыгач усталар да кесибине жараша ыкшоо эле. Соодагерлер гана узак саякатка чыгышып алыскы өлкөлөргө барууга жөндөмдүү жана ар кандай адамдар менен алака түзүү жагынан кыйла шыктуу болушкан. Исламга чакыруу максаты менен сапарга чыгуу бир топ чыдамкайлыкты жана чыйрактыкты талап кылаары турган иш. Мына ошол өзгөчөлүк Мекке калкында болгон.

Алла Тааланын каалоосу менен Ислам дининин өзөк тили, Алланын сөзүнүн котормочулугу жана үгүтчүлүккө ортомчу болуу шарапаты араб тилине ыроолонгон. Дүйнөдөгү бардык улуттук тилдерге байкоо жүргүзүлө турган болсо, араб тили мукамдуулугу, жатыктыгы, ийкемдүүлүгү, сөздүк түзүлүшү, сөз түркүмү жана туундусу, этиштик жакталыш жана сөздүн айтылыш эрежелери сыяктуу көптөгөн артыкчылыктары менен башка тилдерден айырмаланып турарын көрүүгө болот. Араб тили эң жөнөкөй нерседен тартып, эң татаал мааниледи учкул сөздөр жана сөз айкаштары аркылуу кыйынчылыксыз түшүндүргөн берекелүү тил. Аталган элдин сөз байлыгы абдан кенен болгондуктан, ар түрдүү пикирди жарашыктуу жана ынанымдуу өзгөчөлүктө, көрктүү жана жеткиликтүү айтып берүүгө жөндөмдүү келген. Он беш кылымдан бери эрежелерине эч кандай өзгөртүү же толуктоонун кирбеши, араб тилинин тээ ошол мезгилдерде эле туруктуу мүнөзгө ээ экендигин жана ошол доорлордо эле өзүнүн баралына келгендигин айгинелеп турат. Араб тили мына ушундай керемет абалы менен жер бетиндеги тилдердин арасынан Кудай Тааланын каалоосун камтый ала турган жана жеткиликтүү түшүндүрө ала турган сыйымдуу мыкты тил болгон.

Араб Жарым аралы негизинен, көптөгөн акыйкат диндер өнүп чыккан берекелүү аймак болуп саналат. Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* бабаларынан Азирети Ибрахим *(алейхис салам)* аталган жайда жашаган жана Каабаны курган. Мекке калкы ушул себептен сыймыктануу менен өздөрүн Ибрахим жана Исмаил (алейхимас салам) пайгамбарлардын руханий мураскерибиз деп эсептешчү. Ислам дини мына ушундай куттуу жерден чыккандыктан, аны кабылдоо жана түшүнүү элге жеңил болгон.

Адамзаттын тарыхы менен тең жаштагы диний борбор саналган Каабанын Араб Жарым аралында жайгашуусунун өзү эле анын эң маанилүү себеби болуп саналат.

Мына ушулардын бардыгынын түпкүрүндө биздин акыл-ойго келбеген дагы башка көп хикматтар бар. Жараткан Алланын эркин ар кандай божомолдор менен чечмелөө жана чектөө мүмкүн эмес. Андыктан, бул теманы «Эмнени каалап, эмнени буйруганын Кудай Таалам Өзү эң жакшы билүүчү», – деп аяктайбыз.

## Уммул Кура/Курандын Энеси – Мекке

Мекке аймагы Курани Каримде **«Уммул-Кура»**, **«Бакка»** жана **«аль-Баладул Амин»** деген ысымдар менен белгилүү. Мекке жана Бекке деген сөз Вавилон тилинде «байт–үй» деген маанини туюнтат. А амаликалыктар болсо муну ушул аймактын аты деп билишет.

Меккенин түштүк жагында Йемен, түндүк жагында Ак деңиз, чыгыш тарабында Басра булуңу, ал эми батыш жагында Кызыл деңиздин порту Жидда бар. Буга кошумча Африка багытына кеткен жолдордун кесилишкен жеринде, экономикалык жактан абдан ыңгайлуу жер турат. Шаар курулган бөлүк **«Батну Мак-**

**ка»**, Харам мечити турган жер болсо **«аль-Батха»** деп аталат.

Азирети Ибрахим *(алейхис салам)* Сара энебизден перзент көрбөй жүргөн. Акылман Сара эне күңү Ажарды азат кылган соң, Азирет Ибрахим *(алейхис салам)* менен никесин кыйдырып койгон. Экөөнүн ортосунан Азирети Исмаил жарык дүйнөгө келет да, Мухаммеддин нуру ага өтөт. Бул улук нур мен аркылуу өтсө деп самап жүргөн Сара эне башкага кеткенине капа болуп, көңүлү чөгөт. Кичи зайыпты башка жака алып кетүүнү күйөөсүнөн суранат. Кемпиринин көңүлү үчүн бул пикир жүйөлүдөй көрүнөт. Аңгыча Жараткан Алладан буйрук келет. Буйруктун негизинде уулу Исмаил менен кичи зайыбы Ажарды алып Меккенин аймагына алып барат. Мекке турган жер ошол кездерде ээн талаа болгон. Азирети Жабраил *(алейхис салам)* пайгамбарга жол көрсөтөт. Ошол аймакка келип калганда:

– Бүлөңдү мына ушул жерге жайгаштыр! – дейт.

Азирети Ибрахимдин *(алейхис салам)*:

– Бул жер дыйканчылыка да, мал чарбасына да жарабайт ко, – деген пикирине Жабраил *(алейхис салам)*:

– Ооба ошондой, бирок, келечекте бул жерден сенин уулуңдун урпагынан уммий (сабатсыз) Пайгамбар чыгат жана ал «эң улук сөз болгон тавхидди» толуктайт, – дейт *(Ибн Сад, I,164)*.

Абдуллах бин Аббас[10] (Алла ага ыраазы болсун) риваят кылат:

10. Абдуллах бин Аббас (Алла ага ыраазы болсун) Алланын Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) абасы Азирети Аббастын уулу. Энеси болсо Азирети Хатижадан кийин эле мусулман болгон Уммул Фадл Лубаба эле. Ибн Аббас Улуу көчтөн үч жыл мурда жарык дүйнөгө келгенде, аны апкелишип Алланын Элчисинин кучагына беришти. Пайгамбарыбыз болсо куттуу оозу менен чайнаган курманы ымыркайдын таңдайына салды. «Тахник» деп аталган бул окуя себептүү Ибн Аббас сахабалардын арасында да абдан жогорку кадыр-баркка ээ эле. Кийинчерээк Пайгамбар (алейхис салам) ага эки жолу батасын берген. Ал батасында: «Аллахым! Аны чоң аалым (укукчу) кыл жана Куранды үйрөт!» деген эле. Кабылданган дубанын шарапаты менен ал Куранды эң жакшы билген сахаба болгон, жана «Таржуманул-Куран (Курандын котормочусу)», ошондой эле үммөттүн эң аалымы деген

«Азирети Ибрахим аялы Ажар менен эмчектеги уулу Исмаилди Меккеге алып келди. Аларды келечекте оргуп чыга турган «зам-зам» кудугунун жан жагындагы бир түп дарактын түбүнө калтырды. Кошо ала келген курмага толтурулган баштык жана суусу толо чөйчөктү аларга таштап, кайтуу үчүн камынып калды.

– Бизди бул жерге таштап кетүүнү Алла Таалам Өзү буйрудубу? – деп улгайып калган абышкасына суроо салды.

– Ооба, – деп жооп берди.

Ажар эне Алла Таалага болгон абдан бекем ыкласмандыгы жана тобокели менен:

– Андай болсо Раббим бизди Өзү асырайт! Зыяндан пааналайт, – деп, Исмаилдин жанына кайтты.

Ажардын ыйманы Ибрахимдин *(алейхис салам)* жүрөгүн күмүштөй эритип жиберди. Көз жашын төгө артына кылчайды, кылчайышка дарамети жетпей бараткан эле. Ажардын кайраты, сабыры, ыйманы кубат берип кылчайды. Эч нерсе көрүнбөдү. Кантсе да, пенде эмеспи, жүрөгү ачыша түштү. Диркиреп куюлчудай чогулган көз жашынан чочуп Алла Таалага жалбара дуба кылды.

رَّبَّنَا إِنِّي أَسْكَنتُ مِن ذُرِّيَّتِي بِوَادٍ غَيْرِ ذِي زَرْعٍ عِندَ بَيْتِكَ الْمُحَرَّمِ
رَبَّنَا لِيُقِيمُواْ الصَّلاَةَ فَاجْعَلْ أَفْئِدَةً مِّنَ النَّاسِ تَهْوِي إِلَيْهِمْ وَارْزُقْهُم مِّنَ
الثَّمَرَاتِ لَعَلَّهُمْ يَشْكُرُونَ

маанини туюнткан «Хибрул умма» деген наамдар ыйгарылган. Кайталангандарын кошкондо 1600 хадис баян кылган. Өмүрүнүн акыркы жылдарында көзү азиз болуп, 687 жылы, хижрат жыл санагы боюнча 68-жылы 71 жашында Таифте көз жумган.

**«Оо, Раббим, албетте, менин урпагымдан** (уулум Исмаилди жана анын энеси Ажарды) **Сенин касиеттүү үйүңдүн алдындагы эгин өспөй турган бир өрөөнгө жайгаштырдым.**

**Оо, Раббим,** (алар) **намазды толук аткарышсын деп** (ушундай кылдым)**. Анан сен Өзүң адамдардын дилдерин аларга ийкемдүү кылгын жана аларга** (бардык) **жемиштерден ырыскы насип кыл. Балким, шүгүр кылышар»** *(Ибрахим сүрөсү, 37-аят; Бухари; Анбия, 9).*

Карачечекей уулу менен жан шеригин ээн чөлгө таштап кайткан Ибрахим Пайгамбар *(алейхис салам)* алар үчүн минтип дуба кылды:

رَبِّ اجْعَلْ هَـــذَا بَلَداً آمِناً وَارْزُقْ أَهْلَهُ مِنَ الثَّمَرَاتِ مَنْ آمَنَ مِنْهُم بِاللّهِ وَالْيَوْمِ الآخِرِ

**«.... Раббим! Бул жайды коопсуз аймак кыла көр! Алла Таалага жана акырет күнүнө ыйман келтирген калкын түрдүү жемиштер менен ырыскыландыр!..»** *(Бакара сүрөсү, 126-аят).*

Алла Таала Азирети Ибрахимдин ыйман келтиргендер тууралуу суранган дубасын кабыл кылып, каапырларды коркутуу иретинде төмөнкүчө буйруду:

كَفَرَ فَأُمَتِّعُهُ قَلِيلاً ثُمَّ أَضْطَرُّهُ إِلَى عَذَابِ النَّارِ وَبِئْسَ الْمَصِيرُ

«...**А каапырларды болсо Мен азыраак гана пайдалантам. Андан соң аларды оттун азабына аргасыз кылам.** (Ал) **кандай жаман – кайтып баруучу жай!**» *(Бакара сүрөсү, 126-аят).*

Жараткан Алла Ибрахим пайгамбардын дубаларын кабыл кылган. Ошол себептен, ажылык парзын жана умра ибадатын аткарган момун мусулмандар ыйык Мекке шаарын абдан сүйүшөт. Бул куттуу жерге жакындай баштаганда адамдын жан дүйнөсү мемиреп калат.

Ибрахим *(алейхис салам)* таштап кеткен бир кумура суу да көп өтпөй түгөнөт. Жака белден суу табылып калар үмүтү менен Ажар эне Сафа менен Марва дөбөлөрүнүн арасын жети жолу басып өтөт. Бул эки дөбөнүн ортолугу болжол менен төрт жүз кадам болсо керек. Эне көңүлү үйгү-түйгү. Бирде чуркап, бирде жүрүшүн жайлантып, кайра шаша келип уулу Исмаилге көз салат. Айланадан пенденин карааны тургай, чыйп эткен чымчык да көрүнбөйт. Тирүүлүктүн жышааны билинсе кана ушундайда… Айласы алты болгон Ажар үзүлбөгөн үмүт менен кайрадан Марва дөңсөөсүнө чыгып барган кезде кайыптан кулагына үн угулат. Чын элеби деген тейде үндү кайрадан уккусу келип токтой калып кулак төшөйт. Ошондо:

– Болду, үнүң жетти. Колуңдан келсе жардам бер! – деген, үндү угуп, табышмактуу сөзгө түшүнө бербей нестейип туруп калат. Аңгыча уулу тарапка бир карап алат. Буту мененби, же канаты мененби, айтор, жерди казып жаткан периштени көрөт.

Уулуна заматта чуркап жетет. Сүйүнчү! Мына суу! Суу көрүндү. Жараткан Аллага жалбарып шүгүр келтирет. Агып кетпесин деп, кумду үйө салып көлмө сыяктантып тосуп кирет. Шашканданбы же кубанычтанбы, айтор, жетине албай: «Токто, токто!» деген мааниде «зам-зам, зам-зам» дейт. Бир риваятка караганда, Ажар эне сууну канчалык ууучуна алган сайын жерден ошончолук атырылып чыга берет.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай  деген:

*«Исмаилдин энеси Ажарга Алла Таала мээримин төксүн! Эгер ал зам-замды тоспой тим койгондо, ал сөзсүз тынбай ага турган булак болор эле»* (Бухари, Анбия, 9).

Какыраган эрме чөлдө эне бала зам-замдан гана наар алып жашап калышат. Алар турган жайдын бир аз узагыраак өтчү жолдон көч менен өтүп бараткан журхум уруусу улам жакын жерге конуп, кайрадан ошол жердин көтөрүлүп көктө көкөлөп учкан жалгыз куштун караанын баамдашат. Мындай көрүнүштү жашоонун жышааны деп билген уруунун кыраакылары эки кишини чалгындоого жөнөтүшөт. Алар туура багыт алып отуруп дароо эле Ажар эне отурукташып калган жерге барышат. Кашкайып агып жаткан зам-зам суусун көрөрү менен, коңшу жайгашууга уруксат сурашат. Ажар эне «-Сууга ээлик кылбайсыңар!» – деген шарт менен алардын келип жайгашуусуна уруксат берет. Ошентип, журхуми уруусу Меккеге эң биринчи жайгашкан эл болуп кала берет.

Убакыт закымдап өтө берет. Мекке бир топ өнүгүп, шаар тибиндеги мамлекет катары таанылат. Йеменден көчүп келген хузаалы уруусу Меккеге жайгашуу үчүн журхум уруусунан уруксат сураган. Тилеке каршы, уруксат ала албаган тарап 207-жылы согушуу жолу менен шаарды тартып алышкан. Бул кармашта Исмаилдин уулдары эч кимисинин таламын талашпагандыктан, уруулардын эч кимиси тийиштик кылган эмес. Ошентип, хузаалы уруусу узак мезгил бою Меккеге өкүм жүргүзгөн. Заман алмашкан сайын адамдарды Азирети Ибрахимдин дининен сууткан. Бутпарастыктын жайылышына себепчи болуп, элди адаштырышкан. Хубал аттуу идолду жасашып, ага сыйынышкан. Азирети Исмаилдин урпагы саналган курайш уруусу кубаттуу элге айланган кезде Кусай аттуу бабаларынын жетекчилиги астында кыймыл түзүп, 440-жылы хузаалы уруусун

Мекке шаарынан кууп чыгышкан.

Кусай кыраакы жана күчтүү жетекчи болгондуктан, шаар мамлекетинин башкаруу ишин жүргүзүүчү «Дарун-Надва» маж-лисин курган. Мунун арты менен башкаруу, диний вазийпалар-дын аткарылышын көзөмөлдөө жана башка жоопкерчиликтер-ди бекемдеген. «Дарун-Надваны» жетектөө, согуштук коргонуу (кыяда), Каабага тиешелүү кызматтар (сидана, хижаба), ажылар-ды суу менен камсыздоо (сикая) жана салыктан түшкөн кара-жатка ажыларга тамак берүү (ридана) сыяктуу иш-чараларды ишбилги Кусай жеке өзү көзөмөлдөгөн. Сапары карып калган кезде жыл сайын кайталанып келген бул улук вазийпаларды төрт уулунун ичинен Абдуд-Дар менен Абди Манафка бери-лишин керээз кылган. Ошентип, атанын осуяты менен аталган милдеттер уулдан уулга мурас болуп өтө берген[11].

Кырк жашка толгон меккелик бардык жарандар аталган жыйынга катышууга укуктуу болушкан. Бирок, өнөкөт сыякта-нып белгилүү үй-бүлө кожоюндары жана уруу башчыларынан башка эч ким деле чоң жыйынга катышкан эмес. Өкүнүчтүүсү, «Дарун-Надва» жыйыны кылымдардан кийин чыга турган Ази-рети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* чакы-рыгына каршы чыгуу үчүн уюштурулган жыйындарга пайдубал болуп берген.

«Дарун-Надва» жана элдик чогулуштар өткөрүлгөн «Нади» жыйындарында мамлекеттик саясий жана аскерий чечимдер кабыл алынган, социалдык иш-аракеттерди жүргүзүү жолдору кеңешилген.

Меккенин мушриктери Алла Тааланы жана башка оюна

11. Ибн Хишам, I, 135-142.

келген нерселерди жаратуучу катары кабылдашкан. Ошондой эле, буттарды ортомчу кылышкан.

Арабстан Жарым аралынын саясий жагынан да, соода-сатык жагынан да маанилүү борбору болгон Меккенин калкы жалаң гана соода-сатык менен тиричилик кылышкан. Соода-сатык иштери жаз-кыш дебей тынымсыз уланып турган. Жазгы соода иши Сирия менен жүргүзүлсө, кышкы алакалар Йеменге багытталган. Негизги унаа төө болгон. Андан башка жүк ташууга ат, качыр жана букаларды да колдонушкан. Соода күчөгөн кезде бир кербенде төөлөрдүн саны эки миң беш жүзгө жеткен. Мекке калкынын турмуш тиричилиги үчүн соода кербени зор мааниге ээ болгондуктан, Алла Таала курайш уруусун ыйманга жана ибадат кылууга чакырган кезде бул теңдешсиз нематты эстерине салып турган:

لِإِيلَافِ قُرَيْشٍ إِيلَافِهِمْ رِحْلَةَ الشِّتَاءِ وَالصَّيْفِ

فَلْيَعْبُدُوا رَبَّ هَذَا الْبَيْتِ الَّذِي أَطْعَمَهُم مِّن جُوعٍ وَآمَنَهُم مِّنْ خَوْفٍ

«**Курайштар көнүккөн нерселери үчүн,** (б.а.) **кышкы жана жайкы сапарга көнүккөндөрү үчүн, бул үйдүн Ээсине сыйынышсын! Ал ачкалыкта аларды тамактандырып, коркунучтан аларды аман сактаган**» *(Курайш сүрөсү, 1-4-аяттар).*

Саясий ээликтен куржалак калган жана жогоруда айтылган руханий кризиске кептелген Араб Жарым аралында ушул сыяктуу экономикалык иш-аракеттерди жүргүзүү бир топ кыйын болгону менен, "арам" деп аталган ыйык айлар алардын коопсуздугунун кепилдиги эле. Арам айларда адам өлтүрүү, талап-тоноо өңдүү иштерге тыю салынган. Адамдардын көбү бутпарас

болушса да, илгертен келген ушундай ишенимдерди сакташкан. Ушул жагынан башка аймактарга салыштырмалуу Мекке бир топ артыкчылыкка ээ болгон. Элдер режеб айын улук деп билгендиктен, бардык жарманкелер бул айда кенен-кесир өткөрүлгөн. Меккеде болсо «ашхурул-хурум» делген төрт арам ай болгон. Башкача айтканда, ыйык айлардын саны төртөө болгон. Ошол эле учурда, "Басл" аттуу курум менен меккелик айрым үй-бүлөлөрдүн мал-мүлкү талап тоноолорго каршы сегиз ай бою коргоого алынган болчу[12].

Меккенин жака белинде Указ, Мажанна жана Зул-Мажаз жарманкелери өткөрүлө турган. Бул жарманкелер ошол мезгилдердеги ажылык учуруна төп келгендиктен, көптөгөн элдердин катышуусунда кыйла жандуу болуп, турмушка береке кирип, меккелик соодагерлер мол киреше табышкан.

Меккенин географиялык түзүлүшү жана экономикалык ыңгайлуу шарты абалтан бери айланасындагы үлкөн мамлекеттердин көңүлүн өзүнө буруп келген. Башка өңүттөн караганда «Байтуллахтын» ал жерде болушунун өзү эле чоң мааниге ээ болгон. Канча ирет жүрүш жасалбасын, эч кайсы мамлекет максатына жеткен эмес. Мекке шаары көз карандысыздыгын сактап келген шаар тибиндеги мамлекет катары тарыхта калган. Византиялыктар далай ирет жүрүш жасаганы менен Меккени карата алышкан эмес.

## Каабанын тарыхы жаны ыйыктыгы

«Бири бирине тен келген алты беттүү нерсе» деген маанини туюнткан Кааба деген сөз Курани Каримде эки жерде айтыл-

12. Хамидуллах, I, 24-25

ган. Башка аяттарда болсо «Байтуллах, аль-Байтул атик, аль-Байтул Харам, аль-Байтул Мухаррам, аль-Масжидул Харам» сыяктуу түрдүү ысымдар менен аталган. Ал эми калк арасында «Кааба-и Муаззама» деп аталат[13].

Алла Таала Адам атаны *(алейхис салам)* жер бетине түшүргөн соң Кааба турган жерге бир сыйынуучу жай курууга милдеттендирген[14].

Жараткан Алла муну мындайча билдирет:

إِنَّ أَوَّلَ بَيْتٍ وُضِعَ لِلنَّاسِ لَلَّذِي بِبَكَّةَ مُبَارَكاً وَهُدًى لِّلْعَالَمِينَ

**«Меккедеги** (Кааба) **шек күмөнсүз ааламдарга береке жана хидаят булагы кылынып, адамдар үчүн крулган алгачкы үй** (болуп саналат)**»** *(Аалу Имран сүрөсү, 96-аят).*

13. Кааба, болжол менен 1,5 метрлик кенендиктеги пайдубалдын үстүнө курулган. Мекkенин айланасынан алынып келинген базальт таштары менен курулган. Каабанын дубалында түрдүү көлөмдөгү 1614 таш бар. Чыгыш жак бурчунда жерден 1, 1 метр бийиктикте күмүш коргогучтун ичинде «Хажарул асвад» бар, таваф ушул жерден башталып, ушул жерден бүтөт. Ушул эле бурчу «Рукни Хажар асвад» же болбсо «Рукни Шарки», түштүк бурчу «Рукни Ираки», батыш бурчу «Рукни Шами» ал эми түндүк жак бурчу болсо «Рукни Йемани» деп аталат. Каабанын төбөсүнөн жааган жамгырдын суулары аккан ноо (Мизабу Кааба) «Алтын ноо», ал эми түштүк батыш дубалынын мандайында жерден 1, 32 метр бийиктикте жана 1,55 метр калындыктагы жарым имарат сыяктанган дубал менен тосулган жердин Каабадан башталган 3 метрлик бөлүгү «Хатим» деп аталат. Азирети Ибрахим курган Каабага ушул бөлүк да кошулар эле. Кааба курайш тарабынан ондолгон кезде материал жетпегендиктен бул бөлүк сыртта калган. Калган 5, 46 метрлик бөлүктү «Хижри Кааба», «Хижри Исмаил» же болбосо «Хатира» деп аташкан. Ибрахим Пайгамбар ал жерге жубайы Ажар эне менен Исмаил үчүн көлөкө болсун деген максатта эрак деген даракты тиккен экен.Риваяттарда Азирети Ажар менен уулу Азирети Исмаил Каабанын Хижр бөлүгүнө көмүлгөн деп айтылат. Тавафты Хижрдин сыртында аткарууну важип деп билдиришет. Каабанын эшиги жерден 2, 25 метр бийиктикте имараттын түштүк чыгыш тарабынан орун алган. Дубалдын, эшик менен Хажарул Асвад аралыгындагы бөлүк «Мултазам»-деп аталат. Каабанын бийиктиги 14 метр. Мултазам тарабынын узундугу 12,84 метр, Хатим тарабынын узундугу 11,28 метр, Хатим менен Рукни Йеманинин ортолугу 12, 11 метр, Рукни Йемани менен Хажарул асваддын ортолугу болсо 11, 52 метр. Каабанын ичинде шыпка тирелген үч түркүк бар. Булар ортодо, түндүк дубалдан Хатименин ортолугуна катар тизилген. Эшиктен киргенде эле он жак капталда шыпка чейин тирелген тепкич бар. Ошол бийик тепкичтин астында дагы бир эшик бар, ал «тооба эшиги» деп аталат. Каабанын ички дубалдары жана шыбы өнөр жайда токулган жашыл жибек парда менен тосулган (Мухаммед Иляс Абдулгани, 33-66 бет; Камил Мирас, Тежриттин котормосу, VI, 17-20).

14. Табари, Тарих, I, 124.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Абу Зардын[15] (Алла ага ыраазы болсун) суроосуна жооп катары жер жүзүндө эң алгач «Харам мечити», андан соң «Акса мечити» курулганын айткан[16].

Ыйык Кааба Нух пайгамбардын мезгилиндеги алаамат топон суусудан кийин узак мезгилдер бою кумдун астында калган. Андан нечен кылымдар өткөндөн кийин Ибрахим пайгамбар уулу экөө аны кайрадан тикелеп чыгышкан. Исмаил *(алейхис салам)* таш ташыган. Ибрахим *(алейхис салам)* пайгамбар болсо таштан кынап, максат кылынган үйдүн дубалын тургузган. Курулуш жүрүп жаткан кезде жогору көтөрүлүү үчүн бир жалпак ташты такай колдонгондуктан, Ибрахим пайгамбардын бутунун изи түшүп калган. Мына ошол таш «Макамы Ибрахим» деп аталып калган[17].

وَإِذْ يَرْفَعُ إِبْرَاهِيمُ الْقَوَاعِدَ مِنَ الْبَيْتِ وَإِسْمَاعِيلُ رَبَّنَا تَقَبَّلْ مِنَّا إِنَّكَ
أَنتَ السَّمِيعُ الْعَلِيمُ

15. Гыфар уруусунун кулуну Абу Зардын чыныгы ысымы Жундаб бин Жунада болгон. Ушул себептүү Ислам тарыхында ал-Гыфари дегенде көпчүлүгү Абу Зарды түшүнүшкөн. Тарыхта Исламды кабыл алган алгачкы бешинчи инсан болгон. Абу Зарды Алланын Элчиси «Исламдын Исасы» деп койчу экен. Дин Исламдын жайылышына салым кошкон топуктуу, канааттуу,абдан ток пейил жана такыбаа киши болгон. Бир нерселерди үйрөнүүгө абан ышкыбоз жана ынтызар болгондуктан, Пайгамбарыбыздын жанында көп болууга жана андан бир нерселерди үйрөнүп калууга далаалат кылчу экен. Билбеген нерсесин дайыма Пайгамбарыбыздын өзүнөн тартынбастан сураган. Азирети Али аны «Илимдин куржуну» деп койоор эле. 281 хадис баян кылган улуу сахаба Абу Зар (Алла ага ыраазы болсун) улуу көчтүн 31-жылында Меккеге жакын Рабаза деген жерде кайтыш болгон. Жол тартып бараткан бир топ кишилер анын жаназасын кылып жерге жашырышкан

16. Бухари, Анбия, 10

17. Саид Бекташ, Фадлул-Хажарул-Асвад ва Маками Ибрахим (а.с) 108- б; Мухаммед Иляс Абдулгани, 71-73- б.

Риваяттардын биринде Ибрахим пайгамбар бул күрсүгө чыгып адамдарды ажылыкка чакырган. (Саид Бекташ, 111- б) Алла Таала Макамы Ибрахимдин кадыр-баркын билдирүү максатында мындай деп буюрган: «Биз Үйдү (Каабаны) адамдар жыйнала турган аянт жана коопсуз жай кылдык. Силер да Ибрахимдин макамынан намаз окууга орун алгыла…» (Бакара сүрөсү, 125-аят).

**«Бир кездерде Ибрахим Исмаил менен бирге Алланын үйүнүн пайдубалын көтөрүп жатып: «Оо, Жараткан Алла! Биздин ушул ишибизди кабыл кыла көр! Сен шек-күмөнсүз угуучусуң, билүүчүсүң!»** *(Бакара сүрөсү, 127-аят)* - деп жалбарышкан[18].

Курулуп бүткөн соң таваф кылган эл үчүн бир аламат болсун деп «Хажарул асвадды» Каабанын бир бурчуна жайгаштырган.

Азирети Пайгамбарыбыздын баяндоосуна караганда, бейиштен эң алгач жөнүтүлгөндө бул таш сүттөн да, кардан да ак болгон экен. Анан адамдардын күнөөкөрлүгү анын карарып кетишине себепкер болгон *(Тирмизи. Хаж, 49/877; Ахмад, I, 307)*[19].

Башка баяндамаларда, жахилият (караңылык) доор аяктап, Ислам жаңыдан гана телчиге баштаган кезде бат-баттан чыгып турган өрттөн улам, карарып кеткендиги айтылат. Айтууларга караганда, таштын көрүнүп турган бети гана карарып кеткендиги, ал эми көмүлүп турган тарабы мурунку калыбындай аппак бойдон турат экен.

Бул тууралуу Мужахид:

«Абдуллах бин Зубайр (Алла ага ыраазы болсун) Байтулланы жаңылоо үчүн жыккан кезде «Хажарул асвадды» карадым. Анын көрүнбөгөн бети дале аппак бойдон экен» – деп айткан.

Карматилер бир кездерде «Хажарул асвадды» казып алып кетишкен. Хижраттын 339-жылында кайтарып алып келишкен кезде, ордуна коюла электе текшерип көргөн Мухаммед бин

18. Окуяны терең окуп чыгуу үчүн крз. Бухари, Анбия, 9.

19. Аалымдар мындай дешет: Күнөөлөр ташты ушунчалык карартып, ага ажайып таасир калтырган болсо, жүрөккө кандай из калтыраарын, канчалык карартарын эч ким боолгой албаса керек. Ошол себептен, күнөөлөрдөн арылууга бүт күчүбүздү жумшайлы!

Нафи аль-Хузаи мындай деген:

«Хажарул асвадды» ордунан койбой туруп текшерип көрдүм. Көрүнгөн тарабы гана кара, калган тарабы аппак экен».

Хижраттын 1039-жылы чоң селден улам, Кааба кайрадан бүлгүнгө учураган. Ондоо иштери жүрүп жаткан кезде Имам ибн Аллан аль-Маккий аттуу адам курулуштун этаптарын көзөмөлдөп, ийне жибине чейин жазып калтырган. Ал «Хажарул асвад» тууралуу төмөнкү маалыматты айткан:

«Хажарул асваддын» Каабанын ичинде жабык калган бөлүгүнүн түсү Макамы Ибрахим сыяктуу аппак бойдон турат.. »[20].

Каабанын курулушун биротоло бүтүргөн Ибрахим менен Исмаил (алейхимас салам)  алакан жайып, Алла Таалага жалбарышкан:

رَبَّنَا وَاجْعَلْنَا مُسْلِمَيْنِ لَكَ وَمِن ذُرِّيَّتِنَا أُمَّةً مُّسْلِمَةً لَّكَ وَأَرِنَا مَنَاسِكَنَا
وَتُبْ عَلَيْنَا إِنَّكَ أَنتَ التَّوَّابُ الرَّحِيمُ

رَبَّنَا وَابْعَثْ فِيهِمْ رَسُولاً مِّنْهُمْ يَتْلُو عَلَيْهِمْ آيَاتِكَ وَيُعَلِّمُهُمُ الْكِتَابَ
وَالْحِكْمَةَ وَيُزَكِّيهِمْ إِنَّكَ أَنتَ العَزِيزُ الحَكِيمُ

**«Оо, биздин Раббибиз! Бизди Өзүңө моюн сунгандардан кыл! Урпагыбыздан Сага баш ийген үммөттү чыгар, бизге ибадат кылуунун усулун көрсөт, тообаларыбызды кабыл кыл! Анткени, жалгыз Сен гана тооболорду эң көп кабылдаган, ырайымдуусуң! Оо, Раб-**

20. Саид Бекташ, 36-38- б; Док, Мухаммед Иляс Абдулгани 43- б.

**бибиз! Аларга өз арасынан Сенин аяттарынды окуй турган, китепти жана хикматты үйрөтө турган жана алардын** (напсилерин) **тарбиялай турган бир пайгамбар жибер! Анткени, Сен гана күчтүүсүң жана бүт нерсени так жасайсың!»** *(Бакара сүрөсү, 128-129-аяттар).*

Ыйык Кааба курулуп бүткөн соң Алла Таала жаамы элдерди ажылыкка чакырууга Ибрахим пайгамбарды милдеттендирген:

وَأَذِّن فِي النَّاسِ بِالْحَجِّ يَأْتُوكَ رِجَالاً وَعَلَى كُلِّ ضَامِرٍ يَأْتِينَ مِن كُلِّ فَجٍّ عَمِيقٍ

«**Адамдарды ажылыкка чакыр. Алар** (сага) **жөө жалаң жана арык төөнүн үстүндө абдан алыс жолдордон келишет**» *(Хаж сүрөсү, 27-аят).*

Ибрахим пайгамбар Кудай Тааланын бул буйругун элге жеткирүү максатында Абу Кубайс тоосуна, башка бир риваятта, "Макаму Ибрахимге" чыгып, Каабага келип ажылык ибадатты аткарууну Алла Таала жалпы ишенген адамдарга парз кылганын жар салган[21].

Жарыя аяктаган соң Жабраил периште *(алейхис салам)* келип Сафаны, Марваны жана Харамы Шарифтин чегин көргөзгөн. Белги болсун үчүн бирден таш тигип коюуну айткан жана ажылыктын бардык парздарын үйрөткөн.

Ошентип, жакынкы жана алыскы аймактардан Алланын куттуу үйүнө келген зыяратчылардын саны жыл сайын көбөйө берген. Кааба муну менен маанилүү диний борборго айланып, миңдеген адамдын жүрөгүнөн түнөк тапкан.

21. Камил Мирас, Тесрид Тержемеси, VI, 20-21; Саид Бекташ, 111- б.

Абал ошону менен эле тынчып калган эмес. Каабанын түпкү баалуулугун жана ыйыктыгын көтөрө да, көрө да албаган мушрик элдер мезгил-мезгили менен жортуул жасашкан. Абраханын акмактык жоругунан мурда жашап өткөн Йемендин бутпарас өкүмдарларынан үчөө тең Каабаны орду түбү менен жок кылууга оңбогондой күчтөрүн жумшашкан. Хузай уруусунан кээ бир ниети бузуктар Каабаны жыгып, анын түбүндө катылган казынага ээлик кылууга туббаны[22] тукурушкан. Алар туббадан кутулуу үчүн ушундай жагымсыз кадамга барышканы да белгилүү болгон. Анткени хузай уруусу, Каабанын ыйыктыгына ишенген, ага каршы уюшулган кандай гана күч болбосун, эч качан оңунан чыкпаганын тарыхтан бери көрүп-билип жүрүшкөн.

Каабаны талкалоо үчүн кылкылдаган колу менен жолго чыккан тубба жол жүрүп келатып кумга батып кете жаздаган. Жанындагы билгиндеринин эскертүүсү жана туура кеңеши менен карасантай оюнан кайткан жана Алла Тааланын үйүнө таазим кылып, Меккенин калкына сый-урмат көрсөтүүгө сөз берип, кумга батып жок болуп кетүүдөн кутулган[23].

Тарыхтагы ушул сыяктуу окуялардан улам, элдер куттуу Каабанын Жараткан Алланын даргөйүндөгү кадыр-баркын таасын сезишкен. Ошого жараша көптөр аны чын көңүлдөн урматташкан. Каабаны, меккеликтерди жана курайш уруусун Алла Таала Өзү коргоп алаарына Арабстан эли толук ишенишкен.

Азирети Ибрахимдин көзү өткөндөн кийин элдер кылымдар бою Байтуллахка жүз буруп тавхид ишениминин негизинде ибадаттарын кылышкан. Убакыт өтүп, муун алмашкан сайын эл акыйкат ишенимден тайып, бутпарас болуп кеткен. Мушриктер

22. Тубба: Йемен өкүмдарларына берилген наам. Падыша, өкүмдар деген маанилерге келет.

23. Ибн Хишам, I, 19-20; Абдурраззак, V,153.

Каабанын ичине жана айланасына көп буттарды тургузушса да, аны ар дайым «Байтуллах» деп аташкан[24].

Мекке каратылган мезгилде мусулмандар Каабаны буттардан тазалашкан. Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* жеке көзөмөлүндө Каабанын ичи-тышы зам-зам менен жуулган. Кааба ошол куттуу күндөн тартып Курман айттын арапа күнү зам-зам жана гүл суусу менен жуулуп, тазаланып, жыпар жыттуу атыр себилип, үстүндөгү жабуусу жыл сайын алмаштырылып келет.

Исламдан мурунку караңгылык доорунда мушриктер "Муаллакатул саба" сыяктуу адабий чыгармаларга жана ыр сынактарга олуттуу маани беришкен. Ошондой эле, мусулмандар менен ар тармактуу алаканы кесүү тууралуу саясий салмагы бар чечимди Каабанын дубалына илишкен. Эл чогулган борбор катары Каабага абдан маани беришкенин ушул сыяктуу тарыхый окуялардан билсек болот.

Курула баштаган күндөн тартып Каабага тиешелүү бир топ өзгөчө вазийпалар болгон. Алгачкы күндөн тартып аларды Азирети Исмаил *(алейхис салам)* аткарып турган. Исмаил пайгамбар дүйнөдөн кайтаарда бул шарапаттуу вазийпаларды уулуна осуят кылган, уулу болсо журхуми уруусуна табыштаган. Журхумилерден кийин уруудан урууга өтүп олтуруп, өз заманында курайшка чейин кынтыксыз келген. Алар төмөнкүдөй кызматтар болгон:

**1. Сидана же Хижаба:** Каабанын үстүнө жабылган парда менен ачкычты коргоо кызматы[25].

24. Адамдар ширк жолуна тайып миң сандаган ташка жана даракка сыйынганына карабастан, өтө жогору баага арзыган Кааба, Хажарул-Асвад жана Макму Ибрахимге эч качан табынган эмес. Бул Алла Тааланын өзгөчө коргоосу болуп саналат.

25. Каабанын үстүн алгачкы жолу азыркыдай кылып Исмаил пайгамбар жапкан деп айты-

**2.Сикая:** ажыларды таттуу суу менен сыйлоо жана зам-зам кудугуна байланыштуу кызмат.

**3. Ридана:** Сапары бүткөнгө чейин колунда жок ажыларды тамак-аш жана жатакана менен камсыздоо.

Бул кызматтар кайсы гана мезгил болбосун, эң бийик шарапат, чоң мартаба деп эсептелген. «Алтын доор» саналган төрт халифанын убагында да аталган иш-чараларды Меккенин алдыңкы үй-бүлөлөрү өз ара бөлүшүп аткарышкан. Азирети Умар өзүнүн халифалык доорунда бул вазийпаларды аткаргандарга эң алгачкылардан болуп кызмат акы бердирткен. Азирети Муавиядан тартып бул иштер мыйзамдаштырылган. Осмон империясынын тушунда болсо Каабадагы кызматтар үчүн жыл сайын Харамайн казынасынан айлык акы берилип турган.

## Ибараттуу Пил окуясы

Ыйык Кааба Алла Тааланын буйругу менен курулган. Алла Таала аны ар дайым Өзү коргоп келген. Тарыхтагы «Пил окуясы» муну кашкайта далилдеген ибараттуу мисалдардын бири болуп саналат.

Йемендин ажосу Абраха Рим императорунун көмөгү менен Санага келишкен чиркөө курдурткан эле. Тилеке каршы, курулуш аяктаса да ал ойлогондой сыйынуучулар чиркөөгө келбей

лып жүрөт (Абдурраззак, V, 154). Каабаны жапкан кездеме чоң өкүмдар, халифа же болбосо Меккенин акими тарабынан жасаттырылыгандыгы Ислам тарыхтарында баяндалган. Ички жана сырткы болуп эки түрдө жасалгаланган Каабанын көркү 1517-жылы халифалыктын Осмон империясына өтүшү менен Мисирде токула баштаган, Канунийдин такка келишинен тартып ички пардасы Стамбулда токулган. Султан III. Ахмеддин доорунда ичкиси да, сырткысы да Стамбулда токулуп даярдала баштаган. Девлети Алиййе тарабынан даярдатылган эң акыркы парда 1916-жылы жөнөтүлгөн. Ошондон тартып Шериф Хусейндин кыймылынан улам жөнөтүлбөй калган. Кийин бир топ жылдар бою Мисирде даярдалган болсо. Учурда Меккенин өзүндө курулган жеке фабрикада токулуп даярдалып келет.

койот. Көпчүлүк калк ага анчейин көңүл бурбайт. Тилеги таш капкан Абраха бул көрүнүшкө абдан кыжырланат. Ошол кезде Меккедеги Кааба өзүнүн ыйыктыгын сактаган, инсандарды өзүнө тартып турган касиеттүү сыйынуучу жай эле. Чоң үмүт менен курган чиркөөсүнө элдин келбешине кызганган акмак ажо касиеттүү Каабаны жыгууга белсенип, катуу даярданат. Азыркынын танкасы саналган ошол доордун пилдерин кошуундун алдына тизип, карааны айбаттуу кол даярдап, жортуулга жөнөйт. Адамдардын үшүн алып, элдин багытын өзүмдүн чиркөөмө бурам деп ойлойт.

Душмандыктан көзү канталаган Абраха олжого түшкөн төөлөрүн кайтарып алууга келген Абдулмутталибге буркан-шаркан түшөт:

– Мен Каабаны талкалоо үчүн келсем, сен төөлөрүңдү ойлоп жүргөнүңө жол болсун!

Абдулмутталиб сыпаа гана жооп узатат:

– Анын Ээси бар! Каабаны Ошол коргойт!

Текебер ажо арданып кетти көрүнөт:

– Менин күчүмө каршы аны коргоп кала турган эч ким жок! – деп кесир сүйлөйт.

Ошентип, жер дүңгүрөткөн көп кол Меккеге жакындайт. Чапкынга буйрук берилген кезде кошуундун алдындагы пилдер кетенчиктеп баспай коюшат. Калдайган кошуун көз ирмемде чакчелекей түшөт. Какылдап кулак тундурган «абабил» деген канаттуулар асман бетинде толуп кетет. Көк бетиндеги куштардын тырмагындагы кызыл чок өңдөнгөн майда таштар душмандардын үстүнө мөндүрдөй жаай баштайт. Таш тийген жандын баары соо калбайт. Меккенин алды бир заматта додолонгон

өлүккө толуп, адам менен пилдин көрүстөнүнө айланат. Кагазчалык салмагы жок чымчыктар тоодой пилдерди, айбаты үрөй учурган каапырларды жер менен жексен кылат. Алла Тааланын мужизасы менен душмандар жеңилген ушул жыл илгерки санакта «Пил жылы» болуп кала берген.

Алла Таала бул окуяны Курани Каримде мындайча баяндайт:

أَلَمْ تَرَ كَيْفَ فَعَلَ رَبُّكَ بِأَصْحَابِ الْفِيلِ أَلَمْ يَجْعَلْ كَيْدَهُمْ فِي تَضْلِيلٍ وَأَرْسَلَ عَلَيْهِمْ طَيْراً أَبَابِيلَ تَرْمِيهِم بِحِجَارَةٍ مِّن سِجِّيلٍ فَجَعَلَهُمْ كَعَصْفٍ مَّأْكُولٍ

**«Пил ээлерин Раббиң эмне кылганын көрдүңбү? Алардын жаман ниеттерин текке кетирбедиби? Алардын үстүнө топ-топ болгон куштарды жөнөттү. Канаттуулар алардын үстүнө бышырылган ылайдан** (жасалган) **таштарды жаадырып жатты. Акырында аларды жеңилүү**(гө дуушар кылып)**, чайналган чөптүн жалбырагына айландырды»** *(Фил сүрөсү, 1-5-аяттар).*

Ыйык Кааба Алла Тааланын буйругу менен курулган **«Жакшылык үйү (Хаанаи бирр)»** болчу. Алла Таалага кулчулук кылуучу касиеттүү жай болгон. Ошол себептен, ар дайым Алла аны Өзү сактап келет.

Ыйык Каабага каршы чыккан Абрахага берилген жаза – кыяматка чейин ошондой мүдөө менен каршы чыккандарга эскирбес эскертүү болуп саналат.

وَمَنْ أَظْلَمُ مِمَّن مَّنَعَ مَسَاجِدَ اللهِ أَن يُذْكَرَ فِيهَا اسْمُهُ وَسَعَى فِي خَرَابِهَا أُوْلَـــئِكَ مَا كَانَ لَهُمْ أَنْ يَدْخُلُوهَا إِلاَّ خَآئِفِين لَهُمْ فِي الدُّنْيَا خِزْيٌ وَلَهُمْ فِي الآخِرَةِ عَذَابٌ عَظِيمٌ

**«Алланын мечиттеринде Анын атынын эскерилүүсүнө тоскоолдук кылган жана ал жайлардын талкаланышы үчүн жан үрөгөндөрдөн да ким заалим болушу мүмкүн? Дал ошолор ал жайларга коркуу менен кириши керек. Алар үчүн тирүүлүктө турган шерменделик, ал эми акыретте чоң азап бар!»** *(Бакара сүрөсү, 114-аят).*

Сокур намыска арданган заалим Абраха өзүн ченде жок баатыр, ай-ааламды чапчыган күч-кудереттүү деп ойлосо керек. Ойлонуп көрсөк кандай гана ибараттуу окуя. Чыныгы кудуреттүү Алла Таала чөлдөрдөгү арстан, жолборс же болбосо уулуу жылан өңдүү үрөй учурган жырткыч айбандар менен эмес, абдан алсыз, кичинекей гана абабил аттуу чымчыктардын тырмагындагы буурчактан майда таштар менен анын таш талканын чыгарган. Жараткан Алла тээ мурунку доорлордон бери фараон, Намрут жана Жалут өңдүү текеберлердин баарын, балким алардан миң эсе кичинекей  жандыктар менен талкалаган. Ушунун өзү алардын абдан алсыз экендигин жана текеберчилик Кудайга жакпаган адепсиздик экендигин көзгө сайып көрсөтүп койгон.

Кылкылдаган сан миң кол баштап чыккан текебер Абраха натыйжада, Йеменге жарадар абалда, шерменде болуп, жер боортоктоп араң зорго жетет. Текеберлерди Алла Таала бул дүйнөдө эле шерменде кылаарын Абраханын окуясынан түшүн-

сөк болот.

Курайш уруусу «Пил жылын» бир топко чейин жыл санактын башталышы катарында колдонушкан. Төмөнкү риваят мунун эң сонун мисалы боло алат:

– Биз Азирети Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* экөөбүз пил жылында төрөлгөнбүз, – деген Кубаш бин Усаймга Усман бин Аффан (Алла аларга ыраазы болсун) минтип суроо берген:

– Сен улуусуңбу же Пайгамбарыбыз улуубу?

Нур жүздүү сахаба адеп сактап мындайча жооп берген:

– Азирети Пайгамбарымдын менден өтө эле улуу экенинде шек жок. Ал эми төрөлүш жактан мен андан бир топ эскимин[26]. Мен пилдердин кыгынын жашыл болуп, өңү өзгөрүп калганын көргөнмүн» *(Тирмизи, Манакиб, 2).*

## Ибрахим (алейхис салам) жана Ханиф

Меккеге бутпарастар ээлик кылганы менен тавхиддин изи али да болсо өчкөн эмес эле. Азирети Ибрахимден калган тавхид динин аз санда болсо да адамдар улантып келишкен.

Ибрахим *(алейхис салам)* «улул азим» пайгамбарлардын бири болгон. Ошондой эле, «Алланын досу» деген маанини туюнткан «Халилуллах» сыпаты менен аталган. Ал көптөгөн пайгамбарлардын жана асыресе, Мухаммед Мустафанын чоң

26. Ушул риваятта айтылганы сынары ардактуу сахабалар Азирети Пайгамбарыбыздын мартабасын жана улуулугун абдан сыйлашкан. Алар бул жагдайга абдан аяр мамиле кылышкан. Анын денесине колу тийген жандар кадимкидей сыймыктануу менен мактанышар эле: «Мына ушул эки колум менен Алланын Элчисинин колун кармадым» - деп колдорун көрсөтүшкөн (Ибн Сад, IV, 306;Хайсами, VIII, 41).

бабаларынан болуп саналат. Жараткан Алла Таала ага 10 бариктай вахий берген.

Азирети Ибрахимдин аты Курандын 25 сүрөсүндө 69 жерде маалымдалат. Аввах (көп учурда «ах Раббим» деген), Халим (сыпаа жана сылык), Муниб (Аллага таянган), Каанит (Аллага кулчулук кылган), Шаакир (Жаратканга шүгүрчүл) жана Ханиф сыяктуу сыпаттары көп жерлерде мактоо менен эскерилет.

Ибрахим пайгамбардын дини «Ханиф» деп аталган. Ханиф деген сөздү чечмелей келгенде кыйшаюсуз туура жака багыт алган, дайыма багыты түз, башка диндерден, бузулган ишенимдерден, ырым-жырымдардан оолак, жалгыз гана Алла Таалага ыйман келтирген, ишенген «муваххид» деген маанилерге келет.

وَقَالُواْ كُونُواْ هُوداً أَوْ نَصَارَى تَهْتَدُواْ قُلْ بَلْ مِلَّةَ إِبْرَاهِيمَ حَنِيفاً وَمَا كَانَ مِنَ الْمُشْرِكِينَ

«(Жөөттөр жана христиандар, мусулмандарга) **«–Иудей же Христиан болсоңор туура жолду таба аласыңар», – деп айтышты.** (О Сүйүктүүм!) **«–Тескерисинче биз тууралыкка багытталган** (Ханиф) **жана Аллага шерик кошпогон Ибрахимдин диниңдебиз!» – деп айткын!»** *(Бакара сүрөсү, 135-аят).*

مَا كَانَ إِبْرَاهِيمُ يَهُودِيّاً وَلاَ نَصْرَانِيّاً وَلَكِن كَانَ حَنِيفاً مُّسْلِماً وَمَا كَانَ مِنَ الْمُشْرِكِينَ

**«Ибрахим жөөт да, христиан да эмес эле. Ал Алланы бир деп билген багыты түз** (Ханиф) **мусулман эле. Ал мушриктерден болгон эмес»** *(Аалу Имран сүрөсү, 67-аят).*

Ислам келе электе ар кандай бузукулуктан жана бутпарастыктан жүз үйрүп Азирети Ибрахимдин динин тутунуп, Алланын жалгыздыгына ишенгендер ханифтер дегенге татыктуу пенделер болушкан. Маселен, Варака бин Навфал, Абдуллах бин Жахш, Усман бин Хувайрис, Зайд бин Амр, Кусс бин Саида өндүү ханифтер  жашап өтүшкөн. Булар жансыз, тилсиз, кыймылсыз, алсыз буттарга таазим кылууну жана аларга сыйынууну туура эмес деп эсептешкен.

Ибн Умар[27]  (Алла ага ыраазы болсун) баян этет: «Пайгамбарлык келе элек болчу. Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* Балдахтын[28]  төмөн жагына келип калган экен. Ал жердегилер аны дасторконго чакырышты. Зайд бин амр бин Нуфайл да дасторкондо олтурган. Мухаммед Мустафа *(саллал-*

---

27. Абдуллах бин Умар (Алла ага ыраазы болсун) Азирерти Мухаммедге (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбарлык берилгенден үч жылдан кийин төрөлгөн. Атасы Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун) менен Мединага көчкөн. Абул Аюб аль-Ансари катышкан кошуун менен Стамбул жүрүшүнө катышкан. Эжеси Азирети Пайгамбарыбыздын жубайы болгондуктан, Алланын Элчисинин жакын чөйрөсүндө болуу мүмкүнчүлүгү зор болгон. Кайталаныштары менен эсептегенде 2630 хадис риваят кылган. Демек, Абу Хурайрадан кийинки эле эң көп хадис риваят кылган жана эң көп хадис айткан жети сахабанын экинчиси болгон. Умардын уулу Абдуллах (Алла ага ыраазы болсун) ошол эле учурда фатваны эң көп берген жети сахабанын көч башында турат. Алланын Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) жашоодогу жүрүм-турумун дал өзүндөй кылып өз жашоосуна синирүү, анын буйруктарын так аткаруу өнүтүнөн ага тең келе турган адам жок эле. Пайгамбарыбыз көз жумган соң ага бапестеген сүйүүсүнүн күчү менен ал баскан жолдон басып, ал  намаз окуган жерлерге намаз окуп, ал көлөкөлөгөн дарактын астына көлөкөлөп, кургап калбасын деп суу куюп турар эле (Бухари, Салат, 89; Ибни Хажар, альИсаба, II, 349).

Күндөрдүн биринде капыстан буту уктап калат. Жанында турган Абдуррахман бин Сад: -Эң жакшы көргөн адамыңдын атын атап жибер, -дейт. Абдуллах болсо: «Мухаммед!» – деп айтаары менен буту жазылып кетет (Ибн Саад, IV, 154).

Ибни Умар (Алла ага ыраазы болсун) байлыгы жагынан сахабалардын алдынкыларынан болгон. Ал байлыгынын көбөйүп кетишине жол бербестен, утуру колуна тийгенин жакыр мусулмандарга кайырым кылып турган. Өзү жакшы көргөн нерселеринен Алланын жолунда курбан кылууга жана садага үчүн таратууга бөлөр эле. Кулдарынан жүрүм-туруму дурус болгондорун жана намаз окугандарын дароо азат кылып жиберчү экен, жарыктык, Досторунун бири кулдар азат болуу үчүн гана мечитке барып жатканын эскерткенде жүрөгүндөгү Аллага болгон сүйүүсүн даназалап Азирети Абдуллах (Алла ага ыраазы болсун) төмөнкүдөй жагымдуу жоопту узаткан:“-Бизди Аллах менен алдагысы келгендерге алданууга ыраазыбыз!” Ал ошентип ар кандай себептерден улам миңден ашык кулду азат кылган. Хижраттын 73-жылы (692 жылы) 85 жашында Мекке шаарында дүйнөдөн кайткан.

28. Балдах-Меккенин жанында бир өрөөн.

*лаху алейхи васаллам)* тартылган эттен ооз тийген жок, Зайдга да жегенге тыюу салып койду. Эмне себептен жебегенин мындайча түшүндүрдү:

«Буттарыңардын атын атап сойгон эттен жебейм. Алланын атын гана оозанып союлган эттен жеймин!»

Мал-жандыктарды буттардын жолуна атап сойгондугу үчүн курайш уруусун Зайд (Алла ага ыраазы болсун) минтип айыптаган:

«Койду Алла Таала жараткан. Алла Таала ага көктөн жамгыр жаадырып, жерден чөп чыгарып жатса, силер Алланын ысымын оозанбай туруп аларды мууздап жатасыңар!» *(Бухари, Манакибул Ансар, 24; Забаих,16).*

Дагы башка баяндамада окуя мындайча баяндалат:

«Зайд бин Амр Варака бин Навфал менен чогуу Дамаскка барышты. Максаты анын дининин акыйкат же акыйкат эмес экендигин изилдөө эле. Ал жерден бир жөөт аалымга жолугуп, ага суроо салат. Ошентип, экөөнүн ортосунда берегидей баарлашуу болот:

– Мага дининер тууралуу туура маалымат айтып бергилечи. Эгер туура болсо ушул динге киремин.

Жөөт:

– Сен Кудай Тааланын азабынан өз насибинди алмайынча биздин динге кире албайсың!

Зайд:

– Мен, Алланын азабынан качып ушул жактарга келип жүрбөймүнбү, (азап эмес, мээрим жана ырайым издеп жүрөм). Алланын азабынан үлүш алганга эч кандай ниетим жок! Сен мага башка динди көрсөтчү, ошого кирейин.

Жөөт:

– Ушу кезге чейин ханифчиликтен башка бир да туура динди уга элекмин.

Зайд:

– Ханиф дегениң эмне өзү?

Жөөт:

– Азирети Ибрахимдин дини. Ал Иудей да, Христиан да болгон эмес. Кудай Тааладан башка эч нерсеге табынган эмес.

Зайд ал жерден чыгып, шаар аралап жүрүп бир христиан аалым менен маектеше кетти:

Ал деле жөөт аалымдай:

– Сен Кудай Тааланын азабынан насибиңди алмайынча биздин динге кире албайсың, – деп, маекти кызытат.

Зайд ага да мурунку сөзүн кайталайт:

– Мен ансыз деле Алла Тааланын наалатынан качып ушул аймактарда жер кезип жүрөм. Колумдан келишинче Кудай Тааланын жакшылыгын көргүм келет. Сен андан көрө мага башка динди сунуштасаң бай болгур?!

Маектеши жөөт аалым сыяктуу Ханиф дини жөнүндө кенен кеп салып берет. Азирети Ибрахим тууралуу сөз уккан соң сыртка чыгып алакан жайат да:

«Оо Жараткан Кудай Таалам! Өзүң күбө бол, мен Азирети Ибрахимдин дининдемин!» деп, ханифчиликти кабыл кылат» *(Бухари, Манакибул-Ансар, 24).*

Абу Бакирдин (Алла ага ыраазы болсун) кызы Асма Зайд тууралуу мындайча эскерет:

«Зайд бин Амрдын Каабага далысы менен жөлөнүп тик турган абалда: «– Эй, курайш жамааты! Кудай урсун, менден башка эч киминер Ибрахимдин done эмессинер!» – дегенин уккам.

Зайд бин Амр топуракка тирүүлөй көмүлө турган кыздарды куткарган боорукер инсан болгон. Кан-жанынан жаралган кыздарын көмүүнүн үстүндө турган наадан адамдарга барып:

– Аны өлтүрө көрбө кымбаттуум, анын бүт түйшүгүн өз мойнума аламын! – деп, кыздарды куткарып калган күндөрү болуптур. Кыз бойго жетип калган кезде атасына жетелеп келип: – Мынакей кызын, кааласан өзүнө берейин, каалабасан мурункудай эле өзүм бага берем, – деп айтчу экен *(Бухари, Манакибул-Ансар, 24).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Варака тууралуу:

*«Аны бейиштин ортосунда сундустан (алтын жана күмүш зымдар менен токулган) кийим кийип жүргөнүн көрдүм»* – деп айткан.

Ошондой эле, Зайд жөнүндө бул хадисин айткан:

*«Ал кыямат күнү Иса (алейхис салам) экөөбүздүн ортобузда артыкча үммөт болуп тирилет» (Хайсами, IX, 416).*

Аты аталган ханифтер мурунку ыйык китептерге аз да болсо көнүл койгондуктан, «Акыркы Пайгамбардын» келээринин жакындап калганын сезишип, чыдамсыздык менен күтүп жүрүшкөн.

Ислам аалымдарынын көпчүлүгүнүн пикиринде Пайгамбарыбыздын атасы да, энеси да меккелик ханифтерден болушкан.

Ханиф динин Исламдын тавхид ишеними деп түшүнүүгө болот. Ортодо өтө олуттуу көп айырмачылыктар жок. Башкача айтканда, Ханиф – Исламдын тавхид ишениминин өзөгү. Ушул себептен Алла Таала Ханиф болгон Ибрахимдин динине кирүүнү Азирети Пайгамбарыбызга минтип буйруган:

ثُمَّ أَوْحَيْنَا إِلَيْكَ أَنِ اتَّبِعْ مِلَّةَ إِبْرَاهِيمَ حَنِيفاً وَمَا كَانَ مِنَ الْمُشْرِكِينَ

«(Сүйүктүүм) **андан кийин сага: «Туура жолго багыттанып Ибрахимдин динине кир! Ал мушриктерден эмес болчу», – деп вахий кылдык»** *(Нахл сүрөсү, 123-аят).*

Ушул себептен Ханиф сөзү Ислам дини үчүн да колдонулган. Ыйманы бек, ыкласман мусулмандар «ханифтер» деп сыпатталган. Пайгамбарыбыз Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* :

*«Мен айкөл Ханиф дини менен жөнөтүлгөнмүн»* – деп айткан *(Ахмад, V, 266)*[29].

29. Бухари, Иман, 29.

# БИРИНЧИ БӨЛҮМ



# АЗИРЕТИ ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН ТӨРӨЛҮШҮ ЖАНА БАЛА ЧАГЫ

## Мухаммеддин нуру

Убакыт, орундук же мейкиндик деген нерселердин баарын Алла Таала жараткан. Алла Таала эч нерсеге муктаж эмес. Ал мезгил жана мейкиндик деген чектүүлүктөн сыртта турат жана аруу[30]. Тээ эзели Алла Өзү гана болгон. Эч бир жаратуучуга же макулукка Алла Тааланын муктаждыгы болгон эмес жана болбойт дагы. Алла Таала билинүүнү жана Өзүн даңктап туруучу макулуктарды жаратууну каалаган. Ошентип, **«аалам-у -касрат»** (миң түркүн дүйнө, т.а. ааламдар) деген аталыштагы бүт нерсени (масиваллах)[31] жараткан. Башаттын баары эң алгач **«нурду»** жаратуу менен башталган. Ал нур **«Хакикат-и Мухаммадийянын»** (Мухаммед чындыгынын) өзөгү, асыл уюткусу болуп саналат.

Кымбат баалуу жакутту же маржанды асемделген кооз сандыкка же өзгөчө кутуга салып сактайт эмеспи. Анын сынарындай, Алла Таала Мухаммеддин нурун аалам жана андагы кооздуктардын ичине жайгаштырган. Бүт нерсени ал улук нурдун урматы үчүн жараткан. Демек, бар болуунун, жаратылуунун

30. Адамдын мээси табиятынан убакыт жана мейкиндик же жер шарттарынын алкагында гана ойлонууга жөндөмдүү. Көзгө көрүнүп турган конкреттүү ааламдан алган таасирдин жетеги менен болсо да чындыкты таба алат. Ал эми кайып (абстрактуу) ааламындагы чындыктарды таануу үчүн көрүнөөдөгү конкреттүү ааламдан алган таасирлерди колдонуудан жана кааласа да, каалабаса да метафизикалык акыйкаттардын маңызын жана атын табуу үчүн мажазий айтылыштарды колдонуудан башка аргасы жок.

31. Масиваллах:Алла Тааладан узактаткан бүт нерсеге карата колдонулган сөз айкашы.

алгачкы себеби Алла Тааланын накта Кудайлык Заты **(Зат-ы Улухийяты)**, экинчи себеби болсо **«Мухаммеддин нурунун»** шарапаты жана баалуулугу.

Бул маселе тууралуу Ислам теологиясынын көз карашы төмөнкүдөй: Бүтүндөй макулук жана бар нерселердин жаралышынын башаты Фаил-и Мухтар (каалаган нерсесин каалагандай жасаган) Алла Таала; ал эми жаратылуунун себеби же шылтоосу –**«Мухаммеддин нуру»**. Демек, жаратуу феноменинин тээ башында Улуу Эгебиз Алла Таала турат.

Көптөгөн философтордон айырмаланып, Ислам дини ааламды кийин пайда болгон нерсе деп түшүндүрөт. Мындайча айтканда, Ислам дини акыйкат пикири менен философтордун көз карашын жокко чыгарат. Алла Таала гана «кадим», Алла бир жерден жаралган же башталган эмес, Анын башталышы жок. Кийин жаратылгандардын алгачкысы – бул **«Мухаммеддин нуру».** Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ошол себептен:

*«Адам рух менен дененин ортосунда жатканда мен пайгамбар элем»* деп айткан *(Тирмизи, Манакиб,1).*

Демек, нуру эң биринчи жаратылып, пайгамбар болору эң алгач жазылгандыктан, Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* Азирети Адамдан *(алейхис салам)* мурун пайда болгон. Ал эми физикалык жактан бул ааламга пайгамбарлардын эң кенжеси болуп келген. Элчиликтин жылнаамасы **«Нури Мухаммеди» (Мухаммеддин нуру)** менен башталып, **«Жисманийят-и Мухаммеди» (Мухаммеддин дене турпатка чулганышы)** менен акыркы барагына жеткен.

Ааламда **«Мухаммеддин нуру»** болбосо эч нерсенин заты да, аты да кыпынчалык баага арзыбайт, эч кандай баркы жок.

Алланын акыркы Элчисинин нуру менен гана бүт нерсе өзүнчө баага арзып турат.

Төмөнкү хадистер бул чындыкты айгинелеп турат:

*«(Адам ата) байкабастан залла*[32] *кылып, бейиштен чыгарыла турган болот. Адам (алейхис салам) өз жаңылыштыгын байкай коюп:*

*– Оо Рабим! Мухаммеддин акы-урматы үчүн мени кечир! – деди. Алла Таала:*

*– Мен Мухаммедди али жарата элекмин. Аны кайдан билип жүрөсүң? – деди.*

*Адам (алейхис салам) айтты:*

*– Оо Раббим! Сен мени жаратып, Өз рухуңдан бергенден кийин башымды көтөрдүм. Ошондо Арштын устундарында «Лаа илааха иллаллах» деген жазууну көрдүм. Жаратылгандардын арасынан эң сүйүктүүсүн Өзүңдүн Ыйык Затына кошуп жазарыңды мен ошондо билгем.*

*Адамдын бул сөздөрүнөн кийин Алла Таала:*

*– Адам, сен туура айттың. Чындыгында, ал макулук атпайдын ичинен Менин даргөйүмдө эң сүйүктүү болуп саналат. Анын жүзү-урматына кечирим сура! (Мейли эми сурап калдың) Сени кечирдим. Эгер Мухаммед болбогондо, сени жаратпас элем! – деп айтты»*[33].

Ибн Аббастан (Алла ага ыраазы болсун) төмөнкүдөй риваят калган:

32. Залла: 1. кайуу, сыйгалануу 2. буттун тайуусу 3. Пайгамбарлардын өз эрктеринен тыш, байкоостон таштап алган жаңылыш кадамдары, катачылыктары.

33. Хаким, аль-Мустадрак алас-Сахихайн, Бейрут 1990, 2, 672/4228.

*«Алла Таала Азирети Исага вахий кылып, минтип буйруду:*

*– Иса, сен Мухаммедге ыйман келтиргин. Үммөтүнө да айткын, ага жетишкендер ыйман келтиришсин! Эгерде Мухаммед болбогондо Мен бул ааламды жаратпас элем! Мухаммед болбогондо бейишти да, тозокту да жаратпайт элем! Аршты суунун үстүнө жаратканымда термелип кирди. Анан үстүнө «Лаа илааха иллаллаху Мухаммадур Расуулулаах» - деп жазганымдан кийин тынчтанып калды» (Хаким, , 672).*

Жабир (Алла ага ыраазы болсун) күндөрдүн биринде Пайгамбарыбыздан *(саллаллаху алейхи васаллам)* кызыгуу менен сурап калды:

– Пайгамбарым. Ата-энем сенин жолуна курман болсун! Бул ааламда эң алгач эмне жаратылган?

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*-Жабир. Алла Таала бүт нерседен мурда сенин Пайгамбарыңдын нурун, Өз Затынын нурунан жараткан…* – деп жооп берген[34].

Ушул айтылгандар тууралуу ойлонгон Ибн Араби төмөнкүчө жыйынтыкка келген:

«Жараткан Алла Азирети Мухаммеддин пайгамбарлыгын (саллаллахау алейхи васаллам) сүйүнчүлөгөн кезде Адам *(алейхис салам)* толук жаратылып бүтө элек суугa чыланган ылай эле. Ошентип, набилер жана элчилер алып келе турган бардык шарияттардын алгачкысы жана маңызы болуу мүмкүнчүлүгү Пайгамбарбызга ыйгарылган. Азирети Мухаммед *(алейхис салам)* тээ ошол кездерде эле шарият ээси болгон. Ал куттуу хадисин-

34. Ажлуни, I 265.

де минтип айткан: *«Адам рух менен дененин ортосунда жаткан кезде мен пайгамбар элем». «Мен инсан элем».* Же болбосо *«Мен бар элем»* деп билдирген. Нубувват бир гана Кудай Таала тарабынан берилген шарият менен гана толук болуп эсептелет» *(Ибн Араби, аль-Футухат, II, 171; IV, 66-67).*

Ибн Араби башка китебинде мындай деген:

«Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* адамзаттын эң жеткилеңи болгон. Алла Таала пайгамбарлык деген улуу вазийпаны аны менен баштатып, аны менен аягына чыгарган» *(Ибн Араби, Хусусул-Хикам, IV, 319).*

Азирети Мавляна Маснави аттуу чыгармасында:

*«Эй, көңүл, кел бери! Азирети Мухаммедге жолугуу чыныгы майрам. Аалам жарыктыкты анын жамалынын нурунан алган»* деп жазган.

Маркум Сулейман Челеби «Мавлиди Шарифинде» бул акыйкатты кыска-нуска кылып мындай деп жазган:

*«Алла Таала жаратуучу жана даназалуу. Ал эң оболу Азирети Мухаммед Мустафанын (саллаллаху алейхи васаллам) нурун жаратты жана аны сүйдү».*

Жыйынтыктап айтканда, **«Хакикати Мухаммадиййа»** делген улук нур Мухаммед Пайгамбарыбыздын руханий көрөңгөсүн, өздүгүн байырлаган нур болуп эсептелет. Кудай Тааланын даргөйүндөгү эң сүйүктүү жана эң кымбат нерсе анын нуру экендигинде талаш жок. Барлыгы билинген жана билинбеген бүт нерсенин жаралыш себеби Кудай Тааланын Мухаммеддин нуруна болгон сүйүүсүнөн келип чыккан. Ошондуктан, ааламдар Мухаммеддин шарапаты үчүн жаратылган деп айтабыз. Бүтүн ааламдар анын акыйкатын айкындатуу жана баян кылуу үчүн

жаратылган. Чыныга деңизди сыйдыруу мүмкүн болбогону сынары, Мухаммеддин нурун ылайыктуу денгээлде түшүнүү да, түшүндүрүү да мүмкүн эмес.

## Азирети Пайгамбарыбыздын пакиза теги

Мухаммед Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* атасынын аты Азирети Абдуллах, апасынын аты Азирети Амина болгон. Анын кутман теги Исмаил пайгамбардын *(алейхис салам)* уулу Кайзардан тарагандардын эң шараттуусу, эң барктуусу Аднанга чейин узарат[35].

Азирети Пайгамбарыбыздын санжырасындагы бабаларынан Аднан, Исмаил пайгамбардын урпагынан болот. Аднандын уулу Ма-ад, Иса пайгамбар менен замандаш болгон деп айтылып жүрөт[36].

Ата жагынан болсун, эне жагынан болсун Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* курайш уруусунун эң пакиза, эң шарапаттуу бүлөсүнөн чыккан. Таза тектүү экендигин Өзү мындайча ырастаган:

*«Мен түркөйлүк доорунун жаман жактарынан оолак жашаган ата-энеден төрөлгөнмүн. Мен тээ Адам Атадан өз атама чейин ак-адал нике жолу менен келдим, эч кандай зинадан пайда болгон эмесмин!»* *(Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 260).*

**Мустафа** – бул анын куттуу ысымдарынын бири. Бул ысым, төмөнкү тарыхый окуяга такалат:

35. Алланын Элчисинин куттуу теги мындай: Мухаммед, Мухаммеддин атасы Абдуллах, чон атасы Абдулмутталиб, бабасы Хашим, бубасы Абди Менаф, жотосу Кузай, жетеси Килаб, Мурра, Кааб, Луайф, Галиб, Фахр, Малик, Надр, Кинана, Хузайма, Мудрика, Иляс, Мудар, Хизар, Маьад, теги Аднан (Бухари. Манакибул-Ансар, 28; Ибн Хишам, I, 1-3; Ибн Саад, I, 55-56).

36. Ибни Хишам, I, 1,5.

«Кандайдыр бир себептерден улам, коомчулук экиге бөлүнгөн кезде, акыркы элчи чыга турган урууну Алла Таала эң кайырлуу жагына бөлгөн. Анын акак мисал нуру тээ Адам Атадан тарта руху пакиза, адеп-ахлагы тунук ата-энелерден өтүп олтуруп, акырында өзүнө ыйгарылган»[37].

Ибн Аббас (Алла ага ыраазы болсун) Шуара сүрөсүнүн 219-аятын ушул мааниге ишааратгап төмөнкүчө чечмелеген:

«Сенин нурун, жалаң саждага баш койгон адамдарды аралатып олтуруп акырында өзүнө ыйгарылган» *(Куртуби, XIII, 144; Хайсами, VIII, 214).*

Азирети Пайгамбарыбыз хадисте бул жагдайды мындайча түшүндүргөн:

*«Мен доордон доорго, бүлөдөн бүлөгө өткөн Адамдын урпактарынын ары кайырлуу, ары таза заттууларынан өтүп олтуруп, акырында мына ушул бүлөдөн бүчүрлөп көктөдүм».*

*«Жараткан Ибрахимдин уулдарынан Исмаилди тандады. Исмаилдин урпактарынан Кинананын уулдарын тандады. Кинананын уулдарынан Курайшты тандады. Курайштан Хашимдин балдарын тандады. Хашимдин балдарынан Абдулмутталибдин балдарын тандады. Абдулмутталибдин урпагынан мени тандады»* *(Муслим, Фадаил, 1;Тирмизи, Манакиб, 1).*

Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* тегинин мынчалык ачык-айкын билиниши жана нарктуулук менен уланып келиши тууралуу белгилүү Ислам аалымы Ибн Халдун мындай дейт:

«Азирети Пайгамбарыбыздан башка эч бир пенденин ата-теги мынчалык белгилүү эмес. Адам Атадан тарта эч кимдин

37. Ахмад, I, 210.

уруусу шарапаттуулук менен мынчалык таза уланып келген эмес. Бул нерсе Кудай Тааланын сүйүктүү Пайгамбарына болгон өзгөчө ыроосу» *(Ибн Халдун. I 115).*

## Азирети Абдуллах менен Азирети Аминанын баш кошушу

Азирет Мухаммеддин төрөлүшү жакындап калганда тавхид ишеними житип, уруулар өздөрүнө таандык буттарды Каабага толтуруп салышкан эле. Зам-зам кудугу бүтөлүп, колдонуудан чыгып калган.

Күндөрдүн биринде Абдулмутталиб Хижрда уктап жатып түш көрөт. Түшүндө зам-зам кудугун казуу жана калыбына келтирүү буйругу берилет. Айрыкча, кайсы жерди казаары да түшүндө даана көрсөтүлөт.

Абдулмутталиб кудукту казууга киришкен кезде Курайштын айрым адамдары:

«Сыйынуучу жайыбыздын жанын эч качан каздырбайбыз!» деп, аны токтотууга аракет кылышат. Алар менен тирешүүгө Абдулмутталибдин күчү жетишсиз болгондуктан, эгер Кудай Таала он бала бере турган болсо, алар эрезеге жетип атасын коргой турган кезде бирөөсүн Каабанын жанына курмандык чалууга сөз берет.

Арадан убакыттар өткөн соң Адулмуталлибден ар кандай ажайып кереметтер байкала баштайт. Мындай ишааратттарды көргөн курайш уруусу жибип кетип, ага уруксат беришет. Абдулмутталиб зам-замды казып, пайдаланууга чыгарып койот. Тилеги кабыл болуп, акырында он балалуу болот. Балдары эрезеге жетип, каруу күчкө толгон кезде дагы бир ажайып түш көрөт:

«–Убаданды орундат!» деген буйрук айтылып, нечелеген жылдар мурда Кудай Таалага берген сөзү эске салынат. Атаган курмандыгын орундатуу үчүн кезеги менен кочкор, андан соң уй сойот. Ар жолкусунда дагы да чоң баш талап кылынат.

«–Дагы да чоңу эмне болот?» – деп сураганда:

«–Уулдарыңдан бирин курмандыкка чалууга сөз бербедиң беле!» – деген жоопту угат. Пендечилик кылып аны унутуп койгон эле. Убадасын эстер замат перзенттерин топтоп маселени ортого койот. Алла Таалага берген убадасын орундатуу үчүн балдарын моюн сунууга чакырат. Кудайдан болуп балдарынын эч бири сыноодон качпай:

«– Атаке, сен убаданды орундат. Биз баарына даярбыз!» – дешет.

Уулдарынын дилгирлигине, чын дилден берген жообуна муюган ата Жаратканга жалбарат:

«Оо, Жараткан Кудай Таалам! Мен уулдарымдын бирин Сага арнап курмандыкка чалуу үчүн алардын арасына чүчү кулак таштаганы турам. Курмандыкка кайсы уулумду кааласаң, чекти ошого түш кыл!»

Чүчү кулак Азирети Абдуллахка чыгат. Уулун курмандыкка чалуу үчүн Каабага карай алып жөнөп калат. Бул иштин арты токтобой эркек балдарды курмандыкка чалуу салтка айланып кетишинен кабатырланган Мекке тургундары арачыга түшүп, токтотуп калууга далбас урушат. Абдулмутталибди арандан зорго көндүрүп, маселеге жол издеп чоң аалымга алып барышат. Аалым алардан сурайт:

– Силерде бир адамдын куну канча турат?

– Он төө.

Жоопту уккан алым:

– Анда, Абдуллах менен он төөнүн ортосуна чүчү кулак таштагыла. Эгер чүчү кулак Абдуллахка чыгып калса, дагы он төөнү кошкула. Качан гана төөлөргө чек чыкканга чейин ондон кошуп төөнүн санын жогорулата бергиле! – деп калыс чечим чыгарат.

Аалымдын айтканын дароо аткарууга киришет. Он төө менен Абдуллахтын ортосуна ташталган алгачкы чек Абдуллахка чыгат. Калыс аалымдын кеңеши боюнча, төөнүн санын жыйырмага чыгарышат. Ошондо да чек Абдуллахка чыгат. Улам он төөнү кошуп олтуруп, акырында жүзгө жеткенде гана чүчү кулак төөлөргө чыгат. Абдулмутталиб көңүлү жайлансын үчүн чүчү кулакты үч кайталап таштайт. Үчөөндө тең чек төөлөргө чыгат. Ордунан туруп уулунун кутулушу үчүн Кудай Таалага дуба кылат. Үч ирет кайталанган чектин төөлөргө чыкканын көргөн адамдар сүйүнүп Алла Таалага мактоо айтышат. Абдулмутталиб болсо төөлөрдү курмандыкка чалып, эттерин элге таратат[38].

Ислам шариятында өлтүрүлгөн адамдын куну жүз төө же болбосо жүз төөнүн акчалай наркы же башкача түрү менен төлөнөт. Шариятыбыздагы бул чечим жогорудагы тарыхый окуяга такалат.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* чоң атасы Исмаил *(алейхис салам)* жана өз атасы Абдуллахтын курмандык үчүн тандалганына ишаарат кылып:

*«-Мен эки курмандыктын уулумун»* деп айткан *(Хаким, II, 609/4036).*

Мына ушул окуядан улам, Азирети Пайгамбарыбыз **«ибни Забихайн: эки курмандыктын баласы», –** деп эскерилер эле[39].

38. Ибн Хишам, I, 163-168; Ибн Саад, I, 83-85; Хаким, II, 604/4036.

39. Хаким. 604/4036

Азирети Абдуллах өзүнүн бир туугандарынын жана бүтүн Курайш жаштарынын арасында сырткы келбети жана адеп-ахлактык жагынан эң сулуусу, эң мыктысы болгон. Акыл-эсин, баам-парасатын жана адамдык сапаттарын таразалаганда да алардан алда канча салмактуу экендигин эч ким жокко чыгара албас эле[40]. Курайш уруусунун бойго жеткен бардык кыздары анын жары болуууну көп кыялданышчу экен. Маселен, Варака бин Навфалдын карындашы Рукуя Азирети Абдуллахтын маңдайындагы нурду байкап, аны пайгамбарлыктын нышаанасы деп билгендиктен, күтүлүп келген акыркы пайгамбардын энеси болууну арзуу кылганын айткан. Ошол улуу шарапатка ээ болом деген көксөөсү тобокелге түртүп, кыз башы менен үйлөнүү сунушун Абдуллахка өзү билдирген. Эгер сунушту кабыл кыла турган болсо жүз төө берерин кошумчалаган[41].

Абдулмутталиб ата Абдуллахты үйлөндүрсөм деген тилек менен Бани Зухра тобунун башчысы Вахб бин Абди Манафка куда түшүп, кызы Аминанын колун сурап барат. Курайш уруусунун бир бутагы саналган теги таза, шарапаттуу бүлөнүн акылы зирек кызы макулдугун билдирген соң эки улук заттын никелери кыйылып, бактылуу бүлө болуп өздөрүнчө түтүн булатып калышат.

Азирети Пайгамбарыбыздын энесинин теги: Атасы Вахб бин Абди Маннаф, чоң атасы Зухра, бабасы Килаб, бубасы Мурра болгон. Зухра Хашимуулдарынын аталары Кусай бин Килабдын бир тууганы болгондуктан, Азирети Амина менен Азирети Абдуллахтын теги Килабдан биригип кетет[42].

Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* эне кур-

40. Халаби, I, 51-62.
41. Ибн Хишам, I,168-169.
42. Ибн Саад, I, 59-60

сагына түйүлдүк болуп пайда болгондон баштап, Абдуллахтын маңдайындагы нур Азирети Аминага өткөн[43].

## Азирети Абдуллахтын көз жумушу

Азирети Абдуллах үйлөнгөндөн кийин үйүндө көпкө турбайт. Курайш соодагерлеринин кербенине кошулуп Шамга жол тартат. Шамдан мол киреше менен кайткан Абдуллах жолдо ооруп калат. Мединага жеткенде жолдо дарманы кетип, кыйналып каларын ойлоп, сапарлаштарына кайрылат.

– Уруксат берсеңер Мединада Нажжар таякемдин балдарынын үйүндө бир аз тыныгып алууну туура көрүп турам, – деп, жолдошторунан уруксат алып, таякелеринин үйүндө бир ай чамасында даарыланып калат.

Таякелери канчалык кам көрүп, мүмкүнчүлүктөрүн толук жумшаганына карабай дарты айыкпай кырчын куракта акыретке аттанып кете берет. Азирети Абдуллах 25 жашында көз жумган[44].

Суук кабар Азирети Аминага угузулганда көз жашын көл кылып, катуу кайгырат. Кайгынын уусуна чыдабай муңкана кошок кошот. Эми Абдуллах сыяктуу инсанды таба албасын, ал элдин жүрөгүнөн түнөк тапкан уулу, жоомарт десе жоомарт, мээримдүү десе мээримдүү, төрт тарабы төп келген асыл инсан экенин ырга салып, уккандарды ыйлатат[45].

43. Ибн Хишам, I, 170
44. Ибн Саьад, I, 99.
45. Ибн Саьад, I, 100

## Азирети Пайгамбарыбыздын келерин сүйүнчүлөгөн кабарлар

Мухаммед Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* төрөлө электе эле Алла Тааланын амири менен бир топ ажайып окуялар болгон. Анын төрөлүшүн күтүп жаткансып бүт аалам кусага буулуп турган эле. Анткени, жаратылуунун жаркын сыры анын Пайгамбарлык нуру болчу.

Тээ абалкы доорлордо Азирети Мухаммедге ыйман келтирип, көмөкчү болуу тууралсында Алла Таала мурунку пайгамбарлардан сөз алган. Ушунун өзү эле анын келе тургандыгынын эң айкын сүйүнчүсү болуп саналат.

وَإِذْ أَخَذَ اللّهُ مِيثَاقَ النَّبِيِّيْنَ لَمَا آتَيْتُكُم مِّن كِتَابٍ وَحِكْمَةٍ ثُمَّ جَاءكُمْ
رَسُولٌ مُّصَدِّقٌ لِّمَا مَعَكُمْ لَتُؤْمِنُنَّ بِهِ وَلَتَنصُرُنَّهُ قَالَ أَأَقْرَرْتُمْ وَأَخَذْتُمْ
عَلَى ذَلِكُمْ إِصْرِي قَالُواْ أَقْرَرْنَا قَالَ فَاشْهَدُواْ وَأَنَاْ مَعَكُم مِّنَ الشَّاهِدِينَ

**«Тээ бир убактарда Алла Таала пайгамбарлардын убадасын алган эле: «-Ант болсун! Силерге китеп жана хикмат бердим. Акыйкатты силерге тастыктай турган пайгамбар келет, Ага сөзсүз ишенишиңер керек жана Ага кыйшаюусуз жардам беришиңер кажет, буларды макулдук менен кабыл кылдыңарбы?» – деген эле.** (Пайгамбарлар) **«–Макулбуз!» – дешкен. «-Күбө болгула, Мен да силер менен бирге күбөлөрдөнмүн!», – деген эле»** *(Аалу Имран сүрөсү, 81-аят).*

Азирети Ибрахим уулу Азирети Исмаил экөө Каабаны куруп бүткөн соң көккө карай кол көтөрүп Кудай Таалага минтип жалбарышкан эле:

رَبَّنَا وَابْعَثْ فِيهِمْ رَسُولاً مِّنْهُمْ يَتْلُو عَلَيْهِمْ آيَاتِكَ وَيُعَلِّمُهُمُ الْكِتَابَ
وَالْحِكْمَةَ وَيُزَكِّيهِمْ إِنَّكَ أَنْتَ الْعَزِيزُ الْحَكِيمُ

**«Оо, Эгебиз! Аларга өз арасынан Сенин аяттарынды окуй турган, китепти жана хикматты үйрөтө турган жана алардын** (напсилерин) **тарбиялай турган бир пайгамбар жибер! Анткени барчалыкка үстүн келген, бүт нерсени так жасаган жалгыз гана Сенсиң!»** *(Бакара сүрөсү, 129-аят).*

Азирети Иса болсо жөөттөргө өзүнүн пайгамбарлыгын жарыялаган, ошол эле маалда ааламга акыркы Пайгамбардын келерин сүйүнчүлөгөн эле:

وَإِذْ قَالَ عِيسَى ابْنُ مَرْيَمَ يَا بَنِي إِسْرَائِيلَ إِنِّي رَسُولُ اللهِ إِلَيْكُم مُّصَدِّقاً
لِّمَا بَيْنَ يَدَيَّ مِنَ التَّوْرَاةِ وَمُبَشِّراً بِرَسُولٍ يَأْتِي مِن بَعْدِي اسْمُهُ أَحْمَدُ

**«Мариям уулу Иса: «–Эй, Исраил уулдары! Мен чынында менден мурда келген Тооратты тастыктаган жана менден кийин келе турган Ахмад аттуу бир пайгамбарды сүйүнчүлөгөн Кудай Тааланын силерге жөнөткөн пайгамбарымын!» – деген ...»** *(Сафф сүрөсү, 6-аят).*

Аруу тилек Амина боюна бүткөн алгачкы күндөрдө түш көрөт. Түшүндө: «Амина! Сенин боюнда бул үммөттүн мырзасы бар! Ал төрөлүп дүйнөнү шарапаттандырган мезгилде: «Бардык кызганчаактардын жамандыгынан жалгыз аны Аллага табыштадым!» – деп дуба кылгын жана ага **«Мухаммед»** деп ат койгун!» деген үндү уккан[46].

46. Ибн Хишам, I,170.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ушул окуяларга ишаарат кылып мындай деген:

*«Мен бабам Ибрахимдин дубасы, тууганым Исанын сүйүнчүсү жана энекемдин түшүмүн»* *(Хаким, II, 453; Ахмад, IV, 127-128).*

Ошол доордогу Иудей жана Христиан аалымдары Пайгамбарыбыздын Тоораттагы сыпаттарынан жана ысымдарынан толук кабардар болушкан. Алардын ынсаптуулары тууралуу Курани Карим жакшы кабарды айткан:

الَّذِينَ يَتَّبِعُونَ الرَّسُولَ النَّبِيَّ الأُمِّيَّ الَّذِي يَجِدُونَهُ مَكْتُوباً عِنْدَهُمْ فِي التَّوْرَاةِ وَالإِنْجِيلِ

**«Алар колдорунда Тоорат жана Инжилде** (ысым жана сыпаттары) **жазылган ал Элчиге, ал сабатсыз пайгамбарга моюн сунушат...»** *(Араф сүрөсү, 157-аят)*.

Жадагалса, ахли китаб (Кудай Таала жөнөткөн китептерге эгедер коомдор) билермандары Азирети Мухаммедди өз балдарындай көрүшкөн:

الَّذِينَ آتَيْنَاهُمُ الْكِتَابَ يَعْرِفُونَهُ كَمَا يَعْرِفُونَ أَبْنَاءَهُمْ وَإِنَّ فَرِيقاً مِّنْهُمْ لَيَكْتُمُونَ الْحَقَّ وَهُمْ يَعْلَمُونَ

«(Биз) **Китеп берген пенделер аны өз балдарын тааныгандай тааныган. Ошого карабастан шек күмөнсүз алардан бир тайпа, билип туруп чындыкты жашырышат»** *(Бакара сүрөсү, 146-аят).*

«Төмөнкү эки инсандын баарлашуусу биз үчүн абдан зор мааниге ээ. Убагында жөөтөрдүн чоң аалымы болгон. Кийин-

черээк Жараткан Алла Өзү жар болуп Исламды кабыл алган Абдуллах бин Саламдын[47] (Алла ага ыраазы болсун):

– Мен Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи васаллам)* өз баламдан да жакшы тааныймын, – дегенин уккан Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун) ойлуу гана:

– Ээ Ибн Салам. Кандайча жакшы таанайсың, түшүнө албай турам? – деп суроо салган.

– Мен Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* Алланын чыныгы Элчиси экендигине бүт дилим менен тастыктаймын. Анын Пайгамбарлыгынан кыпынчалык шектенбейм. Анткени, биздин китептерде анын Алла Тааланын акыйкат Пайгамбары экендигин тастыктаган маалыматтар жана мактоо ырлары бар. Китепте анын асыл сапаттары маалымдалган…- деди.

Жаңыдан гана динди кабылдаган аалымдын сөздөрүнө балкып кеткен Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун):

– Оо, Ибн Салам, Алла Таалам сени чындап ушуга ылайыктуу кылыптыр, – деп, анын мандайынан өптү» *(Вахиди, 47 б; Рази Тафсир, IV, 116).*

Тооратта жана Инжилде баяндалып кеткен Азирети Пай-

47. Абдуллах бин Салам: (Алла ага ыраазы болсун) айтууларда Жусуп пайгамбардын урпагынан болгон экен. Чыныгы аты Хусайн болгон. Бирок мусулманчылыкты кабылдагандан кийин Азирети Пайгамбарыбыз анын атын Абдуллах деп өзгөрткөн. Ал бани Кайнука жөөттөрүнүн саналуу аалымдарынан болгон. Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыз Мединага баратып Куба деген жерге жетип калганда тыныгууга унааларын токтотушкан. Дал ошол мезгилде алардын жанына Абдулла келип аркы-беркини сүйлөшүп олтурган соң суроо сураган. Азирети Пайгамбарыбыздын берген жообуна жан дилден канааттанган Абдуллах бин Салам Ислам динин кабыл кылган. Анын айтымында, мындай жоопту пайгамбарлар гана бере алат. Бул ардактуу сахаба үй-бүлөсүнүн жана кээ бир туугандарынын Ислам динин кабал алышына себепкер болгон. Ардактуу Пайгамбарыбыз Абдуллах бин Саламды бейиштик болгондугу менен сүйүнчүлөгөндүктөн, сахабалар аны абдан сыйлап, урмат көрсөтүшкөн. Айтууларда Ахкаф сүрөсүнүн онунчу, Рад сүрөсүнүн кырк үчүнчү аяттары Абдуллах бин Салам тууралуу түшүрүлгөн. Жыйырма беш хадисти риваят кылган сахаба Муавиянын халифтик доорунда 663 –жылы, ал эми улуу көчтүн 43-жылы Медина шаарында көз жумган.

гамбарыбыздын жана сахабаларынын артыкча касиеттери, сыпаттары, абалы жана даңазалары Куран аятында төмөнкүчө маалымдалган:

مُّحَمَّدٌ رَّسُولُ اللهِ وَالَّذِينَ مَعَهُ أَشِدَّاءُ عَلَى الْكُفَّارِ رُحَمَاءُ بَيْنَهُمْ تَرَاهُمْ رُكَّعاً سُجَّداً يَبْتَغُونَ فَضْلاً مِّنَ اللهِ وَرِضْوَاناً سِيمَاهُمْ فِي وُجُوهِهِمْ مِنْ أَثَرِ السُّجُودِ ذَلِكَ مَثَلُهُمْ فِي التَّوْرَاةِ وَمَثَلُهُمْ فِي الْإِنجِيلِ كَزَرْعٍ أَخْرَجَ شَطْأَهُ فَآزَرَهُ فَاسْتَغْلَظَ فَاسْتَوَى عَلَى سُوقِهِ يُعْجِبُ الزُّرَّاعَ لِيَغِيظَ بِهِمُ الْكُفَّارَ وَعَدَ اللهُ الَّذِينَ آمَنُوا وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ مِنْهُم مَّغْفِرَةً وَأَجْراً عَظِيماً

**«Мухаммед – Алланын Элчиси. Анын айланасындагылар болсо каапырларга катуу, бири-бирине абдан ырайымдуу.** (Качан болсо) **Аларды рукуга барганын жана сажда кылып жатканын көрөсүң. Алладан жакшылык жана ыраазычылык сурашат. Жүздөрүндөгү сажданын изи, сажданын нуру алардын** (ажайып) **белгиси. Мына ушул алардын Тооратта баяндалган сыпаттары болот. Инжилде болсо мындайча сыпатталышкан эле: жаңыдан гана өнүп чыгып, анан кубатка киргенде жоонойуп, өз ноодасында тик туруп, дыйкандарды таң калтырган өсүмдүккө окшойт. Аллах ушундай жол менен буларды көбөйтүп кубаттандырып каапырларды ачууландырат. Ыйман келтирип, салих амалдарды аткаргандарга Алла Таала кечирим жана улуу сыйлыкты убада кылган»** *(Фатх сүрөсү, 29-аят).*

Абдуллах бин Аббас (Алла ага ыраазы болсун) бир күнү Ал-

ланын Элчисинин сыпаттары тууралуу Тооратта эмнелер бар экенин Кааб аль-Ахбардан[48] сурайт.

Азирети Кааб:

–Тооратта анын сыпаттары тууралуу булар жазылган:

«Мухаммед бин Абдуллах Меккеде төрөлүп, Таабага (Мединага) көчөт. Дамаскка өкүм жүргүзөт. Жаман сөз айтпайт, базарда кыйкырып сүйлөбөйт. Жамандыкка жамандык менен жооп кайтарбайт, тескерисинче, айкөлдүк менен кечирет. Барчылыкта да, тарчылыкта да анын үммөтү Аллага шүгүр келтирет, Аны даңкташат. Белдерине белдемчи тагышат. Колдорун жууп жүрүшөт (даарат алышат). Согушта катар тизилгени сыңары намазда да ошондой сапка тизилишет. Мечиттеринен аарынын үнүндөй (Куран жана зикир) аваздары келип турат. Азан үндөрү абаны жаңыртып, бийиктерге көтөрүлөт» *(Дарими, Мукаддима, 2).*

Ата бин Ясар муну баяндаган:

«Абдуллах бин Амрга[49] (Алла ага ыраазы болсун) жолугуп «–Тоораттагы Алланын Элчиси (саллаллоху алейхи васаллам) тууралуу баяндарды айтып берчи?!» деп, такып сурап калдым. Ал жан-дилден макул болуп буларды айтып берди:

«–Мейли, айтып берейин. Кудай Таалага ант болсун, ал ку-

48. Кааб ал-Ахбар (Алла ага мээримин төксүн): Бул инсан таабин өкүлүнөн болуп саналат ошондой эле жөөтөргө тиешелүү маалыматтары менен белгилүү болгон. Азирети Абу Бакирдин халифтик доорунда мусулмандыкты кабыл кылып, хижраттын отуз экинчи жылы көз жумган.

49. Абдуллах бин Амр бин Ас: (Алла ага ыраазы болсун): Хижраттын жетинчи жылы атасы Амр менен бирге Мединага көчүшкөн. Эски маданиятты, окууну жана жазууну билген киши болгон. Азирети Пайгамбарыбыздан уккан окуяларды жазып жүргөн. Ал бул жазуу иши боюнча Пайгамбардан атайы уруксат алган. Абдуллах хадис жана укук тармактарын мыкты билген. Сахабалардын арасынан чыккан "Абаадилла" төрт Абдулланын бири болгон. Ал атасына кошулуп, Шам жүрүшүнө жана Ярмук согушуна катышып, атасынын асабачысы болгон. Мисир каратылып, Ислам картасына кошулгандан тартып атасы менен Мисирде жашап калган. Ислам динин атасынан мурун кабыл кылган Абдулла 72 жашында Мисирде дүйнө салган. Мүрзөсү Каирдеги Амр бин Ас мечитенде жайгашкан.

дум Курандагыдай Тооратта да сыпатталган. (Анда): «О Пайгамбар! Биз сени адамдарга күбө, сүйүнчүлөөчү, эскертүүчү жана сабатсыздар үчүн коргоочу кылып жөнөттүк. Сен Менин кулумсуң жана да Элчимсиң. Мен сени **Мутаваккул** атадым… Адамдар бузулган динди **«Лаа илааха иллаллах»** деп түзөлтмөйүн, ал дин менен сокур көздөрдү, укпас кулактарды, дат баскан жүрөктөрдү ачмайын, Алла Таала анын рухун албайт», – деп буйрулган» *(Бухари, Буйу 50; Тафсир, 48/3).*

Алланын Элчисинин бардык артыкча сыпаттарын таанып-билген жөөттөр, Анын келер маалын күтүп жүрүшкөн. Ошентип, качан гана мединалык бутпарас авс жана хазраж уруулары менен жөөттөрдүн арасын кара мышык аралаган кезде кыжырланган жөөттөр:

«Жакынкы мезгилдерде бир пайгамбар жөнөтүлөт. Анын келер убагы жакын калды. Ал пайгамбар келери менен биз ага ыйман келтирип, Ирем жана Ад коомдору сыңары силерди талкалап, түп-тамырыңар менен жок кылабыз!» - дешкен *(Ибн Асир, аль-Камил, II, 95-96).*

Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* жубайы Сафия бинти Хуяй (Алла ага ыраазы болсун) атасы менен Пайгамбарыбыз тууралуу болуп өткөн бир окуяны төмөнкүчө баян эткен: «Алланын Элчиси хижрат (Мединага көчүү) мезгилинде Куба айылына жетет. Атам Хуяй бин Ахтаб менен абам Абу Ясир чоочун адамдардын келгенин угары менен аларга барып бир топко маектешет. Күн батарга жакындап калганда абдан капалуу жүдөңкү абалда кайтышат. Көңүлүн бирдеме өйүп жаткансып Абу Ясир атама суроо салат:

– Бул киши биз күтүп жүргөн пайгамбар болуп жүрбөсүн?

– Кудай урсун! Дал өзү! – деди атам.

– Накта ошол пайгамбар экенине ынанып турасыңбы? Жакшылап баамдап, талдап көрдүңбү?

– Ооба! – деди атам аргасыздан каңырыгы түтөй.

– Андай болсо, жүрөгүң эмне деп жатат ал жөнүндө? – деген Абу Ясирдин суроосуна Пайгамбарга кас болорун билдирип:

– Кудайга ант! Тирүү эле турсам, болгон күчүм менен ага душмандык кылбасамбы! – деди» *(Абу Нуайм, Далааил, I, 77-78).*

Жөөттөр, акыр заман пайгамбары бизден гана, б.а Исраил урпагынан чыкса деген арзууга берилип, өздөрүнүн каалосуна абдан ишенип алышкан эле. Алланын Элчиси Исмаил *(алейхис салам)* пайгамбардын урпагынан келген арабдардан чыккандыктан, ызаланган жөөттөр кызганычтан улам, кастыгын тигип, жаңы келген Пайгамбарга ыйман келтиришкен эмес[50].

Бул чындыкты Ибн Аббас (Алла ага мээримин төксүн) береги риваят менен кубаттаган:

«Хайбар жөөттөрү менен Гатафандын ортосунда көптөн берки тирешүүдөн улам, жалындаган согуш бар эле. Ар бир кармашууда жөөттөр жеңилүүгө дуушар болуп жүрүшкөн. Акырында Жараткан Аллага жалбарып дуба кылуудан башка арга калбады көрүнөт:

«Оо, Жараткан Кудай! Акыр заман болордо жөнөтөм деп убада кылган ошол сабатсыз Пайгамбардын жүзү урматына ушул уруштарда бизди жеңүүчү кылакөр!» деп баары жабыла мунажат кылышат. Гатафан менен боло турган кезектеги согуштун алдында ушул дубаны дагы кайталашат. Акыр заман Пайгамбарынын урматына аларга көктөн жардам келип Гатафанды

50. Ибн Саъад, I, 155.

жеңип алышат. Убакты сааты келип бир кездерде «жүзү урматына» деп суранышкан пайгамбар Мухаммед Мустафа Элчи кылынып жөнөтүлгөн кезде ыйман келтирмек тургай, тескерисинче, кастык тигип, жүз үйрүшөт. Ушулардын баарын көрүп билип турган Улуу Эгебиз:

وَكَانُواْ مِن قَبْلُ يَسْتَفْتِحُونَ عَلَى الَّذِينَ كَفَرُوا فَلَمَّا جَاءَهُم مَّا عَرَفُوا
كَفَرُواْ بِهِ فَلَعْنَةُ اللهِ عَلَى الْكَافِرِينَ

**«Алладан алардагыны** (Тооратты) **тастыктай турган китеп келгенде, алар** (иудейлер) **андан мурун каапырларга каршы жеңиш суранып келишкен эле. Качан аларга билген нерсе келгенде, алар буга ишенишпеди. Каапырларга Алланын каргышы[51] болсун!»** деген аятты түшүрдү *(Бакара сүрөсү, 89-аят), (Куртуби, II, 27; Вахиди, 3. б).*

Азирети Мухаммеддин күн сымал жаңыдан гана кылайып чыга келерин сүйүнчүлөгөн береги окуя ары кызыктуу, ары маанилүү:

Кисра тарабынан Сайф би Зи Йезен Йемен өкүмдарлыгына дайындалганда чөлкөмдөгү ар түркүн элдин өкүлдөрү, араб эл башчылары аны куттуктап барышты. Он миң кишини баштап Мекkенин эл башчысы Абдулмутталиб да барды. Элинин аксакалдары менен өкүмдардын кабылдоосуна кирген Абдулмутталиб ага:

51. Курани Каримде жана Алланын Элчисинин хадистеринде жалпысынан жеке кишинин аты аталбай күнөөкөрлөргө жалпы наалат айтылган. Бул жерлерде ахлактык, ишенимдик жана экономикалык өнүгтөн чоң ажырымды, кооптуу адашууну ишаараттаган түшүнүктөргө, иш-аракеттерге жана тажрыйбаларга наалат айтылган. «Мен наалатчы эмес, тек гана мээрим кылынып жөнөтүлдүм!» (Муслим, Бирр, 87) деп билдиргени менен Алланын Элчисинин кээ бир жоруктарды жасагандарга наалат айтуусу мындай иш-аракеттердин,Исламдын социалдык түзүлүш жана жашоосу өнүгүнөн караганда жанакындай жоруктардын абдан катуу жана терс таасирлерге ээ болгондугун көрсөтөт.

– Биз Алла Таала бардык кыйроолордон оолактатып кол тийгис кылган ыйык Харам калкы жана Алланын үйүнүн кызматкерлери болобуз. Улуу вазийпаңды куттуктоо ниети менен алдыңа келип олтурабыз! – деди.

Узак сапар тартып куттуктоо үчүн келген конокторду өкүмдар абдан мыкты деңгээлде тосуп алды. Кетүүгө уруксат бербей күн сайын миң түркүн даамын жайып коноктоп жатты. Күндөрдүн биринде өкүмдардын сарбазы келип Абдулмутталибди чакырып кетти. Өкүмдар аны кабылдап:

– Абдулмутталиб! Мен сага бир сырды айтуу үчүн чакырдым. Башка бирөө болгондо айтмак эмесмин. Сени ушуга ылайыктуу көрүп турам, туура түшүнгүн. Ошондуктан бул сырды сага гана айтам. Кудай Таала уруксат бергенге чейин бул сыр сенде гана сакталуу болсун. Алла Тааланын бул эмирди орундатаарынан эч качан шек санабагыла. Көздүн карегиндей сактап жүргөн китебибиз бар. Анда абдан маанилүү кабар жазылган. Жашоонун бакыты да, өлүмдүн артыкчылыгы да ошондо. Жааматы пендезатка, тобуңардагы адамдарга, айрыкча, сага абдан жакындан маанилүү иш деп ойлойм.

Абдулмутталиб:

– О өкүмдар! Бардык көчмөн элдер сенин букараң болсун! Анчалык эле түмөн журтка сыр болгудай эмне кабар болду экен? – деди чыдамы кетип.

Өкүмдар:

– Тихама аймагында бир наристе жарык дүйнөгө келет. Эки далысынын ортосунда өзгөчө калы болот баланын. Кыяматка чейин ал имамдык (жол башчылык) кылат, силерде болсо сейиттик (башчылык даңаза) болор! – деди да, сөз учугун андан ары улап кетти:

– Мына ушул биз жашап жаткан мезгил баланын келер маалы. Балким, төрөлсө деле керек. Анын аты **Мухаммед** болушу кажет. Ата-энеси аркы дүйнөгө аттанышат. Кудай Таала ал баланы чаалыкпас чакырык таштаган, ак жолго баштаган пайгамбар кылып жөнөтөт. Биз тараптан далай адамдарды ага ансар (жардам берген) кылат. Алардын арты менен достор даңктуу, душмандар шерменде болот. Жер бетинин ары маанилүү, ары кымбат жерлери ага карап калат. Анын төрөлүшү менен мажусилер табынган оттор өчөт. Ал жалгыз болгон Мээримдүү Аллага гана ибадат кылат. Каапырлыкка жана чек тааныбастарга чекит коюлат, буттардын таш талканы чыгат, шайтанга наалат айтып, аны ташбараңга алат. Ак менен караны бөлүп, накта адилеттүү өкүм жүргүзөт. Жакшылыкты буйруп, иш жүзүнө ашырууну өзү баштап аткарат. Жамандык атпайдын жолун бөгөп, тыюу салат.

Абдулмутталиб:

– Урматтуум! Өмүрүң узун, даңазаң бийик болсун! Салтанатың түбөлүктүү болсун! Ушу сен айтып жаткандар менин урпагым болот. Ошентсе да, өкүмдар мырза бул жагдайлар тууралуу кенен кесир кабар берип, мени дагы да сүйүндүрө алат бекен?

Сайф:

– Шөкөттөлгөн жабуусу бар Алланын үйүнө, мужизаларга жана көктөн келген китептерди оозанып ант ичем! Абдулмутталиб, чынында сен анын атасы болосуң! – деп, өкүмдар дирилдеген үнү менен сөзүн бүтүрө электе Абдулмутталиб саждага баш койду.

Өкүмдар:

– Көтөр башыңды. Жүрөгүңө кубаныч толсун! Өмүрүң узун, даңазаң бийик болсун! Мен айтып берген нерселерге байланыштуу мурунтан сенин да байкап жүргөн нерселериң бардыр?

Абдулмутталиб:

–О өкүмдар! Албетте бар. Менин бир уулум бар эле. Аны артыкча жакшы көрчүмүн, көңүлүнүн чөгүшүн да каалачу эмесмин. Нарктуу жерге куда түшүп, Амина деген кыз менен баш коштурдум. Амина келиним көз жарып, уул төрөдү. Ымыркайды асырап, атын **Мухаммед** койдук. Эки далысынын ортосунда кашкайган калы бар. Сен айткан белгилердин бардыгы анда бар. Ошентип, уулум да, келиним да одүйнө салышкан. Учурда Мухаммедди абасы экөөбүз багып жатабыз. Биз мойнубузга алдык.

Сайф:

– Неберенди жакшы корго! Айрыкча жөөттөрдөн сакта! Анткени жөөттөр ага душман болушат. Башын ташка урса да, Алла Таала алардын мүдөөсүн жүзөгө ашырбайт. Мен айткан нерселерди жоро жолдошторуңа айта көрбө! Силерге насип буйрулган улуулукка кызганып, неберендин башына бир балээ салып койбогой эле. Аларга такыр ишене албайм. Эгер ал пайгамбар кылынып жөнөтүлгөн кезде көзүм тирүү турса, бүтүн кошуунум жана жөө аскерлерим менен чогуу барып, Ясрибди (Мединаны) мекендеп, өкүмдарлыгымдын борбору кылаар элем. Аны кыйынчылыктардан жана балээлерден мен коргосом, кана атаганат! Не бар не жок, бир жылдан кийни неберең тууралуу мага кабар бер! – деп, арманы ичинде жанып кала берди».

Кандай гана өкүнүчтүү! Сайф бин Зи Йезен жыл айланбай киши колдуу болуп, мертинип кете бериптир[52] *(Ибн Касийр, аль-Би-*

52. Тоорат менен Инжилде Азирети Пайгамбарыбыздын келиши жана белгилүү сыпаттары жөнүндө кабар берилиши, булардын түпкүлүгүндө Кудай Таала тарабынан келгендигине жана бүлүнгөн болсо да бүгүнкү камтылышында түпкү нускадагы кээ бир бөлүктөрдүн бар экендигине далил боло алат. Мусулмандар ошол себептүү Тоорат менен Инжилди Алла Таала жиберген китеп экендигине ишенишет жана аларга карата орой мамиле жасашпайт. Тоорат менен Инжилде болгон сынары чыгыш диндери саналган Заростризим, Индуизм жана Буддизмдердин ыйык деп билген китептеринде да Алланын Элчисинин(саллаллаху алейхи васаллам) келе тургандыгы тууралуу маалыматтар бар. Заростарлардын ыйык китеби Зенд Авестада Азирети Пайгамбардын ысымы «Соесхйан» деп берилген. Бул сөз «Ааламдарга Мээрим» деген маанини туюнтат. Анын бардык адампенденин пайгамбары боло тургандыгы жана көптөгөн өзгөчөлүктөрү айтылат. Индуизмдин ыйык китеби саналган Веделар,

*дая, III, 26-28; Диярбекри, I, 239-241).*

Азирети Пайгамбарыбыздын чоӊ атасы Абдулмутталибке небересинин келечеги тууралуу берилген дагы башка кабарга көӊүл буралы:

«Күндөрдүн биринде өспүрүм Мухаммед өзү теӊдүү балдар менен оюндун кызыгына батып, Радм маалесине чейин барып калат. Ал жерде жашаган Мудлижден тараган бир топ адам Азирети Мухаммедди чакырып, анын бутун карап, таман изин талдоого алышат. Дал ошол кезде небересинен кабатырланган Абдулмутталиб жете келип аны кучагына басат.

Алардан бири сурайт:

– Бул өспүрүм сенин тукумуӊданбы?

Аблудмуталлиб:

– Уулум болот.

Тигил тараптан бирөө:

– Баланы жакшылап корго. Анын изи Макам-у Ибрахимдеги буттун изине куюп койгондой окшош экен. Канча талдоо жүргүзсөк да эч бир адамдын изин ага окшото албадык.

Абдулмутталиб уулу Абу Талибке келип айтты:

– Уулум, жакшылап кулак сал. Тигилер абдан олуттуу нер-

---

Упанишадлар жана Пураналарда акыркы Элчинин сакалды сүннөт кылары, чочконун этине арам деп тыюу салары өӊдүү көптөгөн сыпаттары жазылган. Будданын китептеринде да Алланын Элчисинин пайгамбарлыгын сүйүнчүлөгөн жана өзгөчөлүктөрүнөн баян эткен көптөгөн маалыматтар бар (крз. Ремзи Кайа ,Илахи Китапларда Хазрети Мухаммед, 221-239 б; А, Х. Вияртхи-У. Али, Догу Кутсал метинлеринде Хазрети Мухаммед, Истамбул, 1997; Ибрахим Жанан, XIV, 79-81).

Жер жүзүндөгү алгачкы дин хак (акыйкат) дин болгондугун, Адам Атадан тардып адамзатка миӊдеген пайгамбарлар жөнөтүлүп турганын, бирок, адамдар убакытын алга жылышы менен туура жолдон оолактап кеткендигин эске алганыбызда Зароастризим, Индуизм жана Буддизм сыяктуу бузулган диндерде, акыркы пайгамбардын келээрин сүйүнчүлөнүшү өӊдүү акыйкаттардын айтылышына таӊ калуунун кереги жок.

селерди айтып жатышат, – деди. Абу Талиб бир нерселерди сезгендей инисинин уулун абдан сактык менен чоңойтту»[53].

Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул дүйнөгө келгенге чейин мүлдө аалам руханий жана адеп-ахлактык өңүттөн көөдөй караңгылыктын кучагында болгон. Ааламдын алаамат караңгылыгында жол таппай темселеген пендезат наадандыктын сазына баткан, кишилик ариет, касиет деген данакер сезимдер өчүп бараткан кез. Эки буттуу айбан атанган киши баласынын жырткычтык жоругунан жаныбарлардын да мууну титиреп, жадагалса, тажаганчалык абалга жеткен сыяктуу. Аалам кайгыда мөгдөп, тирүүлүк муңга тумчугуп, дили пакиза жандар аябай азап тартып жаткан. Алсыздар, көрөр багары жоктор күлмөк тургай жылмаюуну унуткандай доорлор жашалды тарыхта. Жашоого алдуулардын гана акысы бардай көкүрөк кере өктөм сүйлөө өнөкөткө айланган мезгилдер эле. Мехмед Акиф ошол доорду минтип сүрөттөгөн:

*Алсыздарды адам жеген айбандай,*

*Жырткычтыкта киши өтүп арстандан,*

*Кечип салып туугандыктан тайманбай.*

Курани Карим бул чындыкты төмөнкүчө баяндайт:

ظَهَرَ الْفَسَادُ فِي الْبَرِّ وَالْبَحْرِ بِمَا كَسَبَتْ أَيْدِي النَّاسِ

**«Адампенденин ишинин кесепетинен деңизде да, жерде да бузукулук жүз берди...»** *(Рум сүрөсү, 41-аят).*

Улуу шарапат жакындаган сайын барча жандуу кусага батып, караңгылыктан, түркөйлүктөн куткарып кетер улук нурду

53. Абу Нуайм, Далаил, I, 165; Ибн Саьад, I, 118.

саргара күтүп, жаңы, таза жашоону арзуу кылып жатты. Анын келээрин уккандар бир көрүп калуунун кыялын курушту. Убакыт зымыраган сайын ал тууралуу жаңы кабарларга, сүйүнчүлөргө тирүүлүк ааламы күбө болуп жатты.

Маркум Сулейман Челеби ага арнаган куттуу мавлидинде күн ага ашык болуп көпөлөк сымал чарк айланаарын ырга салып, улуу сүйүнчүнү Азирети Аминанын дилинен төмөнкүдөй саптарга төккөн:

*Сүйүктүүнүн энеси көрдүм деди,*
*Ажайып нур кудум күндүн көпөлөгү,*
*Көктөн түшкөн каз катар periштелер*
*Үйүмдү тооп кылышты келишкендер,*
*Алмусактан жаралбады эч бир чүрпө*
*Уулуңуздай нур жүздүү ай, ушул күнгө*
*Ушул келген кайып илим султаны*
*Ушул келген тавхид илим булагы…*

## Азирети Мухаммеддин төрөлүшү жана ошол учурда жараян эткен ажайып окуялар

Акырында аалам атпай зарыгып күткөн НУР Абдулла менен Аминанын ак никесинен жаралып 571-жылы (12-Рабиуаввал айынын) 20-апрел күнү таң куланөөк салганда бул дүйнөгө келип ааламды шаңга бөлөдү.

Анын келишине кубанган тирүүлүк ааламы:

*«Кош келипсиң Алланын Элчиси!»* деп ураан чакырып, кубанычка карк болушту.

Ааламдагы кыпындар да жакшы жаңылыкка кубанганын Сулейман Челеби берегидей саптар менен ырга салган:

*Кош келгин улуу султан кош келдиң!*

*Кош келгин илим булак кош келдиң!*

*Кош келгин Фуркан сыры кош келдиң!*

*Кош келгин дартка дабаа кош келдиң!*

*Кош келгин ааламдын мээрими кош келдиң!*

*Кош келгин Сен шафиул музнибийн (шапаатчы, күнөөлөрдүн кечирилишине ортомчу болгон) кош келдиң!*

Анын келиши менен Жараткан Алла Тааланын мээрими, ырайымы бүт дүйнөгө толуп ташты. Жаркыган таң коюу караңгылыкты алда кайда айдап салып, жан дүйнөлөргө жарыктын шооласы тийе баштады. Аң-сезим кемелине келип, сөздөрдүн жана сукбаттардын лаззаттары артты. Бүт нерсе бир башкача маңызга, бир башкача түргө кубулду. Буттар жерге кулап талкаланды. Кисралар аймагындагы урабастай курулган Мадаин сарайларынын устундары жана мунаралары жыгылды. Ошол кездерде адамдар аздектеген, элдин көңүлүндө ыйык деп саналган Сава көлү[54] заалимдиктин чылчыгы сыңары куруп жок болду[55].

Дүйнөнүн ар кайсы жерлеринде жараян эткен ушул өңдүү аяндар асыл зат Мухаммед Мустафанын келишинин алгачкы береке-жышааны болду. Бул береке жер жүзүн гана эмес бүтүндөй ааламды кучагына алды. Ошол жылы молчулук өкүм сүрдү. Арийне, Алланын Элчиси төрөлгөн түн жан дүйнөсүн аруулаган даанышмандардын назарында, Кадыр түндөн кийинки эле эң ыйык түн болуп саналат.

54. Хамдан менен Кумдун ортосунда жана Тегерандын 125 км түштүк батыш тарбында жайгашкан көл. Суусу тартылып кеткенден кийин ордуна Сава шаары курулган.

55. Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 273.

Гүл сыяктуу ачыла келген акыркы Пайгамбардын берекесине тунган ошол таң көлкүгөн көөдөндөрдөн ташкындаган чыгармаларга, акындардын ырларына, казалдарына бир башкача ыргак, бир башкача илхам тартуулады:

*Багбандар миң убара чексе дагы,*

*Чаалыгып топуракта калса жаны,*

*Мухаммед нур жүзүндөй гүл жаралбас,*

*Сугарсын мейли миңдей гүл бакчаны.*

Ал асыл заттын шарапаты менен бүт нерсенин агымы, багыты өзгөргөн. Жараткан Алланын мээрими ааламга бир башкача чачылып, нурду күткөн, кусага баткан жандар кубанычка магдыраган.

Ибн Аббас төмөнкү маалыматты риваяттап калтырган:

«Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* дүйшөмбү күнү төрөлгөн, дүйшөмбү күнү пайгамбар болгон, Меккеден Мединага дүйшөмбү күнү көчкөн, кайра эле кийинки дүйшөмбүдө Мединага жетип барган. Хажару-л Асвадды дүйшөмбү күнү ордуна койгон болсо, Бадр жеңиши да дүйшөмбү күн берилген. Дүйшөмбү күнү

اَلْيَوْمَ أَكْمَلْتُ لَكُمْ دِينَكُمْ

**«Бүгүн силерге диниңерди толуктадым...»** *(Маида сүрөсү, 3-аят)* деген аят түшүрүлгөн. Өмүрүнүн акыркы дүйшөмбүсүндө көз жумуп Алла Тааланын алдына кайткан» *(Ахмад, I, 277; Хайсами, I, 196).*

Анын төрөлүшү, Пайгамбарлыгы, Мединага көчүшү жана дүйнө салышы өңдүү маанилүү окуялардын такай дүйшөмбү күнгө туш келиши жөн жерден эмес. Алланын назарында жана

мусулмандар үчүн бул күн өтө олуттуу мааниге ээ десек жаңылышпайбыз. Жараткандын улуу жана сулуу сыпаттарынан аян болгон мусулмандардын сүйүнүчү менен мундуу жана ачуу күндөрү, шан-майрамдуу кубанычтары менен дүйнөдөн кайткандагы азалуу күндөрү, дегеле жакшылык менен жамандыктар дайыма дүйшөмбүдө болгону абдан сырдуу көрүнүш.

Башта айтып кеткендей, Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* төрөлгөн ошол түндө, ошол куттуу таңда адаттан сырт ажайып окуялар болуп өткөн. Ал мужизалардын айрымдарын айта кетүү орундуу болор:

Азирети Аминанын айтканына караганда, боюнда бар учурунда да, төрөт мезгилинде да эч кандай кыйынчылык тарткан эмес. Ымыркай төрөлүп жаткан кезде бир нур кошо чыгып чыгыш менен батышты жаркытып, дүйнөгө тарап кеткенин көрүптүр. Бала эне курсагынан жерге колун таяп түшүп, төрөлөрү менен көккө башын көтөргөн[56].

Жаралганы бери анчалык кыйкыра элек шайтан, дал ошол кезде болуп көрбөгөндөй ачуу кыйкырган[57].

Ирандын журт башчысы жана дин билгини ошондо түш көрөт. Түшүндө: албууттанган бууралар бир үйүр күлүк атты алдына салып Тигр дарыясын кечип өтүп, Ирандын аймагына жайылып кеткенин көрөт.

Самава өрөөнүн[58] суу каптаган.

Кисра сарайынын 14 устуну кыйраган.

---

56. Ибн Саьад, I, 102, 150.

57. Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 271.

58. Самава – Куфа менен Дамасктын ортолугунда, Багдаттын түштүк чыгышында, Калб талаасындагы ташсыз чөл.

Иран эли табынгандан бери жыл айланса да өчпөй келген от жалп өчкөн[59].

Азирети Аишанын (Алла ага ыраазы болсун) риваятына караганда, меккелик бир соодагер жөөт Алланын Элчисинин төрөлүшүнүн белгиси деп билинген жылдыздан дагы бир жылдыз бөлүнүп чыкканын байкап калат да, топтолуп турган курайштарга болгон окуяны баяндап берет. Анан алардан сурайт:

– Айланыйын курайш уруусу. Ушул түнү киминер уулдуу болдунар?

– Кудайга ант, ким уулдуу болгонун билбейбиз, – деп, ийин куруштурган курайштарга береги жөөт мындай дейт:

– Курайштар! Менин сөздөрүмдү көңүлүңөргө бекем түйүп алгыла! Ушул түнү акыр замандын үммөтүнүн пайгамбары төрөлдү. Анын эки далысынын ортосунда саргымтыл түктүү кара калы бар.

Эч нерседен бейкапар турган арабдар жөөттүн айткандарына айран таң калышып, өздөрүнчө дуу-дуу болушуп үйлөрүнө тарап кетишет. Жөөттүн айткандарын баяндап беришкенде, бир тобунун бүлөсү:

– Маркум Абдуллах бир уулдуу болду. Наристеге Мухаммед деп ысым коюшуптур, - деп кепти кызытышат. Бул нерселерде чындыктын үлүшү бар экендигин боолгогон арабдар жөөттүн үйүнө барышат:

– Жана сен айткандай Меккеде бир бала төрөлүптүр кабарың барбы?

– Мен силерге кабар бергенден мурда төрөлүптүрбү же ки-

59. Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 273.

йин төрөлүптүрбү? – дейт чындап кызыгы арткан жөөт.

– Мурда төрөлүптүр. Ахмед деп ысым коюшуптур.

Жөөттүн каалоосу боюнча арабдар аны Азирети Аминанын үйүнө алып барышат. Суранып жатып акыркы Элчинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* далысындагы мөөрдү көргөн жөөт көзү алачакмак болуп эстен танат. Жабалактап турушкан арабдар аны эсине келтирип, эмне болгонун сурашканда, аттин кылган тариздe буларды айтат:

«–Кудай урсун! Пайгамбарлык Исраил урпагынын колунан кетти! Китеп да кетти! Ушу акыркы пайгамбардын жөөттөрдү өлтүрөрү, элдин назарынан кайрыдин билгиндеринин кадырын түшүрө тургандыгы жазылган. Арабдар болочоктогу пайгамбарлыктын арты менен чоң шарапатка, урмат-сыйга ээ болушат. Оо, Курайш жамааты! Сүйүнгүлө, Кудайга ант, силер кабарды чыгыштан батышка чейин жеткиргидей козголгус күчкө ээ болосуңар!» *(Ибн Саьад, I, 162-163; Хаким, II, 657/4177).*

Алланын Элчиси төрөлгөндө Меккенин калкы абдан сүйүнүшкөн. Тарыхый булактардагы малыматтарга караганда, Халимадан башка Сувайба аттуу таалайлуу сүт энеси болгон. Ал Пайгамбардын *(алейхис салам)* душманы Абу Лахабдын күңү эле.

Сувайба Абу Лахабга баланы сүйүнчүлөп барат. Уруулаш маркум тууганынын уулдуу болгонуна чындап сүйүнгөн Абу Лахаб Сувайбаны азат кылган *(Халаби, I, 138)*. Тууганга күйүмдүүлүгү жана жакынына болгон сүйүнүчүнөн улам, Алла Таала Абу Лахабдын дүйшөмбүдөгү азаптарын жеңилдетип койгон.

Аббас (Алла ага ыраазы болсун) төмөнкү окуяны баяндайт:

«Тууганым Абу Лахабды өлүмүнөн бир жылдан кийин ту-

шүмдө көрдүм. Абалы жакшы эмес:

– Сага кандай мамиле кылышты? – деп сурадым. Абу Лахаб:

– Мухаммеддин туулганына сүйүнүп Сувайбаны азат кылгандыгым үчүн дүйшөмбү күнкү азабым бир аз жеңил болуп жатат. Ал күнү, баш бармагым менен сөөмөйүмдүн ортосунда ушул кичинекей тешиктен чыккан суу менен сергип жатам, – деп жооп берди»[60].

## Азирети Пайгамбарыбыздын куттуу ысымдары

Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* көптөгөн куттуу ысымдары бар. Курани Каримде айтылып кеткендей, ысымдарынын эң башкысы – **«Мухаммед»** жана **«Ахмад»**. Мухаммед – бул абдан макталган, мактоого татыктуу деген маанини билдирсе, Ахмад – абдан шүгүрчүл, Кудай Таалага хамд айтуучу дегенди туюнтат.

Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* Мухаммед деген ысмы Куранда 4 жерде, ал эми Ахмад деген ысымы 1 жерде кездешет. Инжилде болсо ушул эле ысымдар бирдей маанини туюнтуп, **«Фараклит»** деп белгиленет.

Азирети Пайгамбарыбыз өзүнүн бир хадисинде төмөнкүчө маалымдайт:

*«Мен Мухаммедмин жана Ахмадмын.*

*Мен Махимин[61]. Менин пайгамбарлыгым менен Алла Таала каапырлыкты жойот.*

60. Ибн Касийр, аль-Бидая, Кахира, 1993, II, 277; Ибн Сад, I,108, 125.
61. Махи – жок кылган, тыптыйпыл кылган.

*Мен Хаширмин, (кыямат күнү) адамдар мага ыктап жыйналышат.*

*Мен Акыбмын, Хатамул Анбиямын, менден кийин эч ким пайгамбар болбойт»* *(Бухари, Манакиб, 17; Муслим, Фадаали, 125).*

Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* ырыстуу ысымдары көптөгөн чыгармаларда, эмгектерде жазылып да, айтылып да келет. Маселен, эки жүзгө жакын ысымдары **«Далаил-и Хайрат»** аттуу китепте маалымдалган. Учурда Пайгамбарыбыздын мечитинин кыбыла тарабында көркөм жазуу санаты менен коздолуп жазылган Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* көптөгөн куттуу ысым жана сыпаттары бар. Алардын бир бөлүгүн атай кетсек:

Ахмад, Махмуд, Мухаммед, Хаамид, Башир, Назир, Бурхан, Амин, Аввал, Аахир, Духа, Хабибуллах, Хаади, Хатам, Мухтар, Мустафа, Мужтаба, Наби, Нур, Рауф, Рахим, Расуулуллаах, Расуулус-Сакалайн, Рахматан лил-ааламийн, Сайййидул-Мурсалийн, Сайййидул-Кавнайн, Имамул-Харамайн, Имаамул-Муттакийн, Шафиул-Музхибийн, Шамс, Таха, Уммий, Яа-син…

## Сүт энеге берилиши

Ааламдын асыл заты бул жалганга жетим болуп төрөлдү. Куран аятында мындай деп айтылат:

أَلَمْ يَجِدْكَ يَتِيماً فَآوَى

**«Ал сени жетим кылып таап, баш паана бербеди беле?»** *(Ваз-Зухаа сүрөсү, 6-аят).*

Алгач төрөлгөндөн тартып бир топ күн бою Азирети Му-

хаммедди өз энеси эмизди. Андан кийин таалайлуу Сувайба, уулу Масрух менен болочок Пайгамбарды эмчектеш кылып багып, сүт эне болуп калды[62].

Камкордуктун жана жароокерликтин жандуу элесин берген Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* өмүрүнүн кай мезгилинде болбосун, Сувайбага абдан күйүмдүү мамиле кылган. Меккеде жашап турган кезде Азирети Хатижа энебиз да, Пайгамбарыбыз өзү да ага колдон келген жакшылыктарды көрсөтүшкөн. Кийин Мединага көчүп кетсе да ар убак сүт энесине кийим-кече, азык-түлүк жөнөтүп, муктаждыктарын камсыздап турган. Хижраттын жетинчи жылы Хайбар согушунан кайтып келе жатып, сүт энесинин көз жумганын уккан Пайгамбар:

– *Ушу тапта уулу Масрух эмне кылып жатты болду экен?* – деп сурады кабатырлана. Уккан көргөндөр:

– Ал байкуш энесинен мурдарак көз жумган! – дешти.

Кайгылуу кабарды уккан Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* анын туугандарынан бирөө жарым бары-жогун сураштырып көрүп, акырында туугандарынан эч ким калбаганын тактады *(Ибн Саьад, I, 108, 109).*

Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* сүт энесине мынчалык деңгээлде урмат-сый көрсөтүшү жана тыгыз алакада болушу опол тоодой камкордук болуп саналат, бул жакшылыктын гана белгиси.

Азирети Мухаммедге *(саллаллаху алейхи васаллам)* сүт эне болуу таалайы Сувайбадан кийин Халимага насип болгон.

Ошол доорлордогу үрп-адатка ылайык, арабдар жаңы тө-

62. Сувайба Азирети Хамза менен Абу Саламанын да сүт энеси болгондуктан, аталган сахабалар Алланын Элчиси менен эмчектеш болуп калат (Ибн Саьад, I, 108-110).

рөлгөн балдарын чөлдө жашаган урууларга эмизүүгө беришкен. Чөлдүн абасы адамдардын саламаттыгына да, ден-соолугунун чымыр болушуна да пайдалуу болгондуктан, элдин көпчүлүгү өз ыктыяры менен балдарын сүт энелерге тапшырышчу. Анын үстүнө, чөл калкынын тили таза болгон, кошумчасыз так сүйлөшкөн. Балдардын ал жакта өсүшү алардын араб тилин так өздөштүрүүсүнө жана сөз байлыгынын артышына зор пайдасын тийгизген.

Үрп-адат боюнча, кичинекей Мухаммедди экинчи сүт энеси Халимага тапшырышкан. Айрыкча, бани саад уруусу араб урууларынын ичинен тилинин адабийлиги жагынан эң алдыда болгон. Азирети Пайгамбарыбыз, ошентип, көркөм сөздүн туу чокусу саналган Алланын Китебин үйрөтүүгө, динди жеткирүү вазийпасына бала кезден даярдалган.

– О Алланын Элчиси! Сенден өтө чечен сүйлөгөн жанды көрө элекмин, – деген Абу Бакирге Азирети Пайгамбарыбыз:

– *Буга таң калуунун кереги деле жок. Мен курайш уруусунан болом жана сүт энем Саддын урпагы болот,* – деп, жооп берген» *(Али аль-Муттаки, VI, 174/15247).*

Халима бинти Харис (Алла ага ыраазы болсун) пайгамбарлардын султанына кантип сүт эне болуп калганын төмөнкүчө эскерет:

«Ошол жылы катуу ачарчылык өкүм сүргөн. Мингеним боз эшек. Жанымдагы шериктерим жалаң сад уруусунан эле. Алар менен сүт энеге тапшырыла турган ымыркайларды алуу үчүн Меккеге карай жол тарттык. Жолдо азыгыбыз түгөнүп, кыйналганыбызды айтпа. Картайып калган ургачы төөбүз боло турган. Андан тамчы сүт чыкпайт. Ал аз келгенсип, бешикте жаш балам бар. Жаныбызда өзөк жалгар нерсе калбагандыктан, баламдын

курсагы ачып, ыйлап жаагы басылса кана. Ошентип, акырында Меккеге кирип келдик. Көздөрү мунайым, сулууча келген бир келиндин баласын эч ким алган жок. Атасы жок болгондуктан эч ким албаган сыяктанат. Мени менен келген аялдардын бардыгы ата-энеси тирүү балдарды алып кетип калышты. Түш ооп баратты. Куру кол кайткым келбеди. Аргасыздан, ошол баланы алаарымды күйөөмө айттым.

Бардым да баланы алып, тигип койгон алачыгыма кайттым. Күйөөмдүн көңүлү эмнегедир жайдары.

– Кемпир, ушул баланы алганың жакшы болду. Ким билет, балким ушул жетимдин арты менен бизге Алла Тааланын түгөнбөс жакшылыгы жана берекеси жаайттыр, – деди бейкапар гана.

Кудайга ант болсун, баланы кучагыма аларым менен сүтүм ийип кеткенин байкадым. Өзүмдүн баламды эмизсем да, Мухаммедди эмизсем да түгөнгүдөй түрү жок. Төөдөн кабар алганы кеткен күйөөм күүгүм кирип калганда кудундап кайтып келди. Анын айтуусунда, төөнүн желини сүткө толуп чыгыптыр. Ошол күндөн тарта канча саасак да төөнүн сүтү түгөнгөн жок. Алып келген сүттү үй-бүлөбүз менен чогуу ичтик, курсак ток, кайгы жок болуп, мемиреп уйкуга кеттик.

«Кудайга ант болсун! Менимче сен кут даарыган баланы алган окшойсуң, кемпир!» деп, улам кайталап, күйөөмдүн кубанычын койнуна батпай турду.

Эртеси кашаң эшегиме минип чөлдөгү үйүбүзгө кайттык. Мурдалары артта калган эшегим, топтогу бардык унаалардан озуп кетсе болобу, тизгинди араң тартып бараттым. Бардыгы мага таң калышып:

– Бул өзүңдүн мурунку эле эшегиңби? –деп, улам-улам сурашат ишебегендей.

Ар кандай ажайып көрүнүштөргө күбө болуп, сан миң ойго чөмүлүп олтуруп үйгө кантип жеткенибизди да билбей калыптырбыз. Негизинен, биз турган аймактын топурагы абдан шор, жарытып эч нерсе деле чыкпаган такыр жер эле. Мухаммед биздин үйгө баргандан тарта үйүбүзгө кут киргени ачык эле көрүнүп турду. Талаага кеткен койлорубуз кечке маал желиндери тырсыйып, сүткө толуп келип жатты. Башкалардын койлору болсо сүт бермек тургай тишке араң илинген куурай, шыбак сыятуу бирдемелерди жалмаса да тойбой келишчү. Бардыгынын койлорунун желини какшап, сүтү соолуп калган кезде койлорубуздан чака-чака сүт саап алып жүрдүк.

– Силер эмне деген койчусуңар! Жандыктарды Халиманын чабаны жайган жерлерге жайбайсыңарбы?! – деп, койчуларын жемелегендер болду.

Короодон чыккан кой-эчки бирдей маалда чыгып, бир жерге жайылып, күн батарда да бир убакта кайтып, анан сааганга келгенде алардын жандыктарына караганда биздин жандыктар алда канча көп сүт берип жатпайбы. Ичи ачышпай анан эмне кылсын.

Азирети Мухаммед күн сайын торолуп, күн сайын өсүп жатканы баарыбызды таң калтырган. Бир айда бир жашар баладай чоңойду. Бир жашка чыканда бир кыйла көзгө көрүнүп калды.

Кудай Тааланын буйругу менен бир топ жыл биздин колдо чоңойду. Анан өз энесине алып бардык. Менин күйөөм Азирети Аминадан өтүнүп көрдү:

– Мухаммед бизге өз уулубуздай болуп калды. Аны бизге

эле бер, силер менен да катыштырып турабыз. Анын үстүнө, Меккедеги коркунучтуу ыландан коопттонуп турабыз.

Ошол эле учурда, анын арты менен келип жаткан берекеден куру калгыбыз келбей турду. Азирети Амина биздин өтүнүчүбүздү жерге таштагысы келбеди көрүнөт, бир чети ыландан чочуладыбы, айтор, кайра алып кетүүгө уруксат берди» *(Хайсами, VIII, 221; Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 278-279).*

Азирети Мухаммеддин бала чагы. Сүт энесинин колунда жүргөн кез эле. Күндөрдүн биринде эмчектеш карындашы Шайма экөө үйдөн кыйла обочо жерде оттоп жүргөн козулар тарапка ойноп кетишкен. Үйгө кайтып келишкен соң Халима Шайманы зекип калды:

– Күндүн ушул ысыгында баланы аптапка кактап эмне үчүн ал жакка бардың?

Шайма ажайып окуяны минтип баяндап берди:

– Энеке! Бизге күндүн ысыгы зыян берген жок. Бир булут ининмдин так төбөсүндө айланып жүрдү. Бизди такай анын көлөкөсүндө ойнодук… *(Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 279; Ибн Саьад, I, 112).*

Халима сөзүн улантып:

«Ошентип, Азирети Мухаммед дагы үч жылдай биздин колдо болду. Кээ-кээде биз да укмуш окуяларга күбө болуп жаттык. Ушул окуялардын айынан бала бир жамандыка дуушар болуп калбагай эле деп коркуп жүрдүк. Акыры, аман-эсен энесине тапшыралы деп чечим кылып, жолго чыктык. Меккеге жакындап келдик. Көп адамдар топтолуп турушуптур. Көпчүлүктү аралап баратып, алаксып кетип баланы жоготуп алсак болобу» *(Ибн Хишам, I, 179; Ибн Саьад, I, 112).*

Меккенин калкы айран таң калып, бардыгы өспүрүмдү издей

башташты. Айлананы бүт издеп эч жерден таба албай коюшту. Абдулмутталиб Каабада дуба кылып жатты. Дал ошол учурда:

– Оо калайык, көп камтама болбогула! Мухаммеддин Раббиси, албетте бар. Аны зарыктырып жалгыз таштап койбойт, зыянга да учуратпайт! – деген үндү уктук кайыптан.

Абдулмутталиб:

– Анын кайда экендигин айтып койчу мага!

Береги үн:

– Ал, Тихама өрөөнүндө оң тараптагы дарактын жанында турат, – деди кыска гана.

Ушуну эле күтүп турган Абдулмутталиб айтылган жака дароо жол тартты.

Жетип барып айтылган дарактын жанынан небересин тапты *(Диярбекри, I, 228).*

– Алдына кетейин садагам! Мен сенин чоң атаң Абдулмутталибмин! – деп, небересин бооруна кысты *(Халаби, I, 154).*

وَوَجَدَكَ ضَالاًّ فَهَدَى

**«Ал Зат сени** (бала чагында) **капилеттен адашканда таап Ак жолуна жылоолоп койбодубу?»** Зуха сүрөсүнүн ушул жетинчи аяты жогорудагы окуяга ишаарат кылаары тафсирде айтылган[63].

Окуянын уландысын Азирети Халима мындайча баяндайт:

«Мухаммедди Аминага алып барганыбызда:

63. Замахшари, VI, 240.

– Баламды зарыгып жатып, алып кеттиңер эле, эмнеге кайра алып келдиңер? – деп сурады.

Мен айттым:

– Кудайга ант болсун! Биз өз вазийпабызды аткардык. Баланы ар кандай ажайып окуялар тооруп жатканын көрдүк. Ошол себептен, кайра алып келгенге туура келди.

Энеси кызыгып сурады:

– Баламды тооруган эмне болгон окуя? Баарын төкпөй-чачпай айтып бергилечи. Аминага болуп өткөн окуяларды бир бирден айтып бердик. Энеси буга таң калган жок.

–Уулум төрөлүп жаткан кезде андай таң калыштуу далай окуялар болгон. Мындай нерселерден көп чочулай бербегиле.

Ал төрөт учурундагы айрым ажайып абалдарды бизге айтып берди. Бир топко кобурашып чер жазган соң жарыктык Амина эне бизге уруксат берди:

– Кана эмесе. Уулумду калтырыңыздар да, журтуңуздарга кайтыңыздар. Жолоочунун жолдогусу жакшы дейт эмеспи, *(Хайсами, VIII, 221; Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 278-279).*

Халима дагы буларды айтты:

– Абдулмутталиб мага эң сонун белектерди берип узатты. Айлыма баасы бычылгыс кымбат белектер менен кайтканым эч эсимден кетпейт. Мухаммед чоң атасынын жанында кала турган болгондо болуп өткөндөрдү ага да айтып бердим. Улгайган адамдардын көңүлү назик болуп калат эмеспи, небересин кучагына басып көпкө ыйлады. Бир топтон кийин буларды айтты:

– Халима! Буюрса, уулумдун атак-даңкы таш жарып, зоболосу бийиктейт, мында шек жок. Ошол кезди көрсөм деп аябай

арзуу кылам! *(Байхаки, Далааил, I, 145).*

Азирети Пайгамбарыбыз эмчектеш бир туугандарына өмүрү өткөнчө камкор мамиле жасаган. Таалайлуу Халиманы көрүп кала турган болсо: *«Энекем, менин энекем!»* деп жан-дили менен урмат-сый көрсөтүп, кементайын чечип жерге жайып отургузган соң, сураныччы, тилеги болсо дароо орундаткан *(Ибн Саьад, I, 113, 114).*

Күндөрдүн биринде Халима Азирети Пайгамбарга *(саллаллаху алейхи васаллам)* жолугуу үчүн Меккеге келет. Ааламдардын сыймыгы ал кезде Азирети Хатижа менен баш кошкон эле. Халиманы көңүлдөгүдөй сыйлап, жакшылап тосуп алышат. Анан Халима кургакчылык болгонун, ошол себептүү мал-жандыктары кырылып калганын айтып, арызын билдирет. Жубайы менен кеңешкен соң Азирети Пайгамбарыбыз сүт энесинин алдына кырк кой жана унаа үчүн бир төө салып берди[64].

Мекке шаары каратылган күнү эле. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Абтах деген жерде жүргөн кезе Халиманын синдиси аны көрүп коюу үчүн келип калат. Пайгамбарга атап ала келген тери баштыгында курут, май сыяктуу нерселери бар эле. Алланын Элчиси эң башта андан сүт энесинин абалын сурайт. Анын көз жумганын укканда Азирети Пайгамбарыбыздын көзүнө жаш тегерене түшөт. Үй-бүлөнүн калган мүчөлөрүнүн амандыгын сурайт. Андан соң тайежесине кийит кийдирип, бир төө, эки жүз дирхам күмүш акча берилишин буйрук кылат. Сүйүнүчү койнуна батпай айылына кайтып бараткан тайежеси:

«–Бала кезинде абдан боорукер элең, мына эми баралына келгенде куйүмдүү болуп жетилген турбайсыңбы!» деп коштошот *(Вакиди, II, 869; Балазури, I, 95)* .

64. Ибн Саьад, I, 114

## Көкүрөктүн ачылышы – биринчи шархи садр

Көмүскө сырларды, руханий көрүнүштөрдү кабылдагыдай абалга келсин үчүн Алла Таала Өзү акыркы Элчисинин көкүрөгүн ачып, далай жолу жарып, ичин тазалап, бейпилдик, тынчтык, мээрим, ырайым, ыйман жана кеменгерлик сыяктуу улуу касиеттерди жүрөгүнө толтурган. Бул окуя алгач ирет сүт энесинин колунда жүргөн кезде болуп өткөн.

Бир адам Азирети Мухаммедден *(саллаллаху алейхи васаллам)* сураган:

– Пайгамбарлыгыңыздын алгачкы алааматтары кандай болгон?

*– Менин сүт энем Саад бин Бакир тукумунан болгон. Эмчектеш бир тууганым экөөбүз жандыктарды кайтарып жүргөн элек. Жаныбызга эч кандай азык деле алган эмеспиз. Бир тууганыма:*

*– Сен энеме барып өзөк жалгаганга бир нерсе алып кел! – дедим да, өзүм мал кайтарып калдым.*

*Арадан көп өтпөстөн ак кийимчен эки периште келди. Бирөө шеригине үн катты:*

*– Ушулбу?*

*Шериги:*

*– Ооба!-*

*Көз ачып жумганча жаныма жетип келишти да чалкаман жаткырышты. Кийимимди түрө салып көкүрөгүмдү жарып жиберип, жүрөгүмдү чыгарышты. Жүрөгүмдү да жарышты да ичинен уюган кан сымал эки кара нерсени алып салышты.*

*Бири экинчисине буюрду:*

*– Тез барып мага кардын суусун алып кел.*

*Алынып келинген кардын суусу менен ичимди тазалап жушкан соң дагы буюрду:*

*– Эми, мөндүрдүн суусун алып кел*

*Алынып келинген суу менен жүрөгүмдү жушту.*

*– Эми, тынчтык менен бейпилдикти алып кел, – деп, шеригин кайра жөнөттү.*

*Аларды жүрөгүмө жайгаштыргандан кийин жанындагы периштеге:*

*– Кана эмесе, көкүрөгүн жап. Пайгамбарлыктын мөөрү менен мөөрлөп кой! – деди.*

*Жанымдагы периште жүрөгүмдү ордуна салгандан кийин пайгамбарлыктын мөөрү менен мөөрлөп койду… Тазалоо иши аяктаган соң келген жагына кайтышты. Алардан чындап коркуп калыптырмын. Үйгө барарым менен болуп өткөн окуяны сүт энеме айтып бердим…» (Ахмад, IV, 184-185; Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 280).*

Кээ бир булактардын айтымында бул окуя анын төрт жашында болуп өткөн[65].

Анас (Алла ага ыраазы болсун):

«Алланын Элчисинин көкүрөгүндөгү ошол жаранын изин мен дайым көрчүмүн» деп калчу экен *(Муслим, Иман, 261).*

Шархи садр деп аталган бул окуяда көптөгөн купуя сырлар, бийик хикматтар бар. Алардын анча-мынчасын айтып кетсек:

65. Ибн Саьад, I, 112.4.

Алла Таала мына ушундай окуя менен сүйүктүү Элчисинин рухий абалын жана даназасын адамдарга билдирген, бала кезден тарта аны чоң вахийге даярдаган. Сырттан караган инсанга анын жүрөгүнүн жанагындай абалда тазаланышы аң-сезим кабылдай тургандай тажрыйбалык негизге таянат. Анын Пайгамбарлыгына ыйман келтирүү үчүн бул окуяга ишенүү чоң роль ойнойт. Анткени, ушул сыяктуу ажайып окуялар адамдардын ага ыйман келтиришин тездеткен жана жеңилдеткен.

## Мединага болгон саякат жана Азирети Аминанын көз жумушу

Азрети Мухаммед алты жашка келип калган. Азирети Амина уулун учкаштырып Азирети Абдулланын мүрзөсүнө зыярат кылуу үчүн Мединага жол тартты. Амина атасынын күңү Умму Айманды жолшерик кылып эрэрчитип алды. Кыйла күн жол жүрүп Мединага жетишти.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир ай Мединада болуп, тайкелеринин балдары менен оюндун кызыгына батып ойноду. Жадагалса, сууда сүзүүнү да ушул зыяратта үйрөндү[66].

Ааламдардын асыл заты *(саллаллаху алейхи васаллам)* ошол күндөрүн төмөнкүчө эскерет:

*«Үймөлөктөшкөн жөөттөр жаныма келишип, жалдырап мени карап тура беришер эле»* *(Ибн Саьад, I, 116).*

*«Дагы бир күн жаныма бир жөөт келди. Астейдил карап турду. Бир топтон кийин кетип калды. Бир күнү жалгыз элем.*

66. Ибн Саьад, I, 116.

*Жаныма басып келип:*

– Балакай сенин атың ким? – деп сурады.

*– Атым Ахмад, – дедим.*

Анан далымды ачып көрүп:

– Бул бала, ушул үммөттүн пайгамбары! – деди.

*Бул окуяны тайкелеримден уккан энекем тынчсызданып, Меккеге кайтууга камына баштады. Шашылыш жолго чыктык»* *(Абу Нуайм, Далааил, I, 163-164).*

Абвага жеткенде Амина эне капыстан катуу ооруп көз жумду. Сөөгү ошол жерге жашырылды. Кайран эне отуз жаш курагында Жараткандын буйругуна моюн сунуп кете берди. Көз жумардан алдын нур жүздүү уулуна энелик мээрим менен тойбой карап, көпкө тиктеди. Анан уулун көкүрөгүнө басып мындай деди:

«-Кудай Таалам сени пайдалуу инсан кылсын! Эгерде көргөн түшүм туура чыга турган болсо, Улуу жана Кудуреттүү Алла Таала сени адам баласына адал-арамды айырмалаганды үйрөтүүчү жол башчы кылып жөнөтөт. Алла Таала сени буттардан жана бутпарастыктан сактайт. Ар бир жан өлүмдү татат, жаны эскирет, чонойгон нерсе жок болот. Мен да көз жумамын, бирок, түбөлүккө эсте калам. Анткени, мен дүйнөгө таза презентти апкелип, артыма кайырлуу эстелик таштап кетип баратам!...» *(Диярбекри, I, 229-230; Камил Мирас, Тежрит Тержемеси, IV, 549).*

Мына ушул акыйкаттарды жүрөктөн сезген акын Ариф Нихат Асия Азирети Аминага мындайча кайрылат:

*О Абвада жаткан өлүү!*

*Гүл бакчанда жайнап ачты*

*Дүйнөнүн эң сулуу гүлү!*

Ошентип, кичинекей Мухаммед энеден да ажырап, Умму Айманды караан тутуп Меккеге кайтты.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* баралына келгенде Умму Аймандан дайыма кабар алып, анын ал-абалын сурап турган. Жолугуп калганда ага *«эне!»* деп кайрылган. *«Энемден кийинки энем! Бул менин үй-бүлөмдөгү тирүү калгандардын эң акыркысы!»* деген өңдүү сөздөр менен анын көңүлүн алып, ар дайым сый-урмат көрсөткөн[67].

## Чоң атасы Абдулмутталибдин канаты астында

Ободу атасынан, андан соң энесинен айрылган сүйүктүү Пайгамбарын Алла Таала кароосуз калтырбады. Куттуу жетимди чоң атасы өз бооруна басты. Балдарына арнабаган сүйүүсүн, мээримин нур жүздүү небересине арнады.

Абдулмутталиб уктап жатканда же бөлмөсүндө өзү жалгыз калганда жанына эч ким кире алчу эмес. Чоң атасы уктап жатабы, жалгыз олтурабы Мухаммед үчүн айырмасы жок эле. Анын бөлмөсүндө каалагандай кирип-чыгып эркин өстү[68].

Каабанын көлөкөсүнө Абдулмутталибге таандык кийиз боло турган. Кадырлуу атага болгон урмат-сыйдан улам ал орунга балдарынын эч кимиси отурчу эмес. Уулдары Абдулмутталибдин алдында тик турган болсо, Мухаммед *(алейхис салам)* чоң атасынын орундугуна беймарал олтура алган. Аны тургузгусу келгендерди Абдулмутталиб:

67. Ибн Асийр, Усдул-Гааба, VII, 303-304; Ибн Саьад, VIII, 223.
68. Ибн Саад, I.118.

– Тим койгула медеримди! Кудайга ант болсун, мунун атактанкы бийик болот! – деп тыйып койгон жана жанына отургузуп алып далысын кашып берген. Нур жүздүү небересинин ар кандай таттуу жоруктары, сүйлөгөн сөздөрү чоң атанын дартына дабаа, көңүлүнө жөлөк болгон[69].

Ааламдарга Элчи боло турган небереси дасторконго келмейинче Абдулмутталиб даамдан ооз тийбей «Неберемди алып келгиле жаныма!» – деп буйрук берген дешет[70].

Небересин тизесине олтургузуп алып, тамактын эң таттуу жерин ага жедирген[71].

Бир кездерде Меккеде абдан кургакчылык өкүм сүрө баштаган. Эл кыйынчылыктан кутулууну үмүт кылып, жамгыр тилөө үчүн Абу Кубайс тоосуна жөнөшөт. Аламан калктын арасында жети жаштагы небересин жонуна мингизип Абдулмутталиб дагы барат. Тоонун чокусуна чыккандардын бардыгы аксакалы жайкалган Абдулмутталибдин жанына катар тизилишет. Ааламдын асыл ардагын жонуна мингизген абалда Алла Таалага жалбарып дуба кылышат. Адамдар ордунан көп узай электе көк жарылгандай нөшөрлөп жамгыр төгүп ийет. Ошентип, Мекке ойдуну мээримге карк болуп, толуп ташат[72].

Кудай Тааланын эң сүйүктүү кулу Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* сегиз жашка келгенде, бул жалгандагы аскар тиреги, чоң атасы Абдулмутталиб да дүйнө салып кете берди.

Ушуну менен бардык убактылуу жана көрүнөө колдоолор

69. Ибн Хишам, I, 180.
70. Ибн Саад. I, 118
71. Балазури, I, 81.
72. Ибн Саад, I, 90; Ибн Асийр, Усдул Гааба,VII,112;Диярбекри,I,239.

аягына чыккандай көрүндү. Мындан кийин Анын коргоочусу да, колдоочусу да, жадагалса, тарбиячысы да Алла Таала болуп калды.

Азирети Пайгамбардын жаштайынан ата-энесинен, чоң атасынан айрылып калышында көптөгөн хикматтары бар. Эгер алардын көзү тирүү болгонгондо, «пайгамбарлыгына пайдубал болуп бере турган негиздерди атасынан же чоң атасынан үйрөнгөн, ошолордун таалимин алган» деген жалаалар айтылмак беле, ким билет. Эң башкысы, ушундай оор сыноолор аркылуу Алла Таала аны бышырып кемелине келтирген.

Ата-энесинен жана чоң атасынан айрылган Мухаммед *(алейхис салам)* доордун атадан балага үйрөтүлүп осуятталган үрп-адаттарына жана ырым жырымдарына малынбастан, Кудай Таланын гана тарбиясын алган. Арийне, Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир хадисинде мындай деген:

«*Мени Раббим тарбиялады жана тарбиямды эң сонун калыптады*» *(Суюти, I, 12).*

Башка тарабынан назар сала турган болсок, ата-энесинен эрте ажыраса деле изги адеп-ахлактуу болуп чыга келиши анын Пайгамбарлыгынын таасын далили болуп саналат.

Ары кыраакы, ары сергек, ары сезимал болуп жетилгени жана кынтыксыз тобокелчилик тапка келгени жетимдиктеги бир хикмат деп эсептесек болот. Азирети Мухаммед жаштайынан жетим өскөн, бой тартканда жана Элчилик вазийпаны баштаганда алсыз, күчсүз болгон. Өтмө катар оор сыноолорду баштан кечирген. Ошол себептен, баралына келгенден өмүрү өткөнчө кароосуздардын, жетимдердин жана алсыз жандардын камкору, көңүл тиреги болгон. Өзүнүн бир хадисинде мындай деген:

*«Мен өз жетимин же болбосо башкага таандык бир жетимди карамагына алган адам менен, бейиште мына мындай жакын болобуз»,* – деп, сөөмөйү менен ортон колун көрсөткөн *(Муслим, Зухд, 42; крз. Бухари, Адаб, 24; Талак, 14).*

## Абасы Абу Талибдин коргоосунда

Абдулмутталиб сыркоосу күчөп баратканда, бир чети убакты-саатынын жакындап калганын сезгенби айтор, уулдарын чакыртты. Айта турган аялуу керээзи бардай. Балдары топтолуп келгенде, баарынын жүзүнө астейдил тиктеп сөз баштады. Кептин багыты Азирети Мухаммедди канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай, калкалап калуу өңүтүнө кетти. Уулдарынын ичинен Зубайр жана Абу Талиб Мухаммеддин атасы Абдулла менен энелеш болгондуктан, экөөнүн ортосуна чүчү кулак ташталды. Чүчү кулак Абу Талибге чыкты.

Албетте, мындай дал келүүчүлүк жөн жерден боло койбойт. Абаларынын арасынан Пайгамбарыбызга Абу Талиб ар убак жан тарткан боорукер киши болгон[73]. Саналуу төөсүнөн башка эч кандай мал-мүлкү жок болсо да, бала-бакырасы көп, үй-бүлөсү чоң эле. Бай адамдардан саналбаганы менен Курайшка кадыры сиңген, буйругу эки болбогон эл жакшыларынан болгон. Атасы Абдулмутталиб сыңары оозуна ичимдик алган эмес[74].

Абу Талиб инисинен калган жалгыз туяк үчүн жанын берүүгө да даяр эле. Аны өз балдарынан да өзгөчө жакшы көрчү. Аны жанына алып келмейин уктачу эмес, эгер, бир жака чыга турган болсо, аны кошо ала барчу экен.

73. Ибн Асийр, Усдул Гааба, I, 22.
74. Халаби, I, 184.

Эң кызыгы, Абу Талибдин бала-чакасы Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* дасторкондо жок кезде такыр тойчу эмес, же тез эле курсактары ачып кеткен. Аны *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен бир дасторконго олтурушканда гана анын берекеси менен тез эле тоюп калышкан. Тамактары да артып калчу. Бир кишиге жете турган сүттөн эң оболу куттуу жетим ооз тийген. Ошондо гана калган үй-бүлө мүчөлөрү тойгончо ичсе да, сүт түгөнчү эмес. Ошондуктан,Абу Талиб бала чакасы дасторконго келген чакта: «Токтой тургула! Менин балам келсин анан баштайбыз!» деп эскертип турган[75].

Абу Талибдин зайыбы Фатима эне абдан адамгерчиликтүү жана кең пейил аял болгон. Исламды кабыл кылып, дин үчүн Мединага көчүп барган экинчи апасынан Азирети Пайгамбарыбыз бат-бат кабар алып, кээде анын үйүндө куш уйку салар эле[76].

Фатима көз жумганда Алланын Элчисинин акактай болгон көздөрүнөн жаш куюлган. *«Бүгүн менин энем дүйнө салды!»* деп, өз көйнөгүн ага кепин кылып берген. Жаназасын өзү окуган соң, кабырына бир саам узанып жаткан. Бул иштин сырын сурагандарга митип жооп берген:

*«Абу Талибден кийин бул аял жасаган жакшылыкты мага эч бир адам жасаган эмес! Акыретте бейиштин кийимин кийсин үчүн көйнөгүмдү ага кепин кылдым. Кабырында жылуулук болсун үчүн бир саам жаттым!»*

Азирети Пайгамбарыбыз кайгысын тең бөлүшүү үчүн кайрат айткандарга мындай деген:

75. Ибн Саьад, I, 119-120, 168.
76. Ибн Саьад, VIII, 222

*«Ал мага энемден кийин эне болгон! Өз балдарынын курсагы ачып, сумсайып турган кезде да, эң оболу менин курсагымды тойгузуп, чачымды тарап, гүлдүн майын сүртүп турган. Ал менин энем эле!»* Андан соң Фатима энеси үчүн минтип дуба кылган:

*«Алла сени кечирсин жана жакшылыгы менен сыйласын! Энеке! Алла Таала сага мээримин төксүн! Сен мага энемден кийин эне болдуң! Өзүң жебей мага жегиздиң! Өзүң кийбей мага кийгиздиң! Эң таттуу нематтарды мага таттырып, өз напсиңди куру калтыргансың! Мына ушулардын баарын Алланын ыраазылыгы жана акыреттеги бейиш үчүн жасайт элең!...»* *(Хаким, III, 116-117; Хайсами, IX, 256-257; Якуби, II, 14).*

## Көкүрөктүн экинчи жолу жарылышы, Элчинин жүрөгүнө толтурулган мээрим, боорукерлик жана ырайым

Абу Хурайра[77] (Алла ага ыраазы болсун) дин Исламдын дагы бир данакери болгон. Эч ким батынып бере албаган суроолорду Азирети Пайгамбарыбыздан сураган, илимге ышкысы

77. Абу Хурайранын (Алла ага ыраазы болсун) мурунку аты Абдушшамс эле. Мусулман болгондон кийин Абдуррахман деген ысымды ыйгарган. Абдуррахман күндөрдүн биринде койнуна мышык салып алып жолдо бараткан. Аны көргөн

Алланын Эчиси сурады: – Эмне ал?

Абу хурайра: – Мышык,– деп жооп берди. Буга күбө болгон Алланын Элчиси ага «мышыктын атасы» деген маанини туюнткан «Абу Хурайра» деп ат койду. Ал ошол күндөн тартып Абу Хурайра деген ат менен тааныла баштаган, өзүнүн мурунку ысымдары унутулган шекилдүү. Анын үстүнө өзү да Алланын Элчиси койгон лакапты ысым катары алып жүрүүнү каалачу экен. Абу Хурайра хижраттын жетинчи жылында Мединага келген. Пайгамбарыбыздын Мечитинин оозгу бөлмөсүндө жатып-туруп, илим менен шугулданган кембагал мусулмандардан түзүлгөн «Асхабу Суффа» тобуна кошулган. Күн-түн дебей Азирети Пайгамарыбыздын жанынан жылбай, андан уккан хадистерди жаттоого далаалат кылган. Азирети Пайгамбарыбыздын өзүнөн жана сахабалардан укканын жана кайталаныштарын кошкондо 5374 хадисти жатка айтып калтырган. Сахабалардын арасынан эң көп хадис риваят кылган Абу Хурайра болгон. Улгайып, убакты сааты келгенде хижраттын 59-жылы Медина шаарында 78 жашында дүйнө салган. Алла ага ыраазы болсун!

арткан жан эле.Күндөрдүн биринде Азирети Пайгамбарыбыздан:

– О Алланын Элчиси. Пайгамбарлык тууралуу алгачкы жышаан кандай болгон? – деп сурады.

Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* ага минтип жооп узатты:

*– Мейли эми сурап калдын, айтып берейин. Жашым онго келип калган. Күндөрдүн биринде чөлдө жүргөм. Капыстан так төбөмдөн үн чыкты. Угаарым менен муунум калчылдап кетти. Эки адамдын бири шеригинен сурап калды:*

*–Ушулбу?*

*Шериги:*

*– Ооба ушул!*

*Алар ошол учурга чейин эч бир кездешпеген жүз, эч бир жандан байкабаган рух жана бир да пендеден көрбөгөн кийимдер менен алдымдан чыгышты. Мага жакын келип, экөө тең колумду кармашты, бирок, эч нерсе байкаган жокмун. Бири экинчисине буйруду:*

*– Жерге жаткыр.*

*Мени экөөлөп жерге жаткырышты. (Алар мажбурлаган таризде жаткырышса да) Эч кандай кыйналган жокмун. Шеригине үн катты:*

*– Кана, көкүрөгүн жарып жиберчи.*

*Жанымдагысы алеки заматта көкүрөгүмдү жарып салды. Ошондо да ооруксунуу сезмек тургай, тамчы кан көргөн жокмун. Ага дагы буйрук кылды:*

*– Тээтигиндеги кек менен кызганычты чыгарып сал!*

*Шериги ал жерден уюган кан өңдүү бир нерсени чыгарып ыргытты.*

*– Кана эмесе анын ордуна мээрмандык менен боорукерликти жайгаштыр, – деген көрсөтмөнү иштеп жатканы так аткарды. Чыгарылган нерсенин көлөмүнчөлүк күмүшкө окшош нерсени анын ордуна жайгаштырган көрдүм. Андан соң оң бутумдун баш бармагын ары бери кыймылдаткан соң:*

*– Эми, тынч-аман кетип кал, – деди.*

*Ордумдан туруп жөнөгөнүмдө жүрөгүм мээримге жана боорукерликке көлкүп калганын сездим. Ошондон тарта улууларга мээрим, кичүүлөргө боорукерлик көрсөтө баштадым» (Ахмед, V, 139;Хайсами, VIII, 223).*

# АЗИРЕТИ ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН ЖАШТЫК КЕЗИ

## Кутман Пайгамбарыбыздын Алла Тааланын көзөмөлдө жетилүүсү

Алла Таала Азирети Мухаммедге *(саллаллаху алейхи васаллам)* Элчилик милдетти жүктөй тургандыктан, караңгылык доордун ар кандай жамандыктарынан аны коргоого алган. Анын өксүп жетим өскөн бала чагы менен жаштыгы жаркын келечектин татыктуулугун камсыздоо үчүн пакиза жана руханий өнүгүүнүн жолунда өткөн. «аль-Амин» жана «ас-Садык» ар дайым анын эң көрүнүктүү башкы сыпаты болуп келген.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* пайгамбар боло электе мамиле жагынан да, адамгерчилик жагынан да адамдардын эң жакшысы, теги жагынан эң нарктуусу, адеп-ахлак жагынан эң мыктысы болгон. Ал коңушуларынын акы-укугуна өтө аяр мамиле кылган, кичи пейилдиктин жана сыпаалыктын эң мыкты үлгүлөрүн көрсөткөн. Ишенимдүүлүк жагынан эч ким ага жете алган эмес. Жаман сапаттары болгон да эмес, эч ким андан жамандык көргөн да эмес. Алтымыш үч жылдык өмүрүндө жан адамга сын таккан же шылдыңдаган эмес. Куру бекер талашып-тартышуу деген нерселер Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* үчүн жат көрүнүш болгон. Алла Таала ага жаамы изги касиеттерди тартуулап, жакшы мүнөздүү кылып тарбиялагандыктан, элдер ага «аль-Амин», б.а. ишенимдүү, коопсуз, зыянсыз пенде деген касиеттүү ысымды ыйгарган[78].

78. Ибн Хишам, I, 191; Ибн Саьад, I, 121.

Күндөрдүн биринде Алланын Элчисине:

– Пайгамбарым, Алла Тааладан башка бир нерсеге ибадат кылган учурuңуз болду беле? – деген бир кызыктуу суроо берилди. Пайгамбар *(алейхис салам)* жооп берди:

– *Эч качан болгон эмес!*

– Ичимдик ичип көрдүңүзбү?

– *Жок! Мен Китептин жана ыймандын эмне экенин биле элегимде эле алардын жоруктарынын каапырдык экенин билчүмүн* *(Диярбекри, I, 254-255).*

Бала кезде Кудай Тааланын коргоосунда болгонун төмөнкүчө эскерет:

*«Курайштын балдары менен бир жерден бир жерге таш ташып ойноп жаткан элек. Таш өйкөп салбасын үчүн балдар көйнөктөрүн жондоруна коюп алышты. Жонум ооруксунуп калбасын үчүн мен да ошолордой кылгым келип жатканда, көрүнбөгөн бир күч жанымды өрттөгөндөй катуу муш урду да:*

*–Кийиминди белине байла! – деди.*

*Кийимимди шашкалактап дароо белиме байлай салдым. Досторумдун арасынан мен гана кийимимди белиме байлап жонума таш ташыдым»* *(Ибн Хишам, I, 197).*

Ошол доордо белден жогору кийимсиз жүрүү көнүмүш кабылданса да, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* уяттуу жерлеринин бардыгын жаап жүргөн.

«Ал мезгилде Азирети Мухаммед он эки жашта болгон. Кечил Бахира ага:

– Балам, Лат жана Уззаанын акы үчүн сурап жатам, жооп

берчи! – деп такыганына карабастан:

*– Лат менен Уззаанын атына ант ичип менден эч нерсе сурабагын! Кудайга ант болсун, мен бут нерседен ушуларды жек көрөм!»* деген» *(Ибн Исхак, б. 54; Ибн Саьад, I, 154; крз. Ахмад, V, 362).*

Умму Айман (Алла ага ыраазы болсун) риваят кылган:

«Курайш мушриктери жылына бир жолу Бувана аттуу буттун айланасына жыйналып, кечке чейин курмандык чалышып, чач алдырышып, этикафка[79] киришчү. Андан башка дагы бир топ салтанаттуу жөрөлгөлөрдү өткөрүшө турган. Эл катары Абу Талиб бул майрамга катуу даярдык көрүп жаткан эле.

Мухаммед *(алейхис салам)* аларга кошулуудан бой качырган сайын абасы жана эжелери болбой эле ачууланып туруп алышты. Эжелери ага:

– Кудайларыбыздан жүз үйрүгөнүң үчүн бир балакетке кабылып калып жүрбө! – деп көктүкө салышып, аны жетелеп жөнөштү.

Салтанат өтүп жаткан жерге барган соң улуулар алаксып кеткенде Азирети Мухаммед көрүнбөй калды. Бир топтон кийин корккондон ирени купкуу болуп, жүрөгү лакылдап жаныбызга келип калды.

– Башына бир балекет келген жокпу? – деп, эжелери баланы айланчыктап калышты.

Ал:

– *Мага жин тийеби деп коркуп турам!* – деди.

– Алла сени шайтанга салып бербестир! Сенде ар түрдүү

79. Дүйнө иштерин жыйыштырып коюп напсини тарбиялоо, жан-дүйнөнү тазалоо максатында белгилүү бир убакыттын ичинде кудайга ибадат кылуу.

жакшы касиеттер бар. Айтчы кана көзүңө эмне көрүндү? – деп, жабалактап суроолуу карашты.

Азирети Пайгамбарыбыз:

*– Мен бутка жакындаган сайын ак жүздүү узун бойлуу адам көзүмө көрүнүп:*

*«О Мухаммед! Кайт артына, ага жакын жолой көрбөгүн!» деп улам кыйкырып эскертип жатты.*

Ошол окуядан кийин ааламдын асылы *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарлык вазийпасын алганга чейин алардын майрамдарына жана салтанаттуу жөрөлгөлөрүнө эч качан катышкан эмес[80].

Алланын Элчиси баяндаган төмөнкү окуяны Азирети Али мындайча билдирген:

*«Мен, караңгылык доорунда адамдар жасап жүргөн жоруктарды жасоого эки ирет катыша жаздаптырмын. Дал ошол кезде Кудай Таалам мени алардан оолактатып кеткен.*

*Күүгүм кирип калган. Меккенин жогору тарабында Курайштын жаш жигиттери менен кой жайып жүргөн элек. Жанымдагы жолдошума кайрылдым:*

*-Менин койлоруma көз сала тура аласынбы, мен да тигилер менен Меккеге барып жөрөлгөгө катышып келейин.*

*Жолдошум шыр эле:*

*– Мейли, кандай кааласаң ошондой болсун! – деди.*

*Мен дароо жөнөп кеттим. Меккеге жакындап калганымда шаар тараптан келип жаткан домбуранын, чоордун жана*

80. Ибн Саьад, I, 158.

*шаңдуу ышкырыктын үнү кулагыма чалынды. Жолдон кезиккен адамдан эмне болуп жатканын сурадым.*

– Палан киши палан айымга үйлөнүп жатат, – *деп айтты.*

*Жерге отуруп той болуп жаткан тарапты карай баштадым. Дал ошол кезда Алла Таалам кулагымды оорлоштуруп койгонсуду. Отурган жеримде уктап калыптырмын. Кудайга ант берем, ошондо күн тийгенге чейин ойгоно албаптырмын. Ойгонорум менен шеригимдин жанына келдим. Ал менден эмне болгонун сурады эле, башымдан өткөндөрдү айтып бердим.*

*Бул иш дагы бир түнү кайталанды. Меккедеги сукбатташууга бараткан жолдо Алла мени ныксыратып уйкумду келтирип салды окшойт, бул ирет да күн тийгенгенче уктаптырмын. Ойгонгон соң шеригимдин жанына кайтып келе бердим.*

*Раббим мага Пайгамбарлык бергенге чейин, булардан тышкары эч кандай жаман нерсеге бурулган жокмун!» (Ибн Исхак, б. 58-59; Ибн Касийр, аль-Бидая. II, 292).*

## Азирети Пайгамбарыбыздын кой кайтарышы

Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир мезгилдерде кыйла убакыт бою кой бакан. Ал кезде Абу Талибдин көзү тирүү болчу. Өзү да соода иштерин баштай элек болчу. Чабандык – арабдар үчүн катардагы жөн гана бир кесип эмес, байлардын да, даңктуулардын да балдары аткара туган кесип болгон. Асыресе, өз кезинде бардык пайгамбарлар кой кайтарышкан. Жараткан Алла Таала жөнөкөй көрүнгөн бул кесиптин арты менен элчиликтен жана үгүтчүлүктөн оболу башкаруучулукта зарыл болгон көптөгөн сапаттарга пайгамбарларын тарбиялаган.

«Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

– *Алла Таала жөнөткөн ар бир пайгамбар сөзсүз түрдө кой бакан,* – деп айтканын уккан сахабалар кызыгы артып суроо узатышты:

– Пайгамбарым, сиз да кой баккансызбы?

– *Ооба, акысын алып*[81]*, меккеликтердин койлорун бакчумун,* – деп жооп берди» *(Бухари, Ижара, 2, Анбия, 29; Ибн Мажа, Тижарат. 5).*

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* башка бир хадисинде мындай деген:

*«Муса (алейхис салам) пайгамбар болуп жөнөтүлгөнү менен убагында кой баккан. Пайгамбар кылынып жөнөтүлгөн Давуд (алейхис салам) да кой кайтарган. Мен да пайгамбар болуп жөнөтүлдүм жана Ажядда бүлөмдүн койлорун кайтарчумун»* *(Ибн Саьад, I, 126).*

Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* дал ошол кездерде жыйырма жаштын тегерегинде болгон.

Ал *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Эң кайырлуу жол менен турмуш кечирүүчүлөрдүн бири – дөбөнүн башында же болбосо, өзөндүн жакасында кой кайтарган адам. Ал намазын окуйт, зекетин берет, өлгөнгө чейин Раббисине ибадат кылат жана адамдарга жакшылык кылат»,* – деп айтуу менен чабандык кесиптин кайырлуу иш экенин билдирген.

Чабандардын ой чабыты тездеп, аң-сезими терендеп, мээ-

81. Хадисттин арапчасында айтылган «Карарит» деген сөздү айрым аалымдар Меккедеги бир жердин аты деп эсептешет. Ошол эле учурда акча бирдиги саналган «кираттын» көптүк түрдө айтылышы мүмкүн деген пикирлер да бар. Экинчи көз карашка назар сала турган болсок, Азирети Пайгамбарыбыз чынында эле күн сайын кой башына бир кырат б.а. динардын жыйырмадан бирин алып бакканын өзү билдирген.

римдүүлүк жана боорукерлик сезими өөрчүйт. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ушул нерсеге ишааратоо иретинде:

*«Оор басырыктуулук жана салабаттуулук кой кайтаргандарда болот»* деп айткан *(Бухари, Манакиб, 1; Муслим, Иман, 84/52).*

Койлорду багып жырткыч айбандардан кайтаруу кишидеги сабырдуулук, жоопкерчилик жана көзөмөлдөө жөндөмүн арттырат. Анткени, жаратылган макулуктарга боорукерлик көрсөтүү, алардын айбандык түшүнбөстүгүнө сабыр кылуу – бул пайгамбарларда гана боло турган маанилүү касиеттерден болуп саналат.

## Абалары менен чыккан саякаттары

Азирети Мухаммед он эки жашка келгенде Абу Талиб менен бирге соодагерлик кылуу үчүн Сирияга жол тартышты. Экинчи ирет соодагерлик үчүн он алты жашында Йеменге барган.

«Курайш уруусунан куралган соода кербени Дамаскка жөнөөгө камданып жатты. Бул кербенде Абу Талиб да бар эле. Жолго чыгар алдында бардык бир туугандары аны узатуу үчүн жыйналып келишти. Алар менен чогуу турган Мухаммедге жалдырай карап:

– Мени менен чогуу барасыңбы? – деп сурады.

Мухаммеддин жашы али бир топ кичүү болгондуктан, көпчүлүк абалары менен эжелери жол азабынан кыйналып же сыркоолоп калышынан чочуркап, уруксат бергилери келбей турушту. Алардын жүйөсүн макул көргөн Абу Талиб аны калтырып кетүүнү чечти. Көңүлү назик баланы бул чечим абдан капа кылды көрүнөт, ыйлап кирди. Абу Талиб сооротуу үчүн:

– Карачечекей инимден калган карааным! Эмне болду сага? Сени калтырып кетип жатканыма ыйлап жатасыңбы? – деди жалооруй.

Эки ааламдын данакери абасынын төөсүнүн чылбырына жабышып:

*– Абаке, мени кимге таштап кетип жатасың? Менде ата да, эне да жок!* – деди.

Абу Талиб көңүл жөлөгүнүн дилинин капаланып калганына түтпөдү көрүнөт:

– Кудайга ант болсун! Сени ала кетем! Эми экөөбүз тең бири бирибизден ажырабайбыз! – деди» *(Ибн Исхак. б. 53; Абу Нуайм, Далааил, I, 168).*

«Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* он алты жашка чыгып калганда Зубайр, абасы аны Йеменге алып кетүүгө Абу Талибден уруксат сурады[82]. Зубайр анын берекесинен пайдалангысы келсе керек.

Уруксат алган соң, Зубайр Пайгамбарыбызды коштоп кербен менен жолго чыкты. Бир күн жүрдүбү, эки күн жүрдүбү, айтор, бир өзөнгө туш келишти. Өзөндүн кууш келген босогосунда кирген буура жолдун ортосуна туруп алыптыр. Жакын жологонду жара тартчудай атырылат тим эле. Төөнүн чоңдугунан жана айбатынан корккон соодагерлер артка кайтууну ойлоно башташты. Азирети Пайгамбарыбыздын оюна бирдеме кылт этти көрүнөт:

– *Аны мага койгула!* – деп, топтун алдына өтүп, бууррага жакындап бара берди. Эми эле буркан-шаркан түшүп жаткан буура Азирети Мухаммедди *(саллаллаху алейхи васаллам)* көрө-

82. Диярбекри, I, 260.

рү менен жоошуп калды. Кирген бууранЫ жылоолоп минди да, жолдон четке чыгып турду. Өзөн аркылуу өтө турган төтө жолдон кербен тынч гана өтүп кеткен соң төөнү бошотуп берди.

Кербен сапардан кайтканда да чоң көйгөйгө туш болду. Сел жүрүп чар тарапты суу каптап кеткендиктен өзөндүн тамандагы кууш жолдон өтүү мүмкүн эместей көрүндү. Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул ирет дагы кербенге жол баштап берди:

– *Сиздер менин артымдан келе бериңиздер,* – деди. Өзү жол баштап кирди. Баары анын артынан ээрчип эч нерсе болбостон өтүп кетишти. Пайгамбарыбыз жол баштап киргенде, Кудай Тааланын амири менен суулар кургап кадимкидей жол болуп көрүндү» *(Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 282).*

## Кечил Бахира менен кездешүүсү

Курайштын бир топ аксакалдары жана билермандары менен Абу Талиб Дамаскка барган эле. Бул сапарга болочок пайгамбар да кошулган. Жол жүрүп келатып, Бахиранын чиркөөсүнө жакын жерге түнөп калышат. Бахира ошол доордогу христиандардын эң аалым адамы болгон.

Ошол күнү Бахира бир ажайып окуяга күбө болду. Кербен келаткан кезде кербендин арасынан бир гана кишинин төбөсүн ак булут көлөкөлөп келгенин, тыныгуу үчүн бир дарактын түбүнө олтурган кезде дарактын шактары ошол адамдын башына карай ийилгенин көрдү кайыптан. Бул ажайып көрүнүшкө күбө болгон Бахира:

– Эй, курайш жамааты! Атайын силер үчүн сый тамак бышырттым. Чоң-кичине дебей, бай-кул дебей, ак дасторконума

баарың келгиле! – деп чабарман жөнөттү.

Мурда келип-кетип жүргөн кербендердин бирөөсүнө да көңүл бурбаган Бахиранын бул топко чакырык таштаганы Курайш аксакалдарынын бүйүрүн кызытып жатты. Жолоочулар Бахиранын дасторконуна келишти. Ааламдардын асыл заты *(саллаллаху алейхи васаллам)* гана төөлөрдүн жанында калып калган эле. Келгендерди сыдырып көзүнүн ичи менен бир сыйра байкап баккан аалым китептен окуган сыпаттагы адамды кезиктире албады.

– О Курайш улуулары! Силер менен чогуу келип, бирок, дасторконго келбеген дагы ким бар? – деп сурады.

Четте олтурган бирөө:

– Бахира мырза! Буюмдардын жанында бир баладан башка эч ким калган жок. Эң жашыбыз болгондуктан, аны буюм-тайымдардын жанына таштап келдик, – деп үн катты.

Эринин кымтыган Бахира бир нерсени жүрөгү туйгандай:

– Аны да алдыртыңыздар. Жаш болсо да, биздин сыйыбыздан даам сызып кетсин! – деди.

Абасынын уруксаты менен Мухаммедул Аминди алып келишип дасторконго отургузушту. Кыраакы кечил өмүрүндө адам көрбөгөнсүп Азирети Мухаммеддин бутунун учунан башына чейин тигиле карап, таңыркаганын жашыра албай колдон алып меймандарына буларды айтты:

– Бул жигит ааламдардын кадырман инсаны болот. Бул ааламдарды жараткан Улуу Кудайдын Элчиси! Бул баланы Кудай Таала өзү ааламдарга кайрым кылып жөнөтөт!

Курайш улуулары анын сөзүнө түшүнө бербей:

– Сен аны кайдан билесиң? – деп сурашты.

Кечил айтты:

– Биздин китепте анын сыпаттары, өзгөчөлүктөрү жазылуу, мен муну ошо китептен окуганмын. Силер жакындап келген сайын жандуу-жансыз нерсенин баары ага таазим кыла салам айтканын байкадым. Жансыз нерселер пайгамбарга гана сажда кылышат. Мен айрыкча аны пайгамбарлык мөөрүнөн да таамай тааныдым, мен айтып жаткан мөөр баланын эки далысынын ортосунда.

Бахира Азирети Мухаммедден жана абасы Абу Талибден анча мынча суроолорду сураган соң алардын берген жоопторуна окуган маалыматтары дал келгенине кубанып Абу Талибге кайрылды:

– Ининди алып журтуна дароо кайткын! Жөөттөр ага зыян келтирип коюшпасын. Кудайга ант болсун, эгерде жөөттөр аны көрүп, таанып эле кала турган болушса, өлтүрүп коюшу мүмкүн. Анткени, бул бала арабдардан болуп жатпайбы. Жөөттөр болсо келе турган акыркы Пайгамбардын Исраил урпагынан болушун, өздөрүнөн чыгышын каалап да, самап да жүрүшөт. Сенин ининдин даңазасы жана зоболосу абдан көтөрүлөт!

Бахиранын өтүнүчү боюнча Абу Талиб Азирети Мухаммедди алып дароо Меккеге кайтты» *(Ибн Исхак, б. 54-55; Ибн Саьад, I, 155-155; Тирмизи, Манакиб, 3).*

Мына ушул окуяны бетке кармаган христиан чыгыш таануучулары Исламга көлөкө түшүрүү үчүн Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* Бахирадан көп нерселерди үйрөнгөн деген көз карашты айтып жүрүшөт. Бул деген акыйкатка сыйбаган терс көрүнүш. Биринчиден, Христиан дини Куранга жана тавхид акыйдасына карама-каршы келет. Анткени, Бахи-

ра Христиан дининин аалымы, башкача айтканда, поп болгон. Куран болсо бузулган Тооратты жана Инжилди тууралап толуктоо үчүн келип турса, кантип анан Алланын Элчиси ушундай бузулган диндин өкүлүнөн акыйкатты үйрөнө алсын?!

Маселен, Бахиранын дининин Кудай түшүнүгү антропоморфтук, башкача айтканда, киши баласына таандык кемпай сыпаттарды, өзгөчөлүктөрдү Жаратканга таңуулаган түшүнүккө ыктап өзгөргөн. А Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* алып келген Ислам дини тавхид пайдубалынын үстүнө курулган, кашкайган акыйкат дин болуп саналат. Исламдын Кудай таануу түшүнүгү ар кандай өксүк сыпаттардан аруу, таза жана абстрактуу.

Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыз келе электе Жараткан тарабынан жиберилген китепти тутунган пенделердин арасынан да Алланын көрсөткөн багытынан тайбай өмүр кечиргендердин кутулууга жетишерин Курани Карим мындайча билдирет:

إِنَّ الَّذِينَ آمَنُوا وَالَّذِينَ هَادُوا وَالنَّصَارَى وَالصَّابِئِينَ مَنْ آمَنَ بِاللهِ
وَالْيَوْمِ الآخِرِ وَعَمِلَ صَالِحاً فَلَهُمْ أَجْرُهُمْ عِندَ رَبِّهِمْ وَلاَ خَوْفٌ عَلَيْهِمْ
وَلاَ هُمْ يَحْزَنُونَ

**«Шек күмөнсүз ыйман келтиргендер, жөөттөр, христиандар жана саабилер**(ден) **Аллага жана акырет күнүнө ишенген жана ийги амалдарды аткаргандарга коркунуч жок жана алар кайгы касырет тартышпайт»** *(Бакара сүрөсү, 62-аят).*

Алланын Акыркы Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* бардык учурга жана бүтүндөй жер жүзүнө акыркы пайгамбар катары жөнөтүлгөндүктөн, андан мурунку бардык диндер өз кү-

чүн жоготкон, ишмердүүлүгү жарамсыз деп эсептелет. Ушул себептен Алла Таалага ыйман келтирип, Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбызга ыйман келтирбей коюу каапырлыкка жетелейт. Ушул жагын эске алганда бүгүнкү христиан жана жөөт диназарлары жогорудагы аяттын алкагына кирбей калышат.

Экинчиден, мусулманчылыкта акыйдадан кийин динди кармап турган ибадат жана мамиле деген олуттуу жоопкерчиликтер бар. Ислам дини жашоонун ибадатка багытталган эң туура ак жолун алып келген, коомчулуктагы алака-мамилелерди так түзүп, адилеттүүлүккө жана ахлактык негиздерге таянган, сот жана жаза иштерин камтыган укуктук системаны жараткан. Бахиранын done динде ибадат деген улуу иш бүлгүнгө учураган. Мамиле жана жаза иштери туруктуу жол-жобого коюлган эмес, жокко эсе деп айтсак жаңылышпайбыз.

Үчүнчүдөн, Куран жана тарых тастыктагандай, Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* окуганды да, жазганды да билбеген сабатсыз **«умми»** пенде болгон.

وَمَا كُنْتَ تَتْلُوا مِن قَبْلِهِ مِن كِتَابٍ وَلَا تَخُطُّهُ بِيَمِينِكَ إِذاً لَّارْتَابَ الْمُبْطِلُونَ .

بَلْ هُوَ آيَاتٌ بَيِّنَاتٌ فِي صُدُورِ الَّذِينَ أُوتُوا الْعِلْمَ وَمَا يَجْحَدُ بِآيَاتِنَا إِلَّا الظَّالِمُونَ

“**Сен ага чейин эч кандай китепти окуган жоксуң жана аны өз колуң менен жазган да эмессиң. Эгер антпегенде муну болбогон нерсе деп жаткандар** (катуу)

**шектенишмек. Ооба, бул илим берилгендердин көкүрөгүндөгү ачык-айкын аяттар. Биздин аяттарыбызды заалимдер гана четке кагат»** *(Анкабут сүрөсү, 48-49-аяттар).*

Төртүнчүдөн, Пайгамбарлардын султаны *(саллаллаху алейхи васаллам)* Бахира кечил менен жолугушкан кезде он эки жашта эле. Жолугушуу абдан кыска убакытта болуп өткөн. Эми жакшылап ойлонуп көрөлү, он эки жашар өспүрүмдүн алты миңдин тегерегиндеги аятты кыска убакытта жаттап, аны жыйырма сегиз жыл бою акылында сактап, кырк жаштан кийин аларды кокустан эле айтып, түшүндүрүп кириши акылга сыябы? Мүмкүн эмес! Кайра эле ушундай шарттарда Исламдай кынтыксыз жана ааламдарды камтыган улуу динди бир заматта үйрөнүп, анын ибадаттарын, социалдык өнүтүн, адамгерчиликтүү мамилелерин, укук, жаза жана изги адеп-ахлактык мыйзамдарын ойдо жок жерден жар салышы эч мүмкүн эмес. Акыл эси толук ар бир адам муну оной  эле андай алат.

Эгерде ушул акыйкаттарды Бахира өзү билген болсо, эмне үчүн өзү пайгамбар болбостон, улуу шарапатты бейтааныш бир балага кармата берген?!

Бешинчиден, Бахиранын окуп, жазып, колдонгон тили ивритче, ал эми Курани Карим болсо нукура адабий араб тилинде.

وَلَقَدْ نَعْلَمُ أَنَّهُمْ يَقُولُونَ إِنَّمَا يُعَلِّمُهُ بَشَرٌ لِّسَانُ الَّذِي يُلْحِدُونَ إِلَيْهِ
أَعْجَمِيٌّ وَهَـٰذَا لِسَانٌ عَرَبِيٌّ مُّبِينٌ

**«Чынында, биз алардын: «Куранды Мухаммедге башка адам үйрөтүп жатат» деп айтканын билебиз.** (Бирок, алардын бул сөздөрү болбогон негизсиз сөз, себеби) **кыйыта каңкуулап жаткан адамдын тили асти башка, бул**

(Курандын тили) **болсо нукура арабча»** *(Нахл сүрөсү, 103-аят).*

Курани Карим тилинин илимий жактан жогорку деңгээлде болгондугу жана сөз байлыгы жагынан арабдардын мен деген залкар акындарын, жадагалса, ааламды беттешүүгө чакырганга дымактуу, деңгээли да жогору китеп. Исра сүрөсүнүн 88-аятында мындайча буйрулган:

قُل لَّئِنِ اجْتَمَعَتِ الإِنسُ وَالْجِنُّ عَلَى أَنْ يَأْتُوا بِمِثْلِ هَـذَا الْقُرْآنِ لاَ يَأْتُونَ بِمِثْلِهِ وَلَوْ كَانَ بَعْضُهُمْ لِبَعْضٍ ظَهِيراً

**«Айткын: «Ант болсун, эгер бардык инсандар менен жиндер мына ушул Курандын окшошун келтирүү жолуна биригип келип, бар мүмкүнчүлүгүн жумшашса да, ага окшогон** (Куран)**ды келтире алышпайт».**

Алтынчыдан, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Бахира менен жолугуп жаткан учурда, жолугууга көптөгөн курайш уруусунун мушриктери да күбө болгон. Эгерде жалаакорлордун жалаасында аз болсо да акыйкаттын үлүшү болгондо, Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* пайгамбарлыгын алгач жарыялаган күндөн тарта бүт өмүрүн, болгон мүмкүнчүлүктөрүн каапырлыкка, каршылыкка жана ага душмандык кылууга сарптаган мушриктер ошол окуяны эң биринчилерден болуп айтып чыгып, чатак чыгарары турган иш эле. Бирок, курайш мушриктери бул маселе боюнча эч нерсе айтышкан эмес. Мындай жалаанын эч нерсеге жарабасын, акыйкатка карама-каршы келерин алар жакшы билишкен.

## Хилфул-фудул

Арам айларындагы согуштарды арабдар «Фижар согушу» деше турган. Фижар согушу төрт жолу болгон. Курайш жана кинана уруулары менен хавазин уруусу бетме-бет келген төртүнчү Фижар согушуна Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* да катышкан.

Кандай шартта, кайсы мезгилде болбосун, Мухаммед Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир гана дурус адамдардын, адилеттүүлөрдүн жана кордук көргөндөрдүн катарында, жанында болгон. Ошол учурда жашы жыйырмаларда эле. Бул согушка абалары менен катышканы менен, бир дагы адамдын канын төккөн эмес. Болгону душмандар тарабынан атылган окторду абаларына терип берип жүргөн[83].

Согуш бүтүп, ар ким өз тиричилиги менен алпурушуп жүргөн кезде зубайд уруусунан йемендик бир адам соодагерлик кылып Меккеге келген. Ошол кез арам айларынан зулкаада айы эле. Соодагердин болгон мүлкүн курайштын тың чыкмаларынан Ас бин Вали сатып алганы менен акчасын бербей койгон. Жаны күйгөн соодагер абдуддар, махзум, жумах, сахм жана адий бин каб сыяктуу Меккедеги майда уруулардын аксакалдарына арызданган. Бирок, алар жабырлануучу соодагердин ишин адилеттүүлүк менен тескеп коюунун ордуна, Ас бин Валиге жан тартып, соодагерди жектеп шылдың кылышкан.

Айласы түгөнгөн соодагер Абу Кубайс тоосуна чыгып «О Фихр Урпагы!» деп кыйкырып мундуу ырды ырдады. Башына келген заалимдикти жана адилетсиз жоруктарды жар салып уккандарды жардамга чакырды. Дал ошол учурда курайштын

83. Ибн Хишам, I, 198; Ибн Саьад, I, 126-128.

аксакалдары жана билермандары Каабанын жанында олтурушкан эле. Кордук көрүп, запкы чеккен адамга эң алгачкылардан болуп Азирети Пайгамбарыбыздын абасы Зубайр жардамга чуркады. Курйштын билермандары менен Абдуллах бин Жудандын үйүнө жыйналышты.

Абдулла аларга сый тамагын бергенден кийин, ким болбосун, кордукка кабылган адамдын акысын алып берүүгө, заалимдик менен күрөшүүгө өз араларында ант ичип, сөз бекемдешти.

Хилфул-фудул уюму эң алгач зыянга учураган соодагердин акысын Ас бин Валиден алып берүү менен баштаган. Ошондон тарта бул уюм Меккеде заалимдердин кордугуна, адилетсиздигине тепселген канчалаган чакырыктарга барышпасын, бардыгын жатык тил, жумшак мамиле менен чечип беришкен. Адилеттүүлүктү кайра жаратуу үчүн албан-албан салымдарын кошуп, көп кайрат кылышкан[84].

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* караңгылык доордо дитин коюп катышкан уюм – Хилфул-фудул уюму болгон. Анткени, бул накта адилеттүүлүктүн уюму эле. Пайгамбарлык берилгенден кийин бул уюм тууралуу төмөнкүдөй оюн билдирген:

*«Абаларым менен бирге Абдуллах бин Жудандын үйүндө Хилфул-фудулду түздүк. Ошол жыйналышка ушунчалык сүйүнгөнүмдү айтпа. Анын ордуна кызыл төөлөр (т.а. ошол доордун эң кымбат унаасы, байлыгы) берилсе да, анчалык сүйүнбөс элем. Ошол антташууга ушу азыр чакырылчу болсом да баш тартпай, катышар элем» (Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 295-296; Ибн Саьад, I, 128-129).*

84. Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 295-296; Ибн Саьад, I, 128-129

## Алланын Элчисинин соода ишине аралашуусу

Меккенин калкы соода-сатык менен алектенип турмуш кечиришер эле. Меккеден өндүрүлгөн буюмдарды сырткы өлкөлөргө өткөрүп, ал жактан алынып келинген буюм-тайымдарын ажылык мезгилинде Меккеде болуп өтүүчү жарманкеге коюп сатышчу.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* жаш кезинде абалары менен бирге кербенине кошулуп, Сирияга менен Йеменге барып келген. Андан кийинки жылдарда Азирети Хатижанын кербенин Йемендин Жураш базарына эки жолу жетектеп барып, ийгиликтүү сатып келгендиги үчүн эки жолкусунда тең сыйлык катары бирден жаш атан төө алган.

Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* Азирети Хатижанын соода кербенин Тихамадагы Хубаша базарына да баштап барган. Бул сапарга Азирети Хатижанын кызматкери Майсара менен чогуу барган. Ал жактан Тихама кездемесин апкелип, Хаким бин Хизамга сатышып, капчык толо пайда алып келишкен.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Мен Хатижадан өткөн кайырлуу ортокту көргөн эмесмин»* деп, аткарып келген ишин баалагандыгын, акысын ашыгы менен бергендигин айтып калар эле *(Халаби, I, 221; Айни, X, 104).*

Күндөрдүн биринде Абу Талиб Азирети Мухаммедге *(саллаллаху алейхи васаллам)* кеңеш салды:

– Кагылайын карааным! Көрүп турасың, мен кембагал адаммын. Ачарчылык менен кургакчылык мал-мүлктү да, сooданы да калтырбай алып кетти. Ушу тапта бир соода кербени Дамаскка жөнөгөнү турат. Кербендин ээси Хувайлид кызы Хатижа. Ал

мал-мүлкүн сатып келе турган адам издетип жатат. Уушу тапта ал сен сыяктуу ишеничтүү, пакиза жана убадага бек адамга абдан муктаж деп ойлоймун. Кербенге сени башчы катары алсын үчүн өзү менен бир сүйлөшүп көрсөк кандай болот экен. Ишке тактыгыңдан улам сени башкалардан артыкча көрөрүнөн шегим жок. Негизи, сен Дамаск тарапка жөнөткүм келбей турат. Бирок, башка чарабыз жок иним.

Азирети Пайгамбарыбыз менен абасынын ортосундагы сүйлөшүү Азирети Хатижага жетери менен –Мухаммеддин бул ишке катышаарын ойлобоптурмун. Жакшы болодубу, – деп, аны дароо алдырып, башкаларга сунуштап жаткан акыны ашыгы менен төлөп берерин айтып, кербенди Дамаскка баштап барып, сатып келишин өтүндү.

Ааламдардын ардагынын *(саллаллаху алейхи васаллам)* абдан ишенимдүү, чынчыл жана адеп-ахлактуу адам экендигин мурунтан эле билер эле[85].

Ошентип, Азирети Мухаммед Хатижанын кызматкери Майсара менен бирге кербенге башчылык кылып Меккеден жөнөп кетишти. Жолго чыгардан алдын Хатижа Майсарага буларды айтты:

– Кандай гана жагдай болбосун, Мухаммедге баш ийип жүр! Анын ар бир сөзүн аткаргын!

Жол узак. Анын үстүнө, чөлдүн куму жүк жүктөнгөн төөлөрдү ашыкча чарчатат. Бир топ жол жүргөн соң эки төө чаалыгып кербенден артта калды. Алардын топтон бөлүнүп калып калышынан кабатырланган Майсара жете келип абалды билдирди. Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* артта

85. Ибн Хишам, I, 203; Ибн Саъад, I, 129; Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 297.

калган төөлөргө барып буттарынан сылап койгондо, чаалыгып жыгылайын деп турган унаалар желип-жортуп кербендин алдына чыга келишти. Бул ажайып окуяга күбө болгон адамдар анын кызматына кол сунуп, аны коргоого ала башташты[86].

Элчилердин Султаны *(саллаллаху алейхи васаллам)* соодагерликте болсун, соодагерден бир нерсе сатып алууда болсун, өмүр бою баарына тегиз карап, абдан сылык, абдан так мамиле жасаган. Эгерде бирөө жарымга сөз берген болсо, убадасын так орундаткан.

Ибн Аббас (Алла ага ыраазы болсун) анын *(саллаллаху алейхи васаллам)* өмүр жолунун ар белесин беш манжасындай жакшы билген адам катарында мындайча эскерген:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир нерсе айта турган болсо, аны сөзсүз түрдө орундатар эле» *(Бухари, Шахадат, 28).*

Саиб бин Абу Саиб (Алла ага ыраазы болсун) риваят кылат:

«Алланын Элчисинин жанына бардым. Сахабалар мени мактап, мен тууралуу жакшы нерселерди айта башташты. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-*Мен аны силерден да жакшы тааныймын,* – деди.

Пайгамбарымдын бул сөзү үчүн териме батпай сүйүнүп:

– Атам-энем жолуна курман болсун, Пайгамбарым! Туура айтып жатасың. Сен менин ортогум элең, болгондо да эң мыкты орток болчусуң. Чатак салмак тургай каршы чыкпайт элең, – дедим» *(Абу Давуд, Адаб, 17/4836; Ибн Мажа, Тижарат, 63).*

Көптөгөн үлгүлүү жактарынан улам ага аль-Амин жана ас-

86. *Диярбекти*, I, 262.

Саддык сыпаттары берилген. Ошол окуялардын бирин Абдуллах бин Абил Хамса төмөнкүчө баян этет:

«Ал мезгилде пайгамбарлык бериле элек эле. Бир жолу Азирети Мухаммед менен соодалаштым. Натыйжада, мен ага бересе болуп калдым. Бир аз күтө турган болсо, жеткирип беремимди айтып жүрүп кеттим. Бирок, кашайып берген убадамды унутуп коюптурмун. Убадам эсиме түшкөндө арадан үч күн өтүп кетиптир. Эмнеси болсо да бир барып көрөйүн деп убадалашкан жерге барсам, ал баякы жерде туруптур.

Ишенимдүүлүктүн жана берилгендиктин туу чокусун багынткан Алланын Элчисинин ахлактык аруулугуна таазим кылуу керек. Убадага турбагандыгым үчүн мени айыптабастан жөн гана:

– О, *жигит! Мени кыйнап койдуң го, үч күндөн бери ушул жерде күтүп турам»* деп койду сылык гана» *(Абу Давуд, Адаб, 82/4996).*

Пайгамбарлык бериле электе болуп өткөн мына ушул сыяктуу өрнөк окуялар биринен өтүп бири пайдалуу жана хикматтуу эле. Аныгын айтар болсок, мындай асылдыкты пайгамбар боло турган адам гана көрсөтө алат.

Эгер Алла Таала каалаcard, бала кезинен тарта аны ырыскынын артынан чуркатпастан молчулукта жана токчулукта бардар кылып жашатып койор эле. Алла Таала андай кылган эмес. Акыркы Элчисинин өз колу, өз мээнети менен ырыскысын таап, турмуш кечирүүсүн жана үммөтүнө мээнеткечтиги жагынан да үлгү болушун каалаган. Мандай тер менен турмуш кечирүүнүн таттуулугун Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындайча нускалаган:

*«Өз мээнети менен тапкандан да кайырлуу ырыскыны эч*

*бир адам жеген эмес...* » *(Бухари, Буйу, 15; Анбия, 37).*

Айрыкча, журт атасы же жол баштай турган бирөө тиричилик муктаждыгын белек-бечкектер менен камсыздады дегиче, анын кадыр-баркы кетет, чакырыгы таасирлүү болбойт, насаатынын жугуму болбойт. Алла Таала бардык пайгамбарларына:

وَمَا أَسْأَلُكُمْ عَلَيْهِ مِنْ أَجْرٍ إِنْ أَجْرِيَ إِلَّا عَلَى رَبِّ الْعَالَمِينَ

**«Мен бул** (чакырыгым) **үчүн силерден эч кандай акы сурабаймын. Менин акымды Ааламдардын Раббиси гана берет»** деп айтууну буюрган *(Шуара сүрөсү, 109, 127, 145, 164, 180-аяттар; Юнус сүрөсү, 72; Худ сүрөсү, 29-аяттар).*

Мына ушул аярлыкты эң сонун кылып айткан белгисиз акынга көңүл буралы:

Эч бирөөнүн ыроосун кылба талап,

Акысы анын-бүт эркиндик, накта азап.

Ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* өз мээнети менен киреше таап турмушун кечиргендиктен, чыныгы эркин жана көз карандысыз киши болгон.

## Кечил Настуранын аныктоосу

Соода кербени Дамаск аймагынан чыгып, Бусрага жетип калган. Кербендегилердин арасында Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* да бар эле. Узун жолдон чаалыгып келген жолоочулар Бусра базарында Кечил Настуранын чиркөөсүнө жакын жердеги зайтун дарагынын түбүнө конуп калды. Мурдалары Майсара менен тааныш болуп калган Настура Азирети Пайгамбарыбызды ишааратtап сурады:

– Тиги дарактын астында олтурган адам ким болот?

– Курайш уруусунан бирөө

– Анын көздөрү бир аз кызарып калганбы?

–Ооба, көздөрү дайым эле кызгылтым тартып турат.

Насура:

– Дал ошол, пайгамбарлардын акыркысы! Эх аттин, ал Пайгамбар болуп жөнөтүлгөн доорго жетсем кана! –деп улутунуп алды *(Ибн Саьад, I, 130-156; Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 297-298).*

Меккеге кайтуу үчүн жолго чыккан кербен Бусрадан айрылды. Күн кайнап турган кезде Азирети Мухаммедди *(саллаллаху алейхи васаллам)* эки периштенин көлөкөлөп жүргөнүнө Майсара күбө болду. Кербен болуп көрбөгөндөй киреше менен кайтты[87].

## Азирети Хатижа менен никелешүүсү

Майсара жолго чыккандан кайтып келгенге чейинки өз көзү менен көргөн ажайып окуяларды, Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* сулуулугун жана адаттан сырт касиеттерин ийне жибине чейин Хатижага баяндап берди. Кербендин кирешелүү келиши жана Майсаранын берген маалыматы Хатижаны арбап алгандай болду. «Ишеничтүү изги инсан менен баш кошсом» деген арзуу бүчүр алды кадырлуу айымдын жүрөгүндө.

Азирети Хатижанын жакын досу Нафиса бинти Умаййа бул никелешүүнүн кандайча жүзөгө ашканын төмөнкүчө эскерген:

87. Ибн Саьад, I, 130, 156-157.

«Хувайлид кызы Хатижа иштин көзүн билген, кайраттуу, мүнөзү туруктуу, кадыр-баркы бийик жана намыстуу аял болгон. Коомчулуктагы не деген гана зобололуу эрлер аны менен баш кошууга жан далбас урбады, бирок, бири да жүзөгө ашкан жок. Ошентсе да, Азирети Хатижа Азирети Мухаммеддин тунук мүнөзүнө жана мыкты адамгерчилигине туруштук бере албады, багынып берди. Азирети Мухаммед Дамасктан кайтып келгенден кийин Хатижа баш кошуу тилегин билдирүү үчүн мени ортомчу кылып жөнөттү.

– Мухаммед! Сен эмне үчүн үйлөнбөй жүрөсүң? – деп сурадым.

*– Каржы мүмкүнчүлүгүм жок туруп кантип үйлөнөм?*

– Андай болсо мал-мүлктүү, шарапаттуу жана намыстуу, сулуу айым менен үйлөнүүгө кандай дейсиң?

*–Ким экен ал?*

– Хатижа, – дедим.

*– Сенин пикириңде ушул болчу нерсеби?*

–Ал жагын мага кой.

*–Андай боло мен сенин айтканыңды кыламын,* – деди.

Андан чыгаарым менен Хатижага барып абалды билдирдим» *(Ибн Саьад, I, 131).*

Ошентип, Азирети Хатижа Нафисанын ортомчулугу менен кутман Пайгамбарыбызга баш кошуу сунушун билдирди. Сунушту абасы менен кеңешип көргөн соң, Абу Талиб Хатижанын агасы Амр бин Асадка куда түшүп, жуучулука барды.

Кыска убакыттын ичинде Абу Талиб менен Азирети Хати-

жанын тууганы Варака бин Навфал алмак-салмак нике дубасын окушту. Андан соң Амр тик туруп чакырылган элге: «– О Курайш жамааты! Күбө болгула, мен Хувайлиддин кызы Хатижаны Абдулланын уулу Мухаммедге никелеп жатам!»[88] – деп кайрылды.

Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* жубайына михр катарында жыйырма жаш төө берди[89].

Ал алгачкы үйлөнгөн кезде жыйырма беш жашта болгон. Таалайлуу айым Азирети Хатижа болсо Азирети Пайгамбарыбыздан он беш жаш улуу, балалуу жесир аял эле.

Хатижа эне мээримдүү жана камкор аялзаты катары Азирети Мухаммедге жаңы күч-кубат, жаңы тирек болуп берди.

Пакиза жана барктуу бүлөнүн мүчөсү Азирети Хатижа адеп-ахлагынын мыктылыгы, кишилик сапатынын жогорулугу, адамгерчиликтүүлүгү жана абийирдүүлүгү жагынан алдына эч кимди салдырбагандыктан, Исламдан мурда «Афифа» жана «Тахира» деген сыпаттары бар эле. Ал эми Ислам келгенден баштап «Хатижатул Кубра» деген наамга татыктуу болгон[90].

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ал жөнүндө мындай деген:

*«(Акыреттеги) эң кайырлуу аялзат Имрандын кызы Мариям. (Бул дүйнөдөгү) эң кайырлуу аялзат Хувайлиддин кызы Хатижа» (Бухари, Манакибул Ансар, 20; Муслим Фадаилус-Сахаба, 69).*

Алланын Элчиси Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* күлгүн жигит курагында мына ушул алгачкы никелешүүсү анын напсилик каалоолорго берилбеген адам экенди-

88. Диярбекри, I, 264; Якуби, II, 20.
89. Ибн Хишам, I, 206; Ибн Асийр, Усдул Гааба, I, 23.
90. Ибн Саад, VIII, 14-15.

гин, жадагалса, андай нерселерге маани бербегендигин айкын көрсөтүп турат. А эгерде, тескерисинче, напсинин артынан чуркаган пенде болгондо, өзүнөн он беш жаш улуу балалуу, жесир аял менен эмес, балким, өзү теңдүү же өзүнөн жашыраак аялзаты менен үйлөнмөк. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* үйлөнө турган аялдан мөлтүрөгөн жаштык, суйкайган сулуулук сыяктуу убактылуу жагымдуулуктарды издеген эмес, тескерисинче нарктуулук, адамгерчилик, ак ниеттүүлүк жана изги ахлак сыяктуу бийик артыкчылыктарды издеген.

## Алланын Элчисинин көп аялга үйлөнүшүнүн себептери

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* элүү беш жашынан кийин гана башка аялдар менен баш кошкон. Анын ар бир никесинин өзүнчө маанилүү себептери жана даанышман сырлары бар. Алла Таала:

لَقَدْ كَانَ لَكُمْ فِي رَسُولِ اللهِ أُسْوَةٌ حَسَنَةٌ لِّمَنْ كَانَ يَرْجُو اللهَ وَالْيَوْمَ الْآخِرَ وَذَكَرَ اللهَ كَثِيراً

«(О момундар)**, силер үчүн, Алла жана акырет күнүнөн үмүткөр болгон, ошондой эле, Алланы көп эстеген пенделер үчүн Алланын Пайгамбарынын** (ыйман, ишеним жана кулк-мүнөзүндө) **изги өрнөк бар»** *(Ахзаб сүрөсү, 21-аят)* деп жансап, адамзатка үлгү боло турган көсөм инсан, улуу Пайгамбар тууралуу жаман ойдо болуу же жалаа жабуу – бейкапарлыктын, кайдыгерликтин жана наадандыктын белгиси экенин кыйыр түрдө билдирген.

Жараткан Алла Таала сүйүктүү Пайгамбарыбызды миң сырлуу турмуш үчүн миң кырдуу өрнөк инсан кылып жараткан. Бул өңүттөрдүн эң башында үй-бүлөлүк турмуш орун алат. Биз бул жерде Пайгамбарыбыздын үй-бүлөлүк жашоосун ийне жибине чейин иликтебейбиз жана мусулмандардын энелери саналган анын бардык зайыптары тууралуу кеп салбайбыз. Эгерде ар бирин түшүндүрө турган болсок чектен чыгышыбыз мүмкүн, бир чети китеп да түтпөс. Болгону, көп аялга үйлөнүшүнүн белгилүү артыкчылыктарын гана айта турган болсок, балким, жетиштүү жана туура пикирге жете алабыз.

Жаштык кезде кишинин напсиси ээ-жаа бербей азоолонуп турганы турган. Ал эми Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* жаштык кезине сереп сала турган болсок, Ал улуу адеп-ахлактын, ариеттүүлүктүн жана намыскөйлүктүн жападан жалгыз үлгүсү болгон деп жыйынтык сөздү айта алабыз. Мекке калкынын ага «Аль-Амин» деп наам бергенинен муну оңой байкоого болот. Пайгамбарлыгын жарыя кылгандан көзү өткөнгө чейин Азирети Мухаммедге мушриктер ушул маселеде эч кандай жаман сөз айткан же жалаа жапкан эмес.

Азирети Пайгамбарыбыз Меккеде жашап турганда, болгону бир гана жолу үйлөнгөн. Башта айтып кеткендей, алгачкы үйлөнүүдө Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* 25 жашта, ал эми энебиз Хатижа болсо 40ка чыгып калган зайып эле. Экөө жыйырма беш жыл жашаган. Ушу жыйырма беш жыл ичинде Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* экинчи бир аялга үйлөнгөн эмес. Арийне, ошол доордун үрп-адаты эки же андан ашык аялга үйлөнүүгө уруксат берер эле.

Азирети Хатижа (Алла ага ыраазы болсун) энебиз көз жумгандан кийин гана бир аз жашы өтүп калган тул Азирети Сав-

да (Алла ага ыраазы болсун) менен баш кошкон. Хабашистанга (Эфиопия) көчүп барган соң күйөөсү каза тапкандан кийин, Савда жалгыз калган. Мусулмандыкты кабыл алгандыгы үчүн туугандары аны басмырлап, жардам бермек тургай кароосуз калтырышкан. Кордолуудан, жалгыздык дартынан сактап калуу үчүн Азирети Пайгамбарыбыз аны менен баш кошкон.

Мединага көчүп (хижрат) баруу менен жаңы доор, жаңы бурулуш башталган. Ал *(саллаллаху алейхи васаллам)* ошо кезде Пайгамбарлыкты да, жаңы түптөлгөн мамлекет башчылыгын да, аскер башчылык милдетин да аркалаган. Ошол эле учурда, ал кыяматка чейин жашап өтө турган адамзатка Исламды кынтыксыз түрдө жеткирүүгө милдеттүү тарбиячы да болгон. Жогорудагы вазийпаларын биринчи кезекте өз үлөсү менен кынтыксыз жүзөгө ашыргандыгын оңой байкоого болот. Кыскасы, анын бирден көп аялга үйлөнүшүнүн диний, социалдык, экономикалык жана моралдык себептери жана даанышман сырлары болгон.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* жубайларынын арасынан жалгыз Азирети Аишаны (Алла ага ыраазы болсун) гана кыз абалында алган. Жаш болгонуна карабай Аиша абдан зээндүү, акыл-эси тунук, тиричиликке тың эле. Айрыкча, акыркы Пайгамбардан аялдарга тиешелүү укуктук эрежелердин бир тобун үйрөнүп калган. Пайгамбарыбыздын көзү өткөндөн кийин, болжол менен элүү беш-алтымыш жыл бою укуктук ар кандай маселелер, биринчи булак катары саналган Азирети Аишадан сахабаларга, алардын балдарына, жадагалса неберелерине чейин жеткирилген. Мына ошол себептүү Азирети Пайгамбарыбыз:

*«Дининердин үчтөн бирин Аишанын үйүнөн үйрөнгүлө!»*

*(Дайлами, II, 165/2828)* деп айтуу менен жогорудагы чындыкты дагы бир жолу тастыктап кеткен. Анткени, Пайгамбарыбыздан эң көп хадис риваят кылган жети адамдын (муксирийн) бири Азирети Аиша болгон. Ал 2210 хадис маалымдап калтырган. Маалымдап кеткен хадистердин 194ү Бухари менен Муслимдин хадистер жыйнагына алынган.

Азирети Аиша энебиз (Алла ага ыраазы болсун) чынында эле Курани Каримди, адалдарды, арамдарды, укукту, медицинаны, поэзияны, арабдардын икаяларын жана санжыраны абдан мыкты билген инсан болгон. Сахабалар кандайдыр бир маселе боюнча талашып, так жооп табалбай калган кезде дароо анын пикирин сурашкан. Жадагалса, айрым татаал маселелер боюнча алдыңкы сахабалар да Аиша энебизге кайрылышкан[91].

Абу Муса (Алла ага ыраазы болсун) :

«Риваят кылынган хадистердин кай биринде кандайдыр бир маселе чыгып кала турган болсо, дароо барып аныгын Аишадан сурачубуз. Маселени жайгара турган чечимди сөзсүз андан алар элек» деп билдирет *(Тирмизи, Манакиб, 62).*

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Аиша энебизге үйлөнүү менен Азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) экөөнүн ортосундагы тээ мурунтан берки бекем достукту туугандык менен дагы бекемдеп чыңаган.

Ошондой эле, Азирети Пайгамбарыбыздын Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун) менен да тыгыз туугандык жайы болгон. Тактап айтканда, Мухаммед *(алейхис салам)* Азирети Умардын Хафса аттуу кызы менен баш кошкон. Хафсанын мурунку күйөөсү Бадр согушунда жараланып шейит кеткен эле.

91. Ибн Хажар, аль-Исаба, IV, 360.

Азирети Умар ушу себептен Абу Бакир менен Азирети Усмандын (Алла ага ыраазы болсун) бирине кызынын башын байлап коюуну көздөгөн. Жүйөлүү пикирин аларга да билдирген. Пикири жоопсуз калгандыктан жароокер сахаба кыйлага дейре капаланып жүргөн. Алланын тагдыры экен, акырында хижраттын үчүнчү жылы Азирети Пайгамбарыбыз Азирети Хафсаны (Алла ага ыраазы болсун) никелеп алган. Мына ушул жакшылык иш мурунку таарынычтарды унуттуруп эски достордун ортосун ого бетер бекемдеген.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* Зайнап эне (Алла ага ыраазы болсун) менен баш кошушу, кыйла талаш-тартыштарды жаратканы менен, даанышмандуулуктун сырына абдан бай жакшылык иш болуп саналат. Пайгамбарыбыз бир кездерде эжесинин кызы Зайнапты көңүлү жоктугуна карабай өзүнүн азат кылган кулу жана асырап алган баласы Зайд менен баш коштурган. Ал, мындай чечкиндүүлүк менен бай-кедей, аксөөк-каратаман деген бөлүнүүлөргө өзүнүн эң жакындарынан баштап чекит койгонун жарыялаган. Ошентсе да, Зайнаптын көңүлүнүн жоктугу, туугандарынын жолто болушу жана кийлигишүүсү сокку болуп, бул нике кыйын абалга тушуккан. Чыдамы кеткен Зайд Азирети Пайгамбарга аны менен ажырашуу ниетин билдирген. Бирок, жооп алалган эмес. Акырында келечегине көзү жетпеди көрүнөт, Зайд Зайнап менен ажырашып кеткен.

Андан көп өтпөй Азирети Пайгамбарыбызга эжесинин кызы Зайнап менен үйлөнүү боюнча Кудай Тааланын буйругу келген. Мына ушул аяттын негизинде карангы доордогу «асыранды балдардын койо берген аялдары менен үйлөнүүгө тыю салынган эрежени» Зайнапка үйлөнүү менен жараксыз кылып, башкача айтканда, салт болуудан чыгарып салган. Бул иш ар-

кылуу асыранды бала менен өз баланын айырмачылыктарын, экөөнө эки башка алака болорун ортого койгон.

«Мухаммед Пайгамбар Зайнаптын сулуулугуна арбалгандыктан үйлөнгөн» сыяктуу суу кечпеген ушак-айындарды чыгарган көрпенделер төмөнкү жагдайларды көрүүгө кудуреттери жеткен эмес:

1. Зайнап Азирети Пайгамбарыбыздын эжесинин кызы болгон. Аны бала кезинен бери көрүп-билип өскөн.

2. Азирети Пайгамбарыбыз анын колун сураганда мындай орундуу сунушту Зайнап эне Зайддан мурда деле жан-дили менен кабылдайт эле. Аны менен баш кошууга эч кандай тоскоолдук жок эле. Бирок, ал аны аруу тилекти, улуу максатты көздөп, башка менен баш коштурган. Ажырашуу маселесин чечип берүүнү өтүнгөн Зайддын сунуштарын далай жолу четке каккан.

Жөөттөрдүн журт атасынын кызы Сафия менен Хайбарда баш кошкон. Бул никенин маанилүү себептери жана пайдалуу жактары болгон. Мусулмандар менен жөөттөрдүн ортосундагы суз мамилени жөнгө салуу максатында куда-сөөктүк карым-катыш жолун тандап алганы – накта даанышмандыктын белгиси. Бул иште саясий максатка таянган көрөгөчтүк басымдуулук кылат *(Ибн Хажар, аль-Исаба, 4, 347).*

Жувайрия (Алла ага ыраазы болсун) эне менен үйлөнүүсү согуш маалында колго түшүрүлгөн жүздөгөн туткундардын боштондукка чыгышына жана алардын Исламды кабыл алышына себеп болгон *(Абу Давуд, Ытк, 2).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Абу Суфяндын кызы Умму Хабиба менен да баш кошкон. Мында, азап тартып жүргөн момун мусулман аялга жардам берүү деген улуу

максат болгон. Анткени, Умму Хабибанын мурунку күйөөсү Эфиопияда көз жумган. Андан кийин айрылуунун жана жалгыздыктын азабын тартып, кембагалчылыкта эптеп жашап жүргөн. Өз атасы Абу Суфян карөзгөй мушрик болгондуктан, ага жардам сурап барууну Умму Хабибанын пакиза ыйманы эп көрбөгөн. Азирети Пайгамбарыбыз аны өз карамагына алуу менен кароосуз калуудан коргоп калган. Ошол эле учурда, бул никелешүүгө күбө болгон Мекке мушриктеринин мусулмандарга болгон душмандыгы бир аз басандаган *(Аль-Мумтахана, 7; Вахиди, б. 443).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* шакыбатынын күчтүүлүгү же аял жандуу болгондугу үчүн үйлөнө турган болгондо, Мединада мухажирлер менен ансарлардын мөлтүрөгөн ай чырайлуу сулуу кыздары бар эле. Баары Азирети Пайгамбарыбызды күйөө бала кылып алууну самашчу. Ошондой эле, «Пайгамбардын жубайы», «момундардын энеси» болууну кыялданган, арзуу кылган кыздар көп эле. Бирок, Алланын сүйүктүү Элчиси мындай жолго барууну оюна да алган эмес.

Мына ушул өңдүү диний, саясий, социалдык, экономикалык, адеп-ахлактык себептерден улам, айрыкча, аялдарга тиешелүү укуктук маселелерди мыкты билген, ибадаттык маселеде тажрыйбасы мол, динге астейдил, ыкластуу инсандарга муктаждыктын себебинен Алланын ардактуу Элчиси Мухаммед Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* көп аялга үйлөнгөн. Кээ бир укуктук маселелердин белгисиз өкүмдөрү тууралуу жалгыз аялдын маалыматы канааттандыраарлык так болбой калышы мүмкүн эле. Доорлорду жана бүтүндөй адамзатка кучак жайган Ислам дининин аялзатына жана үй-бүлөгө байланышкан укуктук түшүнүгү, эреже-жоболору жалгыз кишинин берген маалыматы менен, балким, бизге чейин толук жетпей калышы мүмкүн эле. Айрыкча, ошол жалгыз аялдын Азирети Пайгамбарыбыздан

мурун көзү өтүп кетпешине эч ким кепилдик бере албас эле. Эгерде ушундай жагдай жараян эткенде, Исламдын аялзатына тиешелүү укуктук эреже-жоболору толук түптөлбөй калмак.

Маселен, эркектерден сурагандан уяла турган, аялдарга тиешелүү көп маселелер бар. Андай маселени аял өз араларында билген аялдан тартынбай сурап алат. Ушул өңүттөн караганда, билимге каныккан, ошол багытта өзүн мыкты жетиштирген мусулман аялзатына мусулман коомчулугу ар дайым муктаж болуп келген. Эми ойлонуп көрөлү, Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен чогуу өмүр кечирген, маселелердин түйүнүн андан үйрөнгөн жана анын ары сыпайы, ары жароокер таалим тарбиясына каныккан жубайларынан башка бул жаатта билими күчтүү, маалыматы жетиштүү аял болушу мүмкүнбү?

Жогоруда айтылган себептердин эң салмактуусу – Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* жубайларынын Кудай Тааланы сүйүп, Андан коркуп жана Анын ыраазылыгын самап, ибадат менен жашап өткөндүгү. Алардын өзгөчө өрнөктүү өмүр жолу бизге жана үй-бүлөбүзгө көөнөргүс үлгү болуп кала бермекчи.

«Алланын Элчисинин көп аялышы азыркылар үчүн үлгү болушу мүмкүнбү?» деген суроого мындай деп жооп берүүгө болот:

«Азирети Пайгамбарыбыздын жеке өзүнө таандык айрым бир иштери үммөтүнө милдеттүү эмес. Жаңыдан гана кадам таштаган бир диндин алгачкы өкүлү, негиздөөчүсү, алгачкы жүзөгө ашырган тажрыйбакери жана Жараткандын Элчиси катары Алла Таала ага айрым бир артыкчылыктарды жана өзгөчө буйруктарды берген. Анын деңгээли да ошого жараша болгон.

Маселен, башка адамдардан айырмаланып, ар түнү тахажжут намазын окуу ага парз кылынган, бир топ күн бою ифтарсыз орозо кармоого (савм-ы висал) уруксат берилген, бүтүндөй үй-бүлөсүнө жана өзүнө зекет алууга тыюу салынган. Ислам укук аалымдарынын бирдиктүү пикиринде жана кабыл алынган чечимдин негизинде, төрттөн көп аялга үйлөнүүгө үммөткө уруксат жок. Анын баары Пайгамбарыбыздын доорундагы диний, социалдык жана саясий маселелерге байланышкан».

«Тааддуд-и заваж» деген маселенин динибиздеги өкүмүнө келе турган болсок:

Эң башта, көп аялдуулук Ислам дининен мурда боло келген жосун экенин баса белгилеп коюу абзел. Ислам дини бул жааттагы башаламандыкты белгилүү тартипке келтирген. Маселен, Исламдан мурда нике эрежеси, же болбосо, аялдардын саны деген эреже болгон деле эмес. Бир эле мезгилде ондон ашык аялды никелеп алган падышалар өткөн. Ислам дини бул нерсени негизги эреже катарында төрт деген сан менен чектеген. Аялдардын арасында адилеттүлүктү камсыздай ала турганына көзү жетпегендердин бир аял менен эле турмуш кечиргени жакшы болорун катуу эскерткен[92].

Экинчиден, төрт аял алуу «буйругу» жаамы момундар үчүн эмес, кээ бир кырдаалдарга анын шарттарын көтөрө ала тургандарга гана берилген «уруксат» болуп эсептелет[93].

92. Ниса сүрөсү, 3-аяттын мааниси.

93. Тафсир аалымы Элмалы Мухаммед Хамди бул жагдайды мындайча чечмелейт: Бирден көп аял алуунун негизин алып карай турган болсок, болгону бир уруксат жана мубах кылынышында же адилетсиздик кылып коюдан чочулоо пайда болгон чакта макрух болорунда айта турган эч кандай деле сөз жок. Ошону менен эле бирге түшүрүлгөн Куран аяты, бирден ашыкча аял алуунун кээ бир учурларда мандуб болгондугун, жадагалса важип экендигин билдирүүдөн алыс эмес. Андыктан, бул маселени айрыкча эркекетер жана аялдар үчүн зинакордук же дене сатуу коркунучу пайда боло турган абалдардан издеген он (Хак Дини Куран Дили, II, 1290).

Негизинен, бул согуш, айыкпас дарт, майыптык, биротоло ажырашуу же биринчи аялынын төрөбөстүгү сыяктуу жүйөлүү себептердин натыйжасында бүлөнү бүлгүнгө учуратпоо же аялдарды кароосуз калтырбоо максатында боло турган иш. Мисален, перзент төрөбөгөн же болбосо физиологиялык же биологиялык абалы жарамсыз аялга (бул ооруулар үйлөнгөндөн кийин деле пайда болушу мүмкүн) үйлөнгөн адам, аны менен ажырашпай туруп, экинчи аялды алса болот. Мына ушундай аргасыз жагдайда гана үй-бүлөнү чоңойтууга уруксат бар, бирок, акыркы чек төрт аял менен чектелген.  Үй-бүлөлөрдүн бузулушунан келип чыга турган рухий-моралдык зыяндар ушундай жөндүү жол менен жоюлган.

Чындыгында, согушту баштан кечирген мамлекеттерде төрт аялга чейин үйлөнүүгө уруксат берилсе, бул, биринчиден азайып кеткен калктын санын өстүрсө, экинчиден, сойкулуктун жана зинакорлуктун алдын алуу үчүн абдан зарыл иш. Мунун мисалдары өтмүштө болуп өткөнү сыңары келечекте да жүз бериши мүмкүн. Адамзатынын бак-таалайына жана саламаттыгына медер боло турган негиздерди  камтыган Ислам дининде кийин пайда болгон себептер жүз берген кезде утурумдук өкүмдөрдү жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгү «уруксаттардын» ишааратЫ менен ачылууда.  Жашоону өз нугуна салган  жана табигый турктуулугун камсыздаган бул эреже жалгыз үйлөнүү үчүн гана эмес, ар кайсы жаатта өтүмдүү болуп саналат.

Мына ушул көрүнүш кайсыл доор, кайсыл гана жер болбосун, Ислам дининин жашоодогу зарылчылыктарды жана мукураткан муктаждыктарды камсыздай ала турган кең алкактуу ортомчу экендигин айгинелеп турат.

Бир же андан көп (төрткө чейин) аялга үйлөнгөн эркектерге

бардык жубайларына «адилеттүү болуу» милдети жүктөлөт. Бул буйрукка кайдыгер болгондорго Алланын азабы эскертилген:

وَإِنْ خِفْتُمْ أَلاَّ تُقْسِطُوا فِي الْيَتَامَى فَانْكِحُوا مَا طَابَ لَكُم مِّنَ النِّسَاءِ مَثْنَى وَثُلاَثَ وَرُبَاعَ فَإِنْ خِفْتُمْ أَلاَّ تَعْدِلُوا فَوَاحِدَةً أَوْ مَا مَلَكَتْ أَيْمَانُكُمْ ذَلِكَ أَدْنَى أَلاَّ تَعُولُوا

**«Эгер өзүңөр өкүлчүлүк кылып жүргөн мал-мүлктүү жетим кыздарга адилеттик кыла алсаңар силер үчүн никеси адал болгон аялдарга эки, үч, төрттөн үйлөнө бергиле. Эми эгер** (алардын арасында) **адилеттүүлүк кыла албоодон корксоңор, бир аялга** (үйлөнгүлө)**, же кол алдыңардагы күң менен чектелгиле! Жабыр жана зулумга өтүп кетпөөңөр үчүн бул (бир аял) жакшы иш»** *(Ниса сүрөсү, 3-аят).*

Ниса сүрөсүнүн 129-аятында болсо мындайча айтылат:

وَلَنْ تَسْتَطِيعُوا أَن تَعْدِلُوا بَيْنَ النِّسَاءِ وَلَوْ حَرَصْتُمْ فَلاَ تَمِيلُوا كُلَّ الْمَيْلِ فَتَذَرُوهَا كَالْمُعَلَّقَةِ وَإِنْ تُصْلِحُوا وَتَتَّقُوا فَإِنَّ اللهَ كَانَ غَفُوراً رَّحِيماً

**«Канча урунуп-беринсеңер да аялдарыңардын ортосунда адилеттүүлүк кылууга кудуретиңер жетпейт. Анан биротоло** (сүйгөн аялыңар тарапка) **ооп кетип,** (көңүлүңөр сууган) **аялыңарды арасатта таштап койболгула. Эгер өзүңөрдү ондоп, Алладан корксоңор, албетте Алла Кечиримдүү, Мээримдүү».**

Төмөнкү хадис бул иштин канчалык маанилүү экендигин эске салат:

*«Эки аял менен никелешкен эркек алардын ортосунда ади-*

*леттүүлүктү камсыз кыла албаса, кыяматта бир ыптасы шал болуп тирилет»* *(Ибни Мажа, Никах, 47).*

Аял киши нике кыйылып жатканда шарт коюп, күйөөсүнүн экинчи аял алуу укугуна чекит койо алат. Бул аялдарга ыйгарылган өзгөчө укук болуп саналат[94].

Жараткандын инсанга койгон талабын, үй-бүлөгө коюлган эрежелерди эске албай, тек гана түптүз логика менен назар таштай турган болсок, аял кишинин бир эле учурда көп күйөөгө тийиши, айрым акылдуулардын акылына төп келген чакта да, мунун өзү туура эмес иш. Мындай шартта төрөлө турган же төрөлгөн наристенин кайсы күйөөсүнө таандык экендиги талаш маселеге айланат. Анда, баланын кимден экенин эне болмуш өзү да билбей калат. Ошол себептен, «фужур–күнөөкөрлүк» делген мындай никелешүүгө эч бир дин, жадагалса, жарандык укуктук системалар да уруксат бербейт. Эң башта Ислам дини мындай жосунга жүз пайыз каршы. Ислам дини уруктун, башкача айтканда, атанын айкын билинишине кылдат мамиле жасагандыктан, кокус ажырашуу болгон учурда белгилүү мөөнөт өткөнгө чейин (үч айыз келип кеткенге чейин) аялдын башка бирөөгө турмушка чыгышына уруксат бербейт. Адамдын ата-тегине эң туура изилдөө жүргүзүшү, өкүм берүү үчүн аркы-берkисинин таамай иликтеши – Ислам укугунун башка системалардан артыкчылыгы десек жаңылышпайбыз. Анткени, учурда иштеп жаткан мыйзамдардын биринде да мындай акыйкаттар, тажрыйбалар жокко эсе.

Баштан бери айтылган жагдайлар эске алынган кезде гана төрткө чейин аял алууга берилген уруксаттын сыры айкын болот. Ушундай камкор түзүлүштү жар салган Исламдын адилет-

94. Хайреддин Караман, Мукайесели Ислам Хукуку, I, б. 290, Стамбул, 1996.

түү укуктук системасы канча кылымдардан бери адамзаттын жашоосун жакшы жана туура жагына жетелеп келе жатат. Бул жалаң гана дени сактардын, карды токтордун дини эмес, карыкартаң, алсыз, бейбечара, кароосуз жетим-жесирдин да дини. Бейпил учурлардын гана эмес, бардык муң-кайгылары менен бирге акыл жетпес адаттан сырт катаал-татаал мезгилдердин да дини. Бул жалгыз эркектердин гана эмес, акы-укугу корголууга тийиш болгон аялзатынын да дини. Үй-бүлөнүн себепсиз урашына, жокчулуктун айынан бала-бакыранын жонунан кайыш тилинишине же кандайдыр бир апаатка кабылышына кайдыгер карабаган, жеке адамдын калыптанышынан тартып коомчулуктун бүт түзүлүшүн так белгилеген, анын келечегине астыртан аяр кам көргөн, адамдардын ар-намысын жана адамдык аброюр коргогон жападан жалгыз дин – Ислам болуп саналат!

## Азирети Пайгамбарыбыздын Зайд бин Харисти азат кылып асырап алышы

«Бани Кайн жортуулчулары бир баскынчылыкта сегиз жаштагы Зайд бин Харисти качырып, Указ жарманкесине кул катары сатыкка коюшкан эле. Азирети Хатижа эжесине тартуу кылуу үчүн Хаким бин Хизам аны төрт жүз дирхамга сатып алат. Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* Зайдды көрөөрү менен:

-*Ушул кул меники болгондо аны сөзсүз азаттыка чыгараар элем!* – дейт.

Анын мындай тилегин орундаткысы келген Азирети Хатижа марттык кылат:

– Тилегиң орундалсын, ал, сеники болсун!

Азирети Пайгамбарыбыз аны дароо азат кылат» *(Ибн Хишам, I, 266; Ибн Саьад, III, 40)*

Уулунан айрылгандан бери ата байкуш зарлап, кайгы-муңга батат. Уулун издеп эки ай бою жүрөгү эзилип жер кезет. Сурамжылап олтуруп анын Меккеде жүргөнүн ажылардан угат. Ошол замат бир туугандары менен Меккеге келип, сүйүктүү Пайгамбарыбызды табышат. Зайдды сатып алышаарын билдиришип, колдон келсе арзанырaак айтууну өтүнүшөт. Азирети Мухаммед:

*– Мындан башка чараларды карап көрсөк кандай болот?* – дейт.

–Кантип, кандай чара?

*–Аны чакырып өз эркине койолу. Эгерде силерди тандай турган болсо, бир тыйын албаймын, колунарга салып беремин. А эгер мени тандай турган болсо, Кудайга ант болсун, мени менен калууну каалаган адамды эч кимге бере албайм!*

– Сен абдан жоомарт, ынсаптуу чечим чыгардың. Бизге жакшылык кылдын, – деп, Зайддын атасы менен агасы ыраазычык билдиришет.

Зайдды ортого чакырышат. Жолугушуу жылуу маанайда өткөн соң маселени Зайдка түшүндүрүшөт. Ал жаш болсо да маанилүү сүйлөп:

– О, ишенимдүү инсан! Кудайга ант болсун, мени сени эч кимге алмаштырбаймын! Сен мен үчүн ата-энемсиң. Мен сенин жанында калам! – деп көшөрүп туруп алат.

Алыстан таман жоорутуп келген атасы менен агасы катуу айтса да көнбөй койот. Зайд эми аларга агынан жарылат:

– Ишенсенер, мен бул заттан ажайып асыл сапаттарды көрдүм. Бул адамды эч кимге теңей албаймын. Бул кишинин жанынан эч жакка кетпейм!

Зайддын артка кайтпастыгын көргөн Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* аны жетелеп Каабага алып барат да, ал жердеги ак көз, кара көзгө үн салат:

*«– Эл-журт! Күбө болгула, мындан кийин Зайд менин уулум, мен ага мураскермин, ал да мага мураскер болот!»*[95] – деп, аны асырап алат.

Зайддын оюнан кайтпастыгын көрүп, Азирети Мухаммеддин ага болгон аталык жылуу мамилесине жибиген издөөчүлөр аман жүрсөң болду деген тейде өз журттарына кайтышат.

Зайддын өз бир тууганы Жабала бин Харис (Алла ага ыраазы болсун) минтип эскерген: «Азирети Пайгамбарга барып өтүндүм:

– О Алланын Элчиси! Иним Зайдды мага кошуп берчи, алып кетейин.

*– Мына, өзү кашында турат, эгер сени менен кетем десе, каршы эмесмин, – деди.*

Сөз кезеги Зайдка келгенде мүдөөсүн так кесе айтты:

– О Алланын Элчиси, мен эч кимди сага алмаштырбаймын!

*Зайддын көз карашынын бекемдигин, оюнан кайтпастыгын кийинчерек билдим. Анын көз карашы меникине салыштырмалуу бир топ туруктуу да, бекем да экен» (Тирмизи, Манакиб, 39/3815).*

95. Ал ошол күндөн тарта, Мухаммеддин уулу Зайд (Зайд бин Мухаммед) – деп чакырыла баштады. Бул абал Ахзаб сүрөсүнүн 5 жана 40-аяттары түшүрүлүп бала асырап алуу жөрөлгөсү, жокко чыгарылганга чейин уланган.

## Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын Азирети Алини жанына алышы

Абу Талиб көп балалуу болчу. Жокчулуктун айынан кыйналып жүргөн. Мына ушуга ичинен сыздап жүргөн камкор Мухаммед Азирети Аббаска барып көңүлүндө түпөйүл болуп жүргөн оюн айтты:

– Абаке, өзүңө да маалым, Абу Талиб абамдын көп бала бар. Элдин баары ачарчылыктан жана жокчулуктан кыйналып, эптеп турмуш кечирип жатышат. Азыр Абу Талибге баралы да, макулдашып көрөлү. Эгер эп көрсө, балдарынын бирин кароону мен мойнума алайын, бирин сен ал. Анын жүгүн аз да болсо жеңилдетпесек болбойт.

Инисинен калган медеринин мындай акпейил сунушун кубануу менен кабылдаган Аббастын көзүнө жаш тегеренип кетти. Бапырандап, Азирети Мухаммедди ээрчий Абу Талибге барышты:

Жакын туугандарынын жароокер пикирин муюп укан соң, берегидей жооп узатты:

– Акилди мага калтырып, калганын тандап алсаңар болот.

Азирети Мухаммед кичинекей Алини, Аббас болсо Жафарды алды.

Ошентип, Али Мухаммед Мустафанын *(саллаллаху алейхи васаллам)* кол астында жетилди *(Ибн Хишам, I, 264).*

## Азирети Пайгамбарыбыздын перзенттери

Азирети Мухаммед менен Азирети Хатижа Касым, Абдуллах, Зайнаб, Рукия, Умму Гүлсүм жана Фатима аттуу алты перзенттүү болушкан. Тун уулунун аты Касым болгондуктан, Пайгамбарыбызга «Абул-Касым» (Касымдын атасы) деген лакап ыйгарылган. Эки жашка чыкканда кичинекей Касым чарчап калган. Андан кийинки уулу Абдуллах Ислам дини келгенден кийин төрөлгөндүктөн, аны «Тайийб, Тахир» деп эркелетишчү[96]. Абдуллах да чарчап калган соң курайш мушриктеринен Ас бин Вали Азирети Пайгамбарыбыздын күйүттүү жарасын ырбатып:

– Аны жайына койгула! Ал мындан ары түгөнгөн, урпагы кесилген адам. Өлгөн соң аты өчөт. Силер андан кутулуп, тынч жашап каласыңар! – деген.

Ушул сөздөрдөн кийин Алла Таала Кавсар сүрөсүн түшүргөн:

إِنَّا أَعْطَيْنَاكَ الْكَوْثَرَ  صَلِّ لِرَبِّكَ وَانْحَرْ. إِنَّ شَانِئَكَ هُوَ الأَبْتَرُ

**«Албетте, Биз сага Кавсарды[97] тартуу кылдык. Андыктан, Раббиң үчүн намаз окугун жана** (жандык) **союп курмандык чалгын! Албетте, сени жаман көрүүчүлөрдүн куйругу кыркылган** (т.а. чыныгы жок болуп кетүүчү алар)**»** *(Кавсар сүрөсү, 1-3-аяттар); Ибн Саьад, III, Вахиди, б. 494).*

Азирети Хатижа өзү ичтен сыздап жүрсө да, күйүтүн өмүр жолдошу менен тең бөлүшкүсү келди:

96. Ибн Саьад, I, 133.

97. Кавсар деген сөздүн кыргызча маанилери: көптүк, көп нерсе, бүт нерсенин эн көбү. Кавсар пайгамбарлык, Куран, Ислам, жакшылык, бак-таалай, шапаат, намаз жана Азирети Пайгамбарыбыздын мужизалары деп тафсирленип чечмеленген. Так, туура маалыматтарга таяна турган болсок, Кавсар – Азирети Пайгамбарыбыздын бейиштеги көлмөсүнүн ысымы экен. Анын үммөтү кыямат күнү ошол көлмөнүн башына жыйналышат (Бухари, Тафсир, 108).

– О, Алланын Элчиси! Балам эме турган сүт ашып, чыдатпай жатат. Аттиң ай, Алла Таалам анын өмүрүн эмчектен чыкканга чейин узартканда...

Азирети Хатижанын мундуу каалоосуна төмөнкүдөй жооп кайтарды:

*– Ал сүт курагын бейиште толуктайт.*

– О, Алланын Элчиси. Ошондой болорун (айкын) билер болсом, баламдын күйүтү мага жеңил сезилер беле.

*– Эгер кааласаң, Аллага дуба кылып анын үнүн сага угуздуруп койоюн.*

Жаратkандын даанышман ишине, тагдырдын сырдуулугуна жан дилден берилген Хатижа эне:

– Жок, мен Аллага жана Анын Элчисине ишенем! – деди *(Ибн Мажа, Жанаиз, 27).*

Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* төрт кызы болгон. Алардын эң улуусу Азирети Зайнап эле. Ал төрөлгөн кезде атакеси отузга чыккан эле. Андан кийин Азирети Рукуя төрөлгөн[98].

Рукуядан кийин Азирети Умму Гүлсүм төрөлгөн. Эң кенжеси Азирети Фатима жарык дүйнөгө келгенде Алланын Элчиси отуз беш жашта болгон жана Кааба жаныңыдан ондолуп жаткан[99].

Улуу көчтүн сегизинчи жылы Мария энебизден Ибрахим аттуу уулдуу болгон. Ымыркай Ибрахимге Умму Рафи киндик эне болсо, анын күйөөсү Абу Рафи Азирети Пайгамбарыбызга

98. Диярбекри, I, 273-274.
99. Ибн Саад, VIII, 19-26.

уулдуу болгонун сүйүнчүлөп барган. Пайгамбарыбыз сүйүнчүгө көп белектерди берген. Жанында олтургандарга кубанычын шардана кылып:

*«Мен ушул түнү уулдуу болдум. Уулума Ибрахим чоң атамдын ысымын бердим»,* – деген *(Муслим. Фадаил, 62).*

Ибрахим он жети, же он сегиз айлыгында сыркоодон улам чарчап калган[100].

## Каабадагы калыстык

Тээ ошол кылымдын бир жылдарында Меккени баскан селден адамдардын жүрөгүнөн ыйыктыгы менен орун тапкан Кааба да бир топ зыянга учураган эле. Меккедеги уруулар өз ара кеңешикен соң аны пайдубалынан бери жыгып кайрадан жаңылап ондоо чечимин кабыл алышты.

Ондоо иштери башталаарда бир жүктүү кеменин Шуабая портуна жакын жердеги аскага урунуп талкаланганын угуп калышты. Кеме жылмаланган таш, карагай жана темир сыяктуу курулуш материалдарын ташып бараткан эле. Элден тандалган өкүлдөр кырсык болгон жерге барышып керектүү каражаттардын баарын сатып алышты. Ал эми Каабаны жыгуу жана кайрадан куруу иштерин чүчү кулак таштоо менен бөлүп алышты.

Курайш уруусу Каабанын өздөрүнө бөлүнгөн тарабын жыгып кайрадан тургузууга баштап жатып Абу Вахб бин Амр сөз алды:

«– О Курайш жамааты! Арамдан тапкан пайдаңарды, кусуру бар кирешеңерди бул курулушка, аралаштырбагыла! Жаман

100. Асри Чубукчу, ДИА. «Ибрахим» мд., XXI, 273-274.

жол менен табылган кирешелер, сүткорлуктун акчасы же болбосо бирөөлөрдү адилетсиз зарлатып тартып алынган акчалар кошулбасын!» *(Ибн Хишам, II, 210; Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 305).*

Каабаны жыгуу менен кандайдыр бир азапка дуушар болобузбу деген шектүү суроого баш катырган курайш уруусу бир чечимге келе албай алдастап турган. Арабдарда Каабага болгон урмат-сый тээ Ибрахим пайгамбардын шариятынан бери сакталып келаткан эле. Курайш жамаатынын билермандарынан Валид бин Мугира да арсар ойдо эле:

– Каабаны жыгууда максатыңар эмне өзү? Жакшылыкпы же жамандыкпы?

– Албетте жакшылык! – дешти бир ооздон. Вадид кайра кеп улады:

– Айланайын коомчулук! Сиздер Каабаны жыгып кайрадан жаңылап жаткан болсоңор, эмнеге чочулайсыңар? Алла Таала муну кайра жаңылоочуларды жок кылбайт! – деген чечкиндүү пиркири менен жыгуу ишин алгачкы болуп баштап берди. Анын жалындуу сөзүнө арбалган жамаат жапатырмак ишке киришти.

Каабынын дубалын бир катар таш, бир катар жыгач менен көтөрүп чыгышты. Ашар ишке Азирети Мухаммед Абас менен бирге катышты. Жаңылоо иши аягына чыгып, кезек Хажарул Асвадды өз ордуна коюуга келгенде, ар бир топ бул ыйык вазийпаны жеке өзү аткаргысы келгендиктен, уруулардын арасында чоң талаш чыкты. Сен-мен болуп олтуруп жакалашууга чейин барышты. Маселе татаалдашып, кызганыч артып, өчүгүшүүгө жетти. Дагы жүрүп олтурса, иштин аягы кан төгүүгө жеткидей абалга келди. Абдуррадан тарагандар канга толтурулган чаначты алып келишти да, өлгөнгө чейин мушташуу үчүн Адий бин Каабдын балдары менен антташа кетишти. Мушташууга

даярданып жатып анттарын бекемдеп алуу үчүн кан толтурулган чаначка колдорун матырып алышты. Ага да батына албай төрт беш күн бою тирешүү жүрүп жатты.

Акырында курайш уруусунун эң улуу аксакалы талашты жөнгө салууну көздөп, ордунан турду да сөз алды:

– Айланайын коомчулук! Биз жакшылыкты гана каалайбыз! Жамандыкты эмес! Бул ыйык иш үчүн бири-бириңерге кызганып, кек сактаганыңар туура эмес, таштагыла талашты! Канча убакыттан бери ушул маселени чече албай жатабыз. Андай болсо азыр ушу Харамдын эшигинен эң алгач ким кире турган болсо, ошол кишини калыс деп табабыз да, өкүмүнө ыраазы бололу! – деп, колу менен Харам мечитинин Бани-Шайба каалгасын көрсөттү.

Аксакалдын пикирине көпчүлүк моюн сунуп, ортолук тынчып калган кезде Харам мечитинин эшигинен Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* карааны көрүндү. Аны көргөндө ачуулуу жүздөрдү жылмаюу каптады. Өзүнүн чынчылдыгы, ишенимдүүлүгү менен көпчүлүктүн көңүлүнөн түнөк тапкан татыктуу инсандын келиши баарына жагып турду. Асыресе, ошол мезгилде курайш уруусуунун арасында анын кадыр-баркы арткандан артып бараткан. Ким бир төө сойо турган болсо, Азирети Мухаммедди издеп жүрүп таап келишчү. Ал келген соң, ишибизден береке табалы деп анын батасын алышчу[101].

Мына ошондуктан, аны көргөн курайш уруусу:

– Мына, чынчыл инсандын өзү келди. Анын калыс болушуна баарыбыз ыраазыбыз!» деп көңүлдөрү жайлана түштү.

Маселе түшүнүктүү болгон соң, Азирети Мухаммед ар

101. Абдурраззак, V. 319; Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 304.

топтон бирден адам чыгарды. Чепкенин чечип жерге жайды. Тандалган кишилер Пайгамбардын ишаараты менен Хажарул асвадды чепкендин үстүнө койду да, ар бири бир учунан көтөрүп ордуна алып барышты. Ташты ордуна Мухаммед *(алейхис салам)* өз колдору менен койду. Ошентип, уруулардын ортосунда улам кызып бараткан тирешүүнү жана тутанышына аз калган чатакты токтотуп калды[102].

Каабадагы анын ушундай кыраакылыгы, теңдешсиз ахлактуулугу жана ушул сыяктуу улук касиеттери келечекте «Пайгамбарлардын Султаны» болорунун жышааны эле. Меккеде туулуп өскөн Мухаммед Мустафанын пайгамбар болору али билине элек болчу, бирок, тавхиддин таалайлуу жолунан адашпаган өзгөчө пенделер акыр заман пайгамбарынын чыгар маалынын жакындаганын сезип турушкан. Маселен, Кусс бин Саида ошондой окумал адамдардан эле.

## Кусс бин Саиданын кайрылуусу

Бул инсан ияд уруусунун башчысы болгон. Ошол эле учурда, Иса пайгамбардын динин карманган, тавхидди тутунган акын болгон. Бир жолу Указ жарманкесинде аламан калктын арасында акыркы Пайгамбар тууралуу төмөнкү даңазалуу жарыяны маалымдаган. Алардын арасында Азирети Мухаммед да болгон:

«– Оо, калайык калың журт! Кулак салып баарың ук! Угуп эле тим болбой, ибарат алгыла!

Тирүүлөр өлөт, өлгөндөр жок болот, болор нерсенин баары болот. Жамгыр да жаайт, көк майса да түгөнөт, наристелер

102. Ибн Хишам, I, 209-214; Абдураззак, V, 319.

төрөлөт, ата-энелердин ордун басат. Акырында алардын баары жок болот. Жаралуу жолу бүтөлбөйт, биринин артынан бири пайда болуп келе берет.

Мен айткандардын баарына кулак төшөгүлө! Көктөн кабар бар, жерде ибарат ала турган нерселер бар! Жер бети жайылган гана төшөк өңдүү, көк жүзү бийик шып. Жылдыздар жылат, деңиздер ордунда гана мемирейт. Келгендер түбөлүктүү эмес, кеткендер кайрылбайт. Барган жерине ыраазы болгондуктан, ошол жайда калып жатышабы, же болбосо, уруксат жок уйкуга кетиштиби….

Мен касам ичип айтып жатам, Алланын даргөйүндө азыркы биздин динден да сүйкүмдүү бир дин бар!

Кудай Таала жөнөткөн бир пайгамбар жакындап келе жатат. Ал абдан эле жакындап калды. Жадагалса, анын көлөкөсү төбөнөрдө турат. Ага ыйман келтиргендер, туура жолдо аны ээрчигендер кандай гана бактылуу! Ага каршы чыгып, тоскоолдук кылган бетпактарга убал жок!

Кудай берген өмүрдү кайдыгер өткөргөн үммөттөргө наалат болсун!

– О калайык калк!

Кайдыгер болбогула, сергек болгула! Дүйнөдөгү бүт нерсе өтөр-кетер убактылуу, түбөлүктүү жалгыз гана Алла Таала! Ал жалгыз, түгөйү да, окшош-мисалы да жок! Сыйынууга, ибадат кылууга Ал гана татыктуу. Ал төрөбөйт жана төрөлгөн эмес!

Өткөөл мезгилдерде сабак ала турган сан жеткис ибараттар бар!

– Оо, ияд уруусу! Ата-бабаларыңар кана, азыр кайда алар?! Көркүнө көз тайгылган бийик имараттарды жана таш үйлөрдү

курган Аад жана Самуд коому кайда азыр?! Колундагы азыноолак дүнүйөгө мас болуп, өз коомуна «Мен силердин эң улуу кудайыңармын!» деп өктөм сүйлөп, төш каккан фараон менен Намруд кана азыр, кандай абалда?!

Мына бул жер аларды өз тегирменинде жанчып, чаңын сапырып салды. Сөөктөрү сөпөт болду. Аксарайлары урап ээн калды. Алардын ордун азыр иттер айланып жүрөт. Ошолор сыяктуу адырандап адашып калбайлы десеңер, алардын жолун жолдой көрбөгүлө! Дүйнөдөгү бүт нерсе өтөр-кетер убактылуу, түбөлүктүү жалгыз гана Алла Таала!

Өлүм дайрасынын кире турган жерлери бар, бирок, чыга турган жери жок! Чоң-кичиненин баары көчүп да, өчүп да кетер. Көпчүлүктүн башына келе турган мүшкүл менин да башыма келет» *(Байхаки, Китабуз-Зухд, II, 264; Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 234-241; Хайсами, IX, 418).*

Кусс бин Саида кайрылууну айтып жаткан кезде кеп оролундагы акыркы пайгамбардын ошол элдин арасында турганынан өзү кабардар эмес эле. Ошондон көп өтпөй дүйнө салып кете берген. Кийин, Ислам дини жарыяланганда, анын уруусу Алланын Элчисине ыйман келтиришкен.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* аларга кайрылды:

*– Указ жарманкесинде Кусс бин Саиданын төө үстүндө: «Тирүү өлөт, өлгөн жок болот, болор нерсе болот, – деп кайрылганы эч эле эсимден кетпейт. Эми ошол кутпаны айта ала турган бирөө барбы азыр?*

Келген топ ал кутпаны уруудагы адамдардын баары айта аларын билдиргенде Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* абдан кубанды.

Сүйлөшүүгө күбө болуп жаткан Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун):

– Пайгамбарым, ошол жыйында мен да бар болчумун, анын айткандарын баштан аяк жат кылгам, – деп, Кусс бин Саиданын кайрылуу насаатын баштан аяк айтып берди.

Андан соң ияд уруусунан бирөө ордунан туруп, Кусс бин Саиданын калтырып кеткен ырларынан окуп берди. Анын ырларында Хашимден тарагандардын арасынан улуу пайгамбар чыгаары ачык айкын маалымдалган экен *(Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 234-241).*

Ошентип, жолугуу максатына жеткен сон акыркы Элчи *(саллаллаху алейхи васаллам)* Кусс бин Саида жөнүндө буларды айтты:

*«Алла Таала Кусс бин Саидага мээрим төксүн! Ал кыямат күнү артыкча үммөт болуп тирилет!» (Ибн Касийр, аль-Бидая, II, 239).*

## Хира үңкүрүндөгү обочолонуу

Пайгамбарлык милдет жакындаган сайын Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* жалгыздыкты каалап, ой дайрасынын түпкүрүнө сүңгүп кетип жатты. Кээде Мекке шаарынан алыстап, ээн жана тынч жерлерде жүрө турган болду. Ушинтип жер кезип жүргөндө жолунан чыккан ташы да, дарагы да «ас-саламу алайка йа, Расуулуллах!» деп салам берип жатты. Чочулаган тейде айланасына көз жүгүрткөнү менен таштардан жана дарактардан башка эч нерсени көрө алчу эмес[103].

Алланын Элчиси мындай деген:

103. Ибн Саьад, I, 157.

*«Мен Меккеде бир ташты билем, пайгамбар боло электе мага ар убак салам берер эле. Анын ордун азыр да билемин» (Муслим, Фадаил, 2).*

Ушул өңдүү окуялардан улам, Азирети Али буларды билдирген:

«Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен Меккеде элем. Меккенин айрым жерлерине чогуу барчубуз. Тоо-таштардын, бак-дарактардын арасында жүрдүк. Жолубуздан чыккан тоо-таш, бак-дарактын баары Алланын Элчисине: «ас-Саламу алайка йа, Расуулуллах!» – деп салам берип жатты» *(Тирмизи, Манакиб, 6/3626).*

Рамазан айы кирип келгенде, Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир ай бою Хира үңкүрүнө[104] оолактап кетчү эле. Бул мезгилдерде кандайдыр бир маселе менен келген колунда жокторду, кембагалдарды жана карыптарды тойгузуп, муктаждыктарын камсыздайт эле. Үңкүрдө талыкпай ибадат кылчу. Кайтканда туура Каабага барып сыйынып, анан үйүнө барчу[105].

Коомдун бутпарастыгын көрүп, зээни кейичү. Аларга аралашпай тынч жайга ыктаганы ошондон эле. Жаратканды талыкпай зикир кылар эле. Үңкүрдө, тала-түздө жалгыз жүргөн

104. Алланын Элчисине эң алгачкы вахий Хира үңкүрүндө келген. Бул үңкүр аты айтып тургандай Хира тоосунун боорунан орун алган. Хира тоосу Меккенин түштүк чыгышында болжол менен 5. км. узакта турат. Бул тоо, Жабал-и Нур деген ат менен да таанымал. Ардактуу Пайгамбарыбыздын өмүрүндө маанилүү орду болгон Хира үңкүрү тоонун чокусуна аз гана жетпей төмөндө жайгашкан. Кириш жагында ачык жерден Кааба көрүнүп турат. Үңкүрдүн бийиктиги кишинин бою, ал эми туурасы болсо киши узунунан жата турганчалык кенендикте. Бул үңкүрдүн ачык тарабынан Кааба жана айлана чөйрө алаканга салгандай көрүнүп тургандыктан, ой дүйнөсүнө эркин сүңгүүгө абдан ыңгайлуу жай болуп саналат. Азирети Пайгамбарыбыздан мурунку ханифтер да ушул үңкүргө маал-маал оолактап кетчү экен. Алланын Элчисинин чоң атасы Абдулмутталиб булардын бири болгон. Ал, Алла Тааланын барлыгына, акыретке ишенген, кээ-кээде Хира үңкүрүнө келип, ибадатка катуу берилген учурлары болгон (Фуат Гүнел, Диа, «Хира» мд., XVIII, 121-122).

105. Ибн Хишам, I, 253-254.

мезгилинде бабасы Ибрахим пайгамбар сымал асман-жердин шаан-шөкөтүнө, өкүм-өлүмүнө терең ой жүгүртүү жана Каабаны талбай кароо аркылуу ибадат кылчу.[106]

Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* Хира Үңкүрүнө барарда жанына азыноолак азык алар эле. Анысы түгөнгөндө үйүнө келип Азирети Хатижа даярдап берген тамак ашын алып кайтып кетчү[107].

Хирага Азирети Хатижа менен да чогуу барган учурлары да болгон[108].

Акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* элден оолактап жүргөн кездерде көзүнө ар кандай жарыктар көрүнүп, кулагына бир башкача үндөр угулган. Жин же азыткы өңдүү нерселерден болушу мүмкүн деген ойдо андай учурларда коркуп жүргөн.

*– Хатижа, бакшы болуп каламбы деп коркуп жатам. Кудайга ант болсун, ушул буттарга жана бакшыларга жийиркенгенчелик башка эч нерсеге жийиркенбеймин!* –дегенде асыл жубайы:

– О, абамдын уулу![109] Антип сүйлөбө! Алла Таала сени эч убакта бакшы кылбайт… – деп жубаткан *(Ибн Саьад, 195).*

Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* Хирага оолактап, Аллага сыйынган мезгили жаңы гана себилип, топурактын астында жаткан үрөөндүн абалына окшош. Хира – анык сыры адампендеге түбөлүк көмүскө кала турган, жаңыдан өөрчүүнүн, кайра жаралуунун алгачкы журту болду. Ыймандын

106. Айни, I, 61; XXIV, 128.

107. Муслим, Иман, 252.

108. Ибн Хишам, I, 254.

109. «Абамдын уулу», «агамдын уулу» өңдүү кайрылуулар, арабдардын тил маданиятына бекем орношуп калган. Көп учурларда бул кайрылуу жакын туугандыкты билдирбейт.

ырыстуу үрөөнү ушул жайда себилген жана түбөлүктүү бак-таалайдын шам чырагы ушул жайда жандырылган. Курани Карим адамзатка мына ушул куттуу жайда тартуу кылына баштаган.

Калайыктын жексур ишке батып калышынан, зомбулугунан жана ашкере күнөөкөрлүгүнөн көңүлү калып, жүрөгү ооруган. Ааламды кучагына ала турган мээриминин кеңдиги Азирети Пайгамбарды *(саллаллаху алейхи васаллам)* ыплас иштерден четтетип, Хирага жылоолоп барган. Обочолонуунун көрүнөө себеби ушундай. Аныгында, бул мезгил Алланын даргөйүнөн Мухаммеддин пакиза жүрөгү аркылуу Курани Каримдин адамзаттын аң-сезимине оодарылышын камсыздай турган даярдык доору болду. Бул көрүнүш кудум жогорку чыңалуудагы электр тогунун жерге жайылуу жараянына окшош. Руханий чагылгандын чагылуусу Жараткан Алла менен Элчисинин ортосунда аялуу сыр болгондуктан, аны көздөн далдоо обочо үңкүрдө өткөрүп берген. Хира доору катардагы адамдар чыдагыс татаал учур болгон. Вахийге көкүрөк керүү сыяктуу оор жүктү аркалай турган дээриндеги тубаса жөндөмү дал ушул мезгилде ачылып, бышып жетилген. Кудум чокко какталып ийленген темирдин акырында болотко айлануусу өңдүү…

Ошентсе да, бул сырды адамдын түшүнүк деңгээлине жараша түшүндүрүп берүү өтө кыйын. Болгонун болгондой жеткирүүгө тилибиз жакырлык кылат. Негизи, бул сыр бизге белгисиз кайып иши.

Катардагы момун мусулман канчалык ибадат кылбасын, ыйман баралына келсин үчүн кээ-кээде жалгыз олтуруп, өз напсисин суракка алышы керек. Жараткандын кудереттүүлүгү тууралуу ой жүгүртпөй туруп, ыйманды өстүрүү мүмкүн эмес. Алланын Элчиси Хирадагы өзгөчө ибадаттарын кийинки мезгилдерде таштап салбастан, Пайгамбарлык учурунда да элден обочолонуп, ибадат максатында этикафка байма-бай кирген.

Бул ар бир момун мусулман аткара турган эң зарыл, нары сооптуу ибадат болуп саналат. Асересе, элди акыйкатка баштаган көсөмдөр сукутко сүңгүүгө, сергектике жана өзүн өзү сурак жүргүзүүгө абдан муктаж.

Курани Карим алгачкы аятынан акыркы аятына дейре адамзатка ой-чабыттын таалимин берип, Жаратkandын алдындагы кулчулук милдетибизди көңүлдүн борборуна бекемдөө зарылдыгын кайталап келет. Ыйман мына ушундай аракеттер менен кемелине келет. Момун пенде кай жерде болбосун, Алланын ыраазылыгын табууга кайрат кылышы керек.

Момун мусулман үчүн эң маанилүү жетишкендиктердин бири – мухаббатуллах[110]. Ыйман келтирген соң Жаратkandын сүйүүсүнө татыктуу болуунун дагы бир негизги жолу – Алла берген нематтарды такай эстөө, шүгүр кылуу, Анын зоболосу жана кудурети жөнүндө ой жүгүртүү, жүрөк менен да, тил менен да Аны көп-көп зикир кылуу[111]. Мындай орчундуу ибадатты бул дүнүйөнүн алагдысынан, чуру-чуудан оолактап, этикафка кирүү менен жүзөгө ашырууга болот.

110. Алланын Элчиси дуба кылганда Алла Тааланын сүйүүсүн талап кылып, суранып:

اَللَّهُمَّ اِنِّى اَسْأَلُكَ حُبَّكَ وَ حُبَّ مَنْ يُحِبَّكَ وَ الْعَمَلَ الَّذِى يُبَلِّغُنِى حُبَّكَ

اَللَّهُمَّ اجْعَلْ حُبَّكَ اَحَبَّ اِلَّىَّ مِنْ نَفْسِى وَ اَهْلِى وَ مِنَ الْمَاءِ الْبَارِدِ

«Аллахым! Сенден сүйүүнү, Сени сүйгөндөрдүн сүйүүсүн жана Сенин сүйүүнө жеткире турган пайдалуу иштерди талап кылам! Аллахым! Өз сүйүүндү мага өз напсимден, үй-бүлөмдөн, мал-мүлкүмдөн жана муздак суудан да сүйүктүү кыла көр!» деп жалбарган. (Тирмизи, Даьават, 72)

111. يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا اذْكُرُوا اللّٰهَ ذِكْراً كَثِيراً «О ыйман келтиргендер! Алланы көп көп зикир кылгыла!» (Ахзаб, 41) деген аяттын тафсирине Ибн Аббас төмөнкүчө шилтеме берген: «Алла Таала кулдарына буйруган бардык парз ибадаттардын чегин жана ченемин билдирген. Үзүрү барларга убактылуу тыныгуу мүмкүнчүлүгүн берген. Бирок, зикир андай эмес. Зикирдин чегин, өлчөмүн так көрсөткөн эмес. Акыл-эси оорулуулардан тышкары, зикирди таштагандардын үзүрүн кабыл кылбайт. Кандай абал болбосун ар дайым зикир кылып, эстеп, ойлоп жүрүүнү буюрган» (Табари, XXII, 22; Куртуби, XIV, 197).

Бул жерде эскерте кете турган нерсе, адамдардан, эл-журттан безип, тоолорду же үңкүрлөрдү байырлоо туура эмес. Мындай жүрүш Азирети Пайгамбардын жана сахабаларынын тажрыйбасына каршы келет.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*: *«Эл аралап, алардын мүшкүлүнө кол кабыш кылган мусулман, журттан алыстап, элдин мүшкүлүнө аралашпаган мусулмандан дагы да кайырлуу»* деген насаатты айткан *(Тирмизи, Кыямат, 55).*

Кой кайтарганы, Фижар урушуна жана Хилфул-фудулга катышканы, соодагерчилик кылганы, Каабанын кайрадан курулушуна иштегени сыяктуу көптөгөн иш-аракеттери анын Пайгамбарлыктан мурда да элдин арасында жүрүп, турмушка күйүп бышканынан кабар берет. Ал коомчулуктагы жалаң жакшы иштерге жигердүү катышып, жексур иштерине жологон эмес.

Чуру-чуудан оолактоо максаты, абалды жакшыртуу болуп саналат. Шыпаа табуу үчүн дарыны өз убагында жана белгилүү өлчөмдө колдонуу зарыл. Белгиленген өлчөмдөн ашыкча ичиле турган болсо, дабаа эмей эле кайра зыян тартып калышы толук мүмкүн[112].

## Балачагы менен жаштык кезин талдоо

Жараткан Алла Таала ааламдарга мээрим кылып жөнөтө турган сүйүктүү Элчисин эң алгачкы адам урпагынан тарта ары пакиза, ары данакер укум-тукумдардан сүзүп олтуруп ушул ааламга алып келген. Адамзаттын ичиндеги өзгөчө урпакты ар бир доордо зоболого жеткирип, акыркы Элчисинин бардык ата-бабаларын өз доорлорунун кадырман кишилери кылган.

112. Бутий, б. 79-82.

Бул жагдайды белгисиз акын төмөнкүдөй саптар менен шөкөттөгөн:

Гүл затынын негизи гүл,

Пайгамбардын теги гүл…

Жараткан Алла Таала алгачкысынан тартып жаамы пайгамбарлардан ага ыйман келтирүүгө, аны сүйүнчүлөөгө убада алган. Пайгамбарлар таржымалында анын келээрин кабарлаган бир топ окуялар болуп өткөн.

Көсөм пайгамбарынын бүт өзгөчөлүктөрүн адамзатка ушундай жолдор менен  тааныткан, акылдуу пенделеринин ага ыйман келтиришин жеңилдеткен.

Ата-энесинен эрте ажыратып, Өз кудурети аркылуу акак мисал тунук тарбияны берген. Тагдырдын эң оор сыноолорун башына салып, анын арты менен адамдарга карата боорукерлик, күйүмдүүлүк жана камкордук өңдүү асыл сапаттардын туу чокусуна жетишин арзуу кылган.

Жахилият доорунун түрдүү жамандыгынан жана бузукулган жосундарынан  сүйүктүү Элчисин коргоп, анын өмүр барактарынын бирине да күкүмчөлүк кара такты түшүргөн эмес. Аны нукура адеп-ахлактуулулуктун бийик сересине чыгарган.

Чөйрөсүндөгү адамдар Азирети Мухаммедди чынчыл, ишенимдүү, ыкласман, ырайымдуу, кайрымдуу, ток пейил, убадага бек сыяктуу асыл сыпаттары, зээндүүлүк, зирек жана парасаттуулук өңдүү артыкчылыктары менен тааныган. Кандай гана иш болбосун, ага ишеним артышкан. Жараткан Алла жаамы жакшылыктарды, көрктүүлүктү жана мыкты кулк-мүнөздөрдү анын тулку боюна, кан-жанына ширеткен. Ахлагынын бийиктигин дин душмандары да тана алышкан эмес.  Жадагалса, Пайгамбарлык

али келе элек кезде аль-Амин (ишенимдүү) деген жакшы наамды өздөрү ыйгарышкан. Каабаны жаңылоо маселесинде уруулар ортосунда чатак ырбап кетип, кан төгүлүүгө аз калганда анын калыстыгы элди ынтымакка келтирген, алгы максат менен башталган иш жакшы натыйжа менен аяктаган. Курайштын тыӊ чыкмаларынын жана уруу бийлеринин арасында мартабасы бийик болгондуктан, Азирети Мухаммеддин калыстыгына баары чын дилден ыраазы болушкан. Сөзүнүн тууралыгы, ахлагынын мыктылыгы жана алсыздарга камкор мамиле кылгандыгы менен жаамы журттун көңүлүнөн түнөк тапкан асыл инсан болгон. Жардам суралганда, ишеним артылганда кайдыгер мамиле жасайт деп ойлонууга эч качан жол берген эмес.

Алла Таала мүнөзүн адамзаттан артыкча кылып жараткан. Мүлдө адам баласын туура жолго баштай алгыдай үлгүлүү инсан болгон. Бир көргөндөр анын мартабасынан да кулк-мүнөзүнө тан беришкен.

# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ



# ПАЙГАМБАРЛЫК ВАЗИЙПАНЫН БЕРИЛҮҮСҮ

# МЕККЕ ДООРУ

## Вахийдин башталышы: Чындык түштөр

Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* жаштык куракты пакиза, үлгүлүү жашады. Андан соң үй-бүлөлүк турмушунда алгылыктуу жетишкендиктерди жаратып олтуруп кырктын кырына келгенде Пайгамбарлык жүктү аркалады. Кырк жашка али алты ай бар эле. Жараткан Алла Таала Меккедеги Хира үңкүрүн ага рухий мектеп кылып ачып берди.

Алланын таалими Хирада китепсиз, дептерсиз жана калемсиз өттү. Берекелүү дарсканада түбөлүк сырдын маңыздуу сабактарын окуду. Вахийлерге даярдык көрдү.

Бул даярдыктын алгачкы алты айы кадимкидей эле «чындык түштөр» (түш көрүү) менен өттү. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* түшүндө эмнени көргөн болсо, алардын баары өңүндө дал ошондой чындыкка айланып жатты. Азирети Аиша энебиз мындай деген:

«Улуу Пайгамбарыбызга келген вахий уктаганда «чындык түш» болуу менен башталган экен. Уктагандагы көргөн түшү өңүндө дал өзүндөй жүзөгө ашкан» *(Бухари, Бад-ул-Вахий, 3).*

Пайгамбарлык негизинен, ары оор, ары түйшүктүү жоопкерчилик болгондуктан, ага көнүгүүсү жана даярдануусу үчүн Жарбаил периште башында Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* түшүнө кирип жүргөн.

Алкама бин Кайстын маалыматына таянсак, пайгамбарларга жиберилген кабарлар жана буйруктар оболу түш аркылуу билдирилип, андан соң вахий түрүндө түшүрүлгөн[113]. Алардын жүрөктөрүн, аң-сезимдерин чоң вахийлерге көнүктүрүү үчүн Алла Таала садык түштөрдү тартуу кылган.

Түш көрүү мына ошол себептен, пайгамбарлардын вахийди алуу жолдорунун алгачкы баскычтарынан болуп саналат. Буга Азирети Ибрахимдин төмөнкү сөзү мисал:

يَا بُنَيَّ إِنِّي أَرَى فِي الْمَنَامِ أَنِّي أَذْبَحُكَ فَانْظُرْ مَاذَا تَرَى

**«... Каралдым! Түшүмдө сени мууздап салганымды көрдүм, эмне дейсиң, бир ойлонуп көр?!..»** *(Саффат сүрөсү, 102-аят).*

Пайгамбарлардын көздөрү уктаганы менен жүрөктөрү ойгоо болот[114]. Ошондуктан түш көрүү вахийди алууга эч кандай тоскоол эмес.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* чындык түштөрү тууралуу: *«Ал (түш көрүү) пайгамбарлыктын кырк алтыдан бири…»* деп айткан *(Бухари, Табир. 26; Муслим, Руя, 6).*

Чындыгында, бул алты айлык убакыт, жыйырма үч жыл сүргөн пайгамбарлык доордун кырк алтыдан бир бөлүгүнө төп келет.

113. Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 555.
114. Бухари, Манакыб, 24.

# ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН АЛГАЧКЫ ҮЧ ЖЫЛЫ: ЧАКЫРЫКТЫ ЖАШЫРУУН ЖҮРГҮЗҮҮ

## Алгачкы вахий жана анын үзгүлтүккө учурашы

Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* жашы кыркка келип, рухий жетилүүгө багытталган алты айлык камылга мезгили да аягына чыгып калган эле.

Куттуу Рамазан айынын он жетинчи күнү[115]. Адаттагыдай эле Хира үңкүрүндө отурган. Аңгыча Жабраил *(алейхис салам)* келип Азирети Мухаммедге *(саллаллаху алейхи васаллам)* буйрук берди:

«– Оку!»

*«– Мен окуганды билбеймин!»* – деди кетенчиктей.

Периште ушул эле буйрукту үч жолу кайталап, үч жолу тең:

*«– Мен окуганды билбеймин!»* – деген жоопту алды.

Жабраил периште Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* көкүрөгүн үчүнчү жолу кысып кайра койо берди. Аңгыча Алланын вахийи төмөнкүчө билдирилди:

اقْرَأْ بِاسْمِ رَبِّكَ الَّذِي خَلَقَ، خَلَقَ الْإِنسَانَ مِنْ عَلَقٍ، اقْرَأْ وَرَبُّكَ الْأَكْرَمُ

الَّذِي عَلَّمَ بِالْقَلَمِ، عَلَّمَ الْإِنسَانَ مَا لَمْ يَعْلَمْ

115. Ибн Саьад, I, 194.

**«–** (О Махаммед! Бардык жаратылышты) **Жараткан Раббиндин наамы менен** (баштап) **окугун! Ал инсанды коюу кандан жараткан. Окугун! Сенин Раббиң** (адамзатка) **калемди** (жазууну-катты) **үйрөткөн өтө Берешен. Ал инсанга билбеген нерселерин үйрөттү».** *(Алак сүрөсү, 1-5-аяттар).*

Мына ушул алгачкы саамалык вахий аркылуу Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* жана ал аркылуу бүткүл адамзатка Алла Тааланын белеги – Курани Карим түшө баштаган.

Асман каалгаларынан жер-жүзүнө мээрим жана дабаа болуп түшө баштаган Курандан Азирети Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* эң алгач ушул аяттарды алды. Жабраил кеткенден кийин вахийдин айбатынан коркуп калган Пайгамбар жүрөгү калтаарып, ажайып ылдам басып, үйүнө кайтты. Эшиктен капыл-тапыл кирери менен Азирети Хатижадан өтүндү:

– *Мени оро, орой салчы!*

Бир топ эс алып, жаны жай тартып калган соң башынан өткөн окуяны кабагы менен тең айланган өмүрлүк жарына баяндап берди. Акырында:

– *Хатижа, эми мага ким ишенет?* – деди, муңайынкы түрдө.

Өмүрлүк жолдошунун оор санаасын аңдаган кыраакы жубайы көңүлүн көтөрө мындай деди:

– Кудай алдында касам этем, Жараткан Алла Таала сени эч убакта уят кылбайт. Анткени, сен тууган-уругуңду коргойсуң, кембагалдарга жардам берип, эч кимдин колунан келбей турган жакшылыктарды кылып келесиң. Асыресе, аябай меймандос адамсың. Кудай үчүн калкка жардамыңды аябайсың... Оо, Алланын Элчиси! Сени эң оболу мен кабыл кылдым жана

ишендим. Алланын жолуна эң биринчи мени чакыр! – деп, биринчилердин эң биринчиси болуп Азирети Хатижа Ислам динин кабыл кылган.

Башкача айтканда, Азирети Хатижа энебиз бир караганда жан дүйнөсүнүн тили менен:

«– Жакшылык жакшылыкты эрчитип келет! Жакшылык жакшы акыбеттен башка эмне алып келиши мүмкүн!» дегенсиди. Ал Алланын Элчисинин таза өтмүшүн жаркыраган келечекке жоруп, бүт дили менен жакшылык болоруна ишенди.

هَلْ جَزَاءُ الْإِحْسَانِ إِلَّا الْإِحْسَانُ

**«Жакшылыктын сыйлыгы жалгыз гана жакшылык эмеспи?»** *(Рахман сүрөсү, 60-аят)*.

***

Жолдошунун көңүлүн тынчтандыруу максатында Азирети Хатижа аны Варака бин Навфалга алып барды. Варака бин Навфал кутман энебиздин тууганы болгон.

Аламан калк жабыла буттарга сыйынып, күнөөгө малынып жүргөн кезде Варака бин Навфал бутпарастыктан, жаман адаттардан өзүн таза алып жүргөн адам эле. Христиан динин тутунчу. Иврит тилин билгендиктен, Инжил окуганды, кат жазганды билген. Жашы бир топко барып, көздөрү азиз болуп калган эле.

– Кагылайын тууганым. Жакшылап кулак салчы, иниңдин уулу сага маанилүү нерсени айткысы келип жатат? – деп өтүндү Азирети Хатижа.

Кызыгы арта түшкөн Варакага Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* башынан өткөн окуяларды тизмектеп берди.

Анын айткандарын терең салмактап көрүп акыр замандын эң улуу акыйкатын андаган Вараканын жүзү күлмүңдөп барып, эмелеки кубанычы көз ачып жумганча алда кайда житип кетти. Улутунуп бир топко ойго чөмүлүп отуруп, анан жанындагылар капыстан эсине түшкөндөй сөз баштады:

– Бул сен көргөн Алла Таала Мусага жөнөткөн Намуси-Акбар (Жабраил) болот. Эх аттиң, сен элди чакырган ошол таалайлуу күндөрүндө жаш болсом кана атаганат! Сени элдер өз журтуңдан чыгарар кезде тирүү турсам, көргүлүктө көрсөтөт элем аларга! – деп ызырынып алды.

– *Алар мени мекенимден чыгарышабы?*

Аргасыздан ийинин куушура:

– Ооба. Сенден мурда дин апкелген пайгамбарлардын көпчүлүгү өз журтунан куулушкан. Сен элди даават кылган күндөргө чейин көзүм тирүү турса, албан жардамым тийбейт беле сага.

Чындап кейигени жүзүнөн байкалып турду. Ушул баарлашуудан көп өтпөй Варака көз жумду. Вахий үзгүлтүккө учурады *(Бухари, Бад-ул Вахий 1, Анбия 21, Тафсир 96; Муслим, Иман, 252).*

***

Кийин түшүрүлгөн аяттарда мындай деп айтылган:

وَكَذَلِكَ أَوْحَيْنَا إِلَيْكَ رُوحاً مِّنْ أَمْرِنَا مَا كُنتَ تَدْرِي مَا الْكِتَابُ وَلَا الْإِيمَانُ وَلَكِنْ جَعَلْنَاهُ نُوراً نَّهْدِي بِهِ مَنْ نَّشَاءُ مِنْ عِبَادِنَا وَإِنَّكَ لَتَهْدِي إِلَى صِرَاطٍ مُّسْتَقِيمٍ

**«- Ошентип, сага Өз буйругубуз менен Жабраилди жөнөттүк, Куранды билдирдик. Сен андан мурун китепти да, ыйманды да билбейт элең. Бирок, Биз аны бир нур кылдык, Өзүбүз каалаган кишилерге аны менен туура жолду көрсөтөбүз. Шексиз, сен туура жолду көрсөтүп жатасың!»** *(Шуура сүрөсү, 52-аят).*

إِنَّا أَوْحَيْنَا إِلَيْكَ كَمَا أَوْحَيْنَا إِلَى نُوحٍ وَالنَّبِيِّينَ مِن بَعْدِهِ

«(Мухаммед)**, Албетте, Биз Нухка жана андан кийинки пайгамбарларга кабар жибергенибиз сымал сага да вахий жибердик...»** *(Ниса сүрөсү, 163-аят).*

Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* эң алгач **«Оку!»** деген вахий келген. Тасаввуф жолундагы улуу заттар муну мындайча чечмелешет:

«Оку! Бүт нерсени оку! Алла Тааланын Китебин оку! Алла Тааланын аяттарын оку! Аалам аттуу китепти оку! Дайым оку! Туура жолду табуу, жаман жолдон качуу үчүн оку! Ыйманыңды толуктоо үчүн оку! Алла Тааланын Азиз аты менен оку! Жараткан Раббиңдин аты менен оку! Адамды аз гана уюган кандан жараткан, бирок, ага бүт нерсени окуу, агаруу, түшүнүү жана түшүгөнүн жашай алуу мүмкүнчүлүгүн берген Улуу Тарбиялоочуңдун ысымы менен оку! Адампендеге окуу деген ыйык нематты ыроолоп, улуу сыйды көрсөткөн Алла Тааланын аты менен оку! Үйрөнүү үчүн оку! Кудурет калеми бул ааламга сызып койгон ар бир сапты оку! Билбеген несени үйрөткөн Алла Тааланын аруу аты менен оку!»

Азирети Мавляна жөнөкөй китептерди окуган кезин «чийки элем» деп; ааламдын сырларын окуу доорун «быштым» деп; ал эми Алла Таала ыроологон рухий сырларды окуп, анын ысык-

тыгына куурулган доорду «өрттөндүм» деп сыпаттоо менен кандай руханий баскычтарды басып өткөнүн билдирген.

Аяттагы **«Оку!»** деген буйрук абдан маанилүү. Айрыкча, аяттын Алланын аты менен башталышы андан да маанилүү. Ошол эле учурда, бул «оку!» деген буйрукка канчалык деңгээлде, кандай түрдө моюн сунуунун зарылдыгын билдирип турат.

**«Оку»** буйругу, жазуу түрүндөгү маанилерди гана эмес, анызында, жүрөктүн руханий арууланууусун жана пакизалануусунун натыйжасында китепти жана хикматты андай аларлык жөндөмгө жетишин туюнтат. Чагылуунун борбору саналган жүрөк аркылуу бүт нерсени окуута болору ишаратталып жатат. Кыскасын айтканда, инсан эң башта өзүн таанып, ааламды таанып, анан Куранды окуп, түшүнүп, ошолордун баарын турмушта жашашы керек. Инсан ошондо гана **«Оку»** деген буйрукту аткарган болот.

Эң алгач түшүрүлгөн бул аяттардан төмөнкү натыйжаларды чыгарга болот:

Кайсыл гана иш болбосун, Алла Тааланын ысымы менен баштоо кажет.

Уюган кандан, жийиркеничтүү тамчы суудан жаратылып, андан соң ажайып келбеттүү, сулуу болуп чыга келген инсан Жараткан Алланын алдында алсыз экендигин эч убакта эсинен чыгарбашы керек.

الَّذِي عَلَّمَ بِالْقَلَمِ۝ عَلَّمَ الْإِنْسَانَ مَا لَمْ يَعْلَمْ

**«Окугун! Сенин Раббиң -** (адамзатка) **калемди** (жазуунукатты) **үйрөткөн өтө Берешен. Ал инсанга анын билбеген нерселерин үйрөттү»** *(Алак сүрөсү, 4-5-аяттар).* Бул аяттар илимдин

маанилүүлүгүн эске салат. Ошол эле учурда, адамзатка маалым болгон нерсенин баарын Кудай Таала үйрөткөнүн, акыл-эсибиздеги бүт нерсе Анын улуу жакшылыгы экендигине ишаарат кылат.

Демек, адам баласы Алла Тааланын улуулугун унутпай, кесирлик кылбай, өмүр кечириши керек.

***

Алгачкы вахийден соң, кезектегиси узун убакытка үзгүлтүккө учурады. Бул бир караганда, Азирети Пайгамбарыбызды *(саллаллаху алейхи васаллам)* байма-бай келе турган вахийлерге даярдоо, камылга көрүү мезгили сыяктуу болду. Анткени, вахийдин алуу учуру абдан татаал болгондуктан, аны жүктөнүү да оңой эмес болчу.

إِنَّا سَنُلْقِي عَلَيْكَ قَوْلاً ثَقِيلاً

**«Анткени, Биз сага оор сөздү – Куранды түшүрөбүз»** *(Муззаммил сүрөсү, 5-аят)* деген аят менен ушул чындыкты таамай баян кылган. Күнүмдүк жашоодо түштөрүнүн чындыкка айланганы аны чочулатып жүргөн болсо, бул ирет вахий апкелген периштенин сүрү, капыстан чыга калышы андан бетер коркуткан. Андан соң Азирети Хатижанын жылуу сөздөрү жана Вараканын айткандары дем берип, кайрадан өзүнө келе түшкөн. Ошондон тарта кезектеги вахийди чыдамсыздык менен күтө баштады. Анда-санда Хира үңкүрүнө барып, мемиреген тынчтыктын койнунда вахийди күтмөйдү адатка айландырды.

Байланыш үзүлгөн ушул күндөрдө каран туткан жакыны Азирет Хатижа болду. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* ошол себептен анын руханий жылуулугун, аярлыгын, кыраакылыгын абдан баалаган. Жубайынын көзү өтсө да көп эскерер эле. Курмандык чалганда ар дайым Ази-

рети Хатижанын туугандарына эт бөлүп, жеткиртип берер эле. Анын жаркын элеси Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* көкүрөгүндө унутулгус эскерүүгө айланып кала берген.

***

Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* өмүр жолу бейиштин мүрөк суусундай канчалаган жандарга бактылуулукту тартуулап, тээ көөнө кылымдардан бери сый-урмат менен эскерилип келет. Өтмүштөгү пайгамбарлардын бирине да мынчалык зор мартаба берилген эместир. Алла Таала «Сүйүктүүм» деп Азирети Мухаммедге *(саллаллаху алейхи васаллам)* гана кайрылган. «Миражга» чыгууну акыркы Пайгамбарына гана ыроолонгон.

Акса мечитинде жаамы пайгамбарларга имам болгондугу – Азирети Мухаммеддин мартабасынын кол жеткис бийиктигинен кабар берет. Муса пайгамбар Алла Тааланы көрүүгө ашыкканда «لَنْ تَرَانِي» «**Мени** (бул дүйнөдөгү көзүң менен) **көрө албайсың!**» – деп жооп берген. Ал эми мираж окуясында Алла Таала менен сүйүктүү Пайгамбарыбыздын жакындыгы тууралуу «قَابَ قَوْسَيْنِ أَوْ أَدْنَى» **– «Эки жаанын аралыгындай же андан да жакын** (болгон)» деп айтылат[116]. Алла Тааланын алдында Азрети

116. لَنْ تَرَانِي «Мени эч качан көрбөйсүң!» (Араф, 143) : Муса пайгамбар Алла Таала менен сүйлөшүү үчүн Тури Синадага чыккан. Отуз күн орозо кармаган. Ал аяктап калганда дагы он күн кошмучаланып, кырк күн менен толукталган. Алла Таала менен сүйлөшүү даражасына жеткидей напсини тарбиялоо жана тазалоо үчүн жалгыз ибадат кылуу жана орозо кармоо ага буйрулган эле. Кудай Таала Муса пайгамбар (алейхис салам) менен тил жана үн сыяктуу физиологиялык ортомчу менен эмес, Өзүнүн эзелдеги сүйлөөчү сыпаты менен баарлашкан. Күбө катарында келген жанындагы жетимиш киши да, Жабраил периште да Алланын сөзүн уга алышкан эмес. Бул баарлашуунун оорлугун көтөрө албаган пайгамбар эстен танган. Эки дүйнөнүн кайсынысында жашап турганын билгенге акылы жетпей, убакыт жана мейкиндиктен сыртка чыгып кеткен. Алла Тааланын Өзүн көрүгүсү келип, куштарлануунун жана өрт болуп жанган арзуунун туткунунда калган. Дал ошол кезде «Мени көрө

Мухаммед Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* кадыры жаамы пайгамбарлардан жогору экендигин ушул жерден да даана байкоого болот.

Намаз – Жараткан Алла менен болгон байланышты ар дайым камсыз кылган улуу немат жана тирүүлүктүн миражы. Эң башта элүү убакыттык парз намаздар Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* мунажаты жана сураныч менен беш маалга түшүрүлгөн.

Жаштайынан өксүп жетим өскөн, сабатсыз болгон, окуганды жана жазганды билген эмес. Кийин баралына келгенде Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* Алла Тааланын таалим-тарбиясын алган соң, мүлдө адамзатка жол башчы, кайып ааламынын чындыктарына котормочу жана акыйкат мектебинин көсөмү болуп чыга келген.

---

албайсын!»-деген билдирүү келген. Бирок, Мусанын (алейхис салам) арзуусу ээ-жаа бербей Аны бир көрсөм деп самаганынан кайтпай туруп алган. Анан: «Тээ тиги, тоону карап тур, Менин нурум ошол тоого тийет. Эгерде тоо козголбочу болсо самаганына жетесин, ордунда тура албаса, каалоондон баш тарткынын!» маанисинде эскертүү алган Муса пайгамбар айтылган тоону карап турган. Риваяттарда баяндалганына караганда, Жараткан Алланын нуру сан жеткис пардалардын артынан ошол тоого шоола сымал чагылаары менен тоонун таш талканы чыккан. Мындай айбаттуу коркунучту өмүрү көрбөгөн пайгамбар эстен танган. Бир топтон кийин эсине келген Муса пайгамбар чектен чыкканын андап, Алла Таалага мактоо айтып, кечирим тилеген. Курандагы бул икаядан төмөнкүдөй натыйжаларды чыгарууга болот: Бул ааламда Алланын Заты батмак тургай, Анын бир жолку чагылуусун көтөрө ала турган жай жок. Алла Тааланын Өзүнүн кандай экенин биз билбейбиз. Ал жагы бизге купуя. Ал эми сыпаттык жагынан Аны көз менен көрүүгө болот. Куранда момун мусулмандардын: «Алар кайыпка ишенишет» деп сыпатталганын тана албайбыз. Абдан маанилүү дагы бир чындыкты айта кетүү абзел. Алла Тааланын Заттык чагылышын кабылдоого адамзаттын акыл-эси жана жүрөгү туруштук бере албайт.Муса пайгамбардын эстен танып жыгылыш буга айкын далил боло алат.Заттык чагылуу оор болгондуктан, адам жана жин тайпалары алсыз болгондуктан, биздин ааламыбызда «заттык чагылуу, көрүнүү болбойт!».

فَكَانَ قَابَ قَوْسَيْنِ أَوْ أَدْنَى

«Ошентип, (Мухаммедге) эки жаанын аралыгындай же (андан да) жакынырак (болгон).»(-Нажм сүрөсү, 9-аят): Азирети Мухаммед пайгамбарыбыз Миражга чыккан түнү, Сидратул Мунтахадан ары дагы далай жол жүргөн. Ал эми эң улуу периште болгон Жабраил (алейхис салам) Сидратул Мунтаха деген чектен ары өтө алган эмес. - Аяттагы, «эки жаанын аралыгындай же андан да жакынырак» деген түшүнүктү пендезаттын акылы таамай түшүнө албайт. Азирети Муса (алейхис салам) менен Азирети Мухаммед пайгамбарыбызга (саллаллаху алейхи васаллам) тиешелүү ушул эки ажайып чагылууну түшүнүүнүн өзү татаал иш.

Азирети Муса *(алейхис салам)* бир топ өкүмдөрдү алып келген. Алла Таалага жалбаруу менен Азирети Давут *(алейхис салам)* залкарга айланган. Азирети Иса *(алейхис салам)* адамдарга изги ахлакты үйрөтүү үчүн жөнөтүлгөн. Исламдын Пайгамбары Мухаммед Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* болсо ушулардын баарын алып келген. Өкүмдү жарыялаган. Напсини теске салып, жүрөктү тазалоону жана Кудай Таалага дуба кылууну үйрөткөн. Эң мыкты адеп-ахлакты өзү көрсөтүп, идеалдуу жашоо образы менен жандуу шамчырак болуп берген. Жалган дүнүйөгө азгырылбоону, маскара болбоону катуу эскерткен. Кыскасы, бүт пайгамбарлардын салихтигин жана жоопкерчиликтеринин баарын өзүнө камтып келген. Төрт тарабы төп келген асылдыкты Алла акыркы Пайгамбарына ыйгарган!

Ошентип, анын өмүрүнүн кыркынчы жылы адам баласы үчүн олуттуу бурулуш болуп кала берген.

Кырк жыл бою наадан коомдун арасында жашаган. Ал кезде Азирети Пайгамбарыбыз алып келе турган улуу чындыктар жана жакшы өзгөрүүлөр караңгы коомдун үч уктаса түшүнө кирген эмес. Келечекте анын мамлекет жетекчиси, ак таңдай насаатчы болору али көмүскө сыр экен көрсө. Даңктуу аскербашы болушун кеп кылуу мындай турсун, катардагы аскер болорун эч ким боолгогон эместир.

Мурдалары анын өтмүштөгү элдердин жана пайгамбарлардын тарыхынан, кыямат күнүнөн, бейиш жана тозоктон кеп салганын эч бир жан уккан эмес. Болгону өзүнө гана таандык бийик ахлагы жана бөтөнчө пакиза жашоосу болгон. Ошентип, барал сааты келгенде, Хира үңкүрүнөн Алланын Элчилигин аркалап кайткан кезде, абал таптакыр өзгөргөн эле.

## Вахий жана анын келүү түрлөрү

«Вахий» деген сөз ыкчам белги, жазгычтык, пайгамбарлык, илхам жана жашыруун сөз деген маанилерди туюнтат. Булардан башка дагы көптөгөн маанилери бар. Диний терминдик мааниси: Вахий – Алла Тааланын каалаган нерселерин каалагандай түрдө пайгамбарларына билдирүүсү.

وَمَا كَانَ لِبَشَرٍ أَنْ يُكَلِّمَهُ اللّٰهُ إِلَّا وَحْياً أَوْ مِنْ وَرَاءِ حِجَابٍ أَوْ يُرْسِلَ
رَسُولاً فَيُوحِيَ بِإِذْنِهِ مَا يَشَاءُ إِنَّهُ عَلِيٌّ حَكِيمٌ

«**Алла Таала аян аркылуу, же көшөгөнүн артынан, же Өз уруксаты менен пайгамбар жөнөтүп, Өз каалаганын кабар кылбай туруп, адамга сүйлөгөн эмес. Акыйкатта, Ал – Бийик, Даанышман**» *(Шура сүрөсү, 51-аят).*

Азирети Аиша (Алла ага ыраазы болсун) төмөндөгү баарлашуну маалымдап калтырган:

– О, Алланын Элчиси. Вахий сизге кандай түрдө келет?

*– Кээде конгуроонун үнү сымал бир үн менен келет, ушунусу мен үчүн абдан оор түрү десем болот. Алла Тааланын айтканын дароо эстеп калып, жат кылганымдан кийин периште кетет. Периште кээде адам түспөлүндө келет. Мени менен сүйлөшөт, анын айткандарын дароо эстеп калам» (Бухари. Бад-ул Вахий, 1/2; Муслим, Фадаил, 87).*

Ар кандай риваяттарды эске алып олтуруп, Ислам аалымдары вахийдин келүү түрлөрүн мындайча талдашкан:

1. Вахий кээде түш аркылуу келет. Кийин ошол түш өңүндө дал ошондой так чыгат. Бул вахийдин келишинин биринчи түрү.

2. Вахий кылына турган сөз периштенин ортомчулугусуз эле түздөн-түз Азирети Пайгамбарыбыздын жүрөгүнө аян болгон.

3. «Жибрил хадисинде»[117] болгон сыңары, адамдын кейпинде келген периште тийиштүү кабарды берип кетет.

Абдуллах бин Аббас (Алла ага ыраазы болсун) маалымдаган төмөнкү риваят, ваихийдин ушундай түр менен келишинин эң сонун мисалы боло алат:

«Атам Абдуллах менен Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* бардык. Ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* жанындагы киши менен бир нерселерди кобурашып жатты. Ошондон улам, атама анча көңүл бура албады. Ал жерден кеткенибизден кийни атам:

– Уулум, Алланын Элчисинин мага көңүл бурбаганын көрдүнбү? – деди. Мен болсо ыңгайсыздана:

– Атаке, Пайгамбарымдын жанында чоочун адам бар эле, аны менен бир нерселерди сүйлөшүп жатканына өзүңүз күбө болдуңуз го, – дедим.

Мен ушул сөздү айтаарым менен артка кайттык. Кирип анын жанына отурдук. Атам абдан кызыгуу менен сурады:

– О, Алланын Элчиси! Жана келип кеткенибизден кийин Абдуллага ушундай болду го десем, сиздин жаныңызда бир адам бар эле деп айтты. Чынында эле жаныңызда бирөө бар беле?

117. Күндөрдүн биринде Пайгамбарыбыз мечитте олтурган. Сырттан бир киши кирип келип Пайгамбарыбыздын тизесине тизесин тийгизип олтуруп, ислам, ыйман, ихсан жана кыяматтын белгилери тууралуу суроолорду берет. Ал Жабраил (алейхис салам) эле. Алла Таала ушундай жол менен сахабалардын өз динин үйрөнүп алышына шарт түзгөн. Мына ушул окуяны маалымдаган хадис «Жарбаил хадиси» деп айтылат. (Бухари, Иман, 37;Муслим, Иман, 1.5).

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* мага кайрылып токтоо гана сурады:

*– Абдуллах сен ал адамды көрдүнбү?*

–Ооба көрдүм.

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* :

*– Ал Жабраил болчу. Ошондуктан сага көңүл бура албадым,* – деди *(Ахмад, I, 293-294; Хайсами, IX, 276).*

4. Вахий кээде ушунчалык катуу чыккан коңгуроонун үнү сымал, ачуу үн менен келген. Вахий абалы өтүп кеткен соң, периштенин айткандары Пайгамбарыбызга жат болуп калган.

5. Жабраил периште өзүнүн нукура кейпи менен эки жолу вахий алып келген. Биринчиси, вахий үзгүлтүккө учураган мезгилде, Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Хирадан түшүп келе жаткан кезде, экинчиси, Мираж түнүндө Сирдатул Мунтахага чыкканда.

6. Алла Таала Миражда болгону сыңары, вахий апкелчү периштенин ортомчулугусуз эле Пайгамбарыбызды кабыл кылган жана чоң сыйга карк кылган.

7. Жабраил периште Пайгамбарыбыз уктап жаткан кезде вахий алып келген. Айрым тафсир аалымдары, ушундай түр менен Кавсар сүрөсү билдирилген деп айтышат.

Айрым сахабаларынын айтууларына караганда, вахий берилип жаткан кезде Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* абдан кыйналып, жүзү көгүмтүл тартып, көздөрүн жумуп, башын бир тарапка ийип алган. Аны туурап сахабалар да баштарын ийип алышчу экен. Вахий берилип бүткөнгө чейин сахабалардын эч бири баштарын көтөрүп, Алланын Элчисин кароого батынышкан эмес.

Кээде вахий келген учурда бетине жакын жерден аарынын ызлыдаганындай үн угулган. Ошондой учурда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* бат-баттан дем алып калган. Кычыраган кыш чилдеде да мандайынан тер тамчылып турган[118].

«Вахийдин оорлугу анын маанисиндеги өкүмдүн оорлугуна жараша болор эле» – дейт, вахий жазган катчылардан Зайд бин Сабит (Алла ага ыраазы болсун)[119]. Маселен, жиберилген вахий сүйүнчүлөө же кубанычтуу кабар боло турган болсо, Жабраил адам болуп кубулуп, кабарды алып келген, мына ушул түрү Азирети Пайгамбарыбыз үчүн жеңил өткөн. А эгер жиберилген вахий кандайдыр бир коркутуу, катаал эскертүү же азап тууралуу кабар болсо, айбаттуу конгуроонун ачуу үнү сыяктанып келген.

Вахий Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* төө минип туган учурларда да келген. Төө жаныбар ошондо вахийдин оорлугуна чыдабай буттары титиреп, чөгүп жатып алаган. Бир жолу Азирети Пайгамбарыбыз Адба аттуу төөсүн минип турганда Маида сүрөсүнүн үчүнчү аяты түшө баштаган. Төөнүн буттары калчылдап кыйналганын сезип Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* дароо жерге түшкөн[120].

Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* жанында олтуруп, вахийдин келишин сезген Зайд бин Сабит (Алла ага ыраазы болсун) төмөнкү окуяны баяндаган:

118. Бухари, Бадул-Вахий 1/2, Умра 10; Муслим Фадаил, 87, Худуд, 13; Тирмизи, Тафсир, 23/3173; Ахмад, V, 327.

119. Зайд бин Сабит Алланын Элчисинин катчыларынын бири болгон. Пайгамбарыбыз Мединага көчүп барган кезде Зайд он бир жаштардагы жетим бала эле. Өспүрүм кезинде он бир сүрө жаттаган эле. Алланын Элчиси ага сирия тилин жана иврит тилин үйрөнүүнү буйруган. Арадан кырк күн өтпөстөн Зайд эки тилди ү йрөнгөн. Ошондон тартып Пайгамбарыбыздын сирия жана иврит тилдериндеги кат жазуу иштерин жүргүзгөн. Зайд бин Сабит дагы бир кутман сахаба менен биргелешип, Курани Каримди жыйнактап, китеп абалына келтирген. Бул эмгек алардан калган эн шарапаттуу таберик болуп саналат. Улуу көчтүн 45-жылы Мединада көз жумган. 92 хадис риваят кылган.

120. Ахмад, II, 176; VI, 445; Ибн Саьад, I, 197; Табари, Тафсир, VI, 106.

«Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* жанында олтурган элем. Дал ошол маалда ага вахий келе баштады. Тизесин менин тиземдин үстүнө коюп алгандыктан, вахий учурунда тизем сыздап ооруп чыкты. Тизеси ушунчалык оор болуп кетти. Өмүрүмдө дегеле, анчалык оор эч нерсенин болорун ойлогон эмесмин, тиземдин жанчылып калышына аз калган» *(Ахмад, V. 190-191).*

***

Курани Каримдин Алла Таала жиберген китеп экендигине чыгыштаануучулар ишенишпейт. «Пайгамбардын ойчулдугунун жемиши жана жүрөгүнө ой чабыт аркылуу тамган илхамдар», – деген сандырак пикирлер менен вахийге туура эмес аныктамаларды берип жүрүшөт. Алардын жүрөктөрү кайдыгер, аң-сезимдери сокур жана Исламга ашынган душман болгондугу үчүн ошондой орунсуз сөздөрдү айтып келишет.

Алгачкы вахий келген учурда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* периштени көрүп аябай корккон. Мына ушул коркуу чыгыш таанучулар тануулагандай, вахийдин галусинацияга[121] себеп болгудай ички, же жеке маселе эмес экендигин далилдеп турат. Анткени, вахий келген соң Азирети Пайгамбарыбыз жеке өзүнө тиешелүү кандайдыр бир маселени эмес, сырттан жалпыга тиешелүү чындыктарды жар салган. Маселен, алгачкы вахий келгенде Жабраил periште Алланын Элчисин кучактап туруп үч жолу кысып, ар жолкусунда «оку!» деп кайра койо берген. Ушунун өзү анын сырткы күчтүн мажбурлоосу боюнча, башкача айтканда, Алла Тааладан келген буйрук экенин тастыктап, айгинелеп турат.

121. Галусинация: Күдүктөнүү, арам саноо маанисиндеги француз сөзү. Психологияда:1. көбүнөсе шизофрения, параноя сыяктуу психологиялык ооруусу бар адамдардагы туюмдардын жарамсыздыгынан пайда болгон сезимдер.2. Чындыгы жок нерселерди бар деп эсептеп, өз оюна бекем ишенүү.

«Оку!» буйругунан соң вахийдин үзгүлтүккө учурашы, чыгыштаануучулардын «Пайгамбар терең ой жүгүртүү жана сүкүт чалуу аркылуу ойлорду бириктирип, аны жан дүйнөсүнө сиңирип, ага биротоло ишенип алган» таризиндеги пикирлерин жокко чыгарат. Себеби, вахийдин келбей калышы, вахийдин келишин чыдамсыздык менен күтүшү – бул Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* эрк-каалоосуна көз карандысыз, тышкы таасирге байланыштуу иш экендигин көрсөтүп турат.

Маселен, Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзүнө вахий келе турганын билбейт эле. Аятка көңүл буралы:

وَمَا كُنْتَ تَرْجُو أَنْ يُلْقٰى إِلَيْكَ الْكِتَابُ إِلَّا رَحْمَةً مِّن رَّبِّكَ فَلَا تَكُونَنَّ ظَهِيراً لِّلْكَافِرِينَ

**«Сен бул китептин сага вахий кылына тургандыгын билбейт элең.** (Бул) **бир гана Раббинден ырайым** (катарында) **келген. Андай болсо каапырларга жардам кыла көрбө!»** *(Касас сүрөсү, 86-аят).*

Аяттар менен куттуу хадистердин ортосундагы кашкайган усулдук айырманын өзү эле Курандын вахий экендигин айгинелеп турат.

Кээде вахий келген учурда Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* ошо кездеги эң зарыл иштерин артка жылдырууга мажбур болгон. Маселен, «Ифк окуясы» жана жөөтөрдүн көп суроолору... Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* качан вахий келгенде гана аларга жооп бере алган. Ага чейин эч нерсе айта алган эмес. Курани Карим эгер тигилер жактагандай, адамдын ой жүгүртүүсү жана сүкүт чалып, ачылыш жасоосунун мөмөсү болгондо, кыйыналбастан дароо жооп берип салмак.

Кээде вахий Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* каалабаган түр менен келген. Жиберилген вахий кээде анын көз карашынын туура эмес экендигин билдирип, кээде ал ойлобогон нерсеге буйрук берген. Жадагалса, Пайгамбарлык вазийпаны баштаган кезде бир нерсеге аз гана алагды болгону үчүн Алланын айбаттуу эскертүүсү берилген учурлар болгон. Мына ушулардын баары чыгыш таануучулардын сандырак пикирлеринин акылга төп келбес анкоолук экендигин тастыктап турат.

Күндөрдүн биринде Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* курайштын алдынкы адамдарына Исламды түшүндүрүп жаткан эле. Дал ошол кезде мурда эле мусулман болгон көзү азиз Абдуллах бин Умми Мактум (Алла ага ыраазы болсун) аттуу сахаба келип, Алла Таала жөнөткөн акыйкаттарды тереңирээк үйрөнүүнү каалап жүргөнүн айтып, сөздү бөлөт. Уругуна сөзү өтүмдүү бийлерди көндүрүүгө жан далбас уруп, ошолор менен алек болуп жаткандыктан, азиз сахабага көңүл бура албайт. Азиз сахаба үстөккө-босток суроо жаадыра бергендиктен, Пайгамбарыбыз ага кабагын чытып койот. Мына ушул нерсе үчүн Алла Тааланын айбаттуу эскертүүсүнө кабылат:

أَمَّا مَنِ اسْتَغْنٰى فَأَنْتَ لَهُ تَصَدّٰى وَمَا عَلَيْكَ أَلَّا يَزَّكّٰى وَأَمَّا مَن جَاءَكَ

يَسْعٰى وَهُوَ يَخْشٰى فَأَنْتَ عَنْهُ تَلَهّٰى كَلَّا إِنَّهَا تَذْكِرَةٌ فَمَن شَاءَ ذَكَرَهُ

«**Ал эми** (өз байлыгы менен маашырлана) **текеберленген адам, сен ага (**көңүл буруп) **кабылдайсың.** (Анын насаат укпашы) **тазаланбоосу сага зыян эмес. Ал сага** (чын ыклас менен) **умтулуп келгенге, Ал** (Алладан) **коркуп турат. А сен ага көңүл бурбай алаксыйсың. О жок! Акыйкатта, ал** (Куран) **эскертме. Ким кааласа, эстейт аны**» *(Абаса сүрөсү, 5-12-аяттар).*

Ушул аят түшөрү менен Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Ибн Умму Мактумга көңүл буруп, сый-урмат көрсөтүп, белек-бечкектерди берген. Ага кезиккен сайын:

*«Мени Раббиме жемелеткен адам, кандайсың?»* –деп калар эле *(Вахиди, 471. б.).*

Жараткан тарабынан жөнөтүлгөн буйруктар кээде мужмал[122] түрүндө келген. Алла Таала Өзү чечмелеп бермейинче, Пайгамбарыбыз аны өз алдынча чечмелеген да, жар салган да эмес. Буга төмөндөгү эки аятты мисал катары берүүгө болот:

لِلّٰهِ ما فِي السَّمَاوَاتِ وَمَا فِي الأَرْضِ وَإِنْ تُبْدُوا مَا فِي أَنْفُسِكُمْ أَوْ تُخْفُوهُ يُحَاسِبْكُمْ بِهِ اللّٰهُ

**«Асмандагы жана жердеги бардык нерсе Аллага таандык. Ичиңердеги нерсени мейли ашкере кылгыла, мейли жашыргыла Алла силерди ошол нерсе менен суракка тартат»** *(Бакара сүрөсү, 284-аят).*

Эркке баш ийбей жүрөктөн өткөн ойлордон улам, суракка тартыларын эскерткен бул аятты уккан сахабалар сарсанаа боло баштаган. Аталган аяттын мааниси тууралуу сурашканда ал мындай деп жооп берген:

*«– Эмне ал! Же болбосо китеп ээлери (жөөттөр жана христиандар) сыяктуу, «Уктук, бирок, козголоң чыгардык!» деп айтыңар келип жатабы? Силер деген: «Уктук моюн сундук. Оо, Жараткан! Бизди кечирегөр! Өзүңө кайтабыз!» – деп айтышыңар керек!» (Муслим, Иман, 200; Ахмад, I, 233; Вахиди, 97.б).*

122. Мужмал: Маани маңызы нуска, бирок, түшүнүксүз. Чечмеленмейинче, ичиндеги максатты толук түшүнүү мүмкүн болбогон билдирүүлөр.

Аяттын мааниси мужмал болгондуктан, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* алдастап, аятты айкындатып чечмелеген эмес. Суроолуу караган сахабалардан Аллага моюн сунуп, тобокел кылууну талап кылган. Бир канча убакыттан кийин төмөндөгү аят жөнөтүлүп, мааниси көмүскө аятты түшүнүктүү чечмелеп койгон:

لاَ يُكَلِّفُ اللّهُ نَفْساً إِلاَّ وُسْعَهَا لَهَا مَا كَسَبَتْ وَعَلَيْهَا مَا اكْتَسَبَتْ رَبَّنَا لاَ تُؤَاخِذْنَا إِن نَّسِينَا أَوْ أَخْطَأْنَا رَبَّنَا وَلاَ تَحْمِلْ عَلَيْنَا إِصْراً كَمَا حَمَلْتَهُ عَلَى الَّذِينَ مِن قَبْلِنَا رَبَّنَا وَلاَ تُحَمِّلْنَا مَا لاَ طَاقَةَ لَنَا بِهِ وَاعْفُ عَنَّا وَاغْفِرْ لَنَا وَارْحَمْنَا أَنتَ مَوْلاَنَا فَانصُرْنَا عَلَى الْقَوْمِ الْكَافِرِينَ

**«Күч жетпеген нерсени Алла эч кимге жүктөбөйт. Баарынын тапкан жакшылыгы өз пайдасына, жамандыгы өз зыянына.** (Силер мындайча дуба кылгыла) **Оо, Жараткан, эгер унуткан же ката кетирген болсок, азабына бизди кириптер кылба! Оо, Жараткан, мурунку өткөндөрдүн мойнуна койгон жүгүндү бизге жүктөй көрбө. Оо, Жараткан, чамабыз жетпей турган нерсеге бизди зордобо! Бизди кечир, жазыгыбызды кечире көр, бизге ырайым кыл! Раббибиз Өзүнсүң! Каапырларга каршы бизди жеңишке жеткир!»** *(Бакара сүрөсү, 289-аят).*

Ошентип, сахабалар, бул аяттын арты менен жүрөктө ойноогон ар кандай ойлордон «коргонууга жараша» жоопко тартылышарын түшүнүп калышкан.

Мужмал түрүндөгү аятты чечмелей турган далил келгенге чейин Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* аны чечмелеген эмес. Мына ушунун өзү эле Курандын Алла Таа-

ла тарабынан жиберилген китеп экендигин четке кага алгыс далили. Тескерисинче, чечмелөөчү аяттар жөнөтүлбөгөндө, анда адамдын ою аны туура эмес чечмелеп, жаңылыш жака тайып кетүү коркунучу бар эле. Чечмелөөчү вахийдин келип турушу Курани Каримдин Кудай Тааланын сөзү экендигин көрсөтүп турбайбы.

Башка бир тарабын карай турган болсок, Курандагы кайыпка тиешелүү кабарлар кайра эле анын Алла Тааладан келгендигинин далили болуп эсептелет.

Куранда күкүмчөлүк ката же жаңылыш маалымат жок. Кайсы гана тарыхый баян болбосун, анын эң туурасын айткан. Болбосо, жетинчи кылымда Меккеде бул маалыматтарды билген, илимий бир мекеме же болбосо жалпы маданияттан кабардар бир дагы адам жок эле. Соодагерлер гана перстерге таандык апыртма икаяларды уламыш кылып, айтып жүрүшкөн. Алардын тарыхтан билгени мына ушу гана болчу. А Курандагы тарыхый маалыматтарда эч кандай карама-карлышык жок, тескерисинче бири бирине дал келген, так-таамай чындыктар айтылган. Адамзаттын өзүнө калса мындай акыйкаттарды ойлоп дагы чыгара албайт.

Акыл-эстүү адам жакшы ойлонушу керек. Карапайым, караңгы коомчулуктан чыккан сабатсыз киши Алла Таалага таянбай туруп мындай улуу кереметти, мындай ыраатуулукту, мынчалык көркөм адабий ыкманы, мынчалык дал келүүчүлүктү жана чындыктарды кайдан алат, кантип автор боло алат? Эч качан мүмкүн эмес!!!

Демек, Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* айткан бардык кабарлар Жараткан Алланын даргөйүнөн вахий жолу менен келген.

Курани Каримде келечек тууралуу кайыптык кабарлар арбын. Булар кандай айтылган болсо, дал ошондой туура чыккан жана туура чыгып келе жатат. Ааламда кандай гана процесс жүрбөсүн, Куран дайыма алдыда бара жатат, ал эми табигый илим-билим, технология жана башка нерселер анын артынан келе жатат.

Куранда айтылган береги окуя сансыз мисалдардын бири болуп саналат:

Кызыл деңиздин ириминде чөгүп баратканын кеч сезип, айласы түгөнгөндө гана ыйман келтирүүгө жан далбас урган фараонго Алла Таала мындай деген:

آلْآنَ وَقَدْ عَصَيْتَ قَبْلُ وَكُنْتَ مِنَ الْمُفْسِدِينَ

**«Эми ыйман келтирип жатасыңбы?! Бирок, сен мындан мурун** (өмүр бою) **күнөө кылып, ар дайым каргаша кылган элең»** *(Юнус сүрөсү, 91-аят)*. Башкача айтканда, башка азап түшкөндө оңолуп, тынчылыкты, жай турмушту берсем бузуку иштерди кылгансың! Эми, жок болуп кетүүгө көзүң жетип, аргаң түгөнгөндө ыйманга кайтканыңдын пайдасы жок! Жараткан Алла арга түгөнгөн кезде ыйман келтирүүнүн пайдасы жок экендигин фарандор аркылуу бүт адамзатка жар салган.

فَالْيَوْمَ نُنَجِّيكَ بِبَدَنِكَ لِتَكُونَ لِمَنْ خَلْفَكَ آيَةً وَإِنَّ كَثِيراً مِّنَ النَّاسِ عَنْ آيَاتِنَا لَغَافِلُونَ

«(Эй, фараон!) **Мына, бүгүн өзүңдөн кийинки адамдарга үлгү болушуң үчүн сенин денеңди куткарабыз. Чындыгында, көп адамдар биздин аяттарыбыздан бейкапар!»** *(Юнус сүрөсү, 92-аят)*.

Улуу тафсир аалымы Замахшари бул аятты мындайча чечмелейт:

«Сени деңиздин жээгине чыгарып салабыз. Денеңди бузулбаган абалда толук сактап, кийимсиз жылаңач кылып, сенден нечелеген кылымдардан кийин келе турган муундарга мисал кылабыз» *(Замахшари. III, 24).*

Соңку изилдөөлөр көрсөткөндөй, фараондун денеси башын саждага койгон абалда деңиздин жээгинен табылган. Бул анын өлүм көзүнө көрүнүп калгандагы абалы. Өмүрүнүн акыркы мөөнөтүндө ажалдын айбаттуу сүрүнөн коркуп ыйман келтирүүнү каалаганы менен, арга түгөнгөндөгү амалы кабыл кылынган эмес. Божомолдордо ал мындан үч миң жыл мурда өлүп, бирок, аятта айтылгандай, чиритилбеген денеси ушу күндөрдө Британиянын белгилүү музейде сабак болуп сакталып турат. Бул чындык Курандагы кыяматка чейин улана турган мужизалардын бирөөсү гана болуп саналат.

Тавхидди жар салуу, пенделерди туура жолго чакыруу Курандын негизги максаты болгондуктан, мужизалык акыйкаттар, тактап айтканда, илимий, табигый жана тарыхый чындыктар анын экинчи маселеси. Ушуну унутпоо керек:

وَلاَ رَطْبٍ وَلاَ يَابِسٍ إِلاَّ فِي كِتَابٍ مُّبِينٍ

**«Жер алдындагы ар бир дан, ным жана кургак нерсе, албетте, ачык китепте** (Алланын түбөлүктүү илиминде) **бар»** *(Анам сүрөсү, 59-аят)*. Алла Таала Өзү тастыктагандай, бардык акыйкаттар Куранда камтылган. Андай болсо, Курани Каримди ааламдагы жаамы акыйкаттардын кынтыксыз жана толук жыйнагы деп айтсак да болот. Убакыттын өтүшү менен илимде жаңы ачылыштар болгон сайын, өнүгүүлөр жаңы тепкичтерге

көтөрүлгөн сайын, жаңы табылгалар табылган сайын анын мужизалары дагы да белгилүү болот.

Эгерде Кудай Тааланын табият мыйзамындагы катылуу миң түркүн маалыматтары кыска-нуска эмес, чаржайыт берилгенде, анда Курани Карим жалгыз китеп эмес, балким, жүздөгөн китепканаларды толтура турган жыйнактарга айланышы мүмкүн эле... Андай учурда жаңылык болгон нерселер мезгилсиз айтылган чакта адамзаттын аң-сезими аны кабылдагыдай деңгээлде болбогондуктан, Куранга болгон ыйман кыяматка чейин уланмак эмес. Буга бир мисал берели, баарыбыз жакшы билген телевизорду алалы. Телевизорго байланыштуу бүгүнкүдөй чындыктар он төрт кылым мурда айтылганда, бирок, анын өзү тажрыйбада жок болгондуктан, буга адамдардын акылы жетмек да эмес, Куранды да четке кагары турган иш эле. Курандын ушул өңдүү нерселерди сырдуу сөздөр же каймана түрдө менен баян кылыгандыгынын хикматы ушунда жатат.

Анткени, ыйык Куран бардык маселелерди тавхид максатына ылайыкташтырып сунат. Табигый акыйкаттарга болгон катнашы деле ушу максатка ылайыкташтырылган. Анын ушундай өзгөчө мужизасы кыямат кайымга чейин бою улана бермекчи. Ушу кезге чейин Курандын ишаараты менен табылган ачылыштар жана кыяматка чейинки табыла турган бардык жаңылыктар анын зоболосунун бийиктигин тастыктайт[123].

Курандын жана Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* зоболосун көрө албаган чыгыштаануучулар жана дин душмандары, вахий келген учурдагы анын абалдарына «талмасы бар экен» деген аныктама беришип, акыл-эске төп

123. Бул жагдай тууралу мисалдарды караныз: Осман Нури Топбаш, «Мээрим желаргысы», Бишкек. 2006.184-239 б.

келбеген негизсиз жалааларды жабышкан[124]. Чындыкка коошпогон мындай сөздөргө төмөнкүдөй жооп берүүгө болот:

Талма оору өтүп кеткенден кийин киши алсырайт, дене ыкшоо тартып, ар кайсы жерлер ооруйт. Эсине келген адам кыйналып, физиологиялык жактан да, рухий жактан да, бир топко дейре сыркоолоп азап чегет. Азирети Пайгамбарыбыз жогоруда айтылган ооруу-сыркоолордун бирин да сезген эмес, алтургай, эки вахийдин ортосундагы  мезгилди байланыштын үзүлүшү деп кабылдап, кезектеги вахийдин келишин чыдамыздык менен күткөн. Вахий келген соң татымына сөз жеткис жыргал сезимдерге бөлөнгөн.

Вахий учурундагы мындай абалдар ар дайым кайталана берген эмес, кээде мурункудай, жай турмуштагыдай абалда кала  берген.

Медицина аныктагандай, талмасы тарап эсине келген адам ойлонуп, андоо жөндөмүн жоготуп, эч нерсени сезбеген абалда айланасына түшүнүксүз карап, болуп жаткан окуяларга бейкапар тигилип, нестейип көпкө олтурат. Алланын сүйүктүү Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* вахийди алгандан кийин сахабаларына укук, адеп-ахлак, ибадат, тарыхый баяндар сымал, акыл-эстүүлүктү талап кылган улуу чындыктарды – Курандын аяттарын даршан кылаар эле.

124. Жогоруда айтылгандай, вахий келген мезгилде Азирети Пайгамбарыбыздын абалында ар кандай өзгөрүүлөр болор эле. Дин илимин изилдөө менен алектенген айрым дин душмандары жана чыгыш таануучулар муну эпилепция, башкача айтканда, талма ооруусу болгон деп жөөлүгөн. Пайгамбарыбызга жалааларды жабуу үчүн ушундай нерселерди ойлоп табышкан. Акырында Азирети Пайгамбарыбызды акыл-эси жайында эмес дегенчелик акмакчылыкка барышып, бул пикирлерин «Француз Улуттук медицина академиясына»тастыктатуу үчүн ошол академияларында илимий доомат түрүндө талкуулоого жетишишкен. Академияга чакырылган эң кыйын дарыгерлерден куралган топ 1842-жылы каапырлардын доосун изилдеп көрүшүп, медициналык чындыктардын алкагында андай болушу мүмкүн эмес таризинде көптөгөн далилдер менен жыйынтык чыгырышып, чындык токтомду жарыялашкан. Окуяны тереңдетип окугусу келгендер проф.док. Ферудин Нафиз Узлук которгон түркчө «Рапор» деген  чыгармага үңүлсө болот. Ал китеп 1996-жылы Стамбулда Себил басмасынан басылып чыккан.

Талма адамдын колу-буту карышып, катып калат. Вахий келген учурларда Пайгамбарыбызда *(саллаллаху алейхи васаллам)* андай абалдар эч качан болгон эмес.

Талма ооруусу кармар учурда, же кармаган соң оорулуу адам эмне деп жатканын билбей жөөлүп калат. Вахийден кийин ардактуу Пайгамбарыбыздын андай болгонун эч ким көргөн эмес. Анын оозунан пендезатты таң калтырган нукура чындыктар, акактай тунук акыл-насааттар төгүлүп турган.

Алты миңге чукул аят түшкөнчө, узун убакытка талма менен ооруп жүрүүгө адамдын физикалык күчү, денеси туруштук бере албайт, муну медицина илими эбак тастыктап койгон.

Мына ушул өңдүү арам максат менен атайын таңууланган жалааларды Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* алып келген акыйкатты түшүнбөө, аңкоолук, душмандык деп эсептөөгө болот. Алардын пикиринде кыпынчалык чындык жок.

## Нубувват жана Рисалат

Алла Таала адамзаттын арасынан өзгөчө касиети менен айырмаланган пенделерди тандап, аларга пайгамбарлык жоопкерчиликти жүктөгөн жана ошол элчилери аркылуу кайрылууну каалаган. Алланын бул мыйзамы аятта мындайча билдирилет:

وَرُسُلاً قَدْ قَصَصْنَاهُمْ عَلَيْكَ مِن قَبْلُ وَرُسُلاً لَّمْ نَقْصُصْهُمْ عَلَيْكَ

**«Айрым пайгамбарлар жөнүндө сага мурун баян кылдык, айрым пайгамбарларды болсо сага баян кылганыбыз жок...»** *(Ниса сүрөсү, 164-аят).*

وَلَقَدْ أَرْسَلْنَا مِن قَبْلِكَ رُسُلاً إِلَى قَوْمِهِمْ فَجَاؤُوهُم بِالْبَيِّنَاتِ

«(Мухаммед)**, чынында Биз сенден мурда да пайгамбарларды өз коомдоруна жибергенбиз. Анан алар** (коомдоруна) **ачык-айкын далилдер келтиришкен...»** *(Рум сүрөсү, 47-аят).*

Алла Таала ар бир доорлордо «наби» жана «расул» сыпаттагы пайгамбарларды пендезатка жөнөтүп турган. Мындан максат, Өзүнүн чалкыган мээримдүүлүгүн, ырайымдуулугун, адилеттүүлүгүн жана чексиз кудуретин көрсөтүү болгон.

**Нубувват** – Алла Таала тарабынан тандалган баам парасаттуу пенделердин дүнүйөлүк жана акыреттик иштерди ырааттуу эреже менен жүргүзүү максатында Алла менен кулдарынын ортосунда элчилик кылуусу.

**Расул** – Кудай Тааладан **алган вахийди** адамдарга маалымдап, аларды туура жолго, тавхидге үндөгөн пайгамбар. **Наби** – үгүт ишине жооптуу болсун-болбосун, Алла Тааладан вахий алган адам. Набилер, дээрлик өздөрүнөн мурда «расул» сыпаты менен жөнөтүлгөн пайгамбарлардын шариятын жүргүзүшүп, калкты ошого үндөөгө милдеттүү болушкан. Демек, бардык расулдар наби да болушат, ал эми бардык набилер расул боло алышпайт. Набиге салыштырмалуу расулдун жоопкерчилиги күчтүү жана кең болгон. Ошондой болсо да, Куранда бул сөздөр биринин ордуна бири колдонулган.

«Алла Таала эмне үчүн пенделерине түздөн-түз эмес, пайгамбарлардын ортомчулугу менен кайрылат?» деген суроо ар бир адамда болбой койбосо керек. Жооп: Эгерде Алла Таала пенделерине түздөн-түз кайрылып, баарына вахий жиберип, буйруктарын жана өкүмдөрдү Өзү билдире турган болгондо, ааламды жаратуудагы «сыноонун сырына» карама-каршы иш болмок. Анткени, ыймандын кайыпка ишенүү бөлүгү, башкача айтканда, кыяматтын жана анын шарапаттуулугунун маани ма-

нызы калмак эмес. Арам менен адалды, буйрук менен тыюуну Алла Тааланын Өзүнөн алган пенде айласыздан моюн сунуп бермек. Мындай көрүнүш адамдардын өз эрки, каалоосу жана өз ыктыяры менен жакшылыкты жана жамандыкты тандап алышына тоскоол болуп, акыреттеги сыйлык менен жазанын маани маңызын жокко чыгармак.

Башка жагынан караганда, адамдардын акыл-туюму, күч-кудурети, шык- жөндөмү бирдей эмес. Жашоодогу орду, турмуштук багыты да миң түркүн. Эгерде адам атпайдын жөндөмү абдан күчтүү болгондо, кээ бир майда-чүйдө иштерди эч кимиси жасагысы келбейт эле. Майда баратынан тартып, өтө чоңуна чейин, бүтүн көрүнөө жана дүйнөлүк функциялардын жүзөгө ашырылышы, адамдардын шык-жөндөм жагынан ар түрдүү жаратылышын талап кылган.

Пайгамбарлар адамзат тарыхынын эң улуу көсөмдөрү, кыраакы мугалимдери жана тарбиячылары болушкан. Аламан калктын арасында азоосу да, макоосу да, жалкоосу менен ажосу, түшүнүгү тайкы түркөйү да болот эмеспи. Мына ошол түрдүү тайпаларды туура жолго жылоолоп, аларга жол көрсөтөр, жакшылыкка көппөй, жамандыкка чөкпөй көздөгөн максатка таамай жете турган адам албан шыктуу, талыкпас аракетчил, бүт нерсеге жөндөмдүү жана чыдамкай болушу керек. Ээрчий турган элдерди таң калтыра турган ажайып артыкчылыктары, мерездерди да багынта турган бийик кулк-мүнөзү, өзгөчө касиеттери болушу керек. Мындай сапаттары болбосо, ээрчитмек тургай таасир эте албайт.

Пайгамбарды коюп катардагы эле бир лидерди ала турган болсок, кол астындагыларга бийлик жүргүзүүсү үчүн эч болбоду дегенде, алгылыктуу аракеттери менен, жетекчилик мүнөзү менен адамдардан аз да болсо айырмасы, артыкчылыгы болушу

керек. Болбосо лидердик деңгээлге чыга албайт. Эл башына келип калса, ийгиликке жете албайт. Алсыздарды, чабалдарды жана байкуштарды эч ким лидер катары таанымайт.

Байкап көрө турган болсок, пайгамбарлар табиятынан артыкчылыктуу, тубаса шык-жөндөмдүү инсандар болушкан. Айта кетчү нерсе, жалаң гана артыкча жөндөмдөрү, тубаса өзгөчөлүктөрү жана жеке аракеттери менен эч ким пайгамбар боло алган эмес. Пайгамбарлык – ылайыктуу инсандардын арасынан Алла Өзү тандап дайындаган асылдарга таандык. Болбосо, жеке аракети же кайраты менен көрүнүп эч ким пайгамбар боло албайт. Жараткан Алла пенделеринин арасынан бул вазийпага кимди ылайык көрсө, ошону дайындайт.

اللهُ أَعْلَمُ حَيْثُ يَجْعَلُ رِسَالَتَهُ

**«... элчиликти кимге ыйгарарын Алла эң жакшы билет...»** *(Анаам сүрөсү, 124-аят).*

Жаратқандын вахийи туш келди кишиге берилген эмес. Анын мүдөөсүн кабылдоого жана жүргүзүүгө татыктуулар гана тандалган. Ылайыктуулук, туюмчулдук жана сезимталдык жагынан адамдар бирдей эмес болгондуктан, деңгээли бийик, тубаса артыкчылыктуулардын арасынан тандалган пайгамбарлар нубувват жана рисалаттын оор түйшүгүн алышкан.

## Пайгамбарлардын сыпаттары

Бардык пайгамбарларда айрым орток сыпаттар бар. Ал сыпаттар: сыдк, аманат, фатанат, исмат жана таблиг. Пайгамбарларга ыйман келтирүү ушул өзгөчөлүктөрдүн алкагы менен толукталат:

**Сыдк:** Чынчылдык, туура сөздөн тайбоо дегенди туюнтат. Алла Таала билдирген кабарларды, өкүм, буйруктарды элге жеткирүүдө тууралыктан тайбоо, алымча кошумча жалгабоо, жалган айтпоо деген маанилерди билдирет. Мына ошондуктан, алар эч качан жалган айтышпайт, жагымсыз, жаман иштерди жасашпайт. Сөздө да, иште да тууралыктан тайышпайт. Алардын сөздөрү иштерине, иштери сөздөрүнө дал келип, бири биринин күзгүсү болгон. Алар эч убакта жалган айтышкан эмес. Элчилеринин кыйышпас тууралыгын, берилгендигин мактоо иретинде Алла Таала мындай дейт:

وَاذْكُرْ فِي الْكِتَابِ إِبْرَاهِيمَ إِنَّهُ كَانَ صِدِّيقاً نَّبِيّاً

«(Мухаммед)**, ушул китепте Ибрахимдин баянын эстегин! Чындыгында, ал абдан ыраскөй пайгамбар эле»** *(Мариям сүрөсү, 41-аят)*[125].

Пайгамбарларынын жалган айтуусу жана туура жолдон тайып кетүүсү мүмкүн эмес экендигин билдирген:

وَلَوْ تَقَوَّلَ عَلَيْنَا بَعْضَ الْأَقَاوِيلِ لَأَخَذْنَا مِنْهُ بِالْيَمِينِ
ثُمَّ لَقَطَعْنَا مِنْهُ الْوَتِينَ

**«Эгер** (пайгамбар) **Биздин абийирибизге** (биз айтпаган) **айрым сөздөрдү токуп алганда, Биз албетте анын оң колунан кармап, андан соң анын күрөө тамырын үзүп таштаган болоор элек»** *(Хакка сүрөсү, 44-46-аяттар).*

Алардын чынчылдыгы, туура сөздүүлүгү, кайра эле ошол

125. Кошумча маалымат үчүн: Мариям сүрөсү, 54-56-аяттар; Юсуф сүрөсү, 46-аят.

пайгамбарларга ыйман келтирбегендер тарабынан тастыкталганына эмне дей алабыз. Бул деген кол жеткис бийиктик. Көп мисалдардын бир канчасын айтып өтөлү:

Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* үгүт ишин жаңыдан гана баштаган кезде элди Сафа тоосуна чакырган. Көпчүлүккө угулсун үчүн өзү чоң ташка чыгып, үнүн бийик көтөрүп минтип кайрылган:

– *О курайш жамааты! Мен силерге ушул тоонун артында же ушул өрөөндө аттуу душмандар бар, ушу азыр силерге чабуул жасашат, мал-мүлкүнөрдү талап-тонойт десем мага ишенесинерби?*

Ошондо баары ойлонбой туруп:

– Ооба, ишенебиз. Анткени, ушул кезге чейин сенин жалган айтканыңды көргөн эмеспиз. Ар дайым туура сөздү айтасың! – дешкен *(Бухари, Тафсир, 26).*

Византия императору Геракл Азирети Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* тууралуу маалымат алуу үчүн ыйманга келе элек Абу Суфянга төмөнкүдөй суроо узаткан эле:

– Бирер жолу сөзүнө турбаган учуру болду беле?

Ошол мезгилдерде Азирети Пайгамбарыбызды *(саллаллаху алейхи васаллам)* жок кылууну көздөп жүргөн душман болсо да Абу Суфян акыйкатты жашыра алган эмес:

– Жок! Ал убада берсе, сөзсүз аткарат. *(Бухари, Бад-ул-Вахий, 1, 5-6; Муслим, Жихат, 74).*

Ислам динине тиш кайраган элдешкис душмандардын бири меккелик мушриктерден Убай бин Халаф болгон. Хижраттан мурда Азирети Пайгамбарыбызды *(саллаллаху алейхи васаллам)* коркутамын деген ойдо:

– Ушу тапта күчтүү жем берип бир ат багып жүрөм. Бир күнү аны минип сени өлтүрөмүн! – дейт.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* кезектеги жолугууда жооп иретинде ага:

– *Буйруса, сени мен өлтүрөмүн!* – таризинде сөз кайрыйт. Бул сөздөрдөн кийин далай жылдар өтөт.

Ухуд согушу башталган күн эле. Убай бин Халаф:

– Бүгүн ал колумдан кутула турган болсо, менин ишим бүттү дей бер! – деп, эки жагын аландай, согушкерлерди аралап, жүрүп отуруп Мухаммед Мустафага жакындап барат. Убайдын өчүгүшүп калганын баары билишет эле. Анын башын кыя чабууну суранган сахабаларга Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* :

– *Тим койгула өзү келсин!* – дейт.

Чукулдап кирип келгенин байкай коюп, Пайгамбарыбыз жанында турган сахабанын найзасын алар замат Убай артка кача баштайт.

– *Кайда качып баратасың эй, жалганчы?* – деп, найзаны ыргытканда, анын учу Убайдын мойнун сыйрып кетет. Ошончолукка туруштук бере албай аттан жыгылып, мушриктер тарапка качып жөнөйт. Көздөрү алачакмак болуп, качып баратып:

– Касам ичем, Мухаммед мени өлтүрдү!.. – согуш талаасын жаңыртып, кыйкырат.

Жениден тартып, жаракатын көргөндөр:

– Эмне эле жаның чыгып бараткансып кыйкырасың? Аз гана сыйрылган турбайбы, ушунчалыкка өлүп баратасыңбы? – деп жемелешет.

– Мен сени сөзсүз өлтүрөм, деп, Меккеде жүргөндө эле айткан болчу. Касам ичип айтам, эгер мага бир түкүрүп койсо да өлүп каламын!… – деп, акылынан ажыраган немедей айкырып үнү басылбайт .

Сан жагынан аз болгонуна карабастан, талбай жеңишке умтулган мусулмандар мушриктердин шаштысын алып жаткан. Бир тараптан жиндидей адамды алагды кылган немени токтотуп, жарасын көргөн Абу Суфян аны айыптап:

– Болбогон кичине гана жаракатка ушунчалык да кыйкырасыңбы? – деп катуу тийет. Убай ага эмелеки жоопту узатат:

– Билесиңби, муну ким сыйрыды? Муну Мухаммед кылды. Лат менен Уззанын атына касам ичип айтамын, бул жаранын куйкалаган ооруусун бүтүн Хижаз калкына тарата турган болсо, баары өлүп жок болот. Меккеде жүргөндө Мухаммед мага: «Мен сени сөзсүз түрдө өлтүрөмүн!» деп айткан эле. Мен ошондо эле анын колунан өлөрүмдү билчүмүн…

Ошентип, Пайгамбарга элдешкис душман болгон Убай бин Кааб Меккеге жетээрден бир күн мурда ит өлүм менен жолдо өлөт *(Ибн Исхак, б. 89; Ибн Саьад, II, 46; Хаким, II. 357).*

Азирети Пайгамбарыбызды *(саллаллаху алейхи васаллам)* жакындан тааныган, өчүгүшкөн душманы да анын убадага канчалык бек экендигин жана айтканынан кайтпаган эр жүрөк экендигине чын дилден ишенгенин ушул окуядан көрүүгө болот.

Абу Майсара риваят кылат:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* күндөрдүн биринде Абу Жахил жана анын бир топ жолдошторуна кезигип калды. Мушриктер аны көрөрү менен көндүрүүгө жан далбас урушту:

–Мухаммед, Кудайга ант болсун, биз сени жалганга чыгарбайбыз. Сени чынчыл, туура жүргөн жана акыйкатты сүйлөгөн инсан катары тааныйбыз. Бирок, сен алып келген динди гана жалган деп билебиз.

قَدْ نَعْلَمُ إِنَّهُ لَيَحْزُنُكَ الَّذِي يَقُولُونَ فَإِنَّهُمْ لاَ يُكَذِّبُونَكَ وَلٰكِنَّ الظَّالِمِينَ بِاٰيَاتِ اللهِ يَجْحَدُونَ

Алар ушуну айтары менен береги аяттар жиберилди: «(Мухаммед) **алардын сөзү шек-күмөнсүз сени капа кыларын билебиз. Сени жалганчы дешпейт, бул заалимдер Алланын аяттарын танышат»** *(Анаам сүрөсү, 33-аят); (Вахиди, б. 219).*

Унчукпай мелтиреп турган жерде да ааламга ырайым болуп келген Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* тамылжыган нур жүзү убададан кайтпаган нагыз мырзалыкты жана чынчылдыкты чагылдырып турар эле. Жөөттөрдүн даназалуу аалымдарынан Абдуллах бин Салам анын гүл жүзүн алгач көрөрү менен:

«Бул жалганчынын жүзү эмес!» деп, дароо ыйман келтирген *(Тирмизи, Кыяма, 42; Ахмад, V, 451).*

Пайгамбарлык бериле электеги турмушунда жан адамга, жадагалса, тамаша иретинде да жалган сүйлөп көрбөгөн инсандын Алла Таала тууралуу жалгандарды токушу эч мүмкүн эмес. Ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* жалганчылыкты мунафыкчылыктын – эки жүздүүлүктүн алааматы деп эсептеп, мындай кемпай жоруктан сактанууну үммөтүнө осуяттаган жана тыюу салган[126]. Хадистеринин биринде мындай деген:

126. Бухари, Иман, 24, Муслим, Иман, 107.

*«Пенде жалган сүйлөөдөн жана жалган айтуу ниетинен баш тартмайын, жүрөгүндө пайда болгон кара так чоноюп олтуруп, бүтүндөй жүрөктү карартып жиберет. Акырында Алла аны «жалганчылардын» арасына каттайт» (Муватта, Калам, 18).*

Нуфай бин Харис (Алла ага ыраазы болсун) мына буларды баян кылган:

– *Силерге чоң күнөөлөрдүн эң оорун айтайынбы?* – деп, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* күндөрдүн биринде үч жолу кайталады.

– Ооба, айтыңыз Пайгамбарым, – дедик.

– *Аллага шерик кошуу, ата-энеге баш ийбөө,* – дегенден кийин, маанилүү бир нерсени айта тургандай, жамбаштап жаткан жеринен түздөнүп олтурган соң:

– *Жакшылап кулак салгыла, анан да жалган сүйлөө жана жалган күбө болуу!* – деди. Бул сөздү токтотпой кайталай берди. Чарчап калышынан кабатырланып, токтотсо экен деп каалап турдук» *(Бухари, Адаб, 6; Муслим, Иман, 143).*

Чынчылдыктын жана туура жүрүп, туура сүйлөөнүн маанилүүлүгү Куранда төмөнкүчө билдирилет:

قَالَ اللهُ هٰذَا يَوْمُ يَنفَعُ الصَّادِقِينَ صِدْقُهُمْ لَهُمْ جَنَّاتٌ تَجْرِي مِن تَحْتِهَا الأَنْهَارُ خَالِدِينَ فِيهَا أَبَداً رَّضِيَ اللهُ عَنْهُمْ وَرَضُوا عَنْهُ ذٰلِكَ الْفَوْزُ الْعَظِيمُ

**«Алла айтты: «Бул күн -** (кыямат күнү) **чыныгы ыйман келтиргендерге чын сөздөрү пайда бере турган күн. Алар үчүн астынан дайралар агып тура турган бе-**

**йиштер бар. Алар анда түбөлүк калышат. Аларга Алла ыраазы болду, алар да Аллага ыраазы болушту. Бул өтө чоң бакыт»** *(Маида сүрөсү, 119-аят).*

**Аманат:** Пайгамбарлардын бардыгы ишеничтүү жана зыянсыз жандар болушкан. Алардын ишенимдүү экендигин ыймансыздар да кабыл кылышкан. Пайгамбарлардын аманат сыпаты, алардын ар кайсы жагдайда ишенимдүү, коопсуз болуусу менен бирге, асыресе, адамдарга Алла Тааланын бардык буйруктарын болгонун болгондой өзгөртүүсүз түрдө жеткирүүнү туюнтат.

Алла Таала пайгамбарлык улук вазийпаны чыккынчыларга эмес, ар тараптан ишенимдүү, чынчыл кулдарына ыйгарган. Куран аяттарында пайгамбарлардын сөздөрү мындайча билдирилет:

أُبَلِّغُكُمْ رِسَالاَتِ رَبِّي وَأَنَاْ لَكُمْ نَاصِحٌ أَمِينٌ

**«Силерге Раббим вахий кылган нерселерди гана маалымдап жатамын, мен силер үчүн ишенимдүү насаатчымын»** *(Араф сүрөсү, 68-аят).*

إِنِّي لَكُمْ رَسُولٌ أَمِينٌ

**«Мен шек-күмөнсүз, силерге жөнөтүлгөн ишенимдүү Пайгамбармын»** *(Шуара сүрөсү, 107-аят)*[127].

Мушриктердин оозунан «Мухаммадул-амин» (ишенимдүү Мухаммед) деген ысым түшчү эмес. Бул Азирети Пайгамбарыбызды данктоо, мактоо үчүн ага ыйгарылган лакап эле. Алар өз

127. Кеңири маалыматтар үчүн караңыз: Шуара сүрөсү, 125, 143, 162, 178-аяттар; Духан сүрөсү, 18. 127; тарыхый маалымат: Ибн-и Саьад, I. 121, 156

жакындарына караганда сүйүктүү Пайгамбарыбызга көбүрөөк ишенип, зарыл аманаттарын ага тапшырышар эле. Алар ишенип берген кымбат баалуу буюм-тайымдарды Пайгамбар *(алейхис салам)* белгиленген мөөнөткө чейин сактаган. Жадагалса, Мединага көчүүнүн алдында анын колунда мушриктерге таандык аманат буюмдар болгон. Өмүрү бычактын мизинде турганына карабай, аманаттарды ээлерине тапшыруу үчүн Азирети Алини Меккеге таштоого аргасыз болгон. Азирети Али аларды ээлерине тапшыргандан кийин гана Мединага карай жылган.

«Аль-Амин» Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* экинчи атына айланган. Жыйырма беш жашында эле ишенимдүүлүгү, калыстыгы менен элдин оозуна алынып, «аль-Амин» деп чакырыла турган[128].

Башта айтып өткөндөй, Каабадагы кайра куруу иштери аягына чыгып, Хажарул-асвадды ордуна коюуга кезек келгенде, анын сырттан кирип келгенин көргөн жандар «аль-Амин келе жатат!» – деп, жаш баладай сүйүнүшкөн. Жай турмуштагы мүшкүлдүү иштери тууралуу меккеликтердин көбү андан кеңеш сурашкан. Жанын жана мал-мүлкүн Алланын Элчиси үчүн садага чабуудан кайра тартпаган сахабалар сымал, кас душмандары да анын ишенимдүүлүгүнө көлөкө түшүрө турган нерсени айтууга батынышкан эмес.

Пайгамбарлар сыңары, аларга вахий алып келген Жабраил периште да накта ишенимдүү болгон. Куранда айтылат:

إِنَّهُ لَقَوْلُ رَسُولٍ كَرِيمٍ ذِي قُوَّةٍ عِندَ ذِي الْعَرْشِ مَكِينٍ مُطَاعٍ ثَمَّ أَمِينٍ

«**Бул чынында улук элчинин айткандары,** (Ал) **Арш-**

128. Ибн Саьад, I, 121, 156.

**тын Ээсинин алдында күч-кубаттуу жана мартабалуу.** (Ал) **баш ийилген[129] ишенимдүү»** *(Таквир сүрөсү, 19-21-аят).* Демек, көктөгү Амин жер жүзүндөгү Аминге вахийди жеткирип турган.

**Фатанат:** Пайгамбарлар өздөрүнүн көрөгөчтүгү, акыл-эстүүлүгү, зиректиги, жана баам-парасаттуулугу менен башкалардан айырмаланып турат. Алардын эс тутуму башка адамдарга салыштырмалуу өтө жогору, тил табышуу, ынандыруу жана жат кылуу жөндөмдөрү күчтүү болгон, ошону менен бирге абдан сезимтал жана логикасы ыкчам жана кең болгон.

Фатанат – бул кургак акыл жана логика эмес, көсөмдүктөн да өткөн туюмчулдук даража. Фатанат – жүрөк менен тыгыз байланыштагы акылдын, парасат жана кыраакылык менен айкалышуусу. Кайсы гана пайгамбар болбосун, өз вазийпасын кынтыксыз орундаткан, ошондой эле, зээндери биздин оюбуздагыдан да курч болгон. Болбосо ишенбегендерге каршы кубаттуу далилдерди апкеле алмак эмес, аларды көндүрүп, ынандыра албашы да толук мүмкүн эле.

Татаал жана түйүндүү маселелерди оңой чече алышкан. Жылуу сөз жыланды ийинден чыгарат демекчи, таттуу сүйлөп, көп инсандардын көңүлүн ыйманга бура алышкан. Тыңдоочуларынын деңгээли ар кандай болгонуна карабастан, нуска сөздөрү баарына түшүнүктүү болгон.

Бул сыпат пайгамбарларда ар кандай түрдө болгон. Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* турмуштук жолу ушул түрдүүлүктөрдүн баарын басып өткөн. Башта кайталанып кеткендей, Кааба курулуп бүткөн соң Хажарул Асвадды ордуна коюудан чыккан катуу талашты ааламдардын акыркы Пайгамбары *(саллаллаху алейхи васаллам)* тынчтык жолу менен өтө

129. башка периштелер ага баш ийет

оной чечип, уруулар аралык бычак мизиндеги каргашаны токтотуп калган. Бул анын кыраакылыгынын жана парасаттуулугунун айкын белгиси.

Согуштардагы анын көрсөткөн таасири, тынчтык келишимдеринде, асыресе, Худайбияда көрсөткөн парасаттуулугу, Меккенин кан төгүүсүз алынышы, жүз миңдеген инсандардын хидаяттарына себепкер болушу, Хунайндагы, Таифтеги ажайып кыраакылыгы жана адилеттүүлүгү эч кимдин колунан келбей турган анык даанышмандуулуктун үлгүсү болуп саналат.

Катардагы ар бир мусулман пайгамбарлардын фатанат сыпатынан үлүш алып, акыл деген улуу нематты пайдалуу иштерге колдонуусу керек. Кимге, эмнени, качан, кай жерде, кантип сүйлөөнү мыкты деңгээлде өздөштүрүүсү керек.

Маселен, Жафар-и Таййар (Алла ага ыраазы болсун) Хабашистандын падышасы Нажашиге Ислам дини тууралуу маалымат бергенде абдан аяр ыкманы колдонгон. Парасаттуу мусулман деген дал ошондой болушу керек. Анын ошондогу баарлашуусу – нагыз үлгү.

Нажаши Христиан динин тутунган инсан болгон. Ал Куран окууну талап кылат. Кыраакы сахаба каапырларды эрөөлгө чакырган Каафирун сүрөсүн эмес, Азирети Исаны жана анын энесин мактоо менен эскерген Марийам сүрөсүн окуган. Мукам үндүү Азирети Жафардын (Алла ага ыраазы болсун) кубулжута окуган кыраатын бериле тыңдаган Нажаши көзүнө жаш алып:

– Сенин окугандарың менен Иса алып келген нерселер шексиз бир булактан келген! – деп айткан. Ошондон көп өтпөй Нажаши Исламды кабыл алган (Ибн Хишам, I, 358-360).

**Таблиг:** Пайгамбарлар Алла Тааланын өкүмдөрүн кандай

буйрулган болсо дал ошондой кылып, аныкынан тайдырбай жеткирүүгө милдеттүү болушкан. Жараткандын буйруктарын таблиг кылууда, үгүт жүргүзүүдө өздөрү эч кандай алымча-кошумча кылышкан эмес. Бул жаамы пайгамбарлардын орток сыпаттарынан жана эң маанилүү вазийпаларынан болуп саналат. Аятта минтип айтылат:

يَا أَيُّهَا الرَّسُولُ بَلِّغْ مَا أُنْزِلَ إِلَيْكَ

مِنْ رَبِّكَ وَإِنْ لَّمْ تَفْعَلْ فَمَا بَلَّغْتَ رِسَالَتَهُ

**«О Элчи! Раббиңден сага түшүрүлгөндү жар сал! Эгерде муну аткарбачу болсоң, Анын Элчилик вазийпасын орундатпаган болосуң...»** *(Маида сүрөсү, 67-аят).*

Кайсыл гана доордо болбосун, пайгамбарлар  бул улуу ишти алып барууда ар түрдүү кыйынчылыктарга дуушар болушкан. Тарыхта жолунан кайткан пайгамбар болгон эмес. Алардын таржымалдарында санак жеткис ибараттар бар.

Ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* адегенде өзүнүн эң жакын адамдарын Исламга чакырган. Убакытка жана жер шартына жараша аяр ыкманы колдонгон. Насаат айтып жаткан учурунда тыңдоочусунун ар тараптан тааный билген психолог болгон, ар бир баскычты аяр басып, натыйжа алууга шашылган эмес. Колуна тийген ар бир мүмкүнчүлүктү ырааттуу пайдаланган, ишти татаалдаштырбай колдон келишинче дайыма жеңил түрдө түшүндүргөн. Коркутуп-үркүтүдөн, тажатма ыкмадан сактанып, Жараткан Алла айткан сүйүнүчтүү кабарларды байма-бай эскертип турган.

Бүт өмүрүн Ислам динин жаюуга арнаган Мухаммед *(сал-*

*лаллаху алейхи васаллам)* коштошуу кутпасында сахабаларына:

-*Чакырык вазийпамды аткара алдымбы?* – деп кайрылган. Алардан оң жооп алган Пайгамбарыбыз:

– *Оо, Алла Таалам, Өзүң күбө бол!* – деп, жалбарып, жетишкен ийгилигине ичтен ыраазы болгон.

Биз, анын үммөтү катары, үгүт-насаат иштериндеги усулдарын үйрөнүшүбүз керек. Анткени, дин Исламды жаюу ар бир мусулмандын мойнундагы парзы болуп эсептелет[130].

*«Ким бир жамандыкты көрсө, аны колу менен түзөлтсүн, күчү жетпесе, тили менен жайгарсын, буга да дарманы жетпесе, ага жүрөгү менен кейип (жек көрүп) койсун. Бул ыймандын эң алсыз абалы» (Муслим, Иман, 78).*

Ар бир элде, коомчулукта жакшылыкка үндөгөн, жамандыктан кайтарган адамдар сөзсүз болушу керек. Болбосо жагымсыз иштер убакыттын өтүшү менен элдин аң-сезимине сиңип олтуруп, акыры барып мыйзамга айланат. Ак менен кара аралашып олтуруп, акыйкат учат, элден береке кетет. Мына ошондо пендезат Жараткан Кудайын унутат. Натыйжада, коом чөгүп жок болуп кетет. Ушундай коркунучтуу балакеттен кутулуу үчүн үгүт-насаатка, даават иштерине олуттуу маани берүү абзел.

**Исмат:** Пайгамбарлар, чоң-кичине болобу, ар кандай жагымсыз кылыктан, күнөө иштерден оолак болушкан. Ушул сыпаттары себептүү алар, пайгамбарлыктан мурда да, кийин да ширк баткагынан жаа бою качышкан. Алла Тааладан алган вахийди жеткирүүдө унутуп калуу же ката кетирүү деген өксүк буларда болгон эмес.

130. Аалу Имран сүрөсүнүн, 104, 110-аяттарынын маанисин караныз.

Эгерде пайгамбарларда күнөөсүз–исмат сыпаты болбогондо, айткандарынын тууралыгына ишенбөөчүлүк пайда болор эле. Мындай абал алардын, Алланын жер бетиндеги далили жана өкүлү болуу артыкчылыктарына көлөкө түшүрмөк.

Ахли сүннөттүн пикиринде, пайгамбарлар эч убакта күнөө иштерге барышпайт, күнөө жасашпайт. Көптөгөн хикматтардан улам, «залла-кукумчөлүк кемчилик» иштөөлөрү мүмкүн болсо да, эскертүү аяты келер замат, дароо тооба кылышып, кемчиликтерин түзөлтүп кетишкен.

Бул эркке баш ийбес «залла» деген пендечилик кемчиликтер негизинен, Алла Тааланын аларга жазган тагдыры. Эл ашыкча ыйыктап, кудай катары сыйынып алышпасын деген максатта пайгамбарларга да алсыздыкты тарттырган, жөн гана пенде экендигин эскертүү үчүн тагдыр долбоорундагы Алланын жазмышы болгон.

Пайгамбарлар үлгүлүү жүрүм-туруму, бийик кулк-мүнөзү жана алгылыктуу иш-аракеттери менен элдин алдынкы көсөмдөрү болушкан. Болбосо, адамдар «Пайгамбарлар буйруган нерселерге биздин күчүбүз жетпейт» деп, диний милдеттерди аткаргысы келбей, ар кандай шылтоолорду ойлоп чыгарышы мүмкүн эле. Мына ушундай аяр акыйкатка акылы жетпей «Периштелерден пайгамбар болушу керек!» деген наадандар чыккан. Буларга Куранда минтип жооп берилген:

قُل لَّوْ كَانَ فِي الأَرْضِ مَلآئِكَةٌ يَمْشُونَ مُطْمَئِنِّينَ لَنَزَّلْنَا عَلَيْهِم مِّنَ السَّمَاءِ مَلَكاً رَّسُولاً

**«Айткын: «Эгер бул жерде** (адамдар эмес) **периштелер басып жүрүшкөндө, албетте, Биз аларга пайгамбар кы-**

**лып асмандан периштени жөнөтөр элек»** *(Исра сүрөсү, 95-аят).*

وَمَا جَعَلْنَاهُمْ جَسَداً لَّا يَأْكُلُونَ الطَّعَامَ وَمَا كَانُوا خَالِدِينَ

«**Биз аларды** (пайгамбарларды) **даам татпай турган бир дене** (периште) **кылган эмеспиз жана алар түбөлүк өмүр сүрүүчү да эмес эле»** *(Анбия сүрөсү, 8-аят).*

Башка жагынан алып караганда пайгамбарлар, үммөттөрүнө жаңылыш иштерден, күнөөлөрдөн сактануу жолдорун, кокустан күнөө кылган учурда аны түзөлтүү, андан арылуу жолдорун үйрөтүүгө, үлгү болууга мажбур болушкан.

Маселен, Нух *(алейхис салам)* ушунчалык бекем сабыр менен коомун 950 жыл бою туура жолго үндөгөн. Коомунун көпчүлүгү жаман жолунан кайтпай койгондо гана сабыры түгөнүп:

فَدَعَا رَبَّهُ أَنِّي مَغْلُوبٌ فَانْتَصِر

«(О Раббим) **жеңилип баратам, эми мага жардам бер! – деп, Раббисине мунажат кылды»** *(Камар сүрөсү, 10-аят).*

Ошентип, дубасы кабыл кылынып, тоң моюн эл сууга чөктүрүлүп жок болор кезде каапыр уулунун аянычтуу абалына түтпөй, аталык мээрими туйлап кетет. Худ сүрөсүнүн кырк бешинчи аятында айтылгандай:

رَبِّ إِنَّ ابْنِي مِنْ أَهْلِي

**«... О Раббим! Шек-күмөнсүз уулум менин бүлөмдөн эле...»** – деген сөз оозунан чыгып кетет.

Коомуна каргыш дуба кылып, бирок, уулуна күйгөнү үчүн:

إِنِّي أَعِظُكَ أَن تَكُونَ مِنَ الْجَاهِلِينَ

«... (Худ!) **Мен сага наадандардан болбоону сунуштар элем!» –** деп, Алла Таала ага эскертүү берген *(Худ сүрөсү, 46-аят).*

Азирети Нухтун бул жаңылыштыгы (залла) кыяматка чейин жашап өтө турган жаамы пендезатка сабак болмокчу.

«**Ката кетирбейт**» деген сыпат Алла Таалага гана таандык. Кемчиликке жана жаңылыштыкка жол бербөөгө адамдын эрки жетпейт. Чыныгы мусулман өткөн өмүрүндөгү каталарын кайталабастан, тескерисинче, азайтууга жан үрөшү керек. Күнөөдөн сактануу үчүн Курандын көптөгөн жеринде зикир, тактап айтканда, жүрөктөн Алла Тааланы эстөө, ойлоо буйрулган. Жүрөк канчалык Аны эстесе, напси тизгини тартылып, адилетсиздикке жол берилбейт, күнөө иштерге кадам ташталбайт.

وَلَا تَكُونُوا كَالَّذِينَ نَسُوا اللهَ فَأَنسَاهُمْ أَنفُسَهُمْ أُوْلَئِكَ هُمُ الْفَاسِقُونَ

**«Алланы унуткандардан болбогула! Алла аларга өздөрүн унуттуруп салган. Дал ошолор бузукулар»** *(Хашр сүрөсү, 19-аят).*

Кайдыгерликтен арыла албагандарга Алла Таала катаал эскертүүнү берет:

فَوَيْلٌ لِّلْقَاسِيَةِ قُلُوبُهُم مِّن ذِكْرِ اللهِ أُوْلَئِكَ فِي ضَلَالٍ مُبِينٍ

**«... Жүрөктөрү катып Алланы эстебей калгандарга кыйроо болсун! Мына ошолор накта адашууда!»** *(Зумар сүрөсү, 22-аят).*

***

Жалпы пайгамбарларга таандык ушул беш сыпаттан тышкары Пайгамбарыбызга гана тиешелүү дагы үч сыпат бар:

1. Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* Алланын сүйүктүүсү, эң жакшы көргөнү-Хабибуллах болуп саналат. Ал бардык пайгамбарлардан жогору турат. Ал адамзаттын эң асылы, эң улугу.

2. Мухаммед Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* жаамы адамзатка жана жиндерге пайгамбар болуп жөнөтүлгөн. Ал алып келген дин кыяматка чейин өкүм сүрөт. Кээ бир пайгамбарлар белгилүү гана мөөнөткө, айрымдары белгилүү бир урууга, айылга же элге жөнөтүлгөн. Ар бир пайгамбардын чакырыгы жана мужизасы өз дооруна гана таандык болсо, Азирети Мухаммеддин мужизалары бардык мезгилдерди бирдей камтыйт. Асыресе, Курани Карим, анын эң улук мужизасы катары кыяматка чейин таптаза бойдон кете берет.

3. Ал пайгамбарлардын эң акыркысы –Хатамул Анбия. Андан кийин пайгамбар жөнөтүлбөйт.

Баарынан артыгы кыямат күнүндө Азирети Пайгамбарыбызга макамы-махмуд (алкышка татыктуу мартаба) жана шапаат кылуу укугу ыйгарылган. Ал мээримдүүлүк Пайгамбары сот күнүндө күнөөкөр үммөттөрүнө шапаат кылат. Анын шапаатын Жараткан Алла кабыл кылат[131].

***

Бирөөнү сүйүү, анын жеке адамгерчилигине жана кулк-мүнөзүнө суктануу жана идеал тутунган инсандай болуу сезимдери кишинин табиятындагы тубаса ийкемдүүлүк экендигин эч

131. Бухари, Тавхид, 36.

ким тана албастыр. Жашоодо үлгүлүү инсандарды таап, алардын изинен тайбай өмүр кечирүү өтө олуттуу, ары зарыл маселе. Жакшылыгы жана сыйы чексиз Алла Таала, адамзатка китептерди эле эмес, ошол китептердин жандуу тажрыйбасы делинген нечен мыкты сыпаттарды тулку боюна ширеткен пайгамбарларды жөнөткөн. Үлгү болуу алардын башкы максаттарынын бири болгондуктан, дин, илим, адеп-ахлак, дегеле кайсы гана өңүттөн болбосун, Жараткан Өзү аларды мыктылардын мыктысы кылып тарбиялаган. Ошентип, ар бири адамзат тарыхында көрүнүктүү иштерди жаратып, киши баласынын ушул күнгө дейре келишине албан кызмат өтөшкөн.

Маселен, **Нух** *(алейхис салам)* пайгамбардын өмүр баянына назар салсак, эң оболу ыйман мамлекети, чыдамкайлык, сабырдуулук, акыр аягында бутпарастыкка жана каапырларга каршы айосуз сокку көзгө урунат.

**Ибрахим** *(алейхис салам)* пайгамбардын өмүрү ширкке каршы, бутпарастыкка каршы айыгышкан күрөш менен өткөн. Алла Тааланы берилип сүйгөндүгү менен Намруттун алоолонгон жалынын гүлбакчага айландырып, Алла Таалага кылт эткис моюн сунуучу, тобокел жана берилгендик сыпаттары менен өзгөчө өрнөккө айланган.

Заалим фараонду жана анын каапыр кошоматчыларын ак динге чакырууга бел байлап, натыйжа чыкпаган соң аларды Аллага тапшырып, жөөт коомчулугун куткарууга жана Аллага моюн сундурууга өмүрүн арнаган **Муса** *(алейхис салам)* пайгамбардын жашоосу баштан-аяк оор сыноолор менен өткөн. Алла берген шарият менен момундар үчүн социалдык мыйзамдуулукту курган.

Мээрмандыкка жана камкордукка сугарылган туюмчул жу-

рөк Азирети **Исанын** *(алейхис салам)* дааватынын айырмачылыгы болуп саналат.

Азирети **Сулаймандын** *(алейхис салам)* эсепсиз байлыкка эсирбей, орошон ооматка кутурбаган сыпайы жашоосу, талыкпас шүгүрчүлдүгү менен жүрөгүн таза сактап калуусу, Жаратканга кулчулук кылып, көөнөрбөс зоболо күтүшү – не деген гана кеменгерлик. Анын көз тайгылткан кооз дүнүйөсү, көп байлыгы тууралуу нечендеген казалдар жазылган.

Азирети **Айубдун** *(алейхис салам)* өмүр жашоосунда жан чыдас оор дарт, козголбос сабырдуулук, кайыл болуу жана Кудай Таалага талбай шүгүр кылуу деген өзгөчө өрнөк белгиси бар.

**Юнустун** *(алейхис салам)* тарыхында Алла Таалага багыттанып байлануу, жаңылыш кадамына бушайман болуу жана тообасынан жазбай жашап өтүү деген жандуу мисал бар.

**Жусуп** *(алейхис салам)* кулчулукту тартып жүрсө да тавхидге бекем ишенген, кандай жагдай болбосун, чөйрөсүнө ак динди үгүт кылган. Байлыкка, атак-даңкка көзү тунарып, махабатка тушалган сулуу аялдын «кана, келбейсинби мага!» деген сунушун четке кагып, абийирин көздүн карегиндей сактаган. Анын чыныгы такыбаалыгы менен акактай тунук көңүлү иш-аракеттеринин, жүрүм-турумунун кашкайган күзгүсү десек болот.

**Давуд** *(алейхис салам)* пайгамбардын жашоосу Алла Тааланын улуулугун жана кудереттүүлүгүн чагылдырган ибаратка жык толгон. Падышанын Алладан коркуп ыйлаганы, канааттуулугун, ыраазылыгын, шүгүрчүлдүгүн билдирип, талбай зикир кылуусу, жалынып-жалбарып Аллага гана моюн сунуусу абдан ибараттуу.

Көзү тунуюкка камалып, дүйнө караңгылашып калган чакта да күдүктөнүп жаман ойго кемирилбей, сабырдуулукту дайым жастанып, Алла Таалага тобокел кылып, Анын ырайымынан, мээриминен күдөр үзбөгөнү **Жакып** *(алейхис салам)* пайгамбардын нагыз үлгүлүү тарабы болуп саналат.

Пайгамбарлардын султаны Азирети **Мухаммед Мустафа** *(саллаллаху алейхи васаллам)* болсо өзүнөн мурда келип кеткен 124 миңдей пайгамбарлардын көрүнөөдөгү, көмүскөдөгү жаамы артыкча сыпаттарынын дагы да бийик деңгээлин тулку-затына сиңирген, изги ахлагы жана асыл мүнөздөрү менен инсан жана жин ааламына жол башчы болуп келген. Анын кутман дене-турпаты жана кишилик сапаты чалкыган дайра сымал, ал эми калган пайгамбарардын өмүр жолу болсо ошол дайрага куйган куймалар сыңары.

***

Адам Ата *(алейхис салам)* жана Обо Энебиз менен башталган инсанийат бүлөсү азыркы Меккедеги Каабанын ордун алгачкы ибадаткана кылышып, рухий бейпилчиликте бактылуу жашай башташкан. Жашоонун зарылдыгынан, ар кандай турмуштук шарттардан улам, жер бетинин чар тарабына жайылып кеткен адам баласы кээ учурларда пайгамбарлар аркылуу туура жолго чакырылып, дин менен жашашкан. Ишенимге бекем болушкан. Доорлор алмашкан сайын элден чыккан аңкоолор жана бузукулар Алла Таала жиберен динди бүлгүнгө учуратышкан. Ырайымдуу Алла Таала кербен сымал тизмектеп пайгамбарлары жөнөтүп, ыралды Өзүнүн колдоосу, алардын кажыбас аракеттери менен адамзатты туура жолго багыттап турган. Ушундай улук колдоонун арты менен адамзаттагы өздүк жана коомдук жаралар айыктырылып келген.

Акырында «**асру – саадат**» (бактылуулук кылымы) келген. Ошентип, диний жашоо алгач башталган жеринен Мухаммед Мустафанын *(саллаллаху алейхи васаллам)* Элчилиги менен эң бийик сересине жеткен. Азирети Мухаммеддей *(саллаллаху алейхи васаллам)* кемелине келген инсан, анын дининдей мыкты дин эми келбейт. Дин жана пайгамбарлык вазийпа акыркы Элчи *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен соңуна чыгарылган. Кудай Таала Ислам динине ыраазы.

## Азирети Пайгамбарыбыздын инсан болушу

Алла Таала адамзатка адам тегинен, элдин арасында жашаган, өмүр жашоосу жалпыга маалым болгон пайгамбарларды жөнөтүп турган. Мушриктер мужиза көрүүнү талап кылышканда Жараткан Алла аларга мына буларды айтууну буйруган:

قُلْ سُبْحَانَ رَبِّي هَلْ كُنتُ إِلاَّ بَشَراً رَّسُولاً وَمَا مَنَعَ النَّاسَ أَن

يُؤْمِنُواْ إِذْ جَاءَهُمُ

الْهُدَى إِلاَّ أَنْ قَالُوا أَبَعَثَ اللهُ بَشَراً رَّسُولاً قُلْ لَّوْ كَانَ

فِي الأَرْضِ مَلآئِكَةٌ يَمْشُونَ مُطْمَئِنِّينَ لَنَزَّلْنَا عَلَيْهِمِ

مِّنَ السَّمَاءِ مَلَكاً رَّسُولا

**“...Эгемди аруулаймын! Мен тек гана элчи катары жөнөтүлгөн адаммын”, – дегин. Аларга туура жол келгенде, адамдарды ыймандан токтоткон нерсе, ал алар-**

**дын: "Чын эле Алла адамды элчи кылдыбы?" – деп бири-бирине айткандары болду. "Эгерде периштелер жер үстү менен жай баракат[132] жүрө турган болгондо, анда Биз аларга элчи кылып, периште жөнөткөн болоор элек" – дегин»** *(Исра сүрөсү, 93-95-аяттар).*

Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* Кудай Тааладан бейуруксат өз эрки, өз күчү менен мужиза көрсөтө албастыгын, жөн гана адам баласы экендигин нечен жолу какшап айткан.

Алла Таала бир топ аяттарда:

قُلْ إِنَّمَا أَنَا بَشَرٌ مِّثْلُكُمْ يُوحَى إِلَيَّ أَنَّمَا إِلَهُكُمْ إِلَهٌ وَاحِد

**«Айткын: «Мен да болгону силер сыяктуу адам баласымын, мага болгону Жаратканыңардын жалгыз экендиги вахий кылынды...»** *(Кахф, 100)* деп айтып, бул чындыкты баса белгилеген[133].

Ардактуу Пайгамбарыбыздын төмөнкү хадиси бул чындыкты коштоп турат:

*«Мен да сиздер сыяктуу эле инсанмын. Сиздер дооматыңыздарды жайгартуу үчүн мага келип жатасыздар. Айрымдарыңыздарга далил менен, айрымдарыңыздарга ынангандыктан, укканыма карап эле пайдаңыздарга чечим чыгарып койуп жатам. Кимдин пайдасына тууганынын акысын өткөрүүгө өкүм чыгарган болсом, ошол адамга тозок отунан бир оттун бөлүгүн чегерип койгонумду унутпасын!» (Бухари, Шахадат, 27, Мазалим, 16; Муслим, Акдия 5).*

132. Адамдар сыяктуу.

133. Кошумча маалыматтар үчүн ушул аяттарды караңыз: Фуссилат, 6; ал-Мумин, 24, 33; Анбия, 2-3; Ибрахим, 11.

Пайгамбарлар вахийди жар салуу үчүн гана эмес, ошол жиберилген вахийге жараша жашоонун формасын көрсөтүү, үлгү болуу үчүн жөнөтүлүп турган. Мунун баары адамдар үчүн болгондуктан, пайгамбарлык вазийпаны кынтыксыз өтөө адамдын гана колунан келмек. А эгер элчи катары periште жөнөтүлгөн болсо, ал вахийди гана жеткире алмак. Периште адамдар менен чогуу жашай алмак эмес, ошондой эле, пенделердин жашоого болгон максатын ондоо, иш-амалдарын жана өздүк мамилелерин жөнгө салуу үчүн турмушубузга, жана көйгөйлөрүбүзгө ортоктош боло албайт эле. Мындай шартта, напсиге азгырылууга араң эле турган адам баласы, «биз периште эмеспиз, ал апкелген буйруктарды аткарууга күчүбүз жетпейт, бизге буларды тыю салбай эле койсун», деген өңдүү толтура шылтоолорду айтмак.

Пайгамбарлык мартабасына таянып кол жеткис деңгээлде, бийик стандарттарды көрсөтүп жашаса деле Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* жарашмак. Бирок, үммөткө жол башчы болуу деген улуу вазийпасына байланыштуу, адамдын күчү жеткис адаттан тыш ажайып иштерди зарыл учурда гана көрсөтүп, Пайгамбарлык денгээлдеги тийиштүү талаптарды жеке өзү гана аткарган. Жөнөкөй турмушта Алла Тааланын сүйүүсүнө татыктуу боло турган идеалдуу мусулманды жаратуу үчүн адампенденин дымагы, кудурети жете турганчалык үлгүнү көрсөткөн. Ошондуктан мыкты соодагер, жакшы үй-бүлө кожоюну, кеменгер аскер башчы же болбосо эл башы болууну самаган ар бир жаран анын өмүр жолунан эң зарыл принциптерди таап, пайдаланса болот.

«Киши баласы Кудайдын Элчиси боло албайт!» деген жаңылыш пикир эзелтен бери адамдын мээсин кемирип келген. Пайгамбарлар деле инсан, Алланын Элчисинде бала-чакалуу болуу, ичип-жеш, эс алуу сыяктуу муктаждыктар болбошу керек, алар

кемчиликсиз болушу керек, деген туура эмес көз караш абалтан бери айтылып, мындай ишенимдеги адашкан адамдар Алла Тааланын максат-муратына сын тагышып, жаңылыш дегенге чейин барышканы тарыхый чындык. Көп пайгамбарлар адамдардын ушул өңдүү каршылыктарына жана  наразылыктарына кабылышкан.

Ошону менен катар, Алланын элчилерине ашкере таазим кылгандар, сезимдерине ээ чыга албай чексиз сүйгөндөр, коюлган чектен ашып, Пайгамбарларды ыйык тутуп, сыйынып кеткендер да болбой койгон эмес. Аша чаап, пайгамбарга кудайлыкты таңуулап, ширкке баткандары канча. Пайгамбарды Кудайдын уулу деп тантырагандар ааламды каптады. Айрымдары болсо «Алла Таала кишинин кейпин кийет» деген шайтандын оюна ортоктош болуп, антропоморфтук ишенимди түптөп алышкан. Кудум христианчылыктагы адашуудай тавхид жолунан тайышкан….

Өтмүштөгү үммөттөрдүн ушул сымал адашуусунан кийин, акыркы үммөттү сактап калуу максатында Куранда жана куттуу хадистерде Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* адам баласы экендигине өзгөчө басым жасалган. Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун) кутман Пайгамбарыбыздын мына бул сөздөрүн баяндап калтырган:

*«Христиандардын жоругу сымал, Мариямдын уулу Исадай кылып, мени аша мактабагыла. Мен болгону Алланын кулумун. Мени «Алланын кулу жана Элчиси» дегиле»* (Бухари, Анбия, 48).

Аша чаап таазим көрсөткүсү келген адамга минтип эскертүү берген:

*«Силер мени өз даражамдан өйдө көкөлөтпөгүлө! Анткени, Алла Таала мени Элчиликке дайындоодон мурда Өзүнө кул*

*кылган эле»* *(Хаким, III, 197/4825; Хайсами, IX, 21).*

Өзүнүн жөнөкөй бир пенде жана кул экендигин көп-көп эскертиши – Азирети Пайгамбарыбыздын ченде жок сыпаалыгынан жана жөнөкөйлүгүнөн. Алла ыйгарган улуу нематтарды эстеген сайын *«Мактанмай жок»* деп айтаар эле[134].

Бул окуяны Абдуллах бин Жубайр айтып калтырган:

«Күндөрдүн биринде Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир топ сахаба менен жолдо бараткан. Сахабалардан бирөө күндөн коргоо ниетинде ак бөздү жайып Алланын Элчисине көлөкө кылгысы келди. Анын аракетин байкап калган Пайгамбарыбыз жөн коюуну өтүндү. Сахабанын колундагы кездемени алып жерге койду да: *«Мен да силер сыяктуу эле адам баласымын!»* деп эскертүү берди» (Хайсами, IX, 21).

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* биз сыяктуу катардагы адам болгону менен, табиятынан бизден артыкча шык-жөндөмдүү жаратылганын эстен чыгарбоо абзел. Анын артыкчылыгын белгисиз акын мындай деп ырга салган:

مُحَمَّدٌ بَشَرٌ لاَ كَالْبَشَرِ هُوَ يَاقُوتِ بَيْنَ الْحَجَرِ

Пайгамбар да биз сыяктуу адамзат,
Айырмабыз жер асманга барабар.
Сан миң таштын арасында балбылдаган акак бар,
Пайгамбардын айырмасы дал ушундай жарандар.

Башка акын өзүнүн саптарында бул чындыкты төмөндөгүдөй кылып тизмектейт:

Өмүр жолу эч бир жанга окшошпогон,

134. Тирмизи, Манакиб, 1/3615.

Нур элеси, ар бир дилде тирүү бойдон.
Периштелер нур жүзүнө таӊ калат.
Мираж менен зоболосу данкталат,
Бүт сыпатын  сөз каймагы айта алат,
Инсан эле периштеден, Айдан ак.

## Азирети Пайгамбарыбыздын сабатсыз (уммий) болушу жана аялуу сырлары

Уммий сөзү: «энеден төрөлгөндөй аруу, пакиза, окууну,  жазууну билбеген, эч бирөөдөн сабак албаган, Меккеге таандык, Иудей же Христиан эмес, араб эли» деген маанилерди туюнтат.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* сабатсыз болгон, тактап айтканда, окуганды да, жазганды да билген эмес.

الَّذِينَ يَتَّبِعُونَ الرَّسُولَ النَّبِيَّ الأُمِّيَّ الَّذِي يَجِدُونَهُ مَكْتُوباً عِنْدَهُم فِي التَّوْرَاةِ وَالإِنْجِيلِ

«**Алар алдыларындагы Тooратта жана Инжилде жазылганды**[135] **табышып, сабатсыз Пайгамбарды ээрчишет.** ... » *(Араф сүрөсү, 157-аят).*

Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* сабатсыз болгондугун ошол доорлордогу мушриктер да кабылдашканы менен, Куранды кабыл кылбай коюшкан. Анткени, аятта минтип айтылган:

135. Пайгамбарыбыздын сыпатын

وَقَالُوا أَسَاطِيرُ الْأَوَّلِينَ اكْتَتَبَهَا فَهِيَ تُمْلَى عَلَيْهِ بُكْرَةً وَأَصِيلاً

**«Дагы алар айтышты: «**(Бул) **абалкылардан калган уламыштар.** (Мухаммед) **аны көчүрүп алган. Анан башкаларына жаздырып, этели-кеч өзүнө окуп берилет...»** *(Фуркан сүрөсү, 5-аят).*

Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи васаллам)* сабатсыз болгон деп айтууга төмөнкү факторлор негиз болот:

1. Сырттан келген ар кандай пикирлер анын табиятын, кулк-мүнөзүн, жүрүм-турумун буза алган эмес, энеден төрөлгөндөй таза болгон. Ал бир гана Алла Тааладан таалим алып тарбияланган.

سَنُقْرِؤُكَ فَلَا تَنْسَى

**«Куранды сага Биз окутабыз,** (аны) **эч качан унутпайсың!»** *(Аала сүрөсү, 6-аят).*

Курани Каримдеги бул акыйкатты Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзүнүн бир хадисинде төмөнкүчө ырастайт:

*«Мени Раббим тарбиялады жана тарбиямды эң мыкты кылды» (Суюти, I, 12).*

Кудуреттүү Алла Таала сүйүктүү Пайгамбарыбыздын көкүрөгүн үч ирет тазалоодон өткөрүп (шарх-и садр), жүрөгүндөгү пенделик өксүктөрдү чыгарып, ордуна бейпилдик, салабаттуулук, мээримдүүлүк, боорукердик, камкордук, ыйман жана даанышмандык сыяктуу бийик изги сезимдерди жайгаштырган.

2. Ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Иудей же Христиан динин эч качан тутунган эмес, ал араб улутунан болгон.

3. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Меккеде төрөлгөн. Меккенин «Уммул-Кура» деген дагы бир аты бар. «Каря» деген арабча сөздү кыргыз тилине которгондо айыл, калк аз жайгашкан жай деген маанини билдирет. Көптүк түрүндө «Кура» болуп айтылат. «Уммул-Кура» – жайгашылган, отурукташылган жерлеринин энеси, алгачкысы деген маанини туюнтат.

Арабдардын дээрлик көпчүлүгү кат-сабат таанышкан эмес. Шаан-шөкөттүү маданияттан алыс жашашкан. Жараткан Алла ошо арабдардын өз арасынан түпкү пакизалыгы бузулбаган, жүрөгү булганбаган, нукура адамгерчиликти өз боюна синирген бир Пайгамбарды жөнөткөн.

هُوَ الَّذِي بَعَثَ فِي الْأُمِّيِّينَ رَسُولاً مِّنْهُمْ يَتْلُو عَلَيْهِمْ آيَاتِهِ وَيُزَكِّيهِمْ
وَيُعَلِّمُهُمُ الْكِتَابَ وَالْحِكْمَةَ وَإِنْ كَانُوا مِنْ قَبْلُ لَفِي ضَلَالٍ مُّبِينٍ

**«Сабатсыздарга өз араларынан** (Алланын) **аяттарын үйрөткөн, аларды тарбиялаган, китепти жана даанышмандыкты үйрөткөн пайгамбарды Ал** (Аллах) **жөнөткөн. Шек-күмөнсүз мурдалары алар ачык эле адашып жүрүшкөн»** *(Жума сүрөсү, 2-аят).*

Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Биз сабатсыз коомбуз. Жазганды да, окуганды да билбейбиз!»* *(Муслим, Сыям, 15)* деген хадиси арабдардын чындыгында, сабатсыз эл болгонун айгинелеп турат.

Уммийлик (сабатсыздык) деген сөз жалпы адамдар үчүн билимсиздик өндүү кемчиликти түшүндүргөн сыпат болгон болсо, Алланын Элчиси үчүн тескерисинче, кемелине келгендикти

жана бийиктикти түшүндүрөт. Сабатсыз болуп туруп дүйнөлүк илимий ишмерлерди, окумуштууларды, залкар жазуучуларды жана далай көсөм билермандарды таң калтырган артыкчалыгы – анын Кудай Таала түздөн- түз жөнөткөн Пайгамбар экендигин тастыктаган таасын далил.

وَمَا كُنْتَ تَتْلُو مِنْ قَبْلِهِ مِنْ كِتَابٍ وَلَا تَخُطُّهُ بِيَمِينِكَ إِذاً لَارْتَابَ الْمُبْطِلُونَ

**«Сен** (Куран түшүрүлгөнгө) **чейин бир да китеп окуган эмес элең жана өз колуң менен кат да жазган эмессиң. Болбосо бузуку кишилер, албетте, күмөнгө түшкөн болушар эле»** *(Анкабут сүрөсү, 48-аят).*

Кудай Таала вахий менен колдобосо, сабатсыз адамдын тек гана жүрөк туюму менен жаамы адампендени жана жиндерди алсыраткан мужизаны – Куранды ойлоп табуусу, фараондун, Муса пайгамбардын энесинин окуясы, Жусуп пайгамбардын баяны сыяктуу тарыхый акыйкаттарды билиши мүмкүн эмес.

Куран өтмүштөгү элдердин икаяларын учурдагы тарых илими менен тарых фиолофосиясына төп келиштире эң ибараттуу баян кылып келет[136].

Ислам – бул дүйнөлүк дин. Курани Карим диний өкүмдөрдү камтыган улуу китеп. Демек, бул диндин өкүмдөрүн дүйнөдөгү эң сабатсыз инсандар да түшүнөт жана аткаруу колдон келет. Алла Таала Исламдагы бүтүндөй жоопкерчиликтерди жаамы

136. Тооратта жана Инжилде жазылган окуялардын айрымдары, учурда тарых илиминин айткандарына жана заманбап илимий аныктамаларга карама-каршы келип жүрөт. Маселен ааламдын жаратылуусу жана этаптары, адамдын жер бетине түшүү убагы, тарыхы, топон-суу окуясы өңдүү… (крз. Maurise Bucaille, Мүспет Илим Йөнден Теврат, Инжил ве Куран, б. 53-82, 157-175).

адамзатка жеткирүү жана көпчүлүктүн колдоого алынуусу үчүн сабатсыздык деңгээлди негиз алган. Мындайча айтканда, дин Исламды толук түрдө тутунуп жашоо үчүн аалым болуунун кереги деле жок, карапайым болуу деле жетиштүү. Ислам дини, ушул себептен күнүмдүк ибадаттардын убагын белгилөө үчүн күндүн жылышын, ал эми айлык жана жылдык ибадаттардын убактысын белгилөөдө айдын чыгышын негиз тутат.

Ыйман келтирген сабатсыз адамдардын ошол абалда калуусун Алла Таала каалабайт. Тескерисинче, сабатсыздыкты жоюп, илим-билимдүү үммөт болуубузду максат кылган. Ислам дини «аль-Китаб» деген аталыштагы Курани Каримге негизделген жаңы маданият курууну максат кылат.

## Хиля-и Саадат

Хиля-көрк, кооздук, ажар, бейне жана рух сулуулугу деген маанилерге келет. Ал эми терминдик жагынан Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* сөз менен тартылган сүрөтү, бейнеси дегенди туюнтат.

Нахифи мындай дейт:

«Кимдир бирөөлөр куттуу хиляны абдан ынтаа менен жазса жана аны көп караса, Алла Таала аны ооруу-сыркоолордон, кыйынчылыктардан жана кокус өлүмдөн сөзсүз сактайт. Эгер жанына алып жүрсө, сапары аяктаганга чейин Кудай Тааланын коргоосунда болот».

Куттуу хилянын сан миң пайдалуу жактары тууралуу көптөгөн Ислам жазуучулары өз ойлорун айтышкан. Азирети Пайгамбарыбызды *(саллаллаху алейхи васаллам)* түш көрүүнү самап, куттуу хиляны жат кылуу жөрөлгөсү дале болсо бир топ

Ислам өлкөлөрүндө бар.

Негизи, бул маселеде нур үстүнө нур деп сыпатталган Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* акыйкат бейнесин, куттуу жамалын болгонун болгондой сүрөттөп айтып бере албасыбызды, дегеле, адамзат аны толук түрдө түшүнө албасын жана тил жакырлык кыларын моюнга алууга аргасызбыз.

Даңазалуу акын Хакани мындай деген:

Бүт макулук жатка билет,

Ал асылзат Ак пайгамбар экенин.

Жаралбаптыр дүйнөгө экинчи ирет,

Ага окшош, ал өндүүлөр эгерим!

Сулуулардын сулуусу, ажарынан нур тамылжыган азиз Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* элесин сөз бермети менен тартууга далаалаттанган бул түшүндүрмөлөр, таалайлуулуктун кылымынан кеч төрөлүп, кусалыкка чаңкаган нечендеген инсандардын көңүлдөрүн аз да болсо сооротуп келет. Ал тууралуу айтылган баа жеткис баяндамалар, кудум дарыядан тамчыларды гана сунуп жаткандай эле кеп. Ошол тамчыдан океанды көрүүгө ынтызар болгон момун мусулмандар ааламдардын мырзасы Мухаммед Мустафага *(саллаллаху алейхи васаллам)* сүйүү бапестеп, анын изги ахлагынан үлгү алууга, сырткы жана ички пакизалыгынан насип алууга куштарланып жашашкан.

Адамдын көңүлү табият талабына жараша, ар дайым сулуулукка ийкемдүү келгенин тануу мүмкүн эмес. Физика илиминдегит тартылуу күчү сыяктуу, көңүлдөгү сезим учкундарынан улам, кишинин ой-акылы ар убак сүйгөнү менен алек болот. Ал

кишинин жан дүйнөсүндө рухий жактан да, жүрүм-турум жактан да, сүйгөнүмө окшош болсом деген арзуу жаралат. Натыйжада, сүйгөн кишисин үлгү тутунуп, анын абалын ойлоп, элестетип, кыялдана баштайт. Ушул куттуу хиля Азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* болгон сүйүүнү, урмат-сыйды, таазимди арттырууга себеп болор деп үмүт кылабыз.

Хинд бин Абу Хала Азирети Пайгамбарыбыздын бейнесин сөз менен сүрөттөгөн. Бул хиляны Азирети Хасан (Алла ага ыраазы болсун) төмөнкүчө билдирген:

«Тайкем Хинд бин Абу Хала Алланын Элчисинин сулуулугун, бейнесин жана ажарын эң мыкты сүрөттөгөн адамдардын бири болгон. Жүрөгүм ар дайым ага байланып турсун үчүн жана анын изинен тайбай жашоо үчүн, Алланын Элчиси тууралуу эскерүүлөрдү айтып берүүсүн тайкемден көп өтүнөр элем. Анын айткандары жан дүйнөмө майдай жагар эле» *(Тирмизи, Шамаил, б.10)*.

Азирети Мухаммед Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* Азирети Хасан менен Азирети Хусайндын (Алла аларга ыраазы болсун) тайатасы болгон. Алар кутман тайаталарынын жаркын элеси тууралуу айтып бергендерди тажабай угушкан. Аталары, Азирети Алиден (Алла ага ыраазы болсун) далай ирет угуп калгандыктан, үммөткө маалымдап калтырышкан.

Айтылып, жазылып калтырылган ошол хилялар Алла Элчисин канчалык деңгээлде таамай чагылдырат болду экен? Куттуу хиляны уккан жандар жүрөгүндөгү ыймандын тазалыгына жараша элестете алышат. Ар ким көңүлүндөгү сүйүүнүн табына, сөз байлыгына жараша айтып түшүндүрө алат.

Эң башта тилибиздин жакыр экенин, алсыз экенибизди моюнга алып, бизге чейин ооз эки түрүндө айтылып, жазуу түрүндө колдон-колго өтүп келген баяндамалардан шүүдүрүм

сыңары жан дүйнөбүзгө тамчылаган куттуу хиляны таберик катары айта кетүүнү туура көрдүк. Түрдүү риваяттарда кыскача мындай маалымдалган:

«Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* бою ортодон бир аз узун болгон.

Туруш-турпатында келишкен мырзалык сөөлөтү бар эле. Кең көкүрөк, кең далы, эки ай далысынын ортосунда пайгамбарлык мөөрү боло турган.

Сөөктөрү да, муундары да чоң эле.

Денеси гүл сыяктуу кызгылтым ак, нурдуу, тунук жана жибектей жумшак болгон. Кайсыл гана мезгил болбосун, куттуу денесинен гүл сымал атыр жыт чачырап, айлананы аңкыган жытка толтурчу. Атыр сүрүнбөсө деле денеси да, териси да жыпардай жагымдуу жыттанып турчу. Көкүрөк тийгизе кучакташкан же кол алышып саламдашкан адамдарга анын жыпар жыты жугуп, күн бою жагымдуу жыттанып, көңүлү жайдары жүрчү. Гүлдөр жыпар жытты андан алганбы, деген ой келчү жоро-жолдошторунун акылына. Кээде бир өспүрүмдүн башынан сылап койсо, башка балдардан анын жыпар жыты менен айырмаланып турган.

Тердегени кудум гүл бетиндеги шүүдүрүмдөрдүн элесин берчү экен.

Коюу сакалын бир тутамдан ашык койчу эмес экен. Көз жумган кезде чачы менен сакалында жыйырмага жакын ак тал болгон.

Каштары ай сымал иймекей болгону менен, эки кашынын ортосу ачык эле.

Адилеттүүлүк үчүн ачууланган кезде эки кашынын ортосундагы тамыры көөп чыкчу экен.

Ар дайым мисвак колдонгондуктан, тиштери акактай аппак болгон. Дайым мисвак колдонууну башкаларга да сунуштаган.

Кирпиктери кара, узун, ал эми көзү чаарчыктыкындай чоң, кареги капкара, калган жагы аппак эле. Кудум тээ эзелде Алла Таала Өзү сызып койгондой көздөрүндө сүйкүмдүү сурма бар эле.

Рухий деңгээли таза жана бийик болгону сыяктуу, дене түзүлүшү да ажайып келишимдүү жана сымбаттуу болгон[137].

Нур тамылжыган жүзү түн киргенде айдын он төртү сыяктуу жаркырап турар эле. Азирети Аиша (Алла ага ыраазы болсун) эне мындай деген:

«Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* жүзү ушунчалык нур чачып тургандыктан, караңгыда анын жүзүнүн жарыгы менен ийнени саптачумун».

Эки далысынын ортосунда Пайгамбарлыгын тастыктап турган өзгөчө бир белгиси болгон. Сахабалардын көпчүлүгү ошол белгини өпсөм экен деп, самап жүрүп өтүп кетишкен. Көз жумганда бул мөөрдүн кайып ааламына житип кетиши, анын тигил дүйнөгө көчкөнүн тастыктаган[138].

Куттуу жана нурдуу денеси көз жумгандан кийин деле эч кандай өзгөрүүгө дуушар болгон эмес. Анын бул дүйнөдөн көчкөнүнө кайгырып, мунга баткан Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) көз жашын тыя албай «Пайгамбарлардын Султанына» көпкө тигилип:

«Эх, эсил кайран Пайгамбарым. Өмүрүң сыяктуу, өлүмүң

137. крз. Хаким, III, 10; Ахмад, I, 89,96, 117, 127; IV, 309; Ибн Саьад, I, 376, 412, 420-423; II, 272; Ибн Касийр, аль-Бидая, IV, 31-33; Тирмизи, Шамаил, б.15.

138. Тирмизи, Шамаил, б. 15; Ибн Саьад, II, 272.

да кандай гана жарашыктуу кутманым!..» деп, мандайынан аяр сүйгөн.

Анын *(саллаллаху алейхи васаллам)* жүрөгүнүн абдан сезимтал, ары туюмчул экендигин сөз менен шөкөттөө мүмкүн эмес болсо керек.

Айткан ар бир сөзү акылга бай даанышман насаат эле. Сөздөрүнүн маанисин иликтеп көрсөк, ушак-айың же бирөөлөрдү келекелөө, маскаралоо деген нерсени учуратуу мүмкүн эмес. Ар бир тыңдоочунун акыл парасатына жараша сүйлөгөн.

Абдан кичи пейил жана сылык болгон. Эч убакта аша чаап каткырып күлгөн эмес. Жылмаюу анын нур жүзүнө куп жарашып, дайыма күлүмсүрөп турган.

Алдынан капыл-тапыл чыга калган киши сүрдөп, толкундашып калчу экен. Бир эле жолу аны менен баарлашуу бактысына туш болгон пенде өзүн ааламда жок бактылуу сезип, жан-дили менен сүйүп калар эле.

Улууну урматтап, кичүүнү сыйлаган, асыресе тууган-туушкандарына кам көргөн, аларга белек берүүнү жакшы көргөн жан болгон. Үй-бүлөсүнө жана сахабаларына кандай жылуу мамиле кылса, бүт элге ошондой сылык мамиле жасаган. Бир хадисинде бул камкордукту мындайча билдирген:

*«Өзүнө жакшы көргөн нерсени момун мусулман тууганына каалабаган адам чыныгы момун боло албайт» (Бухари, Иман, 7; Муслим, Иман, 71-72).*

Кызматкерлерине өтө аяр мамиле жасаган. Аларга өзү кийгенди кийгизип, өзү жегенди жегизген. Абдан берешен, сыйчыл, мээримдүү жана ырайымдуу, зарыл кезде артка чегинбес баатыр, зарыл кезде жумшак мүнөз сылык боло алган.

Убадага туруктуу, сөзгө бекем, шер болгон. Адеп-ахлагынын мыктылыгы, акыл парасаты жагынан да адамдардын эң жакшысы болгон. Пендеге тийиштүү кандай гана мактоо болбосун, адамзаттын ичинен эң ылайыктуусу Азирети Пайгамбарыбыз эле. Өмүрү өрнөк, сырткы көрүнүшү чымыр эле.

Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* көңүлү ар убак мунайым болгон, такай ойлонуп жүргөн. Зарылчылыгы жок болсо сүйлөгөн эмес. Тынчтыкты, жымжырттыкты жакшы көргөн. Эгер сөз баштай турган болсо, жарым калтырбай, толук айтып бүтүргөн. Көбүнесе кыска жана нуска сүйлөгөн. Ошондой эле, так жана ачык-айкын сүйлөгөн. Табиятынан жумшак мүнөз болгону менен, абдан салабаттуу да, сүрдүү да болгон.

Акыйкат тепселмейин, адилеттүүлүккө кайдыгер мамиле жасалмайын, оңой менен ачууланган эмес. Ачуусу келген кезде ордунан жылбай отурган. Калыстыкка, адилеттүүлүккө эч ким этибар бербей койгон учурларда, ошол иш адилеттүүлүк менен чечилмейинче ачуусу тараган эмес. Одоно иш туура нугуна түшкөндө гана тынчтанып, жайдары болуп чыга келе турган. Эгерим өзү үчүн ачууланган эмес. Жеке өзүнө таандык абалдарда эч убакта өзүнүкүн туура деп жактаган эмес, ошол эле маалда эч ким менен талашып тартышкан да эмес.

Уруксат сурамайынча эч кимдин бөлмөсүнө кирген эмес. Үйгө келгенде убактысын үчкө бөлгөн; биринчисин, Жараткан Аллага ибадат кылууга, экинчисин, үй-бүлөсүнө, үчүнчү бөлүгүн жеке өзүнө бөлгөн. Өзүнө бөлгөн убактысында кембагалы келеби, байы келеби, суроолор менен, арыз армандар менен келген момун мусулмандарды айырмалабай кабыл алган. Кабылдабай артка кайтарган убагы болгон эмес. Баарынын көңүлүн көрөгөчтүк менен багынта алган.

Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* ар бир деми, ар бир аракети Алланы зикир кылуу менен коштолгон.

Белгилүү бир жерде отуруу салтка, же көнүмүш адатка айланып кетпесин үчүн мечиттин ар кайсы жерлеринде отурар эле. Белгилүү бир орундарды жана мансаптык тепкичтерди ыйык деп эсептөөгө жана мечиттерде текеберчиликке жол ача турган иш-аракеттердин жасоого тыю салган. Кайсыл гана мечитке кирбесин, дароо бош орунга барып олтурган жана мечитте ушундай тартипти сактоону үммөтүнө насаат кылган.

Бирөө жарым муктаждыгы үчүн жардам сураган болсо, маанилүү болсун-болбосун аны орундатмайынча, жаны жай алган эмес. Такыр мүмкүнчүлүк болбой калган кезде, жакшы сөз менен адамдардын көнүлүн ала билген көсөм болгон. Бардык адамдардын дартын, көйгөйүн тен бөлүшкөн ортоктошу болгон. Бай, кедей, аалым, карапайым жана башка экендигине карабай, баарына тен карап, жылуу мамиле кылган. Жыйналыштарында жалаң гана илим, адамгерчилик, кулк-мүнөз, ыклас, сабыр, салабаттуулук, тобокел жана аманат сыяктуу жакшы сапаттар тууралуу үгүт-насаат айтылган.

Бирөөнү күнөөлөөнү жана айыбын чукууну эч качан жактырган эмес. Эскертүү керек болсо, кишинин көнүлүн оорутпастан, тек гана сылык ишаарат менен жайгарып койор эле.

*«Мусулман тууганыңдын башына түшкөн караан түндү кубануу менен кабылдаба! Балким, Алла Таала Өз ырайымы менен аны куткарып, сени сынап коюшу мүмкүн»,* – деп айткан *(Тирмизи, Кыямат, 54).*

Бирөөлөрдүн көмүскө кемчиликтерин же айыптарын изилдөөнү аябай жаман көргөн. Ушундай жагымсыз нерселерди изилдөөгө катуу тыюу салган. Башкалар тууралуу жаман ойдо

болуу жана тиешеси жок пайдасыз иштин артынан сая түшүү динибизде туура эмес деп эсептелинет.

Сооп үмүт кылган маселелерден сырткары ашыкча сүйлөгөн эмес. Сукбаттары, баяндары көпчүлүктүн ынтаалуу катышуусунда, абдан жемиштүү өтөр эле. Ал сүйлөп жаткан кезде айланасындагы сахабалары ушунчалык берилүү менен тындаган. Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун) айткандай, баштарына куш конгон болсо, бир нече саат учпастан тура берер эле. Анын асыл адеби жана жумшак мүнөзү кимди болбосун, өзүнө тартып турган. Анын акактай көңүлүнө сахабалары аяр мамиле кылгандыктан, суроо сурагандан тартынышкан. Чөлдөгү малчылардан (бедуин) бирөө жарымдын келишин чыдамсыздык менен күтүшкөн. Анткени, алар Азирети Пайгамбарыбыздын дилмаектерине катышып, түшүнбөй калган маселелерди тартынбай сурап, баарлашуунун берекесин арттырышкан[139].

Анын сүрү, анын мээримдүүлүгү ар кимге ар кандай көрүнгөн. Пайгамбарыбыздын сүрдүүлүгүнөн ийменип, көңүлүндөгү суроону эки жыл бою сурай албай жүргөндөр болгон калк арасында. Айбаттуу сүрүнөн айбыгып жүзүнө тик бага албагандар болгон.

Амр бин Ас (Алла ага ыраазы болсун) мындай деп эскерген:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен узак убакыт чогуу болдум. Ал улук затка болгон урматым абдан жогору эле. Айрыкча анын жанында астейдил адеп карманганым үчүн нур жүзүнө тик багып, тойгончо карай алган эмесмин. Эгер бүгүн мага «Алланын Элчисин сүрөттөп бер!» десеңер, ишенип койгула, айтып бере албаймын» *(Муслим, Иман, 192; Ахмад, IV, 199).*

139. Ибн Саьад, I, 121, 365, 422-425; Хайсами, IX, 13.

Анын артыкча касиеттерин, өзгөчө сапаттарын сөз менен шөкөттөгүсү келген инсан «Мен мындан мурда да, кийин да ал өңдүү асыл затты эч убакта кездештирген эмесмин!» дегенден башканы айта албасы турган иш[140].

«Күндөрдүн биринде Халид бин Валид (Алла ага ыраазы болсун) арабдын бир уруусу башчысына кезигип калат. Ал киши Халидден өтүнөт:

– Халид, бизге Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* өң-түсүн сүрөттөп берчи.

– Жоок… Болгонун болгондой кылып сүрөттөп берүү мүмкүн эмес, ага сөз байлыгым жетпейт, – деп, баш тартканына карабай, уруу башчы кайра-кайра суранат:

– Мейли, эч болбосо эсинде калганын, көз алдындагыны мүмкүнчүлүгүнө жараша, кыска болсо да айтып берчи.

Унчукпай кутулуп кете албасына көзү жеткен Халид мына бул керемет жоопту узаткан:

«– Жөнөткөн Алла Таала болгон соң, эми жөнөтүлгөндүн кадыр-баркын өзүң боолгоп ала бер!..» *(Мунави, , 92; Касталани, Мавахиби, Ладунийянын түркчө котормосу, б. 417).*

Алла Тааланын Пайгамбары экендигине тастыктоого башка далил болбосо деле, жүзүндөгү нуру, адебинин сулуулугу, айбаты жана сылыктыгы жетиштүү эле.

Кыскасын айтканда, анын *(саллаллаху алейхи васаллам)* адеп-ахлагы Куранга шай келген. Курандын сызыгынан бир кадам да четке чыккан эмес. Устат Нажи бул чындыкты сөз менен мындайча сыпаттаган:

140. Ахмад, I, 96.

«Курандын мыктылыгын, изгилигин көргөн пенделер, Куранда жазылган адеп-ахлакты сенден көрүп абдан таңыркашат. Куран сага арналып жиберилген мактоодой сезилет пенделерге».

Алланын Элчисинин мыкты ахлагы адамга шык берерин Мавляна Халиди Багдади мындайча түшүндүрөт:

«Ал кандай гана чалкыган берешен эле. Анын айкөлдүгүнүн жана жоомарттыгынын берекесинен деңизден акак, таштан жакут, тикенден гүл чыгат. Эгерде анын изги ахлагы тууралуу гүлзарда кеп жүрө турган болсо, сүйүнүчтөн жылмайбаган, ачылбаган гүлдү көрө албайсың» *(Диван, б. 65-66).*

Жаамы жакшы сапаттар менен сыпаттар Алланын Элчисинин адамгерчилигине жыйнакталган эле десек, туура айткан болобуз. Денеси кудум нур чачып тургандай жаркып турчу экен. Бирок, анын ажайып сулуулугу эч кимге толук түрдө көрүнгөн эмес. Бул тууралуу Имам Куртуби мындай деген:

«Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* аруу, нурдуу жүзү толук бойдон көрүнгөн эмес. Эгер затында катылып жаткан бардык акыйкаттар ортого чыкканда сахабалары анын жамалына карай албас эле» *(Ali Yard m, Peygamberimizin emaili, 49.s).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Хассан бин Сабит (Алла ага ыраазы болсун) аттуу акынды жакшы көргөн. Бул кутман сахаба аны ырга салган:

وَاَحْسَنَ مِنْكَ لَمْ تَرَ قَطُّ عَيْنٍ

وَاَجْمَلَ مِنْكَ لَمْ تَلِدِ النِّسَاءُ

خُلِقْتَ مُبَرَّءًا مِنْ كُلِّ عَيْبٍ

كَاَنَّكَ قَدْ خُلِقْتَ كَمَا تَشَاءُ

Көрбөдү көздөр сулууну сенден ашынган.
Төрөбөй кетти айымдар сендей акылман.
Арзуусу бардай, жаратты Алла бараалдуу кылып Өзүндү
Айыптан таза, күнөөсүз кылып, кенч болор таза өмүрдү.

## Вахийдин кайрадан башталышы

Вахий алты айлык мезгилге үзгүлтүккө учураган.

Кайра башталуусун төмөнкүчө маалымдаган:

*«Күндөрдүн биринде жолдо баратып, көк тараптан келген бир башкача үндү уктум. Башымды көтөрсөм, Хирада мага келген периште, жер менен асмандын ортосунда бир орундукта отурган экен. Абдан коркуп (үйүмө) кайттым да: –(Үйгө келип) мени чулгагыла, мени чулгагыла! – дедим.*

*(Мен чүмкөнүп олтурганымда Жабраил келди) Алла Таала, (анын ортомчулугу менен):*

يَا أَيُّهَا الْمُدَّثِّرُ قُمْ فَأَنْذِرْ وَرَبَّكَ فَكَبِّرْ وَثِيَابَكَ فَطَهِّرْ وَالرُّجْزَ فَاهْجُرْ

**«Оо,** (кийимине) **чүмкөнүп алган адам тургун да,** (инсандарга акырет азабын) **эскерткин! Жалгыз Раббинди даңазалагын! Кийимдериңди таза туткун! Жаман нерселерден узак болгун!»** *(Муддассир сүрөсү, 1-5-аяттар) деген аяттарды билдирди. Вахий ошондон тарта эч токтободу» (Бухари, Тафсир, 74/4, 5; Муслим, Иман, 255-258).*

وَلَقَدْ وَصَّلْنَا لَهُمُ الْقَوْلَ لَعَلَّهُمْ يَتَذَكَّرُونَ

**«Ырасында, Биз өрнөк алуулары үчүн аларга сөздү-Куранды байма-бай түшүрдүк»** *(Касас сүрөсү, 51-аят).*

Ушундан тартып вахийдин токтобой түшүп туруусу анын мужизалуулугун көрсөтөт. Бүт адамзат жыйналса да, дымагы күчтүүлөрдүн баары  жардамга келсе да, Курандын бир аятындай сөздү жарата албайт. Ошончолук  касиеттүү аяттардын Алланын Элчисине такай түшүп турушу, Курандын анык вахий экендигин айгинелеп турат. «Куранды адам ойлоп жазып чыгарга», – деген пикирлердин канчалык жалган экенин ушул жерден түшүнүүгө  болот.

Жөнөкөй эле бир ыр китебин алалы. Адам байкуш бул китепти канчалаган азап менен, толгонуп жүрүп, араң жазып, түйшүк менен чыгарат. Канчалык кунт коюп иштелген күндө да пенденин колунан жаралган чыгармаларда сөзсүз кемчиликтер кетет. Кынтыксыз жаралган мыкты чыгарма болбойт, мындан да мыктысы жок деп айтуу туура эмес. Кой аксагы менен жүз дегендей, адамдын иши кемчилиги менен белгилүү. Алла Таала жиберген вахийде мындай нерсе жок. Кемчиликсиз, кынтыксыз деген өзгөчөлүк Алла Таалага жана Анын вахийине таандык. Курани Карим алгачкы шекилиндей таза,  сан миң мужизалар камтылган, пендеге тиешелүү бардык кемчиликтерден арууланган түбөлүктүү сөз болуп саналат. Ушунун өзү эле Курани Каримдин акыйкат экендигин жана ыйыктыгын далилдөөгө жетиштүү.

***

Муддассир сүрөсү түшүрүлөрү менен Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*  эс алуу үчүн жаткан жеринен ыргып турду. Өмүрлүк жолдошунун көңүлүндө олуттуу көйгөй бар экенин баамдай койгон кыраакы эне:

– Эмне үчүн эс албастан туруп алдыңыз? – деди.

Алланын Элчиси чечкиндүү айтты:

– *Болду эми, эс ала турган убакыт өттү!* – деп, жаңы келген вахийди билдирди.

***

Ошол алгачкы вахий келген учурларда Жабраил периште Азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* даарат алууну жана намаз окууну үйрөткөн. Жараткан Алла сүйүктүү Пайгамбарын *(саллаллаху алейхи васаллам)* ага жага турган ибадат менен сүйүндүргөн.

Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* сүйүнүчү койнуна батпай, үйүнө кайткан. Эшиктен кирери менен Жараткандын улуу сыйлыгын аялына сүйүнчүлөп, даарат алууну жана намаз окууну ага да үйрөткөн[141].

## Алгачкы мусулмандар

Алгачкы ыйман келтирген момун мусулман Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* болуп саналат. Бул жагдай Куран аятында мындайча билдирилет:

آمَنَ الرَّسُولُ بِمَا أُنْزِلَ إِلَيْهِ مِنْ رَّبِّهِ وَالْمُؤْمِنُونَ

**«Пайгамбар Раббиси тарабынан жиберилгенге** (Куранга) **ыйман келтирди...»** *(Бакара сүрөсү, 285-аят).*

قُلْ إِنِّي أُمِرْتُ أَنْ أَعْبُدَ اللهَ مُخْلِصاً لَّهُ الدِّين

وَأُمِرْتُ لِأَنْ أَكُونَ أَوَّلَ الْمُسْلِمِينَ

141. Ибн Исхак, б.117; Ибн Хишам, I, 262-263.

«(Эй, Мухаммед) **«Акыйкатта, мен динде бир гана Аллага берилип, калыс ибадат кылууга, Аллага моюн сунуучулардын эң биринчиси болууга буйрулганмын», – дегин»** *(Зумар сүрөсү, 11-12-аяттар).*

Ыймандан бактысын тапкан экинчи инсан – кутман энебиз Азирети Хатижа (Алла ага ыраазы болсун).

Өзүнүн эли келекедеп, шылдыңдаганда, ичтен сыздап үйүнө кайгырып кайткан кезде Азирети Хатижа түгөйүнө ар дайым арка-жөлөк болуп, жубаткан. Анын жылуу сөздөрүн Алла Таала Пайгамбарынын кайгы-муңуна шыпаа кылган, вазийпасын жеңилдеткен[142].

Азирети Хатижаны көргөн кыздары Азирети Рукийя, Умму Гулсум жана Фатималар, дароо ыйман келтиришип, мусулман болушкан[143].

Күндөрдүн биринде Азирети Хатижанын намаз окуп жатканын Азирети Али көрүп айран таң калды. Зирек өспүрүм кызыгы артты көрүнөт суроо узатты:

– Эмне кылып жатасыз?

Бул суроого Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзү жооп берди:

*– Бул Алла Тааланын Өзү үчүн тандаган дини болуп саналат. Мен сени жалгыз Аллага ыйман келтирүүгө, ибадат кылууга, эч бир пайда же зыяны болбогон Лат менен Уззаны чанууга жана танууга чакырам!*

Азирети Али (Алла ага ыраазы болсун) жооп берди:

142. Ибн Хишам, I, 259.
143. Ибн Саьад, VIII, 36

– Мындай динди ушу кезге чейин бир да жолу уккан эмес экенмин. Атамдан сурабай туруп чечим кабыл албаймын, аны менен бир кеңешип көрөйүн.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз дал ошол учурларда үгүт иштерин жашыруун жүргүзүп жүргөндүктөн, ага эскертүү берди:

*– Али, эгер мусулман болгуң келбесе, мен айткан нерселерди жашыруун карма, жарыя кылба!*

Азирети Али (Алла ага ыраазы болсун) ал түнү унчукпады. Алла Таала анын жүрөгүнө Исламга болгон сүйүүнү сүртүп койду. Күн чыгары менен Пайгамбарыбызга барып, Ислам дини тууралуу суроо бере баштады. Алынган жооптор анын көңүлүнө чындап эле жагып калды көрүнөт, Исламды кабыл кылып дароо мусулман болду. Мусулман болгондугун бир топко чейин атасынан жашырып жүрдү. Азирети Али дал ушул мезгилдерде он жашта болгон *(Ибн Исхак, б. 118; Ибн Саьад, III, 21).*

Намаз маалы жакындап калганда Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Алини ээрчитип Меккенин четиндеги дөңсөөлөрдүн арасына кетчү. Экөө көздөн далдоо жерде намаз окуп, күүгүмдө үйгө кайтышар эле. Мындай көрүнүш бир топко чейин уланып турду.

Абу Талиб акырында инисинин жана уулунун жашыруун түрдө намаз окуп жүргөнүн билип калды. Жашыра турган эч нерсе калбагандыктан, Азирети Пайгамбарыбыз аны да Исламга үгүттөдү. Абу Талибдин жообу мындайча болду:

– Кагылайын тууганым! Бир боорумдан калган карааным! Ата-бабаларыбыз калтырып кеткен динди таштап коюуга менин күчүм жетпейт. Бирок, сен бул дининден баш тартпа, жолуңду улап кете бер. Касам ичип айтамын, мен тирүү турганда сага эч ким жолто боло албайт!

Анан уулу Алиге насаатын айтты:

– Уулум, абакең сени жакшылыкка жана таза жолго гана жылоолойт. Сен агаңдын жолуна бекем бол! Анын айтканы менен бол! *(Ибн Хишам, I, 265).*

Абдуллах бин Масуд (Алла ага ыраазы болсун)[144] соода-сатык менен Меккеге келет. Каабаны таваф кылып жаткан Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи васаллам)*, Азирети Хатижаны жана Азирети Алини көрөт. Азирети  Хатижанын узун көйнөк кийип, жоолук салынып алганын да баса белгилеп айткан *(Захаби, Сийар, I, 463).*

Соода-сатык максаты менен Меккеге келген Уфайф аль-Кинди аттуу адам Аббастын үйүнө конок болот. Меккени кыдырып жүрүп Каабанын жанында намаз окуп жаткан үч адамга таңыркап көпкө тиктейт. Үйгө кайткан соң үй ээсинен алар тууралуу сурайт. Аббас ага мусулмандар тууралуу айтып берген соң:

–Касам ичип айтамын, жер жүзүндө бул динди карманган ушул үч кишиден башка эч кимди билбеймин! – дейт.

Акырында Кудай Таала хидаят берип Уфайф (Алла ага ыраазы болсун) мусуман болот. Ошондо ал:

144. Абдуллах бин Масуд алгачкы мусулмандардын бири болуп саналат. Экинчи аты Абу Абдуррахман болгон. Мусалман болгон күндөн тарта көп учурда Азирети Пайгамбарыбыздын жанында болгон.  Ага кызмат кылуудан ырахат тапкан. Ибн Масуд арык чырай киши болгон. Үнү конур, жүзү сүйкүмдүү эле. Ал Исламды кабылдаган кездерде мусулмандардын саны абдан эле аз эле. Мушриктер аны кыйнап, такыр тынчтык беришпегендиктен, Мединага көчүп барып Муаз бин Жабалдын карамагына калкаланган. Кийин Азирети Пайгамбарыбыз Мединага көчүп барганда ал да биротоло жайгашып алган. Дин үчүн болгон согуштардын баарына катышкан. Куранды абдан мукам үн менен кыраатына салып окугандыктан, Алланын Элчиси аны угуудан ырахат алган. Тафсир, укук, жана хадис илим тармактары боюнча абдан илимдүү болгондуктан, көптөгөп аалымдарды окутуп чыгарган. Жалпылап караганда, Куфанын аалымдары анын риваяттарынын жана көз караштарынын алкагында укуктук токтомдорду жана көз караштарды карманышкан. Ал Пайгамбарыбыздын  848 хадисин  риваят кылган. Азирети Осмондун халифалык мезгилинде Куфа казылыгынан бошоп, эс алууга Мединага кайткан. Ошондон көп өтпөй алтымыш жаштан өтүп калган кезде дүйнө салган.

– Эх атаганат, дал ошол кезде Исламды кабыл кылып, экинчи мусулман эркек мен болсом болбойт беле! Эч болбосо алардын төртүнчүсү болууну көп самаганммын! – деп бир топ аттиң кылган экен *(Ибн Саьад, VIII, 18; Ибн Хажар, аль-Исаба, II, 487).*

Кулчулуктан азаттыкка чыккан Зайд бин Харис (Алла ага ыраазы болсун) Алиден кийин Исламды кабыл алган. Намазды үйрөнүп, Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* кызматын кылган  жароокер жардамчысы болгон. Таифтин чуулуу аламан калкы Алланын Элчисин ташбаранга алган кезде Зайд бин Харис аны калкалап ташка, кесекке денесин тоскон. Ошондо Зайддын соо жери калган эмес, денесинен кан сызылып, көп жаракат алган. Мындай тайманбастыгы менен Азирети Пайгамбарыбызга болгон сүйүүсүн жана берилгендигин далилдей алган. Ошону  менен катар, акыркы Элчинин сүйүүсүнө, көңүл буруусуна арзыган.

Алланын Элчисинин Азирети Зайдга болгон үммөттүк сүйүүсүн Азирети Умардын (Алла ага ыраазы болсун) береги окуясы чагылдырып турат:

Азирети Умар халифа болуп турган кезде Зайддын уулу Усамага үч миң беш жүз дирхам (акча бирдиги) бөлүп, өзүнүн уулу Абдуллага андан беш жүз дирхам аз бөлөт. Бул иштин себебин түшүнө албай атасынан сурайт:

– Атаке, эмне үчүн Усаманы менден жогору коюп жатасың? Ал мага караганда согушка аз катышкан эмеспи?!

Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун) теңдешсиз адилеттүүлүгү менен бирге кыраакылыгын жана сыпаалыгын көрсөтүп мындай ажайып жоопту берет:

– Уулум! Алланын Элчиси сенин атаңа караганда анын ата-

сын жакшы көрөт эле. Ал эми сага караганда Усамага көбүрөөк мээрин төгүп эркелеткен. Мына ушул себептен өзүмдүн сүйгөн адамымдан Алланын Элчисинин сүйгөн адамын жогору коюп жатамын *(Тирмизи, Манакиб, 39).*

Ушул жана ушул сыяктуу мисалдарда айтылгандай, ардактуу сахабалар, Алланын Элчиси өзгөчө көңүл бурган, же дагы да жакшы көргөн адамдарды өз сүйгөндөрүнөн жогору коюшкан[145].

Азирети Абу Бакир Азирети Мухаммед менен тээ мурдалары эле жакын дос болгон. Бала кезинен бери анын адеп-ахлагын, жароокерлигин жана ишенимдүүлүгүн көрүп жүргөн. Анын мүнөзүн, жүрүм турумун Азирети Абу Бакир жакшы билген. Анын бирер жолу жалган айтканын уккан да, көргөн да эмес. Ошол себептен, Алла Таала тууралуу жалган пикирлерди айтышы мүмкүн эмес деген ойдо болгон. Ушулардын баарын эске алган Азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) Алланын Элчисинин бир ооз дааватын жерге таштабай. токтоосуз Ислам динин кабыл кылган[146].

Азирети Пайгамбарыбыз ал тууралуу мындай деген:

*«Алла Таала мени пайгамбар кылып жөнөткөндө «Сен жалганчысың!» деген эленер. Бирок, Абу Бакир «Ал, туура айтып жатат» деп, жаны менен да, малы менен да мага арка-жөлөк болду»* *(Бухари, Асхабун-Наби, 5).*

Абу Бакирдин мусулман болуусуна Азирети Пайгамбарыбыз абдан сүйүнгөн. Ага сүйүнгөнчөлүк башка эч нерсеге сүйүнгөн эмес экен. Кадырман сахаба мусулман болоору менен,

145. Хайсами, VI, 174; Ибн Саьад, IV, 30.
146. Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 78.

Ислам динин кабыл кылганын ачык айтып, элди Алла Таалага жана Анын Элчисине ыйман келтирүүгө үндөй баштаган[147].

Азирети Мухаммед Мустафанын *(саллаллаху алейхи васаллам)* өмүр жолунда, жашоо турмушунда Азирети Абу Бакирдин орду жана салмагы абдан маанилүү. Кандай гана маселе болбосун, аны жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкү үч шарт зарыл:

1.Жүйөлүү пикир.

2.Ошол пикирди жактаган инсандар.

3.Каржылык мүмкүнчүлүк.

Жүйөлүү пикир – вахий менен тастыкталган Ислам дининин ички маңызы эле. Калган эки фактор үчүн Абу Бакир абдан маанилүү киши болгон. Башкача айтканда, ошол кезде Исламды жаюу үчүн Абу Бакирдей пайдалуу жана таасирлүү жандоско муктаждык бар эле. Анын динге келиши менен жаңы диндин мүчөлөрүнүн саны арта баштаган. Кутман сахаба каржылык мүмкүнчүлүгү менен мусулмандыкты кабыл кылган кулдарды кожоюндарынан сатып алып, азат кылып, Исламдын бутуна турушуна албан салым кошкон.

Бул эки жагдайды бир аз чечмелей турган болсок, Азирети Абу Бакир менен Азирети Пайгамбарыбыздын тээ жаштык кезге барып такалган жолдоштук жана ынтымак мамилеси, пайгамбарлык вазийпа берилгенден тарта кыйышпас тыгыз достукка айланган.

Азирети Абу Бакир алгачкы ыйман келтиргендерден болгон. Ошону менен бирге, ыйманына чаң жугузбай «Сыддык» - деген улуу сыпатка жетишкен. Андан кийинки мезгилдерде да

147. Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 80-81.

Ислам дининин өркүндөп-өсүшү үчүн материалдык да, рухий да эч бир жоопкерчиликтен бой качырган эмес. Кайсыл гана иш болбосун, Жараткан Алланын ыраазылыгын табуу үчүн болгон мүмкүнчүлүгүн кошуп, ак дилден кызмат өтөгөн.

Жакшы көргөн кишисинин сүйгөн нерселерин сүйүү, өзүнүн каалоолорунан сүйгөн адамынын мүдөөсүн жогору коюу, ал үчүн бүт нерсесин арнай билүү – нагыз сүйүүнүн шарты болуп саналат. Азирети Абу Бакирдин (Алла ага ыраазы болсун) өмүр жолу Алланын Элчисине бапестеген сүйүүсү менен көркүнө чыккан. Ага байлануунун жана анын дүйнөсүнө толук бойдон сүңгүп кетүүнүн бышып жетилген мисалдарына абдан бай.

Күндөрдүн биринде Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* сыркоолоп калганын кулагы чалса керек, Азирети Абу Бакир ал үчүн капаланып, кадимкидей ооруп калган.

Ажырагыс достордун ортосунда достуктун ушундай улуу махабаты курулган эле. Экөөнүн бири-бирине болгон достук сүйүүсү бирдей абалга келгендиктен, Алланын Элчиси төмөнкү хадисин айткан:

*«Абу Бакир менден, мен болсо Абу Бакирденмин. Абу Бакир менин эки дүйнөдөгү бир тууганым болуп саналат» (Дайлами, I, 437).* Ал бул хадисин айтуу менен эки дүйнөлүк биримдикти жана жүрөктөн жүрөккө агылган таасирленүү абалын баса белгилеген.

Көз жумарынан аз убакыт мурда сыркоолоп, төшөккө жатып калган кезде Азирети Пайгамбарыбыздын:

*«Абу Бакирдин эшигинен башка бардык эшиктер жабылсын!»* – деген хадиси эки жүрөктүн ортосундагы байланышты жана биримдикти эң мыкты чагылдырып турат *(Бухари, Асхабун-наби, 3).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Исламга жашыруун түрдө чакырык сала баштаган күндөрдө Билал Хабаши менен энеси мусулман болушкан. Мусулман болгондугун ачыкка чыгарган жети кишинин бири Билал болуп саналат. Мушриктер аны динден кайтарып алуу үчүн түрдүү жолдор менен кыйнашкан. Ал улуу сахаба ошонун баарына чыдаган. Ыймандан чыгарып, динден баш тарттыруу үчүн колун артына карыштыра кайрып, көкүрөгүнө оор ташты бастырып, мажбурлаганына карабай: «Ахад! Ахад! – Аллах жалгыз! Аллах жалгыз!» деп, таймanбай кайталай берген ыкластуу момун болгон.

Азирети Абу Бакир киши башына тиешелүү акчаны берип, Азирети Билал менен энесин мушриктердин кандуу колунан куткарып, азаттыкка чыгарган[148].

Ал мына ушундай камкор кадамы менен Ардактуу Пайгамбарыбыздын жүрөгүнөн түнөк таап, мээримдүүлүгү, жоомарттыгы менен дастанга айланган.

Мавляна олуя ак дилинин чебер тили менен бул окуяны мындайча сүрөттөгөн:

«Мусулманчылыкты кабыл кылган Билал бутпарастардын коркутууларына жана кыйноолоруна дуушар болгон. Аны уккан Азирети Сыддык Азирети Мустафага барып, жакшы мүнөз Билалдын абалын ортого салды:

– Көк катмарларын өлчөгөн кутман момун сага жана диниңе ашык болуп, сүйүүнүн торуна камалып олтурат. Периштедей таза дилдүү адамга заалимдер ошол себептен азап чектирип жатышат. Күнөөсүз жандын канаттары жулунуп жатат. Бутпарастыктын жана күнөөкөрлүктүн топурагына кымбат жанды көмүүнү көксөп жүрүшөт.

148. Ибн Саад. III, 232; Хаким, III, 319.

Кайнаган аптапта аны жыланачтап, кызыган кумга жаткырып, жыланач денесин тикендүү жыгачтар менен чапкылап жатышат.

Денесинин ар кайсы жеринен чоргодон шоргологондой кан агып жатса да: «Алла жалгыз! Алла жалгыз!» – деп, Жаратканга сажда кылганынан жазбады.

Боорукерлиги жана мээримдүүлүгү түрткү берип, Азирети Абу Бакирдин денесинин ар бир клеткасы кайгылуу жана касыреттүү тилге айланып, Билалдын жүрөктү ыйлаткан кейиштүү абалын Азирети Пайгамбарга жеткирип жатты.

Акырында, көөдөнүндөгү аруу ниетин айтты: – Пайгамбарым, мен аны сатып алышым керек! Ал үчүн мүлкүмдү сарптаганга даярмын. Кудай Таалага дилин ачкан, Анын кулу жана Элчисинин үммөтү болгондугу үчүн душмандардын кордугун чеккен, азап тарткан кутман инсанды курч абалдан куткарып алмайынча, бул дүйнөдө жаным жай албас….

Анын мындай пикирин жан дилден колдогон Азирети Мустафа:

– *Алланын жана Элчисинин кадырман досу! Бул соодалашууда мен сага орток боломун….*– деди.

Азирети Абу Бакир Билалдын кожоюнунун үйүнө карай жол тартты. Басышы өтө ылдам. Дал ошол кезде айосуз токмоктун уусуна турууштук бере албай эстен танган Билал сулк жаткан эле. Кожоюн болумуш бутпарасты оор сөздөр менен жемеледи:

– Эй, ыплас! Душмандыктан көзү сокурга айланган, бейнасип, мээримсиз акмак! Алланын досун токмоктоого кантип колуң барды? Эй, пейли бузук, бул эмне деген айбандык, эмне деген мыкаачылык ыя?!..

Эй, мээримсиз ташбоор! Сен өзүңдү адаммын деп ойлоп жатасыңбы? Мерезсиң, жексурсуң сен! Сен адам кейпин кийип турганың менен жүзү кара айбансың!...

Абу Бакир ушул сөздөрдү айтып, мыкаачынын ач көзүн байлыкка толтуруп таштады. Кутүүсүз абалга Билалдын кожоюну абдан таң калып, эмне дээрин билбей мукактанды.

Таң калып жатканын аңдай койгон Азирети Сыддык сөзүн улады: – Эй, акмак! Ушу жаңгактай жылтыраган нерсе үчүн мага баа жеткис акакты берип жатканыңды аңдап жатасыңбы!? Билалдын эки дүйнөдө тең кымбат киши экендигин билбейсиң, сен бала. Мен анын рухуна суктансам, сен анын денесинин түсүнө карайсың...

Эгер сен анын баасын дагы да көтөргөнүңдө, айтканыңды бермекмин. Ач көздөнүп, бааны көтөрө бергениңде бүт мүлкүмдү бермекмин, жадагалса, карызга батсам да сатып алат элем. Ошондо да соодалашуудан мен уткан болор элем. Эй, бейнасип! Каухар менен акактын баалуулугун соодагер гана билерин жакшылап билип алгын!»

Азирети Мавлянанын бул икаясы мээримдүүлүктү жана боорукерликти ажайып сонун чагылдырган. Адамдын руханий абалын жакшыртуу, баштан куруп чыгуу же куткаруу үчүн, керек болсо бүт байлыкты сарптоо зарылдыгын, адамдын руханияты сан байлыктан кымбат турарын даршан кылуу менен жан дүйнөбүзгө акыйкаттын ак бубактарын сээп кеткен.

Азирети Абу Бакир мындай ашкере камкордугу менен Мухаммед Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* болгон бекем сүйүүсүн дагы бир ирет тастыктап кеткен. Азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* болгон чексиз сүйүүсүн Азирети Сыддыктын төмөндө айтыла турган иш-ара-

кеттеринен билүүгө болот:

– Ал Азирети Пайгамбарыбыз алып келген Курани Каримди жана дин Исламдын өкүмдөрүн чын дилден сүйүп аткарган.

– Анын үммөтүнө мээримин төгүп, жардамын эч качан аяган эмес.

– Дүнүйө-байлыкка маани берген эмес, керек болсо, кембагал болууга да кайыл болгон.

– Азирети Пайгамбарыбыздын жанынан айрылгысы келбейт эле. Досун бир күн көрбөй калса, кадимкидей сагынган.

– Кайда болбосун, эч убакта Пайгамбарыбызды эсинен чыгарган эмес.

**Халид бин Саиддин** (Алла ага ыраазы болсун) Исламга келишине коркунучтуу түшү себеп болгон. Адаттагы кунарсыз күндөрүнүн биринде мындай түш көрөт: Ичи коркунучтуу чоң андын кырында туруптур. Атасынын ошол аңга түртүп ийчүдөй ниети бар экенин баамдайт. Аңгыча, пайда боло калган Мухаммед Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* аны белинен кармап, жалын бүрккөн коркунучтуу отко түшүп калуудан куткарып калат.

Чочуп ойгонсо түшү экен. Бүт денеси көл-шал тер. Өзүнө өзү күбүрөнүп алат: «–Кудайга ант болсун! Бул акыйкат түш!»

Ошондон көп өтпөй, Азирети Абу Бакирдин далалаты менен Алланын Элчисине жолугуп, Ислам динин кабылдап, ыймандан бакыт тапкан.

Уулу Халиддин мусулман болгонун уккан атасы чалкасынан кетти. Чыңырып-чыңырып алды. Чакыртып алып казаптап кирди:

– Эй, шерменде! Жогол көзүмө көрүнбөй! Буттардын атына касам ичип айтып жатам, ырыскың мындан ары менден эмес!

Халид:

– Сен канчалык менин насип-ырыскыма тоскоол болом деген сайын Алла Таалам мага  ошончолук кең ырыскы берет!

Азирети Халид Хабашистанга көчкөнгө чейин Алланын Элчисинин жанында болот *(Хаким, III, 277-280).*

Халиддин артынан жубайы Умайя, Амр аттуу иниси келинчеги менен Ислам динин кабыл кылышкан.

Даават жашыруун жүрүп турган кезде Азирети Абу Бакирдин (Алла ага ыраазы болсун) үгүттөөсү жана далаалаты менен Абу Фукайха, Азирети Осмон, Зубайр бин Аввам, Абдуррахман бин Авф, Саад бин Абу Ваккас, Талха бин Убайдуллах өңдүү эрлер ыйман деген улуу нематка эгедер болушкан[149].

Азирети Осмон башынан өткөн бир окуяны Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* минтип баяндап берген:

«Дал ошол кезде биз Сирияда элек. Уйку соонун арасында болсок керек, айтор, кайдан чыкканы белгисиз капыстан:

«–О, уктап жаткан жандар! Ойгонгула! Меккеде Ахмад аттуу бир зат чыкты!» деген үндү уктук. Меккеге кайткан кезде сиздин Пайгамбар болгонуңузду уктук» *(Ибн Саьад, III, 255).*

Азирети Талха болсо минтип эскерет:

«Биз Бусра жарманкесине барган элек. Бир кечил жарманкеге барган адамдардын алдына чыгып сүйлөп жаткан экен. Бир  мезгилде:

149. Ибн Хишам, I. 268

– Аранарда Мекке калаасынан келгендер барбы? – деп сурады.

– Мына, мен бармын, – деп, элдин алдына чыктым.

– Ахмат аттуу бир инсан чыктыбы?

– Кайсы Ахмад?

– Ахмад бин Абдуллах бин Абдулмутталиб! Ал Меккеден чыгып, пайгамбарлардын акыркысы болот. Харам чөлкөмүнөн чыгып, таштуу, бирок, курмага бай, шор топурактуу жерге көчүп кетет. Аны ээрчисең жаман болбойсуң!

Ошол кечилдин айткандары эмнегедир жүрөгүмө бир башкача таасир калтырган экен. Меккеге кайткан соң элден сурамжыладым:

– Жакын арада жаңы бир окуя же бир нерселер болдубу?

– Ооба, болгондо да, Абдулланын уулу Мухаммадул-Амин өзүнүн Пайгамбар болгонун айтып чыкты. Жанакы биз урматтаган Абу Бакир да ага ишенип, ээрчий турганын ачык билдирди, – деген кабарды уктум *(Ибн Саад, III, 215).*

Абу Убайда бин Жаррах, Абу Салама, Аркам бин Абул Аркам, Усман бин Мазун, Асма бинти Абу Бакир, Хаббаб бин Арат, Абдуллах бин Масуд, Абдуллах бин Жахш, Жафар бин Абу Талиб аялы, Асма бинти Умайс, Абу Хузайфа, Амр бин Фухайзалар (Алла аларга ыраазы болсун) алгачкы мусулмандардан болуп, ыймандын ырахатын таткан инсандардан болуп саналат.

## Дарул-Аркам: Алгачкы мусулмандардын таалим-тарбия жана окуу борбору

Алланын Элчиси Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* үч жыл бою Ислам динин жашыруун жайып, үгүттөп жүрдү. Чакырыкты кабыл кылбагандарга бул тууралуу эч кимге ооз ачпоону өтүндү.

Пайгамбарлык келген жылы Аркам бин Абул Аркам (Алла ага ыраазы болсун) мусулмандыкты кабылдаган эле. Ошондон тарта мусулман сахабалар Аркамдын үйүнө жашыруун жыйналып жүрүштү.

Мусулмандар Аркамдын (Алла аларга ыраазы болсун) үйүн «Дарул-Ислам» деп атап алышты. Анын үйү Сафа дөңсөөсүнүн жанында эле. Ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мушриктерден жашырынып, куттуу үйгө барып, жаңы мусулмандарга Исламды таанытып, Куран аяттарынан окуп, насыяттардан айтып берип жүрдү. Чогуу намаз окушчу. Көп адамдар Ислам менен ушул үйдө таанышып, ушул үйдө ыйманга келишкен.

Мусулмандардын мындай жашыруун жыйналыштары, өткөрүп жүргөн дин сабактары, талкуулары алты жыл бою Азирети Умар (Алла аларга ыраазы болсун) мусулман болгонго чейин сүргөн. Ислам динин жайылышында, диний сабактардын өтүлүүсүндө бул куттуу үйдүн тарыхый чоң салымы бар.

Аркам кийинчерээк «Дарул Аркамды» Кудай жолуна атап, эл үчүн кызматка берип салган. Төмөнкү жобонун негизинде фонд түзүп, үйүн жакшылык иштерге багыштаган:

«Мээримдүү жана Боорукер Алла Тааланын ысымы менен баштаймын.

Бул документ Сафанын жанында турган Аркамдын үйү тууралуу жазылган жобо болуп эсептелет. Куттуу Харамдын аймагында тургандыктан, ал да ыйыктыкка жана кол тийгистикке ээ. Сатылбайт, мураска да берилбейт. Бул жобону өз ыразылыгым жана өз ыктыярым менен жазганыма Хишам бин Ас жана анын азаттыкка чыгарган кулу күбө!» *(Ибн Саьад, III, 242-244; Хаким. III, 574-575/6129).*

***

Пайгамбарлыктын алгачкы үч жылы жашыруун чакырык, үгүт-насаат менен өткөн. Кандайдыр бир машакаттарга же кыйноо-кыстоолорго кабылып калуу коркунучунан эмес, бул жерде диндин келечегине кылдат мамиле жасоо деген аяр мүдөө болгон. Асыресе, ачык-айкын жарыя кылуу тууралуу эч кандай өкүм же буйрук келе элек болчу. Алгачкы мусулмандардын көпчүлүгү акы-укугу тепселген кулдар, кедей-кембагалдар болгон. Эгерде жаңы кадам таштагандан тартып эле жаамы калкка жарыялап киргенде, Исламды жаңыдан кабыл кылган бей-бечаралардын кырылып жок болуп кетиши турган иш эле.

Аркамдын үйүндөгү жашыруун жыйындардын жүрүшүнөн төмөнкүдөй жыйынтыкка келүүгө болот:

1.Зарыл учурда жашырынуу жана этияттануу улуу иштин негизи болушу керек.

2. Кайсыл гана социалдык, диний же саясий уюм болбосун, бутуна туруп, өркүндөп кетиши үчүн таалим-тарбия, окуу жана билим берүү алгачкы зарыл кадам болуп эсептелет. Ийге келип, бир нукка түшүүсү үчүн иш-максаттын логикасы жана жүрүм-турум эрежелери менен ошол уюмдун же диндин мүчөлөрү жуурулушуп кетиши керек.

Демек, Ислам динине байланыштуу иш-аракеттер кыямат кайымга чейин Азирети Пайгамбарыбыз үйрөтүп кеткен эрежелеринин негизинде жүргүзүлүшү керек. Дин Исламдын мындан ары дагы илгерилеши же такыр маалыматы жок элдерге динибизди жайылтуу үчүн эң башта таалим-тарбияга, окууга, үйрөнүүгө абдан маани берүү зарыл.

# ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ТӨРТҮНЧҮ ЖЫЛЫ

**«Сага буйрулганды ачыкка чыгар, адегенде эң жакын адамдарыңды чакыр!»**

Жашыруун сүргөн үч жылдык чакыруудан кийин пайгамбарлыктын төртүнчү жылы Алла Таала буйруду:

فَاصْدَعْ بِمَا تُؤْمَرُ وَأَعْرِضْ عَنِ الْمُشْرِكِينَ  إِنَّا كَفَيْنَاكَ الْمُسْتَهْزِئِينَ

«(Элчим!) **Сага буйрулгандар тууралуу ачык-айкын кабарла! Мушриктерден жүз үйрү. Акыйкатта, Биз сени шылдыңдоолордон коргойбуз!»** *(Хижр сүрөсү, 94-95-аяттар).*

Исламды жалпы элге жар салууга бул аяттар буйрук иретинде келди. Бул жагдай дагы да ачык, жадагалса, эскертүү иретинде  башка аятта минтип буйрулат:

يَا أَيُّهَا الرَّسُولُ بَلِّغْ مَا أُنزِلَ إِلَيْكَ مِنْ رَّبِّكَ وَإِنْ لَّمْ تَفْعَلْ فَمَا بَلَّغْتَ
رِسَالَتَهُ وَاللهُ يَعْصِمُكَ مِنَ النَّاسِ إِنَّ اللهَ لاَ يَهْدِي الْقَوْمَ الْكَافِرِينَ

**«О, Элчи! Алладан сага түшкөндү аларга жеткизгин! Эгер антпесең, Алланын** (табыштаган) **элчилигин аткарбаган болосуң! Алла сени алардан коргойт. Чынды-**

**гында, Алла каапыр элди туура жолго багыттабайт»** *(Маида сүрөсү, 67-аят).*

قُلْ يَا أَيُّهَا النَّاسُ إِنِّي رَسُولُ اللّهِ إِلَيْكُمْ جَمِيعاً الَّذِي لَهُ مُلْكُ
السَّمَاوَاتِ وَالأَرْضِ لا إِلَـهَ إِلاَّ هُوَ يُحْيِـي وَيُمِيتُ فَآمِنُواْ بِاللّهِ
وَرَسُولِهِ النَّبِيِّ الأُمِّيِّ الَّذِي يُؤْمِنُ بِاللّهِ وَكَلِمَاتِهِ وَاتَّبِعُوهُ لَعَلَّكُمْ تَهْتَدُونَ

**«О, адамдар! Мен шек-күмөнсүз баарыңар үчүн жөнөтүлгөн Алланын элчисимин. Алла бүтүндөй асмандар жана жердин ээси. Андан башка кудай жок. Ал тирилтет жана өлтүрөт! Аллага жана Анын сөздөрүнө ишенгиле. Жиберилген сабатсыз Пайгамбарга ишенип, аны ээрчигиле. Ошондо туура жолду табарсыңар», – дегин»** *(Арааф сүрөсү, 158-аят).* Ушул буйрук менен Ислам динине ачык чакыруусу керек эле.

Бирок, кайсы жерден, кантип баштоону ойлонуп жаткан кезде дагы башка вахий келди:

وَأَنْذِرْ عَشِيرَتَكَ الْأَقْرَبِينَ ۝ وَاخْفِضْ جَنَاحَكَ لِمَنِ اتَّبَعَكَ مِنَ
الْمُؤْمِنِينَ ۝ فَإِنْ عَصَوْكَ فَقُلْ إِنِّي بَرِيءٌ مِمَّا تَعْمَلُونَ ۝ وَتَوَكَّلْ عَلَى
الْعَزِيزِ الرَّحِيمِ ۝ الَّذِي يَرَاكَ حِينَ تَقُومُ

**«Оболу, өзүңдүн эң жакын тууганыңа** (акырет азабын) **эскерт! Сени ээрчиген момундарга мээримдүүлүк канатыңды жай! Эгерде буга каршы чыга турган болушса: «Силер кылып жаткан нерселерден мен албетте тазамын!» – деп айткын! Сен Ал эбегейсиз Кудурет жана чексиз Мээримдүү Аллага тобокел кыл! Ал сени сен тик турган учурунда да көрүп турат!»** *(Шуара сүрөсү, 214-218-аяттар).*

Жараткан Кудай Таала буйругандай, Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* адегенде өзүнүн жакын туугандарынан баштады. Аларды үйүнө чакырып сый-тамагын берди. Аркы-беркиден кеп салынды. Анан сөз баштады:

*– Абдулмутталибден тараган менин жакын туугандарым! Мен бүт адамзатка Пайгамбар болуп жөнөтүлдүм. Менин кээ бир мужизаларымды да көрүп турасынар. Киминер өз тууган жана досум катары сөз берип мени ээрчийсинер?*

Анын бул сөздөрүнө эч ким деле маани бербеди көрүнөт, кыйлага дейре жымжырттык өкүм сүрдү. Ошол мезгилдерде тестиер өспүрүм экендигине карабай, ыймандуулардын кербенине алгачкылардан болуп кошулган Азирети Али тура калып:

– О, Алланын Элчиси! Сага мен жардамчы болом! – деди.

Көчөт сезим Алинин (Алла аларга ыраазы болсун) бул сөзүнө акылы жете бербеген көпчүлүк, аны мыскылдагандай түрдө акшыя карап калышты. Али элдин арасынан суурулуп чыгып Алланын Элчисинин жанына барды. Мусулман өспүрүмдү жылмаюу менен тосуп алып, миллиарддаган адамдар өбө албай кеткен куттуу колу менен баланын башынан сылап койду[150].

Алгачкы чакырыгынын колдоо таппаганына анчейин деле капа болгон жок. Анткени, Алла Таала ага төмөнкү аяттарды буйруп жаткан эле:

يٰسٓ ۝ وَالْقُرْاٰنِ الْحَكِيمِ ۝ اِنَّكَ لَمِنَ الْمُرْسَلِينَ ۝ عَلٰى صِرَاطٍ مُسْتَقِيمٍ

**«Яа-Син. Даанышмандыкка толгон Курандын акы үчүн, сен шек-күмөнсүз пайгамбарлардансың! Туптуура жолдосуң!»** *(Яа-син сүрөсү, 1-4-аяттар).*

150. Ахмад, I, 111, 159; Хайсами, VIII, 302-303.

وَأَرْسَلْنَاكَ لِلنَّاسِ رَسُولاً وَكَفَى بِاللهِ شَهِيداً

**«... Сени адамдарга пайгамбар кылып жөнөттүк. Күбө катары Алланын Өзү жетиштүү!»** *(Ниса сүрөсү, 79-аят).*

وَمَا أَرْسَلْنَاكَ إِلَّا كَافَّةً لِّلنَّاسِ بَشِيراً وَنَذِيراً وَلَكِنَّ أَكْثَرَ النَّاسِ لَا يَعْلَمُونَ

**«Биз сени жаамы адамзатка сүйүнчүлөөчү жана эскертүүчү кылып жибердик. Бирок, адамдардын көпчүлүгү муну биле беришпейт»** *(Саба сүрөсү, 28-аят).*

قُلْ يَا أَيُّهَا النَّاسُ إِنِّي رَسُولُ اللهِ إِلَيْكُمْ جَمِيعاً الَّذِي لَهُ مُلْكُ السَّمَاوَاتِ وَالأَرْضِ

**«–О, адамдар! Мен албетте, асмандардын жана жердин ээси болгон Алла Тааланын баарыңар үчүн жиберген пайгамбары боломун!» – деп айткын...»** *(Араф сүрөсү, 158-аят).*

Азирети Пайгамбарыбыз башка пайгамбарлардан жаамы адамзатка жөнөтүлүшү менен айырмаланат. Буга жогорудагы Курандын касиеттүү аяттары далил. Кутман Элчи *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир хадисинде мындай деген:

«*1. Мага бир айлык аралыктан душмандын жүрөгүнө коркунуч салуу артыкчылыгы берилген.*

*2. Жер жүзү мен үчүн мечит кылынып, тазаланган. Ошондуктан үммөт саналган бардык момундар намаз убагы кирген жерде намазын окусун!*

*3.Менден мурда пайгамбарлардын эч кимисине олжо алуу*

*адал кылынган эмес эле. Мага олжо алуу адал кылынды.*

*4.Шапаат кылууга уруксат берилген.*

*5.Менден мурунку пайгамбарлардын баары өз улуттарына же урууларына гана жөнөтүлгөн эле. Мен болсо, бүтүндөй адамзатка Пайгамбар болуп жөнөтүлдүм» (Бухари, Таяммум, 1)*[151].

Алгачкы чакырууда Алиден башка , тууганлдарынын эч кимисинен оң жооп ала албаган Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* арадан бир кыйла убакыт өткөндөн кийин үйүнө тууганларын кайрадан чакырды. Сый көрсөтүп, улуу маселени дагы козгоду:

– Абдулмутталибден тараган ардактуу туугандарым! Ушул тапта арабдардын арасынан чыгып, эки дүйнөңөрдүн жакшылыгы үчүн мен алып келгенден да жакшы динди жар салган адамды көрө да, биле да элекмин.

Туугандарым, силерге жана бүтүндөй адамзатка пайгамбар болуп жөнөтүлдүм. Мурда эч жерден көрбөгөн ажайып мужизаларды менден көрүп жатасыңар. Киминер бул жаатта мага көмөк көрсөтөсүңөр? Кимиңер туугандыгын далилдеп бейишке барууну каалайсыңар? Кимиңер ушул жолдо мага арка-жөлөк жана жолдош болууга сөз бересиңер?

Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* чакырыгы бул ирет дагы жоопсуз калды. Айрымдары мыйыгынан жымыйып, шылдыңдап тарап кетишти *(Ахмад, I, 159; Ибн саьад, I, 187; Хайсами, VIII, 302; Ибн Асийр, аль-Камил, II, 63; Балазури, I, 119; Халаби, I, 283).*

151. Башка бир риваятта Алланын Элчиси дагы үч жагдай тууралуу айтып кеткен:

«1. Мага нуска сүйлөө өзгөчөлүгү берилген.

2. Пайгамбарлык деген вазийпа мени менен акыр-аягына чыгарылды, кулпуланды. Менден кийин бир дагы пайгамбар келбейт.

3. Мен уктап жаткан кезде жер жүзүндөгү казыналардын ачкычтары менин астыма ташталган» (Муслим, Месжид, 5.6).

Бөтөнгө караганда туугандын пикирин тууган тез түшүнөт, бачым кабылдайт. Бул демейки акылга төп келер тажрыйбалык көрүнүш. Анын сыңары улуу чакырыкты туугандар кош колдоп колдоого алышканда, Ислам дининин коомго тарашы алдаканча тез болор эле. Тескерисинче, өз туугандар жол башчыны колдобой турган болушса, алыстагы бөтөн коомдун ага ишенүүсү, ыйман келтирүүсү кыйынга турат. Алланын Элчисинин Жараткандын буйругуна моюн сунуп, эң алгач өз жакындарын динге чакырганы ошондон эле.

Башка жагынан карай турган болсок, улуу вазийпаны аркалап кетүүдө жакын туугандардын колдоосу, таяныч болушу жана жардамы олуттуу мааниге ээ. Бул маселе тууралуу мурунку пайгамбарлардын тажрыйбасын Курани Карим баяндап берген:

قَالُواْ يَا شُعَيْبُ مَا نَفْقَهُ كَثِيراً مِّمَّا تَقُولُ وَإِنَّا لَنَرَاكَ فِينَا ضَعِيفاً وَلَوْلاَ رَهْطُكَ لَرَجَمْنَاكَ

**«О, Шуайб! Айтып жаткандарыңдын көбүн түшүнө албай турабыз. Анын үстүнө, биз сени өзүбүздөн төмөн деп эсептейбиз. Эгер агайын-тууганың болбогондо албетте, сени ташбараң кылар элек!..»** *(Худ сүрөсү, 91-аят).*

Мындай кейиштүү абалга Лут пайгамбар да туш болгон. Коомунун акмакчылыгына чара таба албай турган чакта аркажөлөк болор тууганынын жоктугунан:

قَالَ لَوْ أَنَّ لِي بِكُمْ قُوَّةً أَوْ آوِي إِلَى رُكْنٍ شَدِيدٍ

**«Силерге күчүм жетсе, же бир дымактуу таянар тууганым болсо кана!»** *(Худ, 80)* – деп, мүңкүрөп арман кылган.

Ислам дини тууган-урук менен ынтымакта болууга, ар убак колдоого жана көмөк көрсөтүүгө абдан маани берет. Кимдеким динге кызмат кылам, ыйманды жаям деген максатта болсо, эң оболу өз бүлөсүн жана тууган-туушкандарын ойлошу керек.

وَأُولُو الْأَرْحَامِ بَعْضُهُمْ أَوْلَى بِبَعْضٍ فِي كِتَابِ اللهِ مِنَ الْمُؤْمِنِينَ وَالْمُهَاجِرِينَ

**«...Алланын өкүмүндө туугандар бири-бирине башка момундардан жана мухажирлерден дагы да жакын болушат...»** *(Ахзаб сүрөсү, 6-аят).*

## Сафа дөңсөөсүндөгү кайрылуу

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Жараткандын буйругун орундатуу максатында, күндөрдүн биринде Сафа дөңсөөсүнө чыгып, курайш уруусуна үн салды. Эмне жаңылык болуп кетти экен деген кызыгууга жетеленген аламан калк дөңсөөнүн бооруна жыйналышты. Бийигирээк борчук ташка чыккан Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* элге минтип кайрылды:

– *Оо, курайш жамааты! Ушу тоонун артында же болбосо ушул өрөөндө душмандын аттары турат, азыр силерди басып кирип, мал-мүлкүнөрдү талап кетет десем, мага ишенесиңерби?*

Аламан калк эч ойлонбой туруп бир оздон:

– Ооба ишенебиз! Анткени, сенин жалган айтканыңды эч качан уккан эмеспиз! Сени туура, чын сүйлөгөн адам катары тааныйбыз! – деп чуулдап жиберишти[152].

152. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) бул жерде коомдун сөзү менен эң

Келгендердин бир ооздон берген таасын баасын алгандан кийин Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* аларга Кудай Таала жөнөткөн жарлыктарды угуза баштады:

*-Андай болсо, азыр алдыда баарыңарды коркунучтуу азап күнү күтүп турганын, Алла Таалага ишенбегендердин ошол азапка дуушар болорун кабарлаймын. Ошол азапты эскертүү үчүн мен силерге Пайгамбар болуп жөнөтүлдүм.*

*Курайш жамааты! Менин ушу азыркы абалым кудум көптүү душманды көрүп, үй-бүлөсүнө зыяны тийип калышынан чочулап, кабар берүү үчүн алдастап чуркап келген адамдын абалы сыяктуу.*

*Курайш жамааты! Баарыңар уйкуда мемирегендей өлөсүңөр. Уйкудан ойгонгон сыңары тирилесиңер. Мүрзөдөн туруп Алланын алдына барарыңар, бул дүйнөдөгү жасаган бардык иш-аракетиңердин эсеп-кысабын берчү күн – кашкайган чындык. Натыйжада, же жакшылыгыңардын жана ибадаттарыңардын үзүрүн көрөсүңөр, же күнөө иштериңердин жазасын алып, катуу азап тартасыңар! Үзүр түбөлүктүү – бейиш; жаза – түбөлүктүү тозок»* *(Бухари, Тафсир, 26; Муслим, Иман, 348-355; Ахмад, I, 281-307; Ибн Саьад, I, 74, 200; Балазури, I, 119; Самура аз-Зайийд, I, 357-359).*

Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул кайрылуусуна туугандарынан эч кандай деле жалпы каршылык келген жок. Жакын тууганы Абу Лахаб гана:

---

башта кишилик сапаттын аныктамасын чыгарып алды.. Анткени, адамдар кишинин кулк-мүнөзүнө таң калса *деле* ээрчип кете беришет. Учурда Ислам динин таратып жүргөн адамдар дагы Азирети Пайгамбарыбыз сыңары коомчулуктун сынынан, таразасынан өтүшү керек. Яа-син сүрөсүндө баяндалган Хабиб ан-Нажжар чакырык ишин жүргүзгөн салих пенделердин жеке кишилик бейнесин мындайча аныктайт: «(О, коомчулук!) Силерден эч кандай акы сурабаган ушул адамдарга моюн сунгула! Анткени алар, хидаят тапкан адамдар» (Яа-син, 21). Аяттын мазмунунда даават кыла турган адам Жараткан Алланын ыраазылыгы гана максат кылышы керек экендигине жана ошондой эле эң оболу үгүтчүлөрдүн туура жолдон тайбаган салих инсан болушу керек экендигине ишаарат кылат.

– Эй, колу куругур! Бул жерге бизди ушуну айтайын деп чакырдың беле? – деп, катуу жемелеп салды. Анын сөзү Азирети Пайгамбарыбыздын жүрөгүн оорутту.

Абу Лахабдын мындай орой кадамына жооп катары «Таббат Сүрөсү» түшүрүлдү:

تَبَّتْ يَدَا أَبِي لَهَبٍ وَتَبَّ ۝ مَا أَغْنَى عَنْهُ مَالُهُ وَمَا كَسَبَ ۝ سَيَصْلَى
نَاراً ذَاتَ لَهَبٍ ۝ وَامْرَأَتُهُ حَمَّالَةَ الْحَطَبِ ۝ فِي جِيدِهَا حَبْلٌ مِّن مَّسَدٍ

**«Абу Лахабдын эки колу курусун! Куруду да жок болду. Байлыгы жана жыйгандары ага пайда берген жок. Ал жана анын курма буласына таңылган отунду жүктөнгөн аялы алоолонгон тозок отуна кирет!»** *(Таббат сүрөсү, 1-5-аяттар); (Бухари, Тафсир 26/2, 34/2, 111/1-2; Муслим, Иман, 355).*

Бул сүрөдө Абу Лахабдын аялы жөнүндө да айтылат. Ал Алланын Элчиси өтө турган жолго тикен коюп, ага азап тарттырган.

Бул сүрө ошол эле учурда, уруучулуктун жана кан жакындыгынын анчейин деле баалуулугу жок экендигин каймана түрдө билдирет. Эң негизгиси рухий жакындык, такыбаалык маанилүү. Анткени рухтун уруусу, канга тартмайы жок. Уруучулук денеге гана таандык нерсе. Дене болсо топуракта чирип жок болот. Адамдын бар баалуулугу анын рухий дөөлөтүндө. Киши баласынын материалдык тарабы саналган дене рухтун кийими таризде. Адам түрдүү кездемеден асемдеп кийим тиктирип кийсе деле, руханий өңүтү баалуу болуп кетпейт, тек гана сырткы көрүнүшү көркүнө чыгат.

***

Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* аракети жемиштүү болуп, эжелери Азирети Сафия жана Азирети Атика, Азирети Аббас азат кылган Абу Рафи, Абу Зар жана Амр бин Абаса мусулман болушкан.

Абу Зар (Алла аларга ыраазы болсун) Исламдан мурунку караңгылык доордо да буттарга табынбастан таза жүргөн инсан болгон. Дин Исламды кантип кабыл алганын мындайча баяндаган:

«Мен уруум гыфар болот. Меккеде бир адам өзүнүн пайгамбар болгондугун айтып чыгыптыр, деген кабарды угуп калдым. Ошол кабарды укканда эле Алла Таала менин жан дүйнөмө Исламга болгон бир жылуу сезимди салган экен. Унайс тууганыма барып:

– Сен Меккеге баргын да, көктөн кабар алдым деп жаткан адамга жолук. Аны менен баарлашып көр, жакшылап байкаштыр, анан мага кабар бересиң! – деп өтүнүчүмдү билдирдим.

Унайс Меккеге жөнөп кетти. Алланын Элчиси менен жолугушуп, анын сөздөрүн көңүлгө жакшылап түйүп калган экен, жайдары маанайда келди:

– Меккеге бардым. Сенин диниңди тутунган бир кишиге жолуктум. Алла Тааланын жердеги Элчиси экендигин айтты.

– Өзү ошентип жаткан болсо, айланасындагылар эмне деп жатышыптыр?

– Алжып калган жинди, сыйкырчы, акын, көзү ачык деп, ал тууралуу жаман ойлошот экен.

Тууганым адабият, айрыкча, акындык өнөр жаатында билгин адам болгондуктан, Азирети Пайгамбар тууралуу өзүнүн оюн айтты:

– Көзү ачыктардын сөздөрүн бешке билем. Анын сөздөрү көзү ачыктардын сөздөрүнө окшобойт, такыр коошпойт. Анын сөздөрүн акындыктын түрдүү жанрларына салыштырып көрдүм. Кудайга ант, аны ыр деп айтууга болбойт. Анын ар бир сөзү кашкайган гана чындык. Ага жалаа жапкандар жалган эле нерселерди көбүртүп жүрүшөт! Жалаакорлордун пикиринин эч бирине макул эмесмин, анткени, алардыкы акылга сыйбас тантырамайлар. Пайгамбармын деген адам жакшылыкка, ийгиликке жана адеп-ахлактык асыл сапаттарга чакырып, бузукулуктан, бүт жамандыктан тосуп жатат.

Тууганым канчалык берилип айтпасын, ага алымсына албадым. Эртеси азыгымды камдап, чаначыма суу толтуруп алып Меккеге карай жол тарттым. Бир топ жол жүргөндөн кийин көздөгөн жериме жеттим. Алланын Элчисин таанымбагандыктан, бирөө жарымдан сурагандан чочулап турдум. Каабага барып, зам-замдан кана ичип, бир кыйла күтүп турдум. Бир маалда жаныма бир өспүрүм келди:

– Баамымда, сиз узак жактан келген окшойсуз?

– Ооба, узактан келдим.

– Андай болсо бүгүн биздикине конок болуңуз, – деп, мени көндүрүп, үйүнө ээрчитип кетти. Мекке калкынын ар кандай жалаасынан кооптондубу, айтор, эмне үчүн келгенимди сураган жок. Эртеси Алланын Элчисин табуу үчүн кайрадан Каабага бардым. Кечке чейин күттүм, эч кандай кабар ала албадым. Аңгыча Али келип мага суроо салды:

– Сиз алигече кайда бараарыңызды аныктай элексизби?

– Ооба.

– Келиңиз, бүгүн да биздикине конок болуңуз? – деп дилгирлигин билдирди.

Үйүнө барганыбыздан кийин мага суроо салды:

– Сиздин кандай көйгөйүңүз бар? Бул жакка эмне үчүн келдиңиз эле?

Эч кимге айтпоо жана жол көрсөтүү тууралуу убадасын алганымдан кийин:

– Бизге жеткен кабарларга караганда, ушул шаардан бирөө Пайгамбар болгондугун жарыялап жатыптыр. Аны менен жүз көрүшүп, баарлашуу максатында келгенмин, – дедим оңтойсуздана.

– Келгениң абдан жакшы болуптур. Ал инсан Алланын Элчиси жана чыныгы Пайгамбар. Эрте менен тургандан кийин экөөбүз көчөгө чыгабыз, сен мени жакшылап көзөмөлдөшүң керек. Мен кирген үйгө сен да киресиң. Кооптуу бир нерселерди байкай турган болсом, бут кийимимди түздөмүш болуп дубалга жөлөнөм, сен болсо түз өтүп кетесиң, – деди зирек бала.

Эртеси күнү Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* бардык.

– Ассаламу алайка йа, Расуулуллах-Салам сага Алланын Элчиси! – деп, Ислам тартиби менен учурашып, озунуп салам бергенге үлгүрүп калдым.

– Мухаммед! Сен адамдарды эмнеге чакырып, эмнеге үгүттөп жатасың? – деп, максатын сурадым.

*– Мен эч бир шериги жок жалгыз Алла Таалага ыйман келтирүүгө, буттарга сыйынууну токтотууга жана менин Алла Тааланын Элчиси экендигиме ишенүүгө чакырып жатам,* – деп кыскача түшүндүрдү.

Биз көпкө баарлаштык. Аныгын андаган соң кетенчиктеп

убакытты создуктургум келген жок, мусулмандыкты кабыл кылдым. Менин мусулман болушума Алланын Элчиси абдан кубанды. Ал мага мээримдүү жылмайып көпкө тигиле карап:

*– Абу Зар, сен эми бул ишти Меккенин калкына угуза көрбө! Өз элиңе кайта берсең болот эми,* – деди, кубанычтуу маанай менен.

– Кагылайын Пайгамбарым! Мен мусулман болгондугумду ачык жарыя кылгым келип жатат, – дедим.

*-Меккенин калкы сага зыянын тийгизип койобу деп чочулап турам.*

– Мени өлтүрүп жиберишсе да жарыялайм, Пайгамбарым! – деп, айтканымдан кайтпай койдум. Менин толкунданып турганымды түшүндү окшойт, Алланын Элчиси унчукпай сүкүткө сүңгүдү.

Барсам курайштын көп адамдары Каабанын жанында турушуптур. Чоочун экенимди баамдашты көрүнөт, баары мага жардап карашты. Чогулгандарга карап үнүмдү бийик көтөрүп өз динимди жарыя кылдым:

– Оо, курайш журтчулугу! Алла Тааладан башка сыйынууга татыктуу кудай жок экендигине, Мухаммед Анын кулу жана Элчиси экендигине күбөлүк этемин!

Мени сөзүмдү уккан мушриктер так секиришти. Заары чачырап, айрымдары отту тутандырып жибербеспи.

– Кара муну, мээсинен айныган неме го! Кармагыла бул сабини![153] – деп, курчап алышып, чала жан кылып токмоктошту. Алланын Элчисинин абасы Аббас жете келип коргоп калбаган-

153. Меккенин калкы ошол кездерде бутпарастыкты танып, мусулман болгондорду «сабии»-«Дин безер» деп коюша турган.

да мени өлтүрүп коюшмак беле, ким билет.

– Силерге убал жок, курайш жамааты! Силер деген соодагерсиңер. Соода жолуңар мына бул гыфар уруусунун эшик алдынан өтөт. Эмне жолуңардын кесилишин каалап турасыңарбы?! – деп, айрымдарын көкүрөктөн ары түртүп, жекирип-жекирип алды. Аббастын ачуусунанбы же кадырынан айбыгыштыбы, эмелеки ачуулуу мушриктер тарап кетишти.

Токмок жеген күндүн эртеси Каабага дагы бардым. Мусулман болгонумду жар салып, дагы токмок жедим. Эстен тангансымды көрүп, өлүп калды деп ойлошсо керек, тарап кетишиптир. Эсиме келип Алланын Элчисине бардым. Аянычтуу абалымды көргөн Алланын Элчиси:

*– Мен сага эскертпедим беле?* – деп кейиди.

– Кадырман Пайгамбарым! Көңүлүм ушуну каалап турган соң, аны орундаттым, – деп ыйман толкунуна багынып бергенимди айттым. Ошентип, бир нече күн бою Азирети Пайгамбарыбыз менен чогуу болдум. Акыры жөнөр күнүм да белгилүү болду. Узатып жаткан Пайгамбарымдан айрылгым келбей, аргасыз жөнөп жатып:

–Кудайымдын куттуу Элчиси! Мен эми эмне кылышым керек, эмне буйруйсуң? – дедим.

*– Менден буйрук барганга чейин коомуңду Ислам динине үгүттөй бер. Ачыкка чыкканыбызды угарың менен бизге келип кет,* – деген тапшырма берди». *(Бухари, Манакибул-Ансар 33; Манакиб 10; Ахмад, V, 174; Хакм, III, 382-385; Ибн Саьад, IV, 220-225).*

Азирети Мухаммед Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* бардык тоскоолдуктарга карабай элди Ислам динине үгүттөй берди. Указ, Мажанна, Зулмажаз өңдүү, эл көп жыйналган

жарманкелерде бай-кедей, эркин-кул, улуу-кичүү дебей баарына кайрылып, Алла Тааланын жалгыз экендигине ыйман келтирүүгө үндөдү[154].

***

Бул мезгилдер аралыгында жөнөтүлгөн аяттардын көпчүлүгү кыямат кайымдын айбатынан, коркунучтуулугунан кабар берген:

إِنَّ عَذَابَ رَبِّكَ لَوَاقِعٌ مَا لَهُ مِن دَافِعٍ يَوْمَ تَمُورُ السَّمَاء مَوْراً
وَتَسِيرُ الْجِبَالُ سَيْراً فَوَيْلٌ يَوْمَئِذٍ لِلْمُكَذِّبِينَ الَّذِينَ هُمْ فِي خَوْضٍ
يَلْعَبُونَ يَوْمَ يُدَعُّونَ إِلَى نَارِ جَهَنَّمَ دَعّاً هَذِهِ النَّارُ الَّتِي كُنتُم بِهَا تُكَذِّبُونَ

**«Жаратканыңдын азабы шек-күмөнсүз ишке ашат. Аны токтотуучу эч бир күч жок. Ал күнү асман титиреп-чайпалат. Тоолор да жайгашкан ордунан** (жылып)**, жолго түшөт! Мына ошол күндө** (пайгамбарларды) **жалганчы деп, бузукулукка сүңгүп, адашып жүргөндөргө кыйроо болот! Ал күнү алар, тозокко айдалышат!** (Анан аларга айтылар)**: «-Силер жалган деп жүргөн тозок-мына ушул!»** *(Тур сүрөсү, 7-14-аяттар).*

Азирети Пайгамбарыбыз өзүн Алланын Элчиси деп, Ислам динин ачык жарыялагандан көп өтпөй мушрик болуунун жана бутпарасчылыктын арты өтө коркунучтуу экендигин маалымдаган аяттар келе баштаган:

إِنَّكُمْ وَمَا تَعْبُدُونَ مِن دُونِ اللَّهِ حَصَبُ جَهَنَّمَ أَنتُمْ لَهَا وَارِدُونَ

154. Ибн Саьад, I, 216-217

«Эй, мушриктер!) **силер да, Алланын ордуна сыйынып жаткан буттарыңар да тозоктун отундары. Силер ошол жайга түшөсүңөр»** *(Анбия сүрөсү, 98-аяттар).*

قُلْ إِنَّمَا أَنَا بَشَرٌ مِّثْلُكُمْ يُوحَى إِلَيَّ أَنَّمَا إِلَهُكُمْ إِلَهٌ وَاحِدٌ فَاسْتَقِيمُوا إِلَيْهِ وَاسْتَغْفِرُوهُ وَوَيْلٌ لِّلْمُشْرِكِينَ

**«Мен да силер сыяктуу эле адаммын. Мага Кудайыңар бир гана Алла Таала экени,** (Анын жалгыздыгы) **тууралуу кабарлар келүүдө. Ошондуктан силер Анын Өзүнө** (таат-ибадатта) **гана багыт алгыла! Андан кечирим тилегиле! «–**(Аллага) **орток кошкондорго азап болсун!» – дегин»** *(Фуссилат сүрөсү, 6-аят)*.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул сапар мушриктер табынган буттарды жээриди, жек көрөрүн ачык жарыялады. Каапырлыктын сормо сазынан чыгалбастан өлүп кеткен бутпарастардын ата-бабаларынын жайы тозокто болорун кабарлады. Муну уккан курайш бутпарастары Азирети Мухаммеддин Алланын Элчиси экендигин такыр кабыл албасын жар салышты. Ага каршы душмандык кылууга, ошол сөздөрү үчүн андан өч алуу үчүн биригип кетишти. Абу Талибдин кадыр-баркынын бийиктиги жана сөзүнүн өтүмдүүлүгү үчүн гана ага кол тийгизе алышпады. Анткени Алланын Элчиси Абу Талибдин карамагындагы адам экендигин баары билчү[155].

Азирети Мухаммед Пайгамбарыбызга (салаллаху алейхи васаллам) кек сактап, душман бойдон бул дүйнөдөн өлүп кеткен Абу Жахил, Абу Лахаб, Валид бин Мугира, Умайя бин Халаф, Ас бин Ваил, Надр бин Харрис, Укба бин Абу Муайт, Утба

155. Ибн Саьад, I, 199.

бин Рабиа баш болгон мушриктер азаптуу тозоктун түбөлүктүү коногу болуп кала беришкен.

## Чакырыктын маанилүүлүгү жана усулу

Таблиг – Ислам динин жана анын негиздерин калкка түшүндүрүү, жылпы элдин дин менен жашоосуна кам көрүү, камсыздоо болуп эсептелет. Кыска-нуска айта турган болсок: «Жакшылыкка чакыруу, жамандыктан тосуу».

Алла Таала жаамы мусулмандарга Ислам динин жаюу жана элди чакыруу милдетин жүктөгөн:

وَلْتَكُن مِّنكُمْ أُمَّةٌ يَدْعُونَ إِلَى الْخَيْرِ وَيَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَيَنْهَوْنَ عَنِ الْمُنكَرِ وَأُوْلَـئِكَ هُمُ الْمُفْلِحُونَ

**«Силердин араңарда жакшылыкка** (Исламга) **чакырып, сооптуу амалдарга үндөгөн жана жамандыктан тыя турган бир жамаат болсун. Дал ошолор –** (тозоктон) **кутулуучулар»** *(Аалу Имран сүрөсү, 104-аят).*

كُنتُمْ خَيْرَ أُمَّةٍ أُخْرِجَتْ لِلنَّاسِ تَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَتَنْهَوْنَ عَنِ الْمُنكَرِ

**«Аллага ыйман келтирген, жакшылыка үндөгөн, жамандыктан тыйган, адамзат үчүн жаратылган эң кайырлуу үммөтсүңөр. Эгер китеп ээлери** (жөөттөр мене христиандар буга) **ыйман келтиришкенде, өздөрү үчүн жакшы болмок. Алардын кээ бирлери ыймандуулар, ал эми көпчүлүгү бузукулар ...»** *(Аалу Имран сүрөсү, 110-аят).*

Момун мусулмандын маанилүү иштеринин бири – «таблиг-

динге чакыруу» экенин Азирети Пайгамбарыбыз өзүнүн хадистеринде баса белгилеп кеткен:

*«Бизден уккан нерселерди өзгөртпөстөн дал ошондой кылып башкаларга жеткиргендердин жүзүн Алла Таалам Өзү агартсын! Маалыматты алган нечендеген адамдар бар, алар ошол маалыматты өзүнө айткан адамдан дагы да жакшы түшүнөт жана жүзөгө ашырат» (Тирмизи, Илим, 7).*

*«Алланын аты менен ант этип туруп айтам, Алла Таала сенин ортомчулугуң менен бир пендени хидаятка жеткирген болсо, бул сен үчүн – (эң кымбат байлык саналган) кызыл төөлөрдөн да кымбат» (Бухари, Асхабун-Наби, 9).*

*«Туура жолго үндөгөн адамга, аны ээрчиген адамдын соопбунчалык сооп берилет. Бирок, алардын (ээрчигендердин) соопбунан эч нерсе кемибейт» (Муслим, Илим, 16).*

Исламга чакырган адамдардын акыреттеги улуу мартабасын даназалаган бир хадисти Анас (Алла ага ыраазы болсун) риваят кылган:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* күндөрдүн биринде мындай деди:

*–Силерге бир тайпа адамдар тууралуу кабар берейинби? Алар пайгамбар да, шейит да эмес. Кыямат күнүндө Алланын даргөйүндөгү алардын мартабасына пайгамбарлар да, шейиттер да кадимкидей суктанышат[156]. Нурдан жасалган минбарларда отурган андай асыл инсандарды баары таанышат.*

156. Бул сөз, динге үгүттөө менен алек болуп жүргөндөрдүн бараандуу кызматын жана алардын баркын билдирүү максатында айтылган. Суктануу, алардын пайгамбарлардан жана шейиттерден жогору турат дегенди билдирбейт. Анткени пайгамбарлар жана шейиттер бүт өмүрүн дин жолуна атап, ошол жолдо жан бергендер болуп саналат. Пайгамбарлардын жана шейиттердин үгүтчү-насаатчылардын иш-амалдарын жактырышы жана сүйүнүшү, ал вазийпанын улуулугун жана баалуулугун баса белгилөө, даназалоо болуп саналат.

Сахабалар кызыгуу менен сурашты:

– Оо, Алланын Элчиси, кимдер алар?

*– Алар пенделерге Алла Тааланы, Алла Таалага пенделерди сүйдүргөн жандар. Насаат айтып, үгүтчү болуп жер кезишет,* – деди Алланын Элчиси.

Мен болсо:

– Пайгамбарым, Алла Тааланы пенделерге сүйдүрүү дегенди түшүндүк. Ал эми Аллага пенделерди кантип сүйдүрүүгө болот? – деп сурадым.

*– Алла Таала сүйгөн нерселерди адамдарга буйруйт, насаат кылат, сүйбөгөн нерселерден аларды кайтарат. Буга моюн сунган пенделерди Алла Таала жакшы көрөт» (Али-алМуттаки, III, 685-686; Байхаки, Шуабул-Иман, I, 367).*

Даават деген улуу вазийпаны талаптагыдай орундаткан жандардын тапкан пайдасы, дүйнөдөгү эч кымбат казыналардан да кымбат, асыл нерсе. Ал эми бул вазийпаны таштап салуу же бурмалоо жаамы коомчулукту бүлгүнгө учурата турган убайымды алып келгенге тете.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* хадисине көңүл буралы:

*«Мага өмүрдү багыштаган Алла Тааланын атына ант ичип туруп айтам, силер жакшылыкты буйруп, жамандыктан кайтарасыңар же болбосо Жараткан Өз даргөйүнөн үстүңөргө азап жөнөтөт, бирок, ал учурда канчалык дуба кылбагыла кабыл болбойт» (Тирмизи, Фитан, 9).*

Абза аль-Хузаи Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен замандаш сахабалардан эле. Ал төмөнкү окуяны айтып калтырган:

«Күндөрдүн биринде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* минбарга чыгып сөз баштады. Айрымдарды жакшы эскерүү менен айтып өткөндөн кийин, мына буларды айтты:

*«-Айрымдар эмне болуп баратышат, билгенин коңшуларына түшүндүрүп беришпейт, алар билбеген нерселерди үйрөтүшпөйт, агартуу ишинде көмөк көрсөтүшпөйт. Жакшылыкты буйрушпайт, жамандыктан кайтарышпайт?*

*Кээ бирөөлөр эмне болуп калышкан, билбеген нерселерин коңшуларынан сурап үйрөнүшпөйт, түшүнүктүү болууга аракет кылышпайт?*

*Алланын наамына касам ичип туруп айтам! Билими барлар коңшуларына үйрөтүшү керек, алардын түшүнүгүн өстүрүп, жакшылыкка чакырып, жамандыктан тосушу керек. Билбегендер билбеген нерсесин коңушуларынан сурап үйрөнүп, диний маселелерди туура түшүнүүгө аракет кылышы керек, болбосо аларды (эки тайпаны тең) бул дүйнөдө эле жазалаймын!»* – деп айтты да, минбардан түшүп үйүнө кетти.

Сахабалардын көпчүлүгү Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* муну кимге карата, кандай максатта айтканын түшүнө алышпай, ар кайсы жамааттарды айтып олтурушту. Кээ бирлери:

«Биздин оюбузча (Йемендеги) Ашарилерди айтып жатат. Анткени, алар укук жагынан баарынан алдыга кетишкен, бирок, коңушуларынын мүнөзү катуу, орой, ар кайсы суунун башына көчүп конуп эле жүрө беришет» деген ойду ортого салышты.

Бул кабар Ашарилерге да жетти. Ашарилер мунун чындыгын тактап алуу үчүн Алланын Элчисинин алдына келип, суроо салып көрүштү:

– О, Алланын Элчиси. Угушубузга караганда сен бир коомду жакшы эскерүү менен эскерип, биздин жаман жагыбызды айтып кетиптирсиң. Кайсы иштерибизден улам ушундай болуп калды?

Мухаммед Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* ашыкча эч нерсе сүйлөбөстөн, мурунку айткандарын гана кайталады. Кимдер максат кылынганын Ашарилер да түшүнө албай баштары катты. Толук түшүнүп алуу үчүн көп кайталап сурап көрүштү. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ар жолкусунда мурунку сөздөрүн кайталап, бир ооз ашыкча сөз айтпады. Акырында сөздүн төркүнүн аңдаган Ашарилер Пайгамбарыбыздан бир жыл мөөнөт сурашты.

Алардын сураныйчы боюнча бир жылдык мөөнөт берилди. Бул убакыттын ичинде коңшулары менен тыгыз алака куруу, аларга таалим-тарбия берүү, диний маселелерди үйрөтүү милдетин аткармай болушту. Андан соң Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* төмөнкү аятты окуду:

لُعِنَ الَّذِينَ كَفَرُواْ مِن بَنِي إِسْرَائِيلَ عَلَى لِسَانِ دَاوُودَ وَعِيسَى ابْنِ
مَرْيَمَ ذَلِكَ بِمَا عَصَوا وَّكَانُواْ يَعْتَدُونَ    كَانُواْ لاَ يَتَنَاهَوْنَ عَن مُّنكَرٍ
فَعَلُوهُ لَبِئْسَ مَا كَانُواْ يَفْعَلُونَ

**«Бани Исраил арасынан каапыр болгон адамдар Давуд менен Исанын тили аркылуу каргышка калышкан. Каапырлыгынан жана чектен аша чапкандыктан улам ушундай** (болду). **Алар жаман иштерден бири-бирин кайтарышпайт эле. Чындыгында, алардын кылганы кандай гана жаман иш!»** *(Маида сүрөсү, 78-79-аяттар).*

Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* адамзатты хидаятка жылоолойм деген дем-кайратынан тайбастан, күнтүн дебей Ислам динин элге жеткире берген. Улук аманатты адамдарга жеткирүү шыгы жана аң-сезими аны чыныгы бийиктике жеткирген. Вазийпасына тоскоолдук кыла турган дүнүйө-байлыкка байланышкан сунуштардын баарынан токтоосуз түрдө баш тартып, Жаратканга кул болууну бүт нерседен жогору койгон.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир нерсе айтаардан мурда угармандарынын абалын эске алып, алардын деңгээлине жараша түшүндүрөр эле. Бир адамдын хидаятка келиши Азирети Пайгамбарыбызга айтып бүткүс сүйүнүч тартуулай турган. Маселен Хайбарды каратып алууда, багынып берген бир кулга Исламды ушунчалык берилүү менен түшүндүрүп, аны менен көпкө баарлашкан. Пайгамбарыбыз бул баарлашуудан кадимкидей ырахат алган. Натыйжада, ал адам мусулман болгон *(Ибн Хишам, III, 398).*

Он күн бою машакаттуу жол жүрүп Таифке барып, таш баранга кабылып, капалуу кайткан Пайгамбарыбыз жолдо Аддас аттуу бейтааныш христиан менен сүйлөшүп калган. Маек жемиштүү болуп Аддас (Алла ага ыраазы болсун) мусулман болгон. Айтууларга караганда, бул сүйүнүч Азирети Пайгамбарыбызга Таифтин кара тагын унуттурган. Кубанычы көкүрөгүнө кут себелеп, кекеткен-жектеген ачуу сөздөрдү, жаналгычтай мисирейген жексур жүздөрдүн элесин өчүрө алган.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* жаамы адамзатка Исламды жана ыйман нурун жеткирүү үчүн болгон күчүн жумшап, бүт өмүрүн арнаган. Ошондой эле, вазийпасынын өтө оорлугунан жана жоопкерчилигинин күчтүүлүгүнөн чарчоо дегенди билген эмес. Анын бул жааттагы майтарылбас кайратын замандашы Тамум бин Усайд (Алла ага ыраа-

зы болсун) мындайча баяндайт:

«Азирети Пайгамбарыбыз кутпа айтып жаткан кезде жанына басып бардым да:

– О, Алланын Элчиси. Динден эч кабары жок бир карып адам келди, динин сенден үйрөнгүсү келип жатат, – дедим өзүмдү ишаарат кыла.

Дароо айтып жаткан кутпасын токтотуп жаныма келди. Темир буттуу отургуч алып келишти. Ага отурган соң акыйка диндин бир топ эрежелерин, асыл насааттарын үйрөттү. Анан кайра барып, кутпасын окуп бүтүрдү» *(Муслим, Сума, 60).*

Акыйкатка үндөп, кетирилген жаңылыштыктарды түзөлтүү жаатында кутман сахабалар да берилгендик менен иш алып барышкан. Алланын Элчисинин сүннөтүнө терс келген иштерди жасап жүргөндөргө эскертүү берүү белгилүү гана адамдар менен чектелген эмес болчу. Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* замандаштарынын ар бири, саар-кеч дебей, чөйрөсүн жамандыктан кайтарып, туура багытты жар салып, улуу вазийпаны аткаруу менен алек болушкан. Анын *(саллаллаху алейхи васаллам)* сүннөтүнө терс келген жат көрүнүшкө алардын эч бири унчукпай койо алган эмес. Анын хадистерине каршы чыккандарга алар менен эч убакта бир чатырдын астында чогуу болбой тургандыктарын билдиришкен[157]. Ал эми хадиске каршы көз карашты тутунгандар менен бир аймакта чогуу жашоого болбосун айтып, көчүп кетишкен[158].

Исламды жаюу жана динге чакыруунун маанилүүлүгү тууралуу Суфяни Саври мына буларды айткан:

157. Шафии, Рисала, 193.б. Стамбул, 1985; Суюти, Мифтах, 48 б.Бейрут, 1987.
158. Муватта, Бую, 33; Ибн-и Мажа, Мукаддима, 2.

*«Меккеде бейгам жашаганына караганда Хоросанга барып дин Исламды жайганың сен үчүн абдан пайдалуу».*

Үгүт-насаат, таблиг милдетинин олуттуулугуна жараша, аны жүзүгө ашыра турган адамдын даярдыгы жана ишбилгилиги да орчундуу маселе. Төмөндөгү окуя үгүтчүнүн коомго зарыл адам экендигин ачык-айкын ортого койот:

Достору менен аркы-беркиден кеп салып олтурган Азирети Умар күндөрдүн биринде «Алла Тааладан эмне каалоо-тилегиңер болсо сурагыла»,– деп үндөдү. Алардын кээ бири:

– Ушу биз турган бөлмө толо акчам болсун. Мен аны Алланын жолуна кайрымдуулукка жумшаймын.. деген ниетин билдирсе, айрымдары:

– Бөлмө толо алтын бер! Сенин жолуна жумшайын! – деди. Кээ бирлери акак, жакут суранды.

Азирети Умар:

– Мындан да көбүн сурагыла! – деди.

– Алла Тааладан мындан да көп эмнени сурайлы? – деп, ийиндерин куушурду.

Азирети Умар (Алла аларга ыраазы болсун):

– Мен ушу бөлмөбүз Абу Убайда бин Жаррах, Муаз бин Жабал жана Хузайфатул Йеманий өңдүү чыгаан, иштин көзүн билген адамдарга толуп турушун, алардын Алланын жолунда талыкпай динге чакырып, жакшы жака жол башташын каалар элем.... –деди. *(Бухари, Тарихус-Сагийр, I, 54).*

***

Мээримдүүлүктүн жана боорукерликтин анык булагы Жа-

раткан Алланын Өзү. Пенделерине абдан ырайым кылгандыктан, ак динге чакыруунун эң таасирдүү усулун минтип баяндаган:

أُدْعُ إِلَى سَبِيلِ رَبِّكَ بِالْحِكْمَةِ وَالْمَوْعِظَةِ الْحَسَنَةِ

وَجَادِلْهُم بِالَّتِي هِيَ أَحْسَنُ

«**Адамдарды Эгеңдин жолуна даанышмандык жана көркөм үгүт аркылуу**[159] **чакыр. Алар менен көркөм ыкмада талаш. Чындыгында, Эгең Өзүнүн жолунан адашкандарды да, туура жолдогуларды да, жакшы билет**» *(Нахл сүрөсү, 125-аят).*

وَلَا تُجَادِلُوا أَهْلَ الْكِتَابِ إِلَّا بِالَّتِي هِيَ أَحْسَنُ إِلَّا الَّذِينَ ظَلَمُوا مِنْهُمْ

وَقُولُوا آمَنَّا بِالَّذِي أُنزِلَ إِلَيْنَا وَأُنزِلَ إِلَيْكُمْ وَإِلَهُنَا وَإِلَهُكُمْ وَاحِدٌ وَنَحْنُ لَهُ مُسْلِمُونَ

«**Алардын заалимдеринен тышкары китеп ээлери менен да ийги жол менен тартышкыла. Жана: «Биз өзүбүзгө түшүрүлгөнгө да, силерге түшүрүлгөнгө да, ишенебиз. Биздин кудай да, силердин кудайыңар да, бир** (Алла Таала)**. Биз Ага моюн сунгандарданбыз», - дегин**» *(Анкабут сүрөсү, 46-аят).*

وَمَنْ أَحْسَنُ قَوْلاً مِّمَّن دَعَا إِلَى اللهِ وَعَمِلَ صَالِحاً وَقَالَ إِنَّنِي مِنَ الْمُسْلِمِينَ

وَلَا تَسْتَوِي الْحَسَنَةُ وَلَا السَّيِّئَةُ ادْفَعْ بِالَّتِي هِيَ أَحْسَنُ فَإِذَا الَّذِي بَيْنَكَ وَبَيْنَهُ

عَدَاوَةٌ كَأَنَّهُ وَلِيٌّ حَمِيمٌ

«**Акыйкатта, мен – мусулмандарданмын” – деп,** (адамдарды) **Аллага чакырып, өздөрү да жакшы иштерди**

159. Сөзгө чеберлик, сөзгө чечендик менен

**жасаган адамдан жакшы сөздүү ким бар? Жакшылык менен жамандык тең эмес. Жамандыкты жакшылык аркылуу жойгун. Ошентсең сени менен анын ортосунда душмандык болгон адам өтө жакын достой болуп кетет»** *(Фуссилат сүрөсү, 33-34-аят).*

قُلْ هَـــذِهِ سَبِيلِي أَدْعُوا إِلَى اللهِ عَلَى بَصِيرَةٍ أَنَاْ وَمَنِ اتَّبَعَنِي
وَسُبْحَانَ اللهِ وَمَا أَنَاْ مِنَ الْمُشْرِكِينَ

**«Айткын: «Менин жолум ушул, бир гана Аллага чакырам. Мен жана мени ээрчигендер анык ишеничке ээбиз. Алланы аруулаймын. Мен шерик кошуучулардан эмесмин»** *(Жусуп сүрөсү, 108-аят).*

Алла Таала Өзү үйрөткөн ушул берекелүү усул менен тарыхта нечендеген тикенектүү рухтар гүлгө айланган, зынданга айланган көөдөй карарган жүрөктөр ыйман нуруна бөлөнгөн.

Жараткан Алла Муса менен Харунду (алейхимасалам) каапыр фараонго жөнөткөн кезде жылуу, жумшак сүйлөөгө үндөгөн:

فَقُولَا لَهُ قَوْلاً لَّيِّناً لَّعَلَّهُ يَتَذَكَّرُ أَوْ يَخْشَى

**«Ага жумшак сөз сүйлөгүлө. Балким ал, насаатты угар же Алладан коркор»** *(Таха сүрөсү, 44-аят).*

Бул куттуу аяттын маңызынан чакырык усулунун эки өңүтү белгилүү болду:

1. Угарманга акыйкатты айтып жатканда анын абийирине тийип албагыдай жумшак жана ийкемдүү сөздөрдү колдонуу абзел.

Анткени, фараон Муса пайгамбардын ажайып мужизаларын көрүп, нечен жолу ыйман келтирип жибергиси келип турса да, Хаман баш болгон акыл кошчуларынын чолок пикирине ишенип, текеберликке, менменсинүүгө багынып түбөлүк кейиште калып кеткен.

Алла Таала Муса пайгамбарга «кавл-и лаййин–жылуу сөз» колдонууну буюруу менен, бизге чакырыктын эрежелерин үйрөткөн. Демек, эң оболу жүрөктү жумшартуу, андан соң чакырыкты баштоо кажет[160]. Пайгамбарлар менен Алланын досторунун өмүр таржымалында талашуу-тартышуу деген нерсени көрө албайсың. Ошол себептен, жеке жүрүм-турум, адеп-ахлак, кулк-мүнөз менен үлгү болуу абдан маанилүү негиз болуп эсептелет.

Алла Тааланын пайгамбарлары адамдын ички дүйнөсүн тазалоо, жүрөк ааламынын агартуу үчүн келгендиктен, адамдарга жан-көңүлдүн терезесинен назар таштаган, ошонун жетеги менен мамиле жасап, нечендеген урамал муздак жүрөктөргө жылуу мээримден ичирип, нечен пенделердин оң жолго түшүшүнө себепкер болушкан. Эгер алар жылуу сүйлөбөй, сылык болбой, орой же копол мамиле жасаганда, үзүлүп бараткан байланыш биротоло үзүлүп, даават иши бүлгүнгө учурамак. Негизи, мындай жагымсыз кадам, жагымсыз жагдай Жараткан Алланын ыраазылыгына каршы келмек. Динсиздиктин, ыймансыздыктын баткагынан адамдарды куткарып калуу ар бир мусулманга Алла Өзү ыйгарган улук вазийпа болуп саналат.

160. Алланын Элчиси хижраттын жетинчи жылы Хайбар согушунан кийин кургакчылыкка жана ачарчылыкка дуушар болгон Мекке калкына жардам иретинде алтын, арпа жана курма данегин жөнөткөн. Булардын баарын өткөрүп алган Абу Суфян Меккенин калкына таратып жатып мындай деген: «-Тууганымдын уулун Алла жакшылыгы менен жалгасын! Ал туугандык жакшылыкты жайына койду!» - деп, Ага болгон ыраазылыгын ачык билдирген (Якуби, 2, 56). Алланын Элчисинин мындай камкордугу Мекке калкынын жүрөгүн жумшарткан. Ушул жана башка камкордуктарга жүрөктөрү жумшап калган мушриктер Мекке каратылган күнү өтө оңой мусулман болушкан.

Адам Атадан берки жүз миңдеген пайгамбарлар Жараткан Алланын каалоосу менен келишип, дүйнөнү бузукулуктан тосуп, ааламды каапырлыктан арылтып кетишкен. Келип кеткен ошол бардык пайгамбарлар адамдардын мүнөзүнө жараша сылык мамиле кылышкан, таттуу сөз менен көп ийгиликтерди багынтышкан. Алардын артынан келишкен, рухий даражасы бийик олуялар адамзаттын руханий тарбиясын толуктоо максатында пайгамбарлар көрсөткөн жолду улап, усул-эрежелерди колдонуп келишет.

Алла Таала үчүн аткарылган кызматтарда бирөөнүн көңүлүн оорутуу, орой мамиле кылуу же дааватта сүннөт эрежесине баш ийбей, чар жайыт аракетте болуу мусулманга такыр жарашпайт. Мындай кызматтардан жакшылык күтүүгө болбойт. Айрыкча адамдын жан дүйнөсүнө багытталган таалим-тарбия жана үгүт өңдүү кызматтарда бул жагдай зор мааниге ээ. Анткени Алла Таала Азирети Пайгамбарыбызга жана анын үммөтү катары бизде да:

فَبِمَا رَحْمَةٍ مِّنَ اللهِ لِنتَ لَهُمْ وَلَوْ كُنتَ فَظّاً غَلِيظَ الْقَلْبِ
لاَنْفَضُّواْ مِنْ حَوْلِكَ

«(Эй, сүйүктүүм!) **Алланын ырайымы менен аларга жумшак мамиле кылдың. Эгер жүрөгүң катуу, орой мүнөз, мерез болгонуңда, анда алар сенин айланаңдан чачылып кетмек**....» *(Аалу Имран сүрөсү, 159-аят)* деп билдирген.

2. Үгүт-дааваттын алкагын кеңейтүү, абалына, мансабына карабай бүт адамзатка Исламды жеткирүүнү максат кылуу.

Фараон заалим жана каапыр падыша болгон. Кезинде Муса пайгамбарды жок кылуу үчүн миңдеген күнөөсүз ымыркайды жок кылдырган. Ошого карабай Алла Таала акыйкат

диндин кабарын угузган.

Ашынган дин душманы Абу Жахилди Азирети Пайгамбарыбыз *деле далай жолу* Исламга чакырган. Анын Пайгамбар экендинин абийринде кабылдаганы менен, текеберлиги себептүү, сокур напсинин чылбырына чалынып, абийир үнүн жар сала алган эмес. Ошентсе да, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* талыкпай айта берген. Анын үзүрлүү иш-аракети менен Умар бин Хаттаб, Абу Суфян, Хинд жана Вахши өңдүү мурунку дин душмандары туура жолго түшүп, мусулман болушкан.

Диний кызматтарда болсун, жеке мамиледе болсун алакалаш адамдын кыймыл аракетинен тартып, кыял-жорук, кулк-мүнөзүнө чейин жат кылып, ошого жараша аяр кадам таштоону Пайгамбарыбыздын таржымалы бизге насаат кылат.

Алланын акыркы Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* ибаратка жык толгон жыйырма үч жылдык жашоосуна үңүлүп карай турган болсок, үгүтчүнүн жолуна шооласын чачкан төмөнкүдөй жагдайлар көзгө урунат:

1.Алланын Элчиси эң башында өзүнүн жакын туугандарын динге чакырган. Анткени, Алла Таала ага:

وَأَنْذِرْ عَشِيرَتَكَ الْأَقْرَبِينَ

«(Оболу) **жакын туугандарыңа** (акырет азабын) **эскерт!»** – деп буюрган. *(Шуара сүрөсү, 214-аят).*

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا قُوا أَنفُسَكُمْ وَأَهْلِيكُمْ نَاراً وَقُودُهَا النَّاسُ
وَالْحِجَارَةُ عَلَيْهَا مَلَائِكَةٌ غِلَاظٌ شِدَادٌ لَا يَعْصُونَ اللهَ مَا أَمَرَهُمْ
وَيَفْعَلُونَ مَا يُؤْمَرُونَ

**«Эй, момундар, силер өзүңөрдү жана үй-бүлөңөрдү отуну адамдар жана таштан болгон тозоктон сактагыла, ал** (тозок) **үстүндө дили катуу жана колу карулуу периштелер турат, алар Аллага күнөөкөр болушпайт жана буйрулган бүт нерсени аткарышат»** *(Тахрим сүрөсү, 6-аят).*

2. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* элди динге чакырууда эч шашылган эмес, кичинесинен чоңго карай, баскыч-баскыч менен илгерилеген.

Алла Таала эң алгач **«Оку!»** деп буюрган (Алак сүрөсү, 1-аят).

Андан бир топтон кийин Элчилик вазийпага толук кандуу киришүүсү үчүн: **«Тур** (ордуңдан)**, эскерткин!»** деп буюрган. *(Муддассир сүрөсү, 2-аят).*

Андан көп өтпөй Шуара сүрөсүнүн 214-аяты келген:

وَأَنْذِرْ عَشِيرَتَكَ الْأَقْرَبِينَ

«(Оболу) **жакын туугандарыңа** (акырет азабын) **эскерт!»**

Мындан кийинки аят вазийпандын алкагы кеңейтилди, бүтүндөй шаарды динге чакыр деген мааниде буйрулду:

وَمَا كَانَ رَبُّكَ مُهْلِكَ الْقُرَى حَتَّى يَبْعَثَ فِي أُمِّهَا رَسُولاً يَتْلُو عَلَيْهِمْ
آيَاتِنَا وَمَا كُنَّا مُهْلِكِي الْقُرَى إِلَّا وَأَهْلُهَا ظَالِمُونَ

«(Эй, Мухаммед) **Жаратканың тээ бардык кыштак, шаарлардын борборлоруна Биздин аяттарыбызды аларга окуй турган бир пайгамбарды жибермейин** (шаар-кыштактарды) **жок кылуучу эмес. Биз шаар, кыш-**

**тактарды алардын калкы заалим-каапыр болгон учурда гана жок кылабыз»** *(Касас сүрөсү, 59-аят).*

Чакырыктын алкагы андан кийинки баскычта айланадагы аймактар менен элдерди камтый тургандай болуп кеңейди:

وَهَـٰذَا كِتَابٌ أَنزَلْنَاهُ مُبَارَكٌ مُّصَدِّقُ الَّذِي بَيْنَ يَدَيْهِ وَلِتُنْذِرَ أُمَّ الْقُرَى وَمَنْ حَوْلَهَا

**«Бул** (Куран) **өзүнөн мурунку китептерди тастыктаган китеп. Шаарлардын энесинин** (Меккенин) **калкын жана айланасындагыларды эскертүүң үчүн сага түшүрүлгөн ыйык китеп. Акыретке ишенгендер ага да ишенишет. Алар намаздарын калтырбай окушат»** *(Анаам сүрөсү, 92-аят).*

Эң акыркы баскычта Ислам дини бүтүндөй адамзатты кучагына алаары маалым болгон:

وَمَا أَرْسَلْنَاكَ إِلَّا رَحْمَةً لِّلْعَالَمِينَ

«(Эй, Мухаммед!) **Биз сени бүткүл ааламдарга мээрим катары жөнөттүк»** *(Анбия сүрөсү, 107-аят).*

وَمَا أَرْسَلْنَاكَ إِلَّا كَافَّةً لِّلنَّاسِ بَشِيراً وَنَذِيراً وَلَكِنَّ أَكْثَرَ النَّاسِ لَا يَعْلَمُونَ

**«Биз сени бүтүндөй адамзатка сүйүнчү-кабар жеткирүүчү жана эскертүүчү Пайгамбар кылып жибердик. Бирок, көп адамдар муну билишпейт»** *(Саба сүрөсү, 28-аят).*

Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* акырындык менен кадам таштаганы сыңары, келиш максатын дагы акырындык менен түшүндүргөн. Кай жерде болбосун, ыңгай-

га жараша этап-этап баскандан жаза тайган эмес. Намаз менен орозонун өкүм кылынуусун, ичимдик менен сүткорлукка тыюу салынуусун буга мисал катары айтууга болот.

Ыйман, ибадат жана адеп-ахлактык жактан кемелине келген сахабаларды бир заматта эмес, акырындык менен тарбиялап олтуруп, ошол бийиктикке чыгарган. Маселен, Муаз бин Жабалды Йеменге жөнөтүп жатканда ага айткан акыл-насааты муну ачык көрсөтүп турат:

*«Сен албетте дини башка мамлекетке жөнөп жатасың. Аларды Алла Тааладан башка сыйына турган эч бир кудайдын жоктугуна жана менин Алланын Элчиси экендигимди тастыктоого чакыр. Эгер муну кабылдай турган болушса, Алла Таала аларга бир күндө беш убакыт намазды парз кылганын билдир. Муну да кабылдап, моюн суна турган болушса, байлардан кембагалдарга берилүүчү зекет парз кылынгандыгын билдир. Буга да моюн суна турган болушса, байлыгынын эң кымбатын ала көрбө! Адилетсиздиктен жабыркаган адамдын каргышы менен Алланын ортосунда эч бир парда жок»* *(Бухари, Зекет, 41, 62; Муслим, Иман, 29-31).*

3. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* үгүт-насаат ишинде угармандын рухий абалына карап, ыңгайлуу учурга жана мүмкүнчүлүккө өтө басым жасаган.

«Сахабадан ибн Масуд (Алла ага ыраазы болсун) аптанын ар бейшембисинде адамдарга дин насаатын айтып берчү эле.

Жамааттан бир адам ага өтүнгөн тейде:

– Абу Абдуррахман, эгер мүмкүн болсо бизге күн сайын насаат айтсаң кандай болот?

Масуд (Алла ага ыраазы болсун) мындайча түшүндүрдү:

– Силерди тажатып албашым керек. Ошол себептен, күн сайын айтууну эп көрбөйм. Чаалыкканда же тажап калбоо үчүн эс алгыбыз келген күндөрдү Алланын Элчиси колдоого алган» *(Бухари, Илим, 11, 12).*

Мекке багынган күн эле. Аббас (Алла ага ыраазы болсун) мусулман болууну чечкен Абу Суфянды Алланын Элчисине алып келип:

– О, Алланын Элчиси. Абу Суфян жылуу мамилени сүйгөн жан. Ага жага тургандай таризде жылуу кабыл алсаңыз жакшы болор эле, – деди.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ыңгайлуу учурдан пайдаланып:

*«-Туура айтасың! (Шаарга киреерде жарыя кылгыла:) Кимде-ким Абу Суфяндын үйүнө пааналанган болсо, анын жаны коопсуздукта. Кимде-ким эшигин бекитип алса, ал да коопсуздукта болот!»* деди *(Абу Давуд, Хараж, 24-25 /3021).*

Алланын Элчиси кээ-кээде суроо менен кайрылган адамдардын абалына жараша жооп кайтарган, башкача айтканда, жекече усулдарды да колдонгон.

«Амалдардын эң жакшысы кайсы?» – деп суроо салган адамдардын ар биринин абалына жараша ар башкача жооп берген:

*«Амалдардын эң кайырлуусу – Алла Таалага ыйман келтирүү, Алла жолунда жихад кылуу жана хаж мабрур» (Бухари, Хаж, 4).*

*«Амалдардын эң кайырлуусу – өз убагында окулган намаз» (Бухари, Мавакит, 5).*

*«Амалдардын эң кайырлуусу – Алланы зикир кылуу» (Муватта, Куран, 24).*

*«Амалдардын эң кайырлуусу – Бир нерсени Алла үчүн сүйүү»* *(Абу, Давут, Суннат, 2).*

*«Амалдардын эң кайырлуусу – Алланын ыраазылыгын табуу үчүн журт которуу»* *(Насаи, Байат, 14).*

*«Амалдардын эң кайырлуусу – Ата-энеге кызмат кылуу»* *(Ибн Асийр, Усдул-Гааба, IV, 330).*

4. Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* кандай гана жагдай болбосун, жеңилдикти көрсөтүүнү жана адамдарга кубаныч тартуулоону дааваттын негизи деп эсептеген. Үзгүлтүксүз ушул усул менен иш алып барган.

*«Жеңилдеткиле, татаалдаштырбагыла. Сүйүнчүлөгүлө, коркутпагыла!»* – деген *(Бухари, Илим, 11, Адаб, 80).*

يُرِيدُ اللّٰهُ بِكُمُ الْيُسْرَ وَلاَ يُرِيدُ بِكُمُ الْعُسْرَ

**«...Алла силерге жеңилдикти каалайт, кыйынчылыкты каалабайт...»** *(Бакара сүрөсү, 185-аят).*

وَرَحْمَتِي وَسِعَتْ كُلَّ شَيْءٍ

**«.. Мээримим бүт нерсени каптаган жана курчаган...»** *(Араф сүрөсү, 156-аят).*

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул аятты чечмелөө иретинде мындай деген:

*«Алла Таала бүт нерсени жараткан кезде Өз даргөйүндө Арштагы китебине:* **«Мээримим анығында азабымдан күчтүү!»** *– деп жазган»* *(Бухари, Тавхид, 15, 22, 28, 55; Муслим, Тавба, 14-16).*

Бул окуяны сахабалардан Абу Хурайра (Алла ага ыраазы болсун) баяндаган:

«Пайгамбарыбыздын мечитинде олтурган элек. Аңгыча бир бадави мечиттин ичинде даарат ушатып ийсе болобу. Көрүп калган сахабалар аны жектеп, кекетип киришти. Алардын чуусуна күбө болгон Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«– Аны жайына койгула. Даарат ушаткан жерге бир чака суу төгүп койгула. Силер жеңилдикти көрсөтүү үчүн жөнөтүлгөнсүңөр, татаалдаштыруу үчүн эмес», – деди»* *(Бухари, Вуду, 58, Адаб, 80).*

5. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Исламга үгүттөгөн учурда адамдарга Жаратқандын азабын эскерткен, акыретке даярдык көрүүгө үндөгөн.

«Пайгамбарлык вазийпага жаңы гана киришкен кезде Хашимден тарагандарга мындай деп кайрылган эле:

*«Мен силерди «Лаа илааха илла аллаауху вахдаху лаа шарика лах-Алла Тааладан башка сыйынууга татыктуу бир дагы кудай жок! Алла жалгыз! Алланын ортогу жок!» деп, күбөлүк келтирүүгө чакырып жатам. Мен Анын кулу жана Элчисимин. Мына ушуну дал ушундайча кабылдай турган болсоңор, силердин бейишке киришиңерге кепил болуп берем.*

*Силер кыямат күнү жакшы амалыңар менен эмес, дүнүйөнү мойнуңарга жүктөнүп келе турган болсоңор, мен силерден жүз үйрүп кетем! Ошондо силер: «О, Мухаммед!» дейсиңер. Мен болсо мындай-мындай деймин».*

Алланын Элчиси «мындай-мындай» деймин деген сөздү айтып жатып алардан жүзүн бура тартты. Ал жүзүн эки жолу башка жака бурду» *(Ибн Исхак, 18.б. Якуби, II, 27).*

6. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* сөз ме-

нен гана эмес, ошол өзү даршан кылган жагдайларды жеке турмушунда ийине жеткире жүзөгө ашырып, үлгүлүү жүрүм-туруму, сырткы адеби менен да үгүт кылган.

Ислам динин турмушта жашап, жакшы үлгү болуу даватчылыктагы эң ийги усул болуп саналат. Сахабалар ыйманды, динди жеткирүү, бүтүндөй адамзатты туура жолго жетелөө үчүн жер жүзүнүн ар кайсы булуң бурчуна чейин барышкан, башкача айтканда, өздөрүн Исламга атап коюшкан эле. Бүгүн дагы ошондой таза сезимдер жана ыйман толкуну менен Ислам дининин жаңы ачылыштарын бүгүнкү тил, бүгүнкү талап, бүгүнкү каражаттар менен, бүгүнкүгө карата кайрылуусун бүт дүйнөгө жаюу  чакыруунун заманбап усулу болуп саналат.

Ислам динин жашоо аркылуу, тажрыйба менен көрсөтүү жана колдон келсе, калем менен, сөз менен элге жеткирүү ар бир момун мусулмандын айныгыс милдети. Мүмкүнчүлүктөр кеңейип, байланыш каражаттары өнүгүп турган бүгүнкү доордо бул улук вазийпанын жоопкерчилиги андан бетер күчөгөн десем жаңылышпайм. Жер бетинин алакандай узак бөлүгүндө Ислам дининен кабарсыз жашап жаткандарды мындай кой, чөйрөлөш жашап туруп, дин тууралуу бизден бир ооз насаат укпаган адамдар акыретте жакабызга жабышып, акысын талап кылышат.

Абу Хурайра (Алла ага ыраазы болсун) мындай деген:

– Бир адам кыямат күнүндө таанабаган эле бир адамдын жакасына жабышып доогер болот экен деп көп укчу элек. Ошондо берки адам:

– Сен менден эмнени талап кылып жатасың? Биз бири бирибизди таанабайбыз го! – деп, таң калат.

Доогер болсо:

–Тиги дүйнөдө мени жаңылыш жана жаман иштер менен алек болуп жүргөнүмдү көрүп туруп, бир жолу тосуп же кайтарып койгон эмессиң! – деп көшөрөт» *(Рудани, Жамул, Фаваид, V, 384).*

## Ислам дааватчылыгы жана миссионердик

Ислам чакырыгынын жана даавватынын максаты диндин ички маңызын адамзатка жеткирүү болуп саналат[161]. Исламда мажбурлоо, кыстоо жолу менен динге киргизүү деген нерсе жок. Мындай жорук динибиз үчүн жат көрүнүш[162].

Кандай гана жагдай болбосун, адамдарга христиан динин таңуулоо жана баптис кылдыруу – Христиан миссионерчилигинин негизги максаты[163]. Миссионерлердин лидери Павлус өзүнүн бир катында мындай деп жазган:

«Мен эркин кишимин. Эч кимдин кулу эмесмин. Ошентсе да адамдарды өзүмө ийгерүү үчүн көбүнүн кулу болдум. Жөөттөрдү ийгерүү үчүн жөөтчө аракет жасадым. Алардын шариятына баш ийбедим, бирок, алардын шариятчыларын ийгерүү үчүн шарияттарына баш ийгендей болуп көрүндүм. Иса Масихтин мыйзамдарын тутунганыма карабастан, эч бир мыйзамга баш ийбегендерди ийгерүү үчүн ошолордой көрүндүм. Алсыздарды ийгерүү үчүн аларга кошулуп алсыз болдум. Эмне болсо да болду, кээ бирлерин куткаруу үчүн түрдүү кейипкер болдум»[164].

Каттын мазмунунан маалым болгондой, Павлус максатына

161. Маида сүрөсү, 67-аяттын мазмунун караңыз.
162. Бакара сүрөсү, 256; Ясин сүрөсү, 17-аяттарынын мазмунун караңыз.
163. Матта Инжил, 28:19-20.
164. Коринттикрге кат, I, 9:19-22.

жетүү үчүн эрежелерди жыйыштырып коюп, бүт нерсеге башын салып көргөн. Ислам693 дининде болсо, шариятка байланышкан максаттарга туура эмес жолдор менен барууга тыюу салынган. Бурмаланган Христиан дининде мындай жаңылыш усул мурдатан жүзөгө ашырылып келет. Ушундай кубулмалыгынан жана негизсиз усулга таянгандан улам, элдерди динге үгүттөйбүз деп олтуруп, кайра динден суутуп, натыйжада, нукуралыгынан тайып, жоголуп бараткан учуру. Миссионерлердин барган жеринде ар башкача кубулуп турушу, элдин динге болгон түшүнүгүн өзгөрткөн. Мунун натыйжасында Христиан дини ар түрдүү секталарга бөлүнүп, ар башка пикирди жамынган диний уюмдар пайда болгон.

Христиандаштыруу аракетинде миссионерлердин социалдык жана саясий жактан кыйын абалда турган кембагалдын, талоонго кабылган азчылыктын, согуштан же табигый кырсыктан жабыркаган элдердин муктаж абалынан пайдаланып, материалдык жана моралдык кризисти эксплутациялашы – адамдардын ыйманын сатып алуу дегендикке гана жатат.

Азуусунан кан тамган империализм менен камыр жумур мамилесинен улам, миссионерликтин түпкү максаты дин эмес, саясат жүргүзүү экендигин андоого болот. Кайсы өлкөнү максат кылышса, биринчи иретте ал мамлекетке жайгашкан соң, окуу борборлорун, чет тилдерин үйрөтүүчү курстарды ачып жана элге пайдалуу көрүнгөн ар кандай иш-аракеттердин көшөгөсүнүн артында христиандаштырууга жан үрөп жатышат.

Павлустун усулун колдонгон бүгүнкү миссионерлер «такийяны»-«кубулууну» эң мыкты өздөштүрүшкөн. Алар өздөрүнүн чыныгы жүзүн жашырышып, көпчүлүктүн көңүлүнө жагуу үчүн ар башкача кубулууну иш-аракеттин негизи деп билишет. Масе-

лен, бир мусулман өлкөнү бутага алган болсо, аларга жагынуу же коопсуз көрүнүү үчүн, Курандын аяттарынан окушат, мусулмандарча кийинишет, «поп» дегендин ордуна «устаз», «чиркөө» дегендин ордуна «мечит» өңдүү Ислам динине тиешелүү сөздөрдү колдонушат. Адамдарды дининен чыгарып, өздөрүнө ийгерип алуу үчүн христианчылыкты көмүскөгө катуу – алардын сактануу эрежеси[165] экенин эстен чыгарбоо абзел.

Миссионерлердин биз билген жана билбеген дагы далай методдор менен жан үрөп иштеп жатканын андадык. Эми эмне кылышыбыз керек? Албетте, ар бир мусулмандын милдети: Өз балдарына жетиштүү таалим-тарбия берүү, өз динин бекем үйрөтүү, ибадаттардын аткарылышын көрсөтүү, адеп-ахлакты өзү жашап үлгү болуу, ар тараптан жардамчы болуу жана көзөмөлдөө. Мусулмандар жок дегенде миссионерлердин бурмаланып, бузулган динин эмес, кажыбас кайратын, талыкпас эрктүүлүгүн көрүп, уялышы керек. Бузулган динге болгон аракетинен намыстанып, эң таза, нукура Ислам динин күнүмдүк турмушта жашап, үгүт-насаат иштерин таштабай улантып кетиши керек. Исламдай улуу жакшылыктын акысын эч убакта кайтара албаспыз, ошентсе да, Пайгамбарыбыз мураска таштап кеткен мусулмандык жоопкерчилигибизге кайдыгер мамиле кылганды токтотолу!

Маркум акын Мехмед Акиф мусулмандардын бул өңүттөгү өксүгүнө ишаарат кылып мындай деген:

«-Миссионерлер күн-түн дебей жан-үрөшөт, биздин аалымдар Кудайдан вахий күтүшөбү билбейм, ыкшоо тартып жүрүшөт».

165. Шинаси, Гүндүз, 5-28. б.

## Абу Лахаб менен аялынын Азирети Пайгамбарыбызга кылган карөзгөйлүгү

Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* куттуу үйү эки дүйнөнүн жакшылыгынан куру калган эки бейнасип, Абу Лахаб менен Укба бин Абу Муайттын үйүнүн ортосунда эле. Булар колуна кирген ыплас нерселерди жыйнап келишип, Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* эшигине таштап кетишер эле. Коңшуларынын бул жагымсыз мамилесине анын пакиза көңүлү, кашкайган аруу жүрөгү ооруп:

*«– О, Абди Маннафтын балдары! Бул эмне деген коңшулук?!»* деп, уяткарып, эшигинин түбүндөгү ыплас таштандыларды атайын жыгач менен узакка алып барып таштар эле *(Ибн Саад, I, 201).*

Күндөрдүн биринде Абу Лахаб жаман жоругун кайталап, чогултуп келген ыплас таштандыларын анын эшигинин түбүнө төгөйүн деп жаткан кезде, Азирети Хамза көрүп калат да, колундагы таштандыларды жулуп алып, кайра өзүнүн башынан ылдый төгөт. Ызасына чыдабаган Абу Лахаб Хамзага акаарат келтирип, кийимин кагынган бойдон кала берет[166].

Умму Жамийл күйөөсүнөн калышпаган кара мүртөз аял эле. Ыймансыздыктын, каапырлыктын кылганын караңыз, Умму Жамийл Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* азап чектирүүдөн ырахат алган. Тикендүү дарактардын шактарынан таңгак жасап, мечиттен кайткан кезде Алланын Элчиси өтчү жолго тикендерди жайып салчу. Алланын Элчиси тикен ташталган жерге келгенде жибек кездеменин үстүнөн баскандай, жайбаракат басып өтүп кетчү[167].

166. Ибн Асийр, аль-Камил, II, 70.
167. Ибн Хишам, I, 376; Куртуби, XX, 240.

Алардын мындай карөзгөйлүгү жана заалимдиги себептүү «Таббат» сүрөсү түшүрүлгөн. Бул кабарды уккан Умму Жамийл колуна чоң ташты алып, Азирети Пайгамбарыбызды *(саллаллаху алейхи васаллам)* издеп чыгат. Бул мезгилдерде ал Абу Бакир менен чогуу Каабада жүргөн.

Тажаал катындын келатканын көргөн Абу Бакир чочулап:

– Пайгамбарым, бул келаткан Умму Жамийл го. Долуланган тажаал неменин сизге зыяны тийип калабы деп коркуп турам. Ал келгенче кетип калсаңыз кандай болот экен?! – деди.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* эч нерседен бейкапар:

– *Ал мени көрбөйт,* – деди.

Айткандай эле, Умму Жамийл Абу Бакирдин жанына келип, оозуна келгенди ажылдап-ажылдап, кайра жолуна түштү[168].

***

Абу Лахаб Пайгамбарлык келе электе Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* кыздары Азирети Умму Гүлсүм менен Азирети Рукияны балдары Утайба менен Утбага алып берүү үчүн куда түшүп койгон эле. Экөө тең жаш болгондуктан, баш кошо элек болчу. Таббат сүрөсүн уккан Умму Жамийл уулдарына долуланып кирди:

– Умму Гулсум да, Рукия да динден чыгып кетиптир. Аларга үйлөнбөйсүнөр!

Абу Лахаб бир жактан:

–Мухаммеддин кыздары менен баш кошо турган болсоңор,

168. Ибн Хишам. I, 378-379; Куртуби, XX, 234.

менин аталык башым силерге арам болсун! – деп касам ичип жиберди.

Атасынын айтканын эп көргөн Утайба Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* барып:

– Мен силердин дининерди тааныбаймын. Кызына да үйлөнбөймүн. Мындан ары силер бизге келбегиле, биз да силер менен катташпайбыз! – деп, ээлигип кетип Азирети Пайгамбарды жакалап, көйнөгүн жыртып салды.

Утайбанын тарбиясыздыгына көнүлү ооруган Алланын Элчиси:

*«Аллахым! Иттеринден бирөөсүн ага жан алгыч кыл!»* деп, мунажат кылды.

Утайба ошондон көп өтпөй соода кербенине кошулуп жолго чыкты. Зарка деген жерге келгенде кербен түнөп калды. Ошол түнү жол боюна конуп калган кербенге ач арстан жакындап келди. Эки жакты акмалаган арстандын бир нерсени издегендей түрү бар эле. Ырылдаган айбаттуу айбанды көргөн Утайба:

– Кудайга ант болсун! Мухаммед айткандай, эми бул мени жейт! Өзү Меккеде, мен Дамаскта турсам да жан алгычым Ибни абу Кабша[169] болот деген эле.

Арстан бир топко ары бери айлангандан кийин бир жактарга житип кетти. Жолдоштору Утайбаны ортолоруна алып жатышты. Көптөн кийин жанакы арстан кербен тарапка дагы келди. Эми түз эле топтолуп жаткан адамдарды аралап, жыттап

169. Тээ мурдалары хузаа уруусунан бир адам жашаган экен. Ал өз коомунун буттарга табынышына каршы чыгат. Мушриктер ошол адамды Алланын Элчисине окшотуп, Аны Ибни Абу Кабша деп коюша турган. Баяндамаларга караганда Абу Кабша Алланын Элчисинин ата же эне тарабынан чоң аталарынан же сүт атасынын абаларынан болуп кетет экен.

олтуруп Утайбага чейин барды. Дагы бир жолу жыттаган арстан Утайбанын башын чайнап салды. Ошентип, Аллага жана Элчисине душмандык кылган карөзгөй каапыр ит өлүм менен өлүп кетти.

Арстан тиш сала баштаган кезде:

«–Мен силерге Мухаммед адамдардын эң чынчылы деп айткан эмес белем?» – дегенге араң үлгүрүп калды.

Уулунун ит өлүмгө тушукканын уккан абу Лахаб:

«Мухаммеддин уулума кылган каргыш дубасынан коркуп жүрөм, – деп айтпадым беле?»[170] деп жанындаларга агынан жарылган.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* пайгамбарлыктын мына ушул мезгилдеринде Абу Лахаб сыңары, дагы нечендеген ташбоорлордун жанды ачыткан азаптарына кабылган. Ошентсе да, сабырдуулук кылып, чакырыгын токтоткон эмес.

## Мекке элинин ынтымакка келүү аракети

Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* тоскоолдуктардын бирине да чалынбай, Ислам динин жайып жатышы мушриктердин түн уйкусун бузат. Мусулмандарга заарын чачып, түрдүү кыйноолорду баштарына салышат. Анткени, жаңы келген дин алардын кызыкчылыгын колдобой турганын жакшы билип калышкан. Бул кырдаалдан чыгуу үчүн Абу Талибге барышат да, абалды түшүндүрүп, аны бул жолдон кайтарууну өтүнүшөт. Абу Талиб болсо аларды сылык гана узатып койот. Пайгамбарга эч нерсе айтпайт.

170. Ибн Саьад, VIII, 36-37; Байхаки, Далаил, II, 338-339; Хайсами, VI, 19.

Арадан канча убакыт өтсө да эч нерсенин өзгөрбөгөнү бутпарастардын жинин ого бетер кайнатат. Абу Талибге кайра барышат. Бирок, бул келиште катуу талап коюшат:

– Абу Талиб! Мындан ары чыдай албайбыз! Өзүң жакшы билесиң, тууганыңдын уулу биздин динибизди четке кагып, кудайларыбызга тил тийгизип келет. Ошо менен эле калбастан, аларга сыйынгандыгыбыз үчүн бизди чектен чыгарып салган. Эгер тууганыңды тосуп, жолунан баш тарттырбасаң, сага да, тууганыңа да, бүт курайш каршы чыгабыз. Ошондо көрөсүңөр көргүлүктү! Акыркы талабыбыз ушу, же аны бул иштен кайтарасың, же аны өз карамагыңдан чыгарып саласың! Аны менен өзүбүз эсептешип алабыз…

Жүрөгү тынчыбаган Абу Талиб мушриктердин койгон талабын Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* сылык түрдө түшүндүрөт. Аны өз карамагынан чыгаргысы келбегенин жана мушриктерге салып берүүнү каалабаганын билдирүү иретинде:

– Садагаң кетейин, мени да, өзүңдү да корго! – дейт.

Абасынын сөзүнө абдан капа болот. Анын бул сөзү керек болсо карамагына алып жүрүүдөн баш тартуу дегенге жатат эле. Маржандай болгон куттуу көздөрүнө жаш тегеренип чыгат. Анткени, мусулмандарда байлыктын ичинде сүзүп жүргөн мушриктерге туруштук бере турган күч-кудурет жок эле.

Дал ушул кезде көңүлдү өйүгөн көйгөйдү ашып өтүшү үчүн Алла Таала Элчисине мына бул аят жиберет:

وَاذْكُرِ اسْمَ رَبِّكَ وَتَبَتَّلْ إِلَيْهِ تَبْتِيلاً رَبُّ الْمَشْرِقِ وَالْمَغْرِبِ
لَا إِلَهَ إِلَّاهُوَ فَاتَّخِذْهُ وَكِيلاً

**«Раббиндин ысымын эскергин! Бүт нерседен жүз үйрүп, болгон барлыгың менен Ага багыт ал! Ал Чыгыштын да, Батыштын да Раббиси! Андан башка кудай жок. Демек, жалгыз Анын гана карамагына баш калкала!»** *(Муззаммил сүрөсү, 8-9-аяттар).*

Бул аятты угаары менен Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* кайгы-капасы тарап кетет. Козголгус ыйманы жана каармандыгы менен Абу Талибге:

*– Абаке, Алла Таалага касам этем, бул адамдар бир колума Күндү, бир колума Айды алып беришсе да, чакырыгымдан баш тартпаймын!* – дейт.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул сөздөрдү айтып жатып көзүнөн мончок жаштар агылганын байкабай калат. Ошентип, абасынын карамагынан өз ыктыяры менен чыгып кетет.

Мындай жоопту күтпөгөн Абу Талибге дем жетпей кыйналып чыгат.  Ал ыйман келтирбесе да Азирети Мухаммедди *(саллаллаху алейхи васаллам)* өз уулунан артык көрөт эле. Анын үстүнө, Абдулмутталиб көз жумардан аз мурда балдарынын баарын жыйнап, Абдуллахтан калган жалгыз жетимди кимиси асырап алары тууралуу кеңеш салаганда:

*«-Атаке! Өзүң жакшы билесин, жыргатып жибергидей байлыгым да жок. Ошондой болсо да, ак-көңүлмүн, боорукермин. Бир тууганымдын уулун асырап багууну өзүмдүн милдетим катары билемин. Мен бул тууралуу сага сөз берем, аны мага аманат кылып табышта!...»* – деген сунушту өзү билдирген эмес беле...

Азирети Мухаммеддин капалуу кетишине жүрөгү сыздап

жатканы ошондон эле. Өзү айткандай, боорукер жан эле. Кеч болсо да: «Бир тууганымдан калган карааным! Кел кайрылып, каалаганыңды айт! Ант ичип туруп айтамын, сени эч убакта алардын колуна таштабаймын!» – деп артынан кыйкырып кала берет *(Ибн Хишам, I, 276-278;Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 96-97).*

Экинчи кадамда максатына жетпей калган мушриктер, бул ирет Валид бин Мугиранын уулу Умараны Абу Талибге алып барышат да:

– Мына, карачы, курайш жаштарынын эң күчтүүсү, эң сүйкүмдүүсү жана олбурлуусу. Бул жигитти алгын да, акылынан, күчүнөн пайдалан. Сенин балаң болуп кала берсин. Ата-бабаларынын динине каршы чыгып, коомду бөлүп жарган, эл билермандарынын пикирин эсепке албаган иниңди бизге бер, биз анын көзүн тазалайлы! – деген манкуртчул пикирди билдиришет.

Абу Талиб:

– Силер мага эмне деген айбанчылыкты сунуштап жатасыңар! Мага уулуңарды бересиңер, мен аны силер үчүн бапестеп багайын, а силер менин уулумду өлтүрөсүңөрбү? Мындай нерсе эч качан болбойт! – деп кескин жооп кайтарат *(Ибн Хишам, I. 279; Ибн Саьад, I. 202).*

Мушриктер аны көндүрө албасына көзү жетти белем:

– Андай болсо Мухаммедди чакыр, ага ынсаптуу сунуш айталы.

Абасынын чакыруусун угуп Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* келип калат. Ортодогу баарлашуу мындай болот. Ахнас бин Шарик:

– Сен бизди жана кудайларыбызды жээрибе, биз да сени жана Кудайыңды тынч койолу.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* башын көтөрүп асманды карады да:

*– Тиги күндү көрүп турасыңарбы?*

– Ооба, көрүп турабыз.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* аларга Ислам дининин улуулугун жана жаркын келечегин эң мыкты түрдө айкындаткан береги жоопту узатат:

*– Андай болсо силердин ошол күндөн пайдаланышыңарга мен тоскоол болушум мүмкүнбү?*

Абу Талиб:

–Кудай акы, бир тууганымдын уулу эч убакта жалган сүйлөгөн эмес! – деп жиберет.

Мүдөөсүнө жеталбаган мушриктер кыжырданган бойдон тарап кетишет *(Ибн Исхак, б. 136; Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 92; Ибн Саьад, I, 202-203).*

Ибн Аббастын риваятына караганда, ушундан көп өтпөй курайш уруусунун билермандары жана кыйын чыкмалары Каабанын Хижр тарабына жыйналышып, ачык кеңеш курушкан. Азирети Мухаммеддин көзүн тазалоону негизги маселе катары карашкан. Акырында, «Кимде-ким Мухаммедди көрсө, тап жылдырбай тындым кылсын!» деген бүтүмгө келишип, Лат, Манат, Уззаа, Наила жана Исаф аттуу буттарынын атын оозанып касам ичишкен. Анын куну канчалык болорун эсептеп чыгышып, баары чогуу төлөө үчүн экинчи ирет анттташышкан.

Мушриктердин жыйналышы тууралуу суук кабарды уккан Азирети Фатима көз жашын тыялбай атасына жетип келет. Бутпарастардын катаал бүтүмүн айтып, басыла албай көпкө ыйлайт.

Алланын Элчиси суу даярдатып даарат алат да, Харам мечитине барат.

–Тигине! Баратат! – деп, аны көргөн мушриктер көздөрү аландап, шашкалактап калышат.

Пайгамбарлардын Султанынын *(саллаллаху алейхи васаллам)* айбаттуу сүрүнөн айбыккан мушриктер, касам ичкенине карабай көздөрүн ала качышып, демдерин ичине катышып, жер карашат. Бир саам мурда көргөн жерде аны жакадан алып, муунтуп же кылычтап салууну сунуштагандар, көзүнөн заары чачырагандар, мен деп көкүрөк каккандар, ордунан жылып кеткенге батына албай тигилип калышат. Алардын көзүнө албууттанган дайрадай сүр менен келген Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* жерден бир ууч топурак алып:

*«–Жүзүнөр кара болсун!»* – деп, мушриктерге чачып жиберет.

Ошол күнү топурактын күкүмү тийген мушриктердин баары, Бадр урушунда каапыр бойдон өлүп кетишкен. Тозок өңдүү бир кудукка баары көмүлгөн (Ахмад, I. 303).

Бул окуядан кийин Абу Талиб Хашимден тарагандар менен Абдулмутталибдин балдарын үйүнө чакырат. Зыяпаттап бүткөн соң, чоң бүлөнүн шарапаты үчүн курайш маңкурттарынын кандуу колунан Азирети Мухаммедди *(саллаллаху алейхи васаллам)* жапатырмак куткарып калууну өтүнөт. Абу Лахабдан башка баары макулдугун билдиришет[171].

Үмүтү таш капкан мушриктер эң акырында Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзүнө кайрылышат:

171. Ибн Хишам, I, 281; Ибн-и Асийр, аль-Камил, II, 65.

– Сен таза урпактан келгенсиң, бизге караганда тукумуң да, өзүң да мартабалуу адамсың. Ушул кезге чейин араб элинен эч ким жасай албаган нерсени жасап, айта албаган нерселерди айтып келе жатасың. Бирок, ушул чоң уруунун арасын бөлүп-жарып, бизди бири-бирибизге каршы коюп жатасың. Ушинтип эле көшөрүп эмне тапмакчысың, максатың эмне?

Эгерде байыгың келип, көшөрүп жаткан босоң, каалашынча дүнүйө-мүлк берели. Ушунча уруулардын ичинен эң байыбыз сен бол!

Эл бийлегиң келип жатса, сени дароо башчы кылып алалы, Меккенин акими бол!

Эгерде ниетиң асылзат бир аялга үйлөнүү болсо, өзүң каалаган курайштын эң сулуу кызын алып берели!

Эгер жин-шайтан жармашып, бир балээге кабылган болсоң, дабаагерге алып барып айыктыралы. Сени куткаруу үчүн бүт нерсени жасаганга даярбыз.

Эмнени кааласаң аткарганга даярбыз. Болгону ушул чакырыгыңды ташта! – деп бал тилге салып, айла-амал кылып көрүшөт.

Аны өздөрүндөй ойлоп, мал-мүлк, байлык-бийлик жана аял берип, жолунан кайтарып алабыз деген үмүттөрү эми чындап таш капты.

Алар адамды уулоо үчүн эң ийги каражат катары колдонуп жүргөн, ушул үч сунушка «жок!» дей албайт деген ойго өздөрүн ынандырып алышкан эле.

Дүнүйө, мансап жана шакыбат адампендени көбүнесе жолдон чыгарган, адамдын эркин ээритип, напсиге чүлүк салып алган тузак болуп саналат.

Анын нурдуу жашоосунда береги убактылуу азгырыктардын эч бир орду жок экенин андоого каапырлардын акылдары жеткидей эмес?!..

Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* айдан ачык жообу мына ушул чындыкты кашкайта даршан кылган:

*«– Мен силерден мал-мүлк, мансап же бийлик сурап жаткан жерим жок! Менин силерден жалгыз өтүнүчүм: буттарга сыйынбагыла, жалгыз Алла Таалага гана ибадат кылгыла!» (Ибн Касир, аль-Бидая, III, 99-100).*

Напсиге сыйынуудан баш тарта албаган мушриктер анын улуу чакырыгын андоого чамалары жетпегендиктен, аша чаап өзүн да ошол жансыз буттарга сыйынышын талап кылганга чейин барышты.

Алардын пикирин угуп, бир тараптан сабыр кылгысы келсе, бир тараптан чыдамы түтөгөн Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* аятта билдирилген сыңары, өзүн аларга мындайча тааныткан:

قُلْ إِنِّي نُهِيتُ أَنْ أَعْبُدَ الَّذِينَ تَدْعُونَ مِن دُونِ اللهِ لَمَّا جَاءَنِيَ الْبَيِّنَاتُ مِن رَّبِّي وَأُمِرْتُ أَنْ أُسْلِمَ لِرَبِّ الْعَالَمِينَ

«(Эй, Мухаммед), **Эгемден ачык-айкын аяттар түшүп жана ааламдардын Ээсине сыйынууга буйрулган соң, силер чакырган Алладан башка нерселерге сыйынууга мага тыюу салынган», - дегин»** *(Мумин сүрөсү, 66-аят).*

قُلْ إِنَّمَا أُمِرْتُ أَنْ أَعْبُدَ اللهَ وَلَا أُشْرِكَ بِهِ إِلَيْهِ أَدْعُوا وَإِلَيْهِ مَآبِ

**«Айткын: «-Албетте, мен Жалгыз Аллага сыйынууга**

**жана Ага** (эч нерсени) **шерик кылбоого буйрулганмын. Мен бар болгону Ага** (сыйынууга) **чыкырамын жана жалгыз Анын Өзүнө кайтамын»** *(Рад сүрөсү, 36-аят).*

إِنَّمَا أُمِرْتُ أَنْ أَعْبُدَ رَبَّ هَذِهِ الْبَلْدَةِ الَّذِي حَرَّمَهَا وَلَهُ كُلُّ شَيْءٍ
وَأُمِرْتُ أَنْ أَكُونَ مِنَ الْمُسْلِمِينَ  وَأَنْ أَتْلُوَ الْقُرْآنَ فَمَنِ اهْتَدَى فَإِنَّمَا
يَهْتَدِي لِنَفْسِهِ وَمَن ضَلَّ فَقُلْ إِنَّمَا أَنَا مِنَ الْمُنذِرِينَ

**«Мага бул шаардын Ээсине сыйынууга буйрук кылынган. Ал аны** (күнөө иштерди) **арам кылган. Бүт нерсе Ага таандык жана моюн сунуу мага буйрук кылынган. Куран окуугa да** (буйрулдум). **Ким туура жол менен барса өзүнүн гана жанынын пайдасына, ким адашса, ага «-Мен болгону эскертүүчүлөрдөнмүн», – деп айткын»** *(Намл сүрөсү, 91-92-аяттар).*

قُلْ إِنَّنِي هَدَانِي رَبِّي إِلَى صِرَاطٍ مُّسْتَقِيمٍ دِيناً قِيَماً مِّلَّةَ إِبْرَاهِيمَ حَنِيفاً
وَمَا كَانَ مِنَ الْمُشْرِكِينَ  قُلْ إِنَّ صَلاَتِي وَنُسُكِي وَمَحْيَايَ وَمَمَاتِي لِلّهِ
رَبِّ الْعَالَمِينَ  لاَ شَرِيكَ لَهُ وَبِذَلِكَ أُمِرْتُ وَأَنَاْ أَوَّلُ الْمُسْلِمِينَ
قُلْ أَغَيْرَ اللّهِ أَبْغِي رَبّاً وَهُوَ رَبُّ كُلِّ شَيْءٍ

**«Айткын: «-Раббим мени туура жолго, чыныгы ак динге, жолдон тайбаган, Алланы жалгыз деп билген Ибрахимдин динине жылоолоду». Айткын** (Мухаммед): **«-Албетте, намызым, сыйынууларым, тирүүлүгүм жана өлүмүм, баары ааламдарын Раббиси Алла үчүн. Анын бир дагы шериги жок. Мына ушуга буйрулганмын. Демек, мен моюн сунуучулардын алгачкысымын». Айт-**

**кын: «-Алла Таала бүт нерсенин Раббиси экенин билип туруп, Андан башка кудай издейинби?..»** *(Анам сүрөсү, 161-164-аяттар).*

قُلْ هَــذِهِ سَبِيلِي أَدْعُوا إِلَى اللهِ عَلَى بَصِيرَةٍ

**«Айткын: «-Менин жолум ушул. Мен Аллага чакырамын. Мен жана мени ээрчиген адамдар таасын ишеничке ээбиз. Алланы** (ар кандай ширктен) **аруулаймын.** М**ен бутпарастардан эмесмин»** *(Юсуф сүрөсү, 108-аят).*

**«-Мен силерден акы сурабаймын жана мен жалганчылардан да эмесмин», – деп айткын».** *(Сад сүрөсү, 86-аят).*

Алланын Элчисинин козголгус бекемдигинен жана сүрүнөн айбыккан мушриктер, эч болбосо буттарды жаманаттылыктан, жектелүүдөн коргоп калуу үчүн чара көрүүгө жан далбас уруп көрүштү.

Алардын бул каалаоосуна каршы Алла Тааладан мындай буйрук келди:

فَلَا تُطِعِ الْمُكَذِّبِينَ وَدُّوا لَوْ تُدْهِنُ فَيُدْهِنُونَ

«(Акыйкатты) **«жалган» дегендерге моюн сунбагын! Сенин аларга ийкемдүү болсоң, алар да сага жумшак мамиле кылууну каалашат»** *(Калам сүрөсү, 8-9-аяттар).*

Тактап айтканда, Ислам деген улуу акыйкатты кабылдагысы келбеген мушриктер, өз кызыкчылыктарына каршы келген жана тоскоол болгон аяттарды ташта, деген шартты коюп, Азирети Пайгамбарыбыз менен келишим түзүү ниеттерин билдиришип, эгер бул ниеттери орундала турган болсо, аны менен ынтымакта жашашаарын кыйытышат. Бирок, Курандагы өкүм айдан ачык эле!

إِذاً لَّأَذَقْنَاكَ ضِعْفَ الْحَيَاةِ وَضِعْفَ الْمَمَاتِ ثُمَّ لاَ تَجِدُ لَكَ عَلَيْنَا نَصِيراً

**«Эгер андай болсо, сени бул дүйнөдө да, тиги дүйнөдө да эки эсе жазага тартат элек. Анда Бизге каршы өзүнө жардам бере турган эч кимди таба алмак эмессиң»** *(Исра сүрөсү, 75-аят).*

Ток этер жерин айтканда, тавхидден баш тартууга же ак ишенимди башкага ооштуруучу ошол кыйын-кысталыш кезеңдерде да тыюу салынган. Эгерде кичине эле ымала башталып кеткенде, анда Ислам дини али толуктала элек жатып бүлгүнгө учурап калышы мүмкүн эле. Анда мушриктердин былгыган иш-аракети майнаптуу болуп, чырактарына май тамган болор эле.

Тилектери таш капкан сайын жол таппай чебелектеген мушриктер, шарт үстүнө шарт кошуп, талаптарын чоңойтуп, эптеп жансыз буттарды жектөөдөн куткарып алуунун амалын издегенден тажаган эмес. Акырында максаттарына жетүү үчүн күлкү келтирерлик төмөнкүдөй келишимди сунуш кылышкан:

«Сен биздин буттарыбызга сыйын, биз болсо сенин Алла Таалана ибадат кылалы. Ушундай жол менен мунасага келип арабыздагы келишпестикти жойолу!»

Ислам дининин пакиза рухуна жана дин таанымына таптакыр терс келген бул сунушка Алла Таала дароо жооп кайтарган:

قُلْ يَا أَيُّهَا الْكَافِرُونَ لَا أَعْبُدُ مَا تَعْبُدُونَ وَلَا أَنتُمْ عَابِدُونَ مَا أَعْبُدُ وَلَا أَنَا عَابِدٌ مَّا عَبَدتُّمْ وَلَا أَنتُمْ عَابِدُونَ مَا أَعْبُدُ لَكُمْ دِينُكُمْ وَلِيَ دِينِ

**«Айткын: «– Эй, каапырлар! Мен силер сыйынып жаткан нерселерге сыйынбаймын. Жана силер да мен**

**сыйынган Аллага сыйынбайсыңар. Мен силер сыйынган нерсеге сыйынуучу эмесмин! Ооба, силер да мен сыйынганга сыйынуучу эмессиңер! Силердин дениңер өзүңөргө, менин диним өзүмө!»** *(Каафируун сүрөсү, 1-6-аяттар)*[172].

Сүйүктүү Пайгамбарыбызды *(саллаллаху алейхи васаллам)* ээрчиген алгачкы момун мусулмандар жалаң гана колунда жок кедей-кембагалдар эле. Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) өңдүү мал-мүлктүү байлар ыйман келтиргени менен алардын саны өтө эле аз болгон.

Мушриктер сунуштаган дүнүйө-мүлк, мансап сыяктуу, напсиге жагымдуу келген нерселерден дароо баш тартышы жана жүз үйрүп кетиши айрымдар таңуулаган орунсуз пикирлерге төп келбей, тескерисинче, Азирети Пайгамбарыбыздын байлыкка жана бийликке умтулбаганын айгинелеп турат. Анткени, колунда толгон токой мүмкүнчүлүктөр турган учурда да анын *(саллаллаху алейхи васаллам)* күнүмдүк турмушу кедей-кембагалдардыкынан айырмасы жок болгон. Шек-күмөнсүз бул абалдар пайгамбарга таандык зүхд, тавазу жана ариет өңдүү ахлактуулуктун анык белгиси эле.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* каалаcа курайш бутпарастары сунуштаган байлык жана бийликтерин кабыл этип, мүмкүн алдыңкы келечекте ошол эле мүмкүнчүлүктөрдү Ислам үчүн каражат катары колдонот эле. Ал арам дүнүйөнү даабатына курал катары колдонгусу келген эмес. Ар кандай максат жана ортомчу каражатты колдонуу маселесинде диндин пакиза касиетине жана бийиктигине шек келтире турган жагдайларга аяр мамиле кылууну Пайгамбарыбыз ушул окуяда таасын көрсөтүп кеткен. Мусулмандар ошол себептен, айрым

172. Ибн Хишам, I, 386.

учурларда тобокелге салып жихад жарыялоого мажбур болушат. Анткени, алар жашап, багыттанып бараткан жол түптүз гана «сыратул-мустаким» болуп саналат.

## Курани Каримдин ижазы жана угармандарга калтырган таасири

«Ижаз» сөзүнүн сөздүктөгү мааниси: Адамды алсыз калтыруу же болбосо кыйынчылыксыз ашуу. Терминологиялык мааниси: Курани Карим мартабалардын эң бийигинен агылып түшкөндүктөн, риторикалык жагынан же укуктук жагынан болсун, мейли кайыптык кабарларды маалымдаганы жагынан алып караба, ал сыяктуу китепти жаратууга адамзаттын дарамети жетпейт, баары алсыздык кылат.

Жараткан Алла Таала адам баласына ыроологон акыркы китебин эң мыкты түзүлүштө жана араб тилинде түшүрүүнү тээ алмусакта эле мурат кылгандыктан, Куран түшпөстөн тээ көөнө кылымдар мурда эле араб элине көркөм сөз өнөрүн, сөз байлыкты жана адабий өзгөчөлүктү ашыгы менен берген. Арабдар ар кандай мелдештер аркылуу бул жаатта иш алып баруу менен, өз тилдеринин нукуралыгын сакташкан жана өнүктүрүшкөн. Акырында бул тил Алла Тааланын сөздөрүн баяндоого ылайыктуулукту жана көркөмдүктү багынкан.

Кылымдар бою уланып келген бул иш-аракеттин натыйжасында, арабдардын ичинде көркөм сөз өнөрү эң ийги кесип катары баалана баштаган. Акындар менен актандайларга баары суктанышкан, алардын мартабасы эл ичиндеги бийик болгон. Мына ушул себептен Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* тили аркылуу агып өткөн Алла Тааланын сөзү, тактап айтканда, Курани Карим мужизалардын эң улуусу,

сөздөрдүн туусереси болгон.

Акыл, аң-сезим, баам-парасат жана сүйлөө өгөчөлүгү адамды башка макулуктардан айырмалап турат. Акыл, сүйлөө жана илим жагынан Курандын ижазы кашкайып турат. Жараткан Алла мындайча буйруйт:

الرَّحْمَنُ عَلَّمَ الْقُرْآنَ خَلَقَ الْإِنسَانَ عَلَّمَهُ الْبَيَانَ

**«Рахман Куранды таалим кылды. Ал инсанды жаратып, ага** (дилиндеги максатын ачык билдире алышы үчүн) **сөздү үйрөттү»** *(Рахман сүрөсү, 1-4-аяттар).*

Тил илиминин аалымдары улуу Курандын сөз жеткис көркөмдүгү тууралуу көптөгөн эмгектерди жаратып, абдан ынанымдуу пикирлерди жазышкан. Биз бул жерде ошолордон корутунду иретинде кыскача маалымат берүүнү туура көрдүк.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарлыгын ачык жар салган кезде каапырлар:

وَقَالُوا لَوْلَا أُنزِلَ عَلَيْهِ آيَاتٌ مِّن رَّبِّهِ

«Раббиси тарабынан ага аят-кереметтер түшүшү керек эмеспи?» дешип каршы чыгышты. Алла Таала буларга минтип жооп кайтарды:

قُلْ إِنَّمَا الْآيَاتُ عِندَ اللهِ وَإِنَّمَا أَنَا نَذِيرٌ مُّبِينٌ أَوَلَمْ يَكْفِهِمْ أَنَّا أَنزَلْنَا
عَلَيْكَ الْكِتَابَ يُتْلَى عَلَيْهِمْ إِنَّ فِي ذَلِكَ لَرَحْمَةً وَذِكْرَى لِقَوْمٍ يُؤْمِنُونَ

**«... Аларга: «-Мужизалар бир гана Алланын даргөйүндө болот. Мен болгону ачык эскертүүчүмүн» - деп айт! Акыры аларга окулуп жаткан ушул китепти Биз-**

**дин сага түшүрүп жатканыбыз жетишерлик эмеспи?! Албетте, мында ыйман келтире турган коом үчүн ырайым жана эскертме бар»** *(Анкабут сүрөсү, 50-51-аяттар).*

Курандын ижазы, стилистикасы жана усулу, мазмунунун көп кырдуулугу, койгон негиздерине адамдардын канааттанышы, кайыптык кабарларды бериши, баалуулугун ар убак сактап келиши, өкүм чыгаруудагы аярбилгилиги сыяктуу, санап бүткүс артыкчылыктары ачык айкын көрүнүп турат.

Курандын мужиза болушунун эң маанилүү тарабын кайра эле өзүнүн стилистикасы жана усулу түзөт. Стилистика-балагат – бул мазмунуна, максатына, иштелип жаткан темага жана угарманга карап, башкача айтканда, учурга жараша зарыл сөздү, көркөм тилди жана орундуу сөздү колдонуу. Курани Карим муну бардык жагынан эң мыкты ыкма менен жүзөгө ашырган.

Курани Карим риторикалык жактан да үлгүлүү китеп. Тандаган сөздөрүнөн, курулган сүйлөмдөрдөн жана маани-мазмунунан ката табуу эч качан мүмкүн эмес.

Курандагы маанилик дикция[173] Алла Таалага таандык. Аны хадиси-кудсийден бөлүп турган айырма да ушунда жатат. Ошондуктан Курандын текстине тиешелүү бир сөздү башка бир арапча сөз менен алмаштырып окуу туура эмес, ким атайылап алмаштырып окуса, ал каапыр болот. Адашып же жаңылыштык менен айтылып кеткен болсо, маанини белгилүү өлчөмдө өзгөрткөндүктөн, көбүнесе ибадатты жараксыз кылат. Кокустук жаңылыштыктан улам, айтылып кеткен сөз же сүйлөмдүн маанисинин шарияттагы натыйжалары тууралуу аалымдар укук ки-

173. Диксион: Сүйлөнүп жаткан тилде сөздүн тандалуусу, маанини жана түшүнүктү жеңил түрдө чечендик менен айтуу. Фасахат, балагат, талакат жана натыка сөздөрү туюнткан маанилердин жыйындысы.

тептеринде атайын «заллату-л кари» деген жаңы теманы кошуп, көптөгөн өкүмдөрдү чыгарышкан.

Аз гана адамдын түшүнүк денгээли менен жазылган Курандын котормосун окуп ибадат кылса боло берет же кабылданат деген туура эмес пикирлер айтылып жүрөт. Бул негизинен ыймандын жакырлыгынан, түшүнүктүн тайыздыгынан келип чыккан сөз.

Курандын усулунда түшүнүк менен сөз айкалыштарынын ортосунда тең салмактуулук бар. Айтыла турган ар бир маанини жана түшүнүктү, жай сүйлөмдү, татаал сүйлөмдү эч бир жерде таасиринен тайдырбай, амаштырылгыс сергектик менен колдонот. Ошентип, сөз менен маанинин ортосундагы тең салмактуулукту «Калам» сыпатынын чыныгы Ээси жарашыктуу ыкмасы менен ыгына келтирип, жаратып койгон. Бул жаатта мен деген эң мыкты адабиятчылар да алсыздык кылышат.

Ибн Атия мындай деген:

«Эгерде Курандан бир сөз чыгарыла турган болсо, анын ордуна башка сөз коюу үчүн бүтүндөй араб тилин сапырып издесе да түпнускасынан башка ылайыктуу сөздү табуу мүмкүн эмес»[174].

Курани Карим икая, насыйкат, диалог, дискуссия, тарых, өкүм берүү, акырет, бейиш жана тозок өңдүү темаларды, коркутуу жана кубаныч тартуулаган аяттарды, маанилеринин таасирине жараша башка-башка усул менен, бирок, стилистика жана риториканы бирдей ыргакта сактап айтат. Бул болсо анын Алланын сөзү экендигинин айкын көрүнүшү.

Куран ошол эле учурда, ар башка доордо жана ар башка

174. Заркани, Манахилул-Ирфан, , 325; Мухаммед Абдуллах, Дыраз, ан-Набаул-Азим, б. 112; Ата, Азаматул-Куран, б. 85.

жерлерде жашаган, ар кандай билим деңгээлдеги бардык адамзатка кайрылат. Маселен, сабаттуу менен сабатсыз, даанышман менен карапайымдар топтолгон бир жыйналышта Куран аяттары окула турган болсо, ал жердегилердин ар бири өзүнүн акыл чөйчөгүнө, көрөңгөсүнө жараша максаттагы маанини түшүнүшөт. Бул деген жаамы адампенденин дараметинен алда канча бийик турган өзгөчөлүк.

Ар бир пайгамбардын  мужизасы өз дооруна гана таандык. Ал эми бүт адамзатка пайгамбар болуп жөнөтүлгөн  Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* анын эң улуу мужизасы саналган Курани Карим бардык доорлорду жана ааламдарды кучагына алып, кыямат кайымга чейин өкүмүн жүргүзө  бермекчи.

Кудай Тааланын барлыгын жана теңдешсиз кудуретин далил менен тастыктоо үчүн Курандын көп жеринде табигый билимдерге байланыштуу акыйкаттар айтылат. Миң төрт жүз жылдан бери илимдеги санак жеткис өнүгүүлөр жана ачылыштар Анын бардык өкүмдөрүн кубаттап, тастыктап, жактап келет. Мына ушунун өзү эле Курандын мужизалуулугунун далили.

Бүгүнкү күнү дүйнөнүн дөө-шаа өлкөлөрү эң билерман аалымдарын жыйнап, бирден энциклопедия жазышып, ошону бетке кармап, бири бирине мактанышчу болду. Маселен, англичандардын Британикасын, француздардын Лароуссесин айтууга болот. Эскерте кетчү нерсе, алар энциклопедияларын жыл сайын толуктоого жана кайра редакциялоого тийиш. Жыл сайын кээ бир маалыматтарга түзөлтүүлөрдү, ондоолорду киргизип, айрым жерлерди орду түбү менен алмаштырып, жаңы бир томдукту кошуп келишет.  Көптөгөн эски маалыматтарга жаңы ачылыштар, же жаңы өнүгүүлөр тууралуу толуктоолорду киргизишип, мурдагы жеткиликсиз темаларды кайрадан ондоп

жазышат. Илим-билим, өнүгүү жана ачылыштар, болуп көрбөгөндөй ылдамдыкты багынткан бир доордо жашап жатабыз. Мына ушул доордо дүйнөнүн эң кыйын аалымдарынан түзүлгөн илимий тайпалар жыйнактап, жазып чыккан бул даңазалуу энциклопедияларда жыл өткөн сайын эскиси жээрилип, жаңысын толуктоо зарылчылыгы пайда болуп келет. Ал эми Куранга келсек, анда айтылган санак жеткис табигый акыйкаттардын нечен кылымдар бою күкүмчөлүк толуктоого же өзгөртүүгө дуушар болбошу – анын Кудай Тааланын ак сөзү экендигинин эң айкын далилинин бири болуп саналат.

Алланын Элчиси Курандын анык мужиза экендиги жана бул өзгөчөлүктүн түбөлүккө улана берери тууралуу мына бул хадисин айткан:

*«Курани Карим ар түркүн каргашада адамды саламаттыка жеткирет, мурунку коомдордун кабарын, кийинкилердин абалын билдирет. Ал эл ичиндеги болгон жана боло турган окуялардын өкүмдөрүн камтыган, ак менен караны как жарган, пайдасыз эмес пайдалуу, баш тарткан азоону Кудай Таала азаптай турганын эскерткен, өзүнөн башка жолду издегенди Алла Таала адашууга салаарын кабарлаган (китеп). Ал Алланын кубаттуу жиби, зикири-хакими жана сыратул-мустакими, ага баш байлаган адам эч убакта бузук жолго баспайт, аны сүйлөгөн тилдер жаңылбайт, аалымдар окуп тойбойт, көп ирет кайталангандыктан, нукуралыгын эч убакта жоготкон эмес, пендезатты таң калтырган мужизалык өзгөчөлүктөрү эч качан акыр-аягына чыкпайт, жиндер аны укканда:*

إِنَّا سَمِعْنَا قُرْآناً عَجَباً

**«... Биз чындыгында таң калтырган Куранды уктук»**

*(Жин сүрөсү, 1-аят) дегенге мажбур болушкан. Аны айткан жандар адашкан же жаңылган эмес, аны менен өкүм бергендер адилеттүү иш алып барышкан, аны жүзөгө ашыргандар акыбет табышкан, ага чыкыргандар туура жолду табышкан. Курани Карим ушундай өзгөчөлүктүү илахи китеп» (Тирмизи, Фадаилул-Куран, 14; Дарими, Фадаилул-Куран, 1).*

Курандын кайсы тарабын албайлы, өзүнчө эле чалкыган бир деңиз. Мына ушул жагынан Курани Карим кыяматка чейин стилистика менен риторика жаатында эң бийик деңгээлдеги китеп болуп кала берет. Алла Таала «Куран сымал китепти жаратыш колундан келеби?» деген мааниде арабдарды, кыяматка чейин келип кете турган адамзатты жана бүтүндөй жин ааламын (ошондой эле, кыйын болуп кеткен текебер, каапырларды) кылымдар бою беттешүүгө чакырып келет. Тур сүрөсүнүн 34-аятында мындайча буйрулган:

فَلْيَأْتُوا بِحَدِيثٍ مِّثْلِهِ إِن كَانُوا صَادِقِينَ

«(Эгер мушриктер) **чынчыл болушса, өздөрү ошого** (Куранга) **окшош сөз жаратышсынчы?!»**

Алланын бул чакырыгын алган мушриктердин оозунан сөзү түшүп, алдастап калышкан. Алардын алсыздыгын толук бойдон эстерине салып коюу үчүн төмөнкү аяттарды түшүргөн:

أَمْ يَقُولُونَ افْتَرَاهُ قُلْ فَأْتُواْ بِعَشْرِ سُوَرٍ مِّثْلِهِ مُفْتَرَيَاتٍ وَادْعُواْ مَنِ اسْتَطَعْتُم مِّن دُونِ اللّهِ إِن كُنتُمْ صَادِقِينَ

**«Аны өзү ойлоп тапты», - деп айтышты. «– Эгер айтканыңар чын болсо, Алладан башка каалаганыңарга** (буттарга-идолдорго) **кайрылып, ойдон чыгарып болсо**

**да, ушул сыяктуу же ушуга окшош он сүрө түшүрүп көргүлөчү», – деп айт аларга!** *(Худ сүрөсү, 13-аят).*

وَإِن كُنتُمْ فِي رَيْبٍ مِّمَّا نَزَّلْنَا عَلَى عَبْدِنَا فَأْتُواْ بِسُورَةٍ مِّن مِّثْلِهِ وَادْعُواْ شُهَدَاءكُم مِّن دُونِ اللّهِ إِنْ كُنْتُمْ صَادِقِينَ

**«Кулубузга жиберген Курандан шектенип жаткан болсоңор, кана, силер да, ошого окшош бир эле сүрөнү алып келгилечи. Эгер чынчыл болсоңор, Алла Тааладан башка каалаганыңарды жардамга чакыргыла»** *(Бакара сүрөсү, 23-аят)*[175].

Алла Таала акыркы чакырык катары Исра сүрөсүнүн 88-аятын жиберген:

قُل لَّئِنِ اجْتَمَعَتِ الإِنسُ وَالْجِنُّ عَلَى أَن يَأْتُواْ بِمِثْلِ هَـذَا الْقُرْآنِ لاَ يَأْتُونَ بِمِثْلِهِ وَلَوْ كَانَ بَعْضُهُمْ لِبَعْضٍ ظَهِيراً

**«Ант болсун, эгер бардык инсандар менен жиндер мына ушул Курандын окшошун келтирүү жолунда биргелешип, бири-бирине көмөкчү болушса да, ага окшогонду** (Куранды) **келтире алышпайт!», – деп айткын».**

Алланын чакырыгына жооп бере албаган мушриктер ар тараптан сокку урууга өтө башташты:

إِنْ هَذَا إِلَّا سِحْرٌ يُؤْثَرُ

**«... Бул болгону ооздон оозго өтүп келген бир сыйкыр»** *(Муддассир сүрөсү, 24-аят).*

175. Ушундай мазмундагы чакыруу Юнус сүрөсүнүн, 38-аятында да айтылат.

سِحْرٌ مُّسْتَمِرٌّ

**«… Болуп келген сыйкыр бул!»** *(Камар сүрөсү, 2-аят).*

إِنْ هَذَا إِلَّا إِفْكٌ افْتَرَاهُ

**«… Бул болгону, өзү ойлоп чыгарган жалганчылык…»** *(Фуркан сүрөсү, 4-аят).*

إِنْ هَذَا إِلاَّ أَسَاطِيرُ الْأَوَّلِينَ

**«… Бул болгону, мурункулардын уламыштары!»** *(Анаам сүрөсү, 25-аят)*. Мушриктер ушул өңдүү жалган жалааларды элге тарата башташты. Чындыкка таянбаган, айрыкча, өздөрүнүн чечкинсиз жана туруксуз экендигин көрсөткөн, бир топ маани-маңызсыз таңууламайлар менен алек болушту.

«Курандын бир сүрөсүндөй сүрөнү жарата аласыңарбы?» деген маанидеги жана душман атпайга каршы жасалган бул чакырык жоопсуз калган. Өчөшкөн каапырлардын баары талкаланып, тамтыгы чыгып жок болуп кетишкен. Бул кыяматка чейин ушинтип улана бермекчи.

Христиандар, арабдарга араб тилин үйрөтө ала турган деңгээлдеги илим-билимдүү попторду тарбиялашкан. Алардын эч кимиси Куранга каршы иш-аракеттерди баштоого эч убакта батына алышкан эмес. Кылымдардан бери Исламдын нурун өчүрүү үчүн малын да, жанын да арнап, нечен машакатарды тарткан каапырлык жана дин безерлик ааламы белгилүү максаты болбосо ошончо азап-машакаттарга карабай бул жолдон кайтышы керек эле. Тарыхый мына ушул чындык Куран эрөөлүнүн күчтүүлүгүн, ага каршы чыккан душман күчтөрүнүн алсыздыгын айдан ачык көрсөтүп турганын ким тана алат?

Курандай китепти жазам деген максатта атактуу ойчулдар, залкар жазуучулар жалгыз жашырынып алып көп айлар бою иштешкен. Мээлери ээрип кеткенге чейин ойлонсо да бир аятка тете жарытылуу акыйкатты жаза алышкан эмес.

Курандын сүрөлөрүн туурап жазгысы келген Мусайламатул-Каззаб өңдүүлөр жазганынын элге жайылуусу менен шерменде болушкан. Кагаз бетине түшкөн чыгармалары алардын наадандыгын айгинелеп, мыскыл-тамашага айланган. Анткени, Куран риторикалык же стилистикалык мужиза гана эмес, кылымдардын ичиндеги акыйкаттарды камтыган мужизалардын китеби. Качан, кайсыл жерде өлөрүнөн кабары жок алсыз пенде канчалык кара терге түшпөсүн, теңдешсиз улуу акыйкаттарды камтыган аяттарга тең келер китепти эч качан жаза албайт. Адамдын алымча кошумчасы менен жазылган бүгүнкү Тоорат менен Инжилдердин абалы бештен белгилүү. Бул эки китеп тең нукура-асилинен алыстап, кудум карама-каршылыктардын жыйнагы абалына келип калган.

Тажрыйбалар жана көз көрүп турган нерселер Курандын ушу күнгө чейин таасирин жоготпой келген баян мужизалуу китеп экендигинин эң айкын далили болуп саналат. Ислам дини келгенден ушу бүгүнгө чейин он төрт кылым өтсө да, Куранга тең тайлаша турган же андан ашып өтүп, элдин көңүлүнөн түнөк тапкан бир дагы китеп чыга элек. Жазгысы келгендер кыяматка чейин адамзаттын алдында шарменде болуп, жектелгенден жектелип кала бермекчи[176].

***

Курани Карим ыр же проза эмес. Бирок, ырдын да, прозанын да, өзгөчөлүктөрүн камтыган усулу бар. Ушул усулду көр-

176. Бути, Мин Раваиил-Куран, б. 126, 129, 130.

күнө чыгарган ажайып ыргагы жана ички көркөмдүүлүгү бар. Адам Куран окуган же уккан кезде рухунун тээ тереңинен ошол музыка сымал ички көркөмдүүлүктүн таасирин сезе алат.

Курандын текстинин кайсыл гана жеринен болбосун, сөздөрүн алмаштырып же бир өзгөртүү менен окула турган болсо, анын ыргагы жана мааниси бузулат.

Куран мына ушул өзгөчөлүктөрү менен адамдардын жүрөгүнө жана аң-сезимине ажайып таасир калтырган. Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* мукам авазы менен Куран окуганын уккан арабдар ыйлай-ыйлай ыйманга келишкен. Мушриктер болсо дүнүйөкорлук кызыкчылыктарынын чектелүүсүнөн коркуп, бир жетимге моюн сунуп калабызды деген сокур намысты жеңе албай, Куранды четке кагышкан. Болбосо алар деле Курандын улуулугун, касиетин жана риторикалык артыкчылыгын абийирде кабылдашкан.

Ибн Аббастын баяндамасына караганда, мушриктердин билермандарынан саналган Валид бин Мугира күндөрдүн биринде Алланын Элчисине келет да, Куран окуп беришин талап кылат. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* мына бул аятты окуп берет:

إِنَّ اللهَ يَأْمُرُ بِالْعَدْلِ وَالإِحْسَانِ وَإِيتَاءِ ذِي الْقُرْبَى وَيَنْهَى عَنِ الْفَحْشَاءِ
وَالْمُنكَرِ وَالْبَغْيِ يَعِظُكُمْ لَعَلَّكُمْ تَذَكَّرُونَ

**«Алла Таала силерге албетте адилеттүүлүктү, жакшылык кылууну, туугандарга жардам берүүнү буюруп, зынакорлукка, жамандыктарга жана заалимдик кылууга тыюу салат. Угуп тутунарсыңар деп силерге насаат берет»** *(Нахл сүрөсү, 90-аят).*

– Ушуну дагы бир жолу окуп берчи, – дейт, ынтаа койгон таризде.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* аятты кайталап окуган соң, Валид:

–Ант болсун, бул сөздөрдө мөмөсү көптүгүнөн шагы ийилген, тамыры суулуу жана жемиштүү даракка окшош көркөмдүк жана жагымдуулук бар экен. Муну эч бир адам айта албас. Бул сөздөрдүн бүт нерседен улуу экендигинде шек жок. Муну менен эч ким тең тайлаша албас, каршы чыккандарды сөзсүз жеңип алат! – деп айтат. Курандын таасири ага ушул сөздөрдү айттырат.

Курандын жылуу жел аргысы көөдөнүн желип өткөндөн кийин, толкунданып Абу Бакирге барат. Андан Куран тууралуу көп суроолоруна ынанымдуу жоопту уккан соң курайш бутпарастарынын жанына басып барып мындай дейт:

– Абу Кабшанын уулунун айтканы чынында эле абдан таң калыштуу экен. Ант болсун, ал ыр да эмес, сыйкыр да эмес, жиндинин айта турган тантырак кеби да эмес! Анын окуганы анык Алланын сөзү экен!

Көпчүлүктүн арасында айтылган бул сөздөр Абу Жахилге жетери менен ал чалкасынан кете жаздайт:

– Валид эле динден кайтты дегиче, жаамы курайш уруусу динин чанып кетет, – деп күбүрөнүп аны издеп жөнөйт. Дайынын тапкан соң, эптеп көңүлүн алуу үчүн:

– Абаке, коомчулук сага тартуу кылалы деп мал-мүлк жыйнап жатышат. А сен болсо Мухаммедге барып, бир нерселерди угуп келиптирсиң? – деп кыйытып, амалкөйлүккө салып көрөт.

Валид:

– Менин эң бай экенимди жалпы курайш жакшы билет.

Абу Жахил:

– Андай болсо Мухаммедди каралап, элге жар сал! Сен андан баш тартканыңды жана аны жактырбаганыңды угуп, бүтүндөй эл тынчып калсын.

Валид:

– Эмнени айтайын? Араңарда акындыкты, ыр өнөрүн жана касийданы менден кыйын билген адам жок. Анын сөздөрү биз билгендин баарынан айырмаланып турат. Мухаммедден уккандарым адамдын сөзүнө да, жиндин сөзүнө да окшобойт. Анда ажайып жагымдуулук жана куюлушкан ыргак бар.

– Аны каралап жалаа жапмайынча, сени сыйлап келген атпай курайш сага ыраазы болушпайт, ушуну эсиңе түйүп кой! – деп, Валидди жарга такайт.

– Мени жайыма койчу, жакшылап ойлонуп көрөйүн, – дейт Валид. Акырында:

– Бул (Куран) ооздон оозго өткөн сыйкырчылык! – деп, напсиге жеңилип берет *(Хаким. II, 550/3872; Табари, Тафсир, XXIX, 195-196; Вахиди, б. 468).*

Ыймандын эшигине жакындап барып, кайрадан каапырлыкка тартылып кеткен Валиддин абалы Куранда айкын түрдө мындайча сүрөттөлгөн:

إِنَّهُ فَكَّرَ وَقَدَّرَ فَقُتِلَ كَيْفَ قَدَّرَ ثُمَّ قُتِلَ كَيْفَ قَدَّرَ ثُمَّ نَظَرَ ثُمَّ عَبَسَ وَبَسَرَ
ثُمَّ أَدْبَرَ وَاسْتَكْبَرَ فَقَالَ إِنْ هَذَا إِلَّا سِحْرٌ يُؤْثَرُ إِنْ هَذَا إِلَّا قَوْلُ الْبَشَرِ

“**Анткени ал ойлонду да, өзүнчө таразалады. Ал, жок болгур, кандай өлчөө жасады! Ал, жок болгур,**

**дагы кандай өлчөө жасады! Анан карады[177]. Анан кабагын түйүп, кашын чытты. Анан тескери бурулуп, текеберленди. Анан айтты: «Бул[178]– жазылып калган бир сыйкырчылык; Бул – болгону адамзаттын сөзү»** *(Муддассир сүрөсү, 18-25-аят).*

Элге Куран угууга катуу тыюу салган карөзгөй мушриктер Абу Суфян, Абу Жахил жана Ахнас бин Шарик эл аягы тынчыгандан кийин Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи васаллам)* Каабада Куран окуган жеринен, үч күн бою ар кайсы жерге бугуп жатып угушкан. Кызык жери, жашырынып Куран уккан мушриктер бири биринен кабарсыз барышкан. Күндөрдүн биринде бири бирин карп-курп сүзүп алышкан үчөө абдан ыңгайсыз абалда калышкан.

«–Абдан жаман иш болду, муну эч кимге билгизбөө керек!… Бирөө жарым эле туюп кала турган болсо шерменде болобуз. Куранды угуудан эч кимди тосо албай калабыз!» деп, өздөрүнүн жоруктарын өздөрү сындашып, экинчи кайталабоого өз араларында касам ичишкен *(Ибн Хишам, I, 337-338).*

Көптөгөн адамдар Курандын ички таасирине багынып мусулман болушкан. Маселен Азирети Умар душмандык ниет менен жолго чыгып, карындашынын эшигине барат. Албууттанган ачуусуна карабастан ичкериден чыккан Курандын авазын угуп, жүрөгү жибип, наадандык ан-сезимдери ээрип, өзгөрүүгө дуушар болгону тарыхый чындык. Анын үстүнө, Азирети Умар кулк-мүнөзү жагынан жүрөк титиреткен каардуу, оңой менен ийге келбеген орой киши болгон.

Курандын куттуу таасирине кабылып, мусулман болгон-

177. Айланасын
178. Куран

дордун бири Жубайр бин Мутим болуп саналат. Ал Алланын Элчисинен *(саллаллаху алейхи васаллам)* Тур сүрөсүн угаары менен жүрөгүнө бир башкача жылуулук агылып, ошол агымдын толкунуна туруштук бере албай:

*«-Кудум жүрөгүм жарылып кете тургандай абалда калдым»* – деп, өз абалын билдирген *(Ахмад, I, 83-85).*

Окуяны өзү мындайча маалымдайт:

«Шам намазы болчу. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Тур сүрөсүн окуп калды.

أَمْ خَلَقُوا السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضَ بَل لَّا يُوقِنُونَ أَمْ عِندَهُمْ خَزَائِنُ رَبِّكَ أَمْ هُمُ الْمُصَيْطِرُونَ

**«Алар Жаратуучусуз эле жаралыштыбы, же болбосо өздөрү Жаратуучубу? Же болбосо жер асмандарды алар жараттыбы? Жок! Алар, Аллага чындап ишенишпейт. Же Алланын казыналары алардын жанындабы? Же алар өкүмдарбы?»** *(Тур сүрөсү, 35-37-аят).* Ушул аятты угарым менен жүрөгүм жибип, өзүмдү учуп бараткандай эле сездим» *(Бухари, Тафсир, 52).*

Азирети Мухаммедге *(саллаллаху алейхи васаллам)* Элчилик милдет алгач берилген кездерде арабдардын арасында акындык боюнча ыр таймаштар өткөрүлө турган. Ошол мелдеште жеңишке жеткен ыр Каабанын дубалына илинген. Кызыккандар окуп, суктанышкан. Ошол мелдештердин биринде Уммул Кайс аттуу акын биринчиликти алган. Уммул Кайстын карындашы бул адабий жанрдын майда-чүйдөсүнө чейин мыкты билген инсан болгон. Стилистика жана риторика дегендин тилин түшүнгөн бул аял күндөрдүн биринде бирөөнүн Куран окуп

жатканын угуп калат да:

«–Бул деген адамдын эмес. Адамдын сөзү мындай болушу мүмкүн эмес. Эгер жер бетинде ушундай укмуш сөз боло турган болсо, агамдын ырынын Каабанын дубалында илинип турганы туура эмес. Аны түшүрүп, ордуна ушуну илүү керек» деп, акыйкаттын ажатын тайманбай ача алган. Айтып эле тим болбостон, Каабанын дубалындагы агасынын ырын өз колдору менен алып салган. Деңгээли жагынан Куранга салыштырганга мүмкүн болбогон башка ырлар да асылган жеринен түшүрүлгөн[179].

Акыл-эстүү карапайым адам деле Куранды угуп олтуруп, анын Жараткандын сөзү экендигин айырмалай алат. Ошол себептен Алланын Элчиси Курани Каримди адамдарга окуп берүүгө, угузууга милдеттендирилген эле.

وَإِنْ أَحَدٌ مِّنَ الْمُشْرِكِينَ اسْتَجَارَكَ فَأَجِرْهُ حَتَّى يَسْمَعَ كَلاَمَ اللهِ ثُمَّ أَبْلِغْهُ مَأْمَنَهُ

«**Эгер мушриктерден бирөөсү сенден башпаанек сураса, анда ага Алланын сөзүн тыңшаганга чейин[180] башпаанек бер. Анан аны коопсуз жерге жеткир. Бул – алардын билбей турган[181] коом экендигинен**» *(Тооба сүрөсү, 6-аят).*

Демек, каалагандарга Алланын сөздөрүн угузуу – ыйман нурунун жүрөккө киришине себепкер болот.

Курандын кыраатында рухтарды өзүнө тартып, сезимдерди сергиткен мукамдуулук жана музыка сымал ыргак катылып жатат. Сөздөрдүн, тамгалардын, сүкүн жана аракеттердин,

179. Ахмед Жевдет Паша, I, 83.

180. Сенин исламга чакырган сөзүнө кулак салып, Аллага гана ибадат кылууга ниеттенгенин ачык айтканга чейин

181. Алланын алдында кайсыл дин сөзсүз кабыл болоорун

узун жана кыска муундардын кынтыксыз эрежесинин кылымдар бою өзгөрбөй турушунун өзү эле анын Алла Тааланын китеби экендигинин далили. Ал көбүнесе бир тыбыштан экинчи бир тыбышка өтүүдөгү керемет ыргагы менен жан дүйнөнү өзүнө магниттей тартып турат. Усул жана эрежелерине баш ийүү менен окулса, Курандын теңдешсиз мукам ыргагын анын маани-маңызын түшүнбөгөн адамдар да эргүү менен угушат[182].

## Мушриктердин Куранга каршы иш-аракеттери

Жаңы келген Ислам дини мушриктердин напси менен камыр-жумур болуп жыргап жашашына тыюу салып, адилеттүүлүк, кыямат кайым, кайрадан тирилип сурак берүү, жасалган жамандык иштердин жана бирөөнүн акы-укугун эзгендердин акыретте жазага тартылаары тууралуу акыйкат кабарларды даршан кыла баштаган. Мындай акыйкаттар каапырлардын тынчын алып, түн-уйкусун бузган. Анын үстүнө, Ислам дини жансыз буттарды жектеп, алардан баш тартууга чакыра баштаган. Эки адамдын башы бириккен жерде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* алып келген «улуу кабарлар» тууралуу кеп жүрүп калган. Мекке бул кабарларга чайпала баштаган. Мушриктер үчүн коркунучтуу болгон бул көрүнүштү Наба сүрөсүнүн алгачкы аяттары, мындайча сүрөттөйт:

عَمَّ يَتَسَاءلُونَ عَنِ النَّبَإِ الْعَظِيمِ الَّذِي هُمْ فِيهِ مُخْتَلِفُونَ

**«Бири биринен эмнени сурап жатышат? Алар өзү-**

182. Мына ошол себептен Курандын окулушу да өзүнчө эркин илим тармагы болуп түзүлгөн. Ар бири ар башкача кыраат менен окулган он кыраат илими «Он кыраат» болуп негизделген. Ар бир кыраат усулунун, кудум мазхабдарда болгондой эле «кыраат имамдары» деген аталыштагы түзүүчүлөрү бар. Орто Азиянын бардык жеринде Курани Карим «Асым кыraаты» менен окулат.

**лөрү келише албаган-талашка түшкөн улуу жана айбаттуу кабарды** (бы)**?»** *(Наба сүрөсү, 1-3-аяттар).*

Адам баласы акыйкатка жана чындыкка ийкемдүү болуп жаратылгандыктан, көмүскө нерселерге чын жүрөктөн ыраазы боло бербейт же канааттанбайт. Белгилүү, көрүнөө нерселерге көңүл койот. Кайыпка, көзгө көрүнбөгөн нерселерге аягы тартпайт. Ошондуктан билбеген же билинбеген нерселер киши баласын кейитип жиберет. Бүткүл пайгамбарлар акыйкаттарга чакырганына карабастан, өлүм маселеси тээ абалтан бери адамзатты убайымга салган. Бул суроо уулуу жылан сымал адамдын акылын, аң сезимин ороп алып, азап чектирген. Кээ-кээде коркунучтуу ойлорду бүркүп, санааны санга бөлгөн. Ошентсе да, ар тараптан келген көз караштар өлүм маселесин жымсалдап, адамдардын оюн башка жака буруууга аракет жасашкан. Бирок, турмуш маселесинен да ары зарыл, ары ирим сымал оп тартып турган өлүм феномени ар бирибиздин башыбызга келе турган акыйкат. Аны билбегендерге таамай түшүндүрүп берүү – ар бир мусулмандын милдети.

Акыл-парасат менен аңдоого мүмкүн болбогон келечектин бул түйүнүн бир гана вахийдин кудурети чече алат. Жаамы пайгамбарлар, айрыкча, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* маалымдаган келечек тууралуу акыйкат кабарларды кубануу менен, ынтызарлык менен кабыл алышыбыз кажет. Тилеке каршы, адамдык касиеттен ажырап калган каапырлар ар бир доордо кайып жана өлүм маселелерин аяк асты кылышкан. Акыйкатты айткандарга акаарат келтиришип, шылдыңдашкан. Жаратылуу сырына жана улуу максатка карама-каршы жашоо образын тандап алган мушриктер Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* айткан акыретке байланыштуу кабарларга таң-калышкан. Напсиге азгырылууга тыюу салган

эрежелерди уккан соң акыреттеги бейишти бул дүйнөнүн убактылуу жыргал жашоосуна алмаштырып алышкан. Башкача айтканда, Исламды жана анын өлүм, акырет, кыямат ишенимдерин четке кагышкан.

Курани Карим акыретти **«набаи азим-улуу кабар»,** деп маалымдайт. Мунун себеби жана аялуу сыры айдан ачык. Тирүүлүктө ким болбосун, баары тегиз өлүмгө моюн сунушат жана азап чегишет. Жашоонун миң сан жолдорунун акыр-аягында өлүм кыйырларына сиңип жок болуу деген чындык ыймансыз жүрөктөрдү сыздатып, тунгуюкка кептейт. Бул жашоодо тирүүлөр үчүн өлүмдөн да маанилүү нерсе болбос. Демек, бул кабардын улуулугу – анын чындык экендигинде, андан качууга арга жок экендигинде. Ушул унгулуу кайып окуяны таамай түшүнгөн инсандар убактылуу жыргалчылыктардан жана ибадаттан алаксыткан нематтардан оолак болушкан, жалганчы келечектен чыныгы жана түбөлүктүү келечекке бет алышкан. Өлүмдөн сабак алалбаган өмүрдүн азаптуу караңгылыктан айырмасы жок. Бактылуулуктун жылдызы өмүрдү туура жолдо өткөргөн соң, өлүм менен кошо балбылдап жанат. Ислам дини мына ошондуктан, мусулмандарды ар дайым өлүмдү эстөөгө жана ага даяр болууга чакырат.

Ышкы жана кумарларын кудайындай көргөн каапырлар акырет жана өлүм кабарларын такыр жактырышпайт. Бул кабарлар алардын жүрөгүн үшүтөт. Арам кумарга семирген напсилери өлүмдү уккусу келбейт. Ошол себептен, аны көңүлгө жага тургандай кылып, өзгөртүп берүүнү Азирети Пайгамбарыбыздан *(саллаллаху алейхи васаллам)* талап кылышкан:

«– Лат менен Узаага ибадат кылуубузга тыюу салбай турган Куранды алып кел. Эгер Кудайың андайга уруксат бербесе,

анда келген буйруктарды өзүң эле алмаштырып сал. Азап деген аятындын ордуна мээрим дегенди кой, арамдын ордуна адал дегенди кой!»

Каапырлардын мындай арамза ниети белгилүү болгондон кийин мына бул аят түшүрүлгөн:

وَإِذَا تُتْلَى عَلَيْهِمْ آيَاتُنَا بَيِّنَاتٍ قَالَ الَّذِينَ لاَ يَرْجُونَ لِقَاءنَا ائْتِ بِقُرْآنٍ غَيْرِ هَـذَا أَوْ بَدِّلْهُ قُلْ مَا يَكُونُ لِي أَنْ أُبَدِّلَهُ مِن تِلْقَاء نَفْسِي إِنْ أَتَّبِعُ إِلاَّ مَا يُوحَى إِلَيَّ إِنِّي أَخَافُ إِنْ عَصَيْتُ رَبِّي عَذَابَ يَوْمٍ عَظِيمٍ

**«Биздин ачык-айкын аяттарыбыз окулуп берилген чакта, Бизге кездешүүнү үмүт этпеген кишилер мындай дешет: «– Бул Курандын ордуна бир Куран алып кел, же муну өзгөрт». Аларга: «–Аны өзгөртүүгө болбойт. Мен болгону мага вахий кылынган нерсени гана ээрчиймин. Эгер Эгемдин буйругун аткарбасам, улук күндүн** (кыяматтын) **азабынан коркомун!» – дегин»** *(Юунус сүрөсү, 15-аят); (Вахиди, б. 270; Алуси, IX, 85).*

Ойлогон ойлору ишке ашпаганына арданган мушриктер эми, планды өзгөртүп, катаал мамилеге өтүштү. Мусулмандарга карата кыйноолор, зомбулуктар күндөн күнгө күчөй берди. Меккеде чыдап жашоо мүмкүн болбой калды. Азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) да башка мусулмандардын артынан Азирети Пайгамбарыбыздан *(саллаллаху алейхи васаллам)* уруксат алып Хабашистанга (Эфиопияга) карай жол тартты.

Бир эки күн жол жүргөн соң кара уруусунун башчысы Ибн Дагинага кезикти.

– Абу Бакир, сен сыяктуу урматтуу адам журтунан эч кайда

чыкпашы керек жана чыгарылбашы керек. Сен элиндин жана уруундун көркүсүн! Жакшылыгынды аячу эмессин, туугандарынды коргочусун. Колунда жоктордун түйшүгүн жеңилдетип, муктаждыгын камсыздаган берешен киши элең. Кайт артыңа, Меккеге барсаң, менин карамагымда болосун!

Ибн Дагина ошентип, Азирети Абу Бакирди көндүрдү. Меккеге кайтып барышкан соң аны карамагына алгандыгын курайш уруусуна жар салды.

Көп өтпөй курайш уруусун бир тизгинде кармап турган билермандар Ибн Дагинага барышып:

– Абу Бакирге айткын, Раббисине ибадат кыла турган болсо, үйүнүн ичинде кылсын! Намаз окугусу келсе, Куран окуса, үйүндө каалаганча окусун! Бирок, үйүнөн сыртта ибадат кылып, биздин тынчыбызды албасын! Бала-чаканы динине тартып кетеби деп чочулап турабыз, – деп шарт коюшту.

Мушриктердин шартын түшүнгөн Ибн Дагина өзүнүн эртенин ойлоп, маселени Абу Бакирге айтты. Ал макулдугун билдирген тейде башын ийкеп койду. Ошентип, үйүнүн алдына чакан гана намазкана курду да, ибадаттарын ошол жерде аткара баштады. Жүрөгү таза, ак көңүл адам болгондуктан, маанисине жараша кээ бир аяттарды сүйүнүп, кээ бир аяттарды кайгылуу окуп, кээде көз жашын токтото албай ыйлап алчу. Үнү мукам, кыраааты жагымдуу болгондуктан, айлана-чөйрөдөгү мушриктердин балдары да, аялдары да берилип тындашар эле. Бул көрүнүш мушриктердин үрөйүн чындап учурду. Чогулуп өз ара кеңешкен бутпарастар, Абу Бакирдин мындай жоругуна тыюу салууну же анын үстүндөгү коргоо жоопкерчилигин алып салууну Ибн Дагинадан талап кылышты.

Ал Азирети Сыддыкка барып:

– Абу Бакир, мен сага эки жолду сунаштаймын. Экөөнүн бирин тандашың керек. Же үйүңдө отуруп үн чыгарбай намазыңды оку, же баш коргоо чараңа мындан ары менин кепил эмес экенимди калайыкка билдирип жар сал, – деп, аргасыздан ырсайды.

Бутпарастардан коркуп, көзү жалдырап турган Ибн Дагинага Абу Бакир Алла Таалага гана тобокел кылаарын жана Аллага гана моюн сунаарын билдирип, мындай деди:

«Кепилдигиңди өзүңө кайтарып жатам. Мага Алла Тааланын коргоосу жетет!» *(Бухари, Манакибул-Ансар, 45; Ибн Хишам, I, 395-396).*

***

Араб коомчулугу адабиятка абдан ышкыбоз болгондуктан, адабиятка, көркөм сөз өнөрүнө, сөзмөрлүккө олуттуу маани бериш турган. Жадагалса, төрт сап ырдын таасири айрымдарды көккө көтөрсө, айрымдардын сай сөөгүн сыздатып салчу. Касиеттүү Курандын ажайып таасирин сезген мушриктер, эл ага тартылып кетпесин деген ниетте жан алекетке түшүп чара көрө башташкан. Куранды окууга жана тындоого тыюу салышканы аз келгенсип, кокус угуп калса арбалып кетпесин деген бузук ниет менен, окуп жаткан адамдын жанына барып чуру-чуу салып жүрүштү.

وَقَالَ الَّذِينَ كَفَرُوا لَا تَسْمَعُوا لِهَذَا الْقُرْآنِ وَالْغَوْا فِيهِ لَعَلَّكُمْ تَغْلِبُونَ

**«Танып кеткендер айтышты: «Куранды укпагыла, окуп жатканда чуу салгыла, балким, жеңип кетерсиңер!»** *(Фуссилат сүрөсү, 26-аят).*

Карөзгөйлөрдүн жан какшаткан азаптарына жана кордугу-

на карабастан, Азирети Пайгамбарыбыз түбөлүк кутулууга багыттаган Ислам чакырыгын таштабады. Мушриктер ажылык же башка бир максат менен Меккеге келе жаткан жолоочуларды шаардын сыртынан тосуп алышып, эскертүү берип жатышты. Азирети Мухаммедге *(саллаллаху алейхи васаллам)* жолукпоо, анын айткандарына кулак салбоо тууралуу алардын убадасын алып, жадагалса, коркутуп-үркүтүүгө чейин барышты. Аны менен эле токтоп калбай, сырттан келген жолоочуларга Алланын ардактуу Элчисин сыйкырчы, жинди, бакшы сыяктуу, өзүлөрү да ынана албаган сыпаттар менен каралай башташты. Кыскасы, маалыматтык согуш менен жолоочуларды андан оолактатууну көздөштү.

Туфайл бин Амр[183] акын киши болгон. Ошол кыйын күндөрдүн биринде ал Меккеге келет. Аны көргөн курайш кыйын чыкмалары ага акыл үйрөтүштү:

– Эй, Туфайл. Сен залкар акынсың! Анын үстүнө, коомчулукта аброюң бийик. Ушу тапта сен биздин жерде турасың, чекеге чыккан чыйкандай болгон ушу адамдан сак бол! Анын баштаган иштери бизге мүшкүл алып келди. Коомчулуктун ыркын кетирип, салттарыбыздын тоз-тополонун чыгарды. Ал абдан өткүр, сыйкырлуу сүйлөгөндүктөн, бутпарастыкты чанып, аны ээрчип кеткендер болуп жатат. Ата менен баланын, эр менен аялдын, тууган менен туугандын ортосуна жик салды. Түндүгүбүздү каптап турган жаман кырдаал сенин да, элиңдин да башына келип калбасын, этият бол! Аны менен баарлаша көрбө. Ага такыр кулак салба!

183. Туфайл бин Амр ад-Давси,кадыр-барктуу, акылы зирек , акын жана меймандос адам болгон. Ким келбесин эшиги ачык болгон. Ач курсактарды тойгузуп, коргоо сураган жандарды бооруна тартып, жардам сурагандарга жардамын аябаган жоомарт болгон. Ал пайгамбарлыктын онунчу жылы мусулман болгон. Ошондон тартып Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) Медина шаарына көчкөнгө чейин, давс уруусун Исламга чакырган. Ямама согушунда каармандык көрсөтүп, шейит кеткен.

Камкор сезилген ушундай жагымдуу сунушту уккан Туфайл Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* сөзүнө кулак салбоо жана аны менен баарлашпоо үчүн өзүнө өзү сөз берди. Каабага барган кезде анын үнүнө арбалып кетпейин деген ойдо эки кулагына кебез тыгып алды.

Бирок, пенде деген пенде экен. Өзүнүн күлкү келтирерлик жоруктарын акыл таразасына салып көрүп:

«Ошолордун кебине ишенип, элеңдеген мага чала болот! Мен деген акыл-эстүү, акын адам эмесминби. Сөздүн жакшысы менен жаманын айырмалай алам. Анан кантип ушул адамдын сөзүн угуп зыянга учурап калайын, тооба десе?! Жакшы болсо кабылдайм, жаман болсо баш тартам, ушунун эмнеси кыйын», деп, ичинен бир чечимге келген соң, ыңгайлуу өңүтүн күттү. Алланын Элчиси үйүнө кайткан кезде артынан акмалап, жакын барып кепке тартты:

– Мухаммед, сен тууралуу тигилер мага ушундай маалымат беришти. Алардын айткандарына ашыкча ишенип алганым үчүн, сөздөрүңдүн таасирине кабылбайын деп кулактарыма кебез тыгып алдым. Эмнегедир сенин сөздөрүңдү уккум келип жатат. Элдер үркүп жаткан чакырыгыңды мага жакшылап бир түшүндүрүп берчи? – деп, мурунку болуп өткөн окуяларды төкпөй-чачпай айтып берди.

Насиби улук Туфайл андан ары сөз улай мындай деди:

– Алланын Элчиси мага дин Исламды түшүндүрүп, Куран окуп берди. Кудайга ант болсун, мен Курандан артык сөздү, Исламдан ийги динди эч убакта, эч бир жерден көргөн да, уккан да эмесмин. Сыйынууга жалгыз Алла Таала гана ылайыктуу, Андан башка кудай жок экендигине ыйман келтирдим да, мусулман болдум.

Элдин көңүлүнөн түнөк тапкан Туфайл бир топ күн Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* жанында туруп калды. Дин тууралуу кыйла маалыматтарды алган соң уруксат алып, динге чакырууну ниет кылып, өз элине кайтты.

Далил катары адамдарга бир керемет көрсөтсөм деген өтүнүчүн орундатып, Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи васаллам)* Жаратканга мунажат кылды. Анын дубасынын берекеси менен, оболу эки көзүнүн ортосуна балбылдап жанган бир нур пайда болду. Андан соң Туфайлдын каалоосу менен мандайынан таягынын учуна өттү. Өз элине баргандан кийин шейит кеткенге чейин динге даават кылып жана жихадга катышып өмүр кечирди[184].

Ислам тарыхында эң көп хадис риваят кылган хадис илиминин жаркын жылдызы Абу Хурайранын мусулман болушуна Азирети Туфайл (Алла ага ыраазы болсун) себепчи болгон. Бул кутман сахабанын чакырыгына эң алгачкылардан болуп Абу Хурайра (Алла ага ыраазы болсун) оң жооп берген[185].

***

Куранга ушунчалык карөзгөйлүк мамиле кылышса да, бутпарастар кээде абийир менен соттошуп, чындыкка моюн сунушуп, жашырынып барышып, Куран уккан күндөрү болгон. Бул жолу башка шылтоо таап:

وَقَالُوا لَوْلَا نُزِّلَ هَذَا الْقُرْآنُ عَلَى رَجُلٍ مِّنَ الْقَرْيَتَيْنِ عَظِيمٍ

**«Ушул Куран, эки шаардан бир чоң адамга түшүрүлсө болбойт беле?» – дешет эле** *(Зухруф сүрөсү, 31-аят).*

184. Ибн Хишам, I. 407-408; Ибн Саьад, IV, 237-238.
185. Ибн Хажар, аль-Исаба, II, 226.

Мушриктер Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи васаллам)* чыныгы Пайгамбар деп, Куранды чындык китеп катары абийирде кабыл кылышканы менен анысын ачыкка чыгарууга батына албай коюшкан. Анын ыйык китеп экендигине ичтен ынанышканы менен Алланын тагдырына жана эркине кемчилдикти тануулашар эле. Алардын күнкор ою боюнча, Курани Карим кембагал, жетим, кароосуз адамга эмес, Меккенин эң байы Валид бин Мугирага же Таиф байларынан Амр бин Умайрга түшүрүлүшү керек экен.

Валид бин Мугиранын:

«– Курайштын мендей билерманы жана улуусу же болбосо сакифтердин улугу Амр бин Умайр турганда Куран ушу Мухаммедге түшүрүлөбү?!» деп айтканы бар эле *(Ибн Хишам, I. 385).*

Аныгында Жараткан Алланын даргөйүндөгү пенденин мартабасы байлыкта же дөөлөттө эмес, ыкластуу такыбаалыкта. Мушриктердин оюн деле калыс карай турган болсок, аларга салыштырмалуу уруу жагынан эң мартабалуусу да, пакизасы да Пайгамбарыбыз Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* болгон.

## Азирети Пайгамбарыбызга жана Куранга коюлган айыптоолор

Азирети Мухаммедге *(саллаллаху алейхи васаллам)* кайсы жагынан каршы чыкпасын, мушриктер чеке жылытарлык ийгиликке жеталбай коюшат. Анын кат таанымбаган сабатсыз адам экендигин беш колдой билгенине карабастан, бул ирет «Ал Куранды бир христиан кулдан үйрөнгөн» дегенчелик акмакчылыкка барышты. Ушундай улуу динди негиздей турган бир кул

ааламдарга атагы кеткен ардактуу мартабаны башка бирөөгө ыраа көрө койбосун ойлонушкан эмеспи деп таң каласың. Анан ошо үйрөткөн пенде христиан бойдон кала берет имиш? Бул акылга сыйбаган сандырак жалаа!

Мындай жүйөсүз айыптоого Курани Карим мындай деп жооп берген:

وَلَقَدْ نَعْلَمُ أَنَّهُمْ يَقُولُونَ إِنَّمَا يُعَلِّمُهُ بَشَرٌ لِّسَانُ الَّذِي يُلْحِدُونَ إِلَيْهِ أَعْجَمِيٌّ وَهَـٰذَا لِسَانٌ عَرَبِيٌّ مُّبِينٌ

**«Чынында Биз алардын: «Куранды Мухаммедге башка бир адам үйрөтүүдө», –деп жатканынан кабардарбыз. Бирок алар таңуулап жаткан адамдын тили башка. Куран болсо - даана араб тили»** *(Нахл сүрөсү, 103-аят).*

وَمَا كُنتَ تَتْلُو مِن قَبْلِهِ مِن كِتَابٍ وَلَا تَخُطُّهُ بِيَمِينِكَ إِذاً لَّارْتَابَ الْمُبْطِلُونَ

**«Сен ага чейин эч кандай китепти окуган эмессиң жана аны өз колуң менен жазган да эмессиң. Эгерде сабаттуу болгонуңда, терс жолго түшкөндөр** (башка бирөөдөн үйрөндү деп) **шектенишер эле»** *(Анкабут сүрөсү, 48-аят).*

Ошол эле учурда, мушриктердин мындай жагымсыз иш-аракеттерине көңүлү ооруп калбасын үчүн Жараткан Алла Элчисин *(саллаллаху алейхи васаллам)* жубатып турган:

فَذَكِّرْ فَمَا أَنتَ بِنِعْمَتِ رَبِّكَ بِكَاهِنٍ وَلَا مَجْنُونٍ أَمْ يَقُولُونَ شَاعِرٌ نَّتَرَبَّصُ بِهِ رَيْبَ الْمَنُونِ قُلْ تَرَبَّصُوا فَإِنِّي مَعَكُم مِّنَ الْمُتَرَبِّصِينَ

«**Ошондуктан эскерт.** (Анткени) **сен, Алланын жакшылыгы менен көзү ачык да, жинди да эмессиң. Же алар: «–Ал – бир акын. Ошондуктан ага жаман учурдун келишин күтө туралы[186]!» - дешет. Айткын: «–Күтө бергиле! Мен да силер менен бирге күтөмүн!»** *(Тур сүрөсү, 29-31-аяттар).*

قَالَ الَّذِينَ كَفَرُوا لِلْحَقِّ لَمَّا جَاءَهُمْ هَذَا سِحْرٌ مُّبِينٌ أَمْ يَقُولُونَ افْتَرَاهُ
قُلْ إِنِ افْتَرَيْتُهُ فَلَا تَمْلِكُونَ لِي مِنَ اللهِ شَيْئاً هُوَ أَعْلَمُ بِمَا تُفِيضُونَ فِيهِ
كَفَى بِهِ شَهِيداً بَيْنِي وَبَيْنَكُمْ وَهُوَ الْغَفُورُ الرَّحِيمُ

**«....Каапырлар, өздөрүнө келген акыйкатка каршы: «–Бул накта көз бойомочулук!» – дешет, же: «–Ал аны ойдон чыгарган» – дешет? Аларга айткын: «– Эгер мен аны ойдон чыгарган болсом, анда Алланын азабынан мени куткарууга силердин күчүңөр жетпейт. Ал силердин Куранга каршы, чектен чыкканыңарды эң жакшы билет. Силер менен менин ортобузга күбө катары Алла Таала жетиштүү! Ал Кечиримдүү, Мээримдүү»** *(Ахкаф сүрөсү, 7-8-аят).*

Мушриктерде туура жолго түшөлү деген ниеттери болбогондуктан, Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* жана Куранга каршы миң түрлүү жалааларды жаап, айып тага беришти. Ошентсе да, акыйкаттын кайда жатканын билишер эле. Күн өткөн сайын Ислам дининин өнүгүп баратканын көргөн курайштын кыйындары,  Меккенин сыртына жайылып кетишинен кооптонуп Валид бин Мугирага жыйналып барышты.

186. Каапырлар: «Акыры бир күн пайгамбардын акындыгы билинип, уят болот» , – деп арам ойго алдырышкан.

– Эми, Меккеге келген урууларга Мухаммед тууралуу эмне дейбиз? – дешти айрымдар.

Валиддин Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен жолугуп, анын мукам авазынан Куран уккан жайы бар эле. Ал мындай деди:

– Мен көркөм ырдын бардык түрүн жакшы билем. Анын сөздөрү ырга такыр окшобойт. Ыр менен анын ортосунда асман жердей айырма бар. Ырдан да касиеттүү, керемет сөз эле. Анын айтымы проза эмес. Абдан көркөм, мыкты адабий стиль жана мукам ыргак менен айтылат. Ушу жашка келип андайды эч жерден уккан эмесмин. Көзү ачыктын же жин урган адамдын сөзүнө да коошпойт. Биз аны сыйкырчы дей албайбыз. Анткени ал окуп дем салбайт. Жипти түйүп байлабайт. Демек, сыйкырчылык менен эч кандай алакасы жок!

Валид мына ушул акыйкаттарды айтып бүткөн соң, мушриктердин бузуку ниеттерине май тамызып, жагынуу үчүн жол ачып:

– Кемчилик тарабы – тууганды тууганды алыстатат. Жакындардын арасына бөлүнүп-жарып жатат. Мына ошондуктан анын сөзү сыйкырчылыктан жана көз бойомочулуктан башка нерсе эмес! – дегенге мажбур болду. *(Ибну-л Жавзи, VIII. 403-404; Хаким, II, 550; Вахиди, б.468).*

***

Курани Каримге каршы жүргүзүлгөн маалыматтык согуштан ийгилике жете албаган мушриктер бул ирет Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* кутман затын дүрмөткө алышты.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* уулу Касым эки жашында чарчап калган эле. Ушул ишти мүмкүнчүлүк катары пайдалангысы келип, Ас бин Валидди көкүтүп, Азирети Пайгамбарыбызды *(саллаллаху алейхи васаллам)* «абтар» деп жектешти. «Тукуму кыркылган» туяксыз», – деп мыскылдай башташты. Мындай ыплас жол менен акыркы Элчинин кадыр-баркын түшүрөбүз, пенделердин көнүлүнөн анын алоолонгон таасирин өчүрөбүз деп ойлошту. Тилектери таш каап, бул жагынан да өтө оор жоготууга учурашты. Пайгамбарлардын Султанынын *(саллаллаху алейхи васаллам)* азиз көнүлүн ооруткан сөздү айткандардын жүзүнө Кавсар сүрөсү азаптын соккусу болду:

إِنَّا أَعْطَيْنَاكَ الْكَوْثَرَ فَصَلِّ لِرَبِّكَ وَانْحَرْ إِنَّ شَانِئَكَ هُوَ الْأَبْتَرُ

«(Сүйүктүүм!) **Биз Сага шек-күмөнсүз Кавсарды бердик! Андай болсо Рабиң үчүн намаз оку жана курмандык чал!** (Капаланбай муну бил) **сага душмандык бапестеген жана кек сактагандар – чыныгы туяксыз, тукум куругандар!»** *(Кавсар сүрөсү, 1-3-аяттар).*

Сүрөдө белгилегендей, кайсы учур, кай жерде болбосун, Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* душмандык кылгандардын жана жалаа жапкандардын орток белгиси – бул «туяксыздык»! Ааламдардын ак Пайгамбарын чөл бадависи деген жүзү кургурлар, өз өксүгүн ага тануулаган акмактар, анын ак динин «чөл мыйзамы» деген арсыз бетпактар – булар руханий жана моралдык тулуптар, туяксыздар!

***

Кудум мурунку пайгамбарларды кабыл кылбай каапыр болгондор сынары, көбүнесе манчырканган бийлер, эсирген эссиз

байлар Азирети Мухаммедди *(саллаллаху алейхи васаллам)* көрө албай душман болушкан.

وَمَا أَرْسَلْنَا فِي قَرْيَةٍ مِّن نَّذِيرٍ إِلَّا قَالَ مُتْرَفُوهَا إِنَّا بِمَا أُرْسِلْتُم بِهِ كَافِرُونَ وَقَالُوا نَحْنُ أَكْثَرُ أَمْوَالاً وَأَوْلَاداً وَمَا نَحْنُ بِمُعَذَّبِينَ

**«Биз кайсы өлкөгө бир эскертүүчү жөнөтпөйлү, ал жердин бардар жана текебер кишилери: «–Биз силер чакырыгыңардан баш тартабыз, кабыл кылбайбыз», – дешти. Жана: «–Биздин байлыгыбыз көп, урпагыбыз да көп,** (оной менен) **азапка алдырбайбыз!» – дешти»** *(Саба сүрөсү, 34-35-аяттар).*

وَلَا تُطِعْ كُلَّ حَلَّافٍ مَّهِينٍ هَمَّازٍ مَّشَّاءٍ بِنَمِيمٍ مَنَّاعٍ لِّلْخَيْرِ مُعْتَدٍ أَثِيمٍ عُتُلٍّ بَعْدَ ذَلِكَ زَنِيمٍ أَن كَانَ ذَا مَالٍ وَبَنِينَ إِذَا تُتْلَى عَلَيْهِ آيَاتُنَا قَالَ أَسَاطِيرُ الْأَوَّلِينَ

**«Ар кандай касамкорго моюн сунба, ушак таратып жүрүүчүлөргө** (да)**; жакшылыкты тыйып, чектен ашкан күнөөкөргө** (да)**; ошондой эле, оройго, тексизге** (да)**. Анткени ал байлык, бала-чака ээси болгон. Биздин аяттарыбыз окулган кезде ал: «Байыркылардын жомогу», – деп айтат»** *(Калам сүрөсү, 10-15-аяттар).*

Маселен, Таббат сүрөсүнүн кейипкери Абу Лахаб: «–Мени башкаларга теңеген дин жок болсун!» дечү экен.

Карөзгөй дин душмандарынын башы саналган Абу Жахил мындай деп айткан:

«–Мухаммеддин айткандарынын туура экенинен кабардарбыз! Бирок, ушуга чейин анын уруусу жетишкенге биз да жетишип, алардан  артта калган эмеспиз. Эми болсо, өздөрүнөн пайгамбар чыкканын айтып сыймыктанып жатышат. Арабыздан кантип пайгамбар чыгара алабыз? Бул мүмкүн эмес! Демек, өлсөм да Мухаммеддин пайгамбарлыгын кабыл кылбаймын!…» *(Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 113).*

Ичиндеги арам душмандыгын кайрап ушул сөздөрдү айткандан кийин мындай деди: «Эгер намаз окуп жатканын эле көрө турган болсом, башынан басып өтөм!»

Күндөрдүн биринде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Каабанын жанында намаз окуп жатканын жолдон өтүп бараткан Абу Жахил көрүп калат.  Баягы ооз көптүрмөсүн эстейт. Колуна таш алып, ичинен кудундап жөнөй бергенде жүрөгүн коркунуч каптайт, ирени  кубарып, кармаганга шайы жетпей, колундагы ташы ыргып кетет. Артка бурулуп чымынкуюн болуп качып жөнөйт. Сырттан назар салып тургандар Абу Жахилдин качканын түшүнбөй, дендароо болуп туруп калышат. Артынан барып эмне болгонун сурашат. Коркунучтан дале өпкөсүн баса албаган Абу Жахил энтигип:

«-Мухаммедге жакындай бергенимде, капыстан алдымдан кирген буура чыга калды. Кудайга ант болсун, андай айбаттуу төөнү өмүрүмдө биринчи көрүшүм! Мени жутуп коюшуна аз калды!»  – дейт тили булдурттап (Ибн Хишам, I, 318; Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 92-93).

Окуядан маалым болгондой, Алла Таала сүйүктүү Элчиси Азирети Мухаммед Мустафаны *(саллаллаху алейхи васаллам)* жана анын ак динин коргоп, ар дайым бийик туткан.

Ушундай ажайып окуяларды өз көзү менен көрүп турса да,

арсыз мушриктер Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* болгон көз караштарын өзгөртпөй, Курандын акыйкатынан алыс болгонго кадимкидей аракет кылышар эле. Натыйжада, акыйкат динден качып жүрүп өтүп кетишкен.

Алла Таала минтип айтат:

فَمَا لَهُمْ عَنِ التَّذْكِرَةِ مُعْرِضِينَ كَأَنَّهُمْ حُمُرٌ مُّسْتَنفِرَةٌ فَرَّتْ مِن قَسْوَرَةٍ

**«Аларга эмне болгон, кудум арстандан үркүп качкан жапайы эшектер сымал, насыяттан жүз үйрүп келишет?!»** *(Муддассир сүрөсү, 49-51-аяттар).*

Күн өткөн сайын каапыр бутпарастардын мусулмандарга болгон душмандыгы арткандан артып, кыйноолор күчөп, жан чыдагыс деңгээлге жетет.

## Кыйноолор

Абу Талибге айткан сунуштары пайда бербей, Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи васаллам)* көндүрө албай убара чеккен мушриктер, ачык түрдө коркутууга, жазалоого жана кыйноого өтүшкөн. Алгач чоң уруудан болгондорго жана мартабалуу бүлөнүн мүчөлөрүнө кол тийгизишкен эмес. Анткени, мусулмандарга багытталган мындай заалимдик али массалык түргө өтө элек болчу.

Баштапкы мезгилдерде алсыздарды, кедей-кембагалдарды, кул-күңдөрдү түрдүү кыйноолор менен кордошкон…

Мушриктер Азирети Хаббабды[187] (Алла ага ыраазы болсун)

187. Хаббаб бин Арат Ислам динин кабыл кылган алтынчы мусулман болгон. Мушриктердин айосуз азаптарына чыдаган. Кыйноолордун кесепетин көзү өткөнгө чейин тарткан.

жанып турган кызыл чоктун үстүнө жаткарып, денесинин майы таамп чокту өчүргөнгө чейин кактаган. Аз келгенсип, үстүнө оор нерсени бастырып коюшкан.

Азирети Хаббаб зергер көөрүкчү болгон. Кээ бир мушриктер ага карыз эле. Аласасын сураса:

– Оболу Мухаммедди танып жибер, аласаңды дароо беребиз! – деп шарт коюшкан.

Зергер уста арзыбаган дүнүйөгө кол шилтеп:

– Аны эч качан танбаймын да, чанбаймын! Мен аны менен чогуумун!.. – деп, түбөлүктүү таалай жолун тандап алган эр киши болгон.

Башынан өткөн оор окуяны өзү минтип баяндап калтырган:

«Бир күнү аласамды алуу үчүн Ас бин Ваилге барсам, Пайгамбарыбызды чанып жиберсем анан акчамды аларымды айтты. Кыжырым келип:

– Сен өлүп, кайрадан тирилсең да, Мухаммедден баш тартпаймын! – дедим. Ал мени кекете баштады:

– Демек мен азыр өлөмүн, анан кайрадан тирилемин, ушундайбы?!

– Ооба!

– Андай болсо, кайрадан тирилгенимде мал-мүлктүү болом, аласаңды ошондо төлөйм, – деди.

Бул учурда Алла Таала Пайгамбарыбызга мына бул аятты жөнөттү:

Мединага көчүп барган соң, Бадрдан тартып бардык согуштарга катышкан. Алланын Элчисинен 32 хадис риваят кылып калтырган. Жетимишке барып калганда, 657 –жылы Куфада дүйнө салган.

أَفَرَأَيْتَ الَّذِي كَفَرَ بِآيَاتِنَا وَقَالَ لَأُوتَيَنَّ مَالاً وَوَلَداً أَاطَّلَعَ الْغَيْبَ أَمِ اتَّخَذَ عِندَ الرَّحْمَنِ عَهْداً كَلَّا سَنَكْتُبُ مَا يَقُولُ وَنَمُدُّ لَهُ مِنَ الْعَذَابِ مَدّاً وَنَرِثُهُ مَا يَقُولُ وَيَأْتِينَا فَرْداً

**«Аяттарыбызды танганды жана «Мага албетте байлык жана бала-бакыра берилет», – дегенин көрдүңбү? Ал** (каапыр), **кайыпты билип коюптурбу? Болбосо Рахман** (Алланын) **даргөйүнөн бир сөз алдыбы? Жок, эч качан андай эмес! Биз анын айткандарын жазабыз жана азабын ашыгы менен тарттырабыз! Ооз көптүргөнүн** (байлыгын жана бала-бакырасын) **алабыз, ал Бизге жалгыз келет!»** *(Мариям сүрөсү, 77-78-аяттар)»; (Бухари, Тафсир, 19/3; Муслим, Мунафикун. 35-36; Тирмизи, Тафсир, 19/3162).*

Хаббабдын кожоюну Умму Анмар Исламга каршы чыккан каапырлардын бири болгон. Башка мушриктерден кем калышпай, кызытылган темирди Хаббабдын башына басар эле. Жаны кашайган Хаббаб Азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* арыз мунун айтат. Алланын Элчиси:

*«Оо Жараткан! Хаббабга жардамыңды бер!»* – деп, жалбарып дуба кылган. Натыйжада, жаналгычтай болгон Умму Анмар өтө таң калыштуу дартка кабылган. Жан чыдатпай башы катуу ооруган. Ооруга чыдабай ит сымал улуй турган. Көргөндөр ысык нерсени басууну сунуш кылышкан. Ошондо кезек Хаббабга келип, темирди кызытып кожоюнунун башына баса баштаган[188].

Мушриктердин айосуз кордугун чеккендердин бири Азире-

188. Ибн Асийр, Усдул-Гааба, II, 115.

ти Билал[189] (Алла ага ыраазы болсун) болгон. Кожоюну, Умайя бин Халаф аны төбө чачты тик тургузган коркунучтуу азап менен кыйнаган. Аптап ысыган сайын кум да ошончолук ысый турган. Күн аябай ысыган кезде Билалды жылаңачтап кызыган кумга жаткызып, үстүнө чоң ташты бастырып, кордогон. Кээде жипке байлап алып, Меккенин көчөлөрүндө атка сүйрөткөн күндөрү болгон. Азирети Билалга бир күн, бир түн суу бербестен байлагандан кийин, темирден жасалган жазалоочу кийимди кийгизип, кайнаган аптапка чыгарып, майы ээрип, тамганга чейин ысыган кумга жаткызып койгон.

Жырткыч мушриктер моокуму канганча кыйнашса да, алар каалаган сөздү айткан эмес. Канчалык азапка салышса да Азирети Билал:

«Ахад, Ахад, Ахад, (Алла жалгыз! Алла жалгыз! Алла жалгыз!)» – деп кайталай берген[190].

189. Билал бин Рабиха түпкүлүгү Хабашистандан (Эфиопия) болгондуктан, «Билал Хабаший» деген ат менен таанымал болгон. Меккеде жүрүп мусулман болгондугун ачык айтып чыккан жети адамдын бири эле. Энеси Хамама дагы мусулман болгон эле. Ошондуктан Исламдын алгачкы жылдарында каапырлар эне-баланы аябай кыйнашкан. Улуу көчтүн алгачкы жылы, алгачкы азан чакыруусу менен элге таанымал болгон Азирети Билал үйдө болсун, сапарда болсун Алла Элчисинин азанчысы болуп, жанында жүргөн. Азирети Пайгамбарыбызды ээрчип, дин үчүн бардык согуштарга катышкан. Мекке каратылган күнү Каабанын үстүнө чыгып, жеңиш азанын чакырган. Азирети Пайгамбарыбыздын дааратына суу даярдоо, жеке кызматтарын аткаруу, чабыштарда аны коргоо, мамлекеттик иштерде көмөк көрсөтүү сыяктуу, маанилүү иштерди аткарган. Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) көзү өткөндөн кийин азан айтпай койгон. Азирети Умардын халифалык доорунда Мединадан Сирияга барып анча-мынча жүрүштөргө катышкан. Ал жерде мусулмандар Азирети Билалдын азан айтканын уккусу келип, халифанын сунушун талап кылышкан. Халифанын сунушу менен Азирети Билал кубулжуган коңур үнү менен азан айткан. (Захаби, Сийро, 1. 357). Анын үнүн угуп, Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) бактылуу доорун көз алдыларына элестеткен мусулмандардын баары ыйлашкан. Азирети Билал Пайгамбарыбыздан (саллаллаху алейхи васаллам) 44 хадис риваят кылган. Пайгамбарды жандай сүйүп, анын кызматына бүт өмүрүн арнаган кутман сахаба алтымыш жаш чамасында Дамаскта көз жумган. Көз жумарда: «Кудайым буйруса эртең сүйүктүү досторум Азирети Мухаммедге жана башка досторуна жолугам.… Эх, кандай гана жагымдуу, кандай гана жакшы!» - деп, ага жолугууну самап, жан дүйнөсү менен бактылуу жолугууну элестеткен. (Захаби, Сийро, 1. 359).

190. Ахмад, I, 404; Ибн Саьад, III. 233; Белазури, I, 186.

Жаңы эле телчигип келаткан диндин саналуу мүчөлөрү жалаң алсыз, коргоосуз, жакыр адамдар болгон. Көзүн май баскан мушриктер аларды кыйнап эле тим койбостон, өлтүрүп салган учурлары болгон. Маселен, Аммардын атасы Азирети Ясир[191] (Алла ага ыраазы болсун) мушриктер каалаган сөздү айтпагандыктан, оор азаптан шейит кеткен.

Жырткыч мушриктер Азирети Ясирдин кемпири, Азирети Сумайяны (Алла ага ыраазы болсун) да соо койгон эмес. Ыйманы бекем, ыкласы ташкындаган момун мусулман аялды бутпарастыкка кайрата албай коюшкан. Арданган канкор мушриктер, момун аялдын эки бутун эки азоо төөгө байлап тирүүлөй эки бөлүп тынышкан. Ясирдин үй-бүлөсү ошентип, Исламдын алгачкы шейиттери болушкан[192].

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* күндөрдүн биринде, мушриктердин кыйноосун тартып жаткан ошол таалайлуу бүлөгө кез келип калат. Ошондо аларга:

*«– Сабыр кылгыла, Ясирдин бүлөсү! Сүйүнгүлө, Ясирдин бүлөсү! Силердин ордунар бейиште экенинде эч шек жок!»* – деп, сүйүнчү кабар айтып, азапка тумчугуп бараткан ыймандарына кайрат кошкон. *(Хаким, III, 432, 438).*

Ата-энеси тарткан ырайымсыз азап-кордукту Азирети Аммар[193] (Алла ага ыраазы болсун) да тарткан. Күндөрдүн биринде мушриктер андып жүрүп Аммарды кармап, ур токмокко алы-

191. Ясир бин Амр Йемнден келип Меккеге жайгашып, Абу Хузайфанын кулу Сумййа менен баш кошкон эле. Экөөнүн ортосунан Амр жана Абдуллах аттуу эки уул жарык дүйнөгө келген. (Ибн Саьад, IV, 136, VIII, 264) Ясирдин үй-бүлөсү бүт бойдон Ислам динин кабыл алгандыктан, мушриктердин түрдүү кыйноо-кыстоолорун баштарынан кечиришкен.

192. Ибн Хажар, аль-Исаба, III, 648; Замахшари, III, 164.

193. «Бейиш үч кишиге: Алиге, Аммарга жана Салманга жолугууну арзуу кылат». «Аммар ар убак өзүнө сунушталган нерсенин эң туурасын тандайт» деген хадистери менен Алланын Элчиси, бул даназалуу сахабанын кадыр-баркын даршан кылган (Тирмизи, Манакыб, 32, 34; Ибн-и Мажа, Мукаддима, 11)

шат. Башын кудукка тыгып:

– Мухаммедге акаарат кетирип, Лат менен Уззаны мактамайынча, сени койо бербейбиз! – деп кыйнашат. Акыры максаттарына жетип, айтчу сөздү айттырып тынч койо беришет.

Ошол замат Алланын Элчисине: «–Аммар каапыр болуптур!» – деген кабар келет.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир жерди тиктеген калыбынан жазбай:

– *Жок! Аммардын төбөсүнөн тырмагынын учуна чейин ыйман толо. Ыйман анын канн-жанына дейре синип калган!* – деп берилген кабарды төгүнгө чыгарат.

Көп өтпөй мусулмандардын катарына Аммар өзү келип кошулат. Көздөрү шишип кеткен, дале басыла албай өпкөлөп ыйлайт.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* анын көз жашын куттуу колдору менен аарчып жатып:

– *Сага эмне болду?* – деп сурайт.

– Пайгамбарым, мени мажбурлап сага акаарат келтиртишти жана сенин дининди жаманатты кылдыртышты. Өздөрүнүн буттарын мактоого мени мажбур кылышты! – деп, окуяны баштан-аяк түшүндүрүп берет.

– *Сен ушул нерселерди айтып жатканда жүрөгүңдүн абалы кандай эле?*

– Аны айтып жатканда эт-жүрөгүм Алла Таалага жана Пайгамбарына болгон ыйманга толо, диниме болгон бекемдигим темирден да бек эле! – деди.

Аммардын сөзүн угуп, көңүлү ордуна түшкөн Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* анын дале токтобой агып жаткан жашын аарчып:

*– Аммар, эгер алар, сени дагы мажбурлай турган болушса, эмне каалаcа дароо айтып (кутул) жибер,* – деп, анын жанчылып жаткан жүрөгүн тынчтандыргандай болот.

Нахл сүрөсүнүн жүзүнчү аяты мына ушул окуянын негизинде түшүрүлгөн:

مَن كَفَرَ بِاللهِ من بَعْدِ إيمَانه إلاَّ مَنْ أُكْرِهَ وَقَلْبُهُ مُطْمَئِنٌّ بِالإِيمَانِ
وَلَـــكِن مَّن شَرَحَ بِالْكُفْرِ صَدْراً فَعَلَيْهِمْ غَضَبٌ مِّنَ اللهِ وَلَهُمْ عَذَابٌ عَظِيمٌ

**«Жүрөгү ыйманга балкыган абалда,** (динден кайтууга) **зордолгондордон тыш, кимде-ким ыйман келтиргенден кийин жүрөгүн каапырлыкка ача турган болсо, булардын үстүнө сөзсүз Алланын азабы келет жана буларга чоң азап бар».** *(Нахл, 106); (Ибн Саьад, III. 249; Ибн Асийр, аль-Камил, II, 67; Хайсами, IX, 295; Вахиди, б. 288-289).*

Демек, өлүм коркунучу басып турган чакта гана ыйманга төп келбеген сөздү айтууга болот. Андай абалдан башка жерде айтуу мүмкүн эмес. Бул шарият өкүмү. Буга жогоруда окуя далил.

Дин душмандары ыйман келтиргени үчүн Азирети Сухайбды[194] (Алла ага ыраазы болсун) да эстен танганча ур-токмокко

194. **Сухайб бин Синан-Сухайб-и Руми** деген ат менен таанымал болгон. Бала кезинен оболу гректерге, андан соң арабдарга туткунга түшкөн. Ошентип, Меккеде Ибн Жадандын кеңешчиси болуп жүрүп, Аммар бин Ясирден Ислам дини тууралуу маалымат алган. Жараткан Алла насип кылып, мусулман болгон. Бүтүндөй мал-мүлкүн айбандай аркыраган мушриктерге таратып берип, сан мин азапты башынан кечирип, эптеп Медина шаарына көчүп барган. **«Адамдардын арасында, Алланын ыраазылыгы үчүн өзүн сата тургандары да бар. Алла Таала кулдарына өтө Мээримдүү»**. (Бакара,207) Ушул аят биз сөз кылып жаткан жоомарт сахаба тууралуу түшүрүлгөн. Анын ушундай таң калаарлык берешендигине күбө болгон Алланын Элчиси: «-Абу Яхия, сен абдан пайдалуу жана берекелүү соода-сатык кылдың!» деген (Хаким, III, 450-452).

алышкан.

Аялдардан Зиннура (Алла ага ыраазы болсун) мушриктердин колунан көп кордукту көргөн. Абу Жахилдин айосуз кыйноосунан улам көзүнөн айрылган. Карөзгөйлүк кан жанына сиңип калган Абу Жахил:

– Көрдүнбү? Лат менен Узза сенин көзүңдү көр кылып салды! – деп, байкуш аялдын жүрөгүн канатып, сөз менен сай сөөгүн сыздатып жемелесе да, мүңкүрөп отуруп калбай, каапырга кыжырдануу менен:

– Кудайга ант болсун! Менин көзүмдү алар сокур кылган жок! Лат менен Уззандын кишиге пайдасы да, зыяны да жок. Көзүмдү кайтарып берүүгө Раббимдин күч-кудурети жетет! – деп, жооп кайтарган.

Ошол күндүн эртеси Зиннуранын көздөрүнүн мурункусундай көрүп калганына баары күбө болушкан *(Ибн Хишам, I, 340-341; Ибн Асийр, аль-Камил, II, 69; Усдул-Гааба. VII, 123)*

Башка сахабалар сыяктуу аялдардан Амр бин Фухайра, Абу Фукайха, Микдад бин Амр, Умму Убайс, жана Лубайна, Нахдия жана анын кызы (Алла аларга ыраазы болсун) түрдүү кыйноолорду баштарынан өткөрүшкөн. Мушриктер аларды жылаңачтап, терилери тытылып, шорголоп аккан каны сарыкканга чейин буттарына байланган чынжыр менен көчөмө-көчө сүйрөп, азаптап, коркунучтуу көрүнүш менен карапайым калктын үрөйүн учурушкан. Динден кайтпаган ыйманы бек мусулмандарды күн кайнап турган маалда чөлдөгү кызыган кумга

Ок атууда көзгө атар мерген болгон Сухайб, Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) буйругу менен динди коргоо үчүн бардык согуштарга катышкан. Орто бойлуу, кызыл жүздүү жана абдан жоомарт мусулман болгон. Ал бүт өмүрүн дин үчүн кызмат кылуу менен өткөргөн. Ал, хижраттын 38-жылы 73 жашында көз жумган. Сөөгү Мединадагы Баки көрүстөнүнө коюлган.

жаткырып, чоң-чоң таштар менен бастырып коюшкан. Мындай мыкаачылыкка кабылган жандар кумдун ысыгына, үстүндөгү таштын оордугуна жана андан мурунку токмоктун уусуна чыдабай эстен танып, кээ бирлери жан берген. Айрымдарын атайын өчөштүк кылып муунтуп өлтүрүшкөн[195].

Мындай курч кырдаал жана оор абал момун мусулмандардын чындыгында, абдан алсыз экендигинин белгиси эле. Азирети Пайгамбарыбыз баш болгон бардык момун мусулмандар кыйноого кабылгандарга кайгырышып, алсыздыктын зынданынан чыга албай карайлашкан. Ошол кезде бир ууч кембагалдардан, алсыздардан, кароосуздардан жана кулдардан куралган мусулмандардын колунан эч бир нерсе келбейт эле[196]. Абу Бакирдин гана каржылык мүмкүнчүлүгү болгондуктан, Азирети Билал баш болгон жети мусулман кулду сатып алып, азаттыкка чыгарып мушриктердин кыйноосунан куткарган.

Мусулмандардын катары өскөн сайын мушриктердин мыкаачылыгы дагы да күчөдү. Бей-бечаралардан, кароосуз мусулмандардан майнап чыгара албаган соң, Мухаммедди *(саллаллаху алейхи васаллам)* жана анын айланасындагы Азирети Абу Бакир, Азирети Осмон, Зубайр бин Аввам, Мусаб бин Умайр өңдүү бардар инсандарды дүрмөткө алышты. Ошентип, кый-

195. Иби Мажа, Мукаддима, 11; Ахмад, I. 404.

196. Мусулмандар азап чегишип, кыйынчылыктарды баштан кечирип жатышканда Азирети Пайгамбарыбыздын кайгырганын, жүрөгү сыздаганын ырга салган Мехмед Акиф Эрсой мындай дейт:

Пайгамбарды ойлоп, кыжаалат болбойсунбу?

Тикен кирип сыздаса кай бир момундун буту,

Сезип Анын ак жүрөгү азап чексе,

Доогер болор баарыбыздан Элчинин руху…

Мына ошондуктан момун мусулманды капа кылуу, Пайгамбардын рухун сыздатаарын жадыбыздан чыгарбай, мамиледе болсун, башка иштерде болсун аяр, сылык жана түшүнүшүү менен мамиле кылуубуз керек. Андыктан, адилетсиздик, гыйбат кылуу, көңүл оорутуу сыяктуу ар кандай орой жоруктандан оолак болуу керек.

ноолор массалык түргө өттү. Мурда алсыздарды гана кордошкон болсо, бул ирет байларды да, азыноолак күчү барларды да ылгабай калышты.

Мушриктер өздөрү катылуудан чочулагандыктан, бир сындырым нанга да абийрин сата турган наадандарды тандап алышып, Алланын Элчисине ар тараптуу сокку урууга өтүштү. Саткын жалаакорлор аркылуу акын, сыйкырчы, көзү ачык жана жинди дедиртип, түрдүү жалааларды элге жар салдырышты. Айтылган жалган жалаалар Алланын сүйүктүү Пайгамбарынын акактай көңүлүн жаралап, эзип жиберди[197].

Абдуллах бин Амр көзү менен көргөн окуяны мындайча баян эткен:

«Күндөрдүн биринде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ыйык Каабанын Хижр тарабында намаз окуп жаткан эле. Аңгыча Укба бин Абу Муайт жетип барып, аны жакадан кармап муунта баштады. Абу Бакир чуркап жетип мушрикти көкүрөктөн ары түртүп ийди да:

– *Кудай Таала Пайгамбар кылып жөнөткөн адамды «Менин кудайым Аллах!» дегени үчүн өлтүрөсүңбү?* – деди», *(Бухари, Тафсир, 40).*

Ибн Масуд ушул сыяктуу бир окуяны риваят кылган:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Каабанын жанында намаз окуп жаткан эле. Андан бир аз ыраакта Абу Жахил менен санаалаштары бир нерселерди кобурашып турушкан. Андан бир күн мурда мушриктерден бирөө төө сойгон эле. Абу Жахил тим тургусу келбей арам ниетин кылтыйтты:

– Кече күнү палан адам төө сойгон эле. Мухаммед саждага

197. Ибн Хишам, I. 309-310.

жыгылган кезде башына ошол төөнүн ичеги-карынын ким төгө алат?

Мушриктердин арасындагы эң акмагы ордунан дароо туруп, ары жакта жаткан ичеги-карынды алып келди да, Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* саждага барган кезде мойнунан ылдый төгүп жиберди. Ушуну эле күтүп турган мушриктер шылдыңдашып, каткырып күлө башташты. Алардан бир аз обочо жерде бул окуяны өз көзүм менен көрүп турдум. Эгер менин сөзүм өтүмдүү болуп же коргоп алар адамым болгондо, заматта аны Пайгамбарымдын башынан алып ыргытар элем. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* саждадан башын көтөргөн жок. Бул окуяны көрүп турган бирөө кабар берген көрүнөт, жаш болсо да зирек Фатима чуркап келип атасынын мойнундагы ичеги-карындарды алып ыргытты да, каткырыгын тыя албай жаткан мушриктерге оор сөздөрдү айтты. Алар Азирети Фатимага эч каршылык берген жок. Ал намаз окуп бүткөн соң, үнүн бийик чыгарып: *«Оо Жараткан Кудайым! Курайшты Өзүңө тапшырдым!»* – деген дубаны үч ирет кайталады.

Аянычтуу абалга түшкөн Пайгамбарыбыздын мүндүү дубасын уккан мушриктердин күлкүлөрү дароо тыйылып тымтырстык өкүм сүрдү. Эми эле аны мыскылдап жаткан мушриктердин жүрөгүн айбаттуу коркунуч каптады. Анткени, алар анын дубаларынын сөзсүз кабыл болгонун өз көздөрү менен далай ирет көрүшкөн эле. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* андан ары:

*«Оо, Жараткан Алла Таалам! Абу Жахилди, Утбаны, Шайбаны, Валидди, Умаййя бин Халафты, Укба бин Абу Муайтты Сага тапшырдым!»* – деп, дин душмандарынын аттарын бирден атап жалбарды.

Мухаммедди ак дин менен жөнөткөн Алла Тааанын атына ант этип туруп айтамын, ошондо аты аталган мушриктердин баары Бадр согушунда арам өлгөн айбандай, жер кучактап өлгөнүн көрдүм. Андан соң алар Бадр кудугуна ыргытылган». *(Бухари, Салат. 109, Жихат, 98, Жизя, 21; Муслим, Жихад, 107).*

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* ушунчалык оор зомбулуктарга карабай, мушриктердин сунушун четке кагып, дин сызыгынан кылт этпестен, тавхидди айта берди, жая берди.

*–Каабага барып, мушриктерге Куран окууну каалагандар барбы аранарда? – деп,* кээде сахабаларынан сурап калар эле.

Абдуллах бин Масуд (Алла ага ыраазы болсун) бул сунушка жан дилден  ыраазы болуп, Каабада тайманбай Куран окуган. Дин душмандары кантип чыдай алсын, дароо топтолушуп, кутман сахабаны өлөөрчө токтомоктошкон.

– Биз ансыз деле сенин ушундай азапка кабыларыңды сезип, коркуп турган элек, – дешти жоро жолдоштору.

Абдуллах бин Масуд:

– Менин көз карашымда алардан байкуш, алардан алсыз эч ким жок. Кааласаңар эртең дагы барып, бутпарастарга Куран угузайын, – деди.

– Жок! Сен алардын көңүлүнө жакпаган нерсени угуздуң. Сага ушунчасы деле жетишет, – дешти, бир ооздон *(Ибн Хишам. I, 336-337).*

***

Абу Жахил, Меккеде бардар, мартабалуу бир адамдын мусулман болгонун угуп кала турган болсо, дароо жетип барып,

аны кайтарып калуу үчүн жан далбас уруп жагынар эле. Ою онунан чыкпай калса:

– Эй, шерменде! Сен ата-бабаларындын динин таштадын! Анығына келсек алар сенден да мыкты муун эле. Демек, сен анын пикирин тепседин, зоболосуна түкүрдүн, ушундайбы?! Сенин дининди четке кагууга жана таанибоого, анын жаңылыш экенин далилдөөгө ант беремин! Бүт меккеликтер биригип дининдин кадыр-баркын түшүрөбүз! – деп, буркан-шаркан түшүп, айкырып кете берчү.

Мусулман болгон адам эгер соодагер болсо:

– Карап тур, сенин ушу сооданды сызга отургузуп, мүлкүндү талап-тоноттурбасам элеби! – деп, жүрөк үшүн алар эле. А эгер мусулмандыкты кабыл кылган адам бечара, кембагал, кароосуз болсо, алдамчы шилекейин чачыратып жылуу сөз менен ээритип же болбосо уруп-сабап, Исламдан кайтарып алганга аракет кылчу.

– Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* жана сахабалары мушриктердин айосуз азабын тартса да, кечиримдүү болушканбы? – деген суроого Ибн Аббас мындай деп жооп берген:

«– Ооба, эгерде мушриктер алардын бирөө жарымын тутуп алган болсо, тамак да, суу да бербей аябай катуу кыйнашкан. Чарасыз мусулмандар токмоктун уусунан тура албай калышар эле. Тигилер ушундай жол менен каалаган сөзү сүйлөттүрүп алышкан. Маселен, каапырлар: –Алладан башка Лат менен Узза кудайбы? – десе, алсырап, кансырап калган байкуш аргасыздан: –Ооба! – дечү экен.

Жадагалса, бир жолкусунда колу-буту байланган адамды

зекип туруп, жерде жөрмөлөп бараткан Жуал деген кумурсканы көрсөтүп: –Мына бул Жуал кудайбы? – деп сурашыптыр. Байкуш мусулман кыйноодон тез кутулуу үчүн: –Ооба! – дептир.

Ошентип, тигини да сабап кете беришиптир. Бир топ жаткандан кийин эсине келген адам, кайрадан тавхидке кайткан. Мындай учурлар ошол кыйынчылык доордо абдан көп болгон». *(Ибн Хишам, I, 339-343; Ибн Саьад, III, 233; Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 108).*

Бул жерде айтылган жана айтылбаган заалимдиктин курмандыктарын, кайгылуу драмаларды эгерим эстен чыгарбай жүрүшүбүз керек. «Ислам» деген улук немат канчалаган шейиттердин каны, миндеген кайраттуу, чыдамкай инсандардын тарткан кыйынчылыктарынын натыйжасында, татаал жолду басып келгенин биле жүрүүгө милдеттүүбүз.

***

Алла Таала кааласа, Ислам дининин кулач жайып, өнүгүп-өсүшүн жеңилдетүүгө жана мусулмандарга машакат тарттырбаганга кудуреттүү. Андай болгондо бул жолго түшкөндөрдүн ыкласы айкындалбай, бекемдиги, кайраттуулугу, эрктүүлүгү жана берилгендиги бүдөмүк бойдон калышы мүмкүн эле. Албетте, ошол кезеде момун мусулман менен мунафыкты (эки жүздүү), чынчыл менен жалганчыны бири-биринен айырмалоо кыйынга турган.

Алла Таала минтип айткан:

الٓمٓ أَحَسِبَ النَّاسُ أَن يُتْرَكُوا أَن يَقُولُوا آمَنَّا وَهُمْ لَا يُفْتَنُونَ وَلَقَدْ فَتَنَّا الَّذِينَ مِن قَبْلِهِمْ فَلَيَعْلَمَنَّ اللهُ الَّذِينَ صَدَقُوا وَلَيَعْلَمَنَّ الْكَاذِبِينَ

«**Алиф, Лам, Мим[198]. Адамдар: “Биз ыйман келтирдик”, – дешсе эле, сыналбай калып калабыз деп ойлошобу? Биз аларга чейинкилерди сынаганбыз. Албетте, Алла чынчылдарды да, жалганчыларды да билет».** *(Анкабут сүрөсү, 1-3-аяттар).*

أَمْ حَسِبْتُمْ أَن تَدْخُلُواْ الْجَنَّةَ وَلَمَّا يَعْلَمِ اللهُ الَّذِينَ جَاهَدُواْ مِنكُمْ وَيَعْلَمَ الصَّابِرِينَ

«**Же силерден Алла үчүн күрөшүүчүлөрдү жана сабырдууларыңарды** (Эгеңер) **аныктабастан туруп Бейишке киребиз деп ойлойсуңарбы?**» *(Аалу Имран сүрөсү, 142-аят).*

أَمْ حَسِبْتُمْ أَن تَدْخُلُواْ الْجَنَّةَ وَلَمَّا يَأْتِكُم مَّثَلُ الَّذِينَ خَلَوْاْ مِن قَبْلِكُم مَّسَّتْهُمُ الْبَأْسَاء وَالضَّرَّاء وَزُلْزِلُواْ حَتَّى يَقُولَ الرَّسُولُ وَالَّذِينَ آمَنُواْ مَعَهُ مَتَى نَصْرُ اللهِ أَلا إِنَّ نَصْرَ اللهِ قَرِيبٌ

«**Же** (эй, момундар), **мурунку өткөндөрдүн өрнөгү силерге келбей туруп бейишке кирээриңерди ойлодуңарбы?! Аларга балээ жана кайгы** (такай) **келе бергендиктен, алар ыргылжың болуп калышты, ал тургай пайгамбар жана ыймандуу кишилер: «-Акыры Алланын жардамы качан келет?» дей башташты.** (Ошондо аларга) **мындай жооп болду: «-Билип койгула, албетте, Алланын жардамы жакын».** *(Бакара сүрөсү, 214-аят).*

Тавхид жолундагы эбегейсиз зор сыноолор Жараткан Алланын буйругунун негизинде жүзөгө ашат. Жаамы пайгамбар-

198. Мааниси бир Аллага маалым.

лар жана түз жүргөн, чынчыл пенделердин баары бул жолдо машакат тартышкан, кыйын-кыстоолорду баштарынан өткөрүшкөн, айрымдары артка кайтпай шейит кетишкен. Ошондуктан көз ачырбаган кыйынчылык, чарасы көрүнбөгөн азаптар жонунан басып, кадам жылдырбай, тооруп турса да, момун мусулман Жаратkandын ырайымынан, жардамынан үмүт үзбөшү керек. Момун пенде ушуну эстен чыгарбашы керек, Алла Тааланын буйругун аткаруудагы кыйынчылыктарга көкүрөк керип, сабыр кылган сайын, Жаратkandын ыраазылыгына жана мээримине ошончолук тез жетет.

## Мусулмандарга берилген сабыр жана туруктуулук насааты

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбар болгон күндө деле, катардагы адам баласы болгон. Каапырлардын каршылыгы кээде көңүлүн ооруткан. Туура жолго түшсө экен деп тилеген, жакшылык кылган адамдардын жагымсыз мамилелери, тарттырган оор азаптары Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* жүрөгүн оорутуп, түйшүккө салган. Кээде кыйынчылыктан башы чыкпай, жан чыдагыс азаптар тан-күн тооруп алгандыктан, өзүн кадимкидей жубатууга, колдоого муктаж сезер эле.

Алла Таала сүйүктүү Пайгамбарынын кайгыруусун эгерим каалаган эмес. Анын жан дүйнөсүн аяттар менен колдоп турган:

إِنَّ فَضْلَهُ كَانَ عَلَيْكَ كَبِيراً

«**...** (О, Элчим!) **Анын Сага болгон кайырымы жана көзөмөлүндө чек жок!»** *(Исра сүрөсү, 87-аят).*

وَمَن كَفَرَ فَلَا يَحْزُنكَ كُفْرُهُ إِلَيْنَا مَرْجِعُهُمْ فَنُنَبِّئُهُم بِمَا عَمِلُوا إِنَّ اللَّهَ عَلِيمٌ بِذَاتِ الصُّدُورِنُمَتِّعُهُمْ قَلِيلاً ثُمَّ نَضْطَرُّهُمْ إِلَى عَذَابٍ غَلِيظٍ

**«Ишенбегендердин каапырлыгы сени кайгыртпасын. Алар Бизге гана кайтып келишет. Биз аларга эмне кылгандыгы тууралуу кабар беребиз. Акыйкатта, Алла көкүрөктөгү көмүскө нерселерди билет. Биз аларды азыраак пайдаландырып, андан соң, оор азапка аргасыз кылабыз»** *(Лукман сүрөсү, 23-24-аяттар).*

وَلَا تَحْزَنْ عَلَيْهِمْ وَلَا تَكُن فِي ضَيْقٍ مِّمَّا يَمْكُرُونَ

**"Алар (**ыйман келтирбесе) **кейибегин жана алардын сага каршы жасаган айла-амалына кысылба!»** *(Намл сүрөсү, 70-аят).*

فَاصْبِرْ عَلَى مَا يَقُولُونَ وَسَبِّحْ بِحَمْدِ رَبِّكَ قَبْلَ طُلُوعِ الشَّمْسِ وَقَبْلَ الْغُرُوبِ

**«**(Элчим!) **Алардын сөздөрүнө сабыр кыл! Күн чыккандан мурда да, баткандан мурда да, Раббиңе ыраазылык билдирип,** (Аны) **аруула!»** *(Каф сүрөсү, 39-аят).*

Бул аяттар анын рухун күчтөндүргөн, эркин чыңалткан. Эгер оор кыйынчылыктарга Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* мүңкүрөп калганда, анда артындагы сахабаларына кыйын болмок. Аларга кайрат бербегенде, бутпарастардын кордугуна чыдаш мүмкүн эмес эле. Өзү кайгырып турса да, Алланын ыраазылыгы жана ак дин үчүн кутман сахабаларынын жараланган көңүлүн жубаткан.

Хаббаб риваят кылат: «Күндөрдүн биринде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Каабанын көлөкөсүндө олтурган. Биз барып, мушриктерден айосуз кордук көрүп жатканыбызды айтып, даттандык.

Ал бизге мындай деди:

*«Силерден мурунку муундардын арасында кармалып чуңкурга ыргытылган, андан кийин башынын тең ортосунан аягына чейин араа менен арааланган, темир тарак менен эти таралса да, дининен кайтпаган момундар өткөн. Алла Таалага шүгүр дешибиз керек, Ал бул динди кемелине жеткирип, өкүмүн бүт жер жүзүнө жеткирет. Дин өркүндөп, ушундай бир мезгил келет, ошондо адамдар карышкыр тийет деп чочулабастан, койлорун Аллага аманат кылып, Санадан Хадрамавтка эркин барып келишет. А силер болсо сабырсыздык кылып жатасыңар!..»* (Бухари, Манакибул-Ансар, 29)

Алланын Элчиси ушул хадисин айткан соң бизге аят окуп берди:

لاَ يَغُرَّنَّكَ تَقَلُّبُ الَّذِينَ كَفَرُواْ فِي الْبِلاَدِ مَتَاعٌ قَلِيلٌ ثُمَّ مَأْوَاهُمْ جَهَنَّمُ وَبِئْسَ الْمِهَادُ لَكِنِ الَّذِينَ اتَّقَوْا رَبَّهُمْ لَهُمْ جَنَّاتٌ تَجْرِي مِن تَحْتِهَا الأَنْهَارُ خَالِدِينَ فِيهَا نُزُلاً مِّنْ عِندِ اللهِ وَمَا عِندَ اللهِ خَيْرٌ لِّلأَبْرَارِ

«**Каапырлардын шаарлар арасында айланып** (саякаттап) **жүрүүсү сени азгырбасын. Аз гана пайдалануудан кийин алардын орду – тозок.** (Ал–) **кандай жаман орун! Өз Эгесинен корккондорго – алдынан дарыялар агып турган бейиш бактары** (тартууланат). **Ошол жерде алар түбөлүккө калышат. Алар – Алланын коноктору. Ал-**

**ланын алдындагы жакшылык – такыбаалар үчүн!»** *(Аалу Имран сүрөсү, 196-198-аяттар).*

Дин душмандарынын кордуктары көбөйгөн сайын Алла Таала ушул маанидеги аяттар менен момун мусулмандардын көңүлүн көтөрүп, жан-дүйнөлөрүн азыктандырган. Экинчиден, бул кайгы-касыреттер пенделерди Жараткан Аллага жакындаткан, ошондой эле, алардын ыкласмандыгы, берилгендиги жана тобокели ачык көрүнгөн. Мусулман пенденин ушундай кезендеги милдети Куранда мындай деп айтылат:

فَاصْبِرْ لِحُكْمِ رَبِّكَ وَلَا تُطِعْ مِنْهُمْ آثِماً أَوْ كَفُوراً وَاذْكُرِ اسْمَ رَبِّكَ بُكْرَةً وَأَصِيلاً وَمِنَ اللَّيْلِ فَاسْجُدْ لَهُ وَسَبِّحْهُ لَيْلاً طَوِيلاً

**«Раббиңдин өкүмүнө сабыр кыл!** (Алланын өкүмү келгенге чейин күт жана сабыр кыл! Бул өкүмдү күтүп жатып абайла) **алардан эч бир кесирге же күнөөкөргө моюн сунба! Эртели-кеч Раббиңди зикир кыл! Түндүн бир бөлүгүндө да Ага сажда кылгын, түнкүсүн узун** (сергек-сак болуп) **бөлүгүндө Аны аруулагын!»** *(Инсан сүрөсү, 24-26-аяттар).*

Момун мусумандар ушул буйруктарга моюн суна турган болушса, жүрөк бейпилдик табат, кандай гана кыйынчылык, сыноо болбосун, баарын сабырдуулук менен көтөрө алгыдай кайраттуу болушат. Айрыкча түнү окулган тахажжуд намазы пендени Аллага жакындатат, рухка ажайып күч берет. Натыйжада, анын көңүлү ыйманды алсырата турган нерселерге азгырылбай калат.

إِنَّ نَاشِئَةَ اللَّيْلِ هِيَ أَشَدُّ وَطْءاً وَأَقْوَمُ قِيلا

**«Албетте, түндөсү** (сыйынуу үчүн сак болуп) **ойгонуу абдан таасирдүү, ары бекем сөз»** *(Муззаммил сүрөсү, 6-аят).*

Түн жарымынан оогон кезде туруп, тахажжут намазын окуу буйругу түздөн-түз Азирети Пайгамбарыбызга берилген. Ошондуктан, тахажжут – үммөт үчүн ыктыярдуу ибадат. Пайгамбарыбыздын үммөтү өзүнүн дараметине, күчүнө жана каалоосуна жараша түнкү баалуу убактысын Жараткан Аллага арнаса, өтө көп сооп табат. Ошондой эле, тахажжуттун кишинин рухий өнүгүүсүнө эбегейсиз салым кошорун эске ала турган болсок, парз ибадаттардан сырткаркы, такыбаачылык үчүн маанилүү ибадат болуп саналат.

***

Алла Таала бактылуулукту Ислам динине койгон. Кимдеким бактылуулукту башка жактан издесе, ал жаңылышат. Исламдан башка жолдо жүрсө, Алла аны кабыл кылбайт. Ал акыркы Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындей деген:

وَقُلْ جَاءَ الْحَقُّ وَزَهَقَ الْبَاطِلُ إِنَّ الْبَاطِلَ كَانَ زَهُوقاً

«(Элчим!) **айткын: «–Акыйкат келди, бузукулук кетти. Бузукулук ансыз да жыгылууга тийиш!»** *(Исра сүрөсү, 81-аят).*

Акыйкатты, ыйманды жаюуга милдеттүү адамдар бул жааттагы бардык иштерди тайманбай, тайсалдабай аткарганы дурус. Сыноо үчүн жаратылган пенде кыйынчылыктарга бетме-бет келбей койо албайт, айрыкча, Алланын жолундагы ак кызматтардагы сыноолор оор болот. Бир эле мисал – напси менен күрөш. Күрөшпөй туруп, көөдөндөгү кайнаган арзууга жетүү мүмкүн эмес. Оор сыноолорго эң башта пайгамбарлар дуушар болушкан.

حَتَّى إِذَا اسْتَيْأَسَ الرُّسُلُ وَظَنُّواْ أَنَّهُمْ قَدْ كُذِبُواْ جَاءهُمْ نَصْرُنَا فَنُجِّيَ مَن نَّشَاء وَلاَ يُرَدُّ بَأْسُنَا عَنِ الْقَوْمِ الْمُجْرِمِينَ

**«Ар качан ошол пайгамбарларыбыз күдөр үзүп: «Биз жалганчы атандык, пайгамбар экенибизге ишенишпеди», – деп, ойлой башташканда аларга Биздин колдообуз-жеңишибиз келип, Биз каалаган кишилер куткарылар эле.** (А бирок) **кылымшкер коомдон Биздин азабыбыз кайтарылбайт!»** *(Жусуп сүрөсү, 110-аят).*

Ушул аяттарды уккан момун мусулмандар кубанычтан кайрат таап, максаттарга бекем болууга сөз беришти. Алардын чыйралганын көргөн сайын, мушриктердин көкүрөктөгү алоолонгон кеги жана душмандыгы күчөй берди. Ит көрбөгөн кордукту мусулмандардын башына салып, кыйноонун жаңы түрлөрү менен жазалап жатышты.

Карөзгөйлүк чекке жетти. Бутпарастар эми вахийдин булагын кантип бузабыз деген былгыган ойлорду акылдашып көрүштү. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* болсо сабырдуулуктун акыркы чегинде Жаратканга мунажат кылып, Анын ырайымын жана коргоосун суранып турду. Бирок, Алла Тааланын убадасынын ишке ашышына дагы далай убакыт бар эле.

Көөдөндү өрттөп бараткан муң-кайгыга жана оор азапка Пайгамбарынын чыдабай, жеңилип калуусун Алла Таала каалаган эмес. Ошол себептен, эскертүү берди:

فَلاَ تَحْسَبَنَّ اللّهَ مُخْلِفَ وَعْدِهِ رُسُلَهُ إِنَّ اللّهَ عَزِيزٌ ذُو انْتِقَامٍ

«(Сүйүктүүм!) **Сен Алла Таала пайгамбарларына берген сөзүнөн кайтат деп ойлобо! Алла үстөмдүк кылуучу, өч алуучу!»** *(Ибрахим сүрөсү, 47-аят).*

يُوعَدُونَ لَمْ يَلْبَثُوا إِلَّا سَاعَةً مِّن نَّهَارٍ بَلَاغٌ فَهَلْ يُهْلَكُ إِلَّا الْقَوْمُ الْفَاسِقُونَ

«(Элчим!) **Улуу пайгамбарлар сабыр кылгандай, сен да сабыр кыл! Алар тууралуу** (азаптоого) **шашылба. Алар, убада кылынган азапты көргөн күнү дүнүйөдө болгону күндүзү бир саат жашап өткөндөй ойдо калышат...»** *(Ахкаф сүрөсү, 35-аят).*

# ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН БЕШИНЧИ ЖЫЛЫ

## Эфиопияга көчүү

Бутпарастар көздөгөн максаттарына жетүү үчүн мусулмандарды кырып жиберүүдөн да кайра тартпагыдай мыкаачылыкка жетип калышты. Абалды аз да болсо жеңилдетүү үчүн Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* момун мусулмандарга башка жакка көчүүгө буйрук берди. Анткени алар диний вазийпаларын эркин аткаруу мындай турсун, көчөдө эркин баса албай калышкан, ар тараптан көрсөтүлгөн кысымдан улам, келечекке болгон үмүттөрү үзүлүп бараткан. Динди жаюу алардын башкы милдети эле.

Бара турган жер тууралуу сахабалардан түрдүү пикирлер чыкты. Ак диндин жол башчысы *(саллаллаху алейхи васаллам)* минтип буйрук кылды:

*– Хабашистанга (Эфиопияга) көчөсүңөр! Анткени, Хабашистанды өз калкына зулумдук кылбаган өкүмдар башкарат. Анан да, ал жак дурус, тынч өлкө. Абалдан кутулууга Алла Таала жол ачканга чейин ошол жакта кала турасыңар!»* *(Ибн Хишам, I, 343; Ибн Саьад, I, 203-204)*

Мекке доорунун бешинчи жылынын Ражаб айында башталган бул көч, Ислам тарыхындагы дин жолундагы алгачкы көч болуп саналат.

Алгачкы топто он эки эркек, беш аял, жалпы он жети киши болгон. Бул тайпада Осмон бин Аффан, аялы, Рукия, Зубайр

бин Аввам, Мусаб бин Умайр, Абдуррахман бин Авф, Абу Салама, Умму Салама, Осмон бин Мазун, Ибн Масуд (Алла аларга ыраазы болсон) өндүү алдынкы сахабалар бар эле.

Көчүп жөнөгөн топ Меккеден жашыруун чыгып кетишти. Шуайбадагы кеме токтоочу жайга барышканда, Кудай Тааланын жардамы менен эки соода кемеси келди. Сахабалар жол киреге жарым алтын (акча бирдиги) беришип, Эфиопияга өтүп кетишти. Куугунчу мушриктер из тапканга чейин алар кемеге түшүп, алда канча узап кетишкен эле *(Ибн Саьад, I, 204).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Эфиопияга көчүп кеткен күйөө баласы Азирети Осмон менен кызы Азирети Рукиядан көпкө чейин кабар ала алган эмес. Перзенти үчүн куса болуп жүрдү. Кээде шаардын сыртына чыгып, ошол жактан келгендерден балдарынын кабарын сурап турду. Курайш уруусунан бир аял Хабашистандан келди. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* күйөө баласы менен кызын ошол аялдан сурады. Ал болсо:

– О, Касымдын атасы, мен аларды көрдүм.

*– Абалы кандай экен, жакшы элеби?*

– Осмон бир нарга Рукияны мингизип, өзү артынан бараткан экен.

Анда Пайгамбарыбыз:

*– Кудай Таалам Өзү жар болуп, Өзү колдосун! Осмон бин Аффан Лут пайгамбардан кийин Алланын жолунда үй-бүлөсү менен көчкөн алгачкы адам болуп калды,* – деди *(Али аль-Муттаки, XIII, 63/36359).*

Алгачкы мухажирлер (дин жолунда көчкөн адамдар) Эфиопияда үч ай турушкан. «Меккедеги мушриктердин баары мусул-

ман болуптур» деген каңшаарды угар замат, пайгамбарлыктын бешинчи жылы Шаввал айында 33 эркек, 6 аялдан турган, 39 кишилик топ Меккеге карай жол тартышкан. Меккеге жакындап келген соң кабардын жалган экенин угушкан. Кайгырган менен арга канча. Эфиопияга кайра кайтып баруу өтө оор эле. Бирөө жарымдын кепилдигисиз шаарга кирип барууга эч кимиси даай алышкан эмес. Акырында мушрик дос-туугандарынын жоопкерчилиги менен жашыруун түрдө үйлөрүнө барышкан *(Ибн Хишам, II, 3-8; Ибн Саьад, I, 206; Хайсами, VI, 33).*

## Гараник маселеси

Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* «Нажм сүрөсү» түшүрүлгөн эле. Ал Каабага келген көп адамдарга Куран окуп берген. Сүрөдөгү сажда аятына келген кезде Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* саждага баш койгон. Аны тындап турган момун мусулмандар, каапырлар жана жиндер да саждага баш коюшкан *(Бухари, Тафсир, 53/4).*

Ошол окуяда мушриктер да саждага баш коюшкан болчу. Бирок, алар Алла Таала үчүн эмес, аятта алар сыйынып жүргөн буттардын аты аталгандыгы үчүн, буттарына сажда кылышкан.

«Гараник маселеси» ушул окуядан кийин ойдон чыгарылып, ушу сажда кылууга ишааратталган жалган каңшаар болуп эсептелет.

Мусулмандар менен мушриктерге таандык эки сажданын бир учурда аткарылуусу, «меккелик мушриктер Ислам динин кабыл алышыптыр» деген каңшаарга түрткү болгон.

Мунун себеби жогорудагы окуя экендигине карабастан, «Гараник маселеси» – ойдон чыгарылган жалаа болуп саналат.

Ошол аяттар окулуп жаткан кезде, шайтан мушриктердин кулагына «буттардан да шапаат күтүүгө болот» деген мааниде шыбыраган. Муну уккан мушриктер ичинен ыраазы болуп, дароо саждага кылышкан, бирок, бул жаңылыштык кийинчерээк белгилүү болгон.

Мушриктердин кулагына шыбыралган үндү жана алардын саждага баш коюшун чындык деп чыккан дин душмандары жана чыгыш таануучулар болгон. Бирок, тафсир, хадис, сийро жана Ислам тарыхы тармагынын аалымдары риваят жагынан да, Ислам акыйдасы менен болгон байланышы жагынан да, кылдаттык менен тактап, аныктап көрүп, каңшаарды кескин түрдө төгүнгө чыгарып, четке кагышкан.

Китептин баш жагында «Пайгамбарлардын сыпаттары» деген темада да айтылгандай, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Жараткан Алланын коргоосуна алынган. Айрыкча, вахийди адамдарга жеткирүү вазийпасында кайдыгерликке жана жыңылууга жол берүүсү таптакыр мүмкүн эмес. Каргышка калган шайтан пайгамбарлардын элчилик кызматына эч убакта кийлигише да, аралаша да албайт. Ыймансы күчтүү, ыкласман момундарга шайтандын өкүм жүргүзө албашын Алла Таала маалымдаган[199]. Карапайым ыкластуу мусулманга өкүм жүргүзө албаган шайтандын Алланын сүйүктүү Пайгамбарынын *(саллаллаху алейхи васаллам)* жоопкерчилигине кийлигишүүсү акылга сыйбаган нерсе.

Алла Таала Азирети Мухаммедди *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарлык кызматында кемчилик кетирүү, кайдыгерликке жол берүү же күнөө кылуу деген өксүк сыпаттардан кандай таза сактаган болсо, Курани Каримди дагы ошончолук деңгээлде коргогон.

199. Хижр сүрөсү, 42-аяттын мааниси.

إِنَّ الَّذِينَ كَفَرُوا بِالذِّكْرِ لَمَّا جَاءَهُمْ وَإِنَّهُ لَكِتَابٌ عَزِيزٌ

**«Алдынан да, артынан да ага** (Куранга) **бузукулук жакындай албайт. Ал бүт аалам мактаган, хикмат ээсинин Өзү тарабынан байма-бай түшүрүлгөн»** *(Фуссилат сүрөсү, 42-аят).*

إِنَّا نَحْنُ نَزَّلْنَا الذِّكْرَ وَإِنَّا لَهُ لَحَافِظُونَ

**«Куранды эч шексиз Биз түшүрдүк, албетте, аны Биз коргойбуз»** *(Хижр сүрөсү, 9-аят).*

Гараник маселесин жактаган риваят санад (риваятты баян эткен адамдар) жагынан жокко чыгарылган. Бул жагдай тууралуу Ибн Хузайма мындай деген:

«Гараник окуясы – Кудайдан безгендердин жалгандарынан»[200].

Гараник окуясы сахих (эң туура) хадистер жыйнагында айтылбайт, ошондой эле, ишенимдүү аалымдар аны сахих жана муттасыл санад менен да маалымдаган эмес. Демек, андагы маалымат динди каралоо максатында айтылган жана акыйкаттын кыпынчалык үлүшү жок[201].

Гараник маселеси акылга да төп келбейт. Анткени, Гараникте ширкти жактоо дароо көзгө урунат. Ислам дини болсо алгачкы күндөн тарта, тавхидди жактап, элди туура ишенимге чакырган. Тавхид ишениминин каршысында бул өңдүү жалган айтымдардын эч кандай мааниси жок. Нажм сүрөсүндө баштан аяк ширктин туура эместиги айтылат, бупарастык деген түшүнүктү четке кагат, бут деген жөн гана куру ысымдардан гана

200. Исмаил Жаррахоглу, ДИА, «Гараник» мд., XIII, 363.
201. Кади Ыяд, II, 132.

турарын, мушриктердин жаңылыш ойго алданып жүргөнү жана өз кумарларына жеңилгендиги ачык айтылган. Мына ушундай сүрөнүн ичинде, мушриктерди кубаттаган жана Аллага сажда кылууга ынандырган сөздүн болушу мүмкүн эмес. Каапырларды ызалантып келген ушунча көп аяттын арасынан (Кудайым Өзү кечирсин) шайтан шыбырап койгон эки сүйлөм менен көз ачып жумганча кулпуланган жүрөктөрүнүн жибип кетиши жана Алла үчүн саждага баш коюушу акылга сыйбаган нерсе.

Бул жалаага каршы эң сонун жооп, кайра эле ошол сүрөнүн башында минтип айтылган:

مَا ضَلَّ صَاحِبُكُمْ وَمَا غَوَى وَمَا يَنطِقُ عَنِ الْهَوَى إِنْ هُوَ إِلَّا وَحْيٌ يُوحَى

«**Жолдошуңар** (Мухаммед) **азгырылган да эмес, адашкан да эмес. Ал** (Куранды) **өзүнүн оюнан чыгарып сүйлөбөйт. Анын айтып жаткандарында өзүнө вахий кылынгандан башка эч нерсе жок**» *(Нажм сүрөсү, 2-4-аяттар).*

Бул маселе динге каршы душмандыктын белгиси экендигин Ислам аалымдары ар тараптан тастыктап, далилдеген. Он үч жылдык Мекке доору ширкчиликти жоюу жана тавхид ишеними жаюу менен курч мүнөздө өткөн. Тавхид ишеними Алла Таалага шерик кошууну кескин түрдө четке кагат.

## Эфиопияга экинчи ирет көчүү

Эфиопияга көчүп баргандарды жергиликтүү эл жакшы кабыл алганы, колунан келген жардамын берип, көмөк көрсөткөнү тез эле Меккенин элине да, ашынган дин душмандарына да жетти. Бул мушриктер үчүн суук кабар болду. Кабарды алгандан тарта мусулмандарга каршы заалимдик болуп көрбөгөндөй мыкаачы түргө өттү.

Валид бин Мугиранын коргоосунда тынч гана турмуш кечирип жаткан Осмон бин Мазун, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* жана сахабаларынын акыл-ойго келбес заалимдикке кабылганын, айрымдарынын отко какталып, куйкаланганын, айрымдарына учуна коргошун куюлган балак урулганын  көрүп терең ойго батты:

«Алла Таалага ант болсун! Алла Тааланын ак жолунда жоро-жолдошторум албан түрлүү азаптарды тартып жатса, менин минтип бир дин душманынын канатында бейгам гана өмүр кечирип жаткандыгым – чоң кемчилик! Буга караганда Алла Тааланын  коргоосу дагы да шарапаттуу, дагы да ишенимдүү эмеспи!» деп, ичинен бир бүтүмгө келген соң, баш коргоо чарасын берген адамга барат да:

«– Сен мени өз карамагыңа алдың. Каанаттууга кактырбай, тырмактуулга тарттырбай жакшы карадың. Мындан ары сенин карамагыңдан чыгып, Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* жанына барууну чечтим. Пайгамбар менен сахабалары мен үчүн эң изги үлгү! Мени курайш кыйынчыкмаларына алып барып, өз карамагыңдан чыгарганыңды жар сал!» – дейт, тайманбай *(Ибн Исхак, 158 б; Хайсами, VI, 34).*

Каапырлар менен кошо бир аймакта жашоо мүмкүн эмес дегенчелик даражага жеткендиктен, мусулмандар ошол эле жылы Хабашистанга экинчи жолу көчүүгө мажбур болушкан. Бул ирет мухажирлердин саны 77 эркек, 15 аял, жалпы токсон экиге жеткен. Булардын башында Азирети Алинин улуу агасы Жафар бин Таййар[202]  бар эле.

202. Жафар бин Абу Талиб, Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) абасынын уулу. Азирети Жафар, Алланын Элчиси Аркамдын үйүнө барып динди жаюдан мурда мусулман болуп, жубайы, Асма бинти Умайс менен бирге Хабашистанга экинчи ирет көчүүгө кошулган эле (Ибн-и Саьад, IV, 34). Жафар бин Абу Талиб жана чогуу барган диндештер, Улуу көчтүн жетинчи жылы Эфиопиядан Мединага көчүп барышкан. Алланын

Лайла аттуу мусулман аял башынан өткөргөндөрдү мындайча эскерген:

«Мусулман болгонубуз үчүн Умар бизди такай казаптай берчү. Хабашистанга көчүүгө камданып жөнөп жатканыбызда келип:

– Кайда баратасыңар Умму Абдуллах? – деп кыйкырды, мингичи менен омуроолотуп.

– Динибиз үчүн бизди азапка салдыңар, аргасыздан кыйынчылык тартпай турган жакка кетип баратабыз! – дедим.

– Андай болсо Алла силерге жар болсун! –деди.

Күйөөм келген соң Умар бин Хаттабдын мусулмандарга жумшарып калганын айтсам, ал:

– Анын мусулман болушун каалап турасың го, Кудайга ант болсун, Хаттабдын төөсү мусулман болсо да, өзү эгерим оңолбосо керек! – деди.

Умардын муркунку орой мамилесин, таш жүрөктүүлүгүн билген жандар аны ыйманга келбесе керек деген ойго бекем ишенип алышкан эле. Мындайча айтканда, анын мусулман болушунан үмүт жок эле» *(Хайсами, VI, 23-24).*

Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* жубайы Азирети Умму Салама (Алла ага ыраазы болсун) ошол кезди минтип эскерген:

---

Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) бул учурда Хайбар казатында эле. Алардын кабарын угаары менен жаны көчүп келгендерге да олжодон бөлүштүргөн (Бухари, Магази, 38). Азирети Жафар хижраттын жетинчи жылындагы Мута согушуна катышып, каармандык менен шейит кеткен. Ибн-и Умар: -Жафарды шейиттердин арасынан таптык. Денесинде токсондон ашык найза, ок жана кылычтын жарасы бар экен» деген (Бухари, Магази, 44). Согуш учурунда Азирети Жафардын эки колу кесилген экен. Буга күбө болгон Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) ага бейиштен эки канат ыроолонгонун кабарлап: «Жафарды бейиште периштелер менен учуп жүргөнүн көрдүм» деген (Тирмизи, Манакыб, 29/3763). Мына ошондон кийин Азирети Жафарга «Таййар» (учуучу) деген ат жалганып айтылып калган.

«Биз Хабашистанга кадам таштаган күндөн тарта өкүмдар Нажашиден сый-урматты, меймандостукту көрдүк. Дайыма жардам берди, коопсуздугубузга жеке көзөмөл кылды. Биз болсо ибадатыбызды кеңири аткарып жүрдүк» *(Ахмад, I, 201-202).*

Умму Хабиба баяндаган ошол күндөрдөгү төмөнкү эскерүү абдан кызыктуу. Эфиопияда Азирети Пайгамбарыбызды көрбөй туруп, ага ыйман келтирген, үммөт катары аны сүйгөндөр болгон. Ал эми Меккеде Алланын Элчисин ак дидарын көрүп, анын алтын сөздөрүн угуп жүргөндөрдүн Эфиопияга баргандан кийинки сагынычын жана кусалыгын сөзгө сыйдыруу мүмкүн эмес болсо керек:

«Нажашинин Абраха аттуу күңү боло турган. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен болгон никем Хабашистанда кыйылып, Мединага жөнөө үчүн кам көрүп жаткан элек. Абраха мага кайрылып:

– Сенден өтүнүчүм бар. Алланын Элчисине менден салам айта бар жана анын динине киргенимди айтууну унутпа! – деди.

Абраха мага абдан жылуу мамиле кылып, жолго даярдыгымды камдады. Жаныма келген сайын:

– Менин өтүнүчүмдү унута көрбө! Саламымды Алланын Элчисине сөзсүз айта бар! – деп, Азирети Пайгамбарды *(саллаллаху алейхи васаллам)* жакшы көрөрүн кайталап жатты.

Ошентип, Мединага келдим. Абраханын мага кылган жакшылыктарын жана жүрөктөн чыккан саламын айттым. Ал *(саллаллаху алейхи васаллам)* анын саламын жылмаюу менен кабылдап:

*«–Ва алейхис салам ва рахматуллохи ба баракатуху»* – деди» *(Ибн Саьад, VIII, 98).*

# ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН АЛТЫНЧЫ ЖЫЛЫ

## Курайш мушриктеринин Нажашиге жолдогон өтүнүчү

Меккенин мушриктери мусулмандардын Хабашистанга (Эфиопия) көчкөнүн анчалык этибарга алышкан эмес эле. Көчүп баргандарга өз туугандан артык жылуу мамиле жасалганын уккандан кийин тынч туралбай калышты. Исламдын Меккеден сыртка жайыла баштаганын өз көзү менен көргөн мушриктер муну токтотуп калуунун чарасын таппай, жаман ойлордун толкунунда чайпалышты. Ары ойлонуп, бери ойлонуп, акыры Хабашистандын өкүмдарынан, көчүп баргандарды кайтарып алууга өз ара чечим кабыл алышты да, өкүмдар Нажашиге жана эң башкы аскер башыларына кымбат баалуу белектерди камдап, Абдуллах бин Рабиа менен Амр бин Асты элчи кылып жиберишти.

Мушриктердин элчи дайындап жөнөтөрүн уккан Абу Талиб жаңы эле көчүп барган мусулмандардын абалынан санааркап, Нажашини мактап, зоболосун бийиктеткен маанидеги касийда (ыр) жазып, өкүмдардын өзүнө жөнөттү *(Ибн Хишам, I, 356).*

Элчилер өкүмдардан мурда өлкөнүн аттуу-баштуу аскер башыларына жолугушуп, белектерди тартуулашып, аларды өздөрүнө жакындатууга аракет кылышты. Белек-бечкекти алган соң аскербашылардын кийлигишүүсү менен элчилер өкүмдарга жолуга турган болушту. Мушриктер жаман максатты көздөп ке-

лишкендиктен, өкүмдардын алына адеп киргенде мукактанып, катуу сүрдөштү. Атайы өкүмдарга атаган белектерин берип болгон соң, сөзгө кезек берилди:

– Кадыры улук өкүмдар! Биздин элдин анча-мынча акылсыз тентектери сиздин өлкөңүздөн баш паана алып, жашап жатышат. Алар ата-бабаларынын динин чанышкан. Бул жерге келишип сиздин диниңизди да кабыл кылышпаптыр. Жаңы дин ойлоп табышканго кыязы. Алардын тууган-уруктары тынчсызданып, сиздин алдыңызга бизди элчи кылып жөнөтүштү. Аларды кайтарып алып кетишибиз керек. Анткени, коомчулук булардын ким экендигин жана эл алдындагы күнөөсүн башкага караганда жакшы билет.

Тили булдурттап жатып ушул сөздөрдү айтып бүткөнчө элчини кара тер басты. Мусулмандардын сөздөрүнөн таасирленип калбады бекен деген ойдо мушрик элчи өкүмдарга байкоо салды. Сурак-собол кылбай туруп качкындарды колго салып беришин ичтен тилеп турушту.

Азыноолак белекке алданган аскер башылар бир тараптан элчилердин сөзүн сүйлөштү:

– Өкүмдарым!  Элчилер туура айтып жатышат. Бизге караганда өздөрүнүн эли келгиндердин аркы-беркисин жакшы билет деп ойлойбуз. Аларды элчилерге кошуп, өз өлкөлөрүнө жөнөтүп жибергениңиз оң. Туугандары да тынчсызданып жатышкандыр!

Аларды жойпуланганын астыртан баамдап турган даанышман өкүмдар ачууланганын билдирип, кабак чыта:

– Алардын ой-мүдөөсүн укпай туруп булардын колуна салып бербеймин! Атайы илгери үмүт келип, өлкөмө баш калка-

лаган жамаатка жамандык кылгым келбейт! – деди да, кабар жөнөтүп, көчүп келгендерди кабыл алды.

Нажаши Ошол эле учурда, өз өлкөсүнүн дин билермандарын да чакыртты. Келген динаятчылар китептерин ачып Нажашинин жанына каз катар тизилип олтуруп калышты.

Ошентип, чакырылган бардык адамдар өкүмдардын салтанат өткөрчү чоң кабылдамасында жыйналышып, бетме бет турушу. Бул жыйын, мындай толкундоолор орошон окуя катары тарыхта сакталып кала берген. Мусулмандардын атынан Азирети Жафар (Алла ага ыраазы болсун) сүйлөй турган болду. Өкүмдар Азирети Жафарга карап, Меккеден келген мушриктерди ээги менен жаңсап:

– Силерди Меккеге кайтарып кетүү үчүн курайш улуктары элчи жөнөтүшүптүр.

Азирети Жафар:

– Урматтуу өкүмдар! Буларга суроо салып көрүңүз, бизди кайтарып кеткидей биз эмне кул бекенбиз?

Өкүмдар келген элчилерге суроолуу карады. Амр:

– Жок, баары эркин жүргөн адамдар!

Азирети Жафар:

– Булардан сураңыз, каалаган кезде кайтарып алып кеткидей биз эмне буларга карыз бекенбиз?

– Жок, бизге эч кимиси карыз эмес.

– Сураңыз булардан, эмне биз бирөөнүн жанын кыйыптырбызбы, кайтарып барып дарга аскыдай!

– Биздин андай оюбуз жок!

– Андай болсо эмне үчүн бизди алып кеткилери келип жатат?

– Кадырлуу өкүмдар! Булар ата-бабаларыбыздын динин чанып кетишти. Кудайларыбызга акаарат кылышты. Жаш муундардын ишенимине булгун салышты. Коомчулукту бөлүп-жарышты. Ушу тапта Мекке калкы экиге бөлүнүп кетти.

– Силер өз коомунардын динине да, менин диниме да кирбегенинерге караганда, чын дилден кабылдаган башка дининер бар го. Айткылачы, ал кандай дин? Кулак силерде, – деп, Нажаши катар тизилип турган мусулмандарга карады.

Азирети Жафар сөз баштады:

– Урматтуу өкүмдар! Биз карапайым сабатсыз коом элек. Таштан жыгачтан жасалган буттарга «Кудай!» деп табынып, сыйынчубуз. Өлгөн малдын этин жечүбүз, кыз наристелерди тируүлөй көмчүбүз. Кумар ойноп, сүткорлукка батканбыз. Зына жана бир аялдын бир топ эркек менен кылган абийирсиз иши бизге кадыресе жагымдуу иш катары көрүнүп калган. Тууғандык карым-катнаш үзүлүп, коншуларыбыздын акысын каратып туруп жемейге өткөн элек. Алдуулар алсыздарды эзип, байлар кембагалдардын мандай тери менен пайда таап калышкан. Арабызда акы-укук деген нерсе жокко эсе болчу.

Анан Алла Таала бизге мээримин төктү. Биздин оңолушубузду каалап, ичибизден бир Пайгамбар жөнөттү. Ал Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* пакиза тукумдан, таза уруудан чыкты. Аны «Ишенимдүү-аль-Амин» деп атап алганбыз. Ал бизге Кудай Тааланын жалгыз экендигин айтты. Ага сыйынууну үйрөттү. Ата-бабаларыбыздын буттарынан, ахлаксыз жашоодон бизди куткарды. Кан төгүүгө, кумар ойноого, ичимдик ичүүгө, сүткордук кылууга, жалган айтууга, жетимдердин мал-мүлкүнө

кол сунууга жана башка көптөгөн кылымыш иштерге тыюу салды. Жалаң гана жакшылыктарды насаат кылды. Чынчылдыкты, убадага бек болууну, коңшуга жана тууган-урукка жакшы мамиле кылууну, аялзатынын ар-намысын, аруулугун сактоону буйруду. Бизди жапайычылыктан куткарып калды. Маданияттуулукка үндөдү. Жакшы адам болуп, жакшы өмүр кечирүүнү осуят кылды. Биз ага ишендик. Ушу тапта анын жолу, анын дини менен баратабыз. Курайш уруусу бизге ушул себептен душмандыгын артып туруп алды. Булар бизди ар түрдүү азапка салышты, оор кордуктарды тарттырышты. Булардын кыйноосуна чыдоо мүмкүн болбой калганда, Пайгамбарыбыздан *(саллаллаху алейхи васаллам)* уруксат алып, динибизди сактап калуу максатынды ошончо өкүмдардын арасынан сизди тандап, сиздин өлкөңүзгө келгенбиз. Сизди заалимдердин колуна салып бербейт деп үмүт кылабыз!

Азирети Жафардын айткандарын бир калыпта берилүү менен уккан Нажаши:

– Пайгамбарга жөнөтүлгөн вахийден бир нерсе жаттаган белеңер? –деп сурады.

Мүмкүнчүлүктү кылдат уруна билген Азирети Жафар, ооба, дегендей баш ийкеп, Маряим сүрөсүндөгү Яхия менен Иса пайгамбардын туулгандыгын билдирген сүрөнүн алгачкы аяттарын окуп берди. Жергиликтүү адамдар жана өкүмдар Нажашинин дили жибип, ыйлап жиберишти.

Нажаши:

– Аллага ант болсун, бул сөздөр Азирети Муса менен Азирети Исага түшүрүлгөн вахий булагынан келген! – деп, курайш элчилерине кайрылып:

– Көчүп келгендерди силерге тапшырбаймын! – деген чечимин айтты.

Көздөгөн максатына жете албаган элчилер өкүмдардын алдынан чыгып, жатар жайга барышты. Амр жолдошторуна:

– Эртең Нажашиге барып,  Мариям уулу Исанын жөнөкөй кул экендигине булардын ишенишкенин чукуп, тамырын каздырбасам элеби, – деп, өзүнчө ачууланып күбүрөнүп алды.

Эртеси Амр өкүмдардын алдына чыгып:

– Кадырлуу өкүмдар! Булар Марямдын уулу Иса тууралуу туура эмес сөздөрдү айтышат. Кааласаң, эмне деп тантырап жүрүшкөнүн өздөрүнөн сура, – деди амалкөйлүккө салып.

Нажаши мусулмандарга кабар салып, дароо чакыртты. Келген соң суроо салды:

– Мариямдын уулу Иса тууралуу дининерде эмне дейт?

Азирети Жафар сөз алып мына бул акыйкаттарды билдирди:

– Ал жөнүндө Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* үйрөткөн маалыматтарды гана билебиз. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ал тууралуу мындай деген:

*– Иса Алланын кулу, элчиси, руху жана бүт нерсени таштап, өзүн Аллага арнаган Марямга жиберилген Сөзү болот...*

Нажаши жерден бир тал чөптү алып:

– Аллага ант болсун, Марямдын уулу Иса сенин айткандарыңдын дал өзүндөй! Азирети Иса тууралуу акыйкат менен силердин айтканыңардын арасында ушу (чөп) сыңары да айырма жок! – деп айтар замат, аскер башылар каршы чыккан таризде

бир нерселерди күңкүлдөй баштады. Нажаши аларга токтоо кайрылды:

– Кудайга ант болсун, силер канчалык мыңкылбагыла, акыйкат ушу!

Экинчи ирет чакырылганда мусулмандардын жүрөктөрү чындап корко баштаган. Нажашинин сөзүн уккандан кийин бир топ жеңилдей түшүштү. Ал качкындарга карап:

– Силер бара бергиле. Менин өлкөмдө коопсуздугуңар толук сакталат! Силерге тил тийгизген же катуу айткан адам жазага тартылат. Тоодой алтын берсе да, силерди кыйнабаймын. Алып келген белектерин кайтарып бергиле! Мен андайларга муктаж эмесмин. Эгер ушу тапта ошо Пайгамбардын жанында болгонумда, аны бутуна суу куюп, ошого гана кызмат кылар элем!.. *(Ибн Хишам, I, 356-361; Ахмад, I, 202-203, V, 290-291; Хайсами, VI, 25-27).*

Башка риваятка караганда Нажаши мындай деген:

«Мен, Азирети Мухаммеддин Алланын Элчиси экендигин кабыл кыламын. Ал Азирети Иса сүйүнчүлөгөн зат. Эгер мен ушул бийлик, ушул салтанаттын башында турбаганымда, көпчүлүктүн жоопкерчилиги мойнумда жок болгондо, бут кийимин көтөрүп жүрүү үчүн анын жанына барар элем» *(Абу Давуд, Жанаиз, 55-57/3205).*

***

Азирети Жафар (Алла ага ыраазы болсун) Нажашиге берген жооптору менен дааватчынын кайсы жерде, кантип сүйлөөсү керектигин сонун көрсөтө алган. Мындай усулдарды билүү баарыбыз үчүн абдан зарыл.

Маселен, Куран окууну суранган кезде оюна келген жер-

ден эмес, тыңдоочунун руханий абалына шыпаа болор жерден окуган оң. Жафардын Мариям сүрөсүндөгү Азирети Исага тиешелүү аятты окушу мактоого татырлык иш. Ошол эле учурда, мушрик элчилер айткан шылоолорго логикалык жактан таамай жоопторду берип, Исламдын акыйкат дин экендигин, адилеттүүлүктү камсыз кыларын, адам укуктарын коргоону жана бийик адеп-ахлактуу болууну талап кылганын айтышы өзгөчө кыраакылык.

Дин жолунда көчүп жөнөгөндөргө Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* Жафарды тандашынын өзү нагыз даанышмандуулук. Азирети Пайгамбарыбыз ошондогу чечими менен зарыл эмес, жөнөкөй жагдайларда да жол башчы же башкаруучу боло тургандарды бара турган жерине жараша жана жөндөмүнө карап вазийпа берилсе жакшы болорун насаат кылган.

Эфиопияга экинчи ирет көчүп баргандардын бир даары Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Мединага баргандан кийин, айрымдары болсо Худайбия келишими маалында кайтышкан.

Азирети Жафар (Алла ага ыраазы болсун) эң акырында карамагындагы момун мусулмандар менен Хайбар жеңиши учурунда Мединага кайтышып, Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи васаллам)* кубандырган.

## Азирети Хамзанын мусулман болушу

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* кээде өзү Каабага барып Алланын аяттарын окуп турган. Бир жолу адаттагыдай Алланын үйүндө Куран окуп жаткан эле. Абу Жахил

чектен ашып акаарат кылат. Жанындагы мушриктерди коркутамын деген ойдо аны сөгүнүп, мыскылдап жатты. Окуяны алысыраактан байкап турган бирөө уудан кайтып келаткан Азирети Хамзага эмнелер болуп жатканын айтты:

– Эй, жигиттин пири! Каабада сенин тууганына каарат кылып жатышат, ага бир балээ кылып коюушабы деп коркуп турам. Бир жамандык жасап коюшпасын!..

Азирети Хамза тизгинди Кааба тарапка бурду. Айткандай, жагымсыз көрүнүштүн үстүнөн чыкты. Оозуна келгенди оттоп, жаман сөздөрдү айтып жаткан Абу Жахилди тыйды да, колундагы жаа менен баштан ары бир чапты. Башы жарылып кетти көрүнөт, жүзүнө ылдый кан жайыла берди. Өмүрү эч кимден мындай катуу мамилени көрбөгөн дин душманы, таттуу жанын арачалап качып жөнөдү. Анын жанындагы мушриктер да Хамзадан айбыгышып, эки экиден элтейген бойдон тарап кетишти. Курайштын мен деген кыйындары да Хамзадан коркор эле.

Хамза мушриктердин качканына маашырлана жээнинин жанына басып келип:

– Мына, Мухаммед өчүндү алдым, эми мындан ары сага эч ким катыла албайт! – деди.

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* тууганынын каармандыгына жооп катары:

*– Абаке! Мен эң негизи, сенин мусулман болушуңа жан дилден сүйүнөр элем,* – деди. Анын жалжылдаган үмүттүү көздөрү, жалындуу сөздөрү Хамзаны терең ойго салды. Жан дүйнөсүн мокочо кайдыгерлик каптап баратканын, анык акыйкат башка жакта кылайып турганын баамдаган даанышман зат анын нурдуу жүзүнө тигиле, көпкө карап туруп:

أَشْهَدُ أَنْ لاَ اِلَهَ اِلاَّ اللهُ وَأَشْهَدُ أَنَّ مُحَمَّدًا عَبْدُهُ وَرَسُولُهُ

«Алланын жалгыз экендигине, Мухаммед Анын кулу жана Элчиси экендигине ыйман келтирдим!» – деп, келмесин шыр айтып жиберди.

Азирети Хамза (Алла ага ыраазы болсун) сүйүктүү Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* эмчектеши жана эки жаш улуу абасы болгон[203].

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*: «*Абаке! Мен эң негизгиси, сенин мусулман болушуна жан дилден сүйүнөм!*» – деп, айтуу менен анын туура жолго түшөөрүнө сүйүнөрүн баса белгилеп, акыреттеги түбөлүк жыргал жашоо абдан маанилүү экендигин кыйытып айткан.

Бул окуя Алла жолундагы кызматтар турганда жеке кызыкчылыктарды тыйуу керек экендигин, ошондой эле, жекече жагдайларга караганда, көбүнесе диний кызматтагы ийгиликке жана диндин жайылуусуна чындап сүйүнүү, колдон келген салымды кошуу кажет экендигин баса белгилейт.

***

Хамзанын мусулман болгондугун уккан Азирети Абу Бакир абдан сүйүндү. Ушул күнү Каабага чогуу барып элди Исламга чакырсак деген ынтызарлыгын билдирди. Алланын Элчиси, азырынча мусулмандардын саны өтө аз экенин айтты. Ал болбой эле көшөрүп, туруп алгандыктан, «Дарул Аркамдан» Каабага карай жүрүш жасашты. Каабага барышкан соң Азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) элдин алдына чыгып, Аллага

203. Ибн Хишам, I, 312-313; Хаким, III, 2134; Ибн Касийр, аль-Бидая, III. 84.

жана Элчисине ыйман келтирүүнүн зарылдыгы тууралуу үгүт кылды. Ангыча мушриктер да топтоло башташты. Алардын жамандыгы көздөрүнөн байкалып турду. Бир маалда мушриктер мусулмандарды каптап, катуу кагылышуу башталды. Сан жагынан мушриктер көп болгондуктан, мусулмандар жапа чегишти. Фасык Утба тебелендиде калган Азирети Абу Бакирди тургуза койбой жерге ныгыра, таманына темир кадалган бут кийими менен беттен ары тээп жатты. Бетин айрып, денесин көгала кылып жанчып салды. Денеси жаракат алып, канга чулганып жатып калды. Таймдын балдары анын тууганы болгондуктан, мушриктердин колунан аран куткарып алышты.

Эстен танган Абу Бакирди (Алла ага ыраазы болсун) үйүнө алып кетишти. Эс-учун билбей сулк жатканын көрүп, токмоктон айыга албаса керек деген ойдо, туугандары чогулуп Каабага барышты да, мушриктерге эскертүү беришти:

– Эгер Абу Бакир өлө турган болсо, ант болсун биз Утбаны өлтүрөбүз!

Азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) каш карайганда гана эсине келди. Оор улутунуп алган соң, кыйналып жатып жанындагылардан сурады:

– Алланын Элчисинин абалы кандай, жакшыбы?

Энеси Уммул Хайр же сүйүнөрүн билбей, же күйүнөрүн билбей аптыгып:

– Уулум, бир нерсе ичип жесенчи!

Энесинин сөзүн укпаган кишидей жан досунун абалын билгиси келип, улам кайталап сурай берди:

– Алланын Элчиси эмне кылып жатат, кандай абалда болду экен?

Энеси эч нерсе билбесин айткан соң, оорулуунун санаасы санга бөлүнүп, тынчсыздана баштады. Алланын Элчисинин абалын билип келүү үчүн энесин мусулман болгон Умму Жамийлге[204] жөнөттү. Умму Жамийл (Алла ага ыраазы болсун) барып кабар алып келди. Азирети Абу Бакирдин аянычтуу абалына жүрөгү түтпөй ыйлап жиберди:

– Алла Таалага касам ичем, сени ушул абалга албетте эки жүздүү фасыктар жана каапырлар жеткиришти! Ушу кылгандары үчүн Алла Таалам аларга азап жиберсин!

Андан соң Алланын Элчисинин сак-саламат «Дарул Аркамда» экендигин айтты.

Анын кабарына алымсынбаган Абу Бакир:

– Алланын Элчисин көрмөйүнчө, тамагымдан эч нерсе өтпөйт! – деп, «Дарул Аркамга» жөнөп калды.

Эл аягы тыйылып, көчө тынчып калганда Умму Жамийл менен Уммул Хайр Абу Бакирдин (Алла ага ыраазы болсун) колтугунан таяп, Азирети Мухаммедге *(саллаллаху алейхи васаллам)* алып барышты. Жан досун көрүп, эреркеп кетти көрүнөт, буркурап ыйлап, анын тизесине башын койду. Анын аянычтуу абалы Пайгамбарлардын Султанынын *(саллаллаху алейхи васаллам)* сезимтал жүрөгүн эзип жиберди. Жан досунун жүрөгүн өйүп койгонун сезе койгонсуп Азирети Абу Бакир:

– Пайгамбарым, ата-энем сенин жолуңа курман болсун! Менин эч кандай түйшүгүм жок. Жанагы ыплас мени бир аз эле кыйнап койгону болбосо, менин абалым дурус, – деди. Аркыберкиден кеп салып бир топ баарлашып отурган соң энесинин ыйманга келиши үчүн дуба кылууну өтүндү.

204. Хаттаб кызы Умму Жамийл мусулман айымдардын бири болгон. Аны Абу Лахабдын аялы Умму Жамийл менен чаташтырбоо керек.

Азирети Пайгамбарыбыз алакан жайып Алла Таалага жалбарды. Дуба-тилек кабылданып, анын энеси да ыймандуулардын катарына кошулуп, жаны, бактылуу жашоого кадам таштады[205].

***

Азирети Хамза (Алла ага ыраазы болсун) сындуу эр жүрөктөрдүн мусулман болушу менен күн сайын мусулмандардын карааны калдайып, дин Ислам аз да болсо чыйралып баратты. Мындай көрүнүш мушриктердин жүрөгүнүн үшүн алып, ичкенин иримге, жегенин желимге айлантты. Дагы бир жолу жыйналышып, Исламдын ылдамдыгын токтотуунун чараларын издеп көрүштү. Өз араларында:

«Мухаммеддин абалы чыйралып баратат. Алар күчкө толгон сайын биздин иштер тескери кетип жатат. Сыйкырчылык, көзү ачыктык, акындык жана билим жагынан эң кыйыныбызды тандап, ага жөнөтпөсөк болбойт. Барып аны менен сүйлөшүп келсин!» – деген бүтүмгө келишти.

Бул иш үчүн Утба бин Рабианы ылайык көрүштү. Азирети Пайгамбарга *(саллаллаху алейхи васаллам)* жөнөтүп коюп жооп күтүп кала беришти. Алланын Элчисинин алдына барган Утба мушриктер сунуштаган мүмкүнчүлүктөрдү, ашыгы менен кайталап көпкө жобурады. Ал сөзүн бүтүргөнгө чейин Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* унчукпай угуп отурду. Акырында сурады:

– *Абу Валид, айтып бүттүнбү?*

– Ооба.

– *Эми мени жакшылап угуп тур.*

205. Ибн Асийр, Усдул-Гааба, VII, 326; Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 81.

Алланын ысымы менен баштап, Фуссилат сүрөсүн окуп, сажда аяты келгенде башын саждага койду да: – *Абу Валид, мен окугандарды өз кулагың менен угуп турдун. Эми мына сен, мына ал!* – деп, кыскача сөзүн бүтүрдү.

– Абу Валид кетип баратканда жөн эле кеткен болчу, эми болсо жүзү бир башкача кулпуруп калыптыр, абалы да башкача?! – деп, кайтып келаткан Утбаны көргөн мушриктер шектене башташты.

Жай басып келген Утбаны жаалап ортого алып суроолорду жаадырышты:

– Эмне болду бачым айта салчы?

Абу Валид маанилүү сөздөн баштады:

– Кудайга ант, мен өмүрүмдө мындай касиеттүү сөздү уккан эмесмин. Аны ыр же сыйкыр, же көзү ачыктык деп айтканыбыз туура эмес.

فَإِنْ أَعْرَضُوا فَقُلْ أَنذَرْتُكُمْ صَاعِقَةً مِّثْلَ صَاعِقَةِ عَادٍ وَثَمُود

**«Аларга айтып кой, эгерде жүз үйрүй турган болушса: Мына, Ад жана Самуд коомунун башына келген чагылганга окшогон бир чагылган менен силерге эскертүү бердим»** *(Фуссилат, 13).* Мухаммед ушуна айтар замат, дагы башкасын окуп салбасын деп, тууганчылыгыбыздын акы үчүн колум менен оозун баса койдум. Анын ар бир сөзүнүн чын чыгарын жакшы билемин, ошол себептен келе турган азаптан корктум.

Эй, курайш уруусу! Келгиле, мага кулак салгыла. Аны өз жайына койгула, кийлигишпегиле. Эгер аны арабдар өлтүрсө,

бөтөн колго кан чачырайт да, силер кутуласыңар. А эгер арабдарга өкүм жүргүзө турган болсо, анын бийлиги силердин бийлигиңер, анын күчү силердин күчүңөр, ооматы силердин ооматыңар болуп кала берет. Ошентип, Мухаммеддин зоболосунун арты менен эң бактылуу болосуңар!

Жинденген мушриктер:

– Кокуй, сени да тили менен сыйкырлаган тура, Абу Валид! – деп, ызырынышты. Утба:

– Бул менин пикирим. Силер каалаганыңарды жасагыла, – деди *(Ибн- Хишам, I, 313-314; Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 111-112).*

## Азирети Умардын мусулман болушу

Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун) сүйүктүү Пайгамбарыбыздан *(саллаллаху алейхи васаллам)* он үч жаш кичүү болгон. Тогузунчу атадан экөөнүн тууганыдык жайы бар эле.

Мусулмандардын ишин кароо боюнча мушриктер дайыма «Дарун Надвада» жыйын өткөрүшчү. Күндөрдүн бириндe кайра эле ошол иш менен жыйналышты. Бул жолку кеңешмеде алар орчундуу бир чара көрүшмөкчү болушту. Тактап айтканда, Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи васаллам)* өлтүрүүнү мерчемдешти. Бир бүтүмгө келген соң күч десе күчү бар, сүр десе жырткычты да коркутар сүрү бар, дене-бою олбурлуу Умар бин Хаттабды  мактап-жактап, араларынан тандап чыгарышты. Ар кимиси оюна келген акылын айтышып, жоо-жарагын берип узатышты. Умар ал кезде барып турган кайдыгер, жүрөгү катуу адам болгондуктан, жөнөкөй эле бир ууга бараткандай шайдоот жөнөп кетти. А аныгында көздөгөнү жөн киши эмес, Алла Тааланын сүйүктүү Пайгамбары эле. Нуайм бин Абдуллах (Алла ага

ыраазы болсун) ага жолдон жолугуп калат. Атайын бир ишке шайланып, шашып баратканын баамдай койот кыраакы сахаба. Ошентсе да байкамаксанга салып:

– Умар мырза! Байкашымча, олуттуу максат менен кайдадыр шашып бараткандайсың? – деп суроо узатты.

– Ата-бабаларынын динин таштап, жаңы дин алып келген Мухаммедди өлтүрөйүн деп баратам! – деп бурк этти.

Кырдаалдын бычак мизинде турганын андай койгон Нуайм убакыттан утуу үчүн:

– Эх, Умар. Кудайга ант болсун, сен напсиңе алданыптырсың. Мейли сен аны өлтүрдүң дейли, бирок, Абди Маннафтан тарагандар сени соо койор бекен, ушуну ойлодуңбу, кур дегенде? Сен эң оболу өз туугандарыңа карасаң жакшы болот, – деди.

Умар Нуаймды көзүнүн үстү менен тиктеп, кыжырлана:

– Өз туугандарың деп, сен кимди айтып жатасың!?

– Ким болмок эле, күйөө балаң Саид бин Зайд менен карындашың Фатиманы айтып жатам! Экөө тең мусулман болушкан!

Нуайм (Алла ага ыраазы болсун) ниетин чындап бузуп алган Умарды көрөрү менен аны карындашы менен күйөө баласыныкына жөнөтө салып, абалды Азирети Пайгамбарыбызга билдирүү үчүн убакыттан утуп алды.

Нуаймдын сөздөрү Умардын ачуусун жарылчудай абалга жеткирди. Ошо кездеги түрүнөн адам тургай, жырткыч да айбыгар эле. Ал түз эле карындашынын үйүнө барды.

Дал ошол маалда карындашы, күйөө баласы жана Хаббаб

(Алла аларга ыраазы болсун) үчөө Куран окуп, таалим алып жатышкан эле. Кирген буурадай чамынып, кара кулак шердей айбаттанып келаткан агасын көрөр замат, үй ээлери Хаббабды башка бөлмөгө жашырууга аргасыз болушту. Корккондон алаңдаган Фатима Куран жазылган барактарды жашырганга араң үлгүрүп калды. Ошентсе да, кыңыр иш жасап койгону билинип калган жаш баладай жер карап туруп берди.

– Эми эле эмнелерди кобушарып жаттыңар эле? – деп, жер карап турган карындашына бир тийди.

– Сиз жаңылыш бир нерсени угуп калгандырсыз, эч нерсе деле жок болчу, – деп актанып көрүштү эле кыжыры кайнаган Умар:

– Угушума караганда, экөөңөр тең Мухаммедге моюн сунган турбайсыңарбы?!

Умар ачуусун баса албай күйөө баласын көкүрөктөн ары түртүп, жыгылып калган соң ур-токмокко ала баштады. Арачы болуу үчүн ортого түшкөн карндашын да токмоктоп салды. Акыйкатка карөзгөйлүк кылып жаткан агасынын жоругуна чыдабай кетти көрүнөт, карындашы чарт жарылып кетти:

– Умар! Колуңдан келгенин кыл! Кааласаң бизди өлтүрүп сал! Мусулманчылыктан эч качан кайтпайбыз!..

Кыжыры кайнаган Фатима (Алла ага ыраазы болсун) ыйманынын күчүнө таянып, ушул сөздөрдү айтып жатканда айрылган башынан кан сызылып турду.

Карындашынын жүрөктөн чыккан сөздөрү Умардын шаабайын суутту. Жалт карап, анын бетинен сызылып жаткан канды көрүп, бир туугандык сезими зырп дей түштү. Жоругуна бушайман болгонсуп жүзүнүн жумшара түштү.

– Мейли эмесе, эмелеки окуп жаткна нерселерди алып келгиле, көрөйүн.

– Сен ал барактарды айрып саласың, – деп, Фатима кеткенчиктеп кетти.

– Коркпо, эч нерсе кылбаймын, – деген тейде колу менен ишаарат кылып, окуган соң кайтарып берерин айтып, кудайларын оозанып, касам ичти.

Айбан мүнөз агасынын мусулман болушун үмүт кылып, барактарды катылып жаткан жеринен алып чыгып:

– Ага жаным, сен буттарга сыйынып жүргөндүктөн, таза эмессиң. Куран жазылган барактарга пакиза эмес адамдар кол тийгизе албайт! – деди. Бир аз мурда агын селдей буркан-шаркан түшкөн Умар карындашынын сөзүндө бир касиет катылып жатканын аңдады. Жүрөгү жибип, ордунан туруп тазалынып, жуунуп келген соң Курандын барактарын кармады. Андагы аяттарды[206] окуй баштады:

طه مَا أَنزَلْنَا عَلَيْكَ الْقُرْآنَ لِتَشْقَى إِلَّا تَذْكِرَةً لِّمَنْ يَخْشَى تَنزِيلاً مِّمَّنْ
خَلَقَ الْأَرْضَ وَالسَّمَاوَاتِ الْعُلَى الرَّحْمَنُ عَلَى الْعَرْشِ اسْتَوَى لَهُ مَا
فِي السَّمَاوَاتِ وَمَا فِي الْأَرْضِ وَمَا بَيْنَهُمَا وَمَا تَحْتَ الثَّرَى وَإِنْ تَجْهَرْ
بِالْقَوْلِ فَإِنَّهُ يَعْلَمُ السِّرَّ وَأَخْفَى اللهُ لَا إِلَهَ إِلَّا هُوَ لَهُ الْأَسْمَاءُ الْحُسْنَى
وَهَلْ أَتَاكَ حَدِيثُ مُوسَى إِذْ رَأَى نَاراً فَقَالَ لِأَهْلِهِ امْكُثُوا إِنِّي آنَسْتُ

206. Азирети Умардын колуна берилген аяттар Хадид сүрөсүнүн алгачкы аяттары болгондугу да баяндалып келет (Байхаки, Далаил, II, 217).

نَاراً لَّعَلِّي آتِيكُم مِّنْهَا بِقَبَسٍ أَوْ أَجِدُ عَلَى النَّارِ هُدًى فَلَمَّا أَتَاهَا نُودِي

يَا مُوسَى إِنِّي أَنَا رَبُّكَ فَاخْلَعْ نَعْلَيْكَ إِنَّكَ بِالْوَادِ الْمُقَدَّسِ طُوًى

وَأَنَا اخْتَرْتُكَ فَاسْتَمِعْ لِمَا يُوحَى إِنَّنِي أَنَا اللَّهُ لَا إِلَهَ إِلَّا أَنَا فَاعْبُدْنِي

وَأَقِمِ الصَّلَاةَ لِذِكْرِي إِنَّ السَّاعَةَ ءَاتِيَةٌ أَكَادُ أُخْفِيهَا لِتُجْزَى كُلُّ نَفْسٍ

بِمَا تَسْعَى فَلاَ يَصُدَّنَّكَ

عَنْهَا مَنْ لاَ يُؤْمِنُ بِهَا وَاتَّبَعَ هَوَاهُ فَتَرْدَى

**«Мээримдүү жана Ырайымдуу Алла Тааланын ысымы менен!**

**«Таа хаа.** (Мухаммед,) **Биз сага бул Куранды кыйналып жапа чегишиң үчүн эмес, тескерисинче** (Алладан) **корко турган адамдарга нарк-насаат болсун үчүн түшүрдүк.** (Ал) **Жерди жана жогорку асмандарды жаратуучу тарабынан түшүрүлгөн.** (Ал) **Өз тагын ээлеген Рахман. Асмандар менен жердеги жана бул экөөсүнүн ортосундагы нерселер менен топурактын астындагы бардык нерсе Ага таандык. Эгер сен ашкере сүйлөсөң да,** (же тымызын сүйлөсөң да) **Ал сырды да, эң жашыруун нерселерди да билет. Ал Алла! Андан башка Кудай жок. Эң жакшы ысымдар Ага таандык.** (Мухаммед), **сага Муса жөнүндө кабар келдиби? Эстегин ал** (узактан) **бир отту көрүп үй-бүлөсүнө: «-Ушул жерде тура тургула, мени бир отту көрүп калдым , балким, силерге андан чок алып келермин, же ошол от тараптан бир жол көрсөтүүчү табаармын», – деди. Анан ал отко жеткен кезде,**

**«О, Муса!» деген үн угулду.** (Муса), **Чындыгында, Мен Сенин Эгеңмин. Эми кепичтеринди чечкин. Анткени, сен ыйык Тува өрөөнүндөсүң. Мен сени** (пайгамбарлыкка) **тандадым. Эми түшүрүлүүчү аян-кабарга кулак сал! Чындыгында, Мен Алламын. Менден башка кудай жок, Мен гана бармын. Демек сен, Мага гана сыйын жана Мени эстөө үчүн намазды толук аткар! Ар бир жан кылган мээнетинин үзүр-акыбетин ала турган** (кыямат) **сааты, албетте, келет.** (Бирок) **Мен** (кыямат качан болушун) **жашыруун кармаймын. Ошондуктан, кыяматка ишенбей, өз каалоолорун ээрчигендер сени** (ыймандан) **тоспосун. Анда жок болосун»** (Таха сүрөсү, 1-16-аяттар).

Мына ушул аяттардын, таасиринен жүрөгү толкуган Умардын сөзү оозунан түшүп калды.

– Бул сөздөр кандай гана көркөм! Кандай гана нарктуу! – дегенге араң жарады.

Курандын ыйык касиети, сөзүнүн риторикалык көркөмдүгү, куюлушкан саптары аны биротоло өзүнө тартып алган эле. Ал катардагы пендезат айта албай турган акыйкатка жана кемengerликке бай эле. Умар шалдырап олтуруп, азыр эле окуган касиеттүү сөздөрдүн теренине ой кайыгы менен саякаттап кетти. Ойлонуп бир топко олтурду. Бир маалда жашынган жеринен Хаббаб (Алла ага ыраазы болсун) чыгып келди да:

– Умар, Аллага ант болсун! Алланын Элчисинин дубасы сага насип болот экен буйруса. Кечээ Пайгамбарыбыз: «Оо, Жараткан Алла Таалам! Исламды Абу Хакам бин Хишам же Умар бин Хаттаб менен кубаттандыр!» – деп дуба кылган эле. Умар, болду, жетишет, Алла Тааладан корк! – деди.

Жанатан бери ойго сүнгүп бир кыйла жеңилдене түшкөн

Умар эми чыдамы түтпөй:

– Хаббаб, жүрү, сен мени Мухаммед жашаган жерге алып бар, мусулман болоюн! – деди.

Көңүлдөгү көлкүгөн толкунга айдакталып жолго чыкты. Бул ирет ыйман, сүйүү жана толкундануу түрткү берип, Алланын Элчисинин акыйкатына ынтызарлана, Умардын кадамдары жеңил ташталып баратты.

Бир заматта Аркамдын үйүнө барышты. Кайра тартпас өжөр душмандын келери мурда кабарлангандыктан, аны белине кылыч байланып, билек түрүнүп, белсенип чыккан Хамза тосуп алды. Акыркы өзгөрүүлөрдөн эч бир жандын кабары жок эле.

Азирети Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* Умар тарапка бет алды. Аны дарбазадан тосуп алып, эмне үчүн келгендигин сурады. Азирети Умар мусулман болуу үчүн келгенин айтты.

Умардын улардай үнүн уккан Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Жараткан Алланын эмнелерге кудереттүү экендигин каймана мааниде кыйытып, негизгиси, шүгүрчүлүк иретинде: ٱللَّهُ أَكْبَرُ «Аллаху Акбар!» – деп, Жаратканды даңктады. Анын такбирин уккан бардык сахабалар үндү бийик көтөрө жарыша такбир айтышты. Ошентип, Алланын Элчисинин дагы бир дубасы кабыл болду.

Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун) Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* жана сахабалардын алдында эң алгач келмесин келтирген соң жылуу сөзгө баштады.

أَشْهَدُ أَنْ لاَ اِلَهَ اِلاَّ اللهُ وَأَشْهَدُ أَنَّ مُحَمَّدًا عَبْدُهُ وَرَسُولُهُ

Ошентип, сүйүктүү Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* дубасы Умар бин Хаттабга насип болгон. Ал эми Абул Хакам бин Хишам, тактап айтканда, баарына белгилүү Абу Жахил, каапырлыктын сормо сазына белчеден баткан бойдон, түбөлүк азап тарта тургандардын бири болуп кала берген[207].

Ыйманга келген Азрети Умардын сунушу менен мусулмандар Алла Тааланы даңкташып, Аркамдын үйүнөн Каабага карай дагы бир жолу жүрүш жасашты.

Мусулмандардын эч нерседен коркпой, Меккени жаңырта такбир айтып Каабага келиши жана Азирети Умардын алардын катарына кошулуп кетиши мушриктердин ачуусун шекердей кайнатты.

Ак менен караны, жаман менен жакшыны айырмалап, кара кылды как жара билгендиги үчүн Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Умар бин Хаттабга (Алла ага ыраазы болсун) «Фарук» деген асыл наамды ыйгарган[208].

Азирети Умар ошол элестүү күндөрүн кийинки өмүрүндө мындайча баяндап берген:

«Мусулман болгондугу үчүн азап тартып, жапа чекпеген жан жок эле. Исламды кабыл алганымдан кийин эч ким мага кысым көрсөтө албады. Анан ойлонуп олтуруп өзүмө өзүм мындай дедим:

«Мусулмандар ар кыл азап чегип, түркүн балээлерди башынан кечирип жатканда менин тынч өмүр сүргөнүм жарабаган иш!»

207. Ибн Хишам, I, 365-368.
208. Диярбекри, I, 296.

Исламды кабылдаган күнү түн бою кирпик ирмебей ойлонуп чыктым. Меккеде Алланын Элчисин көргүсү келбеген канча элдешкис душман болсо, баарынын үйүнө барып мусулман болгондугумду бетине айтууга чечим кылдым. Мен күткөн таң да атты. Эртелеп барып Абу Жахилдин каалгасын кактым.

– Кош келипсиң Умар! Эмне жаңылык алып келдиң? – деди.

Мен ага мындай дедим:

– Алла Таалага жана Анын Элчисине ыйман келтирип, Пайгамбар алып келген бүт касиеттерди кабыл кылганымды айтыш үчүн келдим!

Ал мага наалат айтып, эшикти тарс жаап, ичинен бекитип алды» *(Ибн Хишам, I. 371).*

Азирети Умар муну менен эле тим калбай, Исламга азуусун кайраган душман, өзүнүн таякеси Валид бин Мугирага жана акыйкаттын жолун тосуудан кайра тартпаган эки мушрикке бул кабарды билдирген. Алар деле Азирети Умарга каяша айтууга даай алышпай, унчукпай, эшикти катуу жаап алышкан.

Абдуллах бин Масуд мындай деген:

«Азирети Умардын мусулман болушу жеңиш, улуу көчкө кошулганы жардам (дем), халифалыгы накта мээримдүүлүк болгон! Ал мусулман болгонго чейин Каабанын жанында намаз окуй алчу эмеспиз. Исламды кабыл кылгандан тарта курайштын мушриктерине сес көрсөттү. Мушриктер бизди жайыбызга койду. Ошентип, Каабада намаз окуй баштаганбыз» *(Хайсами, IX. 62-63).*

Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун) хижратка чейин Меккеде Ислам дини үчүн жан аябай күрөшкөн. Мусулмандарга кошулуп азап чегип, башка түшкөн караңгылыктардын таңын атырган.

# ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ЖЕТИНЧИ ЖАНА ТОГУЗУНЧУ ЖЫЛДАРЫ – БОЙКОТ ЖЫЛДАРЫ

## Ар тараптуу катнашты үзүү саясаты

## Үч жыл сүргөн карасантайлык

Ислам дини күн өткөн сайын өркүндөп, мусулмандардын саны өсүп жаты. Минтип жаңы диндин өрүш алышы мушриктердин ызалуу кегин ого бетер ырбатты. Чыдап тура албаган мушриктер Азирети Пайгамбарыбызга кастыгын тигип, ааламды караңгылыкка чөктүрүүгө ниет кылып:

«Жашыруун болсун, же ачыктан болсун, баары бир аны өлтүрөбүз!» – деп касам ичишти.

Курайш мушриктеринин мындай бекем чечимин уккан Абу Талиб Алланын Элчисинин өмүрүнө коркунуч туулганын ойлоп, бир орунда тура албай, санаасы санга бөлүндү. Акырында Хашим менен Мутталибден тарагандарды жыйнап, Мухаммед Мустафаны *(саллаллаху алейхи васаллам)* ар кандай кырсык-балээлерде коргоону тапшырды.

Мухаррам айынын алгачкы түндөрү. Абу Талиб баш болуп, Хашим менен Мутталибден тарагандар Абу Талибдин эшик ал-

дына жыйналышты. Абу Лахаб гана каапырларга ыктап, басып келген жок.

Мушриктер болсо Ислам дининин дагы да тамырлап кетишине жол бербөө, мусулмандарга экономикалык, социалдык чектөөлөрдү киргизүү, жашоолорун татаалдаштыруу, бет алган багытынан мурунку ыплас үйүткө кайтаруу тууралуу план түзүштү.

Мына ушул максат менен Абу Жахил башында турган карасантайлар мусулман атпайдан жана аларды коргоп жаткан Хашимдин уулдары менен соода-сатыктан баштап, куда-сөөк болуу сыяктуу маданий мамилелерге чейинки бардык адамгерчилик карым-катнаштарды үзүп коюшту. Муну бир антташуу менен бекемдеп, ар бир топ башы мөөрлөрүн басышып, Каабанын дубалына илип коюшту.

Бул антташууну Мансур бин Икрима жазган эле. Ошол күнү Алланын Элчисинин дубасы тийип, Икриманын колу куурап калды. Буга күбө болгон мушриктер: *«-Хашимден тарагандарга заалимдик кылгандыгыбыз үчүн Мансур балээге кабылды!»* –деп, өз араларында күбүр-шыбыр болуп жатып калышты *(Ибн Хишам, I, 372-373; Ибн Саьад, I, 208-209; Бухари, Хаж, 45).*

Бул жолку кысым бир топ татаал эле. Мурдалары Мекке шаарынын ар кайсы жеринде, ар кайсы булуң-бурчунда жашап жүргөн мусулмандар «Шиб-и Абу Талиб» деп аталган, шаардын Азирети Пайгамбарыбыздын абасы жашап жүргөн бөлүгүнө көчүп барышып, өзүнчө бир конуш болуп жайланышты. Алланын Элчиси да Аркамдын үйүнөн чыгып аталган аймакка жайгашты.

Кыраакы Абу Талиб ар кандай жамандыктын, кокустуктун же арам пейил кол салуулардын алдын алып, бүт дили менен чара көрдү. Азирети Пайгамбарыбыз күн сайын адаттагыдай

эс алууга кынтаят, түн коюуланып, эл аягы тыйылганда Абу Талиб өз уулдарынан, бир туугандарынан же болбосо бир туугандарынын уулдарынын бирин, Алланын Элчисинин төшөгүнө жаткырып, Алланын Элчисин болсо келген адамдын үйүнө жаткырып жүрдү[209].

Мусулман коомчулугунун турмушу оорлоп, жетишпетик жана ачарчылык башталды. Абу Жахил жана анын бузук ниет тарапташтары күн-түн дебей мусулмандар жайгашкан шаар бөлүгүн сырттан көзөмөлгө алып, азык-түлүк иргизүүгө тыю салып, колго түшкөндөрүн тартып алып жатышты. Көзөмөл катуу болгондуктан, азык-түлүктү жашыруун алып кирүүгө да болбой калды.

Мусулмандар тараптан дүкөндөргө жана базарларга бара турган жолдун баарын жаап салышты. Демейде байлыгын аяп жүргөн мушриктер, ушундай кысталыш жагдайды өздөрү түзгөн сон, мусулмандардан кызганып, азык-түлүктүн бардык түрүн, акчанын көзүнө карабай сатып алып жатышты. Жылына бир жолу келчү ажылык мезгилинде гана мусулмандар жашаган аймагынан сыртка эркин чыга алышчу. Ошондо да момун мусулмандардан бирөө жарым, бала-бакыра үчүн бир нерсе сатып алайын десе каапыр Абу Лахаб жете келип:

– Эй соодагер! Мухаммеддин үммөтү келгенде колундан келишинче наркты көтөрүп сал. Алар сенден эч нерсе сатып ала албагандай болушсун. Силер менин өтө бай жана убадага бекем адам экенимди жакшы билесиңер! – деп, соодагерлерди сөз менен зекип, мусулмандарга мыйыгынан мыскылдуу жалмайып бастырып кетчү.

Мусулмандар өңдөн азып ,үйдө ыйлап олтурган балдары-

209. Ибн Касийр, ал-Бидая, III, 132.

на өзөк жалгар эч нерсе ала албай, аргасыздан кайра тартып жүрүштү. А соодагерлер болсо, эртеси күнү арткан азык-түлүктөрүн Абу Лахабга кымбат баага өткөрүп, жыргап калышты[210].

Ачарчылык жондон басып, эл кыйналып турган кезде Азирети Пайгамбарыбыз жана кутман жубайы Азирети Хадижа энебиз колундагы бардык мүлктү мусулмандар үчүн каржашты[211].

Мусулмандар жашап жаткан шаар бөлүгүнө барчу жолдордун баары жабылганына карабастан, кээ бир меккеликтер ачарчылыкта жашап жаткан тууган-туушкандарына жашыруун жолдор менен тамак-аш жеткирип турушкан. Хаким бин Хизам кербен менен Дамасктан буудай алып келген эле. Жараткан Алла анын жүрөгүнө мээрим себелеген көрүнөт, бир төөгө экиүч бүлөгө жеткидей буудайды артып, жашыруун жолго салып, мусулмандар тарапка айдап жиберген. Белгисиз жактан келген азык мусулмандар үчүн көздөн учкан жакшылык болгон. Арадан бир топ өткөндөн кийин боорукер Хизам каш карайганда бир төөгө ун жүктөп, мусулмандар тарапка экинчи жардамын жөнөткөн.

Ушундай жолдор менен мусулмандарга жардам жөнөткөндөрдүн бири Хишам бин Амр аттуу инсан эле. Ал дагы жашыруун жолдор менен беш-алты төөлүк азык-түлүктөрдү мусулмандарга жөнөткөн. Анын кайырымдуулугун угуп калган бутпарастар акыркы ирет эскертүү берип, катуу зекиген. Өмүрүнө коркунуч келип турса да берешен Хишам туугандарына жардамын токтоткон эмес. Эскертүүнү тоотпой койгондугу үчүн аны кармап алып, тындым кылууну чечишкен.

210. Сухейли, II, 127-128.
211. Якуби, II, 31.

– Жайына койгула муну! Болгону туугандарына жакшылык кылыптыр! Колдон келсе биз да жардам берсек жакшы иш болбойт беле!.. – деп, Абу Суфян ошол жерде бир жолу ишке жарап, Хишамды арачалап калган.

Каапырлардын кара ниеттирги ыймандууларды кыйын түйшүккө салган. Кээде өзөк жалгоо үчүн дарактын жалбырагын жегенге аргасыз болушкан. Айрыкча жаш балдар ачарчылыкка чыдабай боо-боо кырылып кетишкен. Алардын тарткан азабы, мундуу кошогу шаардын башка бөлүктөрүнө да жаңырып, сырттан караган көзгө Мекке шаары кунарсыз көрүнүп турган.

Мусулмандарды ачарчылык менен кыйнайбыз, Алланын Элчисин өзүбүзгө баш ийдиребиз, колдон келсе көзүн тазалайбыз деген максатта, зор ишеним менен ушундай чектөөлөрдү киргизишкен. Берки тарапта аксакал Абу Талибди аталарындай урматтаган Хашимдин урпактары менен мусулмандар, акыркы Пайгамбардын өмүрүн сактоо үчүн кашык каны калганга чейин кармашууга даяр турушкан.

Меккелик мушриктердин азабы чегинен ашып баратканда, Азирети Пайгамбарыбыз алаканын көккө жайып, курайш мушриктерине минтип каргыш дуба кылган:

*«Оо, Жараткан Алла Таалам! Ушул заалим коомчулукка Жусуп пайгамбардын доорундагыдай жети жыл ачарчылыктын азабын бер, бизге жардамыңды бер!»*

Алланын сүйүктүү Пайгамбарынын мунажатынан кийин жамгыр жаабай калган. Курайш мушриктери ачарчылыкка дуушар болушкан. Кургакчылыктын айынан бүт нерсенин тамыры куурап, жок боло баштаган. Ачкалыктан көбү өлүп кеткен. Өзөк жалгаарга эч нерсе калбагандыктан, өлгөн жаныбарлардын арам этин, терисин жегенге өтүшкөн. Мушриктер башын

өйдө көтөрө турган болсо, туман баскандай көздөрү бүт жакты булаңгыр көрө баштаган. Бул ачкалыктын накта алааматы эле.

Алла Таала бул окуяны Куранда мындайча маалымдайт:

فَارْتَقِبْ يَوْمَ تَأْتِي السَّمَاءُ بِدُخَانٍ مُّبِينٍ يَغْشَى النَّاسَ هَذَا عَذَابٌ أَلِيمٌ

“**Асман айкын түтүн менен келген күндү**[212] **күтүп тур. Ал адамдарды каптап калат. Бул оорутуучу жаза**” *(Духан сүрөсү, 10-11-аяттар).*

Кургакчылыктын, жокчулуктун азабы жондон кайыш тилгендей жанды ачытып, көз тумандаша баштаган кезде Абу Суфян, Азирети Пайгамбарыбызга барып кайрылды:

– Мухаммед, – деп, болушунча сылык кайрылууга аракет жасап, сөз баштады жойпулана:

– Сен ушу кезге чейин мээримдүүлүк үчүн жөнөтүлгөнүңдү айтып, Аллага моюн сунууну, тууган-туушканга жардам этүүнү буйруп келесиң. Сенин коомуң ачарчылыктан жок болуп кетүүнүн алдында турат. Мына ушул апааттан арылуу үчүн Аллага дуба кылышыңды өтүнөбүз. Эгер сенин ушул дубаң менен апааттан арыла турган болсок, Аллага дароо ыйман келтиребиз! – деп, касам ичип, сөз берди.

Алланын Элчиси бул иштин жакшылык жагын эске алып Алла Таалага жалбарып дуба кылды. Көп өтпөй, көнөктөп жамгыр төгө баштады. Кууратакан кургакчылык тоюмчулука, молчулукка алмашты. Турмуш тиричилиги ордуна келген соң, мушриктер көнүмүш ширктен чыга албай коюушту[213].

212. Кыйын кезең, ачарчылык келген күнү. Анткени катуу ачка болгон адам алсыздыгынан көзү тунарып аны менен асмандын ортосун түтүн сымал көрөт. Тафсир Ал-Байзавий.

213. Бухари, Тафсир, 30 ,44; Муслим, Мунафикин, 40; Ахмад, I, 431, 411.

وَإِذَا مَسَّ الإِنسَانَ الضُّرُّ دَعَانَا لِجَنْبِهِ أَوْ قَاعِداً أَوْ قَآئِماً فَلَمَّا كَشَفْنَا عَنْهُ ضُرَّهُ مَرَّ كَأَنْ لَّمْ يَدْعُنَا إِلَىٰ ضُرٍّ مَّسَّهُ كَذٰلِكَ زُيِّنَ لِلْمُسْرِفِينَ مَا كَانُواْ يَعْمَلُونَ

**«Адампендеге бир мүшкүл тийип калса, капталынан жатса да, отурса-турса да Бизге жалбарат. Биз аны мүшкүлдөн куткара турган болсок, куду башына түшкөн балээ себептүү Бизге жалбарбагандай жорук жасайт. Чектен ашуучу адамдарга өз кылымыштары мына ушундай ажайып болуп көрсөтүлдү»** *(Юнус сүрөсү, 12-аят).*

## Бойкоттун аякташы

Миң бир азап менен кылымдай сезилген үч жыл аяктап калганда, момундарды кыйноо боюнча жазылган келишим кагазды Кудай Таала жиберген кадимки дарак курту «Бисмикаллахумма – О, Аллахым! Сенин ысымың менен баштаймын!» деген сүйлөмдөн башка, заалимдикти, жамандыкты билдирген бардык сөздөрдү жеп койду. Вахий аркылуу билдирилген кабарды Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Абу Талибге айтты. Ал бир туугандарын чакырып:

– Сый кийиминерди кийгиле, курайш уруусуна барабыз да, жарыяланган келишимдерин курт жеп кеткенин айтабыз! – деди.

Ошентип, Абу Талиб туугандарын баштап мушриктерге барышты. Келген максаттарын түшүндүрүп, чечим жазылган баракты курт жеп кеткенин айтышты. Көздөрү ала чакмак болгон

мушриктер адам жөнөтүп баракты алдырышты. Азирети Пайгамбарыбыз билдиргендей баракты курт жеп салганын көрүштү. Заалимдердин оозунан сөзү түшүп, шалдырап отуруп калышты. Абу Талиб аларга:

– Ырайымсыздык кылганыңарды, тууган менен туугандын алакасын үзүп жамандык кылганыңарды силер да түшүндүңөр көрүнөт!? – деди.

Эч кимиси Абу Талибге каяша жооп кайтара алышпады. Жан дүйнөлөрүн бийлеп алган шайтандык сезим: «Бул накта сыйкырчылык!» деп шыбырап туруп алды. Бул сөздү ичтеринен сансыз ирет кайталап, кашкайган акыйкатка далысын салган бойдон кала беришти.

Курайштын кыйын чыкмалары жана сакалдууларынын кээ бирлери Хашимден тарагандарга кылган жамандыктарын айтып:

– Бир шаарда жашап тургандан кийин туугандарыбызга заалимдик кылганыбыз чеки иш болду! – деп, бири-бирин айыпташты.

Пайгамбарлыктын онунчу жылына келгенде курайштын кээ бир адамдыры бойкотту алып таштоо үчүн катуу киришти. Хишам бин Амр, Зухайр бин Абу Умаййага:

– Зухайр! Тайкелериңе соода-сатык кылууга, үйлөнүүгө тыюу салынып,  жокчулукта жашап жатса, сенин кенен-кесир ичип жегенге, каалаганыңды алып кийүүгө кантип дитиң барып жатат? Ант болсун! Кокус Абу Жахилди өз тайкелерине зыянын тийгизе турган ушундай бир келишимге катышууга чакыра турган болсоң, убара болосуң, – деп, анын адилетсиздигин, калпыстыгын кыйытып өттү.

Хишам Зухайрды көндүргөн соң жалгыз жалгыздан баарлашып олтуруп Мутим бин Адийй, Абул Бахтари жана Зама бин Асвадды кепке келтирди. Айланага карангы түшүп калганда, аталган беш киши Меккенин жогору тарабында Хажуун аттуу дөнсөөгө чогулушуп, алдыга коюлган иш-максаттар тууралуу сүйлөшүштү. Элди кууратккан келишимди бузуп, мамилелерди мурунку калыбына келтиргенге чейин артка кайтпоого, колдон келген күч-кайратты жумшоого шерттешишти.

Эртеси эрте менен Каабага келишти. Зухайр кымбат баалуу, асемделген чепкен кийип алган. Каабаны айланып таваф кылган соң сөзгө баштады:

– Айланайын Меккенин калкы! Өзүбүз каалагандай ичипжеп, каалагандай кийинип, ал эми журтташтарыбыз Хашим менен Мутталибден тарагандарды ач калтырып, кырылып калышсын дегенибиз ашкере адилетсиздик эмеспи?! Кудайга касам ичип туруп айтамын, тууганды туугандан ажыраткан ушул кара кагаз жыртылганга чейин олтура албаймын!

Бул сөздү уккан Абу Жахилдин деми кысылып кетти. Бир топ атырылып каршы чыга турган болду эле тилектештеринин төртөөсү Зухайрды колдоп кеткенин көрүп, шаабайы суун олтуруп калды. Мутим кайраттуу басып барып, Каабанын дубалында илинип турган карөзгөй келишимди алып тытып салды. Адийй бин Кайс, Зама бин Абулбахтари  жана Зухайр башка бутпарастар кол салып ийбесин деген ойдо куралданып алышып, Хашим менен Мутталибден тараган мусулмандарды өз үйлөрүнө көчүрүп келишти. Ошентип, Алла Тааланын жакшылыгы менен үч жылга созулган социалдык жана экономикалык кысымдан бошонушту. Бойкотту токтотууга салым кошкон адамдарды Абу Талиб ырга салып мактады. Мушриктер болсо Алланын Эл-

чисинин чакырыгын токтотууга көздөрү жетпей, үмүттөрү үзүлө баштады[214].

Ушул өңдүү азаптардын жана машакаттардын баары мусулмандардын ыймандарынын артышына, өз ара ынтымактын дагы да бекемделишине себепкер болгон. Каапырлар тарыхтан бери боло келгендей, алакан жайып олтуруп калышкан.

***

Пайгамбарлыктын сегизинчи жылы болчу. Ирандыктар Румдардын (Визатния) таш талканын чыгарып, шаарларын талкалап, Стамбулга чейин барышкан. Натыйжада, Византия империясы оор салык төлөөгө мажбур болгон.

Ирандыктар бутпарас болгондуктан, мушриктер алардын жеңишин кубаттап, мандай жарыла сүйүнүшкөн. Византиялыктар христиан болгону үчүн, алардын жеңилүүсүнө Азирети Пайгамбарыбыз кайгырган. Мына бул аят дал ошол кайгыруу учурунда түшүрүлгөн:

الٓمٓ غُلِبَتِ الرُّومُ فِي أَدْنَى الْأَرْضِ وَهُم مِّن بَعْدِ غَلَبِهِمْ سَيَغْلِبُونَ فِي بِضْعِ سِنِينَ لِلَّهِ الْأَمْرُ مِن قَبْلُ وَمِن بَعْدُ وَيَوْمَئِذٍ يَفْرَحُ الْمُؤْمِنُونَ بِنَصْرِ اللَّهِ يَنصُرُ مَن يَشَاءُ وَهُوَ الْعَزِيزُ الرَّحِيمُ

«**Алиф, Лаам, Миим. Румдар** (гректер арабдар жашаган аймакка) **жакын жерде бүлгүнгө учурады. Бирок, алар жеңилүүдөн кийин бир канча жыл ичинде үстөмдүк кылууга жетишишет. Эң акыркы өкүм Алладан. Момундар ал күнү Алланын жардамы менен сүйүнүшөт. Алла**

214. Ибн Хишам, I. 397-406; Ибн-и Саьад, I, 210-211.

**Таала каалаганына жардам этет. Ал** (кудурети менен бүт нерсеге үстөмдүк кылган) **Азиз,** (момундарды мээрими менен калкалаган) **Рахим»** *(Рум сүрөсү, 1-5-аят).*

Алланын Элчиси:

*– Перстер сөзсүз түрдө женилүүгө дуушар болушат! – деген* *(Ахмад, I, 276).*

Бул кабарды уккан Азирети Абу Бакир гректер үч жылдын ичинде перстерди женип аларын айтып, мушрик Убай бин Халаф менен он төөгө мелдеше кетти[215].

Дароо келип Убай менен мелдешкенин айтып берди. Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

– Аяттагы **«бид»** деген сөз үч менен тогуз сандарынын ортолугун билдирет. Сен дароо барып, төөлөрдүн санын көбөйтүп, мөөнөттү узарт, – деди.

Азирети Абу Бакир Убайга барып мөөнөттү тогуз жылга, төөлөрдүн санын жүзгө чыгарып, кол алышты.

Арадан жылдар өткөн соң гректер тез аранын ичинде ирденип, ирандыктарды эсинен кеткис кылып, талкалаган. Бул жениши жалпы элге кабарланган соң, Азирети Абу Бакир Убайдан жүз төөнү алып, Азирети Пайгамбарыбызга алып келген. Алланын Элчиси:

– Буларды колунда жокторго таратып бер, – деп буюрган.

Курани Каримдин ажайып мужизасына күбө болгон меккелик мушриктердин бир тобу ушул окуянын арты менен мусулман болушкан[216].

215. Бул окуя мелдешүүгө (спор) тыюу салына электе болуп өткөн.
216. Тирмизи. Тафсир, 30/3194; Куртуби, XIV, 3.

## Пайгамбарыбыздын Айды экиге бөлгөн мужизасы

Алла Таала пайгамбарларына коомдун ар кыл катмарларына таасирдүү болгудай жана аларды ыйманга тарта алгыдай, адаттан тыш шык-жөндөмдөрдү берген. Каршысына чыга турган каапырлыктын белин сындыруу үчүн аларды ошондой күчкө ээ кылган. Ошол эле учурда, коомчулукту моюн сундуруу үчүн пайгамбарларга ажайып артыкчылыктар ыйгарылган, булар **«мужиза»** деп аталат.

Мужизалар ар бир пайгамбардын өз заманындагы элдин көңүлүн буруп, күч-кудуретке же башка нерселерге таянган окуяларга жараша ыроолонгон. Маселен, Мусанын *(алейхис салам)* доорунда сыйкырчылык кеңири жайылган эле. Ошондуктан, ага сыйкырчылыктын таш-талканын чыгаруусу үчүн «аса таяк жана нурдуу кол» өңдүү мужизалар берилген[217].

Исанын *(алейхис салам)* пайгамбарлык доорунда табыпчылык өнүгүп кеткендиктен, элдер даабагерлерди, табыптарды ыйык деп санашып, тавхид ишенимине көлөкө түшүрө турган калпыс түшүнүктөр жарала баштаган. Алла Таала бул күнөөнүн алдын алуу үчүн Иса пайгамбарга эл касиеттүү деп билген табыптарды да таң калтырган, тактап айтканда, өлгөн кишини тирилте ала турган мужизаны берген.

Ал эми Азирети Мухаммед Мустафага *(саллаллаху алейхи васаллам)* мурунку пайгамбарларга ыйгарылган артыкчылыктар, зоболо жана мужизаларга кошумча, Курани Карим берилген. Анткени, анын пайгамбарлыгы кыяматка чейинки бардык

217. Нурдуу кол-Муса пайгамбарга берилген тогуз мужизанын бири болуп саналат. (крз. Араф108; Исра 101; Таха 22, Шуара 33; Намл, 12; Касас, 32) Ал, колун чыгарган кезде кудум күн сымал айлананы жарытып турган.

мезгилди жана бүт дүйнөнү камтыйт. Ошол себептен, Азирети Мухаммед бардык өнүттөн жаамы пайгамбарлардан жогору турат. Бул жагын эске алганыбызда, анын мужизалары ошол доордун ооматтуу кесиби саналган ак тандай жана көркөм сөз өнөрү менен гана чектелип калбастан, ар кыл тармактарга үстөм боло турган түрдө жүзөгө ашырылган. Бир эле мисал катары жогоруда кенири баяндалган бойкотту айтууга болот. Андан соң ырайымсыз мушриктердин кордугунан алсырап азап чеккен мусулмандарга үмүт жана дем берүү максатында; Пайгамбарыбыздын астында каапырлардын жана алардын курт жеп кеткен келишиминин алсыз экендигин дагы бир ирет далилдөө максатында; Алла Таала акыркы Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* **«Айды экиге бөлүү – Шаккы камар»** мужизасын насип кылган. Негизи, Алланын Элчисинин ар бир мужизасы кыяматка чейин күчүн жоготпойт. Ошондой эле, адамзатка жана илимге үстөм боло турган касиетке ээ.

Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул улуу мужизасы Меккедеги ошол бойкот жылдарында, пайгамбарлыктын тогузунчу жылы болуп өткөн.

Айлана ай жарыгына мемиреп, теребел бейпилдиктин кучагында турган. Дал ошол кезде Жаратkандан суранган тилеги кабыл кылынып, Азирети Пайгамбарыбыздын колу менен көктө жаркып турган ай экиге бөлүнгөн. Бул мужизаны ар кайсы аймактарда жашаган көп адамдар көрүшкөн. Бөлүнгөн айдын бир бөлүгү Абу Кубайс тоосу тарапка, бир бөлүгү Куайкыан тоосу тарапка жылган. Бардык мушриктер бул ажайып мужизага күбө болушса да, ыйман келтиришкен эмес. Абу Жахил: «Бул жеткен сыйкырчылык!» деп, мурунтан айтып жүргөн көндүм сөзүн айткан.

Айрым мушриктер:

– Биздин көзүбүздү бойогону менен көпчүлүктүн көзүн бойой албас! – деген ойдо болушкан..

Ошол күндөрдө Меккеден бир топ узакта келаткан кербендер дагы бул мужизаны өз көздөрү менен көрүшкөн эле. Алар келген соң бутпарастар бир-бирден сурамжылоо жүргүзүшкөн. Кербендин баары бир оздон ажайып мужизаны көрүшкөнүн саймедирешкен.

Окуяга улай бул аят түшүрүлгөн:

اقْتَرَبَتِ السَّاعَةُ وَانْشَقَّ الْقَمَرُ   وَإِن يَرَوْا آيَةً يُعْرِضُوا وَيَقُولُوا سِحْرٌ مُّسْتَمِرٌّ

**«Кыямат жакындады жана Ай бөлүндү.** (Кокус) **алар бир мужиза көрө турган болушса, дароо жүз үйрүшүп: «–Мурунтан бери уланып келе жаткан сыйкырчылык», – дешет»** *(Камар сүрөсү, 1-2-аяттар); (Вахиди, 418 б; Тирмизи, Тафсир, 54/3286).*

Акырында жалпы Мекке калкынын бул мужизаны көргөнү мушриктерге маалым болгон. Мужизанын улуулугуна тан бергендер өздөрү барышып мусулман болушкан. Ал эми жүрөгү кулпулуу көрпенделер түбөлүк кейиш жолдо кала беришкен.

Арадан бир топ кылымдар өткөн соң белгилүү француз астроном окумуштуусу *Лефранчоис де Лаланде* айдын өтмүштөгү кыймыл-аракеттерин изилдеп чыгып, акыйкаттын алдында «Айдын экиге бөлүнүшү мужизасын» кабыл кылууга мажбур болгон[218].

***

218. Закани, Конрара, 110. б.

Алла Тааланын буйругу менен Пайгамбарларга ыроолонгон мужизалардын даанышман сырларын бир канча топко бөлүп карай турган болсок, кыскача мына буларды айтуудга болот:

1. Жалпы элге таасир этүү жана адамдарды ыйманга тартуу.

2. Момун мусулмандардын ыймандарын кубаттандыруу, жанчылып бараткан жан дүйнөлөрүн жубатуу.

3. Алардын чыныгы пайгамбар жана элчи экендигин тастыктоо.

4. Жараткан Кудуреттин алдында каапырларды аргасыз калтырып, момун мусулмандарды таң калтыруу.

Курани Каримдин ар бир аяты момун мусулмандардын ыйманын, каапырлардын каапырдыгын арттырганы сыңары, мужизалар Кудай Таала **«лаа яхдии»** деп өкүм кылган, башкача айтканда, хидаят буйрулбаган адамсөрөйлөрдүн каапырдыгын дагы да арттырат[219].

**«Шаккы камар»** – бул сүйүктүү Пайгамбарыбыздын эч чоң мужизаларынын бири болуп саналат. Ал «акыр заман Пайгамбары» болгондуктан, анын бул дүйнөгө келишинин өзү эле кыяматтын башталгыч белгилеринин бири.

---

219. لاَ يَهْدِي **Алла хидаят бербейт** (Туура жолго салбайт). Ушул айтылыш, Куранда 27 аятта айтылат. Маселен:

وَاللّٰهُ لاَ يَهْدِي الْقَوْمَ الظَّالِمِينَ

**«...Заалимдерди Алла туура жолго салбайт».** (Бакара, 268).

وَاللّٰهُ لاَ يَهْدِي الْقَوْمَ الْكَافِرِينَ

**«...Алла каапырларды туура жолго салбайт»** (Бакара, 264).

وَاللّٰهُ لاَ يَهْدِي الْقَوْمَ الْفَاسِقِينَ

**«...Алла фасыктар тайпасын туура жолго салбайт»** (Маида, 108).

اِقْتَرَبَتِ السَّاعَةُ وَانْشَقَّ الْقَمَرُ

**«Кыямат жакындады жана Ай бөлүндү».** *(Камар сүрөсү, 1-аят).*

## Кыйын кезеңдерде да Алланын Элчиси вазийпасын уланткан

Мушриктер күн-түн дебей жапа чектирип, кыйынчылык тарттырганына карабастан, Алланын Элчиси чакырыгын таштаган эмес. Мүмкүнчүлүк аз болсун, көп болсун, бүт күчүн элди ыйманга чакырууга жумшаган. Тыңдоочулардын абалынын ар кандай болушу ар башка жаңы усулдарды табууга жана түрдүү мамилелерге өтүүгө шарт түзгөн.

Курайш уруусунун ичинде далысы жерге тийбеген каруулуу, алп балбандар бар эле. Алардын бири Руккана күндөрдүн биринде Меккенин кыйырындагы дөнсөөдө Алланын Элчисине кезигет.

– *Руккана, ушинтип Алладан коркпой, Ислам динин кабыл кылбай, тирешип жүрө бересиңби? Кел мусулман бол!* – деп, Азирети Пайгамбарыбыз аны ыйманга чакырат.

Руккананын күрөшкө болгон кумары кармап кетти көрүнөт, мүмкүнчүлүктү качыргысы келбей:

– Мени менен күрөшүп жеңе турган болсоң, дароо ыйман келтирем, – дейт.

Пайгамбарыбыз анын убадасын тактап алгысы келет:

– *Эгер мен жеңе турган болсом, акыйкатты кабыл кыласыңбы?*

– Ооба, мени жеңе турган болсоң, же Исламды кабыл кылам, же мына бул койлорумдун баарын сага берем. А эгер мен жеңе турган болсом, сен пайгамбарлык ишинден баш тартасың! – деп, экөө ымалага келишет.

Жеңдер түрүлүп, таймаш башталат. Ардактуу Пайгамбарыбыз атактуу балбанды кармар замат жерге жыгат. Руккана жадагалса, коргонууга үлгүрбөй бозоруп жерде жатып калат. Ордунан туруп кагынып силкинген соң:

– Мухаммед, кел дагы бир жолу күрөшөлү, – дейт.

Экинчи жолку кармашта Руккана дагы жыгылат. Руккананын үчүнчү өтүнүчү боюнча кайра кармашышат. Мында да Азирети Пайгамбарыбыз ийгиликке жетишет. Мурунтан калыптанып калган бузук ишенимден баш тарталбай,  бир чети жеңилгенине ыза болуп ыйман келтирбей койот.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Руккананын ыйман келтирбей койгонуна жана анын ызага алдырып койгонунан катуу таасирленип:

– Алып кет, малыңды! – деп басып кетет.

Аны капа кылып алганын кеч түшүнгөн балбан:

– Кудайга ант! Сен, менден да жакшы жана улуу адамсың! – деп кыйкырып кала берет.

Ошол окуядан бир топ жыл өткөн соң Мекке каратылганда Руккана балбан мусулман болгон. Андан кийин Мединага көчүп барып, ошол жакта отурукташып калган. *(Ибн Хишам, I, 418, Ибн Асийр, Усдул-Гааба, II, 236).*

***

Димад бин Салаба «эзди шануна» уруусунан эле. Ал акыл-эси ооруулу адамдарды окуп дем салган жана табыпчылыгы бар, ошондой эле илим алууга кызыкдар адам болгон. Бир жолу умра үчүн Меккеге келип, мушриктер менен баарлаша кетет. Ислам дини жана Пайгамбарыбыз тууралуу мурда угуп жүргөн. Жанында олтурган табакташынан «Мухаммед жинди болуп калган!» дегенди угуп, өзүнө өзү:

«Ошол адамды бир текшерип көрөйүн. Балким, аны мен айыктырармын» – деп күбүрөнүп, аны издеп жөнөйт. Акыры ага жолугат.

– Мухаммед, мен негизинен жин урган, акылдан айныган адамдарды дарылап жүрөм. Кааласаң сени да айыктырайын. Балким, Кудай сага да шыпаа берип калгысы бардыр, – дейт, дымагы терисине батпай, терең дем алып.

Алланын Элчиси Димадга мындай дейт:

*«Хамд (ыраазылык) Аллага гана таандык. Биз Аны мактайбыз жана Андан жардам, кечирим сурайбыз. Напсинин жамандыгынан Алла Таалага корголонобуз. Алла Таала туура жолго салган адамды эч ким адаштыра албайт. Жаман жолго салып койсо, эч ким аны туура жолго салалбайт. Мен Алла Тааладан башка кудай жок деп күбөлүк берем. Ал жалгыз. Анын ортогу да, шериги да жок. Ошондой эле, Мухаммед Анын кулу жана Элчиси экендигине күбөлүк этем».*

Алланын Элчисинин сөзү Димадга абдан жагат. Жүзү бир башкача жумшарып:

– Мен ушу кезге чейин мынчалык укмуш, мынчалык жакшы сөздү уккан эмесмин! Азыр айткандарыңды дагы бир жолу кайталап айтып берчи? – дейт, алдыга умтулуп чөк тизелей олтуруп

калды.

Азирети Пайгамбарыбыз жогорудагы айткан нускалуу сөздөрүн эки жолу кайталайт. Бир аз мурда өзүн табып деп тааныштырган адам эми жүрөгүндөгү өзгөрүүнү, минтип сыпаттап берет:

– Кудайга ант болсун, мен палчылар, бакшылар, сыйкырчылар, акындар жана мен-мен деген көп кыйын адамдар менен сүйлөшкөм. Бирок, азыр сен айткан сөздү эч кимден уга элекмин. Сенин айткандарың сөзмөрлүктүн жана ак таңдайлыктын эң баалуу акактары, жеткен чеги экен. Кел, колуңду бер, мындан ары сени ээрчийин!

Ошентип, Димад мусулман болот.

– *Коомуңдун атынан да сөз бересиңби?* – деген Пайгамбарыбыздын суроосуна:

– *Өз элимдин атынан да сөз беремин?*– дейт *(Муслим, Жума. 46; Ахмад, I, 302; Ибн Саьад, IV, 241)*

Димад мусулман болгондон кийин Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* аны Исламга чакырган үгүтчү жана мугалим кылып дайындап, элине аттандырган.

# ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ОНУНЧУ ЖЫЛЫ

## Кайгылуу жыл: Азирети Хатижа менен Абу Талибдин кайтыш болушу

Мушриктердин кыянатчылыгынан эсен-аман чыккан Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* жана мусулмандардын сүйүнүчү көпкө узаган жок. Жамандык иш аяктап, эми эле жай турмуш улана баштаган кезде Алланын Элчисин жана бүт мусулмандарды жан аябай коргоп келген Абу Талиб көз жумду.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* андан Исламды кабыл алышын өтүнүп, далай ирет көшөрө даават кылган. Абу Талиб анын көңүлүн жайгаруу үчүн:

– Мен сенин акыйкатыңды туура түшүнөм. Бирок, мен ыйман келтире турган болсом, курайштын аялдары мени айыптайт ко, – деп кутулуп кеткен. Башкача айтканда, Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* пайгамбарлыгын абийиринде кабылдаганы менен напсине чаң жугузбоо үчүн баш тартып жүргөн.

Акырында, Алланын алдына ыйман менен барышын арзуу кылып, өлүм алдында жаткан Абу Талибге:

*– Кагылайын абаке! Кана, келменди айтып жибер, Алла Таала сага түбөлүк бак-таалайды багыштасын,* – деп суранды. Эми эле сөзгө тартып, эпке келтире жаздап калган кезде, шайтан айдактагансып Абу Жахил кирип калды. Азирети Пайгамбарыбыз абасына ыйман сөзүн айтууну эсине салып жаткан кез эле. Абу Жахил:

– Сен ата-бабаларыңдын диниңдесиң! – деп, зекиген тариздe эскертүү берди.

Абу Талибдин Азирети Пайгамбарыбызга айткан акыркы сөзү бул болду:

– Мен эски дин (Абдулмутталибдин дини) менен кетип жатам. Курайш мага өлүмдөн коркуп динин өзгөрттү деген айыпты такпас болгондо, албетте, сенин сөзүңдү кабылдар элем!... *(Бухари, Жанаиз, 81, Манакибул-Ансар. 40; Ибни-Саьад, I, 122-123).*

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам) «Мен сен үчүн ар убак истигфар айтып, кечирим тилеймин!»* деп, абасына жакшылык кылгысы келген. Ага болбой, анын үйүнөн капалуу чыккан.

Анын: *«Мен сен үчүн арубак истигфар айтып, кечирим тилеймин!»* – деген ынтызарлыгына жооп иретинде Касас сүрөсүнүн 56-аяты түшүрүлгөн:

إِنَّكَ لَا تَهْدِي مَنْ أَحْبَبْتَ وَلَكِنَّ اللّٰهَ يَهْدِي مَنْ يَشَاء

«(Элчим!) **Сен жакшы көргөн адамыңды хидаятка жеткире албайсың! Алла каалаганын гана туура жолго түшүрөт...»** *(Касас, 56); (Муслим, Иман, 41-42).*

Хидаят – пендени туура жолго жылоологон Алла Тааланын өзгөчө ырайымы жана нуру. Кимдин көңүлүндө Жаратканга

ынтызарлык жана каалоо сезими болсо, хидаят ошол адамга насип кылынат.

يَهْدِي إِلَيْهِ مَنْ أَنَابَ

«**...**(Алла Таала) **Өзүнө багыттангандарды хидаятка салат!»** *(Рад сүрөсү, 27-аят).*

Адамдын ыйманга келишине адамдар себепкер гана боло алат. Катардагы бир пенде болсун, же ал бир пайгамбар болсун, Алла буюрбаса, ыйманга келтирем деген жеке күч-аракеттен майнап чыкпайт. Маселен, Абу Талиб Азирети Пайгамбарыбыз алып келген диндин акыйкат дин экендигин билсе да, напсиге алданып, Жаратканга ыйман келтирбей койгондугу үчүн хидаят насип кылынган эмес.

***

Мухаммед Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Абу Талибдин өлүмүнө абдан кайгырды. Анын тууганчылдыгы, күйүмдүүлүгү, ачыктан-ачык Ислам динине жан тартышы акыйкатта чоң дем-кайрат эле. Арадан үч күндөн кийин Алланын Элчисинин эң жакын адамы, жандай сырдашы жана муңдашы, арка-жөлгү, аялзатынын ардактуусу, Хатижа энебиз (Алла ага ыраазы болсун) көз жумду. Азирети Пайгамбарыбызды жана момун мусулмандарды мөгдөткөн мунга, өтмө катар азалуу кайгы кошулду. Алланын Элчиси жандай жакшы көргөн жубайынын сөөгүн өз колу менен мүрзөгө койду. Жаркырап турган пакиза көңүл муң-кайгыга, акактай тунук көздөр жашка толду.

Азирети Хатижа энебиз (Алла ага ыраазы болсун) Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарлык ва-

зийпасын аткаруудагы жан тарткан ишенимдүү жөлөгү, кенешчиси, жубатуучусу жана жан шериги эле. Анын өлүмү Алланын Элчисине:

– *Үммөттүн башына түшкөн эки чоң айрылуунун кайсынысына да кайгырууну билбей калдым,* – деп айттырганчалык оор болгон *(Якуби, II, 35; Табари, Тарих, II, 229).*

Эки кайгылуу окуяны камтыган Мекке доорунун онунчу жылы «Муңдуу жыл» деп аталып калган.

Абасы жана жубайы кайтыш болгондон кийин Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* үчүн алардын ордун толтургудай адам табылбады. Анын жан дүйнөсү мурункусундай эле Жараткан Аллага дагы да бекем, дагы да жакын болуп, ширелишип кала берди. Анткени, тобокел кылууга, баш ийүүгө Алла Таала гана ылайыктуу жана татыктуу экенин Азирети Мухаммед эң жакшы билер эле. Ал бала кезинде ата-энесинен жана чоң атасынан эрте айрылып, Алланын тарбиясында өсүп жетилген эле.

***

Хатижа эне (Алла ага ыраазы болсун) өтө адамгерчиликтүү, өтө сыпаа жан эле. Күндөрдүн биринде вахий алып келчү периште Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* жанына келип мындай деген:

**«– О, Алланын Элчиси! Бир аяка тамак салып Хатижа келатат. Ал келери менен Раббиндин жана менин атымдан ага салам айт! Ага чарчоо деген нерсеси жок бейиштен акактан жасалган ак сарай ыйгарыларын сүйүнчүлө!»** *(Бухари, Манакибул Ансар, 20)*

Азирети Хатижа эне Алла Тааладан келген саламга минтип жооп узаткан:

– Ал (зоболосу бийик Алла) накта бейпилдик, тынчтыктын өзү, саламаттык Алладан гана болот. Жабраилге салам! О, Алланын Элчиси! Сага Алланын саламы, мээрими жана берекеси болсун!

Азирети Пайгамбарыбыз өмүрү өткөнчө кадырлуу жубайын унуткан эмес. Көзү өткөндөн кийин деле аны жакшы көрөрүн урмат-сыйы менен тастыктаган.

Азирети Аиша (Алла ага ыраазы болсун) энебиз мындай деген:

«Пайгамбарыбыздын аялдарынын эч бирине Хатижага сукганганчалык сукганган эмесмин. Асыресе, Хатижаны көргөн да эмес элем. Алланын Элчиси аны көп эскерчү. Кой сойо турган болсо, көпчүлүк учурда Хатижанын жакындарына жана досторуна эттен бөлдүрүп жөнөтчү. Бир жолу чычалап кетип:

– Дүйнөдө кудум Хатижадан башка аял калбагансып! – деп жибериптирмин.

Азирети Пайгамбарыбыз:

– *Ал мындай-мындай эле, балдарым да андан болгон,* – деп, аны сыпаттап айтып берди.

Жаңылыштык кетирип алганымды сезип, ичимден: *«Мындан ары Хатижа тууралуу жаман сөз айтпаймын»,* – дедим» *(Бухари, Манакибул Ансар, 20; Адаб, 73; Муслим, Фадаилус Сахаба, 74-76)*

Күндөрдүн биринде Хатижанын синдиси Хала бинти Хувайлид келип, Алланын Элчисине жолугууга уруксат сурап ичкериге үн салды. Азирети Пайгамбарыбыз кулакка тааныш Хатижанын үнүн эстеп:

*– Оо, Кудайым, бул (Хатижанын синдиси) Хала бинти Хувайлид экен,* – деп, бир толкунданып алды.

Бул көрүнүшкө көз кыйыгы менен назар салып олтурган Азирети Аиша чыдабай кетти:

– Карылыктан тиши түшкөн жана бир кездерде өлүп кеткен бир кемпирдин эмнесин эстейсиз? Алла Таала сизге андан да артыгын берген. *(Бухари Манакибул Ансар, 20).*

«Андан да артыгын» деп, Азирети Аиша өзүн максат кылган. Бул сөздүн орунсуз экенин эскертип мындай деди:

*– Жок, Алла Таала мага андан да артык эч кимди бербеди. Калк мага ишенбей койгондо ал мага ыйман келтирген. Баары мени жалганчыга чыгарганда акыйкатты айканымды ал кабыл кылган. Мага эч ким, эч нерсесин бере элек кезде, ал мал-мүлкү менен мага колдоо көрсөттү жана Алла Таала мага андан перзенттерди берди. (Ибн Ханбал, IV. 118).*

## Таифке сапар

Абасы менен жубайынын көзү өткөн соң жалпы мусулмандардын абалы оор бойдон кала берген. Кыйноолор жана тоскоолдуктар кайра күчөгөн. Мушриктердин Пайгамбарлар Султанына *(саллаллаху алейхи васаллам)* каршы жасаган душмандыгы мыкаачылыкты чагылдырып турган. Ар тараптан келген кысым Азирети Пайгамбарыбыздын чыдамын кетирип, сабырын солгундаткан.

Бир нече күн бул заалимдерден оолак болууну көздөп Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Зайдды ээрчитип Меккеден 160 чакырым узактагы Таиф шаарына жөнөп кетти.

Болжогон жерге барган соң адамдарды Ислам динине үгүт-

төй башташты. Чогулган элге тавхидди даршан кылды. Таифтин билермандары менен жолугушуп, аларга буттарга табынуунун туура эмес экендигин, Аллага гана сыйынуу туура болоорун эскертишти. Ар бир таифтик менен баарлашып, ар бир үйгө даават кылышты.

Курайш сыяктуу, бутпарас Таиф коомуна Азирети Пайгамбарыбыздын насааттары өтө эле өөн учурап, элдин арасында чочулоону, күбүр-шыбырды жаратты. Напсинин айдактоосу менен гана өмүр кечирген журттун ичинен бир дагы адам туура жолду тандабады. Тескерисинче, шайтан менен напсиге азгырылып, Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* кордук көрсөтүштү. Өздөрүн кеменгер сезишкен жандар чолок акылдары менен жыйынтык чыгарышты. Андан соң курчоого алышып, мыскылдашты. Көкүрөктүн сокурлугун ушундан билиңиз, эки дүйнөнүн жакшылыгына үгүт кылган Алланын эң сүйүктүү Пайгамбарын *(саллаллаху алейхи васаллам)* кубалап, жабыр тарттырышты. Кол астында баш көрөрбөй иштеген кулдарын жолдун эки тарабына каз катар тизишип, ардактуу Элчини ташбараң кылдыртышты. Шаардан чыгып кеткенге чейин колуна кирген таш, кесек менен уруп эки улуу инсанды кызыл жаян канга бойошту. Ааламдарга аскар кылынып жаратылган Пайгамбарлар Султанынын кепичи канга толуп, куттуу денеси тытылып-тытылып кетти. Жандан артык көргөн жол башчысын коргоо үчүн өз денесин ташбараңга тоскон Зайд дагы денесинен оор жаракат алды.

– Эй, Таиф калкы! Силер ташбараңга алып жаткан адамдын Пайгамбар экенин билбейсиңерби?!.. – деп, аргасыздан чырылдап, селдей каптаган наадандардын соккусуна өз дененсин калкан кылып берди.

Араң эле илкий басып кайра тартышты. Көп кыйынчылык менен жол арбытып, меккеликтерге таандык бир курманын көлөкөсүнө олтура кетишти. Алардын тарткан азыбын сезип жаткандай жер кайгырды, көгүш тартып турган көк асман да, периштелер да капалуу карап турушту. Айрыкча, башкаларга караганда тез-тез кабар апкелип турган Жабраил периште ыза болду. Ага кошулуп Микаил, Исрафил, Азраил периштелер түркөй элге ызырынып кала беришти.

Жабраил баш болгон периштелер Алла Тааладан уруксат алышкан соң, жерге түшүп:

– О, Алланын Элчиси! Берер буйругуңду айт, ушул коомду жок кылып жиберели! –деп, өкүмдү күтүштү.

Ааламга ырайымды жана мээримди таратуу үчүн жиберилген асыл Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* башынан өткөргөн унутулгус кордуктарды бир четке жыйыштырып коюп, алакан жайып Аллага жалбарган:

*«Оо, Улук Жараткан Алла Таалам! Күч-кайратым сынганын, аргамдын түгөнгөнүн, калк арасында кордук көрүп, басмырланганымды Сага гана айтамын!*

*Оо, Мээримдүүлөрдүн мээримдүүсү! Эгер Өзүңдүн мага азабың жок болсо, мен бул мээнетке жана балээлерге моюн бербеймин!*

*Кудайым! Бул элди Өзүң туура жолго сал! Алар акыйкаттын кайда жатканын билишпейт!*

*Кудайым! Сен ыраазы болгонго чейин кечириминди сурай беремин…»* *(Ибн Хишам, II, 29-30; Хайсами, VI, 35).*

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* дубасына бир аз обочодон кулак салып турган бактын ээси бору

ооруп, бир табак жүзүмдү берип, Аддас аттуу кулун жиберди. Аддас колундагы табакты сунуп:

– Алып жеңиздер, кожоюн сиздерге жиберди, – деди.

Азирети Мухаммед:

« بِسْمِ اللّٰهِ » - *«Бисмиллах»* – деп, жүзүмдөн жей баштады.

Анын бул сөзү багбан кулга абдан кызык угулду. Ал ушу кезге чейин эч кимден мындай сөздү уккан эмес эле. Таң калганын жашырбай кызыгуу менен суроо салды:

– Азыр сиз айткан сөздү жергиликтүү калктын эч кимиси билишпейт. Байкашымча, сиз бөтөн жерден келген адам окшойсуз. Ким болосуз?

Ушуну менен баарлашуу уланып кетти.

– Өзүң кайдан болосуң? Диниң кайсы?

– Ниневиялыкмын, диним христиан.

– Мм... демек, сен салих пенде Юнус бин Маттанын өлкөсүнөн экенсиң да?

– Сиз Юнусту кайдан билесиз? – Аддас чындап таңкалды.

*– Юнус менин тууганым болот. Ал пайгамбар болгон. Мен да пайгамбармын!* – деп, Аддасты акыйкат дайрасына жетелей баштады.

Акыйкаттын кайда жатканын түшүнгөн Аддастын көңүл ааламынан ыйман булактары оргуштай баштады. Ордунан леп туруп Азирети Пайгамбардын колунан өөп, ыйман келтирди *(Ибн Хишам, II, 30; Якуби, II, 36).*

Аддас ошентип, кожоюнунун кызматын кылып жүрө берди. Күндөрдүн биринде анын мусулман экендиги билинип кал-

ды. Кожоюну ачууланып, жемеледи. Аддас кожоюнуна мындай деди:

– Мен акыл-эске толгондон бери жер-жүзүндө андан мыкты, андан жакшы адамды көрбөдүм! Ал мага ажайып сонун нерселерди айтып берди. Андай акыйкаттарды пайгамбарлар гана билет. *(Ибн Хишам, II, 31).*

Азирети Аддастын (Алла ага ыраазы болсун) мусулман болушу абдан маанилүү жана жакшылыкка себеп болгон жышаан эле. Анткени, ал Азирети Пайгамбарыбыз кайгырып турган кезде ыйман келтирип, анын көңүлүн көтөргөн. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Аддастын ыйман келтиргенине катуу сүйүнгөндүктөн, денесин сыздаткан оор жараатын унутуп койгон.

Бүгүнкү күндө Азирети Аддас Исламга кирген жерде анын атына бир мечит курулган.

***

## Теңдешсиз ырайымдуулук жана мээримдүүлүк тартуулаган кубаныч

Азирети Аиша (Алла ага ыраазы болсун) энебиз риваят кылат:

«– Ухуд согушунан башка өтө кысталган учур болду беле? – деп Азирети Пайгамбардан сурадым. Ал:

*– Ооба, сенин коомуңдан көп кордукту көрдүм. Бул кордуктардын эң жаманын алар мага «Акаба күнү»*[220] *көрсөтүштү.*

220. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) бул күнү Минада Акаба аянтында адамдарды Исламга чакырган. Анда адамдардын бир тобу динге кирип, Исламды кабыл алса, бир тобу тоскоолдук кылып, ага кордук көрсөтүшкөн. Мына ошол күн «Акаба күнү» деп аталып калган.

*Анан да таифтик Абдукулалдын уулу ибн Абдиялилдин карамагына өтөйүн деген оюмду ага билдирген элем. Ал макулдугун берген эмес. (Анысы аз келгенсип мени кулдарына ташбараң кылдыртып, канга чулгаган. Жасабаган жамандыгы калган эмес). Мен кайгы-капага батып, арандан илкий басып артка кайттым. Карнус-Саалиб деген жерге келгенге чейин өзүмө келе алган жокмун. Бир убакта башымды өйдө көтөрсөм, бир булут мени көлөкөлөп келатыптыр. Жакшылап үңүлүп карасам, булуттун ичинде Жабраил периште туруптур. Ал мага:*

– Бул коомдун сага эмне дегенин, сени коргобой, тескерисинче кордогонун Алла Таала укту. Сенин мүдөөңдү аткаруу үчүн Алла Таала тоолор периштесин жөннөттү! – деп үн салды.

*Андан соң тоолор периштеси мага салам берип, мындай деди:*

– Мухаммед, булардын сага эмне дегенин Алла Таала укту. Мен тоолордун периштесимин. Алла Таала мага сенин бүт каалооңду аткарганга буйрук берди. Кааласаң, мына бул эки тоону алардын үстүнө омкоруп салайын!

*– Жок, андай кылба! Келечекте алардын урпактарынан ибадат кыла турган жана ширк кошпой турган пенделер чыгышын Алла Тааладан тилеймин! – дедим» (Бухари, Бадул-Халк, 7; Муслим, Жихад, 111).*

***

Таиф сапарында көп ибараттар бар:

1. Эң оболу Исламга чакыруунун өтө маанилүү экендиги ачык айкын көрүнүп турат. Азирети Пайгамбарыбыз жакындарынан айрылып, кайгы-мунга батып турса да, сабырдуулук менен улуу ишти уланта берген.

2. Кордоп, ташбараң кылган Таиф калкына каршы каргыш дуба кылган эмес. Бул Азирети Пайгамбарыбыздын мээримдүүлүгүнө, ошондой эле, үгүт ишин аркалаган адамдын мээримдүү, кечиримдүү болушу кажет экендигине ишарат кылат.

3. Ар бир үгүтчү ката иштин төркүнүн өзүнөн деп билиши керек. Даават уккан адамдардын туура жолго түшүүсү үчүн дуба кылуусу жана эч убакта үмүтүн үзбөөсү керек. Азирети Пайгамбарыбыз айрым учурларда жаңылыш иштерге күбө болгондо:

– *Мага эмне болуп калган, сиздерди ушундай абалда көрүп жатам!*[221] – деп, башкалар жасаган катаны өзү жасап жаткандай, кыйыр түрдө нускап өтөр эле. Өткөн замандарда казатта жүргөн Сулайман пайгамбар аскери менен бир жыйналыш курат. Ошондо ар убак жанында жүргөн худ-худ куштун көрүнбөй калганына кабатырланып:

مَا لِيَ لَا أَرَى الْهُدْهُدَ

**«... Мага эмне болуп калган** (аранардан) **худ-худду көрө албай жатам?...»** *(Намл сүрөсү, 20-аят)* – деген. Мындай кыраакылык үгүт-насаат усулунун бир өзгөчөлүгү болуп саналат.

4. Таифтен жараат алып, көңүл чөгүп келатканда Аддастын ыйман келтириши өзгөчө эскерүүгө татыктуу. Анткени, анын мусулман болушу Азирети Пайгамбарыбызга үмүт берип, ооруган көңүлүнө дабаа болгон. Демек, кысталыш кырдаалга кабылганда кичинекей бир ийгиликти жакшылыка жоруп, андан күчкайрат алуу абзел.

5. Жакшылыкка чакырып, жамандыктардан кайтарып жүр-

221. Муслим, Салат 119; Абу Давуд, Хатам 4, Адаб 14.

гөн дааватчы мусулман өзүнүн жүрүм-туруму, кылган-эткени жана адеп-ахлагы менен бүт айланага үлгү болушу керек.

6. Исламды жеткирүүнү каалаган ар бир мусулман маданияттуу, кыраакы, дүйнө таанымы кенен болуп, адамдарды өзүнө тарта билиши керек. Азирети Пайгамбарыбыз Аддаска мамиле кылганы сыңары кимге, качан, кайсы жерде, эмне деп айтууну жакшы өздөштүрүү зарыл.

## Азирети Пайгамбарыбыздын Куран окуганын уккан жиндердин мусулман болушу

Ошентип, Таиф сапары соңуна чыкты. Бул сапарда Аддастан башка эч ким мусулман болгон жок. Жол жүрүп келатып күүгүмдө бир жерде түнөп калышты. Айлана караңгылыкка чүмкөнгөн кез. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Куран окуй баштады. Кайдан келгени бир Аллага маалым, бир топ жин мукам үн менен жана ак дилден окулуп жаткан Куранды тындап, токтоп калышты. Акыйкат, чындык деген нерсени боолгоп токтогон жин тайпасы Азирети Пайгамбарыбызга ыйман келтиришип, мусулман болушту да, дин Исламды жаюу үчүн өз коомдоруна жөнөп кетишти *(Ибн Сад, I, 212).*

Ибн Аббас мындай дейт:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир топ сахабалары менен Указ жарманкесине бараткан.

Дал ошол кезде (жин тайпасы саналган) шайтандардын асмандан кабар алышына тоскоолдук болду[222]. (Ушул себептен

222. «Жиндер асманга чыгып, вахий укканга аракет кылышчу. Кокус бир сөз уга турган болушса, токсон тогуз сөздү өздөрү кошо турган. Алар уккан бир сөз туура болсо, ал эми кошулган токсон тогуз сөз жалган, бузукулук болор эле. Азирети Мухаммед (саллаллаху алейхи васаллам) Пайгамбар болуп жөнөтүлгөндөн тартып жин-шайтандардын асмандын

адаттагыдай асмандан кабар алып келген) жиндердин үстүнө шихаптар[223] жиберилди. Ошондон тарта саргарып күткөн өз коомдоруна куру кол кайтышты.

Жиндер:

– Эмне үчүн бош келдиңер, кабар жокпу?! – деп сурашат.

– Биздин чыга турган жолго коркунучтуу тоскоол коюлуп. Шихаптар атылып туруп алды. (Качып араң кутулдук), – деп айтышты берки жиндер.

– Жаңы бир нерсе чыкканда ушундай болушу мүмкүн. Жер жүзүнүн чыгыш-батышын, түндүк-түштүгүн тинтип издегиле, эмне болгон тоскоол экенин аныктагыла! – деп, куру кол келген жиндерди кайра жөнөтүшөт.

Жин тайпалары ар кайсы жака чачылып, жер жүзүнүн тоо түзөнүн, суусун да, үйүнүн ичин да тинте башташты. Тихама аймагын карап жүргөн жиндердин тобу Нахлада багымдат намазын окуп жаткан Алланын Элчисин көрүштү. Куранды угуу үчүн жапатырмак кулак түрүп калышты. Бир топтон кийин:

– Асмандан кабар алышыбызга тоскоол болгон нерсе мына ушул турбайбы, – деген тыянакка келишти да, өз коомдоруна кайтып барып:

– Биз хидаятка жылоологон, окулушу ажайып Куранды угуп, мусулман болдук. Мындан ары Раббибизге эч нерсени шерик кылбайбыз! – деп акыйкатты айтып чыгышты.

---

жогорку кабаттарына жетип, кабар угушуна шихаптар-учкун сымал көктө сүзгөн жылдыздар менен тоскоол болду. Андан мурда асмандын жогорку кабаттарына көтөрүлүүгө аракет жасаган жиндерге шахиап атылчу эмес» (Тирмизи, Тафсир, 72/3324).

223. Шихап, алоо, жалын, шоола деген маанилерге келет. Карангыда асмандан жылдыз учканын баары эле көрүп жүрөт. Мына ошол жарыктын учушу, жарык деген мааниге келет. Биздин замандын тафсир аалымдарынын айтымында, асмандагы метеориттер шихап болушу мүмкүн.

Алла Таала ушул окуядан кийин Азирети Пайгамбарыбызга «Жин» сүрөсүн түшүргөн. Куран угуунун шарапаты менен жин тайпасынын мусулман болгондугу жана акыйкат кабарды өз коомдоруна жеткиргендиги «Жин» сүрөсүндө билдирилген:

قُلْ أُوحِيَ إِلَيَّ أَنَّهُ اسْتَمَعَ نَفَرٌ مِّنَ الْجِنِّ فَقَالُوا إِنَّا سَمِعْنَا قُرْآناً عَجَباً
يَهْدِي إِلَى الرُّشْدِ فَآمَنَّا بِهِ وَلَن نُّشْرِكَ بِرَبِّنَا أَحَداً

«(Мухаммед) **айткын: «– Мага вахий-кабар берилди. Жиндердин бир тобу китептин окулганын** (Куран окуганымды) **угуп** (өз коомуна кайтып барып) **минтип айтышты: «– Чындыгында, биз кереметтүү Куранды уктук. Ал чыныгы түз жолго баштайт. Биз ага ишендик. Биз** (эми) **Раббибизге эч качан, эч кимди шерик кылбайбыз»** *(Жин сүрөсү, 1-2-аяттар); (Бухари, Тафсир, 72, Азан 105; Муслим, Салат 149; Тирмизи, Тафсир, 72/3324).*

Алла Таала Ахкаф сүрөсүндө бул окуя тууралуу мындайча кеп салат:

وَإِذْ صَرَفْنَا إِلَيْكَ نَفَراً مِّنَ الْجِنِّ يَسْتَمِعُونَ الْقُرْآنَ فَلَمَّا حَضَرُوهُ قَالُوا
أَنْصِتُوا فَلَمَّا قُضِيَ وَلَّوْا إِلَى قَوْمِهِم مُّنْذِرِينَ   قَالُوا يَا قَوْمَنَا إِنَّا سَمِعْنَا
كِتَاباً أُنْزِلَ مِنْ بَعْدِ مُوسَى مُصَدِّقاً لِّمَا بَيْنَ يَدَيْهِ يَهْدِي إِلَى الْحَقِّ
وَإِلَى طَرِيقٍ مُّسْتَقِيمٍ   يَا قَوْمَنَا أَجِيبُوا دَاعِيَ اللهِ وَآمِنُوا بِهِ يَغْفِرْ لَكُم مِّنْ
ذُنُوبِكُمْ وَيُجِرْكُم مِّنْ عَذَابٍ أَلِيمٍ   وَمَن لَّا يُجِبْ دَاعِيَ اللهِ فَلَيْسَ
بِمُعْجِزٍ فِي الْأَرْضِ وَلَيْسَ لَهُ مِن دُونِهِ أَولِيَاءُ أُوْلَئِكَ فِي ضَلَالٍ مُّبِينٍ

**«Биз ошондо жиндердин бир тайпасын Куран угузуу үчүн сага багыттаган элек. Куран уга баштаганда бири бирине: «Унчукагыла!» деген эле. Окулуп бүткөн соң өз коомдоруна эскертүүчү болуп кайтып кетишти. Алар айтышты: «– Эй, коомчулук, чынында биз Мусадан кийин түшүрүлгөн, өзүнөн мурунку** (жиберилген китептерди) **тастыктаган, чыныгы** (динге) **жана туура жолго баштай турган Куранды тыңдадык. Эй, коомчулук, Алла Таалага чакыруучунун** (Мухаммед алейхиссалату вассалам) **чакырыгын кабыл кылгыла жана ага ыйман келтиргиле! Алла силердин күнөөңөрдү кечирет жана эң катуу азаптан сактайт. Ким Аллага чакыруучунун** (чакырыгын) **кабылдабаса, анда ал жер жүзүндө** (эч бир жайга) **качып кутула албас. Аны Алланын** (азабынан куткара турган) **бир дагы досу жок. Мына ошолор анык адашууда»** *(Ахкаф сүрөсү, 29-32-аяттар).*

Жиндер асмандан маалымат ала алышпайт. Бул чындык Курани Каримде айтылган:

وَأَنَّا لَمَسْنَا السَّمَاءِ فَوَجَدْنَاهَا مُلِئَتْ حَرَساً شَدِيداً وَشُهُباً وَأَنَّا كُنَّا
نَقْعُدُ مِنْهَا مَقَاعِدَ لِلسَّمْعِ فَمَنْ يَسْتَمِعِ الْآنَ يَجِدْ لَهُ شِهَاباً رَّصَداً وَأَنَّا
لَا نَدْرِي أَشَرٌّ أُرِيدَ بِمَنْ فِي الْأَرْضِ أَمْ أَرَادَ بِهِمْ رَبُّهُمْ رَشَداً

**"Биз асманга барып такалдык да, анын кубаттуу корукчу[224] жана жылдыздар менен толтура экенин көрдүк. «Биз ал жерде (эмнелер тууралуу сөз болорун) угуу үчүн бир орундарга олтуруп алар элек. Азыр ким укку-**

224. Периштелер

**су[225] келсе, ал өзүн байкап турган жылдызды көрөт». «Акыйкатта, бул – жердегилер үчүн жамандыкпы же аларды Алла түз жолго багыттоону каалаганбы, биз билбейбиз»[226]** *(Жин сүрөсү, 8-10-аяттар)* [227].

Алланын Элчисинин Таиф сапарындагы бар утугу – Аддастын ыйманга келиши болду. Бул көрүнөө тарабы гана. Аныгында Алла Таала ага көмүскө көп жакшылыктарды багыштаган. Маселен, анда эки бөлөк ааламдын султандыгы ыйгарылган. Периштелер эң алгач ошол кайтуу мезгилинде анын Куран окуганын угушуп мусулман болушкан жана жин ааламына динди даават кыла башташкан. Мына ушул оор сыноодон көп өтпөй Алла Таала сүйүктүү Пайгамбарын асман ааламынын да султаны кылып, Миражды ыроологон.

***

225. Алланын периштелерге берген буйруктарын

226. Жиндердин ушинтип өз ара сүйлөшкөнүн Жараткан Алла Өз пайгамбарына кабарлап жатат

227. Азирети Мавляна бул окуяны каймана мисалдар менен сонун кылып баян этет: «Шайтандар көк жүзүнө чыгып, асман сырына кулак төшөчү. Аруу сырдын аз бөлүгүн ууруча угуп-уга электе, сызып учкан жылдыздар айдап түшчү асмандан».

«Бир пайгамбар жөнөтүлүптүр. Анын жүргөн жерин таап, айткандарынан угууга аракет жасагыла деген,– буйрукту алышты».

«Эгер баасы бычылгыс акакты издесеңиз **«Үйлөргө каалгаларынан кириңиз!»*** «Каалганы кагып, астанада күтө тур. Анткени сага жана сендейлерге таалай, бакыт жок. Айрыкча сиз үчүн узакка жол тартуунун кереги жок. Биз сырлардын
нагыз сырын топурактан жаратылган кулубузга бердик». «Эгер карөзгөй алдамчы эмес болсоң, Жаратkандын Элчисине кел. Кургак камыш сыяктуу болсоң да, анын кайраты жана дил маеги менен шекердүү камышка айланасың».

* **«Үйлөргө каалгаларынан киргиле»** (Бакара, 189): Түркөйлүк доорунда (ислам дини жаңыдан гана келген кезде) эгер адам ажылык же умра үчүн ихрамга кире турган болсо, бакчага же үйгө эшигинен кирчү эмес экен. Шаардык адам болсо үйүнүн үстүнө бир тешик ачып, ошондон кирип, чыкчу экен. Эгер ал көчмөн малчы болсо, чатырынын артынан өзү баткыдай жерин айрып койчу экен. Ихрамы аяктаганга чейин тешиктен кирип чыгып тиричилигин кылып, бул жоругун жакшылык жана ибадат деп эсептешчү экен. Алла Таала Бакара сүрөсүнүн 189 - аятын түшүрүү менен үйлөргө артынан кирүүнүн жакшылык жана ибадат эмес экендигин билдирген (Вахиди, 56-57 б.). Бул аят андан бир кыйла өткөндөн кийин, «бир ишти өз жолу, өз усулу менен жасоо» деген мааниге өтүп, ар кандай жагдайларга далил катары колдонула баштаган. Азирети Мавляна бул жерде: «Алла Тааланы табуу жана жакын болуу үчүн Алла Тааланы таанып, билген, каалга боло турган адамдарга кайрылгыла» деп, тасаввуфка багыттап чечмелеген.

Алланын Элчиси Таифтен кайткан соң Меккеге түз кирип барган жок. Хира тоосунда бир адамга жолуктут. Аркы-беркиден кеп салган соң, аны Меккеге элчи кылып жөнөттү.

*«Раббим берген Элчилик вазиймды аягына чыгарганга чейин мени өз карамагына аласыңбы?»* – деген өтүнүчтү оболу Ахнас бин Шаарикке, андан кийин Сухайл бин Амрга, булардан жыйынтык чыкпаса, эң аягында Мутим бин Адийге Пайгамбардын өзүнүн атынан айтып, жолугууну тапшырды.

Аты аталган алгачкы экөөнөн терс жооп, ал эми Мутимден оң жооп келди. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ошол түнү Мутимдин үйүнө конок болду. Мутим таң атары менен уулдарын жана жакын туугандарын чогултуп:

– Жакшы куралданып Байтуллахтын жанында болуп калгыла! – деди.

Каабага барышкан соң, көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө буруу үчүн үнүн бийик чыгарып мындай деди:

– Курайш жамааты! Мен Мухаммедди өз карамагыма алганымды жар саламын! Ага эч ким тийишпесин!

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Каабаны тавааф кылып, эки ирекет намаз окуганга чейин Мутим балдары менен аны коргоп турушту *(Ибн Саьад, I, 212; Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 182)* .

Арадан бир топ жылдар өткөн соң Исламга кирбеген бейнасип Мутим Бадр согушунда өлтүрүлдү. Колго түшкөн туткундарды эмне кылуу керек деген маселеге келгенде Азирети Пайгамбарыбыз Мутимдин уулу Жубайрга:

*– Эгер Мутим тирүү болуп, туткундарды кечирип жиберүүнү менден өтүнгөндө, баш акысын (кунун) албай туруп баа-*

*рын эркин койо бермекмин! – деп, ага болгон өзгөчө мамилесин ачык билдирген* (Бухари, Хумус 16; Ибн Хишам, I. 404-406).

Ислам динин жеткирүүдө жеңилдик берген же колдоо көрсөткөн бир мушрикке көрсөтүлгөн мындай сыйчыл сезим эң улуу адеп-ахлактын айкын көрүнүшү!...

## Ар башка уруулар менен жолугушуу жана аларды Исламга чакыруу

Азирети Пайгамбарыбыз дароо элге аралашып кеткен жок. Белгилүү бир убакыт өзү менен өзү болду. Анан кайра адаттагыдай вазийпасын аткара баштады. Мушриктер аны жайына койбостон, көнүмүш азап-кордукту ар тараптан жаадырганын таштабады. Чет жакадагы араб уруулары менен жолугушуп, аларды Исламга чакыруу тууралуу Алла Тааладан өкүм келер замат, ажылык учурунда Меккеге жана Указ, Мажанна, Зулмажаз өңдүү жарманкелерге келген адамдарга акыркы дини тууралуу кенен-кесир кеп салып, Куран аяттарын окуп чечмелеп, даават кылып жүрдү.

Чет жакадан келген ар бир уруу өзүнчө бир жерди тандап ошо жерге тобу менен конуп калчу. Бул чоң жарманкелерге бани амр, мухариб, фазара, гассан, мурра, ханифа, сулайм, абс, бани наср, бани бакка, кинда, калб, хариса, узра, хударима аттуу араб уруулары келишер эле. Азирети Пайгамбарыбыз уруулар конгон жерлерге барып, аларга динден кабар берип, Алланын Элчиси экендигин кабыл кылуусун жана ак ишенимди элге жеткирүүгө көмөк көрсөтүүнү өтүнгөн[228].

228. Ибн Саьад, I, 216-217; Ахмад, III, 322, 492; Ибн Касийр, III, 183-190.

Жабир[229] (Алла ага ыраазы болсун) риваят кылат:

«Алланы Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ажылык мезгилинде вакфага келген ажыларга жагдайды түшүндүрүп:

*«Мени өз коомуна ала кете турган бирөө жарым чыгабы аранардан? Анткени, Раббимдин сөзүн жайганга курайш уруусу тоскоол болду», – деген». (Абу Давуд, Сүннөт, 19-20/4734).*

Бирок, алардын арасынан камчыга сап боло турган бир дагы адам чыккан эмес. Тескерисинче, кээ бирлери кабагын чытса, кээ бири орой мамиле кылып, айрымдары болсо «Бизге караганда сени өзүңдүн элиң жакшы билет. Эмне үчүн алар сага моюн сунушпайт?» деп, анын шагын сындырышкан. Азирети Пайгамбарыбыз ошого карабай керектүү жоопторду берип, өз вазийпасын аткара берген»[230].

Мудар жана Йемен аймагынан ажылыкка же жарманкеге барууга жөнөгөн адамга: «Абайла, курайш чыгааны сени дининден кайтарып салбасын!» деп, эскертүү берип узатышчу

229. Жабир бин Абдулла (Алла ага ыраазы болсун) хижраттан он алты жыл мурда Медина шаарында жарык дүйнөгө келген. Ухуд согушунда эн алгач шейит кеткен сахаба анын атасы Абдулла бин Амр болгон. Атасынын көзү тирүүсүндө 9 карындашын кароо үчүн согуштарга катышкан эмес эле. Атасы шейит кеткенден кийин Азирети Пайгамбарыбыз менен чогуу 19 казатка катышкан. Жабир «Акаба келишимининин» эң кичүү мүчөсү болгон. Алланын Элчиси аны абдан жакшы көргөндүктөн, кээде төөсүнө учкаштырчу, ооруп калса, кабар алчу. Атасы көз жумганда артында карызы калган. Аласалуу жөөттөр карызды доолап, дароо төлөп берүүсүн талап кылышып, Жабирди кыйнашкан. Анын үстүнө ошол жылы түшүм аз болгон. Азирети Пайгамбарыбыз жыйналган курмаларды топ-топ кылып үйүп, берекелүү колдору менен таразалап, Жабирдин атасынын карыздарын тараткан. Анын мужизасы бул жерде да кашкайып көрүнгөн. Аласасы барлардын баарына таратылса да, үйүлгөн курмалар кыпынчалык азайган эмес. Эң көп хадис риваят кылган «Муксирун»дардын бири саналган Жабир 1540 хадис баян кылган. Кимде ким бир адамга кордук көрсөтсө, жабыр тарткан адам кечирмейинче, бейишке кире албай тургандыгын маалымдаган хадисти Абдуллах бин Унайс риваят кылганын сахабалардан уккан. Бирок, Жабир бул хадисти Азирети Пайгамбарыбыздан эң алгач ким уккан болсо, ошонун өз оозунан угууну туура көрүп, ошол сахабаны сураштыра баштаган. Анын Дамаскта жашаарын угуп, базардан атайы унаага жарай турган бир төөнү сатып алып Дамаскка сапар тарткан. Машакаттуу жолду бир айда басып өтүп, акырында болжоп келген хадисти Абдуллах бин Унайстын өз оозунан угуп, тастыктаган. Өмүрүнүн акыркы жылдары көзү азиз болуп, хижраттын 78-жылы 94 жашка келип көз жумган. Жабир Мединада көз жумган эң кыркы сахаба болгон.

230. Ахмад, III, 322; Ибн Саьад, I, 216.

экен[231].

Ажылык күндөрү болсо керек, Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Минада токтогон Шейбан бин Салабадан тарагандардын жанына барып, өзүн тааныштырып, Алланын Элчиси экендигин билдирди. Уруунун билермандарынан Мафрук бин Амр жакын басып келип, адамдарды эмнеге чакырып жүргөнүн сурап, отурууга орун көрсөттү.

Алланын Элчиси ай тегерек олтурган жамааттын арасынан орун алды. Азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) кийими менен аны күндүн аптабынан көлөкөлөп турду. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* минтип сөз баштады:

*– Мен сиздерди Алла Тааладан башка сыйынууга татыктуу бир дагы кудайдын жок экендигине, Алла Тааланын жалгыз экендигине, менин Алланын Элчиси экендигимди кабыл кылууга, мага буйрулган өкүмдөрдү орундатып, акыр-аягына чыгарганга чейин мени коргоп, мага көмөк көрсөтүүгө чакырып жатам. Анткени, курайш уруусу Алланын буйругуна каршы чыгышты. Анын Элчисин жалганчыга чыгарышты жана бузуку жолду тутунуп, акыйкаттан жүз үйрүп кетишти. Жараткан Кудай Таала ар кандай кемчилик сыпаттардан аруу жана сан түркүн алкышка татыктуу!*

– Башка эмнелерге чакырасын? – деди Мафрук. Азирети Пайгамбарыбыз ага жооп иретинде Анам сүрөсүнүн мына бул аяттарын окуду:

231. Хаким, II, 681/4251.

قُلْ تَعَالَوْاْ أَتْلُ مَا حَرَّمَ رَبُّكُمْ عَلَيْكُمْ أَلاَّ تُشْرِكُوا بِهِ شَيْئاً وَبِالْوَالِدَيْنِ إِحْسَاناً وَلاَ تَقْتُلُوا أَوْلاَدَكُم مِّنْ إمْلاَقٍ نَّحْنُ نَرْزُقُكُمْ وَإِيَّاهُمْ وَلاَ تَقْرَبُواْ الْفَوَاحِشَ

مَا ظَهَرَ مِنْهَا وَمَا بَطَنَ وَلاَ تَقْتُلُواْ النَّفْسَ الَّتِي حَرَّمَ اللّهُ إِلاَّ بِالْحَقِّ ذَلِكُمْ وَصَّاكُمْ بِهِ لَعَلَّكُمْ تَعْقِلُونَ

وَلاَ تَقْرَبُواْ مَالَ الْيَتِيمِ إِلاَّ بِالَّتِي هِيَ أَحْسَنُ حَتَّى يَبْلُغَ أَشُدَّهُ وَأَوْفُواْ الْكَيْلَ وَالْمِيزَانَ بِالْقِسْطِ لاَ نُكَلِّفُ نَفْساً إِلاَّ وُسْعَهَا وَإِذَا قُلْتُمْ فَاعْدِلُواْ وَلَوْ كَانَ ذَا قُرْبَى وَبِعَهْدِ اللّهِ أَوْفُواْ ذَلِكُمْ وَصَّاكُم بِهِ لَعَلَّكُمْ تَذَكَّرُونَ
وَأَنَّ هَـذَا صِرَاطِي مُسْتَقِيماً فَاتَّبِعُوهُ وَلاَ تَتَّبِعُواْ السُّبُلَ فَتَفَرَّقَ بِكُمْ عَن سَبِيلِهِ ذَلِكُمْ وَصَّاكُم بِهِ لَعَلَّكُمْ تَتَّقُونَ

«**Айткын: «–Келгиле, Раббиңер силерге арам кылган нерселерди окуп берейин. Аллага эч нерсени шерик кылбагыла, ата-энеге жакшылык кылгыла, кембагалдыктан** (коркуп) **балдарыңарды өлтүрбөгүлө, силерге да, аларга да Биз ырыскы беребиз. Бузук иштердин ашкересине да, көмүскөсүнө да жакындабагыла, Алла** (өлтүрүүнү) **арам кылган жандыктарды өлтүрбөгүлө, бирок, ак менен** (тактап айтканда, өч алуу үчүн же динден кайтканы, же никесиз сойкулук кылганы үчүн шарият өкүмү менен гана өлтүрө алышыңар мүмкүн)**. Балким, акыл жүгүртөөрсүңөр деп силерге мына ушул нерселерди буйруду.**

**Жетимдин малына ал бойго жеткенге чейин эң ийги жол менен гана жакындагыла** (этияттык менен мамиле кыл-

гыла)! **Өлчөгөндө жана тараза колдонгондо адилеттик менен толо тарткыла! Биз эч бир жанга мүмкүнчүлүгүнөн тыш нерсени жүктөбөйбүз. Сүйлөгөнүңөрдө** (күбөлүк бергениңерде)**, ал тууганыңар болсо да, адилеттүү болгула! Аллага берген убадаңарды аткаргыла! Балким, эскерме** (насаат) **аларсыңар деп силерди мына ушул нерсеге буюрду.**

**Албетте, мына ушул – менин туура жолум. Ушул жолго ээрчигиле! Башка жолдорго ээрчибегиле,** (анткени) **алар силерди Анын жолунан адаштырат. Балким, такыбаалык кыларсыңар деп силерди мына ушул нерсеге буюрду»** *(Анам сүрөсү, 150-153-аяттар).*

Акыйкаттын шооласын эми гана сезе баштаган Мафрук:

– Ой, тууган, дагы эмнелерге чакырасың? Кудайга ант болсун, сенин айткандарың катардагы пенденин деңгээлиндеги сөз эмес экен. Эгер биз өңдүү эле пенденин кеби болгондо, дароо айырмалайт элек, – деди, ынтызарлыгын жашырбай.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул ирет башка бир аяттан окуду:

إِنَّ اللهَ يَأْمُرُ بِالْعَدْلِ وَالإِحْسَانِ وَإِيتَاءِ ذِي الْقُرْبَى وَيَنْهَى عَنِ الْفَحْشَاءِ
وَالْمُنكَرِ وَالْبَغْيِ يَعِظُكُمْ لَعَلَّكُمْ تَذَكَّرُونَ

**«Алла Таала албетте, адилеттүүлүктү, кайрымдуулукту, туугандарга камкордукту буюрат, жаман иштерге, бузукулукка жана көөп кетүүгө тыюу салат. Ойлонуп карманарсыңар деп Ал силерге насаат берет»** *(Нахл сүрөсү, 90-аят).*

Мафрук:

– Кудайга ант болсун, сен мени эң бийик адеп-ахлакка жана ийги иштерге чакырдың! Алар сени жалганга чыгарып туура эмес кылышыптыр, сага жала жабышкан тура, – деди.

Хуни, мусанна уруусунун башчылары да ушундай жоопту беришти. Бирок, коом менен кеңешпей туруп бул сунушту кабыл кылышпай турганын, ошондой эле, кисра жана перстер менен коомчулук ортосунда келишим бар экенин айтып, сөз арасында бул ишке алар ыраазы болбосо керек деген маанини кыйытып кетишти.

Натыйжада, Ислам динин абийирде кабыл кылышканы менен кызыкчылыктарынын кысымга кабылышынан коркуп жана зыяны тийип калбасын деген кооптонуу менен Алланын Элчисинин сунушунан баш тартышты[232].

***

Зулмажаз жарманкесинде болуп өткөн бул окуяны Тарик бин Абдуллах (Алла ага ыраазы болсун) риваят кылган:

«Айтылгандай эле Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* кызыл чапан кийип Зулмажаз жарманкесинде элди Исламга чакырып жүрдү. Аны өз көзүм менен көргөнмүн:

– О, калайык калың журт! Алладан башка сыйынууга татыктуу кудай жок деп айткыла, кутулганыңар ошол! – деп, үнүн бийик чыгарып, элди аралап жүрдү.

Ошол маалда ырайынан ниети бузук экендиги билинип турган бир адам колуна таш кармап, аны аңдып жүргөнүн көзүм чалды. Ал аңдып эле тим болбостон, жанындаларга:

232. Ибн Асийр, Усдул-Гааба, V, 250-251; Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 187-189.

– Айланайын журтчулук! Бул адамга баш ийе көрбөгүлө, ал жеткен жалганчы! – деп кыйкырып алыптыр. Анан да таш менен ура берип, тигинин бутун канатып салыптыр, динге чакырган адам ага эч кандай каршылык бербеди.

Жарманкеге келгендерден сурасам:

– Абдулмутталибдин неберелеринен бир жигит, – деп айтышты.

– Мейли, анысы го ал экен, а тиги артынан андып таш менен бутага алган мыкаачы ким? – дедим.

– Ал өзүнүн эле агасы Абу Лахаб деген адам, – деп, жооп беришти кыска гана». *(Хаким. II, 668; Ибн Асийр, Усдул-Гааба, III, 71).*

Пайгамбарыбыздын Ислам динин жеткирем деп жүрүп тарткан азыбына күбө болгон Мудрик аль-Азди бир окуяны минтип эскерген:

«Атам менен ажыга барган элем. Ажылык вазийпабызды аткарып жүрүп, Минага конуп калдык. Ал жерде дагы бир жамаат бар экен. Алардын эмне үчүн жыйналышканын сурасам, атам:

– Өз коомунун динин чанган тиги адам үчүн жыйналышыптыр,– деди.

Атам колун нускаган тараптагы адамдарды бирден көздөн өткөрүп олтуруп Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи васаллам)* көрдүм.

*– О, калайык калың журт! Алладан башка сыйынууга татыктуу башка кудай жок деп айткыла, азаптан кутулганыңар ошол!* – деп кыйкырып, элди аралап жүрүптүр.

Топтолгон адамдардын кээ бири анын бетине түкүрүп жатса, айрымдары башына топурак чачып, кээ бирлери аны сөгүп

жатыптыр. Түш ченге чейин аны ошентип басмырлап кордошту. Бир кезде кордук көрүп жаткан адамдын жанына бир кыз келди. Анын колунда кумган жана жүз аарчы бар эле. Кыздын ыйлап жатканын баары көрүп турду. Алланын Элчиси кыздын колундагы кумгандан суу ичип, боз-ала болгон бетип жууду. Анан башын өйдө көтөрүп:

– Кызым, жаканды жоолугундун учу менен жаап ал. Тузакка түшүп өлтүрүлөт экен же ушу бойдон кордук көрүп жүрүп өтүп кетет экен деп, атаң үчүн көп санаа болбо! – деди, көз жашын тыялбай турган кызына жолооруй.

Жанымда турган бирөөдөн кыздын ким экендигин сурасам:

– Өзүнүн кызы Зайнап, – деп жооп берди» *(Ибн Асийр, Усдул-Гааба, V, 130; Хайсами, VI, 21).*

Азирети Зайнап, Азирети Фатима жана Пайгамбарыбыздын калган кыздарынын бала чагы жана жаштык кези мусулмандар эзилген эң кыйын жылдарга, Исламдын алсыз дооруна туш келген. Мусулмандар тарткан эң оор азап-кордукка Алланын Элчисинин перзенттери да ортоктош болгон. Сүйүктүү атакелери динге чакыруу үчүн үйдөн чыгып кеткенден кайра кайтканга чейин улам сыртты карап, күтүп жүрүп, балалыкты кусалыктын, кайгынын кучагында өткөрүшкөн. Айрым учурларда ар кандай жамандыктардан коргоо үчүн үйдөн чыккандан баштап атасын узактан көзөмөлдөшкөн.

Азирети Хатижа (Алла ага ыраазы болсун) кайтыш болгондо кыздары жашып олтуруп албастан, аталарына арка-жөлөк болуп, перзенттик мээрим менен анын кайгысын тең бөлүшкөн. Атасы каапырлардын жамандыгына кабылганда кайгырып көз жаш төгүшкөн. Фатима кызы кут денесинин канын тазаласа, Зайнап кызы суу алып барып атасынын жүзүн жууган. Ошентип,

бул сабырдуу бүлө көп жылдар бою түмөн түйшүктү, кыйынчылык-азапты тартып, душмандардын ар кандай жамандыктарына туруштук беришкен.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Указ жармaнкесине келген Амир бин Сааддан тарагандарга да ыйман жана дин тууралуу кабар айтты:

– Мен Алланын Элчисимин! Эл-журтка Улуу Алланын буйруктарын жеткирип, Ал милдеттендирген Элчилик вазийпаны орундатканга чейин мени коргоого аласыңарбы? Бирок, бул өтүнүчүмдү эч кимиңерге таңуулабаймын!

– Андай болсо, биз сени жаныбыздан кубалабайбыз, бирок, ыйман келтирбейбиз. Пайгамбарлык вазийпанды аягына чыгарганга чейин сени коргоого алабыз! – дешти.

Дал ошол маалда келишим түзүлүп жаткан уруунун арасынан Байкара аттуу бир адам чыга келип, Азирети Пайгамбарыбыздын ким экенин сураштырып билген соң:

– Кудайга ант болсун! Ушул адамды курайш уруусунан ала турган болсом, анын арты менен жаамы араб элин бийлейт элем! – деп, таттуу кыялын айткан. Анан оюн бир жерге жыйган соң суроо берди:

– Мейли биз сени ээрчидик дейли. Алла Тааланын амири менен душмандарың колун көкүрөгүнө алып сага баш ийип бере турган болсо, сенден кийин бийлик бизге калабы, ошону айтчы?

*– Ал иш Алла Таалага гана таандык. Алла Таала аны каалаганына берет*

– Бүт араб урууларынын огуна жана найзаларына биз көкүрөгүбүздү тоссок, Алла сени жеңишке жеткиргенден кийин

башчылыкты башкага берет тура! Мындай иштин бизге кыпынчалык пайдасы жок! – деп, буркан-шаркан түшүп, өз уруусуна минтип кайрылды:

– Ушул жарманкеден силер гана эң жаман акыбет менен кайтып жатасыңар. Бүтүн араб элине туруштук бере аларыңарды ойлоп жатасыңарбы? Аны өз коому силерден да жакшы билет, ошондуктан чаңып, таңып жатышат. Эгер бир жакшылыгы болсо өз эли эч кимге бербей калар эле…

Байкара Азирет Пайгамбарыбызга түз басып келип, колун жаңсап:

– Кана тез кетип кал бул жерден, бирди көрө элегиңде! – деди.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ордунан капалуу туруп, төөсүнө карай басты. Буйласын чечип, эми бутун ашырайын деп жатканда жаалданган акмак Байкара төөнү көкүрөктөн артка карай түрттү эле төө секирип туруп кетти, бутунун жарымы ашпай калган Азирети Пайгамбарыбыз жерге кулап түштү.

Мушриктин атайылаган кастыгынан улам, Алланын Элчисинин жыгылганын көргөн Дубаа бинти Амир аттуу мусулман аял:

– О, Амир жамааты! Алланын Элчисине кастык жасалып жатканын өз көзүңөр менен көрүп турасыңар. Менин урматым үчүн аны коргоп калаар бирөө жарым барбы араңарда?! – деп, өз жамаатына үмүттүү карады.

Туугандарынан үч киши дароо барып, Байкаранын мойнунан толгоп, ары сүйрөп кетишти.

Бул окуя түш сыяктуу болуп өттү. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзүнө жан тарткан адамдар үчүн:

*«Оо Жараткан Кудай Таалам! Бул пенделерине берекенден насип кыл!»* – деп ак батасын берди. Азирети Пайгамбарыбыздын дубасы кабыл болуп, ошондо жан тарткан адамдарга мусулманчылык насип кылынган жана алар кези келгенде дин жолунда каармандарча күрөшүп шейит болушкан.

Азирети Пайгамбарыбызды карамагына алуудан баш тарткан уруунун улгайган  башчылары бар эле. Карылыктан улам ал ажыга бара алган эмес эле. Кайтып келгендер жаңылыктардан кеп салып, сөз арасында Байкаранын жоругу да айтылат. Уруу башчы муну угаары менен жакшылап тактоо киргизген соң:

– Эх аттиң! Амир уулдары, колдон чыгарган чоң мүмкүнчүлүктү кантип толуктайсыңар эми?! Кудайга ант болсун! Исмаилден тарагандардан эч убакта жалганчы пайгамбар чыккан эмес, алардан жалганчы чыкканын эч кимден уккан да эмесмин. Силер баш тартып, жапа чектирген адамдын ар бир сөзү нукура чындык болчу! Мындайда тим эле акылман болуп кетесиңер, ошол жерде көрсөтпөдүңөрбү даанышмандыгыңарды кургурлар десе?! – деп, бир кыйла наалып алган[233].

Алланын сүйүктүү Пайгамбары *(саллаллаху алейхи васаллам)* кандай гана машакаттуу күнгө кабылбасын, Ислам динин элге жеткирем деген улуу максатынан бир кадам артка кайтпады. Жарманкелерде болобу, ажылыкта болобу, иши кылып, эл чогулган жерлерге барып адамдардын жан дүйнөсүнө акыйкаттын үрөөнүн сээп, бактылуулукка карай өзгөрүүнү талыкпай айта берди…

233. Ибн Хишам, II. 33-34;Ибн Касийр, аль-Бидая, III, 184; Ибн Хажар, аль-Исаба, IV, 353.

## Азирети Пайгамбырыбыздын Азирети Савда менен баш кошушу

Савда эне мурда Сакран бин Амр аттуу мусулман адамдын аялы болгон. Мусулмандарга айосуз кыйноо жүрүп жаткан мезгилде Эфиопияга көчүшкөн. Сакран Эфиопияда жүрүп кайтыш болгон соң, Савда жесир калган. Анын Ислам жолундагы берилгендиги жана ыкласмандыгы Азирети Пайгамбарыбыздын көңүлүн бурган. Алланын Элчиси Азирети Мухаммед Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* жалгыздыктын азабынан жана кыйынчылык турмуштан куткаруу үчүн аны менен баш кошкон.

Бул жакшылык ишке Усман бин Муаздын жубайы Хавла айым себепкер болгон деп айтылат.

Хавла маселени Савданын атасына билдиргенде, Пайгамбарыбыздын асыл сапаттарын жана мыкты адамгерчилигин эске алып, кызынын келечек бактылуулугун ойлоп, алардын баш кошуусуна макулдугун билдирген.

Бирок, Азирети Савданын каза болгон күйөөсүнөн беш же алты баласы болгондуктан, бул ары олуттуу, ары жоопкерчиликтүү ишке батына албай бир топ машакат чеккен.

Анын кыйышып турганын байкап:

– *Мени менен баш кошууга эмне тоскоол бар?* – деген суроону жолдогон.

Азирети Савдадан:

– Алланын Элчиси, мен үчүн сенден сүйүктүү адам табылбас. Экөөбүздүн баш кошушубузга эч кандай деле тоскоолдук жок. Бирок, атадан жетим калган чиедей жаш балдарым күн кечке ыйлап-сыктап же кыйкырып ойноп, сенин тынчыңды алат

ко деп коркуп турам. Болбосо сени бактылуу кылып, кубанычка бөлөө үчүн сунушту жан дилим менен кабыл этер элем, - деген жооп келген. *(Ибн Саьад, VIII, 53-57; Ахмад, I, 318-319; Хайсами, IV, 270).*

Акырында Жараткан Алланын каалоосу менен бул хикматтуу нике пайгамбарлыктын онунчу жылы Рамазан айында жүзөгө ашкан.

Савда эне Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* жан дилден урмат-сый көрсөтүп, кызматта эч кандай кемчиликке жол берген эмес. Ардактуу Пайгамбарыбыз Хатижа энеден айрылып, жалгыздыкка жанчылып турган мезгилде ал жан кубат болгон. Ошондой эле, мээримге суусап турган Пайгамбарыбыздын кыздарын энелик сүйүүсү менен өстүргөн.

# ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ОН БИРИНЧИ ЖЫЛЫ

## Акабадагы жолугушуу

Каш карайып бүт айлана карангылыктын кучагында эле…

Атайы Каабага зыярат кылуу үчүн алыскы Медина шаарынан ат арытып келген алты киши Акаба деген жерде Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен жолугушту. Ортодо аркы-беркиден кеп жүрдү. Анын ааламдарды жаркыткан нурун көрө алган меймандар: «Кандай гана жакшы адам экен!» деп өз араларында күбүрөшүп калышты.

Меймандар алыскы жолдон чаалыгып келгенине карабастан, чогуу олтуруп дагы көпкө баарлашууну каалап турушту. Бул учурда Акабаны сөзгө чак келбес жагымдуулук каптап турду. Алардын көкүрөгүнө ыймандын үрөөнү жана көктөн куюлган мээримдүүлүктүн тамчылары жамгыр сымал себелеп жатты. Азирети Пайгамбарыбыз алардын оюн байкагансып, Ислам дини, Алла Таалага ыйман келтирүү жана бир топ асыл насааттардан кеп салып берди.

– Бир аз убактыңарды бөлө алсаңар, дагы сукбат курсак жакшы болоор эле, – дейт.

Жанатан бери бул инсандын ар тараптуу артыкчылыкта-

рына суктанып олтурган мединалыктар сүйлөшүүнү улантууну туура көрүштү. Ошентип, маек көпкө созулду. Алар чыракты айланып учкан көпөлөк сымал, Азирети Пайгамбарыбыздын айланасына айтегерек болуп олтуруп калышты.

Азирети Пайгамбарыбыз аларга аяттарды окуп, чечмелеп берди. Ислам дининин улуулугун даназалады. Кимде-ким эки дүйнөдө бактылуу болгусу келсе, мусулман болушу керек экенин ачык айтты.

Жакынкы аралыкта бир пайгамбардын келери жөнүндө улуулардан угуп калышар эле. Айрыкча бул кабарды жөөт коңшулары көп айтышчу. Азирети Пайгамбарыбыздын чакырыгын уккан мединалык жамаат бири-бирине:

– Достор, Кудайга ант болсун! Бул инсан жөөттөр айтып жүргөн Пайгамбардын өзү болуп жүрбөсүн. Жөөттөр бизден озунуп мусулман болуп алышпасын, – деп күбүрөнүштү.

Жолоочулар Алланын Элчисин алгач көргөндөн бери анын ажарынан ажайып нурду байкап, алтургай, айран таң калып олтурушкан. Эми болсо береке жамгыры сыңары куюлган орошон сөз жипсиз байлап алгансыды. Анын бир сөзүндө да калет жок эле. Баары кашкайган гана чындык эле. Жолоочулар бир оздон:

أَشْهَدُ أَنْ لاَ اِلَهَ اِلاَّ اللهُ وَأَشْهَدُ أَنَّ مُحَمَّدًا عَبْدُهُ وَرَسُولُهُ

**«Ашхаду ан лаа илааха иллаллоох, ва ашхадуанна Мухаммадан абдуху ва расуулуху»** - деп, келме келтиришип, мусулман болушту.

Бул баарлашууда андан тышкары көп маселелер талкуулан-

ды. Ислам дининин келечегине кам көрүү ар бир мусулмандын милдети экендиги айтылды. Жаңыдан гана мусулман болгондордон сурады:

*– Меккелик мусулмандар менен чогуу Мединага көчүп бара турган болсок, бизге жардам көрсөтө аласыңарбы?*

Алар ушу тапта Мединада авс жана хазраж урууларынын ортосунда кармаш болуп жатканын, ортодогу душмандык жетер чегине жетип калганын, эгер бул жылы келише турган болсо, жардам көрсөтө албай калышарын, келерки жылы келишсе, жакшы болоорун айтышып, бир жыл мөөнөт сурашты. Алар Мединага барар замат калкты дин Исламга чакырууга жана келерки жылы ажылык мезгилинде кайра келүүгө убада беришти.

Бул чакан гана ыймандуу момундар өз журттарына бир башкача сүйүнүч менен кайтышты. Алардын жүзүнөн бакыттын нуру тамылжып турганын бүт жакындары көрүп, сезип турушту. Анткени, булар түркөйлүктүн киринен тазаланып, түнт жан дүйнөлөрүн ыйман нуруна чөмүлтүп, бир башкача шайдоот эле. Мединанын калкына  Исламдын жарчысы Азирети Пайгамбарыбыз жана жаңы дин тууралуу кабар чагылгандай тез тарады. Алла Таала насип кылган пенделер четинен мусулман боло башташты[234].

## Көкүрөктүн ачылышы же үчүнчү Шархи Саадр

Исра жана Мираж түнүндө Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи васаллам)* пакиза көкүрөгү үчүнчү ирет ачылып, акактай тунук жүрөгү ыйманга жана хикматтарга толтурулган. Шархи садр – Миражга, Алла Тааланын бийик даргөйүнө чы-

234. Ибн Хишам, II, 38; Ибн Саьад, I, 219; Хайсами, IV, 40.

гуудан мурда чоң руханий иш-чарага даярдык болгон[235].

Бул окуяны Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындайча баяндаган:

*«Мен уйку соонун ортосунда Каабанын Хатим бөлүгүндө жаткан элем. Бир караан мага жакын басып келип, мына ушунан бул жерге чейин көкүрөгүмдү жарып, жүрөгүмдү чыгарды. Анан ага ыйман жана хикматка толо бир идиш алып келинди. Жүрөгүмдү* (суу жана зам-зам менен) *жууп, тазалашты. Анан идиштеги ыйман жана хикматтан жүрөгүмө толтуруп, кайра ордуна салып койду…» (Бухари, Бад-уль Халк, Салат, 1; Муслим, Иман, 263).*

## Жараткан Алланын сүйүктүү Элчисине болгон теңдешсиз сыйы – Мираж

Исра окуясы хижраттан он беш ай мурда болгон.

Исра жана Мираж деп айтылган Алла Тааланын бул жакшылыгы, бардык пендечилик көшөгөлөр көтөрүлүп, ак-сезим да, акыл да жетпес бийиктикте, нукура илахий жол-жоболор менен жүзөгө ашкан окуя болуп саналат. Маселен, пенденин ак-сезиминдеги убакыт, жер деген түшүнүктөрдөн кечип өтүп, миллиарддаган адамдын өмүрүнө сыйбай турган узун сапар жана сан миң көрүнүштөр бир саамчалык убакытта болуп өткөн.

سُبْحَانَ الَّذِي أَسْرَى بِعَبْدِهِ لَيْلاً مِّنَ الْمَسْجِدِ الْحَرَامِ إِلَى الْمَسْجِدِ
الأَقْصَى الَّذِي بَارَكْنَا حَوْلَهُ لِنُرِيَهُ مِنْ آيَاتِنَا إِنَّهُ هُوَ السَّمِيعُ البَصِيرُ

235. Бухари, Салат, 1; Муслм, Иман, 263.

**«Бир түнү өз пендесине** (Мухаммедге) **аят- кереметин көрсөтүү үчүн Харам мечитинен айланасын Биз берекелүү кылган Акса мечитине сейил кылдырган Алла Таала** (бардык айып-кемчиликтерден) **таза. Чындыгында, Ал-Угуучу, Көрүүчү».** *(Исра сүрөсү, 1-аят).*

Бул аят маанилүү жана таң калыштуу иштердин олуттуулугуна көңүл буруу үчүн Алла Тааланы аруулоо жана даңазалоо менен башталган. **«Субхааналлаах»** деген сөз тафсир аалымдарынын айтууларында, Алла Тааланын кемчилик сыпаттардан таза экендигин билдирет. Айрыкча, Кудай Тааланын ажайып чебердигине абдан таң калууну билдирүү үчүн да колдонулат. Бул улук сөз Ошол эле учурда, маанилүү зикир болуп эсептелет.

Кыскача айтканда бул сөз:

1. Акыл-эсти таң калтырган Исра окуясын даңазалоо жана тастыктоо, жүрөктөрдүн тазаланышына даярдык көрүү. Бул сөз жеке фантазия менен Алла Тааланы макулукка салыштыруудан, дене турпат сыяктуу чектелген калыпка салып күдүктөнүүдөн пендени сактайт.

2. Мираж окуясын мүмкүн эмес деп ойлогондорго каршы, Алла Тааланын кудуреттүүлүгүн даңазалайт жана тастыктайт.

Аяттын андан аркы бөлүгүндө карангы түнгө басым жасалат. Анткени, Исра – түн ичинде болгон сейил. Вахийлердин көпчүлүгү түнү жөнөтүлүп турган. Жакшы-жаман, чоң-чоң маанилүү окуялар көбүнесе түнүчүндө жараян эткен. Ошондой эле, түндөсү окулган тахажжут намазынын ары олуттуу, ары улуу ибадат экени баарына маалым.

Акса мечитинин жана анын айланасынын ыйык кылынышына тафсирлерде мындайча түшүндүрмө берилет:

1.Дин жана дүнүйө байлыгы менен берекелендирилген. Жаратылышы кооз, шар аккан дарыялары бар.

2.Көптөгөн пайгамбарлар ушул аймакта жашап өткөндүктөн, вахийдин мекенине айланган.

3. Бул аймактын көрктөнүп, берекеге карк болушуна Исра окуясы себепкер болгон.

Алла Таала бул саякатта Мухаммед Мустафага *(саллаллаху алейхи васаллам)* ажайып окуяларды, укмуш көрүнүштөрдү көрсөткөн.

***

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ошол түнү Акса мечитинде жаамы пайгамбарларга имамчылык кылып, чогуу намаз окушкан[236].

Абу Хурайранын (Алла ага ыраазы болсун) айтымында, Исра саякатынын алдында ошол түнү сүйүктүү Пайгамбарыбызга эки аяк сунулган. Алардын биринде сүт, экинчисинде шарап[237] бар эле. Ал сүт куюлган аякты тандады. Буга күбө болуп турган Азирети Жабраил *(алейхис салам)*:

– Сени адамдын жаратылыш максатына төп келген нерсеге багыттаган Алла Таалага алкыш! Эгер шарап куюлган аякты тандаганыңда, үммөтүң бузулуп кетмек, – деди *(Муслим, Иман 272, Ашриба 92).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* мына ушунусу менен жаамы үммөтүнүн баш өкүлү катары жакшылыкты тандап, берекеге карк болушубузга себепкер болгон. Сүт бул

236. Ибн Саад, I, 214.

237. Бул жерде шарап «Бейиш суусундугу» деп чечмеленет.

жерде жаратылышты, таза табиятты, шарап болсо дүнүйөкорлукка ыктоону билдирет.

Алла Таала Нажм сүрөсүнүн 3-аятында[238]:

وَمَا يَنطِقُ عَنِ الْهَوَى

**«Ал каалаганындай сүйлөбөйт эле» –** деп буюрган.

Пайгамбарыбыз оозуна келгенди сүйлөй бербеген жана каалаган ишти өз алдынча жасабаган инсан болгонун ушул аят тастыктап турат.

Жаратуучулук жана бир ишти эч ким менен кеңешпей туруп кынтыксыз жасоочулук сыпат жалгыз Алла Таалага гана таандык. Алла Таала бир ишти жасоодо бирөөлөр менен кеңешүүгө да муктаж эмес. Кандайдыр бир ишти жасоодо Алла үчүн убакыт, кеңешүү деген болумуш нерселер чечүүчү мааниге ээ эмес.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи вассалам) Алла Таалага бүт дилден ынанган, ишенген, баш байлап ыйман келтирген жана кыйшаюусуз моюн сунган. Алла Таала бул жерде сүттү тандатып, сүйүктүү Элчисин артыкчылыгы мол жолго багыттаган. Бул куттуу хадис ошол эле учурда үммөттүн артыкчылык жагын даңазалап келет.

Түнкү сейил окуясынын арты менен Каабадан Акса мечитине карай учуп барган Азирети Пайгамбарга, ал жерден асманга чыгып, башкача айтканда, Мираж деген улук мартаба ыроолонгон. Ал Жабраил периштенин жол баштоосу менен Акса

238. Бухари, Тафсир 1/73, Ашриба, 1, 12; Насаи, , Ашриба, 41. Исра жана Мираж окуясы Исламдын табиятка төп келген дин экендигин дагы бир ирет тастыктаган. Пейли бузук жана дүнүйөкорлук, карамүртөздүк, текебердик ж.б.у.с кемпай дарттар менен ооругандарга асман каалгаларынын ачылбасын мына ушул окуядан байкасак болот.

мечитинен **«Сидраи Мунтахага»** чейин чыгып барган.

Бул окуяны Пайгамбарыбыз Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* минтип баяндап берген:

*«Мен уйку соонун ортосунда, Каабанын Хатим бөлүгүндө жаткан элем… Бир маалда эшектен чоң, качырдан жапыз, ак боз бир жаныбар келди. Мунун аты «Бурак» болчу. Мен аны минип алдым. Алдыңкы бутун көзү жеткен эң акыркы жерге чейин созуп, учуп-сызып жол тартып баратты. Жабраил мени ушинтип алып барды. Дүйнө асманына чейин келдик. Каалганын ачылышын өтүндү.*

*– Ким келди? – деген суроо чыкты.*

*– Жабраил.*

*– Жанында ким бар?*

*– Мухаммед (алейхиссалату вассалам).*

*– Ага Миражга чакырык жиберилген беле?*

*– Ооба.*

*– Кош келипсиң! Келгениңер эң жакшы болду! – деген үн чыкты да, каалга ачылды.*

*Ичкери кирген соң Азирети Адамды көрдүм.*

*– Бул инсан атаңар Адам болот, кана ага салам айт, – деген үн кайра жаңырды.*

*Мен ага салам айттым. Саламыма алик алды да мага:*

*– Кош келипсиң, салих уул, салих Пайгамбар! – деди.*

*Азирети Жабраил мени андан ары алып жөнөдү. Асмандын экинчи кабатына чыктык. Бул жерден Азирети Яхия менен*

*Азирети Иса пайгамбарларга жолуктум. Алар бири-бири менен бөлө болчу.*

*Көтөрүлүп олтуруп, асмандын үчүнчү кабатына барганыбызда Жусуп пайгамбарга жолуктук. Төртүнчү кабаттан Идрис пайгамбарга, бешинчи кабаттан Азирети Харунга, алтынчы кабатка чыкканыбызда Муса пайгамбарга жолуктук.*

*– Кош келипсиң салих тууган, кош келипсиң салих Пайгамбар! – деди.*

*Мен өтүп бара жатканда ал ыйлап жиберди. Жанакы үн:*

*– Эмнеге ыйлап жатасың? – деп сурады.*

*– Менден кийин бир жаш пенде Пайгамбар болду. Менин үммөтүмө караганда анын үммөтүнөн бейишке кире тургандар көп*[239]*.*

*Жабраил периште мени асмандын жетинчи кабатына алып чыкты. Ал жерден Ибрахим пайгамбарга жолуктум.*

*– Бул инсан бабаң Ибрахим болот. Ага салам айт! – деди Жабраил.*

*Салам айттым. Ал алик алды.*

*– Салих уулум кош келипсиң, кош келипсиң салих Пайгамбар! – деди да, андан ары минтип сөз улады:*

*– Мухаммед, үммөтүңө менден салам айта бар. Аларга бейиштин топурагынын мыкты экенин, суусунун абдан таттуу, жеринин өтө кенен жана түз экенин кабарлап кой. Аларга айтып кой, бейишке көп дарак тигишсин. Бейиштин дарактары «Субхааналлахи, валхамду лиллаахи, валлаахy акбар» - деген-*

239. Азирети Муса ошондо кызганычтан же ичи тардыктан ыйлаган эмес. Кемелине жете албай калганына капалангандыктан ыйлаган.

*ден башка сөз айтпайт».*

*Андан ары сапар улам Сирдраи Мунтахага чыгарылдым. Бул жактын жемиштери (Йемендин) Хажар табактары сымал чоң-чоң, жазы жалбырактуу экен.*

*Ошо жерге келгенибизде Жабраил периште мага:*

*– Мына, бул жер «Сидра-и Мунтаха», – деди.*

*Бул жерде төрт дарыя бар эле. Анын экөөсү көрүнөө, экөөсү көмүскө дарыя экен.*

*– Жабраил, булар эмне?*

*– Бул эки көмүскө дарыя бейиштин дарыясы. Ал эми көрүнөө турганынын бири Нил, экинчиси Эфрат,*[240] - *деди...»* *(Бухари, Бад-ул Халк, 6; Анбия, 22, 43; Манакибул-Ансар. 42; Муслим, Иман, 264» Тирмизи, Тафсир, 94, Даьават 58; Насаи, Салат, 1; Ахмад, V, 418).*

*– О, Алланын Элчиси, мындан ары өзүң жалгыз кетесиң.*

*– Эмне үчүн?*

*–Алла Таала, мага ушул жерге чейин чыгууга уруксат берген. Кокус, мындан ары бир кадам таштай турган болсом, күйүп күл болуп кетем!... – деди.* *(Рази, XXVIII, 251)*

Айтылгандай эле, андан аркы сапарды Азирети Пайгамбарыбыз өзү жалгыз уланткан. Жол ката ажайып окуяларга күбө болгон. Жараткан Алла Тааланын жамалын көргөн.

Бул саякатта жараян эткен ары ажайып, ары укмуш окуя-

240. Айтылган бир көз караштa Азирети Пайгамбарыбызга Нил менен Эфрат дарыяларынын бейиште көрүнүшүнүн маани маңызы мындай: Исламдын нуру бүт жер жүзүнө жайылат. Нил жана Эфрат бассейниндеги берекелүү жерлердин баарына Ислам дини өкүмүн жүргүзөт, ал аймактар ирандыктардын отпарастыгынан, Византиянын үчилтик ишениминен кутулат. Бул аймактардын эли көптөгөн кылымдар бою тавхид ишениминин желегин желбиретип, Исламга кызмат кылышат.

ларды дал өзүндөй сөз менен сүрөттөө мүмкүн эмес. Акыл-эстен жогору турган акыйкатты пенденин аң-сезимине сыйдырууга аракеттенүү колдон келбей турган машакаттуу иш. Акыйкаттуулугу жана нукура маани-маңызы Алла Таала менен Анын сүйүктүү Элчисинин ортосунда түбөлүктүү сыр катары сакталган ажайып окуя «кайып ааламынын» алкагынын чегинде гана жараян эткен.

Башта айтып өткөндөй, ал Таифке илгери үмүт менен барып, бирок кордук көрүп, жаракат алып, жүрөгү ооруп кайткан эле. Мираж окуясы – Азирети Пайгамбарыбыздын жүрөгүндөгү капалыкты жууп кетирген, көңүлүн кубанычка бөлөгөн, Жараткан Алланын атайын ыйгарган сыйы болуп эсептелет.

Бул жараян убакыт жана мейкиндик деген белгилүү чектин сыртында жүзөгө ашкандыктан, чөйчөктөй акыл менен аны толук түшүнүү мүмкүн эмес. Ошондуктан, динибизде өзгөчө жана адаттан тыш маселелерге акылды мажбурлоого тыюу салынган.

Кыскасы, Азирети Пайгамбарыбыз Мухаммед Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* эч бир пайгамбарга берилбеген адаттан тыш илахий сыйга татып, Мираждга чыккан. Мираждa Алла Тааланын Өзүнө гана таандык убакытсыз жана мейкиндиксиз бир ааламда:

فَكَانَ قَابَ قَوْسَيْنِ أَوْ أَدْنَى

**«Ошентип,** (Мухаммед Мустафа менен Раббисинин) **ортосу эки жаанын аралыгындай же андан да жакыныраак болуп»** *(Нажм, 9)* – деп билинген ажайып окуянын каарманы болгон.

Алла Таала менен акыркы Пайгамбардын Мираждагы жа-

кындыгын түшүнүү, албетте татаал маселе. Ошентсе да, жакындыктын кыпындай бир элесин акыл туюмубуз менен андагыбыз келсе, улул-азим пайгамбарлардын бири Мусанын *(алейхис салам)* абалын эстеп көрөлү. Муса пайгамбар Жараткан Алланын жер бетине чагылышкан нурун көрүүгө туруштук бералбай эстен танган. Демек, Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи вассалам) Алла Тааланын даргөйүндөгү зоболосунун канчалык бийик экендигин ушул окуядан да түшүнсөк болот.

Бир башка өнүтүнөн карай турган болсок, ыйык жайдын касиетинен пайдалануу, шарапатынан шарапат табуу үчүн Муса пайгамбарга кепичтерин чечүүгө, жыланаяк басууга буйрук берилген. Бул буйрукта ушундай аялуу сырдуулук жаткан. Ал эми Миражга чыккан Азирети Мухаммедге *(саллаллаху алейхи васаллам)* :

– Сүйүктүү Элчим! Сенин бут кийиминдин чаңынан Арш кут-берекеге карк болсун! Арштын нуру сага шооласын чачкандан бакыт тапсын! Бут кийиминди чечпестен Арштын килеминин үстүндө басып жүрө бер! ...– деген мааниде уруксат берилген. *(Бурсеви, V, 370).*

Мухаммед Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* Миражга чыкканда көк асман бир башкача толкунданган. Акын Кемал Эдиб Күркчүоглу бул абалды ырга айланткан:

Мираж түнү суусайт чаңкап,
Бир көрүүгө анын нурдуу жамалын.
Көрүп болуп, алкап Улуу Алланы
Асман дагы сажда кылат чамасы.

***

وَالنَّجْمِ إِذَا هَوَى

**«Батып бара жаткан жылдызга[241] ант болсун!»** *(Нажм сүрөсү, 1-аят).*

Кайсы гана акыйкат болбосун, каапырлар ага түрдүү жолдор менен каршылык көрсөтүшкөн. Мына ушул себептен Мираж окуясынын айныгыс чындык экендигине басым жасоо иретинде Нажм сүрөсү касам менен башталган.

مَا ضَلَّ صَاحِبُكُمْ وَمَا غَوَى وَمَا يَنطِقُ عَنِ الْهَوَى إِنْ هُوَ إِلَّا وَحْيٌ يُوحَى عَلَّمَهُ شَدِيدُ الْقُوَى ذُو مِرَّةٍ فَاسْتَوَى وَهُوَ بِالْأُفُقِ الْأَعْلَى

"**Жолдошунар** (Мухаммед Пайгамбар**) адашкан да, жолдон чыккан да жок. Ал өз оюнан чыгарып айтпайт. Болгону ал** (Куран) **– түшүрүлгөн аян. Ага[242] аны күч ээси[243] үйрөттү. Ал кубаттуулук ээси; анан да турук тапты** (орун алды). **Ал жогорку мейкиндикте[244]»** *(Нажм сүрөсү, 2-7-аяттар).*

Аяттагы «истива» сөзү каптоо, курчоо жана тик туруу деген маанилерди билдирет. Тафсир аалымдарынын айрымдары «тик туруу, каптоо» деген этиштин ээси Жабраил периште десе, айрымдары Азирети Мухаммед деп чечмелешкен. Эгер экинчи

241. Тафсир аалымдары Алла Тааланын жылдызга касам кылганына ар кандай түшүндүрмөлөрдү беришкен. Булардын эн маанилүүсүн айта турган болсок, тафсирчилер «жылдызды» Азирети Пайгамбар же болбос Курани Каримдин аяттары түшкөн убакыт деп чечмелешкен. Демек, жылдызга касам айтуунун маанисин:

1. Миражга чыгып-түшкөн Мухаммед Мустафага ант болсун!

2. Куран түшүрүлгөн учурга, башкача айтканда, ар бир түшкөн вахийдин убагына ант болсун! – деп чечмелөөгө болот.

242. Мухаммед алейхи салам

243. Жабраил *(алейхис салам).*

244. орун алган. Адамдарга, жиндерге жана айрым периштелерге салыштырганда.

пикирге кошула турган болсок, «истива» Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* кадыр-баркынын бийиктигин, бардык жактан даражасы жогору экендигин билдирип турат.

ثُمَّ دَنَا فَتَدَلَّى

**«Андан соң жакындашып, бийик көтөрүлдү»** *(Нажм сүрөсү, 8-аят).* Тактап айтканда, Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Алла Тааланын нурунун тартылуу күчү менен турган жеринен дагы да жогору көтөрүлдү.

Ошентип, Азирети Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* биздин мейкиндиктерге такыр окшобогон Мираж мейкиндигинде тик туруп калбастан, Алла Таалага карай жакындап барган. Тартуу күчтүн таасири арткандан артып олтуруп, көз ачып жумганча эң жогорку катмардан да бийик көтөрүлгөн.

فَكَانَ قَابَ قَوْسَيْنِ أَوْ أَدْنَى

**«Ошентип,** (Мухаммед Мустафа менен Алла Тааланын) **ортосу эки жаанын аралыгындай же андан да жакын** (болгон)**»** *(Нажм сүрөсү, 9-аят).*

Алла Таала акыл-эстен алда канча жогору турган чындыкты, пенденин акылы түшүнө ала турган мисал менен: **«Эки жаанын аралыгындай же андан да жакыныраак (болгон)», –** деп маалымдаган.

Ислам дини келе электе арабдарда ар кандай салт-санаалар, үйүттөр, жосундар көп болгон. Маселен, арабдар бир биримдик же бир ыдырагыс маанилүү келишим түзө турган болушса, эки жааны бириктирип туруп, бир окту эки жаанын тээги менен атышчу экен. Бул жосун ыраазылыкты же наарazылык-

ты туюнткан, кандай гана жүрүш болбосун, ошол эки тараптын бирдей пикирде экендигин билдирген. Мындайча айтканда, эки жаа менен бир окту атуу – бул биримдиктин, ынтымактыктын же пикирлештиктин символу болгон.

Демек, «эки жаанын аралыгы» – бул заттык да, рухий да жакындыкты туюндурган, бирок, адамдын акылы жеткис улуу чындык. Эми Миражга келе турган болсок, Азирети Пайгамбарыбыз Жараткан Аллага өтө жакындаган. Ортодогу бардык көшөгөлөр, тосмолор алынып салынган.

فَأَوْحَى إِلَى عَبْدِهِ مَا أَوْحَى

**«Алла ошол маалда кулуна вахийин билдирди»** *(Нажм сүрөсү, 10-аят).*

Бул вахийдин маани-маңызы тафсирлерге мындайча чечмеленет:

1.Намаз: Мираждагы эң маанилүү окуялардын бири – беш убак намаздын парз болуусу. Азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* адегенде элүү убакыт намаз парз кылынган. Бирок, Муса пайгамбардын кеп-кеңешин угуп, азайтууну Алладан суранган. Акырында тилеги орундалып, элүү убакыттан беш маалга азайтылган. Жараткан Алла Таала беш маал намазды талаптагыдай орундаткан адамга элүү убакыттын сообун берерин билдирген соң мындай деген:

*«Кимде-ким бир жакшылык иш жасагасы келип, бирок, аны жасай албаса, ал адамга (жакшы ниети себептүү) бир сооп жазылат, ал эми жасаган болсо, он сооп жазылат.*

*Кимде-ким бир жаман ишти болжоп туруп, аны жасабаган болсо, ага күнөө жазылбайт. Эгер ошол болжогон жамандык*

*ишти кылган болсо, бир күнөө жазылат».* (Муслим, Иман, 259).

Башта айтылгандай, Алла Таала пенделерине элүү убакыт намаз окууну парз кылган эле. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* кайра-кайра өтүнүп кайрылган соң беш убакытка түшүрүп берген. Муну чечмелей турган болсок, биз кыскартылган беш маал намазды окусак да, мойнубуздагы Анын акысы элүү убакыт намаз. Эгер беш маалды каза кылбастан өз убагында, толук аткарган болсок, элүү убакыттын сообу берилет. Ушунун өзү Алла Тааланын пенделерине болгон чексиз ырайымдуулугу, берешендиги жана мээримдүүлүгү. Зарият сүрөсүнүн 56-аятында: **«Мен жиндерди жана инсандарды Мага гана ибадат кылсын деп жаратканмын»,** - деп буюрган Алла Таала пенделердин негизги иши ибадат болушу керек экендигин ачык айткан. Ошол эле учурда, беш убакыт менен эле чектелип калбастан, андан да көп намаз окууга уруксат бергенин жана ким канчалык көп намаз окуса, ошончолук пайдалуу экендигин кыйыр түрдө билдирген.

Ыйманы бекем момун мусулмандар беш маал парздардан сырткары, зуха, ишрак, аввабин сыяктуу нафил намаздарды, айрыкча, түнкү таттуу уйкудан ойгонуп тахажжуд намазын окушат. Момун мусулман ыйманынын талабына жана Аллага жакындасам деген каалоосуна жараша беш убакыт менен эле чектелип калбастан, нафил намаздарды каалашынча көбөйтүп окуй берсе болот. Бирок, жалгыз шарт – бардык ибадаттарын өзүнүн каалоосу, эрки менен, ырахаттана окушу керек. Ибадаттын санына жараша, сапаты да болушу керек.

2. Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)*: *«Сенден мурда башка пайгамбарлар, үммөтүндөн мурда башка үммөттөр бейишке киргизилбейт!»* деген жагымдуу кабар айтыл-

ган. *(Рази. XXVIII, 248).*

3. Бакара сүрөсүнүн акыркы эки аяты вахий кылынган.

Муслимдин жыйнагында маалымдалган бир хадисте минтип айтылат:

*«Алланын Элчисине (Миражда) үч нерсе берилген. Алар: беш убакыт намаз, Бакара сүрөсүнүн акыркы аяттары жана ширк келтирбеген үммөттөрүнүн чоң күнөөлөрүнүн кечириле тургандыгы кабарланган...». (Муслим, Иман, 279).*

Мунун баары пенделик аң-туюмдар менен гана чыгарылган натыйжалар болуп эсептелет. Мираждагы вахийдин майда-чүйдөсүн Алла Таала менен Пайгамбары гана билет.

Мираждагы көз ирмемчелик ажайып болумуштарды Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* түш көргөн эмес, кыялданган эмес, кадимкидей киши сыпатында барып, алып келген. Муну өзүнүн жүрөгү да, абийири да тастыктаган. Алла Таала Нажм сүрөсүнүн, 11-12-аяттарында:

مَا كَذَبَ الْفُؤَادُ مَا رَأَى أَفَتُمَارُونَهُ عَلَى مَا يَرَى

«(Мухаммед Мустафанын) **жүрөгү көздөрү менен көргөнүн жалганга чыгарган эмес.** (Эй, каапырлар!) **Ал көрүп келген нерселерди эми өзү менен талашасыңарбы?» –** деп тастыктаган.

Мираж түнүндө Жараткан Аллага жолугуп, сан миң ажайыптарга жана ибараттуу окуяларга күбө болгон Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* адамзат жете албай турган өзгөчө жайдан түшүп келатып, Сидраи Мунтахада Жабраилди нукура периште абалында дагы бир ирет көргөн.

وَلَقَدْ رَآهُ نَزْلَةً أُخْرَى عِندَ سِدْرَةِ الْمُنْتَهَى

**«Ант болсун,** (Мухаммед Мустафа) **аны** (Жабраилди) **Сидраи-Мунтахада дагы бир ирет көрдү»** *(Нажм сүрөсү, 13-14-аяттар).*

Алланын Элчисинин Жабраил периштеден да бийикке көтөрүлгөнүн ушул аяттан билсек болот. Жабраил периште Мираж түнү: *«Бир эли жакындай турган болсом, күйүп күл болот элем!»* – деп, кетенчиктеп калып кеткен. Ошол себептен андан аркы сапарды өзү жалгыз улантып, эч кимге белгисиз чакырымдарды басып өтүп, Алла Тааланын алдына чыккан.

عِندَهَا جَنَّةُ الْمَأْوَى إِذْ يَغْشَى السِّدْرَةَ مَا يَغْشَى

**«Мауаа бейиши** (периштелер жана шейиттер барчу бейиш) **да ошол жайда. Ошондо Нилюфарды орогон нерсе ороп алган эле»** *(Нажм сүрөсү. 15-16-аяттар).*

*«– О, Алланын Элчиси! Сидраны каптап турган бир нерсе көрдүңбү? - деген суроого ал мындай деп жооп берген:*

*– Аны алтын канаттуулар каптап турганын жана ар бир жалбырагында бирден периште Алла Тааланы такай тасбих кылганын көрдүм» (Табари, XXVII, 75; Мислим, Иман, 279).*

Ибн Аббастын (Алла ага ыраазы болсун) риваятына караганда:

«Алла Таала Мусага сөз, Ибрахимге достук, Мухаммед Мустафага руйатуллах (адам түшүнгүс абалда Алла Тааланы көрүү) таалайын ыроологон». *(Табари, XXVII, 64).*

Анык сүйүүгө татыктуунун алдына барганда көздү Андан албоо – нагыз адептүүлүк болуп саналат.

مَا زَاغَ الْبَصَرُ وَمَا طَغَى لَقَدْ رَأَى مِنْ آيَاتِ رَبِّهِ الْكُبْرَى

«(Пайгамбардын) **көзү** (оңго-солго) **ойноогон жок, чектен ашкан да жок. Чындыгында, Эгесинин улуу кереметтерин да көрдү**» *(Нажм сүрөсү, 17-18-аяттар).*

Аяттар тастыктагандай, ал Жабраил баш болгон бир дагы макулук өтө албаган Сидра-и Мунтахадан ары өткөрүлгөн. Андан ары чыккан соң тыгыз бириктирилген эки жаанын жакындыгындай жакын болуп, Алла Таала менен жүзмө-жүз жолуккан.

Жолугушууда Пайгамбарлардын Султаны *(саллаллаху алейхи васаллам)* сөзгө сыйгыс сан миң улуу чындыктардын, Алла Тааланын илахий сыпаттарынын далилдерин, мүлкүнүн жана бийлигинин кеңдигин көрүнөө тарабын гана көрө алган.

Айрым тафсир аалымдары «Азирети Пайгамбар Алла Тааланы жүрөк менен көргөн (сезген)» деген пикирди айтышат *(Табари, XXVII, 63).*

Ибн Аббас (Алла ага ыраазы болсун) айткан риваятка караганда, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

– *Мен Раббимди көрдүм*, – деп айткан. *(Ахмад, I, 285; Хайсами, I, 78).*

Башка бир риваятта: – Раббиңди көрдүңбү? – деген суроого:

– Бир нур көрдүм, – деп жооп берген. *(Муслим, Иман, 292).*

Мунун эң туурасын Алла Таала Өзү билет[245]….

***

245. Мираж тууралуу аяттарды чечмелөөдө кадырман устат Элмалы Хамди Язырдын «Хак дини, Куран Дили» аттуу тафсири пайдаланылды.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Исра жана Мираж тууралуу көптөгөн маалыматтарды айтып калтырган. Алардын айрымдарын айта кетели.

Миражга барганда эриндери төөнүн эриндериндей шалпайган бир топ адамды көргөн. Ошол жердеги жазалоочулар алардын эриндерин кесип, ооздоруна таш тыгып жаткан эле.

– Жабраил, булар кимдер?

– Жетимдин мал-мүлкүн жегендер[246].

Дагы жүрүп олтуруп, учтуу жез тарак менен өзүнүн бетин жана көзүн өзү тытып жаткан башка адамдарды көрдү. Таң калган Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* дагы сурады:

– Жабраил, булар кимдер?

– Булар (гыйбат, ушак кылуу менен) адамдардын этин жегендер жана алардын ар-намысы, абийири менен ойногондор. *(Абу Давуд, Адаб, 35/4878).*

Жүрүп олтуруп зинакорлорду, тарп жеген бетпактардын катарында сүткорлорду, курсактары укмуш шишиген жана жин урган шерменде абалда зинадан тапкан балдарын өлтүргөн аялдарды көргөн. Алардын бир бөлүгү көкүрөгүнөн, бир бөлүгү болсо бутунан асылып, азап тартып жаткан эле.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Миражда өз көзү менен күбө болгон окуялардын бирин минтип баяндаган:

*«Мираж түнүндө бейиштин каалгасында:«Садака он эсеге, карыз берүү он сегиз эсе көбөйтүлөт» - деп жазылып турганын көрүп таң калдым.*

246. Табари, XV, 18-19

*– Жабраил, эмне үчүн карыз бергендин сообуна караганда садака берген адамдын сообу көп?*

*– Анткени тилемчи (көп учурда) чөнтөгүндө акчасы болсо да садака сурайт. А берки адам муктаж болгону үчүн карыз сурайт».* *(Ибн Мажа, Саадагат, 19).*

Башка бир куттуу хадисте мындай деп айтылат:

*«(Миражга барганда) бейиштин эшигинен ичкери тарапка көз жүгүрттүм. Киргендердин басымдуу бөлүгү кембагалдар эле. Байлар (эсеп берүү үчүн) кармалып калышыптыр. Тозокко ылайыктуулярын отко ыргытууга өкүм чыгыптыр. Тозоктун эшигине да бардым. Ал жакка киргендердин көпчүлүгү аялдар экен»* *(Бухари, Рикак, 51; Муслим, Зухд, 93).*

Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мына ушул себептен:

*«Эгер мен билгенди силер билгенинерде, албетте аз күлүп, көп ыйламаксынар!»* деп айткан *(Бухари, Тафсир, 5/12).*

Ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул хадистер аркылуу айрыкча аялзатына, Кудай Тааланын айосуз азабы бар экенин; азаптан сактанбоо, напсиге азгырылуу, кумарга батуу; өмүрдү, убакытты ысырапка учуратуу; ар-намысты жана аялдык аруу касиетти тепсөө тозок менен жыйынтыкталаарын эскертип кеткен.

***

Мираж окуясына байланыштуу мына бул чындыкты айта кетүү орундуу болор. Маселен, адамдар өтмүшкө таандык тарыхый маалыматтарды болжол менен, ал эми жакынкы өткөн окуяларды так билишет, ал эми пайгамбарлар Алла Тааланын

каалоосу менен өтмүшкө да, келечекке да, руханиятка да тийиштүү маалыматтардын аныгын билишет. Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* махшар майданындагы аттиң дедирткен аянычтуу абалдан кабар берүүсү жана аларды *«өз көзүм менен көрдүм»*, *«уктум»*, *«ушундай болуп калыптыр»* деп айтуусу – пайгамбарларга таандык касиет.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Мираждан келечекте боло турган ибараттуу окуяларды өз көзү менен көрүп келген. Алардын көпчүлүгүн өткөн чак менен айтып кеткен. Маселен, «Ашараи-Мубашшарадан» Абдуррахман бин Авф тууралуу хадисте минтип айтылат:

*«Ошол түнү (Мираж түнү) Абдуррахман бир Авфты көрдүм. Бейишке жөрмөлөп араң кирип баратыптыр.*

*– Эмне үчүн мынчалык оор келатасың? – деп сурадым.*

*Ал:*

*– О, Алланын Элчиси! Мал-мүлкүмдүн эсеп-кысабы жаш баланы да картайта турганчалык оор болду, көп кыйынчылыктарды баштан өткөрдүм. Сизди көрбөй калам го деп ойлодум эле…»* *(Мухаммед Парса, Паслу-Хытаб, 403. б)*

Абдуррахман бир Авф (Алла ага ыраазы болсун) бул сөздү Мираж окуясынан кийин укту. Оюна ар нерселер кетти. Аныгын билүү үчүн Азирети Аишага (Алла ага ыраазы болсун) барып, хадистин аныгын сурады. Азирети Аиша бул хадисти Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Мираждан келгенден кийин айтканын маалымдады. Жүрөгү жарылгыдай сүйүнгөн Абдуррахман Дамасктан эми эле келген кербендеги болгон мүлкүн Алланын жолуна кайрымдуулукка таратып жиберди.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* чындыгын-

да ошол кечте санак жеткис көп аяндарга, кызыктуу окуяларга күбө болгон.

Бир куттуу хадисинде минтип айтылат:

*«(Ошол түнү) асманга чыгарылдым. Ушунчалык бир бийиктикке чыктым, ал жерден калемдердин кычыраганын угуп жаттым»* *(Бухари, Салат, 1).*

Пайгамбарлардын Султаны *(саллаллаху алейхи васаллам)* адамзаттын акылы жеткис ошончолук бийиктикке чыккандыктан, ааламдын тагдырын жазып жаткан калемдердин кычыраган үндөрүн угуп, аң-сезим көтөрө алгыс акыйкаттарга күбө болуп келген.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Миражга чыкканда өтмүштү, келечекти жана эң жогорку руханий абалды бир эле мезгилде баштан кечиргенин жогоруда айтылып кеткен хадистерден боолгоого болот.

## Мираждан нуска

1. Асман саякатына чыгардан мурда «шаккы садыр» окуясы болгон. Тактап айтканда, периштелер анын көкүрөгүн жарып, жүрөгүн тазалашкан. Демек, рухий (маанавий) өңүттөн «камил инсан» болуу жана Алла Таалага дагы да жакын болу үчүн жүрөктү тазартуу зарыл. Алла Тааладан жана Анын нурунан башка бүт нерсени жүрөктөн тазалоо жана аруулоо кажет. Жүрөк түркөйлүктөн, жаман сапаттардан тазаланганда гана руханий сезимдер көктөп-өнө баштайт.

2. Пайгамбарыбыздын адаттан тыш, ажайып таң калыштуу саякатын чагылдырган Исра окуясы Алла Тааланын чексиз кудуретүү жана эбегейсиз улуу экендигин айгинелеген.

3. Капсаландуу жана машакаттуу Таиф сапарынан кийинки Мираж саякаты ырайымдуу жана нагыз даанышман Алла Тааланын Пайгамбарына тартуулаган өзгөчө сыйы болгон. Демек, бул окуя кыйынчылыктардан кийин келе турган жеңилдиктин жана жайчылыктын сүйүнүчтүү кабарчысы.

4. Курандагы парздар жана амал-ибадаттар Жабраил периштенин ортомчулугу менен маалымдалган. Ал эми беш маал намазды Миражда Кудай Таала түздөн-түз Өзү буюрган. Бул эмнени билдирет? Ибадаттардын ичинен намаздын маанилүүлүгүнө жана олуттуу сыры бар экендигине ишаарат кылат.

Намаз – дин Исламдын тиреги. Намаздан алган ырахатты, намаздан тапкан пайданы башка ибадаттан табуу да, татуу да мүмкүн эмес. Акыреттеги нематтардын ичинен Алла Тааланын жамалын көрүү канчалык бийик болсо, Исламда ибадаттардын ичинен намаздын даражасы ошончолук бийик. Анткени, намаз момун мусулмандардын күнүмдүк миражы. Хушу (чын ыклас менен берилип, Алла Тааладан коркуп, илгери үмүттөр менен) сезим менен намаз окуган мезгилдер Аллага өтө жакын турган кезибиз болуп саналат. Намаз – момун мусулманды бул дүйнөдө эле Жараткан Алла менен кездештирген жана сүйлөштүргөн ибадат. Алланын Элчиси мына ошол себептен: *«Намаз көзүмүн нуру»*[247] – деп какшап келип, өмүрүнүн акыркы мөөнөттөрүндө «намазга аяр мамиле кылууну»[248] үммөтүнө осуят кылган.

5. Миражда асмандын бардык каалгаларынын ачылышы – анын бүт ааламдардын ардактуу Пайгамбары экендигин билдирип турат.

6. Кемелине келген инсандык жетилүүнүн акыркы чекити

247. Насаи, Ишратун-Ниса, 1.
248. Абу Давуд, Адаб, 123-124.

Мираж саякаты аркылуу көрсөтүлгөн. Башкача айтканда, рухий өсүү менен эң бийик дегенде кайсы жерге чейин бара аларын адамзатка көрсөткөн.

7. Пайгамбарыбыздын Каабадан Акса мечитине алынып барылышы – бул эки диний борбордун ортосундагы тыгыз байланышты таамай чагылдырып турат. Анткени, бул куттуу жайлардан тээ көөнө тарыхтардан бери көп пайгамбарлар чыккан. Бул окуя жана Азирети Мухаммед Мустафанын *(саллаллаху алейхи васаллам)* Акса мечитинде жаамы пайгамбарларга имам болуусу Исламдын Адам Атадан тарта жер бетине жиберилген бардык илахий диндерди камтыган Кудай Тааланын даргөйүндөгү жападан жалгыз дин экендигин эске салат.

## Мираж жаңырыгы

Мухаммед Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)* Исра жана Мираж окуяларын эл кандай кабыл алат экен деген ойдо:

– Жабраил, коомум мага ишенбейт, – деди.

Жабраил:

– Сага Абу Бакир ишенет. Анткени, ал чынчыл пенде, – деди. *(Ибн Саьад, I, 215)*

Мираж окуясын угар замат Меккедеги мушриктер анын айткандарын төгүнгө чыгарып салышты. Алар адаттагыдай маалыматтык кысым көрсөтүп, жалган жалааларды жарыялап, калктын башын айландырганга аракет жасашты. Эл арасында дуу-дуу кепти терс максатка пайдаланууну көздөп, момун мусулмандарды ыймандан тайдыргылары келди. Абу Бакирдин (Алла ага ыраазы болсун) тамырын тартып көрүштү. Ал Алланын Элчисине болгон козголгус ыйманы менен:

– Ырас, ал эмне айтса баары туптуура! Ал жалган айтпайт эмес жана жалганга себеп да жок. Мен ал апкелген бүт нерсеге алдын ала ишенемин, – деп кутумдардын шаабайын суутту.

Мушриктер:

– Анын бир түндө Аксага барып келгенине ишенесиңби?

Азирети Абу Бакир:

– Ооба ишенем. Бул жерде таң кала турган эч нерсе жок. Мухаммед Мустафа күн-түн дебей Алла Тааладан вахий алганын айтат, мен ага чын дилден ишенем! – деди.

Азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) бир саамдан соң Каабада жүргөн Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* барып жолукту. Болуп өткөндү анын өз оозунан уккан соң:

– Айтканыңда калет жок Пайгамбарым!.. – деп, бекем ишеничин билдирди.

Ушунчалык улуу кабарды баары жалганга чыгарып жатканда, кубаттап айтылган сөзгө элжиреген Пайгамбарыбыз:

– Абу Бакир сен Сыддыксың! – деди. *(Ибн Хишам, II, 5).*

Мына ошондон тарта Абу Бакирге «Сыддык» деген лакап жалганып айтыла баштаган.

Абу Бакирден кийин бардык сахабалар Азирети Пайгамбарыбыздын Мiражга барып келгенине ишенишээрин билдиришти.

Момун мусулмандарды азгыра албаган соң, мушриктер Алланын Элчисине жолугуп, өз ойлорунда сынап көрөлү дегенге токтолушту. Ыйык үй (Акса мечити) тууралуу суроолорду бе-

ришти. Алла Таала сүйүктүү кулунун көз алдына Акса мечитин тасмадай тартып койду. Бүт суроолорго ашыгы менен жооп берди. Күн чыгарда ошол жактан келаткан кербен Меккеге кирип келерин да айтты.

Бутпарастар чындап эле айран калышты. Ичтеринен тынып, эриндерин бек кымтып «балким ушу акыркы айтканы туура эмес чыгып калышы мүмкүн» деген ойдо, түнү бою уктабай, таңга жуук келер кербенди утурлап тосуп чыгышты. Жалган үмүт аларды бул ирет да жаздым кылып кетти. Жүрөгү кулпулуу болсо айла жок экен:

– Бул деген накта сыйкырчылык! – дешти. Бул жолу да эле уят болушту *(Ибн Хишам, II, 10)*.

أَفَعَيِينَا بِالْخَلْقِ الْأَوَّلِ بَلْ هُمْ فِي لَبْسٍ مِّنْ خَلْقٍ جَدِيدٍ

**«Алгачкы жаратууда биз алсыздык кылган белек? Жок, алар жаңы жаратуу тууралуу шек санап жатышат»** *(Каф сүрөсү, 15-аят).*

Бүт нерсени жоктон бар кылып жараткан чекиз кудуреттүү Алла Таала үчүн сүйүктүү кулун Миражына мейман кылуу өтө жеңил иш. Муну кабыл кылбай, жер тепкилөө түркөйлүктүн жана каапырлыктын белгиси.

Жеңилген күрөшкө тойбойт болуп, мушриктер көнүмүш кордугун уланта берди. Алланын Элчисин шылдыңдашты, мыскылдашты, кутумдук кылып көзүн тазалоо үчүн ыңгайлуу учурду күтүп жүрө беришти. Сыягы каапыр коомчулуктан улуу нематты алуу, Алланын Элчисин алардын арасынан башка жакка которуу убагы келип калды. Алар колдо бар алтындын баркын билишпеди. Аны кастарлап алуунун ордуна, кордоп, басмырлап,

каршылык көрсөткөнүн токтотподу. Пайгамбарга жамандык кылган жандардын биринин да жакшылык таппаганын элес алышпады, өткөн тарыхка кайдыгер кол шилтешти. Жеке кызганычтан улам, чектен ашып, Кудай Тааланын каарына калышты.

Ааламдарга ырайымдуулуктун жана мээримдүүлүктүн жүзү кылып жөнөтүлгөн Алланын сүйүктүү Элчисин *(саллаллаху алейхи васаллам)* баркына жете ала турган, кадыр билги элге көчүрүүдөн башка эч бир жол калбагандай абал жаралды.

Таиф сапарынан көп өтпөй Алла Таала Куранга жана Элчиге ыкрар (ишенип, моюн сунгандыгын билдирип кол берүү) кыла турган таалайлуу журттан алгачкы жамаатты сүйүктүү Пайгамбарына жолдогон эле.

# ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ОН ЭКИНЧИ ЖАНА ОН ҮЧҮНЧҮ ЖЫЛДАРЫ

## Биринчи Акаба биаты

Мурунку жылы Акабада Ислам динин кабыл кылган мединалык алты киши, кийинки жылы он эки киши болуп келишти. Жолугушуу Акабада өттү.

Жаңы келгендер Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзүнөн тавхид тууралуу насаат угушту. Аябай берилип, жан дилден кулак төшөштү. Ислам дининин улуулугун, акылэске төп келген ишеним жоболорун, адеп-ахлактык изгилигин Пайгамбарчалык жеткире айта алышкан эмес экен жолдоштору. Алар ыйман тууралуу насааттарды болгондо да эң биринчи булактан угуп жаткандыктан, көөдөндөрү өрөпкүп, көздөрүнөн мончоктоп жаш кетти. Туруштук beralбай эргип-эргип ыйман келтиришти.

Бул ирет мурунку жолугушуудан айырмаланып, Мухаммед Мустафага *(саллаллаху алейхи васаллам)* ыкрар кылынып, кол берилди. Берилген убададан кайтпоого сөз беришти. Муну «биат» деп аташты. Бул биат жана анын кийинки натыйжаларынан улам Акабадагы экинчи жолугушуу «Биринчи Акаба биаты» деген аталыш менен тарыхта бадырайып жазылып калган.

Бул жолугушууда мединалыктар төмөнкү убадаларды аткарууга бекем сөз беришкен:

1. Алла Таалага эч убакта шерик кошпоо.

2. Уурулук кылбоо.

3. Зынакорлукка жакындабоо.

4. Кыздарын тирүүлөй көмүү үйүтүн таштоо.

5. Эч кимге жалаа жаппоо.

6. Аллага жана Пайгамбарына моюн сунуу *(Бухари, Манакибул-Ансар, 43).*

Мединалыктардын Азирети Пайгамбарыбызга биат кылып, берген убадалары Ислам тарыхында өзгөчө жаңы бурулуш болгон. Алардын убадасы негизинен Хижаз жана бүтүндөй Арабстанда кеңири таралган ширкчиликти жоюуга, заалимдикти токтотууга, адилетсиздикке бөгөт болууга жана зыяндуу салттардан баш тартууга багытталган.

## Мусаб бин Умайрдын мугалим болуп дайындалышы жана Куран менен Мединага кирүү

### Пайгамбарлыктын 12 жылы

Күндөрдүн биринде Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* Медина мусумандарынан бир кат келди. Анда Куранды, Ислам динин жана намаз окуганды үйрөтө турган мугалимге муктаж экендиги, мугалим жөнөтүшсө жакшы иш болору жазылган эле. Алланын Элчиси алардын талабын аткарууга чечим кабыл алып, элге Куран үйрөтүү үчүн токтоосуз түрдө Мусабды

жана алгач ыйман келтиргендерден Абдуллах бин Умми Мактумду[249] Мединага жөнөттү[250].

Мусаб жаштайынан кыйынчылыкты баштан көп кечирген. Атадан калган мурасты тартып алышып жемсөө кылышканда, байлыкка кол шилтеп салган. Жадагалса, үй-бүлөсүн, өзүн миң түркүн жолдор менен кыйнашса да, дининен кайткан эмес. Ал көрүнөөдө кембагалга айланганы менен ыймандан, Алла Тааланы жана Элчисин сүйүүдөн эргип ырахат алган, жан дүйнөсү бай сахаба эле. Алланын Элчиси менен замандаш болуп калганына ыраазы болуп, ошого каниет кылар эле. Исламды жайылтуу, даават дегенде озунуп алдыга чыккан чыгаан сахаба болгон[251].

Мусаб Мединага барган соң чын ыкластан даават кылып, күн-түн дебей үгүт жүргүзө баштады. Эң башта Алла Тааланын каалоосу жана анан Мусабдын кужүрмөн кайраты менен дин бир кыйла жайыла баштады. Асад бин Зурара аттуу таалайлуу инсан алгачкылардан болуп Исламды кабыл алды. Ал ыймандын чалкыган толкуну менен шамалдай желип, Мусабга жардам берип жүрдү.

Күндөрдүн биринде Асад бин Зарура менен Мусаб Зафар-

249. Бухари, Манакыбул-Ансар, 46.

250. Ибн Саьад, I, 220.

251. Азирети Али риваят кылган: «Биз Азирети Пайгамбар (саллаллаху алейхи васаллам) менен чогуу мечитте элек. Бир маалда Мусаб кирип келди. Үстүндө тери кыркындыларынан жамакталган чапандан башка эч нерсеси жок эле. Алланын Элчиси аны көрөрү менен Меккедеги бардар абалына салыштырып алып көпкө ыйлады. Анан минтип айтты: -Кимде киминер эрте менен башка, түштөн кийин башка түрлөнүп, жакшы кийинип жасансанар, алдынардан бир табакты алып салып экинчисин койор болсонор, үйүнөрдү Кааба сымал коолдоп, шөкөттөй турган болсонор, анда абалынар чатак!

– О, Алланын Элчиси, тескерисинче, ошондой мезгил келсе абалыбыз бүгүнкүдөн да жакшы болбойбу?! Андай кез келсе турмуш тиричилик оңолот, бүткүл убактыбызды ибадатка арнамакпыз, - дешти бир оаздон.

Алланын Элчиси: –Тескерисинче, мурункуга салыштырмалуу бүгүнкү абалынар дагы да жакшы, - деди. (Тирмизи, Кыямат. 35/2476)

дын балдарынын бакчасындагы кудуктун башына олтура кетишти. Абдулашхалдан тарагандардын билерманы Саад бин Муаз, алардын кудукка келгенин угар замат кыжыры кайнап байолугу ченде жок Усайд бин Худайрды көкүтүп кирди:

– Сен кайсыл гана иш болбосун, майын чыгара билген мээнеткечсиң. Эч кимге муктаж эмессиң. Байкуш кошуналарыбыздын ишенимин бузуу үчүн биз тарапка бирөө келиптир. Тигине кудуктун жанында отурат. Өзүң барып сазайын колуна берип, кайрылып келбегидей эскертүү берип койбосоң болбойт! Тигинин жанында Асад тууганым болбогондо өзүм эле бүтүрмөкмүн баарын.

Анын бир ооз кебине оолуккан Усайд найзасын мыжыга кармап, кыжырдана жөнөп кетти. Ээлигип барып опузалап кирди:

– Силер бул жакка эмне үчүн келдиңер? Мынабу жат кишини эмне ээрчитип жүрөсүң же элдин ишенимин талкалоо үчүн алып келдиңби? Экинчи ээрчишип жүргөнүңөрдү көрбөйүн! Эгер жан керек болсо көзүмө көрүнбө, жогол бул жерден!

Опуза кылганына маашырланган кишинин мүнөзүн сөзүнөн байкай койгон кыраакы Мусаб аны жоошутууга аракет кылды:

– Эгер убактың болсо, бир аз кулак сал тууган. Сен өз элиңдин камын ойлогонуна караганда акылдуу, барктуу адам окшойсуң? Менин айткандарым жаккан болсо кабыл кыларсың, жакпаган болсо өзүң бил, көшөрүп артыңдан ээрчимей жок.

Эми эле кирген буурадай буркулдап жаткан Усайд туура айтасың дегендей найзасын таштап жерге көчүк басты. Мусаб Ислам тууралуу маалымат берип, Куран окуп, маанисин чечмелеп берди.

Куран окулуп бүткөн соң сөзгө баштай электе Алланын амири менен Усайддын жүрөгү элжиреп, жүзү жумшара түштү.

– Сенин окуганың чыныгы керемет сөз го… [252] – деп, чындап таң калганын жашыра албай:

– Бул динге кирүү үчүн эмне кылуу керек?

Кардай ээрип, камырдай жумшарып калган Усайд Азирет Мусаб менен Асад көрсөткөндөй жуунуп, кийимдерин тазалаган соң, келме келтирип мусулман болду. Жанындагыларды көрсөтмөсү менен эки ирекет намаз окуган соң:

– Тигил жакта ажайып бир адам калды эле. Эгер ошол силерге моюн суна турган болсо, эч ким ага каршы чыга албайт. Ал сен билген Саад бин Муаз! Аны азыр силерге жөнөтөмүн, – деп, себепкерлерге жылуу жылмайган бойдон шашыла жөнөп кетти.

Көп өтпөй ачуусу шекердей кайнап Саад келди. Жутуп ийчүдөй болуп атырылат. Алла Тааланын кудурети каалап турса, пендең кайда качып кутулмак эле. Бир топ опулдап, анан барып сөзгө жыгылып, мусулмандардын жан дүйнөгө жагымдуу, жылуу

252. Усайд Курандын изги касиетин баамдап, өмүрү өткөнчө Алланын сөзүнө ак дилден берилип, окуп өткөн. Муну өзү минтип эскерген: «Түн бир оокум болчу. Куран окуп жаткан элем. Атым жакын жерде аркандалуу турган. Тынч турган ат капыстан кошкуруп, ары-бери айланчыктап үркө баштады. Эмне болуп кеткенин түшүнө албай тык токтодум. Ат бир аз тынчыгансып калды. Кайра Куран окуп кирдим. Атым кайра тыбырчылап, кошкура баштады, бир жырткычтын жакындап калганын сезгенсип. Уулум ат менен менин аралыгымда уктап жаткан эле. Балээ басып тебелеп кетпесин деген ойдо Яхияны жаныма тарттым. Эмне ой кеткенин деле билбейм, асманды карасам, башыма жакын эле жерде шам чырак сымал бир нерселер айланчыктап турушкан экен. Алар менден тартынгансып, караңгыда асманга карай көтөрүлүп барып көздөн кайым болушту. Эртеси Алланын Элчисине болуп өткөн окуяны төкпөй чачпай айтып бердим. Ал:– Оку, Усайд, оку! – деп, башын ийкеп, анан мага суроо салды: – Ошол сен көргөн нерселердин эмне экенин билесиңби?

– Билбейм, – дедим башымды чайкап.

– Алар Куран угуу үчүн түшкөн периштелер эле. Эгер токтопой окуй бергениңде сенин Кураныңды таң атканга чейин угушмак. Аларды адамдар да көрүшмөк, жашынмак эмес, – деп кейигендей түр билдирди. (Бухари, Фадаилул

Куран, 15).

кебин, чакырыгын угуп, акылга салып калчап көрүп, жүрөгү жибип, акыры мусулман болду.

Эми аны эч нерсе токтото алчудай эмес. Жанындагы мусулмандарды ээрчитип коомчулук топтолгон жерге барды.

– Эй, Абдулашхалдан тарагандар! Айткылачы мен киминер болом? – деп, айбаттуу сүр менен сөз баштады. Алар коркконунанбы же кошомат кылганынанбы айтор:

– Сен сөзүң эки болбогон эл башчысы, журт ээсисиң! – дешти.

– Андай болсо, Алла Таалага жана Анын Элчисине ыйман келтиргенге чейин эркек-аялың менен сүйлөшүү мага арам болсун! Сөзүмдүн маанисин түшүндүңөр көрүнөт?!

Кудайым Өзү каалап турса, каапырың жибип мусулман болор, динин чанып, ыйманын танып мусулманың жолдон чыгар. Ошол күнү ошол уруунун баары келмесин айтып мусулман болушту *(Ибн Хишам, II, 43-46; Ибн Саьад, III, 604-605; Ибн Асийр, Усдул Гааба, I, 112-113).*

Азирети Мусаб (Алла ага ыраазы болсун) Салимден тарагандардын билермандарынан Амр бин Жамухту Исламга чакырды. Жусуп сүрөсүнүнү алгачкы аятын окуп, чечмелеп берди. Амр ойлонуу үчүн мөөнөт сурады, бирок, чечкиндүү кадамга баралбай башы катты. Ошол күндөрдө Амрдан көп убакыт мурда мусулман болгон уулу Муаз каш карайганда уруулаш теңтуштары менен атасы сыйынып жүргөн бутту жашыруун алып чыгып, жакадагы таштанды чуңкуруна ыргытып жиберди. Күн чыгары менен сыйынуучу бөлмөгө кирген Амр кудайын таппай калды. Бүт жакты тинтип, акырында таштанды чуңкурунан таап чыкты. Анысын тазалап жууп, атырдан сээп ордуна койду. Ачуусун кимден чыгарарын билбей, өзүнчө азап чекти.

Ушул эле көрүнүш бир канча ирет катары менен кайталанды. Аргасы түгөнгөн Амр өзүн коргоп алар деген ниетте буттун мойнуна кылычын илип койду. Тилеке каршы, оюу онунан чыкпады. Эртеси күнү деле бутту таштанды чункурунан тапты. Таштандыда жаткан кудайын карап, көпкө ойлонду. Жадагалса, өзүн коргой албаган ушул жансыз нерсени кудай деп сыйынып жүргөнү үчүн өзүн күнөөлөдү, арданды. Амр ошентип, бутпарасчылыктын караңгы жолунда көпкө темселеп жүрүп, акыры Исламдын нурдуу ааламына кадам таштады. Эс тарткандан бери адаштырган бул караңгылык ааламынан суурул чыккандыгы үчүн Алла Таалага ыраазылыгын билдирди, пенде болуп жаратылуунун маани-максатын түшүнгөндөн тартып, өз коомун Исламга чакыра баштады[253].

Келген-кеткен кербендерден, жолоочулардан, атайын чабармандардан Мединанын жагымдуу кабарлары Меккеге келип турду. Ислам дининин Мединага тез тарап жатышы, мусулмандардын санынын артышы Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* жана Меккедеги мусулмандарга кубаныч тартуулады. Ошол жылды «Кубаныч жылы» деп аташты. Келечекте Исламдын бешиги Медина болоору билине баштады.

*«Өлкөлөр кылыч менен каратылса, Медина Куран менен каратылган», – деген хадисти* Азирети Пайгамбарыбыз ошол себептен айткан. *(Баззар, Муснад, №1180; Рудани № 3774).*

## Экинчи Акаба биаты

Пайгамбарлыктын 13-жылы

Ажылык мезгили. Мединалыктар бу саам жетимиш беш эр-

253. Ибн Хишам, II. 61-63; Захаби, Сийро, I, 182.

кек, эки аял болуп, жалпы жетимиш жети киши келишти. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен жолугушуу болду. Дин насаатынан, ишеним жаатынан арбын кеп жүрдү. Келгендердин баары Алланын Элчисине кол беришип, убадаларын бекемдешти. Бул жолугушуу «Экинчи Акаба биаты» деп аталды.

Топту баштап келген  Мусаб (Алла ага ыраазы болсун) өз үйүнө баруудан мурда Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* барды. Сагынычтуу жолугушуудан кийин Ислам динин мединалыктардын жылуу кабылдап жатканын айтып Пайгамбарынын көңүлүн көтөрдү. Көпкө кобурашып олтурган соң, уруксат алып үйүнө кетти.

Мусабдын энеси мушрик эле. Уулунун үйгө келбей Пайгамбарга барганына ачууланып, кейип-кейип алды. Мусаб бир чети энесинин көңүлүн ооруткусу келбеди, ошентсе да, чындыкты айтты:

– Алланын Элчиси турганда башкалардын алдына бара албаймын. Кантип мен Алланын бизге жөнөткөн Элчисин аттап кетейин! *(Ибн Саьад, III, 119)*.

Сахабалардын Азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* болгон сыйы, сүйүүсү мына ушундай деңгээлде  болгон.

Жабир (Алла ага ыраазы болсун) минтип эскерген:

«Азирети Пайгамбарыбыз өзүн жана мусулмандарды мушриктердин айосуз кыйноолорунан коргоп калар дымактуу урууну издеген. Тилеке каршы, баары анын сунушун четке кагышып, айрымдары шылдыңдашкан. Мына ошондой күндөрдө Алла Таала бизди Ясрибден (Медина) ага багыттады. Барган соң биз

ыйман келтирдик, коргоп алууга сөз бердик. Ал бизге Куран окуп, насаат айтчу. Өз үйүбүзгө кайткан соң бизди көргөн үй-бүлөбүз да мусулман болор эле. Мединалык мусулмандардын үйүндө Ислам тууралуу сөздөр жаңырып, көздөрдөн ыймандын жашы ага баштаган. Өзүбүзчө чогуу олтуруп кеңештик.

«Алланын Элчиси дагы канчага чейин Меккенин тоолорунда азап чегет, качанга чейин аны ошол абалда калтырабыз?!» – деп кайгырдык. Ажылык мезгилинде ага кол берүү үчүн бардык». *(Ахмад, III, 322; Хаким, II, 681-682).*

Бул таалайлуу адамдар Акабада жолугууну болжошуп, ташрик күндөрүндө Азирети Пайгамбарыбыз менен убадалашты. Аларга Алланын Элчиси:

– *Уктап калгандарды ойготпогула, жолугушууга убагында келе албагандарды күтпөгүлө!* – деп эскертти.

Түн бир оокум. Таңга жакындап калган болсо керек. Мединалыктар болжошкон жерге эрте келишкен. Көп күттүрбөй Алланын Элчиси да Аббас абасы менен келип калды. Аббас али мусулман боло элек болсо да Абу Талибден кийин бир тууганынын уулун өз карамагына алган боорукер жан эле. Баарлашууда мединалыктар Алланын Элчисин өз шаарына чакырышты. Колдоо көрсөтүшөрүн, өз карамагына алышарын айтышты. Аббас сөз алып:

– Мединалык туугандар! Биз муну душмандардан коргоп келдик. Мындан ары да коргой бермекчибиз. Калк арасында кадыр-баркы өтө жогору. Силер Мухаммеддин тынчтыгын, амандыгын көздөп Мединага чакырып жатасыңар. Мухаммед силер менен тилектеш. Аны душмандардан коргой ала турган болсоңор гана уруксат беребиз. Өзүбүздүн бир тууганыбызды коргогондой коргоп алабыз деп мага сөз беришиңер керек. Ошондо

гана көңүлүм жай алар. Силер менен бир шаарда чогуу жашап жүргөн тиги жөөттөр мунун душманы экенин акылыңардан чыгарбашыңар керек. Алар кутумдук кылып койбу деп коркомун. Бир кокустук болуп кетсе, араб уруулары менен бириге калып, аларга каршы туруштук бере ала тургандай согуштук күчүңөр болсо, Мухаммедди  жиберүүгө макулмун. Ушу менин айткандарымды талдап көрүп, өз ара дагы бир ирет кеңешип көргүлө! Анан өз жериңерге алып кеткенден кийин алардан коркуп, жардамыңарды токтотуп, кутумдардын колуна салып бере турган болсоңор, мындайча айтканда, өзүңөргө ишене албасаңар, бул пикириңерден азыр эле кайткыла.  Сүйлөй тургандар болсо тартынбай айткыла оюңарды, бирок көпкө созбогула. Анткени, ушу тапта душмандардын тыңчылары жойпуп жүрөт. Бул маселени мындан ары жашыруун кармашыңарды өтүнөр элем!

Аббастын көңүл өйүгөн санаасын тынчытуу үчүн Асад бин Зухра (Алла ага ыраазы болсун) ордунан туруп сыпаалык менен сөз алды:

– О, Алланын Элчиси! Сен бизди тээ ата-бабалардан бери тутулуп келаткан динден баш тартууга, өзүңдүн дининди кабыл кылууга чакырдың. Албетте, бул нерселердин баары мындай карагандай өтө татаал иш эле. Ошого карабай сунушуңду четке какпадык, кабыл кылдык. Мындайча айтканда, жакын болсун, алыс болсун, барча мушрик тууган-урук, коңшу-колоңдор менен алаканы кесүүгө үндөдүң! Абдан катаал болгонуна карабай бул сунушуна да макул болдук. Калдайган калың журт эле эмес, өз агалары да көзүн тазалагысы келип жүргөн адамды өз карамагыбызга, коргообузга алып жатканыбызды аңдап турабыз. Онбогондой оор болсо да, тобокелге салып, бул сунушуңду да кабыл кылабыз. О, Алланын Элчиси! Өз перзенттерибизди, бүлөбүздү кандай коргой турган болсок, сени да ошондой коргойбуз.

Биз ушул келишимди буза турган болсок, Алла Таалага берген антты бузган эки жүздүүлөрдөн бололу! О, Алланын Элчиси! Биздин мына ушул убадаларыбызды коргоонун ишенимдүү анты катары кабыл кыл! Андан ары Алла Тааланын гана жардамына баш калкалайбыз!

Азирети Асаддан кийин Абдулла бин Раваха (Алла ага ыраазы болсун) ордунан туруп мындай деди:

– Оо кутман Пайгамбар! Раббиң үчүн да, Өзүң үчүн да каалаган шартыңды коюсоң болот.

Баарын угуп, бир тыянакка келген соң Алланын сүйүктүү Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай шарт койду:

*– Аллага ибадат кыласыңар жана эч качан Ага шерик кошпойсуңар, бул, Раббим үчүн койгон шартым. Өзүм үчүн койо турган шартым – мал-жаныңарды кандай коргоп келсеңер, мени да ошондой коргойсуңар.*

– Ушул шарттарды аткара турган болсок, эмне акыбет табабыз?

*– Бейишти табасыңар,* – деп айтар замат, мединалыктар:

– Кандай гана пайдалуу соодалашуу болду! Мындан кайтпайбыз жана кайтууга жол бербейбиз! – деп, кубануу менен антташууну кызуу колдошту *(Ибн Касийр, Тафсир, II, 406).*

Абдулла бин Раваха Мута согушунда жогоруда сөз кылынган соодалашуунун пайдасын көргөн. Ал Алланын Элчисинен өзүнүн шейит кетери тууралуу маалыматты алат. Ошол согушта курман болорун билип туруп, каармандарча эрдик көрсөтүп, алдына келген душмандарды жерге жапырып, далайын кан кустуруп, далайынын жүрөгүнүн үшүн алып, Алланын ыраазылыгы үчүн мал-мүлкүн казынага, жанын Жараткан Аллага тапшырып,

бейиштин төрүнө карай сызган. Акабадагы келишимге катышкан башка сахабалар да ар кайсы аймактарда Алланын жолунда ак кызмат өтөп, дин Исламды коргоо үчүн күрөшүп жүрүп, берген убадаларын так аткарышып, руханий соодалашуудан береке табышкан.

Мединалык мусулмандардын бул биатына ишаратталып төмөнкү аят түшүрүлгөн:

إِنَّ اللهَ اشْتَرَى مِنَ الْمُؤْمِنِينَ أَنفُسَهُمْ وَأَمْوَالَهُم بِأَنَّ لَهُمُ الجَنَّةَ يُقَاتِلُونَ فِي سَبِيلِ اللهِ فَيَقْتُلُونَ وَيُقْتَلُونَ وَعْداً عَلَيْهِ حَقّاً فِي التَّوْرَاةِ وَالإِنْجِيلِ وَالْقُرْآنِ وَمَنْ أَوْفَى بِعَهْدِهِ مِنَ اللهِ فَاسْتَبْشِرُواْ بِبَيْعِكُمُ الَّذِي بَايَعْتُم بِهِ وَذَلِكَ هُوَ الْفَوْزُ الْعَظِيمُ

**«Албетте, Алла момундардын жандарын жана малдарын алардан бейиш менен айырбаштап алды. Алар Алла жолунда согушуп,** (каапырларды) **өлтүрүшөт жана** (өздөрү да Алла үчүн шейит болуп) **өлтүрүлүшөт. Алла Таала Тооратта, Инжилде жана Куранда Өзүнүн чыныгы убадасын берген. Алладан да убадасын артык аткаруучу ким бар? Демек** (момундар) **кылган соодаңарга кубангыла. Мына ушул-чыныгы улуу бакыт!»** *(Тооба сүрөсү, 111-аят).*

Дагы бир топ адам сөз алып сүйлөгөндөн кийин акыркы сөз кайрадан Алланын Элчисине берилди. Ал жыйынга кайрылып, дин насаатын айтты. Куран окуп, чечмелеп түшүндүрдү. Андан соң кандай шарттарга биат кылышарын ачык айтты. Мурунку коюлган шарттарга төмөнкүлөр жалганды:

1. Башчы болуп дайындалган момун мусулманга каршы чыкпоо.

2. Мушриктердин жана каапырлардын «Алланын жолуна түшүп алыптыр» деген кинээсинен коркпоо.

3. Кубанычта болсун, кайгыда болсун, молчулукта болсун, токчулукта болсун Алланын Элчисине моюн сунуу, аны өз жандарынан да бийик коюу.

– *Аранардан мага өз урууларынын атынан сүйлөй турган, өкүлчүлүк кыла турган он эки өкүл чыгаргыла,* – деди Алланын Элчиси.

Мединалыктар хазраж уруусунан тогуз, авс уруусунан үч кишини көрсөтүштү.

Тандалган өкүлдөргө кайрылып:

– *Мариямдын уулу Иса үчүн хаварилер кепил болгон сынары, силер да коомунардын кепилисинер. А мен болсо мусулман коомчулуктун кепилимин!* – деди.

Өкүлдөр бир ооздон макулдук беришкен соң, Аббас Азирети Пайгамбарыбыздын билегинен кармап, мединалык мусулмандарга бирден кол алыштырып убадаларын бекемдеди.

Алар бул жыйында Алланын Элчисин дагы бир ирет өздөрүнүн шаарына чакырышты. Жыйында Мединага көчүү чечими кабыл алынды. Анткени Медина шаары өзүнүн тынчтыгы, элинин меймандостугу менен мусулмандарга кучак жаюуга даяр эле. Ошондой эле, Меккеге караганда ал жакта мусулмандардын саны күн санап өсүп жаткан. Бул биат Акабадагы бир дарактын түбүндө болду.

Жыйын түнчүндө болгондуктан, меккелик мушриктердин кабары болгон жок. Биат толук бүтүп калган кезде каргышка калган шайтан Акабанын үстү менен баратып:

– Эй, Мина калкы! Эй, курайш жамааты! Бул түнү жоон топ адамдар Мухаммед менен чогуу болуп, диндерин өзгөртүшү. Алардын силер менен согушуу үчүн кеп-кеңеш курушканынан кабарыңар жокпу?! – деп, ач айкырык салып өттү.

Алланын Элчиси:

*– Коркпогула, бул Алла Тааланын душманы Иблистин үнү. Эй, Алланын душманы, угуп алгы, сени да чөгөлөтөмүн!* – деди.

*– Эми конор жайыңыздарга дароо тарап кетиңиздер,* – деп, жыйынга келгендерге уруксат берди.

Аббас бин Удаба шайтандын сөзүнө кыжырланып кетти көрүнөт:

– Сени ак дин жана китеп менен жөнөткөн Алланын атына касам ичип айтамын, эгер кааласаң, Мина калкын кылычтап салалы! – деген оюн билдирди эле, Алланын Элчиси:

*– Биз андай буйрук алган эмеспиз. Жатар жайыңыздарга кайтыңыздар!* – деп өктөм буйрук берди.

Жыйынга келген мусулмандар орундарына кайтып барып таң атканча тыныгышты. Күн чыккан соң, курайш мушриктеринин айрымдары чогулуп турган мусулмандарга барып, Пайгамбардын кеңеш куруп-курбаганын сураштыра башташты. Албетте, кабары болбогон соң, мусулмандар «билбейбиз!» деп, андай нерсенин болбогонун айтышы. Буларга ишенбеген бутпарастар Акабадагы жашыруун жыйынды изилдөөнү күчөтүштү. Ар кандай жолдор менен сурамжылап отуруп, Биат болуп өткөнүн тактап чыгышты. Мединага кетчү жолдордун баары тосулду, бөтөн жерден келген мусулмандарды табуу үчүн бөлүк-бөлүк болуп тинтип киришти. Акырында Мединага чыгып бараткан Саад бин Удабаны колго түшүрүштү. Кыйнап, жатып мусулман

болгонун билишкен соң колдорун мойнуна байлашты. Ур-токмокко алышып, узун чачынан сүйрөп Меккеге алып келишти. Ага ит көргүс кыйноолорду тарттырышты. Саад бин Удабанын бир кездерде Жубайр бин Мутим[254] менен Харис бин Харбды кордук тартып жаткан жеринен сактап калган жайы бар эле. Алар Сааддын абалын угуп, мушриктердин кандуу колунан куткарып кетишти.

Мединалык мусулмандар куткаруунун амалын ойлонуп, ар кимиси өз пикирин айтып жаткан кезде Саад (Алла ага ыраазы болсун) келип кошулду. *(Ибн Хишам, II, 47-57; Ибн Саьад, I, 221-223; Ахмад, III, 322, 461, 462; Хайсами, VI, 42-44).*

Ибн Аббас (Алла ага ыраазы болсун) мындай деген:

«Алланын Элчиси, Азирети Абу Бакир жана Азирети Умар мухажирлерден болуп саналат. Себеби алар мушриктерден запкы чегип Мединага көчүшкөн эле. Ошол эле маалда ансардын (Меккеден келген мусулмандарга жардам берген Мединалык мусулмандар) ичинен да мухажирлер болгон. Алар ширктин, бутпарастыктын ордосу болгон Мединадан Алланын Элчисине барышып, Акабада жыйын курушкан» *(Насаи, Байат, 13).*

***

Мусулмандардын Акабадагы убадалары, он эки же болбосо жетимиш беш адамдын гана эмес, барча мусулмандардын Кудай Таала менен болгон убадасы, келишими болуп саналат.

254. Жубайр бин Мутим Алланын Элчисинин жакын тууганарынан болгон. Көпкө чейин Исламды кабыл кылбай жүргөн. Жадагалса, Пайгамбарыбызды өлүтүрүүгө чечим чыгарган топтун ичинде болгон. Бадрда мусулмандарга каршы согушка катышкан. Ухуд согушунда Вахши аттуу кулун тукуруп Азирети Хамзаны шейит кылган. Худайбиядагы тынчтык келишиминен кийин (628-жылы) ыйман келтирип, динине бек мусулман болгон. Мүнөзү жумшак, баам-парасаттуу кыраакы сахаба алтымыш хадисти риваят кылып кеткен. Хижраттын 58/678-жылы Мединада көз жумган.

Бул дүйнө – акыреттеги түбөлүктүү жыргалчылыкты сатып ала турган адилет базары. Алланын Элчиси менен келишилген убадага биз дагы жан-дилибиз менен кошулуп, таалайлуу сахабалар сынары «кандай гана пайдалуу соодалашуу!» дегенге милдеттүүбүз.

Азирети Мусаб (Алла ага ыраазы болсун) Исламдын Мединадагы пайдубалын түптөгөн. Биз өз жүрөгүбүзгө Исламдын пайдубалын түптөөгө, динибизди тургузууга милдеттүүбүз. Ар бир мусулман даватчы болушу керек. Үймө-үй кыдырып, ак динди даршан кылып, жүрүм-туруму, адеп-ахлагы, кулк-мүнөзү, таза кийими менен үлгү болушу керек. Даватчы мусулман Алла Тааланы жана Анын Элчисин чын жүрөктөн сүйсө, дүнүйө-байлыкка болгон кызыгууну Мусаб сыяктуу жээрип койот.

## Мекке доорунун бейнеси

Он үч жыл сүргөн Мекке доорунда мушриктердин мусулмандарга көрсөткөн кордуктарын төмөнкүдөй тизмектөөгө болот:

1. Шылдыңдоодон, мыскылдоодон ырахат алуу.

2. Акаарат келтирүү, каршы чыгуу, каяша айтуу, жектөө, сөгүү.

3. Кыйноо.

4. Соода-сатык жана маданий катнаштарды үзүү (тажрид).

5. Мусулмандарды көчүүгө мажбур кылгыдай жан чыдагыс кордук, азап көрсөтүү, баскынчылык саясат.

Алла Таала алардын мындай кейиштүү абалын Куранда баяндаган:

إِنَّ الَّذِينَ أَجْرَمُوا كَانُواْ مِنَ الَّذِينَ آمَنُوا يَضْحَكُونَ وَإِذَا مَرُّواْ بِهِمْ يَتَغَامَزُونَ وَإِذَا انقَلَبُواْ إِلَى أَهْلِهِمُ انقَلَبُواْ فَكِهِينَ وَإِذَا رَأَوْهُمْ قَالُوا إِنَّ هَؤُلَاءِ لَضَالُّونَ

**«Чынында, кылымышкер каапырлар ыйман келтиргендерди** (келеке кылып) **күлүп жүрүштү. Момундар качан алардын алдынан өтүшсө, бири-бирине көз кысышып ымдап-ишаарат кылышар эле. Үйлөрүнө кайтышкан кезде** (момундарды келеке кылып) **ырахаттанып кайтышар эле. Момундарды көрүп калышса: «Мына шек-күмөнсүз жолдон азгандар», – деп айтышчу»** *(Мутаффифин сүрөсү, 29-32-аят).*

Ошол мезгилдерде кандай кадам, кандай жүрүш жасары билдирилип, байма-бай вахий менен күчтөндүрүлүп турган Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* төмөнкүдөй усулдарды колдонгон:

1. Момундардын көңүл ааламын руханият менен байытуу, ыймандарын сактоо, коргоо аракети.

2. Башка түшкөн машакаттарга, кыйынчылыктарга сабыр кылуу.

3. Жан дүйнөгө шык берген жакшы сөз жана насаат айтуу.

4. Дин жолунда алгалоо, тынымсыз күрөшүү.

5. Алла Таалага тобокел кылуу жана талыкпай моюн сунуу.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ушундай жолдор менен алдына чыккан бүтүндөй каргашаларды, кутум пландарды ийгилик менен женип, максатына толук жеткен. Кыйынчылык жана азап-кайгы менен коштолгон узун жүрүштүн натыйжасында, Мединадай мүмкүнчүлүккө бай аймак ыроолонгон. Бул аймактагы көптөгөн жүрөгү сокур көрпенделер, каңгып жүргөн нечен инсандар, мүнөзү серт мыкаачылар ыймандан ырыс табышкан. Ошентип, Медина ыймандуулуктун бешигине айланган. Таифке барганда ыймансыздар аны ташбаранга алып, кууп жиберишкен эле. Ал эми даават кылып бара электе эле, Кудай Тааланын эрк-каалоосу менен Ислам дини Мединада гүлдөп, кыска убакыттын ичинде Пайгамбарыбыз баш болгон бардык момундарды кабыл ала турган абалга келген.

***

Ойчулдардын бири чакырыктагы кажыбас эрк-кайратын талдап олтуруп, Алланын акыркы Элчисинин чалкыган кеменгерлигин, табышкер талантын минтип тактаган:

«Адамзаттын кеменгер таланты максаттын улуулугу, ортомчу каражаттардын кичинелиги жана натыйжанын зоболосу менен өлчөнө турган болсо, тарыхтын улуу залкарларын (Азирети) Мухаммед менен теңештирүүгө ким батына алат?» *(A.de Lamartine, L'histore de la Turguie).*

Алла Таала момун мусулмандарга Меккеден көчүүгө азап-кайгы менен өткөн он үч жылдык катаал мезгилден кийин гана уруксат берген. Он үч жылдык ырайымсыздыктан кийинки ооматтуу доордо мусулмандардын ыкластары күчөп, жүрөктөрү жан жыргаткан руханиятка толгон. Мындайча айтканда, момун мусулмандар ыймандарынын акысын ошол катаал доордо өтөгөн.

Бул доордо Мединада барча адамзатка нуска боло турган Ислам малекетинин жана маданиятынын жерпайы түптөлгөн. Тулку бойго ыйманды сиңирген, алдынан чыккан кыйынчылыктарга жеңилип бербеген, эс-акылы, пикири жана адамгерчилиги туруктуу инсандар өнүп-өскөн. Алар адамзатка жол баштай турган деңгээлде бышып жетилишкен.

### Меккеде түшүрүлгөн аяттардын өзгөчөлүктөрү

Маалым болгондой, алгач түшүрүлгөн аяттар тавхидке чакыруу, өлгөндөн кийин кайра тирилүүгө ыйман келтирүү, момун мусулмандарга бейишти сүйүнчүлөө, каапырларды жана күнөөкөрлөрдү тозок менен коркутуу сыяктуу ишенимдик маселелерди камтыган. Мына ушул негиздерге ынандыруу жолу менен адамдардын ыйманын кубаттандыргандан кийин, карым-катнаш, коомдук социалдык мамилелер тууралуу туруктуу өкүмдөр түшүрүлө баштаган. Алар бузулган ишенимдерге жана көнүмүштөргө бекем байланып жана аны жан-дилден тутунуп жашагандыктан, эски жашоо ыңгайынан дароо баш тартуу мүмкүн эмес эле. Акырындык менен, тепкичтен тепкичке деген ийги усулдун берекеси менен бир нече жылдык макашаттан соң Ислам дини кадимкидей бутуна туруп калган.

Азирети Аиша:

«Эң алгач түшүрүлгөн сүрө муфассал сүрөлөрдүн[255] бири эле. Анда бейиш менен тозок тууралуу айтылган. Адал менен арамга багытталган өкүмдөр Исламга адамдардын маанайы жылыгандан тартып түшүрүлө баштаган. Эгер дароо эле:

255. **Муфассал сүрөлөр** - Куттуу Мусхафтын акыркы бөлүгү. Көпчүлүктүн пикиринде Кафтан баштап Нас сүрөсүнө чейинки 50 сүрө. Кыска болгондугу жана Бисмилла менен башталгандыгы себептүү ушундай аталып калган.

– Ичимдик ичпегиле! – деген буйрук түшүрүлгөндө адамдардан:

– Ичимдикти эч качан таштай албайбыз! – деген жооп келер эле.

– Зина кылбагыла! – деген буйрук берилгенде:

– Муну эч качан таштай албайбыз! – деген жооп келмек.

Мен ал кезде ойноп жүргөн секелек кыз элем. Ошол мезгилдерде Азирети Мухаммедге:

بَلِ السَّاعَةُ مَوْعِدُهُمْ وَالسَّاعَةُ أَدْهَى وَأَمَرُّ

**«Жок, аларга** (түбөлүк азап үчүн) **убада кылынган убакыт** (кыямат) **сааты бар. Ал саат ары айбаттуу, ары ачуу»** *(Камар, 46)* сыяктуу, ыйман жана кыямат тууралуу аяттар жиберилип турган. Мамилелер тууралуу өкүмдөр камтылган Бакара жана Ниса сүрөлөрү мен бой жетип, ага турмушка чыкканымдан кийин түшүрүлө баштаган.

Меккеде түшүрүлгөн сүрөлөрдүн басымдуу бөлүгү кыска жана нуска, ошол эле маалда ширк менен бутпарастыкка кескин каршы мүнөздө болгон. Анткени, меккелик мушриктер абдан сөзмөр, чечен болушкан, алар адабий мелдештерди уюштуруп турушкан. Демек аларга таасир бере турган сөз алардын дараметинен алда канча ашып түшө турган деңгээлде мыкты болушу керек эле.

Алла Таала мушриктердин адабий сөзмөрдүгүн тең көрбөй, акыл-эсти таң калтыруу үчүн сөзгө баштарда алардын көндүм усулуна карама-каршы «Хуруфу-Мукатталарды» колдонгон. Хуруфу-Мукатта менен башталган сүрөлөрдөн Бакара менен Аалу Имрандан башкасы Меккеде түшүрүлгөн.

Мына ушул жана башка өзгөчөлүктөрү менен алгачкы түшүрүлгөн аяттардын адабий таасири абдан күчтүү болгондуктан, угармандарды таң калтырып, көркөмдүгү, куюлушкан ыргагы менен адамдарды арбап алар эле.

Меккеде түшүрүлгөн сүрөлөрдүн дагы бир өзгөчөлүгү жана усулу – айрым мыйзамдан тышкы абалдар эле болбосо, басымдуу бөлүгү «о, адамдар!» деген түз кайрылуу менен башталат.

Меккелик мушриктер бир нерсенин тууралыгын тастыктоо үчүн ай, күн, жылдыз сыяктуу нерселерди оозанып касам ичишер эле. Куранда ошол мушриктердин канаатына, каалоосуна, көнүмүшүнө терс келген көп жагайларды, туура көз караш менен кабылдатуу үчүн,  алар эт-бетинен түшүп этибар берген ай, жылдыз, күн-түн жана башка нерселердин атына кассам кылынган аяттар бар. Курандагы касамдар, анттар ошол эле учурда, Алла Тааланын чексиз кудуретин жана ааламдагы ажайып агымдарды  түшүндүрөт.

Тарыхый икаялардын басымдуу бөлүгү Мекке доорунда түшүрүлгөн. «Өтмүштөн сабак алуу» принциби аталган доордогу аяттарга таандык. Пайгамбарлар, өтмүштөгү элдердин кабары, Адам Ата жана Иблис тууралуу кабар берген сүрөлөрдүн көпчүлүгү Мекке доорунда келген. Булардын ичинен жалгыз Бакара сүрөсү Мединада түшүрүлгөн.

Өтмүштөгү элдер тууралуу баяндардын, кызыктуу икаялардын Куранда маалымдалышы меккелик мушриктерди акыйкатка үндөөдө жана аларды акырындык менен Исламга ийгерүүдө абдан маанилүү рол ойногон. Ошентсе да, булардын баарынын башкы маселеси «тавхид ишеними» болгон.

Меккеде түшүрүлгөн аяттар үгүтчүнүн иш-аракетин жана кандай кадам жасашы керектигин ачык да, купуя да даназа-

лайт. Ал бул чакырыгын дүнүйөнүн кызыкчылыгы үчүн эмес, Алла Тааланын ыраазылыгын табуу үчүн гана аткарган. Демек, бул жерден Алланын жолунда кандай гана иш-аракет болбосун, акыбетин Жараткандын Өзүнөн күтүү керек деген бүтүм чыгарууга болот. Анткени, Шуара сүрөсүндө Нух, Худ, Салих, Лут жана Шуайб пайгамбарлар өз коомдоруна Алла Тааладан коркуу жана моюн сунуу керек экендигин жана өздөрүн ишенимдүү элчи катары таанытышып, айрыкча мына буларга басым жасашкан:

وَمَا أَسْأَلُكُمْ عَلَيْهِ مِنْ أَجْرٍ إِنْ أَجْرِيَ إِلَّا عَلَى رَبِّ الْعَالَمِينَ

**«Мен бул үчүн силерден акы сурабаймын. Менин акым ааламдардын Раббисине гана таандык»** *(Шуара сүрөсү, 109, 127, 145, 164, 180-аяттар).*

Курандын экинчи жарымынын басымдуу бөлүгү Меккеде түшүрүлгөн. Меккеликтердин көбү текебер болгондуктан, **«калла»** - **«жок! андай эмес»** деген айтым көп кайталанган. Алла Таала муну менен алардын абалын сынга алган, катуу тыю салган. Ошондуктан, кайсы сүрөдө **«жок! андай эмес»** деген айтымдар болсо, ал сүрө Меккеде түшүрүлгөн. Бул айтымдар Курани Каримдин экинчи жарымында көп кездешет.

Сажда аяттарын камтыган аяттар да Меккеде түшүрүлгөн. Максат – башка нерселерге сыйынгандарга Кудай Таалага гана сажда кылуу зарылдыгын түшүндүрүү, жүрөккө өзгөрүүнүн үрөөнүн себүү.

Жиберилген алгачкы аяттар эски, пайдасыз көнүмүштөрдү караңгылыктын, түркөйлүктүн кесепети катары мүнөздөп, аларды баштан-аяк күнөө деп какшаса, бир тараптан ааламды кучагына алган ахлактык негиздерди маалымдаган.

Ыйман, адеп-ахлак жана көз караш өңүтүнөн Меккеде түшүрүлгөн аяттар кубаты бекем коомдун пайдубалын түптөгөн. Ахлактуулука буйруган өкүмдөр көбүрөөк келген. Ошентип, момун мусулмандардын ыйманын күчөтүү, сабырдуулук, кажыбас кайраттуулук өңдүү артыкчылыктар менен саймалоо, бузулган ишеним жана жагымсыз көнүмүш каада-салттардан арылтуу Мекке доорундагы аяттардын  негизги максаты болгон жана бул доор өз максатына жеткен.

Меккеде түшүрүлгөн аяттардын маңызында укуктук маселелер, ибадаттарга тиешелүү буйруктар жокко эсе, намаз ибадатына гана байма-бай басым жасалган жана буйрук берилген. Меселен Юнус, Рад, Фуркан, Ясин, Хадид сүрөлөрү Меккеде түшүрүлгөндүктөн, буларда укуктук маанайдагы аяттар жок. Бул сүрөлөр негизинен, ыймандын негиздерин, жаратылыш, Алланын сыпаттарын, пайгамбарлардын ибаратка толгон баяндарын жана кыяматтын үрөйүн кенен түшүндүрөт.

## **ХИЖРАТ** (Улуу көч) **– пайгамбарлардын акыркы чарасы**

Пайгамбарлыктын 13-жылы

### Хижратка уруксаттын берилиши жана Мединага көчүү

Мусулмандар Акабада экинчи ирет жолугушканда көчүү боюнча макулдашылып, бүтүм чыккан эле. Андан көп өтпөй мусулмандардын башка жака көчүп кетишерин мушриктер угуп калышты. Дароо жыйналышып бир карасантай бүтүмгө келишти. Мурунтан жасалып келе жаткан кыйноолор, эзүүлөр эми жүз эсе күчүнө кирди. Мусулмандарды адам катары жашоого укугу жоктой кыйнашты. Кыларга иши калбагандай бутпарастар кыйноо, кордоо менен алек болуп калышты.

Момундардын чыдамы түгөндү. Меккеде жашоого мүмкүн болбой калды. Уруксат болсо, ылаажы таап башка жака көчүү маселесин коюшту.

Бир саамга тунжурап ойлуу отурган Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Алланын уруксаты менен Медина тарапка кол жаңсап:

*«Тигине, мага көрсөтүлгөнүнө караганда, силер көчүп бара турган шаар, эки кара таштактын ортосундагы курмага бай жер экен»* *(Бухари, Кафалат, 4).*

*«Алла Таала силерге туугандарды жана бейпилдикти таба турган аймакты багыштады»,* – деп, Мединада кош колдоп жар-

дам берип, күтүп ала турган мусулман ансар боордоштор менен ынтымакта болууну буюрду.

Мусулмандар убакытты текке кетирбей кыска убакыттын ичинде даярдык көрө башташты. Дин душмандарына байкатпай бири бирине тымызын  жардамдашып, алдыңкылары көчө башташты[256].

Бир топ момундар мурда Хабашистанга көчүп барышып падышасынын да, элинин да жылуу мамилесин, камкордугун көрүп келишкен эле. Бирок, Хабашистанда ааламды кучагына ала турган мындай улуу динге борбор болуу мүмкүнчүлүгү али жарала элек эле. А Медина болсо саясий өңүттөн да, соода-сатык өңүтүнөн да Ислам динине борбор боло ала турган мүмкүнчүлүгү бар шаар болуп чыкты. Ушул себептен толук кандуу көчүү ал куттуу аймакка насип кылынса керек.

Медина шаары мусулмандар бара электе эле азап тарткан ыймандуулар үчүн ишенимдүү башпаанек болуп калган. Ислам дининин Меккеден сыртка чыгып, болгондо да соода жолунун чордону саналган стратегиялык маанидеги шаарда кызыгууларды жаратышы жана элдин агымынын күчөшү мушиктеринин дилиндеги кооптонууну андан бетер коркунучка айлантып салды. Мурда чочулап жүрүшкөн болсо, эми алардан чындап уйку качты. Алланын Элчисин өз журтунан айдап чыгаруу үчүн жүргүзгөн кутумдук иш-аракеттери акырында өздөрүнө зыян болорун өз убагында түшүнө албай калышты. Аныгында алардын көчүп кетиши мушриктер үчүн чоң жоготуу болду. Кырдаал өтө оор болуп кеткен соң Алла Таала сүйүктүү Элчисин төмөнкү аят менен жубатты:

256. Ибн Хишам, II, 76; Ибн Саьад, I, 226.

وَإِذاً لاَّ يَلْبَثُونَ خِلاَفَكَ إِلاَّ قَلِيلاً

**«... Алар сенден кийин журттарында аз гана мөөнөткө калышат** (жок болушат)**!»** *(Исра сүрөсү, 76-аят).*

Бейнысап мушриктер ошол маалда колдогу күчкө жана жалганчы напсинин жылуу шыбырына алданып, мусулмандарды шылдыңдоо, коркутуп-үркүтүү, кордук көрсөтүү, бойкот жарыялап кыйноо жолу менен шаардан чыгардык, өзүбүздүн абройубузду, бийлигибизди сактап калдык, деген ойго бекем ишенип алышкан эле. Бирок, өтө жакынкы убакта эмнелер болуп кетери аларды кызыктырган эмес. Аларды каардуу бүлгүн, армандуу бушаймандык күтүп жаткан…

А топ-топ болуп сапар тартышкан мусулмандар мушриктерден корккондуктан эмес, Ислам дининин пайдубалын кубаттуу кылып түптөө, динди ааламга жаюу үчүн көчүп жөнөшкөн эле.

***

Хижратты кембагалчылыктан, аргасыздыктан же коркуудан качуу деп түшүнбөө керек. Медина – бул көчүп барган мухажирлер үчүн коопсуз журт, жергиликтүү момун мусулман бооршторy менен бир муштумдай биригип, күч жыйнап Меккеге диндин туусун желбиретүү үчүн жайгашылган жер.

Маркум акын Нежип Фазыл бул акыйкатты бир ырында минтип төккөн экен:

Хижрат – бөтөн жактан келген колдоо,

Жабыркатты мушриктер, болуп жолто.

Сырттан келип ээлөө эле анын түпкү максаты,

Ошон үчүн борбор жакка далай жылдар баспады.

Хижрат – башка элдин арка-жөлөк жардамы.

Ырда айтылганы сыңары, мухажирлер мал-мүлкүн, тууган-уругун Меккеге таштап чыгып кетип жатышты. Абал кооптуу болгондуктан, көпчүлүгү жашыруун түрдө кетишти. Айрым эр жүрөктөр гана көчүп жөнөгөнүн ачык айтышып, Мединага сапар  тартышты.

Азирети Али (Алла ага ыраазы болсун) баян этет:

«Мен эч кимден коркпой Мединага көчкөн бир гана адамды биллем. Ал Азирети Умар. Умар бин Хаттаб (Алла ага ыраазы болсун) көчүп жөнөөрдө кылычын жанына байлап, жаасын асынып, саадагына ок толтуруп, найзасын колго кармап Каабага барды. Дал ошол кезде Каабада курайштын кыйындары турушкан. Азирети Умар Каабаны жети жолу айланып таваф кылган сон, мушриктердин ортосуна кирип барды. Келечектеги жеңиш мусулмандар тарапта болорун сездирип койгусу келип, мындай деди:

– Мына, мен Мединага кетип жатам! Кимде-ким аялын жесир, балдарын жетим калтырып, өз энесин ыйлаткысы келсе, артымдан келсин, мына бул дөңдүн артынан кездешебиз!

Өздөрүн канчалык күчтүү сезишпесин, анын артынан барууга мушриктердин эч кимиси даай албады» *(Абнул Асийр, Усдул-Гааба,  IV,152-153 ).*

Азып-тозуп, узак жол басып келген туугандарын мединалыктар шаң-салтанат менен кучак жая тосуп алып жатышты. Көчүп баргандыгы үчүн меккелик мусулмандар тарыхта **«мухажир»** деп аталса, аларга жардам берген меймандос мединалыктар **«ансар»** деп аталып калды.

وَالسَّابِقُونَ الأَوَّلُونَ مِنَ الْمُهَاجِرِينَ وَالأَنْصَارِ وَالَّذِينَ اتَّبَعُوهُم بِإِحْسَانٍ
رَّضِيَ اللهُ عَنْهُمْ وَرَضُواْ عَنْهُ وَأَعَدَّ لَهُمْ جَنَّاتٍ تَجْرِي تَحْتَهَا الأَنْهَارُ
خَالِدِينَ فِيهَا أَبَداً ذَلِكَ الْفَوْزُ الْعَظِيمُ

**«Мухажир жана ансардын алдыңкыларына жана жакшы иштер менен аларды ээрчигендерге Алла ыраазы болду жана алар да Андан ыраазы болушту. Дагы** (Алла) **аларга астынан дайралар агып турган, түбөлүк кала турган бейиштерди даярдап койду. Мына ушул – улуу бакыт!»** *(Тооба сүрөсү, 100-аят).*

***

Мусулмандардын Мединага көчүшүнө уруксат берилгенин эске алып, Ислам аалымдары берегидей өкүмдөрдү чыгарышкан:

Хижрат Азирети Пайгамбарыбыздын мезгилинде парз катары буйрулган өкүм эле. Анын парздыгы (башка жактарга да дин үчүн көчүү) кыяматка чейин күчүндө калат. Мекке кайрадан алынган соң аягына чыккан айтылуу хижрат Азирети Пайгамбарыбыздын дооруна гана таандык.

Азан чакырууга, намаз окууга, орозо кармоого, жамаат болуп чогулууга жана Ислам динине тиешелүү башка ибадаттарды аткарууга уруксат берилбеген жерде мен мусулманмын деп коюп бейгам жашай берүү туура эмес. Кудай Тааланын төмөнкү буйругу буга кашкайган далил болуп саналат:

إِنَّ الَّذِينَ تَوَفَّاهُمُ الْمَلآئِكَةُ ظَالِمِي أَنْفُسِهِمْ قَالُواْ فِيمَ كُنْتُمْ قَالُواْ كُنَّا
مُسْتَضْعَفِينَ فِي الأَرْضِ قَالُوا أَلَمْ تَكُنْ أَرْضُ اللهِ وَاسِعَةً فَتُهَاجِرُواْ فِيهَا
فَأُوْلَـئِكَ مَأْوَاهُمْ جَهَنَّمُ وَسَاءَتْ مَصِيراً إِلاَّ الْمُسْتَضْعَفِينَ مِنَ الرِّجَالِ
وَالنِّسَاءِ وَالْوِلْدَانِ لاَ يَسْتَطِيعُونَ حِيلَةً وَلاَ يَهْتَدُونَ سَبِيلاً

**«Өзүнө өзү заалимдик кылган адамдардын жанын алган кезде, периштелер алардан сурашат: «–Эмне кылып жаттыңар эле?» Алар жооп беришет: «–Жер жүзүндө биз алсыз элек». Периштелер сурашат: «–Алланын жери кенен эмес беле, силер да көчсөңөр болбойт беле?!» Алардын барар жайы тозок. Ал абдан жаман жай.** (Бирок) **бир айла табууга кудурети жетпей, көчүү жолун таба албай, айласыз калган кишилер, аялдар жана балдар болсо, мындайларды мүмкүн Алла кечирер»** *(Ниса сүрөсү, 97-98-аяттар).*

Бул аят Мединага көчпөй мушрик коомчулуктун ичинде калып, өздөрүнүн акыреттик бакытына балта чапкандар тууралуу айтылган. Булар динди эмес, кара жанын, жыргал турмуштарын, көндүм үйүттөрүн, үй-бүлө, байлык жана мансаптарын тандоону туура көрүшкөн эле. **«Биз жер жүзүндө алсыз элек»** деген шылтоолору мына ошол себептен кабыл кылынган эмес. Кембагалдардын, жардамдашар жакыны жоктордун, кары-карталдардын, жетим-жесирлердин абалын Алла Таала эң жакшы көрүп, билип турган. Андыктан, айрымдардын шылтоосу шоона эшпей калган.

Мусулман мамлекеттердин колу жеткен жакыр мусулман өлкөлөргө, кембагал адамдарга жардамын берүүсү – парз. Бул

Улуу көчтөн чыгарылган экинчи өкүм. Ислам аалымдары, колунда мүмкүнчүлүгү бар туруп жер бетинде жардамга муктаж болуп же ырайымсыздардын колунда эзилип, укугу талкаланып жаткан мусулмандарга жардам бербеген мусулмандар чоң күнөөгө батышат деген өкүм чыгарышкан.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Улуу көчкө олуттуу маани берген. Бардык мусулмандардын Мединага көчүп келишин Мекке алынганга чейин арзуу кылган. Мединадан башка жерлерде каапырлык бекем орношуп калгандыктан, ал жайларда Исламы эркин жашоо, үйрөнүү деген маселелер арты көрүнбөгөн татаал иш эле.

### Мушриктердин кутумдук планы

Мекке бошогон сайын мушриктерди ичи туз куйгандай ачышып, өздөрүнүн кемчилигин сезип, ансайын сиркелери суу көтөрбөй калды. Жамандыктын очогу саналган Дарун-Надвага жыйналыш курушту. Өч алуу, дин жолун кан буугандай бууп токтотуу сыяктуу сан миң ойлор баарынын мээсин курттай кемирип турду жыйында. Жыйынга өзүн нажид уруусунанмын деп тааныштырган улгайган абышка да катышты. Ал адамдын кейпине кубулган шайтандын накта өзү экен.

Эми эмне кылуу керек деген суроонун айланасында талаш көпкө жүрдү. Алланын Элчисин кармап орго салуу же болбосо Меккеден сүрүп чыгаруу өңдүү жамандыктын башын кылтыйткан ар башка сунуштар айтылды. Сунуштардын баарына шайтан каршы чыкты. Акырында чыныгы карөзгөйлүктү ишке ашырууга бүтүм чыгарышты:

«Мухаммедди тез аранын ичинде өлтүрүү!!!...»

Бул пикирди ошол доордун фараону саналган Абу Жахил минтип ортого салды:

– Ар бир уруудан бирден адамды чыгаралы. Тымызын аңдууга алалы. Болжогон жерге келгенде, даярданып тургандардын баары жабыла басып калышсын. Анан ошол жерден тургузбай эле тындым кылышсын. Мунун жарасы жеңил эле. Ошондо гана андан кутулуп, мурдагыдай жашай беребиз. Мен ар бир уруудан адам чыксын дегенимдин себеби, баары бир мезгилде басып өлтүрсө, анын каны бир гана кишиге эмес, бардык урууларга таралып кетет! Абдиманафтан тарагандар бул жерде турган уруулардын баары менен согушууга батына албайт. Доо сурашса кунун гана чогултуп беребиз. Ага да ыраазы болушпаса, андан аркысын да көрө жатарбыз!!!

Улгайган абышканын кейпин жамынган шайтан:

–Ай, баракелде, пикир эмес бекен! Мына бул чыныгы эр кишинин сөзү! Мындан да ийги сунушту эч жерден таппайсынар! Кана колдоп жиберели, убакытты создуктурбай, – деди. *(Ибн Хишам, II. 93-95).*

Кутумдук чечим кабыл алынып жаткан кезде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Меккеде жалгыз калган эле. Өз жанынан да үммөтүн артык көргөн пайгамбар алгач кетчүлөрдү жөнөтүп, калгандарынын көчүшүнө кол кабыш кылуу, дем берүү үчүн калган эле. Мунун баары Алланын мураты экенин жан-дилден сезип турду. Дин жолундагы жан досу Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) акырында Улуу көчкө кошулууга уруксат сураганда:

*-Сабыр кыл! Балким, Кудай Таалам сага кайырлуу жолдош берер!* – деп жооткотуп койду. *(Ибн Хишам, II. 92).*

Жандан артык көргөн досунун бул сөзүн угар замат сегиз

жүз дирхамга эки төө сатып алып, аларды үйүндө төрт ай бакты *(Бухари, Манакибул-ансар, 45).*

Меккенин мушриктери көпкө талашып, карамүртөз башчыларынан айбыгып, ачык каршы чыга албай, акыры жүзөгө ашырууга камынып жаткан кезде жогор жактан Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* тезинен көчүп кетүү буйругу келди.

وَقُلْ رَّبِّ أَدْخِلْنِي مُدْخَلَ صِدْقٍ وَأَخْرِجْنِي مُخْرَجَ صِدْقٍ وَاجْعَل لِّي مِنْ لَّدُنْكَ سُلْطَاناً نَّصِيراً

«(Элчи!) **О, Раббим! Бара турган жерге сак-саламат жеткире көр! Чыга турган жерден тынч-аман чыгара көр! Мага Өз даргөйүңдөн чындап жардам бере турган күч бер! – деп айткын»** *(Исра сүрөсү, 80-аят).*

Жабраил периште бул аятты билдиргенден кийин мушриктердин карөзгөй кутумдугун дагы маалымдап:

– Бул түнү төшөгүңө жатпагын, – дегенди кошумчалап кеткен эле. *(Ибн Хишам, II. 95).*

Күн төбөдөн куйкалап, ысык аптап демди кысат. Элдин баары тыныгуу үчүн үйлөрүндө жаткан кезде Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Абу Бакирге барып, көчүүгө буйрук келгенин айтты.

Абу Бакир:

– Чогуу чыгабызбы?

Алланын Элчиси:

– *Албетте, чогуу чыгабыз!*

Анын жообу Абу Бакирди ыйлатты. Алланын сүйүктүү Элчисине сапарлаш болоруна кубанып, көзүнөн мончоктоп жаш кетти. Сүйүнүчтөн аккан тамчылар анын жан дүйнөсүнүн бейнесин ачык чагылдырып турду[257].

Абу Бакирге даярдык көрө беруусүн айтып, дароо Азирети Алини чакырды. Көчүүгө буйрук келгенин айтып, ээлерине тапшырып коюу үчүн мойнундагы аманаттарды ага тапшырды. Анткени, мединалыктар өз бүлөсүнө ишенбей, кымбат баалуу буюмдарын ишенимдүү пайгамбарга сактоо үчүн бериш турган. Анын колунда көп адамдардын аманаттары бар эле.

*– Али, бул түнү менин ордума сен жатасын. Мына бул чепкенимди үстүнө жаап ал, коркпо! Алар сени эч нерсе кыла алышпайт!»* – деп, кол кысышып, коштошуп жөнөй берди. *(Ибн Хишам, II. 95-98).*

Өз чепкенин Азирети Алинин үстүнө жапканы, ошол эле маалда буюмду таберик кылууга, кишинин кандайдыр өзгөчө сапаттары, артыкча жактарынан жугум кылууга үлгү болот. Табериктi чагылдырып, мисал боло турган окуялар ого эле көп.

Маселен Азирети Пайгамбар:

*«Муну кийип, үммөтүм үчүн дуба кылсын»,-* деп, Вейсел Караниге чапанын белек кылган. *(Феридуддин Аттар, Тазкиратул-Авлия, б. 21)*[258].

Бул жерде Азирети Алинин Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* болгон ыкрары, берилгендиги өзгөчө мааниге ээ. Бирок, ошол доорду сыдырып көздөн өткөрө турган болсок, кутман сахабалардын баары Пайгамбарыбыздын буйруктарына

257. Ибн Хишам, II. 97-98.
258. Муслим, Фадаилус-Сахаба, 223-225.

кыйшаюусуз моюн сунуп келишкен. Бир дагы моюн толгогон, жалакайлык кылган же ишти чала таштаган, сабырсыздыкты чагылдырган көрүнүштү көзгө учуратуу мүмкүн эмес. Тапшырма алган сахабалар анын сөзүн эки кылбай так аткарышкан. Эч убакта эмне үчүн, эмнеге деп кайым суроо беришкен эмес, буйрукту ылгабай аткарууга көнүшкөн. Анын жолун чанган адам түбөлүк адашууга кулап кетерин сахабалар жакшы билгендиктен, сүннөтүнүн бирин калтырбай, тандабай амал кылууга тырышкан. Сахабалардын Курани Каримге жана Азирети Пайгамбарыбыздын сүннөтүнө бектигин – көлөкөнүн адамдан бөлүнбөшүнө салыштырууга болот[259].

***

Ошол кооптуу, ары кысталыш учурду Азирети Али (Алла ага ыраазы болсун) минтип эскерген:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Меккеден көчөр мезгилде экөөбүз Каабага бардык. *«Отур!»* деп мага дубалдын түбүн көрсөттү. Айтканындай кылып тизелеп отурганымдан кийин ийиниме бутун коюп дубалга чыгууга аракет кылды. Капыстан мен алсырай түштүм. Шалдырай түшкөнүмдү көрүп, өзү тизелей отура калып:

– *Чык ийиниме!* – деп, башын жаңсады.

Ийнине бут койорум менен куш сыяктуу жеңилденип калдым, денеме ажайып сыйкыр күч сиңип кеткендей эле болду. Кааласам көккө карай атырылып асман мейкиндигине чыга аларымды болжодум. Каабанын үстүнө чыктым. Үстүндө бири колодон, экинчиси жезден жасалган эки бут бар экен.

259. Бухари, Хумус, 1; Муслим, Жихад, 52; Абу Давуд, Хараж, 18; Ахмад, I, 10.

– *Ыргыт ошолорду жерге!* – деди кыжырдуу үн менен.

Күү менен ылдыйга ыргыттым. Бутта быт-чыты чыгып талкаланды.

Каабадан дароо түштүм. Бирөө жарымдын көзүнө чалдыгып калбоо үчүн артка ыкчам кайттык». *(Ахмад, I, 84; Хаким, III, 6/4265).*

***

Көөдөй караңгылык теребелди кучагына алган кез. Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* үйдөн чыга электе душмандар үйдү курчап калганга үлгүрүштү. Аллага жан-дилден моюн сунган Пайгамбардын жүзүнөн не коркунуч, не чочулоо байкалбайт. Көңүлүндөгү көйгөйдүн баарын жайына койгондон кийин, уучуна аз гана топурак алып, каптап келаткан мушриктердин алдына чачты да, Ясин сүрөсүнүн төмөнкү аяттарын окуп ортолуктан сүзүлүп, түнгө сиңип кетти.

إِنَّا جَعَلْنَا فِي أَعْنَاقِهِمْ أَغْلاَلاً فَهِيَ إِلَى الأَذْقَانِ فَهُمْ مُّقْمَحُونَ وَجَعَلْنَا
مِن بَيْنِ أَيْدِيهِمْ سَدّاً وَمِنْ خَلْفِهِمْ سَدّاً فَأَغْشَيْنَاهُمْ فَهُمْ لاَ يُبْصِرُونَ

**«Акыйкатта Биз алардын моюндарына ээктерине чейин** (капталган) **кишендерди уруп койдук, ошондуктан алар какайган бойдон калышты. Дагы биз алардын алдыларынан бир тосмо-парда коюп, аларды чулгап койдук. Эми алар көрө алышпайт»** *(Ясин сүрөсү, 8-9-аяттар).*

Канчалык тыгыз курчоого алышпасын мушриктер аны көрө албай калышты. Жүрөктүн, көөдөндүн сокурлугу көздү көрүү касиетинен ажыратып койгонун кийин деле түшүнө албай коюшту. Куралдуу душмандардын арасынан жайбаракат басып өтүп кетүү Мухаммед Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи*

*васаллам)* мужизаларынын бири болуп саналат. Сокур көөдөн пенделерге бүт аалам мындай турсун өзүнүн көз карашы, өзүнүн жан дүйнөсү караңгы болуп калат.

Дал ошол маалда топураган мушриктерден бир шойкомдун үстүндө турганын шектенип, өтүп бараткан киши бурулуп суроо салды:

– Мынча эле айгай салып кимди күтүп жатасыңар?

– Мухаммедди күтүп турган элек! – деди бою узунунан келген бирөөсү алдыга чыгып.

– Ай кургурлар ай, ылайым мүдөөңөргө жетпей калгыла! Мухаммед башыңарга топурак чачып эбак эле чыгып кеткен тура, – деди, жалгыз киши түн каткандардын кара ниеттерин андай коюп.

Баары башын сыйпалап калды. Чындап эле топурак чачылган. Тиги жалгыз кишинин айтканына ишенбей жиниккендей үйгө жулунушту. Төрдө бир адам жаткан эле. «Мына! Көшүлүп гана уктап жаткан тура!» деген ой баарынын шайтан күүлөгөн дилин аралап өттү. Төшөктөгү адамдын ордунан турушу бири-бирине сүйүнүчтүү көз караш жөнөткөн карөзгөйлөрдүн жылуу сезимдерине муздак суу бүрктү. Ордунан козголгон адам Али болуп чыкты.

«Кудай урбадыбы бизди! Жанагы адамдын айтканы чын тура!» деп кутумдардын башчысы жер муштап кала берди.

Карап туруп колдон чыгарып жибергенине жиниккен бутпарастар Азирети Алини жөөлөп, жулкулдатып кириште.

– Али, айт! Кайда кетти жанакы бузуку тууганың?

– Билбеймин. Мен анын кароолчусу эмесмин! Силер аны

Меккеден чыгууга мажбурлагансыңар «Кет биздин арабыздан!» деп. Мына көрүп турасыңар, айтканыңар аткарылды! – деп, Азирети Али жемелеп кирди кыжырлануусун баса албай.

Ансыз да араң турган бутпарастар Азирети Алини ур-токмокко алышты. Башчылары жазалоону чечти. Каабага алып барып камап салышты. Акырында чыныгы күнөөкөр ал болбогон соң кеңешип, кайра чыгарып жиберишти. *(Ибн Хишам, II. 96; Ахмед, I, 348; Якуби, II, 39).*

Каапырлар карп-курп курчап келгенде байкатпай чыгып кеткен Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Абу Бакирдин үйүнө эбак эле келген эле. Кудуреттүү Кудай Тааланын жазмышынын алдында мушриктердин карөзгөй капканы түккө арзыбай кала берди. Пенделердин айла-амалы, күч-дарамети канчалык шумдуктуу, канчалык кемчиликсиз болбосун, ал Алланын алдында шамалга туруштук бере албай ар кай жакка учурулган камгактай эрксиз сапырылып туруп берет. Бул жагдай Куранда мындайча билдирилген:

وَإِذْ يَمْكُرُ بِكَ الَّذِينَ كَفَرُواْ لِيُثْبِتُوكَ أَوْ يَقْتُلُوكَ أَوْ يُخْرِجُوكَ وَيَمْكُرُونَ
وَيَمْكُرُ اللّهُ وَاللّهُ خَيْرُ الْمَاكِرِينَ

«(О, Мухаммед), **каапырлар сени туткундоо, же өлтүрүү же** (Меккеден) **чыгаруу үчүн айла-амал курушкан эле. Алар** (сага) **тузак куруп жатканда, аларга Алла тузак койду. Алла Таала чыныгы чара табуучу!»** *(Анфал сүрөсү, 30-аят).*

## Азаптуу сапар

Атайы ушул күндү күтүп, ушул сапар үчүн Абу Бакир эки төө багып жүргөн эле. Колун тарта качып, макул болбогонуна карабай бир төөнүн пулун Абу Бакирдин чөнтөгүнө салды. Мындай кооптуу кырдаалда амалкөйлүк менен кадам таштоо зарыл экенин үммөтүнө өз турмушунда көрсөтүп кеткиси келген Алланын Элчиси Абу Бакирдин коштоосунда үйдүн арткы эшигинен чыкты.

Жолдун нугун мушриктер тосо турган тарапка эмес, Мединанын карама-каршысына бурушту.

Хижрат учурунда Савр үңкүрүнө бараткан жолдо Азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) бирде Пайгамбардын артында, бирде алдына чыгып далдаалап баратты. Муну байкап калган Пайгамбар:

– *Абу Бакир, эмне үчүн мындай кылып жатасың?* – деп сурады.

Абу Бакир:

– Пайгамбарым, оюма ар нерсе келип жатат. Аркабыздан жетип келеби деп артыңыздан, алдыбызга буктурма курганбы деген ойдо алдыңызга өтүп кетип жатам, – деди.

Акырында Савр үңкүрүнө жетип барышты. «Сиз бул жерде күтө туруңуз,» – деп үңкүргө кирди. Ичин тазалады. Жадагалса, колу менен жерди сыйпалап көрүп, кийиминен айрып тешиктерди бүтөдү. Ошентип, сырткы кийими түгөнгүчө айрый берип үңкүрдөгү тешиктерди толук жапты. Бирөөсү гана бүтөлбөй калды. Тешиктин үстүнө согончогун койо салып:

– Эми кире берсеңиз болот Пайгамбарым, – деди.

Таң атып, үңкүрдүн ичи толук бойдон жарып калган кезде жолдошунун абалын байкап калган пайгамбар:

– *Абу Бакир, кийимиң кайда калды эле?!* – деп, таң кала сурады.

Ал караңгыдагы окуяны айтып берди. Анын кичи пейил ишине ичинен ыраазы болгон Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* ак батасын берди.

Атасын, бир тууган агасын, өмүрлүк жолдошун жана күчкө толуп турган эки шер уулун Ухуд согушунда жоготкон беш шейиттин ээсинин Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* бапестеген урмат-сыйы жана сүйүүсү чындыгында ибараттуу эле.

Абу Жахил жоон топ кутумдарды баштап, Абу Бакирдин үйүн курчоого алдырды. Үйдө Асмадан башка эч ким жок эле. Көпкө тинтип эч кимди таба албаган мушриктердин башчысы Асманы суракка алды. Атасынын кайда кеткенин билбейм дегени үчүн байкуш кызды токмоктоп салышты, каргыш тийгирлер.

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен анын Яары-Гары[260] бир топко дейре үңкүрдү башпаанек тутуп туруп калышты. Алар бул жерге жашырынуу менен Мединага барчу жолдон издей турган мушриктерден кутула алышкан. Ансыз деле алар Алл Тааланын көзөмөлүндө турган. Пенденин айласы куруп, чарасы түгөнгөн жерде Кудай Тааланын жардамы келет. Таң атып, жерге жарык кирери менен Абу Бакирдин үйүнөн чыккан жоон топ мушриктер изди кууп олтуруп Савр үңкүрүнүн оозуна чейин келишти. Аттан түшүп, үңүлүп бакты бирөөсү. Үң-

260. Яар-ы Гары: Үңкүрдөгү дос деген мааниге келет. Алланын Элчиси менен Абу Бакирдин Савр үңкүрүндөгү достугун туюнтат. Убакыттын өтүшү менен ынак достукка карата колдонула баштаган.

курдун кире беришиндеги жөргөмүштүн желесин жана уялаган кептерди көрдү. Дал ошол маалда сүйүктүү Пайгамбарынын жүзүн далдалап, жашыра турган жаш көчөттү жашылдантты Алла Таала. Куугунчулар жакын арада  бул тарапка эч ким баскан эмес деген бүтүмгө келип кайра тартышты[261].

Дин менен ыйык Куранды Кудай Таала Өзү жибергени мына ушул жерде кашкайып өзүн бир көрсөттү. Көөдөнү сокур куугунчулар беш кадам жакын келип эки кутман жолоочуну көрө албай артка тартышты.  Жан дилден берилген кулдарына болгон Алла Тааланын жардамы мына ушундай болот бурадар! Бул окуя нечен залкар акындардын илхамын козгогон.

Кыска убакыттын ичиндеги болуп өткөндөр Абу Бакирди абдан коркутту. Алар чындап эле ошондой кооптуулукту баштарынан кечиришти. Ал өз жаны үчүн эмес, Алланын Элчисине жакындап келген жамандыктан коркту…

Жакшылап караганда куугунчу мушриктер балким, көрүп калышса керек эле. Анткени, үңкүрдүн ичи үңкүр дегенчелик кең эмес эле, шоола да кирип турган. Үңкүрдүн эки жагында борчук таштарды ары-бери тинтип, таппай кетишти.

Куугунчулардын бири:

– Эгер алар үңкүргө киргенде жөргөмүштүн желеси бузулуп, кептердин жумурткасы сыныш керек эле, – деп ал жерде жогуна чындап ишенгенин баса белгиледи.

– Ошондой болсо да, үңкүргө бир кирип көрбөйлүбү?! – деген пикир чыкты биринин оозунан.

Умай бин Халаф:

261. Ибн Саьад, I, 229; Ибн Касийр, ал-Бидая, III. 223-224.

– Силердин мээңер иштейби? Убакыттын мындай тардыгында үңкүрдө суутуп коюптурбу? Кабат-кабат желе салынган ушу сасык үңкүргө кирели деген акылыңарды урайын десе. Кабатталып чаң басып калган жанакы желе менин оюмча Мухаммед туула элек мезгилдерге таандык болсо керек! – деп, өз пикирине корстон боло каткырып, жанында кишинин пикирин көпкө келеке кылды.

Ичи өрттөнгөн Абу Жахил:

– Кудайга ант болсун! Ал ушу бизге жакын эле бир жерде турат. Сыйкыры менен көзүбүздү көрбөс кылып бойоп салды! – деди ызырынып[262].

Абу Бакирдин тынчы кетти. Оюна ар нерсе келип, сарсанаа кыйнап жиберди.

– Мен өлсөм эч нерсе эмес, жумуру башта бир өлүм бар, кыйышпаймын. Жамандыктын бетин ары кылсын, сага бир нерсе болсо, барча үммөт бүлүнөт – деп, Азирети Пайгамбарга жалдырайт.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* намаз окуй баштады. Жан досу болсо денеси менен далдалап, эки жака көз салып турду. Намаз бүткөн соң:

– Ушу ит коом сени акмалап бул жерден алыстагыдай түрү жок. Кудайга ант, мен өзүм үчүн эмес сага залалы тийеби деп коркуп жатам, – деди пайгамбар досуна.

Акыркы Элчи *(саллаллаху алейхи васаллам)* Сыддык досуна ишенимдүү жылмайып:

*– Абу Бакир, эч коркпо! Шек-күмөнсүз Алла Таала биз менен бирге!* – деди. *(Ибн Касийр, аль-Бидая, III. 223-224; Диярбекти, I, 328-329).*

262. Ибн Саъад, I, 228; Халаби, II. 209.

Бул окуя Куранда да баяндалат:

إِلاَّ تَنْصُرُوهُ فَقَدْ نَصَرَهُ اللهُ إِذْ أَخْرَجَهُ الَّذِينَ كَفَرُواْ ثَانِيَ اثْنَيْنِ إِذْ هُمَا فِي الْغَارِ إِذْ يَقُولُ لِصَاحِبِهِ لاَ تَحْزَنْ إِنَّ اللهَ مَعَنَا فَأَنزَلَ اللهُ سَكِينَتَهُ عَلَيْهِ وَأَيَّدَهُ بِجُنُودٍ لَّمْ تَرَوْهَا وَجَعَلَ كَلِمَةَ الَّذِينَ كَفَرُواْ السُّفْلَى وَكَلِمَةُ اللهِ هِيَ الْعُلْيَا وَاللهُ عَزِيزٌ حَكِيمٌ

**«Силер ага** (пайгамбарга) **жардам бербесеңер, Алланын Өзү ага жардам берди. Каапырлар Аны эки адамдын бири кылып айдап чыгышканда** (Алла жардам берди эле го)**. Ошондо экөө үңкүрдө эле. Жолдошуна: «–Кейибе, албетте, Алла биз менен бирге!» - дегенде, Алла ага көңүл токтук түшүрдү жана аны силер көрбөгөн аскерлер** (периштелер) **менен колдоп, кубаттады, ошондой эле, каапырлардын көзүн жетпес кылып койду. Алланын сөзү гана жогору Сөз. Алла – Кудуреттүү, Даанышман»** *(Тооба сүрөсү, 40-аят).*

Абу Бакир:

– Биз үңкүрдө жашырынып жатканыбызда издеп келген куугунчулардын бутун көрдүм. Бир аз эле эңкейе турган болгондо бизди сонун көрмөк, – деп ошол мезгилдин кысталыштыгын эскергенде Алланын сүйүктүү Элчиси:

– *Абу Бакир, Алла карап турганда эки кишиден эмне мынча корктуң,* – деди *(Бухари, Фадаилул-Асхаб, 2. Манакиб, 45; Муслим, Фадаилус-Сахаба 1)* .

***

Он үч жылдык чакырык жана ак дин үчүн күрөштөн кийин

Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* көрсөтүлгөн экинчи Савр үңкүрү Хирадан айырмаланып, руханий мектеп кылынды[263].

Тактап айтканда, Савр үңкүрү пендени чексиз сырлардын мейкиндигинен, Кудай Таалага жеткире турган жүрөк таалимин баштоочу жай катары, бийикке сапар тартуунун алгачкы баскычтык ролду аткарган.

Алланын Элчиси үммөтүнө өзүнүн нур булагы – жүрөк ааламынан бир баш арык ачып, арыктын алгачкы нугун Азирети Абу Бакир аркылуу бизге карай салып жиберген. Ошентип, экөөнүн экинчиси – Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) «Алтын чынжырдын» алгачкы тогосу деген таалайга ээ болгон.

Азирети Пайгамбарга болгон сүйүүбүзка нчалык ысык болсо, ыйманыбыз ошончолук күчтүү болот. Улуулукка, бийиктикке жеткирген мүлдө ыйык сапардын негизги себеби ага бапестелген сүйүүдө жатат. Жаратканга жалгануунун жападан жалгыз жолу Азирети Пайгамбарга багышталган мелт-калт сүйүүдө жатат. Максаттагыны жандан артык сүйүү, анын сүйгөн нерселерин сүйүү – бул сүйүүнүн шарты, сүйүүнүн мыйзамы болуп саналат. Сүйүүнү рабыта менен таза сактап калууга болот[264]. Алла Тааланын кулдарына болгон сүйүүсүн пенделик чийки аң-сезим, тайыз акыл жана түшүнүк менен толук аңдоо мүмкүн эмес.

Азирети Абу Бакирдин Мухаммед Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен болгон жүрөктөн байланышын

263. Савр үңкүрү, Хирадан айырмаланып руханий мектеп кылынды. Хирада ыймандын алгачкы үрөөндөрү себилип кемелине келгенден кийин, Саврда ихсан менен тасаввуфтун үрөөндөрү себилген. Мындан жүрөк оболу шариятты толук жашап, андан сон тасаввуфту шарият менен эриш-аркак алып кетүү керек экендигин көрүүгө болот.

264. Кенен маалымат алуу үчүн Осман Нури Топбаштын кыргыз тилиндеги Пайгамбарлар Тарыхы -2 жана Тасаввуф аттуу китептериндеги атайын «Рабыта» тууралуу теманы караңыз.

(рухий рабыта) баяндаган ушул окуя, ар бир инсанга зиректигине жана жөндөмүнө жараша таасир калтырат деген ойдобуз.

Ал Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен маектешүүдөн бир башкача лаззат, бир башкача жакындыктын даамын татар эле. Пайгамбардын эң жакын адамы болгондуктан, адаттан сырт ажайып кереметтерге күбө болор эле. Жанында сүйлөшүп турса деле сүйлөшүүгө тойбой, сагынычы тарабай кала берген.

Пайгамбарыбыз дагы Абу Бакирди өзүнө жакын сезген. Рухий жактан да, туугандык жактан да экөө өтө жакын болгон.

*– Абу Бакирдин мал-мүлкүнөн пайдаланганымдай, башка эч кимден пайдаланбадым…* – деген чындыкты айткан Азирет Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)*.

Жооп катары:

–Мен, мал-мүлкүм сиз үчүн багышталганбыз Пайгамбарым! – деген сөздү айткан. Бул сөздү айтуу үчүн Абу Бакирдин ыкласындай ыкласыбыз күчтүү болушу керек. Азирети Абу Бакир бул сөз менен аны жандай сүйөрүн, ал үчүн бүт мүлкүн, жадагалса, жанын багыштоого, ал үчүн бүт нерсеге даяр экенин ачык билдирген. (Тасаввуф жолунда бул рухий даража «Фанафир-Расул» деп аталат).

***

Үңкүрдө эки гана киши. Азирети Мухаммед *(саллаллаху алейхи васаллам)* куттуу башын Азирети Абу Бакирдин (Алла ага ыраазы болсун) тизесине коюп, мемиреп уктап кеткен. Жанындагы кичинекей оюкту көрүп, уулуу макулуктун ийини экенин боолгоду. Пайгамбарлардын Султанына зыяны тийип калбасын деген ой менен Абу Бакир аны буту менен тосуп алды.

Көп өтпөй Жараткан Алланын сыноосу ошол тешик аркылуу келди. Ийиндеги уулуу жылан тумчугуп кеттиби, айтор, жолун бөгөп калган жумшак нерсени чагып алды. Буту жан чыдатпай ачыштырып, бүт денеси жалын болуп ысып чыкса да, Пайгамбарын ойготуп албайын деген ойдо чыдаганга аракет кылды. Көзүнөн чертиле түшкөн тамчы жашы уйкудагы затты ойготуп жиберди. Абу Бакирдин кубарып калган өңүн көрүп бир нерсе болгонун баамдап:

– *Эмне болду сага?*– деп сурады.

Эч нерсе болбоду деген таризде баш чайкап көпкө көшөрдү. Аябай көңүл бөлүп, улам такып сураган Пайгамбардын шагын сындырып албайын деп, болгон окуяны айтып берди *(Байхаи, Далаил, II, 477; Ибн Касийр, аль-Бидая, III. 223).*

Жылан чаккан жаракатка Алланын Элчиси шилекейин сүртөр замат сыздаткан оору басылып, жарааты бүтөлүп, шыпаа тапты.

Бир риваятка (зайыф риваят) караганда Алланын Элчиси жыландан сураптыр:

– *Эмне үчүн мындай кылдың?*

– О, Алланын Элчиси. Мен нечендеген жылдар бою ушул тешикте сизди саргарып күтүп жаткан элем. Көптөн күткөн арзуу тилегим эми ишке ашарда жолумдун тосулганы мени убайымга салды. Сизге деген сүйүүм ээ-жаа бербей, жолум ачылып калабы деп чагууга мажбур болдум, – дейт жылан.

Атактуу акын Фузули Алланын сүйүктүү Пайгамбарынын *(саллаллаху алейхи васаллам)* заттык да, рухий да шыпаа булагы экенин даршан кылып, ага дос болгон адамдар мындан пайдалана аларын ырга салган:

Пайгамбардын достору ичсин мейли жылан уусун,

Шарапаты достуктун узатар анын өмүр суусун.

Ичсин мейли таза сууну анын арам душманы

Ууга айланар өмүрүнүн ар бир күнү кууралы.

Ушул акыйкатты чагылдырган дагы бир окуя Азирети Умардын халифалык мезгилинде болгон.

Риваяттарга караганда, Византиянын императору душмандарды оңой жок кылууда жардамы тийип калар деген жакшы ниети менен Азирети Умарга күчтүү уу бердирип жиберет. Бүт өмүрү гректердин катаал талаш-тартыш, уюшкан кутумдуктары менен өткөн Византиянын императорлору үчүн бул кадыресе иш болчу. Азирети Умар муну жылуу маанайда кабыл кылган эмес. Элчинин көзүнчө бисмилланы айтып, идиштеги даярдалган ууну ичип жиберет. Император мактап жөнөткөн уу ага чымын чакканчалык таасир этпейт[265].

Бул окуялар, тактап айтканда, уунун зыяндуулугунан Алланын амири менен сактануу Жаратkандын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* жүрөк ааламынын учкунунан насибин алган, өзүн ага арнап, анын рухий ааламына сүңгүй алган көсөмдөргө таандык иш.

Азирети Умар Халифа (Алла ага ыраазы болсун) болуп турган кезде, халифаны Азирети Абу Бакирден (Алла ага ыраазы болсун) жогору койгон таризде сүйлөп койгондорго:

– Кудайга ант болсун! Абу Бакирдин Савр үңкүрүндөгү ошол бир түнү силер мактап, көтөрмөлөгөн мына бул Умардан (деп өзүн көрсөтүп) жана Абу Бакирдин ошол бир күнү мына

265. Мустафа бин Халил аз-Заграви, Рисалатул-басмала, б. 42. Бул жерде ууну Халид бин Валид ичет деп айтылат.

бул Умардан жана бүт бүлөсүнөн да кайырлуу! Алланын Элчиси үңкүргө баруу үчүн үйүнөн чыккан кезде Абу Бакир Анын жанында болгон, – деп элдин оюн түзөп койгон *(Хаким. III, 7/4268).*

***

Алар Савр үңкүрүндө бир топ күн болушкан. Асма бул күндөрдө атасы менен Азирети Пайгамбарга бышырган тамагын апкелип турган. Абдулла болсо атасынын өтүнүчү боюнча каш карайгандан таң агарганча үңкүрдө кароол болгон. Жерге эми жарык кирейин деп калганда үйүнө жетип, жаңы күндү Мекkенин мушриктери менен чогуу тосуп алган. Абдулла киши менен оңой тил табышып, тез эле ымыла куруп кете турган акылдуу жана жөндөмдүү болуп бой тарткан. Күндүзү мушриктердин арасында болуп, алардын Алланын Элчиси тууралуу айткандарын, кура турган тузактарын кечкисин келгенде кабарлап туран.

Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) Амр бин Фухайраны азат кылган эле. Фухайра азат болсо деле эски кожоюнунан кетпей, анын койун багып тиричилигин эркин өткөрө турган. Күндүзү мушриктердин чабандары менен Мекkенин сырт жагына кой багып, алар менен ар нерсени кобурашы күн өткөрчү. Кечинде атайылап койлорунун жүрүшүн акырындатып, жанындагы чабандардын карааны үзүлүп кетери менен койлорун Саврга айдап келип, үңкүрдөгүлөргө жетиштүү сүт саап берип турган. Койлорду Абдулла келип-кеткен жолдорго айдап, из жашырып, чоң кызматка жараган[266].

Мушриктер үч күн катары менен издеп суй жыгылды. Издебеген жер, сураштырбаган киши деле калбады. Акырында

266. Ибн Хишам, II. 99; Бухари, Манакибул-Ансар, 45; Хайсами, VI, 53.

үмүттөрүн үзүштү. Меккеде жай турмуш уланып, кутумдардын зардеси басандап, дымагы муздай түшкөнүн Абдулла кабарлап келген соң, төртүнчү күнү дегенде үңкүргө апкелинген төөлөргө минип жолго чыгышты. Туулуп өскөн ата конуштан, анын алтын топурагынан айрылуу Азирети Мухаммеддин көңүлүн сыздатып, жүрөгүн канатты. Хазварга келгенде төөнүн башын Мекке тарапка буруп мындай деди:

«Алланын даргөйүндө шаарлардын шарапаттуусу сенсиң. Куулбасам, сенден эч кайда кетпей элем. Сенден башка жерди конуш кылып, уялабас элем…». *(Ахмад, IV. 305; Тирмизи, Манакиб, 68/3925).*

Сүйүктүү Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* сыздап турганына күбө болгон Алла Таала аны жубатуу үчүн бул аят менен сүйүнүчтүү кабарды маалымдаган:

إِنَّ الَّذِي فَرَضَ عَلَيْكَ الْقُرْآنَ لَرَادُّكَ إِلَى مَعَادٍ

« (Эй, Мухаммед!) **Алла Куранды сага түшүргөн. Албетте,** (Ал) **сени өз журтуңа кайтарат..»** *(Касас сүрөсү, 85-аят).*

Өз учурунда маалымдалган бул аят мекенге кайра кайтууну сүйүнчүлөгөн. Убакты сааты келгенде Меккенин багынарын түшүнгөн Пайгамбарыбыз андан ары кубанычтуу маанайда жол улаган.

***

Мекке менен Медина шаарларынын ортолугу 400 чакырымга чукул эле. Ошол доорлордо төөнүн орто жүрүшү менен он үч күндө жетишчү. Жол узак. Ысык аптап тирүү жандын канын катырып, акактатып, чаңкатканы өзүнчө машакат. Күндүн табына кызган кумду тилсиз жандыктар гана чыдап баса албаса,

киши баласы чыдагыдай эмес. Ээрчинишкен азиз жолоочулар эки күн, эки түн токтобой жол жүрүштү.

Азирети Абу Бакир соодагерчилик менен шугулданып кез-кезде Шамга барып келгендиктен, көп кишилер аны жакшы тааный турган. Узак жолдо баратып ошондой эски тааныштарына учурап жатты.

– Абу Бакир, бул жаныңдагы адам ким? – деп сурагандарга:

– Мага жол көрсөтүп келаткан жол башчым, – болот дегенден башка сөз айтпады. Эгер абал кооптуу болбогондо «Мага нукура жакшы, таза жана адал жолду көрсөткөн азиз жол башчым болот!» деп, аны сыймыктануу менен тааныштырууну арзуу кылды дилинде. *(Ибн Саьад, I, 233-235; Ахмад, III. 211).*

Алланын Элчиси, Абу Бакир Сыддык, Амир бин Фухайра үчөө Абдуллах бин Урайкиттин[267] жол башчылыгы астында Кадиддин белине чыга келип, бута атым жерде турган чатырга барышты. Бул чатырда Умму Мабад күйөөсү экөө жашачу. Ары-бери өткөн жолоочуларга суусундук берип, даам сыздырып, кызмат көрсөтчү. Мединага бараткан куттуу жолоочулар андан сүт сурашты. Үйүндө сүт калган эмес эле. Талаага кеткен койлорго жетпей, чатырдын көлөкөсүндө ичин тартып жаткан арык, кесел койду саап үчүн Азирети Пайгамбар ээсинен уруксат сурады. Ал:

– Ой, садагаң кетейин! Сүтү эле болсо саап ал. Силер кудайы коноксуңар! – деп жиберди.

Ал Жараткан Алланын түгөнгүс берекесин, жакшылыгын

267. Абдуллах бин Урайкит ошол кезде мушрик болсо да ишенимдүү жана адамгерчилиги дурус адам эле. Кийин мусулман болдубу же ошол бойдон калдыбы деген суроонун жообу талаш болсо да, мусулман болгондугун тастыктаган ишенимдүү риваяттар басымдуулук кылат.

сурап, дуба кылгандан кийин Алланын аты менен баштап, илмийип турган койду саап кирди. Колундагы аякка мелт-калт сүт саады. Карап тургандар Кудай Тааланын кудуретине жан дилден таң беришти.

Умму Мабаддын маалымдаганына караганда, ошол кой Азирети Умардын халифалык доорундагы кургакчылыкка чейин жашаган.

«Аймакта малдын тишине илингидей тал чөп калбаган жутчулук кезде күнүнө эки маал саап алчубуз», – деп Алланын Элчисинин куттуу колу тийген койдун берекесинен көпкө пайдаланганын айтып берген.

Жолоочулар узап кеткенден кийин чатырдын кожоюну Абу Мабад келди. Идиштеги сүттү көрүп таң калды.

– Ой, кемпир, бул сүт кайдан келди? Койлор алыскы тоодо болсо. Баары быйыл кысыр калган, үйдө саан уюбуз жок болсо? Буга мен түшүнө албай турам?! – деди.

– Бүгүн биздин ушу карып чатырыбызга бир касиеттүү адам келип кетти, – деп сөз баштап, болгон окуяларды төкпөй-чачпай айтып берди.

Абышкасы бул жерде бир нерсе жатканын сезип, кемпирине жакын жыла отуруп, кызыгуу менен сурады:

– Кана мага ошол адамды баштан-аяк сүрөттөп берчи.

Умму Мабад анын өң-түсүн, келбет-түзүлүшүн минтип сүрөттөп берди:

– Ал инсан кишиден артыкча жылдыздуу, жүзү нурдуу, адепахлагы бийик өзгөчө жаралган зат экен. Тулку-денесинде, жүзүндө эч бир кемчилиги жок, ушунчалык сымбаттуу да, салабат-

туу да экен. Кудай Таала кудум колу менен жасап койгондой, көзү моймолжуп капкара, агы кардай ак, кирпиктери коюу, үнү абдан коңур эле. Учу ичке келген коюу кашы, бойоп койгонсуган кара чачтуу адам экен. Төшү жайык, кең далы, коюу, кыска сакалы бар.

Унчукпай турса оор басырыктуулугу айкын көрүнөт экен. Ал эми сүйлөй баштаса өзүнчө эле ажайып сулуулук жаркырап, жүзү жылуу жылмайып, куюлуштуруп, даана-даана сүйлөйт экен. Кебинин мааниси айдан ачык, ак менен караны ар бир сөзүндө айырмалап сүйлөйт экен. Көп сүйлөп тажатып же аз сүйлөп арабөк калтырбайт экен.

Узагыраактан көрсөң ары сөөлөттүү, ары келбеттүү, жанынан карасаң жаркыраган жагымдуу да, жугумдуу да адамгерчилиги бар. Орто бойлуу эле. Бир бакчадагы барча көчөттөрдүн сулуулугун өзүнө топтогон сымал, жаңы тигилген көчөт сыяктуу эле. Жанында үч жолдошу бар экен. Ал сүйлөп жатканда берилип угуп, буйрук берсе, жарыша чуркап аткарышканын көрүп таң калдым. Мындайча айтканда, кызматына ким да болсо кылчактабай чуркаган, сырткы көрүнүшү менен эле сый-урматка татыктуу зат экени таасын байкалып турат. Жанындагыларды же бир адамды айыптап, кагып-силккенин көрбөдүм. Баарына жылуу-жумшак мамиле кылат экен.

Абу Мабад аттиң жетишпей калганымды карабайсыңбы, дегендей санына чаап-чаап алды да, адатынча касам ичип:

– Эгер сенин айткандарың турган чындык болсо, ал курайш уруусунан чыккан Пайгамбар экен. Эх, аттин, аны менен кол алышып, дос болуу менин кыялым эмес беле! Эми бир жолу кезигер болсом, аны менен сөзсүз достошомун! – деди.

Ошол күндөрдө белгисиз бир жактан келген үн Умму Ма-

баддын чатырына тийип өткөн асыл инсандарды мактап ырдап жатты. Бул үндү көпчүлүк эл угуп, кайдан келгенине акылдары жетпей, тек гана таңыркап калышты. Бул ырды угуп, андан илхам алган Хасан бин Сабит, Пайгамбардын журтунан чыгарылганын, кутумдарды тескеп, жолго салып койо албаган коомчулуктан береке, кут кеткенин, ошол Пайгамбар Мединага барып элди туура жолго чакырганын, талыкпастан Алла Тааланын сөзүн даршан кылганын ырга салды *(Ибн Саьад, I, 230-231; Хаким. III, 10-11).*

***

Пайгамбарды колго түшүрө албаган мушриктер, аны таап келгенге чоң сыйлык беришерин убада кылышкан эле. Дүнүйөнү укканда көпчүлүгүнүн бүйүрү кызып, оңой олжого туйтунууну ойлоно баштаган. Байлыкты жанынан артык көргөн айрым адамдар камданып алып Мединанын жолуна түшкөн. Сурака бин Малик ушундай бейынсаптардын бири эле.

Сурака ат зоруктуруп, узун жол басып, жолуккандардан сурап олтуруп Алланын Элчисине жакындады. Улам жакындаган сайын атын камчылайт, чаалыгып каруусу качкан унаасы же ылдамыраак чуркабайт кашандап. Кыялында алтын, күмүшкө көмүлүп, мына-мына жеттим деп эшик-төрдөй калганда атынын төрт аягы кумга батып, жылалбай калды.

Канчалык ызырынып камчыласа да, көксөгөн мүдөө-максатына жете албады. Тердеп-тепчип улам теминет, аты чыкмак түгүл тескерисинче кумга батып баратканын көрдү. Акылы эми жайына келди белем тизелей калып Алланын Элчисинен *(саллаллаху алейхи васаллам)* кечирим сурай баштады. Күнөөсүн, азгырылганын мойнуна алды. Көңүлү калбасын, жакшы жолго түшүп кетер деген үмүт менен Пайгамбар дуба кылды. Ошондо

атынын кумдан бошогонун өз көрүп оозу ачылды. Камырдан кыл сууругандай эле чыкты батып калган мингичи. Эми эле болуп өткөн окуя Сураканын жан дүйнөсүн өзгөртүп жиберди. Жүрөгүндөгү душмандык жана кыялындагы байлык деген сезимдин ордун башка ажайып акыйкаттар ээлеп алды. Ага чындап баш ийгенин, берилип кызмат кылууга даяр экенин бушайман болгон көз карашы менен билдирди. Ажайып мужизаны көргөндөн кийин сүйлөөгө дарманы жетпей калды. Качкындардын изин жашыруун кармоого ниет кылып артка кайтты. Өзүнө окшоп дүнүйө үчүн атганып Кудай жөнөткөн Элчини издеп жүргөндөрдүн көңүлүн суутуп артка кайтарды, айрымдарына башка жактарды көрсөтүп койду (Муслим, Зухд, 75).

Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам): «– Сурака! Кисранын билериктерин тагынып, кемерин белине курчанып, таажысын башына кийер күндү элестете аласыңбы?»* –деген суроосун сүйүнүч катары жадына түйүп алган эле. Меккеге жеткенче бул суроо кулагына жаңырып турду.

Кийин Иран жеңилүүгө дуушар болгон кезде, Кисранын асыл таш менен шөкөттөлгөн алтын билериктери, көз жоосун алган күмүш, алтын кемерлери жана падышасынын таажысы Мединага алынып келинди. Халифа Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун) Сураканы чакырып билериктерди колуна тагып, кемерди белине курчап, таажыны башына кийгизди да, мындай деди:

– Сурака! Колуңду көтөрүп: «Алла Таала Улук! Алла Таалага мактоолор болсун! Буларды «Мен мүлдө адамзатынын кудайымын!» деген Кисра бин Хурмуздан чыгарып, Мудлиждин урпагы Сурака бин Маликке тактырды!» – деп жар салгын! *(Ибн Асийр, Усдул Гааба, II, 332; Ибн Хажар, аль-Исаба, II, 19).*

Жолоочулар Гамим деген жерге жетип тыныгууга түшүштү. Бурайда бин Хусайб айлындагылар менен жолоочуларга зыяратка келди. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* аларга тавхидди түшүндүрүп, Ислам динин кабыл алууга чакырды. Болгондо да өздөрүнүн жатык тили менен баары тегиз түшүнгүдөй кылып айтты. Алланын каалоосу менен бул уруу Исламды кабыл алышты. Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* ошол түнү Бурайда бин Хусайбга Марийам сүрөсүнүн баш жагын үйрөттү[268].

Бут дили менен эргип кеткен Бурайда башындагы оромолун чечип:

– О, Алланын Элчиси! Уруксат кылсаң, туунду желбиреткен асабачың болоюн! – деди.

Эртеси чогуу жолго чыгышты. Куба айлына барганга чейин туу көтөрүп барды. Бурайдага уруксат берип, артка кайтарышкан соң Шамдан кайткан соода кербенине жолугушту. Алардын арасында Зубайр бин Аввам да бар эле. Зубайр (Алла ага ыраазы болсун) Алланын Элчиси менен Азирети Абу Бакирге сый көрсөтүп, асемделген ак чапан жапты[269].

Улуу көчтүн негизги себепкери Мединага жакындай баштады. Мушриктер Алланын Элчисин өлтүрүү үчүн бут каапырлард милдеттендиргенине жана көптөгөн кокустуктарга карабастан өзүнүн вазийпасын аткарып, жол боюндагы элдерди, урууларды Исламга чакырып, жүрүп отурду.

Сахабалардан Саад ад-Далил[270] муну мындайча бышыктаган:

268. Ибн Саад, IV, 42.

269. Бухари, Манакибул-Ансар, 45.

270. Бул кутман сахаба Азирети Пайгамбарыбызга Мединага алып барчу кыска жолду көрсөтүп, ошол жолго өзү жол башчылык кылгандыгы үчүн «Далил» деген жакшы лакап жалганган.

«Улуу көч маалында Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен Азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) бизге кез келип калды. Дал ошол кезде Абу Бакирдин бир кызы биз тараптык бир сүт энеге берилген экен. Алланын Элчиси кыска жол менен Мединага барууну көздөп жатыптыр. Биз ага:

– Бул жак Ракуба дабанынын Гаир жолу болуп саналат. Жолдо аслам уруусунан «Муханнан» деген аттуу эки каракчы бар. Эгер кааласаңыз, оболу бул жолду биз басып өтөлү, – дедик.

– *Эгер анык билсең, бизди ошолорго алып бар,* – деди Пайгамбарыбыз.

Жолго аттандык. Ракубанын белине чыгып бардык. Эки каракчы бизди күтүп тургандай тосуп алышты. Бири экинчисине:

– Бул инсан Йеменден болот, – деди[271].

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* мурунтан мамиле кылып жүргөн адамдардай алардын жанына отуруп Исламды түшүндүрдү. Натыйжада, каракчылар мусулман болушту. Ысымдарынын ким экендигин сураганда:

– Биз муханнан (элден чыккан жек көрүмчү адамдарбыз), – дешти.

Алланын Элчиси аларды далысынан таптап, жылуу карап мындай деди:

*– Мындан ары силер мукрамансыңар (шарапаттуу адамдарсыңар).*

Мединага алдын-ала сүйүнчүлөп барууну аларга сунуш кылды *(Ахмад, IV, 74).*

271. Мекке менен Тихама аймактарына Йемен да киргендиктен, каракчылар аны йемендик, тактап айтканда, меккелик деп айткан. Ошол жактын жашоочулары Каабаны «Каабатул-Йемания» деп аташат. (Ибн Асийр, ан-Нихая, V, 300).

## Көптөн күткөн азиз Элчи

«Алланын Элчиси жолдо келатыптыр» деген кабардар мединалыктарга кубаныч тартуулады. Кайсы күнү келер экен деп жол карашып, көз талдырышты. Эки адамдын башы бириккен жерде Улуу көчтүн башчысы тууралуу кеп-сөз жүрүп, айрымдары жомоктогу алп денелүү сыйкырчыларга окшотсо, кээлери куудай ак сакалдуу, ак кийимчен даанышман карыя экен деп апыртып жатышты. Жаш-кары дебей баары нечен күн аны күтүштү. Айрым мусулмандар куттуу Пайгамбарды биринчилерден болуп тосуп алуу, анын шарапатынан учкундай болсо да насип алуу үчүн шаар сыртына утурлап жөнөштү.

Ошентип, пайгамбарлыктын он төртүнчү жылы рабиулаввал айынын он экисинде, айдын алгачкы дүйшөмбүсү күнү[272] жол тараптан:

«Биз күткөн азиз Элчи келатат!..» – деген сүйүнүчтүү добуш мусулмандардын жүрөгүн опкоолжутуп, канын дүргүтүп ийди.

Жагымдуу кабар угулар замат Мединанын көчөлөрү Алла Тааланы даңктаган такбир үнүнө жаңырып жатып калды. Мусулмандар кудум согуштук салтанатка аттангандай куралданып, аты бары атын минип, аты жогу жөө чуркап, көчөлөрдүн чаңын уюлгутуп, шаардын сыртына самсаалап чыгып кетишти.

Кудай Тааланын коргоосунда келаткан жолоочулар Куба айлына келгенде эл кайнап калыптыр. Өзүнчө эле ажайып салтанат. Элдин кубанычында чек жок.

Жол боюндагы дөңсөөлөргө чыккан калктын «Талаа-ал бадру[273]» деп созолонткон ырынын жаңырыгы тээ көктүн ээн

272. Григориандык жыл эсебинин 622-жылынын сентябрь айына туш келет.

273. Толгон ай үстүбүзгө жаркырап келди.

мейкиндиктерине чейин көтөрүлүп баратты. Шаңшыган ырдын ыргагына жүрөктөр элжиреп, кубанычтан баары ыйлап жатты. Кыяматка чейинки заман закымын теске сала турган **«хижрат жыл наамасы» Улуу көчтүн** ошол күнүнөн баштап мусулмандардын күн барыгы болуп тарыхка катталган.

Тосуп алуу үчүн келген мусулмандардын басымдуу көпчүлүгү Азирети Мухаммед Мустафаны *(саллаллаху алейхи васаллам)* мурун көрбөгөндүктөн, таанышпайт эле. Жаш жагынан Азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) улуу болгондуктан, Пайгамбар ушу киши болсо керек деп ойлошту.

Караламан калктын чеги жок сүйүнүчү, ташкындаган кубанычы Алланын Элчисин да толкундатып жиберди. Бир топко дейре унчуга албады. Күн так төбөгө келип жан бүткөндүн баарын кактап турган учур эле. Кутман Пайгамбарынын абалын жон териси менен сезип турган Абу Бакир сыртындагы жалегин чече салып аны көлөкөлөдү. Эки адамдын кайсынысы Пайгамбар экенин жардап турган эл ошондо гана түшүндү[274].

Медина шаары мына ошол күндөн тарта Ислам дининин очогуна, өнүгүү борборуна айланды. Каапырлыктын кара жүзүн мына ушул Улуу көч соолутту. Саадат мечити менен Куба мечити хижраттын шаңы менен чоң кадыр-баркка ээ болду жана кыяматка чейин Улуу көчтүн уюткулуу журту жана изи болуп, өнүгүү жолунда жашай бермекчи.

Мединалык мусулмандар узактан көчүп келген диндештерин үй-жай менен камсыз болуусуна көмөктөшүп, короодогу мал-мүлкүнөн бөлүштүрүп берди. Айтса сөз жеткис, жазса сыя түткүс камкордуктар, жардамдар жана Ислам бир туугандыгынын пайдубалы мына ушинтип түптөлдү. Медина Ислам дини-

274. Бухари, Манакыбул-Ансар, 45.

нин шарапаты менен өзгөчө касиеттүүлүккө тунган куттуу шаарга айланды. Мединада жан дүйнөгө ырахат тартуулаган азандар жаңырып, рамазан айлары артыкча кубаныч менен тосулуп, айттар, зекеттер жана көптөгөн жакшы иштер өзгөчө чагылып, өзгөчө бийиктикти багынтып, үммөткө үлгү болду.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Куба айлына келгенде Кулсум бин Хидм аттуу адамдын үйүнө конду. Үй ээлери узактан келген конокторду тикеден-тике туруп тосуп, сыйын көрсөттү. Алланын Элчиси бош убактарын текке кетирбей коңшу турган Саад бин Хайсаманын үйүнө жыйналган мусулмандар менен баарлашып, нуска сөздөн маани улап жатты.

Саад бин Хайсама бойдок болгондуктан, Мухажирлердин бойдоктору анын үйүндө жашап жатышкан. Ошол себептен, анын үйү **«манзилул-уззаб»** - «бойдоктор үйү» деген тамашалуу атка конгон *(Ибн Хишам, II, 110; Ибн Саад, I, 233).*

Жолоочулар Кубада бир топ күн туруп калышты. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул күндөрү өлүм-житим ырасымдарына катышып, сыркоолордун абалын сурап, чакырган адамдардын көңүлүн калтырбады. Абу Саид аль-Худри сахабалардын сезимталдыгын айкындаткан ошол күндөргө таандык ишти минтип эскерген:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* айылыбызга жаңы келген кезде, бирөө жарым катуу сыркоолоп жаткан болсо, келип кабар берчүбүз. Ал дароо барып өлүм алдында жаткан адамдын башына өтүп, истигфар айтар эле. Адам көз жумган соң чогуу баргандар менен үйгө кайтчу. Кээ бирде жайга койгонго чейин жамаат менен чогуу болор эле.

Аны кыйнап алган жокпузбу деген арсар ой менен өз арабызда:

– Сыркоолуу адам көз жумганга чейин Азирети Пайгмбарыбызга эч нерсе айтпай туралы. Көз жумгандан кийин гана кабар берели, ошондо аны чарчатпай, убактысын да текке кетирбеген болобуз, – деп сүйлөшүп алдык.

Иш өз арабызда сүйлөшкөндөй кете баштады. Өлүм-житим кабары келсе гана кабар берчү болдук. Ошондон тарта жаназа намазын окуп, истигфар айтып, анан кайтып жүрдү. Кээде маркумду жайга койгонго чейин күткөн учурлары болду.

Бул көрүнүшкө да көңүлүбүз ыраазы болбоду. Отуруп кайра сүйлөштүк:

– Кудай акы, муну өзгөртөлү туугандар. Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи васаллам)* чарчатып жатабыз. Кайтыш болгон адамды жерге берерден алдын үйдүн алдына алып баралы. Жаназасын ошо жерден чогуу окуйлу. Ушундай кылсак, балким, аны чарчатпасбыз.

Жүйөбүз андан ары ушу бойдон уланып кетти».

Бул хадисти риваят кылган Мухаммед бин Умар:

«Жаназа намазы окулчу жер дегенди туюнткан «мусалла» сөзү ошондон калган. Жаназалар ошондон тарта ушундай усул менен окулмай болду. Бул ыкма Азирети Пайгамбарыбыздын көзү өткөндөн кийин дале улантылып келет». *(Ибн Саад, I, 257;Ибн Хишам, I, 519/1349).*

Аманаттарды ээлерине тапшыруу үчүн Меккеде калган Азирети Али (Алла ага ыраазы болсун) Мухаммед Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* Куба айылында жетип кошулду.

***

Сахабалар Азирети Мухаммед Мустафаны *(саллаллаху*

*алейхи васаллам)* көзүнүн тирүүсүндө жан-дили менен берилип сүйүшкөн, аны бир эскерип алууну канимет деп билип, ал калтырып кеткен табериктерди тумардай аздектеп сакташкан. Ага бапестелген сүйүү нечен кылымдардан бери өз жылуулугун жоготпой, өз күчүнөн тайбай келет. Бул тууралуу айтылган көп риваяттар бар. Бара бин Азиб[275] атасы экөө (Алла аларга ыраазы болсун) таалайлуу сахабалардан эле. Пайгамбар тууралуу эскерүүлөргө атасы аябай куштар экенин Бара мындайча эскерет: «Азирети Абу Бакир (Алла ага ыраазы болсун) атамдан он үч дирхамга бир ыңырчак сатып алды.

– Барага айтсаң, мобул ыңырчакты үйгө жеткирип берсинчи, – деди. Атам:

– Азирети Пайгамбарым экөөңөрдүн артыңардан мушриктер аңдып кууганда Меккеден Мединага кантип жеткениңерди айтып бербесең, жибербейм, – деп көшөрүп туруп алды. Унчукпай кутулушуна көзү жетпеген Абу Бакир машакаттуу сапарды кайра көздөн өткөрүп баяндап берди» *(Бухари, Асхабун-Наби, 2; Ахмад, I. 2).*

## Пайдубалы такыбаачылык менен жуурулушкан Куба мечити

Улуу көчтүн улуулугуна жараша машакаты жана кыйынчылыгы болгон. Узак жол узун моюн буураларды да, үстүндө бир калыпта чайпалган азиз жолоочуларды да чарчатып эзип салган. Ошол себептен, Куба айлында он төрт күн туруп калышты. Элдин урмат-сыйын көрүштү. Даназалуу Куба мечити ошол мез-

275. Бара бин Азиб (Алла ага ыраазы болсун) мединалык ансарлардан болгон. Бул инсан Улуу көчтөн алдын мусулман болгон. Ухуд согушунан тартып бардык согуштарга катышкан. Улуу көчтүн 73-жылы Куфада көз жумган. Алланын Элчисинен үч жүздөн ашык хадисти риваят кылган.

гилде курулду. Мечиттин жерпайын түптөлүп жатканда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* элден калышпай тер төгүп иштеди.

Ошентип, Куба мечити Ислам дини үчүн курулган эң алгачкы мечит болуп калган. Улуу көчтүн кубанычы, ыкластуу сезимдери менен курулгандыктан элдин көңүлүндөгү улуулугу да, маанилүүлүгү да ошого жараша. Куранда бул мечит:

لَمَسْجِدٌ أُسِّسَ عَلَى التَّقْوَى مِنْ أَوَّلِ يَوْمٍ

«...(Мединага көчүүнүн) **алгачкы күндөрүндө такыбаалык менен курулган мечит...»** *(Тооба сүрөсү, 108-аят)* - деп маалымдалган[276].

فِيهِ رِجَالٌ يُحِبُّونَ أَنْ يَتَطَهَّرُواْ وَاللّٰهُ يُحِبُّ الْمُطَّهِّرِينَ

**«... Ал жерде тазалануусуну сүйгөн инсандар бар. Алла Таала абдан таза адамдарды сүйөт»** *(Тооба сүрөсү, 108-аят).* Бул аяттын Куба айылынын эли тууралуу түшүрүлгөнүн Абу Хурайра (Алла ага ыраазы болсун) маалымдаган *(Тирмизи, Тафсир, 9/3099; Абу Давуд, Тахарат, 23/44; Ибн Мажа, Тахарат, 357).*

Кубага эң алгач көчүп барган мусулмандар Амр бин Авфтын балдарынын курма кургатуучу жайын түздөп, тазалап намаз окуй башташкан. Абу Хузайфа азат кылган Салим аттуу мусулман Куранды мыкты билген жана эрежеси, кырааты менен окуй алгандыктан, жаңы көчүп баргандарга имам болуп жүргөн[277].

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*

276. Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун) өзүнүн халифалык доорунда «Хижрат» жыл наамасын ушул аяттагы «алгачкы күндөрүндө» деген айтылыштын негизинде ишке киргизген.

277. Ибн Саад, III, 87; IV, 311.

жаңы көчүп барган мусулмандар намаз окуп жүргөн жерди жер ээлеринин уруксаты менен кеңейтип Куба мечитин курдурган. Мечит узун туурасы бирдей 32х32 төрт чарчы жерге курулган. Атайын мечиттин курулушу үчүн алынып келинген ташты Азирети Пайгамбар өзү баштап кыбыла тараптан тизип, Абу Бакир менен Умарга да таш тизүүнү буйруган.

Бул мечит элдик ашар ыкмасы менен курулган. Анда момундардын салымы күчтүү болгондуктан, Аммар бин Ясирге (Алла ага ыраазы болсун) «Исламдагы алгачкы мечиттин куруучусу» деген наам ыйгарылган[278].

Абдулла бин Раваханын мүнөзү шайыр, жайдары киши болгондуктан, өзү да баш-оту менен бериле иштеп, Ошол эле учурда, иштеп жаткан мусулмандардын черин жазып ырдап берген[279].

Мечиттин муаззиндик вазийпасын (мечиттин тазалыгын кароо, азан чакыруу) Саад бин Курази (Алла ага ыраазы болсун) аркалаган.

Набавий мечитинде жана Мединадагы тогуз мечитте болгону сыңары, Куба мечитинде да окуу, окутуу, таалим-тарбия иштери жүрүп турган[280]. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* анда-санда Кубага келгенде билим берүү иштеринин жүрүшүн көзөмөлдөп, кеңешин берип турган. Ишемби күндөрү кээде жөө, кээде унаа менен келип, эки ирекет намазды жамаат менен окуп кайткан[281].

Бул куттуу хадис Куба мечитинин канчалык улуу, канчалык касиеттүү мечит экендигин  даназалап турат.

278. Ибн Хишам, II, 114.
279. Камил, Мирас, Тежрид Тержемеси, X, 106.
280. Хамидуллах, Ислам Пейгамбери, II, 771.
281. Бухари, Фазлус-Салат, 3, 4; Муслим, Хаж, 516.

*«Кимде-ким үйүндө жакшылап даарат алган соң Куба Мечитине барып намаз окуса, ага умранын сообу берилет»* *(Ибн Мажа, Икама, 197; Насаи, Масажид, 9).*

Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун) халифалык мезгилинде дүйшөмбү жана бейшемби күндөрү бул мечитке зыярат кылар эле. Эл менен жолугушуп, көйгөйлөрдү угуп, кубалыктарга мечиттин касиетин, берекесин эске салып, мүмкүнчүлүктү туура пайдаланууга чакырар эле[282].

Бул мечит Азирети Усман (Алла ага ыраазы болсун) жана Умар бин Абдулазиз (Алла ага ырайым төксүн) тарабынан кеңейтилип, реконструкцияланган. Андан кийин да көп жолу оңдолуп колдон өткөн. 1245/1829-жылы осмон мамлекетинин падышасы Султан II. Махмуддун буйругу менен жалгыз мунаралуу, түз шыптуу болуп курулган. Сауд Арабстан мамлекетинин өкмөтүнүн көрсөтмөсү менен куполдуу жана кош мунаралуу кылынып, кеңейтилген.

## Рануна түзөңүндө окулган алгачкы жума намазы

Он төрт күндүк тыныгуудан кийин Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* жана мусулмандар Мединага жөнөштү. Жума күнү баары Ранунанын түзөңүнө чогулушту. Жамаат кылка тизилип, Азирети Пайгамбардын имамчылыгы менен алгачкы жума намазын окушту. Намаздан соң Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* элге кайрылуу жасады:

*«Оо, калайык!*

*Ажал жетип келе электе тооба кылып, мүмкүнчүлүк колдо*

282. Ибн Саад, I. 245.

*турганда салих амалдарды аткарып калууга умтулгула! Мейли көрсөтпөй бергиле, мейли ачык бергиле, саадаганы арбын берип, туруктуу зикир айтып, Раббинер менен ортонорду тыгыздагыла. Мына ушундай кылсанар ырыскынар кең болот, Алла Өзү жар болот жана колдон кеткен мүмкүнчүлүктөрдү кайтарган болосунар.*

*Ушул жылы, ушул айда, ушул жерде Алла Таала силерге кыяматка чейин «жума намазды» парз кылганын жалпынарга жар саламын! Адилеттүүлүк болсун-болбосун, башынарда бир имам турганда көзүмдүн тирүүлүгүндө же менден кийин кимдеким жеңил санап же болбосо бул намазды таныл, таштап салса анын жакасы жарыбасын! Алла Таала андайлардын иштерин ийгиликке жеткирбесин! Ал адамдын бүт намазы жарамсыз болот, тооба кылгандар гана жакшылык табышат. .. Кимде-ким тооба кылса, Алла Таала анын тообасын кабыл кылат» (Ибн Мажа, Икама, 78).*

*«Оо, калайык!*

*Денинер сак кезде өз акыретинердин акыбеттүү болушу үчүн даярдык көргүлө! Баарынардын башынарда өлүм бар, ошондо үйүр чабансыз калар. Ошондо Алла Таала ага түздөнтүз тилмечсиз: «-Менин Элчим силерге буйруктарымдан кабардар кылган эмеспи? Мен сага көптөгөн жакшылыктарды, нематтарымды жана мал-мүлк берген элем, а сен өзүң үчүн эмне алып келдиң?» – деп сурайт.*

*Бул суроону уккандардын баары эки жагына аландайт, эч нерсени көрө албайт, алдын карап тозокту көрөт…*

*Андыктан, кайдыгерликтен ойгонгула! Жарым курма менен болсо да, оттон сактанууга чамасы жете тургандар ошону аткарсын! Жарым курмага күчү жетпегендер жылуу сөз ай-*

*тып, жакшылыкка аракет кылсын! Анткени бир жакшылыкка он эседен жети жүз эсеге чейин сооп берилет. Силерге Алла Тааланын саламы, мээрими жана берекеси болсун!»* *(Ибн Хишам, I, 118-119; Байхаки, Далаил, II, 524)*

**Экинчи кайрылуусу:**

*«Алла Таалага чексиз мактоо айтамын жана Андан жардам тилеймин. Напси азгырыгынан, жаман иштерден Алла Өзү сактасын, корголонорубуз жалгыз Алла Таала. Алла Таала туура жолго салган пендени эч ким жолунан чыгаралбайт. Адаштырган болсо, туура жолго эч ким сала албайт.*

*Алла Тааладан башка сыйына турган кудай жок экендигине күбөлүк этемин. Ал жалгыз, теңдеши жок. Сөздүн эң ыйыгы – Алла Тааланын китеби. Каапырчылыктан кийин жүрөккө Курандын нуру уялап, хидаят насип болгон пенде башка сөздөрдү таштап, Куранды тандаса, ал (тозоктон) кутулат.*

*Алла Тааланын китеби сөздөрдүн эң көркөмү жана көсөмү болуп саналат.*

*Алла Таала сүйгөн нерсени сүйгүлө! Алла Тааланын сөзүн окуудан жана Аны зикир кылуудан эрикпегиле. Жүрөгүнөргө Алла Тааланын сөзү тар келбесин! Анткени, ал бүт нерсенин эң пайдалуусун айырмалап тандайт. (Куран) пайгамбарлар, икаялардын изги сабактары жана амалдардын эң кайырдуулары тууралуу кеп салат[283]. Адал менен арамды түшүндүрөт.*

*Силер Алла Таалага гана ибадат кылгыла жана Ага эч нер-*

283. Курани Каримдин үчтөн бир бөлүгүнөн көбүрөөгүн пайгамбарлардын баяндары түзөт. Баяндардын хикматтары тууралуу Пайгамбарлар Тарыхынын 1-томунун баш жагын окуңуз.

*сини ортомчу кылбагыла! Ширктен өтө этият болгула! Жакшы иш кылсаңар аны тилиңер кубаттасын! Бири-бириңерге Алла Тааланын сөзү менен сүйгүлө! Алла Таала убадасын бузгандарды азапка саларын билип койгула.*

*Жалпыңыздарга Алла Тааланын саламы-бейпилдиги болсун!» (Байхаки, Далаил, II, 524-525).*

Бул кутпалар Ислам дининин ишеним, ибадат, ахлак жана мамиле сыяктуу маселелери менен диндин жалпы корутундусу болуп саналат.

Жума намазынын хижрат мезгилинде парз кылынышы мусулмандардын жамааттын маанилүүлүгүнө жана бул биримдиктин зарылдыгына ишаарат кылат.

### Мединадагы салтанаттуу күтүү

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Кубадан жөнөп жатып нажжар уруусундагы таякелерине кабар салдырды. Алар куралданып жетип келишти. Кеп-кеңеш жүргөндөн кийин:

–Коопсуздугуңуз камсыз кылынды, төөңүзгө мине берсеңиз болот, – дешти[284].

Жума намазы аяктаган соң Азирети Пайгамбарыбыз Касва аттуу төөсүнө минип Азирети Абу Бакир баш болгон мусулмандардын коштоосунда  Мединага барышты.

Эки ааламдын жарык Күнү, пайгамбарлардын имамы Азирети Мухаммедге *(саллаллаху алейхи васаллам)* сый көрсөтүүгө дагы да дилгир Куба айлынын калкы анын кетип баратканына капаланып:

284. Бухари, Манкыбул-Ансар, 46.

– О, Алланын Элчиси! Бизден тажаганыңыз үчүн кетип баратасызбы же биздин үйүбүздөн да жакшы жерге баргыңыз келдиби? – дешет.

*–Мага Мединага барууга буйрук кылынды,* – деп, Алла Тааланын буйругу менен кетип баратканын түшүндүрүп, меймандостук көрсөткөн мусулмандарга ыраазылыгын билдирди *(Диярбекри, I, 339)* .

Азыр келсе кимибиздин үйүбүзгө конор экен деген ой бардык мединалыктардын көңүлүн бийлеп алды. Баарынын дилинде, меникине консо, кут келер эле го чиркин деген арзуу толкуп турду. Айрымдары каалоосун ачык эле айтып, мен үйүмө алып кетем деп талашкандар болду. Өз ара акыл калчаган соң бул жоругубуз адепсиздик болуп калдыбы деген ойдо жер карап калышты. Ортолук бир заматта тымтырс боло түштү. Баарынын көңүлүндөгү жакшы тилегин сезип турган көсөм Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*–Жаныбардын башын бош койгула, жолун бошоткула. Кайсы жерге чөгөрү төөнүн өзүнө билдирилген*[285], – деп айтары менен жардап тургандар төөнүн жолун ачышты. Желмаян акырын басып жөнөдү. Эч кимисинин көңүлү да оорубады, шагы да сынбады.

Эки кулач арык моюнун ийрендетип алга созуп, бир-эки жерге чөгүп, кайра козголуп, тааныш конушту издегенсип, үйлөрдү аралап жүрүп олтуруп акырында Халид бин Зайд Абу Аюб аль-Ансаринин эшик алдына чөктү. Үй ээсинин ошондогу сөз жеткис кубанчын таамай чагылдыруу мүмкүн эмес болсо керек.

285. Ибн Хишам, II, 112-113.

– Келиңиз, Алланын ардактуу Элчиси! Сиздин келишиңиз менен үйүбүз кут-берекеге бөлөнөт! – деп, колун көкүрөгүнө алып таазим кыла тосуп алды.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Абу Аюбдун үйүнө бараткан кезде Нажжардан тарагандардын кичинекей кыздары төөнүн алдын тосуп, балалыктын балдай таттуу тили менен:

نَحْنُ جَوَارٍ مِنْ بَنِى النَّجَّارِ

يَا حَبَّذَا مُحَمَّدٌ مِنْ جَارِ

«Нажжардын урпактары биз болобуз. Азирети Мухаммед менен тууган болуу, аны менен коңшу болуу биз үчүн зор бакыт, айтып болгус шарапат!» деген мааниде кудум бирөөлөр үйрөткөндөй куюлуштуруп ыр ырдашты.

Жан дилге эргүү себелеген кубанычтуу көрүнүшкө көңүлү көлкүгөн Мухаммед Мустафа *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

– Кана айткылачы, мени жакшы көрөсүнөрбү? – деп сурады ууртунан жылмайып.

Баары жабыла:

– Ооба! Сени жакшы көрөбүз оо, Алланын сүйүктүү Элчиси! – дешти.

Аруу сезимдерден төгүлгөн жоопту угуп, алардын кубанчына ортоктош болгон Пайгамбар бир чети жеткинчектердин жал-жал тиктеген күнөөсүз көздөрүнөн уламбы, же жаңыдан жаралып келаткан изги ийгиликтин сүрү бастыбы, үнү бир аз буулгансып:

– Алла Таалам Өзү күбө, мен да силерди жакшы көрөмүн! Ант болсун, мен да силерди сүйөмүн! – деди жүзү күлүңдөп *(Ибн Мажа, Никах, 21; Диярбекри, I, 341).*

Бул көрүнүштү Бара бин Азиб (Алла ага ыраазы болсун) минтип эскерген:

«Мединалыктар Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* келишине сүйүнгөнүнчөлүк башка нерсеге сүйүнгөнүн көргөн эмесмин. Ошол күн бүт Медина шаары шаңга толуп, улуу-кичүү дебей жол боюна тизилип, айрымдары үйлөрүнүн чатырына чыгып алып:

«Алланын Элчиси келди шаарыбызга! О, Мухаммед кош келдиң шаарыбызга!» деп, айлананы жаңыртып кыйкырышкан» *(Бухари, Манакибул-Ансар, 45; Муслим, Зухд, 75).*

Анас бин Маликтин (Алла ага ыраазы болсун) эскерүүн айта кетели:

«Мен аздыр-көптүр бир өмүрдү жашап, ошол өмүрүмдө Мединага Алланын Элчиси келгендегидей шаңдуулукту, андан өткөн кубанычтуу күндү көргөн эмесмин. Ал келген күнү Медина жарык нурга кадимкидей карк болгон» *(Ахмад, III, 122; Тирмизи, Манакиб 1/3618).*

Ошончолук улуу таалайга тушугуп, ийги сезимге ийиген жан дүйнөлөр ичтен да, сырттан да, Жараткан Аллага ыраазы болушуп, батына албай барпандап шүгүрчүлүк ниетинде курмандык чалабыз деп ак төөнү жыгышты[286].

Ошентип, Улуу көчтүн жүзөгө ашышы менен пайгамбарлыктын Мекке доору аяктап Медина доору башталды.

286. Ахмед III, 301.

# КЫСКАЧА СӨЗДҮК

**Аал:** үй бүлө, уул, укум-тукум, муун.

**Ааризи:**1. кийин пайда болгон нерсе. 2.талма, өткүн сыяктуу өтүп кетчү нерсе.

**Абад:** сонсуз, түбөлүк, чексиздик

**Абадила:** 1. Абдулла ысымынын көптүк түрү. 2. Абдулла аттуу төрт укук аалымы

**Авам-ы нас:** мүлдө адамзат, бардык адамдар

**Авла:** 1. абалы, алгачкы 2. дагы жакшы, дагы ылайыктуу

**Авсаф:** сыпаттар, өзгөчөлүктөр

**Ажз, ажзият:** 1. алсыздык, күчсүздүк. 2. чабалдык, жөндөмсүздүк

**Азал:** эзел, эбак, башталгычы жок

**Азваж-и Тахират:** кай жыгынан алып караба Азирети Пайгамбарыбыздын аруу ахлак, акниет, таза дилдүү жубайлары

**Алайиш:** куру көргөзмө, эл көрсүнгө жок нерсени бар кылып көрсөтүү.

**Алайхи афдалту салават:** Салам жана салаваттардын эң жакшысы Ага багышталсын деген маанидеги дуба

**Алейхи акмалут-тахият:** ага саламдын эң изгиси, эң мыктысы болсун!

**Алейхимассалам:** ал экөөнө Алланын саламы-тынчтыгы болсун!

**Алейхиссалату вассалам:** ага Алланын дубалары жана саламдары болсун!

**Алейхиссалам:** ага Алланын саламы-тынчтыгы болсун!

**Аамалия:** белгилүү бир максатты көздөп, белгилүү шарттардын негизинде чектелген жоопкерчилик менен жасалган иш.

**Амил:** 1. аткарган, жасаган, өндүргөн 2. себеп, фактор

**Амин:** 1. эржүрөк, баатыр адам 2. ишенген, ынанчы бар киши. 3. ишенимдүү, ынанууга татыктуу, сөзүнө турган адам. 4. Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыздын жана Жабраил периштенин сыпаты.

**Анана:** муундан муунга өтө келген үрп-адат, каада-салт.

**Ананият:** менменсинүүчүлүк, өзүмчүлдүк.

**Анфус:** киши напсинде пайда болгон азгырык сезим.

**Арш:** 1. такты, чатыр. 2. асмандын эң үстүнкү кабаты. 3. Жараткан Алланын кудурети жана улуктугу көрүнгөн тогузунчу катмар көк.

**Асма:** ысымдар. Асмаул-хусна: Алла Тааланын куттуу ысымдары.

**Асрар:** купуя сырлар, жашыруун нерселер.

**Афдал:** 1. эң пайдалуу, эң жогору, эң баалуу 2. тандамал

**Афтаб:** аптап, күндүн аптабы, жылуулугу

**Ахван:** 1.жеңилирек, зыяны аз, 2. жамандык жагынын салмагы өтө аз. 3. дагы да төмөн, дагы да арзан.

**Ахкам:** Өкүмдөр, амирлер, буйруктар. Ахкам-ы шария: диний өкүмдөр, шарият көргөзгөн буйрук-жарлыктар.

**Ахлак-и хамида:** жакшы кулк-мүнөз, адеп-ахлак

**Ахлуллах:** Аллага жан дилден жалбарган адам, Алланын досу, олуя адамдарга айтылат.

**Бахшетмек:** багыштоо, арноо, тартуу.

**Бахта:**1. шагылдуу чоң сай.

2.эки чоң тоонун же асканын ортосундагы дарыя.

3.Мекке шаары.

4. Меккедеги дарыя

**Батын:** 1.көмүскө тарабы, ички жүзү 2. ич, курсак. 3. көзгө көрүнбөгөн нерсе. Батыни: ички жүзүнө таандык

**Бадии:** 1. сулуу, көзөлдүк. 2. көз жоосун алган көркөмдүк.

**Балагат:** стилистика илими. Сүйлөө жана жазууда кепти туура, кооз, өз орду менен куюлуштуруп, нускалуу колдоно билүүчүлүк.

**Барии:** 1. аруу, оолак, таза 2. кемчиликсиз, күнөөсүз, кынтыксыз.

**Бархава:** 1. аракет же иштин текке кетиши, абага сапырылышы.

**Биат:** 1. мамлекет башчысына ишеним билдирип, ант берүү. 2. Кимдир

бирөөнүн бийлигин таануу, моюн сунуу.

**Бигана:** бейтааныш, чоочун. 2. тиешеси жок

**Бисат:** 1. жөнөтүү. 2. кулдарын динге чакыруу максаты менен Алла Тааланын пайгамбарларды жөнөтүшү.

**Бизар:** зааркануу, тынчы кетүү, тажоо.

**Вахданият:** Жараткан Алланын бир сапаты: Алла Таала жалгыз, Анын эч бир теңдеши жок деген мааниде.

**Вакиа:** болгон окуя

**Вакии олмак:** болуу, жараян этүү.

**Варид:** 1. келген, жеткен 2. бир нерсе тууралуу айтылган, болуусу күтүлгөн нерсе.

**Васат:** 1.ортолук. 2. аралык. 3. жашалып жаткан абал, чөйрө, мухит.

**Васыл олмак:** баруу, жолугуу, жетүү.

**Васыл-ы илаллах:** Жараткан Аллага сапар тарткан адам, көз жумган пенде.

**Важд:** 1. өзүн жогото тургандай деңгээлде Алла Таалага болгон сүйүүгө, ашыглыкка чөмүлүү. 2. диндик сезим, ичтеги алоолонгон дем, шаа.

**Важх:** 1. жүз, кебете, ирең 2. жол, ыкма, усул 3. себеп, ортомчу

**Важиба:** милдет, парз

**Важиз:** кыска, так, таамай, таасын, нуска (сөз)

**Вахби:** Алланын ыроосу, жакшылыгы.

**Вахим:** 1. себепсиз коркунуч. 2. жаңылыш жана негизсиз ой, фантазия. 3. күдүктөнүү. 4. кушкуланма, арам саноо.

**Вукуу:** жараян эткен окуялар

**Вуслат:** бир нерсеге жетүү, баруу, жолугуу, тушугуу.

**Гаиб:** 1. кайып 2. билинбеген аалам 3. тил илиминде үчүнчү жак, ал.

**Гайз:** кастык, кызганыч, жек көрүү, каар,  жини кайноо.

**Галат-ы руят:** 1. Көз жаңылыштыгы. 2. жаман абалдын жаралышына душманы себепкер болот, бирок, душманына төңкөп салбастан сылыктык кылып ошол абалды өзүнө алуу.

**Гарк:** 1. суугa чөмүлүү 2. чөгүү 3. бир нерсенин ичине кирүү, карк болуу.

**Газаб:** ачуу, каар.

**Газва:** 1. чабыш, жортуул, күрөш, согуш, казат. 2. дин душмандарына каршы жүрүш.

**Гыяб:** жок болуу, азыр болбоо, алыста болуу

**Гирдигар:** Алла, Жараткан.

**Гирифт:** 1. чатышкан, чиеленишкен, татаал 2. кириптер болуу.

**Гуруб:** 1. чөгүү, батып көрүнбөй калуу. 2. күндүн батышы.

**Далалат:** азуу, адашуу, туура жолдон тайуу.

**Даситани:** 1. дастан каармандарына жарашыктуу түрдө, каарман өңдүү. 2. дастанга таандык

**Держетмек:** 1. топтоо, бириктирүү. 2. бир нерселердин ортолугун тыгыздоо

**Дарака:** эң төмөнкү абал, кабат.

**Дарун:** 1. ич, ич аалам 2. жүрөк, көөдөн, жандүйнө.  Даруни: чын жүрөктөн, көңүлдөн чыккан

**Дасиса:** айла, интригалык, кутумдук, карөзгөйлүк оюн.

**Дест:** кол

**Дидар:** 1. жүз, кебете, өң, көрүнүш. 2. дидарлашуу, бетме-бет жолугушуу, дил маек куруу

**Дигергам:** башка адамдардын камын ойлогон.

**Дираят:** зээн, аң, эс-тутум

**Дучар:** дуушар, туш болуу, тушугуу.

**Жалиб-и диккат**: көңүл буруучу

**Жари:**1.жараян эткен, болгон. 2. өтүмдүү нерсе, иштеги, жарактуулуктагы, күчүндөгү мыйзам, көрсөтмө, жобо сыяктуу нерселер

**Жалали:**1. Алланын улуулук сыпаттарына таандык. 2. катуулук, айбаттуулук, каардуулук, улуулук.

**Жамал-и илахий, жамалуллах:** Алла Тааланын чексиз жамалы.

**Жамалий:**1. Алланын жамалдык сыпаттарына таандык нерсе. 2. мүнөздүк жагынан сулуу, жылуу, берешен, ырайымдуу.

**Жаваз:** уруксат, мүмкүн

**Жавхар:** 1. каухар, көөр 2. данек, өзөк 3. жөндөм, талант.

**Жиханшумул:** 1. ар тараптуу, барча жандуу-жансызды ичине камтыган 2. дүйнө алкагында, дүйнөлүк

**Жихет:** 1. жак, тарап, багыт 2. көзкараш, өңүт, мамиле. 3. шарт, себеп

**Жисманият:** заттек, көзгө көрүнгөн, кол менен кармоого мүмкүн болгон жандуу-жансыз дүйнө.

**Журум:** күнөө, ката.

**Залла:** 1. кайуу, сыйгалануу 2. буттун тайуусу 3. Пайгамбарлардын өз эрктеринен тыш, байкоостон таштап алган жаңылыш кадамдары, катачылыктары.

**Зайи:** жоголгон, житип кеткен 2. жоготуу, житим.

**Зарф:** конверт, идиш, сырткы кап, кын, орооч.

**Захир:** 1. тышкы көрүнүш, кебете 2. ачык, айкын, белгилүү. 3. албетте, күмөнсүз.

**Земметмек:** айыптоо, жектөө.

**Ибтила:** бир нерсеге ашыгы менен сугалактык, кумары күч.

**Идлал:** жолдон чыгаруу, бузуу, азгыруу

**Ижаб:** 1. зарылдык, муктаждык 2. тастыктоо, ырастоо

**Ижаз:** айтууга жарай турган толук маанини камтыган кыска-нуска сөз

**Ижтимаи:** коомдук, социалдык

**Ижтинаб:** тартынуу, сактануу, коргонуу, оолак болуу

**Изаан:** 1. акыл, ан, түшүнүк. 2. моюн сунуу, айтылган сөздү угуу, баш ийүү. 3. тарбия, адеп.

**Изаж:** тажатуу, тынчын алуу

**Изафе этмек:** бир нерсеге байланыштыруу, бир нерсеге таандык кылуу, тануулоо.

**Изафий:** бир нерсеге байланыштуу өзгөрүү, өзгөрө турган мүнөзгө ээ болуу

**Изала:** жок кылуу, кетирүү

**Изах:** ортого салуу, ийине жеткире чечмелөө, ачыктоо

**Издифач:** үйлөнүү

**Изхар:** ачыкка чыгаруу, көргөзүү, белгилөө

**Ифа:** ишти жүзөгө ашыруу, аткаруу

**Ихата:** 1. ороп алуу, чулгоо, курчоо 2. андоо, түшүнүү

**Ихдас:** ачыкка чыгаруу, ортого койуу, ачылыш жасоо

**Ихраз:** 1. утуш, ээ болуу, жетүү 2. адал мал-мүлккө ээ болуу.

**Ихтимам:** 1. берилүү менен жумуш жасоо, жылуу мамиле жасоо 2. көңүл койуу, жакшы багуу.

**Ихтирам:** урмат-сый.

**Ихтияр:** тандоо, тандамал

**Ихтият:** 1. кыраакылык менен кадам таштоо 2. көсөмдүк, көрөгөчтүк

**Икмал:** кемелине келтирүү, баралына жеткирүү, толуктоо

**Икрар:** 1. сүйлөө 2. кабылдоо, тастык

**Илга этмек:** 1. бузуу, талкалоо 2. жарактан чыгаруу, өкүмүн токтотуу

**Илзам:** 1. талашып-тартышууда женип чыгуу, жооп таба албай турган абалга жеткирүү. 2. кыйын абалга түшүрүү, аргасын түгөтүү

**Илка этмек:** 1. (ереже) койуу, алып салуу 2. илхам кылуу, сүйлөө.

**Илтижа:** 1. баш калкалоо, башпаана тилөө, мунажат 2. ишеним көрсөтүү, таянуу

**Илхад:**1.туура ишенимден, чыныгы ыймандан кайтуу, динден чыгуу. 2. ишенимдин бузулганы, динсиздик

**Имтина:** 1. тартынуу, четтөө, оолак туруу, баш тартуу 2. мүмкүндүгү жок.

**Имтисал:** 1. милдетти орундатуу, үлгү боюнча кадам шилтөө 2.

жарлыкка моюн сунуу

**Инд-и Илахи:** Алла Тааланын даргөйү, алды

**Индии:** так эмес маалыматка таянган бир жактуу көзкараш

**Инзива:** дүнүйөгө таандык бардык жыргалчылыктан турмуш-тиричиликтен оолак болуу, жалгыздоо

**Иникас:** чагылышуу, чагылдыруу.

**Инкишаф:** 1.ачылуу. 2. чоңойуу, өркүндөө. 3. пайда болуу, ортого чыгуу. 4. руханий бир сырдын же абалдын пайда болушу, жаралышы

**Инсижам:** түз жүрүү, туура багыт, төп келишүү

**Инсу жин:** адамдар жана жиндер

**Инкыта:** кесилүү, жараканын пайда болушу.

**Инша:** 1. жасоо, куруу, тургузуу 2. жазыш, калемге алыш

**Инширах:** жандүйнөнүн жай табуусу, ырахатка чөмүлүү,

**Интиба:** бир нерсе же адам же окуянын көңүлгө салган таасири, изи.

**Интибак:** сан түркүн абалдарга ылайыкташуу шыгы

**Инзал этмек:** түшүрүү. көбүнесе Алла Тааланын өз пайгамбарларына вахий-кабар түшүрүүсү үчүн колдонулат.

**Инзар:** 1. ойготуу, эскертме, көзүн ачуу 2. Алланын адамдарга жана жиндерге акырет азабынан эскертме-кабар берүүсү

**Иртидад:** Ислам динин таштап башка динди кабыл кылуу

**Иртихал:** бу дүйнө жашоосунан акырет сапарына аттануу, өлүм, одүйнө салуу

**Иртикаб:** жаман, күнөө иш жасоо

**Исар:** 1.сый. 2. өзүнүн муктаждыгына карабастан, напсисин тизгиндеп башкаларга ыраа көрүү

**Искан этмек:** бир жерге жайгаштыруу, журтка кондуруу

**Истидат:** 1. жөндөм, шык. 2. акыл-эстүүлүк, зээндүүлүк. 3. түшүнүктүүлүк, түшүнүктүү болуучулук.

**Истигнаа:** 1.топуктуу болуу, канагат кылуу. 2. муктажсыздык

**Истилах:** 1. илим, өнөр, термин 2. фразеологизм, сөз. 3. бир жактуу мааниде колдонулган сөз

**Истимал:** колдонуу

**Истиска:** 1. жамгыр дубасын окуу 2. ашкере сууга муктаж болуу

**Истифхам:** 1. мээни кемирген суроо. 2. суроого жооп алуу жолу менен түшүнүү. 3. сөздүн маанисин күчөтүү үчүн суроолуу сүйлөм менен айтуу

**Иштияк:** ашкере арзуу, сагынуу, кусалык

**Итаб:** урушуу, азарлоо, тилдөө

**Итидал:** аша чаап кетпөө, орточо абалда болуу. 2. сыпаалык, сылыктык 3. тең болуу, теңдөө

**Итикад:** бир пикирге кошулуу, бир ишенимге ишенүү 2. кайсыдыр бир дин же агымдын негизги ишеними 3. Жаратканга жүрөктөн ынанч, кескин ишеним, ыйман. Итикади: ишенимге таандык

**Итияд:** 1. көнүмүшкө айлантуу, адат кылып алуу, көнүмүш. 2. мүнөз

**Итминан:** жандын жай табышы, бейпилдик табуу, ишенич көрсөтүү, кескин түрдө билүү.

**Иттиба:** моюн сунуу, ээрчүү

**Иттика:** сактануу, тартынуу. Алладан коркуу

**Каабына баралбоо:** кандайдыр бир даражага жетүүгө дарамет-кудуреттин келбеши

**Каал:** сөз, кеп.

**Каан:** бир нерсенин булагы, башаты.

**Каании:**1 ишенген, көзү каныгып, көңүлү тоюп, канааттуу болуу, топук кылуу

**Каашаана:** 1. уя, үй. 2. чоң, көрктүү же кооз имарат, салтанаттуу ак сарай.

**Кабил:** жаралышы, өзгөрүшү, болушу мүмкүн нерселер, окуялар.

**Кадим:** эски, тарыхый, көөнө

**Касам:** ант, касам

**Кавил:** 1. сөз 2. чечим, келишим 3. сөз жүзүндө калган маселе.

**Каййуум:** Алла Тааланын эч нерсеге муктаждыгы болбостон өзүнөн-өзү пайда болгон дегенди туюнткан ысымы.

**Камал:** жеткилең, кемел, барал.

**Карам:** 1. кеңпейилдик, кайрымдуулук, жоомарттык 2. асылзаадалык, тектүүлүк.

**Каррамаллаху важхах:** Алла Таала анын жүзүн ак кылсын, куттуу кылсын! (Азирети Али үчүн колдонулат)

**Катре:** тамчы

**Кашиф:** 1. табуу, ачылыш жасоо 2. бир нерсенин Алла тарабынан илхам кылынышы 3. тасаввуф илиминде акыл менен түшүнүү мүмкүндүгү жок нерсени көөдөн көзү менен көрүү

**Кавсар:** Бейиштеги көлмө

**Кайфият:** бир нерсенин турпаты, сапаты, абалы, жагдайы.

**Касафат:** 1. тыгыздык, аламан,тирелген, кылка. 2. киргил, булганыч, ботала.

**Касрат:** 1. көптүк, молчулук, ашыгы менен. 2. топураган жык-жыйма, аламан жыйын.

**Китал:** согуш, жортуул, чабыш

**Кифаят:** жетиштүү, жетишерлик

**Куддиса сиррух:** Алла анын сырын-ич ааламын ар түрдүү рухий ыпластыктардан оолак кылсын!

**Кудси:** 1. ыйык, касиет 2. Аллага таандык

**Курбият:** жакындык, жакындоо

**Курсий:** 1. Кудай Тааланын кудурети жана зоболосу. 2. Арштын астында асмандын катмары. 3. Отуруучу бийик орундук

**Куллии:** жалпы, үстүртөн

**Ладуний:** Алланын көсөмдүгүнө жана сырларына таандык, Ал тууралуу.

**Лахути:** улуктукка таандык, Алла Тааланын улуугуна байланыштуу

**Латиф:** сыпайы, жумшак, жагымдуу 2. рухий 3. Алла Тааланын ысымдарынан бири

**Латафат:** жагымдуулук, сыпаалык, жумшактык 2. көзөлдүк, су-

луулук

**Лавхи махфуз:** Алла Тааланын эзелий илиминин, ааламда болгон жана боло турган нерселер жазылган такта, көрнөк

**Лаййин:** жумшак

**Либас:** кийим-кече

**Лиякат:** ылайык болуу, татыктуулук, төп келишүү, жарамдуулук, баалуулук, адистик, бийлик

**Маа-мум:** көйгөйлүү, кайгылуу, сары санаалуу.

**Маа-рур:** текебер, кейкейүү.

**Маа-лул:** дарттуу, мээнеттүү, оорулуу

**Маа-сива:** 1. Алла Тааладан башка мүлдө макулук. 2. дүнүйөгө тийиштүү нерселер.

**Маатуф:** 1. ийиген, бир тарапка кынтайган. 2. өзүнө шилтеме берген.

**Мабни:** 1. бир нерсеге таянган 2. ушундан улам, себептүү

**Мавиза:** 1.Вааз, үгүт-насаат, акыл-кеңеш. 2. арам негселерди билдирүү, тыюу салуу, коргоо

**Мадар:** себеп, ортомчу, пайда. 2. айланып жылып туруучу предмет таянган таяныч

**Мадх:** мактоо, алкоо, бирөөнүн жакшы жактарын айтуу

**Маишат:** 1. жашоо, өмүр кечирүү 2. күн өткөрүү үчүн керектелчү нерсе

**Майус:** үмүт үзүү, кайгыруу, капалануу, санааркоо

**Малахат:** сулуулук, таттуулук.

**Малик:** кожоюн, ээ.

**Макнуз:** көмүлүү, казынада сакталуу

**Манзума:** 1. кезек, тизме 2. ыр, поэма 3. эски система

**Мази:** өткөн чак, байыркы заман

**Мазият:** бир адамды башкалардан айырмалап турган сыпат, жогорулук, өзгөчөлүк, адамдык касиет

**Мазруф:** 1. конверт, корголонгон, конверттелген. 2. негиз, иски маңыз.

**Мазхар:** 1. кандайдыр бир нематка туш болгон, тушуккан, ээ болгон киши. 2. бир нерсенин булагы, пайда болгон жери. Нерсе, зат.

**Мафхум:** маани, түшүнүк, аң.

**Мафтун:** көңүлү бар, ашык болгон адам.

**Махал:** 1. жер, аймак 2. тарап, орун.

**Махбуб:** сүйүктүү, сүйкүмдүү

**Махдуд:** чектелген, белгилүү

**Махзун:** капалуу, кайгылуу, муңдуу

**Маланат:** наалатка калчу иш, кадам.

**Манакиб:** дастандар, икаялар

**Манба:** булак, башат.

**Манфур:** жек көрүмчүлүктү ойготуу, жийиркенткен, көнүл айландырган.

**Мансух:** өкүмү өтүмсүз, жарамсыз кылынган, таасирсиз.

**Манфий:** 1. терс, жат. 2. тыйуу салынган, четтетилген.

**Манша:** башат, уюк, өзөк, негиз, башталгыч

**Маргуб:** 1. талап кылынган нерсе, изделген нерсе 2. жактырылган

**Марзук:** ырыскы берилген

**Масал:** мисал, үлгү, өрнөк

**Масият:** 1. баш көтөрүү 2. жексур 3. күнөө иштер

**Маслахат:** 1. маселе, маанилүү иш – жагдай 2. жакшылык, тартип, тынчтык жолу 3. ылайыктуу, кирешелүү иш.

**Маснад:** 1. таянч 2. баскыч, тепкич 3. кызмат, мартаба

**Масуул:** жооптуу, милдеттүү.

**Масрур:** кубанычтуу, сүйүнүчтүү

**Машхар:** көрүлчү жер, көргөзмө

**Мата:** 1. товар, сатылчу буюм. 2. кенч, байлык.

**Матанат:** чыдамдуулук, сабырдуулук.

**Матлуб:** 1. талап кылынган, издөөдөгү нерсе, 2. аларман.

**Майан:** 1.аралык, ортолук, орточо. 2.кыяп, маал, учур.

**Марсийа:** көзү өткөн адамга арналып жазылган ыр, кошок

**Махаабет:** айбат, даңк, сүр. улуу инсанга көрсөтүлгөн урматсый.

**Минвал:** жол, ык, багыт, шекил

**Мираж:**1. асманга көтөрүлүү. 2.Азирети Мухаммед Пайгамбарыбыздын асманга көтөрүлүп Алла Таала менен жолугуусу.

**Мискал:** мыскал (асыл таштарды өлчөөчү 1,5 дирхам салмагында оордук бирдиги, 4, 618 грамм)

**Мизан:** 1. тараза 2. бир нерсени тартуучу - өлчөөчү курал 3. Акыретте күнөө, жаман менен жакшы, сооп иштер тартыла турган тараза, руханий өлчөөчү курал.

**Муаараза:** жаңжал, чатак чыгауу чыгаруу, коога чыгаруу.

**Муаасыр:** замандаш, бир кылымда жашоо, доордош.

**Муаззаз:** өтө азиз, улук, кадырман, урматтуу.

**Муаййан:** 1. белгилүү, ачык, анык, кескин 2. чечими чыгарылган

**Муаллакат:** дин Ислам келе электе араб акындарынын ортосунда мелдеште жеңип чыккан касида-поезия

**Муаллиф:** жазуучу, автор

**Муассир: 1.** таасирдүү, өтүмдүү, жугумдуу 2. элестүү, эсте калардык 3. аянычтуу, кайгылуу 4. сөзү натыйжалуу, өтүмдүү.

**Муахада:** эки же андан көп тараптын ортосундагы келишим

**Муахаза:** 1. бирөөнүн кылык-жоругун же иш-аракетин жактырбай кагып-силкүү. 2. сын тагуу,

**Мубах:** зарылчылыгы жок сооптуу иштер.

**Мубтала:** 1. ашкере берилген 2. ашык

**Мувафык:** ылайыктуу, татыктуу

**Мувазана:** эки нерсенин бирдейлиги, теңдиги.

**Мувази:** жанаша, тең, бирдей.

**Муваххид:** Алланын жалгыздыгына ишенип, кабыл кылган момун мусулман

**Мугайир:** терс, башкача

**Мудавим:** туруктуу, туруктуу кардар, дайыма иштеген адам.

**Мужавир:** конушу

**Мужаазаат:** кылымышы же айыбы үчүн адамга берилген жаза. 2. каршылык, акы

**Мужассам:** көлөмү, салмагы, узун-туурасы болгон көзгө көрүнөрлүк зат. 2. денелүү, келбеттүү. 3. руханий нерсе:Намус-у мужассам.

**Мужахада:** күрөшүү, аракет, кайрат 2. киши баласынын өз напсини тарбияга салуусу.

**Мужаххаз:** жабдылган, камсыз кылынган, даярдалган.

**Мужаррат:** 1. абстрактуу 2. жалгыз, тек. 3. нукура, асыл, аруу

**Мужмал:** кыска жана нуска сөз, корутунду, өзөк сөз.

**Музакара:** 1. кеңешме, сүйлөшүү, талкуу 2. оозеки сынак 3. этюд

**Музнибин:** күнөөкөр, күнөө жасаган адамдар

**Муйассар:** 1. оңой, жеңил 2. насип болгон нерсе 3. жеңилдетилген нерсе

**Мукабала:** жооп кайтаруу

**Мукаддар:** тагдыр, жазы буйрук.

**Мукалама:** сүйлөө, сүйлө-шүү, баарлашуу

**Мукаллаф:** милдеттүү, жооптуу

**Мукаррам:** урмат-сыйга ээ, кадырлуу.

**Мукашафа:** руханий денгээли бийик көсөмдөргө Алла Таала насип кылып, тийиштүү сырлар билдирилет, олуялар айрым нерселерди кайыптан билип айтып берет.

**Муктаза:** 1. муктаждыкка кабылуу, зарыгуу, керек бболгон нерсе тууралуу ой жүгүртүү. 2. жыйынтыктар

**Мулакат:** жолугуу, кездешүү, сүйлөшүү

**Мулакий:** 1.көргөн, жолуккан, сүйлөшкөн адам. 2. жолугушуу, көрүү.

**Мулахаза:** терең ойго батуу, ой жүгүртүү. 2. этияттык менен көз салуу

**Мумтаз:** артыкчылыктары менен башкаларынан айырмаланып турган, тандалган, татыктуу, мыкты, жарамдуу.

**Мунади:** 1. үн салган, жар салган адам 2. азанчы

**Мунаваба:** кезектешүү

**Мунажат:** кайрылуу, Аллага жалбаруу, дуба кылуу

**Муназара:** 1.белгилүү эреже-жосундардын алкагында эки жактуу маселе тууралуу эки тараптуу талаш, дисскуссия

**Муназзах:** бир нерсеге муктаждыгы жок. 2. арылган, таза, пакиза, жарамдуу.

**Мунбит:** кара топурактуу семиз жер, кирешелүү.

**Мунаввар:** 1. жарык, айдын 2. билимдүү, билги, интеллигент.

**Мунтасиб:** 1.тосулган, байланган. 2. таандык.

**Мунтаха:** 1.аягына чыккан, акыркы ирет, акыркы баскыч. 2. аяктоо.

**Мунхасыр:** 1.айрылган, бир нерсеге же бир адамга таандык. 2. курчалган. 3. чектелген, чектүү

**Мурад:** мурат, тилек, каалоо, үмүт, максат.

**Мурувват:** эрдик, каармандык, баатырдык, адамгерчилик, бе-

решендик.

**Мусави:** тең, бирдей

**Мусалла:** 1. намаз окулчу жай. 2. мечиттин жанында жаназа намазы окулчу жер

**Мусамаха:** 1. көңүлгө албоо, көз жумуу, маани бербөө 2. кайдыгерлик, тооптпостук, көңүл коштук

**Мустажаб:** кабыл кылынган

Мустагни: 1. топуктуу, көңүлү ток, 2. эч нерсеге муктаж эмес

**Мустаграк:** 1. карк болуу, тоюп калуу, сүңгүү. 2. өзүнөн кетүү

**Мустафид:** пайдаланылган, киреше алынган

**Мустахаб:** 1. жакшылык иш 2. бул ишти аткарган сооп табат, ал эми аткарбаган адам эч кандай күнөө жасаган деп эсептелбейт

**Мустахак:** татыктуу, ылайык, арзыган, укуктуу, акысы бар

**Мутааддид:** 1. көп сандаган 2. ар түрдүү, ар кыл

**Мутабар:** 1.этибарлу, кадырлуу, барктуу. 2.ишенимдүү. 3.жарамдуу, өтүмдүү.

**Мута-аддид:** көп ,бирден ашык, түрдүү.

**Мута-ал:** бийик, улуу, жогору, зобололуу

**Мутаалаа:** 1. маселени чечүү үчүн терең ойлонуу. 2. көзкараш.

**Мутафаккир:** акылман, ойчул

**Муташаккил:** түзүлгөн, куралган.

**Мутаваккил:** тобокел келтирген адам; бир ишти бардык керектүү шарттары менен аткарган соң, анын акыбетин, натыйжа-

сын Аллага аманат таштаган адам.

**Мутад:** көнүмүш, кадыресе, күнүмдүк

**Мутажавиз:** билгилүү чекти ашып кеткен

**Мутазаййян:** шөкөттөлгөн, кооздолгон, көрктөлгөн.

**Мутахаммил:** Чыдаган, сабыр кылган, таакат көрсөткөн

**Мутена:** кылдаттык, этияттык менен жасалган иш, өзгөчө 2. тандамал, маанилүү

**Мутмаин:** көңүлү ток, күмөнсүз, күдүксүз, ток пейил, көңүлү жай.

**Муттали:** кабары бар, маалыматы бар

**Муттасыф:** сыпатталган

**Муттасыл:** аралыксыз, тыгыз, жанаша, удаама-удаа

**Муфассал:** ар тараптуу, ийне-жибине чейин

**Мухаббатуллах:** Алланын сүйүүсү.

**Мухал:** мүмүкүн эмес, болушу мүмкүн эмес нерсе.

**Мухатаб:** 1. угуучу тарап 2. темага тиешеси бар адам, жак.

**Мухиб:** сүйгөн, сүйүү бапестеген, дос.

**Мухтави:** камтыган, ичине алган, кең алкактуу

**Мушавир:** кеңешчи, даанышман

**Мушахада:** 1. байкоо, көзөмөл, көз менен көрүү 2. рухий көз жүгүртүү

**Мушаххас:** конкреттүү

**Муштарак:** 1. жалпы, орток, биргелешкен 2. шерик, орток,

биргелешип иш алып баруу

**Наат:** 1. сыпат, кулк-мүнөз 2. көбүнесе Азирети Мухаммед Пайгамбарыбызды, аз да болсо алгы төрт халифаны алкоо иретинде жазылган ыр

**Нафака:** 1. жашоо каражаты, муктаждыгы 2. тамак-аш, кийим-кечек, үй сыяктуу зарыл муктаждыктарга жеткидей өлчөмдөгү акча, мал-мүлк. 3. жардам.

**Накыс:** кем, толук эмес.

**Насб:** 1. тигүү, киргизүү 2. отурукташтыруу 3. кандайдыр бир ишке дайындоо.

**Назар-ы итибар:** маани берүү, этибарга алуу.

**Назил:** түшкөн, жогортон төмөндү карай түшүп келген нерсе. 2. бир жерде тыным алган, конок болгон киши

**Назир:** окшош, жуп, бирдей.

**Надамат:** бушаймандык

**Нахий:** 1. тыйуу салуу 2. диний жактан тыйуу салынган нерселерден оолак тутуу

**Насаб:** укум-тукум

**Насх:** четке чыгаруу, өкүмүн жараксыз деп эсептөө

**Нашат:** 1. пайда болуу 2. чыгуу, өсүү

**Нави:** түр, ар кыл

**Нихаи:** акыркы, сонку

**Нусрат:** 1. жардам. 2. Жараткандын жардамы 3. ийгилик, жетишкендик.

**Нубувват:** пайгамбарлык, элчилик.

**Нува:** данек, магыз.

**Нуфуз:** 1. кирүү, өтүмдүүлүк, аралашуу 2. таасир, аброй 3. кайсыдыр бир адамдын сөзүнүн өтүмдүүлүгү

**Нузул:** 1. Жогортон төмөндү көздөй түшүү 2. сапар учурунда бир жерге тыным жасоо

**Паре:** 1. бөлүк 2. сан, даана

**Пейда:** белгилүү, ачык, көрүнөөдөгү, ашкере

Пейдерпей:удаама-удаа, бөлүк-бөлүк, акырын-акырын.

**Равнак:** 1.сулуулук, жагымдуулук, аруулук. 2.ак жүрөк, сезимтал.

**Радияллаху анху:** Алла Таала ага ыраазы болсун! Радияллаху анха: ушул эле дубанын аял кишилер үчүн айтылышы

**Радияллаху анхум ажмаин:** Алла Таала алардын бардыгына ыраазы болсун!

**Радияллаху анхум:** Алла Таала аларга ыраазы болсун!

**Радияллаху анхумаа:** Алла Таала ал экөөнө ыраазы болсун!

**Раайиха:** жыт, жагымдуу жыпар жыт.

**Рахматуллахи алейхи:** Алла Таала аны өз ырайымына бөлөсүн!

**Ракик:** 1. аша жумшак, сылык, сыпаа 2. өтө боорукер, жүрөгү таза, сезимтал

**Рам болуу:** моюн сунуу, баш ийүү 2. Пенденин турган турпаты менен Алла Таалага баш ийүүсү

**Риаят:** 1. этибарга алуу, урмат, сый, эсепке алуу. 2. коноктоо, сыйлоо. 3. туура иш.

**Рида:** чепкен, тон, чопкут

**Риккат:** 1. жумшактык, сылыктык, сыпаалык 2. назиктик. 3. ырайым этүү

**Риязат:** 1. аз тамактануу, аз уктоо, көп ибадат кылуу менен напсини тарбияга салуу, напсинин азгырыктарынан, дүйнөнүн сан миң кубулма лаззаттарынан оолак болуу. 2. топуктуулук, каниеттик

**Ружханият:** үстөм болуу, жогору туруу.

**Ружуу:** 1.кайтуу, артка кайтуу. 2.сөзүнөн кайтуу, айнуу.

**Рукун:** 1.бир нерсенин эң бекем тарабы, негизги тиреги. 2. негиз, шарт.

**Руятуллах:** Алла Тааланы (акыретте) көрүү

**Руханият:** 1. рухка таандык рухий чөйрө, алкак, жандүйнөнү аруулоочу рухий абалдар. 2. одүйнө салган адамдын унутта калбаган, жүзөгө аша берген рухий күчү

**Рухбандык:** кечилдердин жашоо ыңгайы. Монастыр жашоосу

**Рыфк:** ак-ниеттүүлүк, кичи-пейилдүүлүк, назиктик, сылыктык.

**Саай:** аракет кылуу, жанүрөө, жан далбас.

**Саадат:** ниет, максат, негизги маселе, негизги ой.

**Сафалат:** 1.күнөөкөрлүк, төмөндүк, начардык,. 2.материалдык жана руханий жакырлыктын акыбети катары пайда болгон пастык.3. кембагалчылыктын, жакырчылыктын четкен чеги.

**Сафият:** калыстык, тазалык, пакизалык, аруулук.

**Саадыр:** пайда болуу, ортого чыгуу

**Саадме:** 1. сокку 2. кагылышуу, чабыш 3. капылестен чыккан

кырсык, алаамат, балээ

**Саик:** 1. багыттоочу, жол көрсөтүүчү 2. негизги себеп, аткаруучу күч.

**Саил:** суроочу, тилөөчү.

**Саакии:** суу же суусундук таркатуучу, сатуучу.

**Салабат:** туруктуулук, тирениш, кубат, күч 2. мыкты, бекем.

**Салахият:** укук, акы, компетенция

**Салим:** сак-саламат, аман-соо 2. кемчиликсиз, катасыз 3. коркунучу жок, ишеничтүү

**Саллаллаху алейхи васаллам:** Ага Жараткан Алланын дуба жана саламы болсун!

**Сарахат:** айкын, ачык, так, даана.

**Себат:** сөзгө туруу, убадага бекем болуу, чечкиндүүлүк, туруктуулук.

**Сахават:** кең пейилдүүлүк, жоомарттык.

**Сакинат:** тынчтык, бейкуттук, бейпилдик

**Салаф-и салихиин:** Ардактуу сахабалар баш болгон табиин (сахабалардан кийинки муун), атбау табиин (табииндеп кийинки муун) муундарынан алган илимин жүзөгө ашырган, аны үйрөткөн, адамдык касиети жогору бардык момун-мусулмандар.

**Салиим:** 1. таза, түз жүргөн 2. туура, катасы жок 3. коркунучсуз, зыянсыз

**Самават:** барча көк-асман

**Сыклат:** 1. оордук, жүк 2. кыйынчылык, машакат.

**Сыянат:** 1. коргоо, сактоо 2. кол алдына алуу, кучагына алуу

**Сидратул-Мунтаха:** Жабраил периштенин коштоосунда Азирет Мухаммед пайгамбарыбыз көккө көтөрүлгөн. Бир жерге келгенде Жабраил периште калып, андан аркы жолду пайгамбар өзү уланткан. Экөө бөлүнгөн дал ошол жер Сидратул мунтаха деп аталат.

**Сираят:** жугуу, жайылуу, чагылышуу

**Сират:** 1. адамдын рухий абалы, кулк-мүнөзү, адеп-ахлагы. 2. Азирети Пайгамбарыбыздын өмүр таржымалы

**Сурат:** 1. көрүнүш, шекил, турпат 2. багыт, жол, ыңгай.

**Субхаан:** барча кемчилик-катачылыктан оолак, аруу

**Сукуунат:** 1. тынчтык, жымжырттык 2. бейкуттук, бейгамдык

**Сукут:** үнчукпоо, сүкүт чалуу, үн чыгарбоо

**Султа:** үстөмдүк кылуу, зордук, зомбулук, баскы, эзүү.

**Суннатуллах:** Жараткан койгон мийзам.

**Сурур:** кубаныч.

**Сухулат:** жеңилдик.

**Шумул:** 1. камтуу, чулгоо 2. таандык, далалат кылуу

**Таалии:** 1. артынан келген. 2. экинчи бөлүм. 3.экинчи катмар. Экинчи даражада.

**Та-адуд**-бирден ашыкча, көп деген мааниде. Та-адуду завжа:-бирден көп аялга үйлөнүү

**Та-ассус:** пайда болуу, жасалуу.

**Та-бааруз:** белгилөө, көрүнүү, тактоо, ачыктоо, дааналоо

**Таат:** Жараткандын жарлыктарын орундатуу, ибадат.

**Табиин:** Ардактуу сахабалардын доорунда жашап, аларга жолугуп, алардан хадистерди кийинки муунга калтырган муун.

**Табиаты аслия:** тубаса кыял-жорук же мүнөз, адат. Табият.

**Таабир:** 1. сөз, кеп 2. жоромол, божомол, түш жоруу.

**Тадрис:** сабак берүү, окутуу, үйрөтүү.

**Тафсил:** ар тараптуу, ийне-жибине чейин чечмелөө

**Тагут:** бузуку, караөзгөй, караниет, шайтан, бут, буткана, көзү ачык, сыйкырчы. Алланын буйругунан баш тарткан, Ага арка салган адам же курум, система.

**Тахаккук:** жүзөгө ашуу, ишке ашуу.

**Тахаййул:** ой-кыялында жандуу элестетүү.

**Тахассур:** 1. кусалык, сагыныч 2. максатка жетпей калуудан улам, кайгыга батуу

**Тахдид:** чектөө, чек койуу, белгилөө

**Тахдис-и нимат:** Жараткан өзүнө нематтрады берип жатканын моюнга алып шүгүрчүлүк келтирүү, шүгүр кылуу.

**Тахкик:** сурамжылоо, аныктоо, тактоо 2. ааламдын сырын аңдоо 3. тууралыгын далилдөө

**Тахлил:** текшерүү, анализ

**Тахсин:** 1. жактыруу 2. таң калуу 3. алкыш айтуу

**Таакат:** күч, кубат, дарамет, таакат.

**Такдим:** сунуу, сунуштоо 2. алып баруу, тааныштыруу

**Такыбаа:** Алладан коркуу, Алладан корккондуктан шарияттын тыйууларынан оолак болуу.

**Такрир:** 1. түшүндүрүү, 2.жайгаштыруу, бекемдөө, бышыктоо.

**Таалим:** 1. бир ишти үйрөнүү, бир ишке көнүгүү 2. таалим, билим берүү

**Талтиф:** 1.көңүл алуу, көңүл көтөрүү 2. сыйлык, сыйлоо (орден, медаль ж.б. менен)

**Танзим:** тартипке салуу, мыйзамдаштыруу, ондоо

**Тарик:** 1. жол, көчө 2. тарикат 3. багыт, чыйыр, агым, жашоо ыңгайы

**Тасарруф:** 1. колдонуу укугу, пайдалана билүү 2. ээ, кожоюн

**Тасвиб:** кабылдоо, ылайык көрүү, туура деп билүү

**Тасфия:** таза абалга жеткирүү, тазалоо.

**Татбик:** иш жүзүнө ашыруу

**Тавсиф:** сыпаттоо

**Тазарру:** сыпайылык жана хушуу менен Жаратканга жалбаруу

**Тазим:** урмат, сый, таазим

**Тадиб:** тарбия берүү, тартипке салуу

**Такид:** 1. бекемдөө, бышыктоо, чындоо 2. кайталоо, кошумчалоо

**Талиф:** 1. жараштыруу, элдештирүү 2. китеп жазуу, жыйнак түзүү 3. китеп, эмгек

**Тайид:** ырастоо, бышыктоо, чындоо

**Табаррук:** таберик, береке үмүтөтүү, жакшылык күтүү

**Таблиг:** 1. жеткизүү, жайылтуу 2. динди элге жеткизүү

**Табрия:** актоо, таза чыгаруу

**Тажалли:** 1. көрүнүү, пайда болуу 2. тагдыр, таалай 3. Алланын ырайымына бөлөнүү

**Тажаррud:** 1.бүт нерсени кечип, бир гана Аллага багыттануу.2.сыйрылуу.

**Тажассум:** 1. денелүү бир нерсени жасоо, пайда кылуу.2. көрүнүү, айкын болуу. 3. жадануу.

**Тажассус:** 1.бир нерсенин көмүскө тарабын, ички сырын айкындоо үчүн жанүрөө. Кызыгуу.

**Тажхиз:** керектүү нерселерди толуктоо, жабдуу

**Тажрид:** ажыратуу, айыруу, бөлүү, абстракциялоо 2. Тасаввуф илиминде ар нерседен баш тартып жалгыз Аллага гана бет алуу.

**Тадриж, тадрижи:** аз-аздан, акырындап, баскыч-баскыч

**Таассур:** мун, кайгы, асанкайгылык

**Тафаккур:** ойлонуу, терең ойго батуу

**Тафарруат:** 1. тал, бөлүм, тармак, бранш 2. негизден тараган тармактар, бөлүмдөр

**Тафрика:** сөз келишпестик, ажырым.

**Такаббур:** текеберленүү, кейкейүү, менменсинүү.

**Такаввун:** жаратылуу, келбеттенүү, болуу.

**Такамул:** акырындык менен өзгөрүү, өркүндөө, өсүү, кемелине келүү. Жеткилең.

**Такрим**: сый көрсөтүү, улуу-лоо.

**Таксиф:** тыгыздоо, кысуу, жыштоо.компруссия.

**Такзиб:** жалган экендигин жарыялоо, төгүндөө.

**Талиф:** 1.өз ара түшүнүшмө, ылайыкташуу, келишүү, ыркы келишүү, ыкка келишүү. 2. чыгарма жазуу, жыйнактоо, түзүү.

**Талаккии:** 1. кабыл алыш, түшүнүш, эсептеш 2. көз караш, пикир, ой

**Талбия:** Жараткан Кудай Тааланы улуктап, Анын бардык буйруктарын кабылдоого даяр туруу.  Талбия ажылык мезгилинде бийик үн менен айтылат. Арапча айтылышы төмөнкүчө: «Лаббайк, Аллахумма лаббайк, лаббайка ляа шариика лака лаббайк, инналь-хамда, ван-нимата лака валь-мульк, ляа шариика лак»

**Талкин:** 1. үйрөтүш, насаат айтуу, 2. өлүктү түбөлүк сапарга узатуу учурунда молдонун сүйлөгөн сөзү, окуган дубасы

**Тамассул:** өнүн, түзүлүшүн өзгөртүү, башка түргө жамынуу

**Тамаюл:1.** бир тарапты көздөй ийилүү 2. Кимдир бирөөгө же кандайдыр бир нерсеге тарабдар болуу

**Тамаюз:** артыкчылык, атакка ээ болуу, айырмалануу, өзгөчөлөнүү.

**Тамсил:** 1. мисал берүү 2. үлгү болуу 3. өкүлчүлүк, бирөөнүн атынан иш жүргүзүү

**Таназзул:** 1. кичи пейилдик, сылык мамиле. 2. түшүү, азайуу, төмөн болуу.

**Танвир:** 1.жаркыратуу, нурлантуу. 2. билимдүү кылуу, билим берүү.

**Танзих:** барча кемчиликтерден аруулоо. Алла Тааланын бар кемчилик-катачылыктан такыр оолак Жаратуучу болгонуна ыйман келтирип тил менен айтуу.

**Тарвич:** кадырын көтөрүү 2. кабылдоо 3. жасатуу, өткөрүү 4.

жардам берүү, жөлөк болуу

**Тараккии:**1. артып калуу, илгерилөө, бийиктөө.2.абалы жакшыруу.

**Тасануд:** бири-бирине жардам берүү, таяныч болуу

**Тасалсул:** удаама-удаа, катары менен келүү же кезеги менен келүү

**Тасаахуб:** 1. ээлик кылуу, коргоо, көзөмөлгө алуу. 2.өзүнө таандык экендигин баса белгилөө, жактоо

**Таскин:** тычытуу, жайкама, басаңдатуу

**Тасхир:** 1.сыйкырлоо, өзүнө тартып алуу, көзүн бойоо.

**Ташбих:** салыштыруу, окшотуу.

**Ташхир:** 1, көрсөтмө, жайма, жар салуу 2. кылмышкерди элдин алдына чыгаруу

**Ташна:** 1. чанкаган, суусаган 2. эңсеген, дегдеген, көксөгөн

**Ташрии:** эреже койуу, мыйзам чыгаруу

**Таважжух:**1.багыттануу, жылуу жүзүн көрсөтүү, сүйүү, махабат. 2.насип болуу.

**Таварус:** 1. мураска ээ болуу 2. мураска калуу

**Тавди:** 1. аманат калтыруу 2. тапшыруу

**Тавассул:** 1. ортомчу деп билүү 2. кайрылуу 3. жабышуу

**Тавассут:** ортомчу болуу, далдалчылык кылуу.

**Тавжих:** 1.билгилүү бир багытка буруу. 2. белгилүү бирөөгө кайрылуу, сүйлөө, 3. ачыктоо, чечмелөө.

**Тавзи:** 1. таратуу 2. таркатуу, бөлүштүрүү, үлүшүн бөлүп берүү.

**Тавфик:** 1. Алланын жардамы, ийгиликке жеткирүүсү.2. пенденин иш-аракеттеринин Жаратkандын ыраазылыгына татыктуу болушу.

**Таяккуз:** сактык, кыраакылык, сергектик

**Тазахур:** 1. көрүнүү, пайда болуу, ортого чыгуу 2. белги, жышаан

**Тазаллул:** өзүн-өзү төмөн сезүү, жемелөө

**Тазкия:** напсини ар кандай жаман жоруктардан, сыпаттардан, терс көрүнүштөрдөн оолак тутуу, жакшы сапаттар менен көрктөндүрүү

**Тазйин:** коомдоо, көрк кошуу, асемдөө, шөкөттөө

**Тилават:** Курани Каримди усулуна жараша кыраат менен окуу

**Тугян:** 1. ашып-ташуу, толкундануу 2. ачуулануу, жинденүү

**Узлат:** элден оолактоо, бир бөлмөгө кирип чыкпастан ибадат кылуу.

**Ухравий:**акыретке таандык, акыретке тийиштүү.

**Улухият:** Теңирдик, Жаратканга таандык сапат

**Услуб:** 1. жөн, стиль, ык 2. ыкма, шекил, ыңгай

**Усва-и хасана:** теңдеши жок эң ийги үлгү

**Фахр:** мактаныч, сыймык

**Фааик:** жогору, бийик, мыкты, теңдеши жок.

**Фаил-и мутлак:** Кыймылдардын чыныгы ээси Алла Таала.

**Фанний:** табигый илимдер (физика, химия, математика, биология сыяктуу) 2.технология, колдонмо илимдер.

**Фанус:** 1. шар түрүндөгү айнектен жасалаган сырткы тосмо. 2. чырактардын же лампочканын айнеги сыяктуу.

**Фарик:** канадайдыр бир нерсени айырмалай билген, сергек, зирек адам.

**Фасит:** жексур, жаман, жаңылыш, бузуку. 2. Эки жүздүү кутумдук кылган мунафык.

**Фаш этмек:** ачыктоо, айкындоо, ачыкка чыгаруу

**Фам:** ооз, эрин.

**Фарагат:** 1. баш тартыш, өз ыктыяры менен чегиниш 2. токтотуу, таштап чыгып кетүү

**Фатх-и мубин:** ачык, кескин, толук жеңиш.

**Фавк:** үст, үстүнкү тарап, жогору.

**Фай:** 1. Ислам мамлекети тарабынан мусулман эмес жарандардан алынган салык. 2. согушсуз алынган мал-мүлк, жер.

**Файяз:** 1. беркени, молчулукту берген Алла Таала. 2. Пейли таза, жан-дүйнөсү аруу, берешен инсан. 3. Ташкындаган сел.

**Файз:** 1. рухий ырахат, жандүйнө бейпилдиги. 2. молчулук, береке. 3. жетилүү, өркүндөө.

**Фыкых:** 1. кандайдыр бир нерсени ийне-жибине чейин андап-түшүнүү. 2. Ислам укугу

**Фыск:** 1,Жараткан койгон мыйзамга баш ийбөө. 2.. Алланын ак жолунан чыгуу, Жаратхандын жакшылыгын билбөөчүлүк. 3. Күнөөкөрчүлүк. 4. динсиздик, адепсиздик.

**Фытрат:** табият, жаратылыш. Фытрий: табиятынан эле бар болгон нерсе, төрөлгөндөн баштап эле тубаса бар болгон нерсе

**Фиилият:** жүзөгө ашкан нерсе.

**Фирак:** айрылуу, ажыроо, куру жалак калуу.

**Фирасат:** акыл-парасат, көрөгөчтүк, кыраакылык, көсөмдүк.

**Футухат:** жеңиштер, утуштар.

**Фужур:** 1. көнөө, мыйзамсыз жол менен жыныстык катнашка баруу-зина. 2. күнөөгө белчеден батуу, адеп-ахлагы төмөндөп кетүү.

**Хаалат:** абал, жагдай. Хаалат-и рухия: адамдын психологиялык жагдайы, рух абалы

**Хаами:** коргогон, калкалаган, көзөмөлгөн алган, ээ чыккан.

**Хабиб:** сүйүктүү, сүйкүмдүү

**Хабис:** 1. жаман, жексур 2. караөзгөй, караниет 3. каражолтой

**Хавас:** 1. иргелгендер, улуулар, кыйынчыкмалар. 2. кат тааныган, билимдүү, маданияттуу, жаркын адамдар, коомчулуктагы тиричилиги тын катмар

**Хаватыр:** ой-пикирлер, эскерүүлөр

**Хадисат:** окуялар, болумуштар

**Хазарат:** Азирет деген сөздүн көптүк түрү, улууларга урматсый туюнтуучу наам.

**Хазаараан:** миндеген, нечендеген.

**Хаиз:** ээ, кожоюн

**Хаак:** топурак.

**Хаким:** барча нерсеге өкүмүн жүргүзүүчү

**Хакшинас:** акыйкатты тааныган, билген. Акыйкатка баш ий-ген.

**Халават:** 1. татым, даам 2. лаззат, ырахат.

**Халват:** 1. ээн же эч ким көрбөс жабык жерде жалгыз болуу. 2.Ибадат кылуу, напсини тарбиялоо же зикир максаты менен жалгыздап элден бөлүнүү.

**Халис:** 1. тунук, чыныгы, нукура 2. таза, аруу 3. түз жүргөн, ак ниет адам, ыкласман.

**Халк:** 1. бир нерсени жаратуу, жаратылыш. 2. макулук, жаратылган нерсе.

**Хамакат:** наадандык, маңкурттук, акмакчылык.

**Хамдала:** «Алхамдулиллах» деген зикирдин кыскача айтылган түрү.

**Хамиид:** 1. мактоого татыктуу 2. Алкоого эң татыктуу Алла.

**Хамият:** 1. журт сүйөрлүк, патриотизм 2. кең пейилдик

**Хандикап:** тоскоол, жолтоо, бөгөт, ылайыксыз абал

**Харамайн:** ыйык Мекке жана Медина шаарлары

**Харис:** энсөөсү күч, кумарпоз, кежир, өзүн башкара албагыдай деңнээлде тамксоо.

**Хасбал-кадар:** жазы буйрук

**Хасана:** жакшылык, изгилик, кайырлуу иш.

**Хашр:** кыямат күнү бүтүндөй бул дүйнөдөн өткөн инсаниятын кайрадан тирилип, сурак берүү үчүн махшар-сурак майданында топтолушу.

**Хашят:** коркунуч, коркуу.

**Хайй:** Улуу Жараткандын көзөл ысымдарынын бири. Жашоочу, тирүү, барча нерсени билүүчү.

**Хангаама:** 1. доор, заман 2. коом, тайпа, топ 3. уруш, жаңжал, 4. күрөш, чабыш.

**Хидаят:** 1. туура-түз жол 2. дин Ислам 3. жол көрсөтүү, багыт берүү

**Хижап:** пардагы, жамынч, кемсел өңдүү жени узун жакалуу аялдардын сырткы кийими. 2. уялуу сезими, сыпаалык, тартынчаактык. 3. уяндык.

**Хилаф:** карама-каршылык, терстик.

**Хилкат:** жаратылыш, барча аалам

**Хиля:** 1. жакшы сапаттар, мактоого арзырлык артыкчылык сапаттар. 2. коoздук, шөкөт, көркөмдүк, ажарлуу, жылдыздуу жүз. 3. Азирети Пайгамбарыбыздын сырткы көрүнүшү, кишилик сапаттарына, өзгөчөлүктөрүн сүрөттөгөн чыгармаларга берилген ысым. Мисалы: Хиля-и Шариф, Хиля-и Саадат.

**Хизб:** 1. бөлүк, топ, кесим 2. уюм, топ, фракция

**Хитам:** аягына чыгуу, бүтүү, түгөнүү, натыйжалануу.

**Хужжат:** 1. Бир нерсени тастыктаган далил. 2. Аалымдарга ыйгарылган наам.

**Хузма:** десте, боо-боо, тутам.

**Хуласатан:** кыскача, корутунду.

**Хулафаи Рашидин:** Азирети Пайгамбарыбыздан кийинки алгачкы төрт Ислам халифасы: Азирети Абу Бакир, Азирети Умар, Азирети Осмон, Азирети Али.

**Хусуул:** пайда болуу, айкын болуу, ачыкка чыгуу.

**Хусумат:** 1. душмандык, кастык 2. карама-каршылык

**Хушуу:** 1.Алла Таалага коркуу жана сүйүү сезими менен моюн сунуп ибадат кылуунун натыйжасында пайда болгон абал. 2. кичи пейилдик, сылыктык, сыпаалык, жөнөкөйлүк.

**Хуласа:** корутунду, кыскасы.

**Хусн-у зан:** акниет, жакшы ойлоо

**Хусран:** 1. зыян, залака 2. максатка жетпей калуу, мун, кайгы.

**Шаахика:** туу чоку, сере, тоонун чокусу

**Шаамил:** камтыган, ичине алган, сыйдырган, чулгаган, курчаган.

**Шавт:** жүгүрүү, чуркоо, айланып жүгүрүү 2. ажылык мезгилинде Каабаны айлануу, таваф кылуу.

**Шанаат:** жамандык, шерменделик, пастык.

**Шараара:** учкун.

**Шарх:** 1.ачуу, жаруу. 2.ачыктоо, кенен түшүндүрүп берүү. 3. чыгарманын түшүнүү кыйын болгон жерлерине түшүндүрмө максаты менен жазылган эмгек.

**Шафии:** шапаат кылган, руханий жактан колдоо көрсөткөн шапаатчы.

**Шаян:** ылайык, жарашыктуу

**Шиар:** 1. жышаана, белги, из, ишарат

**Якиин:** күмөндөн алыс, туура, анык маалымат, кескин канагат.

**Яис:** үмүт үзүү, асанкайгылык

# МАЗМУНУ

*АЛГЫ СӨЗ* .......................................................... *9*

*КИРИШҮҮ* .......................................................... *15*

*Арабстандын Ислам динине бешик болуп тандалышынын түпкү сыры* .......................................................... *25*

*Уммул Кура/Курандын Энеси – Мекке* .......................... *30*

*Каабанын тарыхы жаны ыйыктыгы*.............................. *38*

*Ибараттуу Пил окуясы* .......................................... *46*

*Ибрахим (алейхис салам) жана Ханиф* .......................... *50*

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

*АЗИРЕТИ ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН ТӨРӨЛҮШҮ ЖАНА БАЛА ЧАГЫ* .......................................................... *59*

*Мухаммеддин нуру* .......................................................... *59*

*Азирети Пайгамбарыбыздын пакиза теги* .......................... *64*

*Азирети Абдуллах менен Азирети Аминанын баш кошушу*.......................................................... *66*

*Азирети Абдуллахтын көз жумушу* .............................. *70*

*Азирети Пайгамбарыбыздын келерин сүйүнчүлөгөн кабарлар* .......................................................... *71*

*Азирети Мухаммеддин төрөлүшү жана ошол учурда жараян эткен ажайып окуялар* .................................. *85*

*Азирети Пайгамбарыбыздын куттуу ысымдары* ........... *91*

*Сүт энеге берилиши*.......................................................... *92*

*Көкүрөктүн ачылышы – биринчи шархи садр* ............ *101*

*Мединага болгон саякат жана Азирети Аминанын көз жумушу*.......................................................... *103*

*Чоң атасы Абдулмутталибдин канаты астында ............105*
*Абасы Абу Талибдин коргоосунда ..........................108*
*Көкүрөктүн экинчи жолу жарылышы, Элчинин жүрөгүнө толтурулган мээрим, боорукерлик жана ырайым .........110*

*АЗИРЕТИ ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫН ЖАШТЫК КЕЗИ...113*

*Кутман Пайгамбарыбыздын Алла Тааланын көзөмөлдө жетилүүсү..................................................................113*
*Азирети Пайгамбарыбыздын кой кайтарышы ..............117*
*Абалары менен чыккан саякаттары ...........................119*
*Кечил Бахира менен кездешүүсү ...............................121*
*Хилфул-фудул.......................................................................128*
*Алланын Элчисинин соода ишине аралашуусу.............130*
*Кечил Настуранын аныктоосу .......................................134*
*Азирети Хатижа менен никелешүүсү .........................135*
*Алланын Элчисинин көп аялга үйлөнүшүнүн себептери......................................................................................138*
*Азирети Пайгамбарыбыздын Зайд бин Харисти азат кылып асырап алышы.....................................................150*
*Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын Азирети Алини жанына алышы ...........................................................................................153*
*Азирети Пайгамбарыбыздын перзенттери..................154*
*Каабадагы калыстык ..........................................................156*
*Кусс бин Саиданын кайрылуусу ....................................159*
*Хира үңкүрүндөгү обочолонуу ......................................162*
*Балачагы менен жаштык кезин талдоо .......................167*

**ЭКИНЧИ БӨЛҮМ**

*ПАЙГАМБАРЛЫК ВАЗИЙПАНЫН БЕРИЛҮҮСҮ..........173*

*Вахийдин башталышы: Чындык түштөр .......................173*

ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН АЛГАЧКЫ ҮЧ ЖЫЛЫ: ЧАКЫРЫКТЫ ЖАШЫРУУН ЖҮРГҮЗҮҮ ....................175

Алгачкы вахий жана анын үзгүлтүккө учурашы............175

Вахий жана анын келүү түрлөрү ................................185

Нубувват жана Рисалат..............................................199

Пайгамбарлардын сыпаттары ....................................202

Азирети Пайгамбарыбыздын инсан болушу................222

Азирети Пайгамбарыбыздын сабатсыз (уммий) болушу жана аялуу сырлары ..................................................227

Хиля-и Саадат ...........................................................231

Вахийдин кайрадан башталышы..................................242

Алгачкы мусулмандар ................................................244

Дарул-Аркам: Алгачкы мусулмандардын таалим-тарбия жана окуу борбору......................................................258

ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ТӨРТҮНЧҮ ЖЫЛЫ.................261

Сафа дөнсөөсүндөгү кайрылуу ..................................267

Чакырыктын маанилүүлүгү жана усулу ......................277

Ислам дааватчылыгы жана миссионердик ..................297

Абу Лахаб менен аялынын Азирети Пайгамбарыбызга кылган карөзгөйлүгү ....................................................300

Мекке элинин ынтымакка келүү аракети ....................303

Курани Каримдин ижазы жана угармандарга калтырган таасири ......................................................................315

Мушриктердин Куранга каршы иш-аракеттери............331

Азирети Пайгамбарыбызга жана Куранга коюлган айыптоолор ...............................................................340

Кыйноолор.................................................................347

Мусулмандарга берилген сабыр жана туруктуулук насааты ......................................................................362

*ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН БЕШИНЧИ ЖЫЛЫ....................369*

*Эфиопияга көчүү.......................................................369*

*Гараник маселеси .....................................................371*

*Эфиопияга экинчи ирет көчүү ...................................374*

*Курайш мушриктеринин Нажашиге жолдогон өтүнүчү 378*

*Азирети Хамзанын мусулман болушу...........................385*

*Азирети Умардын мусулман болушу ............................392*

*ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ЖЕТИНЧИ ЖАНА ТОГУЗУНЧУ ЖЫЛДАРЫ – БОЙКОТ ЖЫЛДАРЫ ...............................401*

*Ар тараптуу катнашты үзүү саясаты ...........................401*

*Үч жыл сүргөн карасантайлык ...................................401*

*Бойкоттун аякташы.....................................................407*

*Пайгамбарыбыздын Айды экиге бөлгөн мужизасы.......412*

*Кыйын кезендерде да Алланын Элчиси вазийпасын улантkан.........................................................................416*

*ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ОНУНЧУ ЖЫЛЫ......................420*

*Кайгылуу жыл: Азирети Хатижа менен Абу Талибдин кайтыш болушу.............................................................420*

*Таифке сапар .............................................................425*

*Тендешсиз ырайымдуулук жана мээримдүүлүк тартуулаган кубаныч....................................................................429*

*Азирети Пайгамбарыбыздын Куран окуганын уккан жиндердин мусулман болушу ..........................................432*

*Ар башка уруулар менен жолугушуу жана аларды Исламга чакыруу......................................................................438*

*Азирети Пайгамбырыбыздын Азирети Савда менен баш кошушу........................................................................449*

*ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ОН БИРИНЧИ ЖЫЛЫ............451*

*Акабадагы жолугушуу*..............................................451
*Көкүрөктүн ачылышы же үчүнчү Шархи Саадр* ..........453
*Жараткан Алланын сүйүктүү Элчисине болгон теңдешсиз сыйы – Мираж*......................................................454
*Мираждан нуска*...................................................473
*Мираж жаңырыгы*..................................................475

*ПАЙГАМБАРЛЫКТЫН ОН ЭКИНЧИ ЖАНА ОН ҮЧҮНЧҮ ЖЫЛДАРЫ*..........................................................479

*Биринчи Акаба биаты*...........................................479
*Мусаб бин Умайрдын мугалим болуп дайындалышы жана Куран менен Мединага кирүү* .................................480
*Экинчи Акаба биаты*..............................................485
*Мекке доорунун бейнеси*.......................................494
*Меккеде түшүрүлгөн аяттардын өзгөчөлүктөрү*...........497

*ХИЖРАТ* (Улуу көч) *– пайгамбарлардын акыркы чарасы* ..502

*Хижратка уруксаттын берилиши жана Мединага көчүү*...........................................................................502
*Мушриктердин кутумдук планы*................................508
*Азаптуу сапар*.......................................................516
*Көптөн күткөн азиз Элчи* .......................................534
*Пайдубалы такыбаачылык менен жуурулушкан Куба мечити*..........................................................................538
*Рануна түзөнүндө окулган алгачкы жума намазы* .........541
*Экинчи кайрылуусу:* ..............................................543

*КЫСКАЧА СӨЗДҮК*...................................................548

Осман Нури Топбаш

**АЗИРЕТИ МУХАММАД МУСТАФА 1**

*Которгондор:* Акылбек Халбеков,

*Компьютердик калыпка салган жана жасалгалаган:*

Коңурбаев Бакытбек

Басууга 16.01.2015 кол коюлду.
Форматы 60x84. 1/32, 18,5 басма табак
"Из-Басма" басмаканасында басылды
Бишкек ш. Интергельпо к., 1А